**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**«Манас» сериясы**

# МАНАС
# СЕМЕТЕЙ

**Баатырдык эпостор**

**МАМБЕТ ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫНДА**

*«Манас» үчилтигинин 1-бөлүгү 1-китеп*

**Академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВдин**
**жалпы редакциясы боюнча**

**Түзгөндөр: Акынбек Бекболотов, Мурат Садыров**

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)
М 23

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж., 6-июнь, № 151 б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган

**Редколлегия:**

**Акматалиев А. – башкы редактор**
**Жайнакова А.**
**Көлбаева М.К.**
**Кыдырбаева Р.З.**
**Сооронов О.**

М 23 «Манас», «Семетей». Баатырдык эпостор. «Манас» эпосунун биринчи бөлүгү: 1-китеп/ М.Чокморовдун варианты б-ча. – Б.: Турар, 2017. – 548 б.

ISBN 978-9967-15-696-8

Кыргыз элинин улуу мурасы, улуттун сыймыгы болгон «Манас» эпосу мазмунунун кенендиги, баяндаган ой-түшүнүктөрүнүн тереңдиги, көркөмдүк деңгээлинин кол жеткис бийиктиги, теңдешсиз көлөмү менен жалпы адамзаттык руханий казынада ардактуу орундардын бирин ээлеген уникалдуу көрүнүш. М. Чокморовдун "Манас" эпосу классикалык айтуучулар айткан канондук сюжетти сактап айтуу менен ата-бабаларын кара сөз түрүндө баяндагандыгы менен айырмалангандыгы толук берилди.

Манас баатырдын ата-бабалары, төрөлүшү, өсүшү, үйлөнүшү, Алоокени жеңиши, кан болушу, чоң чабуул, баатырлардын курман болушу, күмбөз салдыруу сыяктуу темалар киргизилди.

М 4702300500–17

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)

ISBN 978-9967-15-696-8

© КРУИА, 2017
© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2017
© Турар басмасы, 2017

## МАНАСЧЫ МАМБЕТ ЧОКМОРОВ ЖАНА АЛ АЙТКАН ВАРИАНТ

Кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою башынан өткөрүп келген турмуштук тажрыйбаларын, – каада-салттарын, үрп-адатын, ишеним түшүнүгүн, дүйнөгө болгон көз крашын, ой жоруулары менен умтулууларын, дагы-дагы толуп жаткан оош-кыйыш замандарындагы. урунттуу учурларын эпикалык формада жалпылаштырып чагылдырып келген «Манас» эпосу, биздин мезгилге чейин «Манас» айтуучуларынын нечендеген муундары аркылуу муундан-муунга, атадан балага өтүп олтуруу менен үзгүлтүксүз интенсивдүү түрдө өнүгүү процессин башынан өткөрүп, акыр аягында өзгөчө көркөмдөлгөн деңгээлдеги баатырдык баяндоонун классикалык үлгүсүндө бизге жетип олтурат.

«Манас» эпосу жаралган алгач пайда болуу мезгилинен бери карай кыргыз элинин коомдук, өнүгүүсүнүн ар кыл баскычтарына карата жана тарыхый урунттуу кырдалдарына байланыштуу улам өнүктүрүп-өзгөртүп олтурууга, үзгүлтүксүз эпикалык жалпылаштыруу аркылуу идеялык-көркөмдүк деңгээлин өркүндөтүп келгендер – «Манас», айтуучулар – манасчылар.

Адатта, бул наам (жомокчулар-манасчылар) эпостун үч бөлүгүн тең айткан адамдарга карата колдонулган. Айрым учурларда эпостун биринчи бөлүгү – «Манастын» өзүн айткан адамдарга да бул наам ыйгарылып, эпостун экинчи бөлүгүн айткан аткаруучуларды «Семетейчилер» деп аташып келишкен.

Эл арасында манасчылык өнөр кесип катары качантан бери карай жашап келе жатканын так айтуу кыйын. «Манасты» көп эле жомокчулар эл арасына айтып келишкен. Бирок, алар жөнүндө бүгүнкү илимде так маалымат жок.

Тилекке каршы, не бир манасчылардын далайларынын аттары унутулуп, тарыхтын терең, калың катмарларында калды. Кыргыдздар арасында кеңири жайылган, легенда-уламыш боюнча «Манасты» алгачкы айткан адам кырк чоронун бири – Ырамандын Ырчы уулу. Балким, эпостун кон-

тексти аркылуу бизге аты белгилүү «Жалаң үйдүн борумун, жарым күнү ырдаган» Жайсаң ырчы биринчи «Манас» айткандардан болгондугу чындыктыр.

Эл арасында оозеки сакталып келген маалыматтарга караганда, баатырдык баяндоонун алгачкы ыр саптарынын пайдубалын кынаптап, Ырамандын Ырчы уулу түптөп, аны эл арасында ырчылар аткарышып, эпосту толук кандуу калыбында легендарлуу Токтогул ырчы жараткан экен. Кыргыз фольклор илиминин бүгүнкү деңгээлинде мындан тагыраак божомолдоп жоромол айтуу кыйын.

Эпосту даңазалап айтып келген жомокчу-манасчылардын ичинен элдин эсинде сакталгандары, өткөн кылымдан берки жашагандары гана. Алардын ичинен бизге белгилүү жана өзгөчө даңктуусу Келдибек Карбоз уулу (1800-1880), Балык Кумар уулу (1793-1873), Наймайбай Балык уулу (1803-1911), Тыныбек Жапы уулу (1846-1902), Чоюке Өмүр уулу (1881-1928) ж. б. сыяктуу манасчылар жөнүндө азын-оолак гана дарегибиз бар болсо, легендарлуу акын Токтогул, өңдүү улуу жомокчуларыбыздын болгондугу жөнүндө уламыш түрүндө аты гана жетип олтурат.

Албетте, байыртадан эл болуп жашап келе жаткан кыргыз элинде атадан балага, устаттан шакиртине өткөн уламалуу салтты ыйык туткан не бир, залкар манасчылар жашап өткөндүгү күнөмсүз.

Мына ушул уламалуу Салтты улап, учурунда атактуу чоң манасчы Дөңүзбайдан таалим алган белгилүү манасчы Мамбет Чокморов.

Белгилүү манасчы Мамбет Чокморов 1896-жылдын март айында (тоок жылынын бугу айы) Ысык-Көлдүн азыркы Тоң районуна караштуу Корумду деген жеринде орто чарбалуу адамдын үйбүлөсүндө туулуп, өмүрүнүн акырына чейин райондун борбору Бөкөнбаев кыштагында жашап, 1973-жылы 77 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Мамбет Чокморовдун ата-тегинде «Манасты» билген, аны эл арасына айткан адамдар болбогону менен анын манасчы болуп калышына бир туугн таякеси Дөңүзбайдын таасири тийген деген бүтүмгө келүүгө болот. Анткени, Мамбеттин энесинин бир тууганы Эшимбеков Дөңүзбай (1863-жылы туулуп, 1935-жылы 67 жаш курагында дүйнөдөн кайткан), Ала-Баштык асык уруусунан чыккан кыргыз) элине аты белгилүү чоң манасчы болгон. Жаш кезинен кой багып, эгин эгип турмушка эрте бышкан Мамбет таякесинин айткан «Манасын» кунт коюп угуп, эпостун сюжетин көкүрөгүнө түйүп, руханий дүйнөсүн байытып калыптандыра берген. Кийинче-

рээк эпостун сюжетин өздөштүрүп «манасчы болсом», – деп дегдеп жүргөн учурларында аян берип, түш көрөт.

Көпчүлүк манасчылардай эле Мамбет Чокморов «Манасты» айтып калуусун түш көрүү, аян берүү менен байланыштырат. Түшүндө Манас баатыр баш болгон чоролордун аян берүүсүнөн, «Манас» айтасың, – деп кыстаганынан кийин гана «Манасты» айтып калгандыгын билдирет. Манасчынын эскерүүсүнө Караганда 4-5 жашар кезинде. Мамбетти кереметтүү күч тоонун арасына алып барат. Ошол жерде Манастын жүргөн жолдору көзүнө көрүнөт. Манасчы жөнүндө жыйналган материалдардагы энесинин эскерүүсүндө, Арчалуу деген жерде Мамбет 4 жашар кезинде уктап жаткан жеринен ээлигип, жылаңайлак жылаңач качып кетет. Муну көргөн энеси өтө коопсузданып чочуйт. Бул жөнүндө не болгондугун Мамбеттин өзү да билбей калган.

Жашы жыйырмага чамалап калган учурунда Тастар-Ата деген жерде үй менен кой кайтарып жүргөн жеринен көшүлүп талыкшып уктап кетет. Көзнө Манас баатырдын кошуну, көк желек, туу көтөргөн эл көрүнөт. Алардын арасынан бирө басып келип: «Буларды тааныйсыңбы?» – деп опузага алат. Таанызбай тургандыгын, алгач жолу көрүп жаткандыгын айтканда көп элдин ичинен бирөөлөрдүн: «Найза менен сайып өлтүрүп ташта», – деген үнүн угат. Мамбеттин жанына келип, опузага алган адам: «Коркпогун Манас деген ушул болот, Чыгыштан батышка баратат. Эми сен «Манас» айтып каласың», – дегенде дагы бирөөлөрүнүн: «Жүрөгү түшүп калды, кантип айтсын, бечетеңди (мөөрүңдү) төшүнө бас», – дегенин Мамбеттин кулагы чалат. «Аттын таноосун бетине кармап, тилчик кылып салбадыңбы, – деген дагы бир добуш чыгат. «Айтат, буулугуп жүрүп эле айтат, бас бечетиңди», – деп капталдан да бирөө чыгат. Дагы бир добуш: «Айтат, – деп үн катып, «Бетиңди колуң, менен баскын», – дейт. Ошондо «Куйругу солол көк аты бар, башына селде чалынган келбеттүү адам атынан түшүп, Мамбеттин төшүнүн оң жагына бечетин (печать – мөөр) басат. «Болду, эми бул бала жыйырмага чыкканда «Манас» айтып калат», – дешип жүрүп кете беришет.

Алынган маалыматтарга караганда, Манасчы чыгармачылыгында түшкөрүү менен же дааруу касиетинин астында, – деп эсептегени менен бара-бара алардын чыгармачылык талантынын өөрчүшүнө өзүнөн мурдакы манасчы-жомокчуларды ээрчип угуп, таалим алып үйрөнгөнүнө түздөн-түз байланыштуу экендигин айгинелейт.

Кышкысын мал багып, жазында жер айдап, жайкысын суу салып, күзкүсүн эгин эгип, өз тиричилиги менен алек болуп жүрөт. Жалгыз боло калганда «Манас» айта калат. Өз алдынча «Манас» айта калганда алысытан адам чыгып туюп калса, эси ооп, талый калуучу болот. Эл арасына чыгып «Манас» айтпагандыктан, ак селдечен аксакал түшүндө аян берип оң көкүрөгүнө мөөрүн басып кеткен ыптасы шал ооруга чалдыгат. Сайыпкер күлүк ат байлаган Дөңүзбай деген таякеси ошол элде ат байлап жүрүүчү экен. Мамбеттин акыбалын туйган таякеси элди чогултуп: «Мамбетти чакырып алып бетин ачкыла, Манас кабылды эле, бөөдө майып болуп калат», – дейт. Мамбетти эл кыйнап «Манас» айт деп башташат. Эл чогулган жерден качып жүрөт. Ошол элдин, кары-жашы кеңешип «Түмөнбаев Мусажан дегендикине бир тай камдап коюп» Мамбетти аңдып жүрүп, кармап алып барып, баатырдын арбагына арнап тай соёлу, сен «Манас» айт – дешет. «Мен баатырдын арбагын өз үйүмөн айтам, башка жерге айтпайм – деп болбой коёт. Эл макул болушуп, Мамбетти өз үйүнө алып барышат. Эл чогулуп үйгө түшкөн соң, «Эми өзүңдүн жаккан коюңду өзүң кармап бер» – деп баргандар жардап калышат. Мамбет бир кара боз кой кармап берет. Молдо менен кожосу, кары менен жашы курун моюндарына салышып баатырдын арбагына сыйынышат. Арбакка арнап бата кылган койду муздап коюшуп, Мамбетти үйгө алып киргизишип: «Байбиче, балаңа уруксатыңды бер, балаңдын эмне белгиси бар эле», – деп суранышат. «Балам төрт жашында жылаңач качты эле, ошондо кармап келгем. Алмамбет, Сыргак менмин деп менин түшүмө да кирет. Баламда эмне бар экенин билбейм» – деп энеси жооп берет. «Балаңдын белгиси Мамбеттин өзүндө гана эмес, энесинде да бар экен», эми «жатканда эмне белгиси бар эле» – деп аялынан сурашат. Аялынан «от өңдөнүп жалындап ысып-күйүп жатат» – деп жооп алышып, эми «Манас» айтат экен» – дешип эл кыстайт. Мамбет адегенде эле азирети «Манас» дептир. Андан башка эмне айтып, эмне койгонун өзү да билбейт. Таң атканча айтат. Аз-аздан тыныгып олтуруп туптура кырк күнү, күнүнө бир үйдө болуп айтат. Кырк күн болду, эми окатын кылсын, кароосуз калат, – дешип эл тарайт. Ошондон тартып Мамбет эл астында «Манас» айтып калат.

Кай бир манасчылардын М. Чокморов элдик оозеки чыгармачылыктын башка үлгүлөрүн өздөштүрүүгө эмес, атүгүл Манастын неберелери «Жигитек», «Кененсарык» жөнүндөгү баяндамаларды көп айтпай жүрүп, унутуп да калган. Мамбеттин чыгармачылык өнөрканасына «Манас» эпосунун үч бөлүгү («Манас», «Семетей», «Сейтек) гана тийиштүү.

«Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук айткан илимге белгилүү болгон манасчылардын эң акыркы өкүлдөрүнүн бири Мамебет Чокморов. Мамбет Чокморовдон эпосту жазып алуу адеп 1959-жылдары колго алынат. Алгач жылдары манасчынын уулу Касынмбек, келини Каналкан да атасынан «Манас» эпосун жазып алууга көп салым кошушкан. Бир нече окуяларды кагаз бетине түшүрүп калышкан. Кийин белгисиз себептер менен бул иш бир аз кетенчиктеп 1965-72-жылдардын аралыгында Кыргыз Улуттук инимдер академинсынын Тил жана адабият институтунун «Манас» бөлүМунун илимий кызматкерлери – С. Мусаев, Э Абдылдаев, К. Кырбашев, М. Мамыров, С. Бегалиев, Ш. Айтпаев, Р. Сарыпбековдор тарабынан жүзөгө ашырылган. Бардыгы 397.557 ыр сабынан турган эпостун үч бөлүгү адегенде магнитофондук лентага жазылып алынып, кийин кагаз бетине түшүрүлөт. Мунун ичинен эпостун «Манас» бөлүгү – 302.608 ыр сабынан, «Семетей» бөлүгү – 71.609 ыр сабынан жана «Сейтек» бөлүгү – 23.340 ыр сабынан турат. М. Чокморовдон жазып алынган «Манас» үчилтиги азыркы учурда Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Адабият жана искусство институтунун кол жазмалар фондусундагы N 212-230-инвентардагы күрлөлөрдө сакталып турат.

Тилекке каршы, айрым учурлардагы институттардын бир-бирине кошулушу, же тескерисинче структуралык жактан бөлүнүп кетиши жана кызматкерлердин туруксуз орун алмашылышып турушунун натыйжасында М. Чокморовдон жазылып алынган эпостун «Манас» бөлүмүнүн «Манастын туулушу», «Көзкамандар окуясы» сыяктуу айрым кол жазмалар белгисиз себептер менен жоголуп кеткен. Ошондой эле «Көкөтөйдүн ашы» баяндаган окуя магнитофандук лентанын учурунда кагаз бетине түшүрүлбөй калып, узак мезгил өтүп кеткендигине байланыштуу угулуш сапатын жоготуп, азыркы учурда аны кагаз бетине түшүрүүдө бир топ кыйынчылыктарга туш келйп олтурабыз,

М. Чокморовдон жазылып алынган бул варианттын тексти коомчулукка мурда жарыяланбаганы менен С. Мусаев, Р. Кыдырбаева, К. Кырбашев, З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев, А. Жайнакова, С. Сыдыков, С. Бегалиев, Р. Сарыпбеков, Б. Садыков жана башка окумуштуу-илимпоздорубуздун «Манас» эшосун илимий изилдөөлөрүнүн объектиси болуп келди.

Белгилүү манасчы М. Чокморовдун вариантынын биз сунуш кылган «Манас» бөлүгү, манасчынын туулган күнүүнүн 100 жылдыгына жана «Манас» эпосүнүн 1000 жылдыгына карата окурмандарга алгач жолу тартууланып олтурат,

М. Чокморовдун вариантынын «Манас» бөлүгү – 302608 ыр сабынан турган «Манастын ата-тегинин тарыхы», «Манастын төрөлүшү», «Манастын үйлөнүшү», «Көзкамандар окуясы», жана «Чоң казат», «Баатырлардын курман болушу», «Күмбөз салдыруу» сыяктуу эпостун салттуу окуяларын камтыйт.

М. Чокморовдун вариантынын өзгөчөлүгү жөнүндө азын – оолак кеп кылганыбызда салттуу сюжеттин сакталышына, андагы каармандарды мүнөздөө каражаттарына жана ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелерине көңүл буруууга туура келет.

М. Чокморовдун вариантынын жалпы сюжеттик түзүлүшү бир нече кеңири баяндалган эпизоддордон, ошондой эле жардамчы майда деталдаштырылган окуялардан курулуп, ички сюжеттик өзөгү бекем чиелешкен органикалык бир бүтүн чыгарманы түзүп, негизги тематикалык мазмуну Манастын тегерегине топтоштурулган. Башкача айтканда, элдин башынан өткөргөн оош-кыйыш заманындарындагы басып өткөн тарыхый жолун, үмүт-тилегин, ишеним-түйшүгүн, үрп-адат каада-салтын жана турмуш-тиричилигин баяндаган окуяларга чейин Манас баатырдын аракети менен берилет.

Бирок, бардык эле манасчыларда баяндоонун бирдей эле деңгээлде берилбеши мүнөздүү көрүнүш. Анткени, ар бир эле манасчынын дүйнө таануу өзгөчөлүгү, мурдатан салттуу айтылып келаткан окуяларды өздөштүрүүсү, баяндоо ыкмаларынын деңгээли ар түрдүү. Мына ошондуктан манасчылардын баяндоосундагы окуялардын ырааттуу баяндалышы да туруктуу сактала бербестен, айрым учурларда кээ бир эпизоддордун кыскартылып, же болбосо түшүп калышы, же манасчынын жөндөмдүүлүгүнө жараша кеңри баяндалып айтыла бериши да мүнөздүү нерсе.

Жалпысынан алганда, адатта манасчылар салт катары Манастын өткөн ата-бабаларынын, алардын таралыш санжырасын кай бирлери (С. Орозбаков ж. б.) кара сөз менен, кай бирлери (С. Каралаев ж. б.) ыр түрүндө баяндаган учурлары да жок эмес. Бирок, эпостун сюжеттик негизин түзгөн окуялар салт катары айтылып келүү проңессинде алардын туруктуу сакталышы жана өзгөрүлүшү бирдей эле деңгээлде боло бербейт.

М. Чокморовдун вариантында «Манастын түпкү ата – тегинин таралышы» эл оозунда кеңири айтылып жүргөн уламыштагы Асан Кайгы менен байланышта берилет. Бул вариант боюнча анын балдарынын аттары аталып, ошол учурда кайсы кандар менен жамаатташ тургандыгы жана чачылып кетиши жөнүндө да кеңири, өзүнчө баяндоо мотиви аркылуу

түшүндүрүлөт. М. Чокморовдун вариантында Асан Кайгы уулу Ногой менен Сары-Нүкүр, Кара-Нүкүр аттуу эки бир тууган кандардын тушунда жашайт. Каардуу кандардын кысымынан Бөён кан башкарып турган Медиан чөлүнө кетүүгө аргасыз болот. Бөён кан Асан Кайгыга мал-мүлк берип, акыреттик дос болушат. Асан Кайгы уулу Ногой менен кеңешип Урумдун каны Кара кандын кызы Ханбүбүгө жуучулукка түшөт. Алдын ала көрө билген Ханбүбү түш көрүп түшүндө жакшы иш көрүп, Ногойдун келечегин туят. Ханбүбү Ногойго турмушка чыгууга макул болот. Кара кан буту басып, колу жеткендердин бардыгын тойго келүүгө чакыртып, чабармандарды жиберет. Анын ичинде Бөён кан да чакырылат.

Ханбүбүгө Ногой үйлөнгөгөдөн кийин Кара кан менен Бөён кан кеңешип Ногойго Кесик кандын жеринен жер, элинен эл бөлдүрүп бердиришет. Кесик кан менен Ногойдун эриш – аркак жашап турушун Аталык көрө албай чагым кылууга аракет кылат. Асан Кайгы олуя чалыш адам болгондуктан Ногойдун кан болорун алдын ала туят. Анын оюу туура келип, Кесик кан Ногойго хандыгын тартуу кылат. Буга байланыштуу Асан Кайгы чоң той берип, тойго Бөён кан, Кесик кан, Кара кандар чакырылат. Бөён кан Кара кандар өз ара кеңешип үч кандыктын башын Ногойго берүүнү акылдашат. Ногой үч кандыктын башына бийликке келгени калың элдин үмүт-тилегин колдоп, алсыз жарды-жалчыларга кайрым көрсөтөт. Бирок, Кесик кандын элинин арасынан Асан Кайгынын тентимиш уулу үч кандыкты башкарып калды, теңчилик кетти деген ишенбөөчүлүк өкүм сүрөт. Кесик кандын элинин теңи Ногойду, теңи Алжыбайды колдоп калың эл экиге бөлүнөт. Ногойго мусулмандар, Алжыбайга капырлар топтолот. Ногойдун кеңеши менен Кесик кан капырларды ээн талаа, эрме чөлгө чейин сүрөт. Ногойдун элине кастарын салган Алжыбай элин чаап алууга күч топтойт. Ногой элин чогултуп: «Алжыбайдын тукумдары – Көзкамандар кастарлыгын койбоду, элдин тагдырына күйүп, душмандардан коргой турган баатыр Орумбет төрөлгүчө элге кыйын болот», – деп жарлык кылат. Бул вариантта башка вариантагылардай тышкы баскынчылардын басып алуусунун негизинде эмес, ички душмандардын, б. а. аталаш туугандарынын балдарынын бийлик үчүн күрөшүнүн натийжасында болот. Ногой атасы Асан Кайгы менен көчүп кетет. Ногойдон кийин элди Чын-жуу кан башкарып калат. Чын-жуу Жакутту бир уруу элдин кандыгына шайламак болот, бирок Жакут бул бийликти уулу Чаянга берет. Ошентип Чаян – Жакут элине кан болот. Чаянга кызмат өтөө үчүн алыстан Алжыбайдын уулу Аталык келип кошулат. Чын-жуу кан Ногойдун уулунун төрөлүшүн күтөт. Чын-

жуу кан Чаян менен Бөён кандарга таянып элин Эне-сайдын түпкүрүндөгү Ак жайык чөлүнө көчүүгө мажбурлайт. Төрөрүнө аз калганын туйган Ногойдун аялы Чын-жуу кандыгынан Чаян кандыгына качып барууну тымызын ойлойт. Жолдо аны арстан менен жолборс коштойт. Алдынан (Чаяндын чоролору кезигип, орто жолдо төрөлгөн баланын атын Орумбет болсун – деп, аксакал абышка балага ат коёт. Чын-жуу канга казат кылууга Чаян көп кол топтойт.

Орумбет он жети жашка келгенде Чаян кан кандыгын берет. Орумбет колу менен Чын-жуу ханга аттанып, бир нече жолку беттешүүдөн кийин экөө жарашат. Орумбет адегенде атасынын чачылып кеткен элин чогултат, андан кийин Уулчага үйлөнөт.

Ханбүбү укмуштуудай түш көрүп, түшүндө Аталыктын уулу Көзкаман төрөлгөнүн айтат. Аталыктын уулу Көзкаман кийин Жакыптан да бийлик талашып, Сарыкандын тукумдарын жана элин туш тарапка айдап тентитип жиберет. Мында М. Чокморов Жакыптын туугандарынын ар тарапка айдалып жиберишин өзүнчө мотировкалап баяндаган. Бул вариантта Жакыптын тентип кетиши эпикалык душмандар тарабынан болбостон, уруулар ортосундагы ички конфликтердин натыйжасында болот.

Ички ага туугандарынын арасындагы мына ушундай кагылыштардын натыйжасында Жакып аялдарынын кеңеши метен өлүм – жазасынан кутулуу үчүн качууга аргасыз болот. Аталыктын балдарынын өкүмүнөн кийин Жакып аялдарын ээрчитип бир топ элди-жерди кыдырып, акыр аягында Арстанбапка келип токтойт. Бышыкчылык жерге келгенден кийин Жакып жер айдап эгин эгип дыйканчылык кылат, акыры тиричилиги ирденгенден кийин башка жерге которулбастан, Жакып өз жерине кайрылып келет.

М. Чокморов Жакыптын дыйканчылык кылып ирденишин өз оюнан чыгарып кошкон катары көрүүгө болбойт. Башка варианттарда да эпостун каармандары дыйканчылык кылышат. С.Орозбаковдун вариантында Жакыптай эле кара кытайлар тарабынан сүрүлүп Көзкаман (Үсөн) барган жеринде дыйканчылык кылып ирденет С. Каралаевдин вариантында атасына таарынган Манас үйүнөн кетип Б. Сазановдун вариантындагы Жакыптай Баба-Дыйкандын жардамы менен мол түшүм өстүрүп, өзүнүн мине турган аты Аккулага ээ болот. М. Чокморовдун вариантында тентип келген кишинин дыйканчылык кылып баюусу эпосто мурдатан орун алып келаткан эпизоддордун бири экендигине анча күмөндүрбөйт. М. Чокморовдун вариантында мындай мотивдер айрым деталдары боюнча айырмаланат, бирок окуянын жалпы жүрүшүндө кай бир кескин өзгөчөлүктөргө да ээ.

Сюжет боюнча Асан Кайгы аттуу адам болуп, ал жандуу, жансыздардын баарынын камын жеп, кайгы тартып жүрчү экен. Анын Ногой аттуу жалгыз баласы болот. Сары-Нүкүр, Кара-Нүкүр аттуу кандар болушат. Сары-Нүкүр Кара-Нүкүрдүн элинен өлтүрүп, жалаң баш сөөктөн сарай салдырат. Эл чакыртып той берет. Асан Кайгы тойго барбайт. Сары-Нүкүр кулаалы таптап каз алдырат. Анын урматына да той берсе Асан Кайгы дагы барбай коёт. Наавайчынын Курма-Сейнеп аттуу кызынын сулуулугуна кызыгып аялдыкка алат. Той берет. Ал тойго Асан Кайгы дагы келбейт. Аны алдырып келип, сен неге тоготпойсуң? – деп. ачууланып сураса, адамды кырып башынан дубал салды, убалга карабады, кулаалыны куш кылды, наавайчыдан кыз алды, мунун иши оңолбойт, сурагы башкага өтөт, кол алдындагы Кара-Нүкүр кас чыгат дейт. Кан аны карматып өлтүрмөкчү болгондо, ак булут болуп кубулуп кутулуп кетет. Кара-Нүкүр Көк-Темирге адилетсиз канды түшүрүп, сага бийликти алып берем, жол башчы болуп чыгып бер деп кеңешишет. Көк-Тамир каршы болбойт, бирок кантип алабыз дейт.

Кара-Нүкүрдүн акылы боюнча Сары-Нүкүрдун, Нойка деген эң жакын жигитин колго түшүрмөк болуп, Шүкүр дегендин Зарин аттуу кызын жиберишет. Ал Нойкага барып сага Шайыкбүбү аттуу кыз ашык болуп, мени арача кылып, чакырып келүүгө жиберди дейт. Нойка бармак болуп Зарияны ээрчип келет, аны мурда атайы камдап койгон үйгө (Темирчи кандын кара күңүн жаткырып койгон) киргизип, элге кабар берет. Кара-Нүкүр менен Чынтемирбек камданып келишип, аны өлтүрүшөт. Анын киймин кийип, камданып барып адилетсиз хан Сары-Нүкүрдү өлтүрүшөт. Бийликти орустун каны Көк-Темир алат. Асан Кайгы жер кезип жүргөн адам экен. Бир жерге токтоону ойлойт, бирок уулу Ногой бул жер бизге жер болбойт, талаасы жайык, тоосу бар, түрдүү жандыгы көп жерге баралы деп кеңеш берет. Алар көчүп конуп олтуруп 60 күн дегенде жери кең, көлдөрү бар, мейкин чөлгө туш келип жатып калышат, кара тал кыйып үй жасашат. Талаанын аты Мериян. Ага кан гана жылына бир келип, ит агытып, куш салып кетчү экен. Башка киши келсе алдыма айдап келгин дептир. Желдеттер келип Асан Кайгыны канына айдап жөнөшөт, ал капа болуп, кейийт. Уулу Ногой: коркпой ата барып кел, бергенин кандан алып кел, ашыкпай-алтымыш күн туруп кел, – деп жөнөтөт. Ошол түнү кан түш көрүп: астынан ажыдаар сойлогон, артынан арстан ээрчиген бир адамга жолугат. Элин жыйып айтса, эч ким жоруй албайт. Жаркынбүбү аттуу кыз: Адам барбас чөлүңдү, бир олуя адам келип ээледи, аны желдеттериң айдап келетат, астынан урмат менен тосуп чык, – деп көздөн кайым болот.

Кан тосуп чыгып, эс алып уктап кетет да мурдагы түшүн кайра дагы көрөт. Алиги кыз түштү жоруп келе жаткан адамдын акыркы тукуму ажыдаардай айбаттуу болот, анын баласы арстандан кыраан чыгат деп жоруйт. Асанды кан урматтап тосуп, үйүнө алып келет. Экөө бирин-бири жактырып, дос болуп, сырдашат. Кан Асандан көп элди, жерди көрүпсүң, эмне кызыктар көрдүң – деп сурайт. Асан жан-жаныбар, тоо-ташка чейин көп нерселерди санап алардын чын дүйнөгө барганда не болорун ойлоп кайгырганын, кудайдын бардыгын, бирди айтат. Кан анын айтканына түшүнүп, акылын кабыл алып адилет сурак жүргүзүп, Адыл кан аталат. Асан канга 60 күн турдум, кайтайын деп, уруксат сурайт. Ал уруксат берип, көп дүйнө, мал менен жөнөтөт. Асан атын сурайт, кандын аты Бөён кан экен.

Асан менен Ногой бай болуп, Ногой тулпар минип, жигит ээрчитип, мыктылар менен тең болуп жүрөт. Асан баласына элден тандап аял ал дейт. Ал макул көрүп, алты жигит ээрчитип, алтымыш ат, алтымыш жамбы алып кыз издеп чыгат, Көп убарадан кийин Карача кандын элине кабыла кетели деп баратып, жолдон Урумкан аттуу төө минген адамга жолугуп, анын чакыруусу менен конокко чакырышат. Урумкан Каракан аттуу адилет, акылдуу атанган кандын кеңешчиси экен. Урумкан Ногойду урматтап тосуп, коноктойт, Каракан кабарын угуп Ногойду өз үйүнө конокко чакырат, жактырып, бала бол, – деп, акылчы, баатыр кылып алат. Үйлөндүрмөк болуп, Урумкандын өзгөчө акылдуу Ханбүбү деген, кызын алып бермек болот.

Каракан Бөён кан менен акылдаш, сырдаш экен. Келсин, акыл кошсун кеңешем, той берем – деп, ага киши жиберет. Бөён Асан Кайгыга кеңешип, аны ээрчитип алып, сый менен барат. Каракан урматтап тосот. Эки кан кеңешип Ханбүбүнү Ногойго алып берүү үчүн көп калың мал алып Урумканга кудалап барышат жана кеңешишип, бул баланын колдогону бар, касиеттүү жан экен, эки кан элин жыйып, бийликти ушуга берели деп кеңешишет. Ханбүбүнү Ногойго алып берип, көп аскер, мал, дүнүйө берип, Кесик кан деген кандын элинин четине көчүрүп барып, өз атам Бөён кан, кайын атам Каракан деп айт, –деп, көндүрүшөт. Максаты Кесик канды багынтуу. Кесик кан жигиттеринен кабар угуп, өзү көрмөк болуп барат да, Асан Кайгынын айлы экенин сурап билип, аны конокко чакырат. Ал кандыкында көпкө жатып, акыл насаат кептерин айтат. Кесик кан анын таасири менен мурдагы жаман пейлин таштап, адилеттүү, суракчы болуп, Адил кан аталат.

Кандын жакын жигиттери айрыкча Аталык аттуу бийликтеги адам Ногой менен кандын арасын бузуу үчүн аракеттенет. Аталык канга Ногойдун аялынын өзгөчө сулуулугун мактайт. Кан барып өзү көрүп, алууга көңүлү бузулат. Чыр чыгарып, Ногойду өлтүрүп аялын алуу максатында анын айлын чаап, малына тиймекчи болот.

Кандын жиберүүсү менен анын желдеттери Ногойдун малын тийип, аттарын кармап минет. Ногой терикпей коёт. Кан аялынын койнуна жатып алгыла, – деп, жигиттерин жиберет. Ногой мында да терикпей коет. Айласы куруган кан Ногойду жайына коюуну ойлоп тим болот.

Ууда жүргөн кандын шумкарын торгойдой болгон боз чымчык алып, асманга көтөрүп кетет. Бул иш үч жолу кайталанат. Кан ал куу чымчыкты түрдүү алгыр куштарга да алдыра албайт, аны мергендер да ата албайт. Аталыктын акылы боюнча ошол чымчыкты атып бер, – деп Ногойду жумшамак болот. Асан Кайгыга кеңешсе чымчыкты Ногой атып берет дейт. Кан менен Асан Кайгы мелдешип, эгер Ногой чымчыкты атып берсе ага кан кандыгын бермек болот, аталбаса Ногойду орго салып, аялын кан алмак болуп убадалашат. Бозчымчык култай экен, аны Ногой атат, Кан элин жыйып, мен карыдым, бийликке тургусу келген адам болсо чыксын дейт. Ылайыктуу киши табылбайт, акыры эл өз ордуна канды кан өзү тапсын деп канга барышат. Ал Асанга келип, сенин уулуң Ногойду кан шайлайм дейт. Асан туура көрүп, түлөө өткөрүп той берейин деп Ногойго кеңешип, үч кандын элин бүт чакырмак болуп камынат. Тойго Кесик кан эли менен, Бөён кан менен Каракан миңден кишилери менен келишет. Кесик кандын сунушу менен Чогулгандар Ногойду Кесиктин ордуна кан шайлашат. Каракан менен Бөён кан өзүлөрүнчө кеңешип, алар да кандыгын Ногойго өткүрүп беришет. Эл тарап жай-жайына кетишет Ногойдун аялы Ханбүбү түш көрөт, түшүндө балаң эл бийлейт, анын тукуму өзгөчө баатыр болот, аты Манас коюлат деген аян болот. Ногой адилет, боорукер бийлөөчү болот. Бөён менен Каракандын эли ага толук баш ийишет. Кесик кандын элинин ичинен Аталыктын атасы Алтыбай баш болгон айрымдары бузулул, сурак бербейт. Аларды күч менен зордоп малга жайсыз, эгин эгүүгө болбой турган таштуу чөлгө айдап жиберишет. Ногой эли менен жата берет. Ханбүбүнүн боюна бүтөт.

Алтыбай менен Элчитаз элин кыйнап жатып 2000 дилде чогултуп алып, бир өгүздү союп, терисин күдөдү кылып ийлетип түрүп кылдай ичке тилдирип, Алтыбайдын акылы менен Элчи таз канга жер суроо үчүн жөнөйт. Ал кароолчуларга 1000 дилде пул берип өтүп, Ногойдун алдына барып,

бир теринин бетиндей жер сурап келгенин айтат. Ногой алдыма келбесе болот эле деп ойлонуп туруп, теринин бетине көп болсо үч киши батып жатар дейт да, сураганыңды ал деп убада кылат. Таз элине барып, болгон окуяны айтат, Алтыбай тандап туруп элдин эң мыкты деген жерлерине бүт белги коюп чыгып, биздин жерибиз деп ал жердеги элди айдап чыгат. Канга кабар жетип, Алтыбайды алдырат. Алтыбай бир өгүздүн терисинин ичине баткан жер, ашык алган жокпуз, калыстардан жиберип текшериңиз дейт. Баргандар чын экен дешет. Сөзүнөн кайта албай Ногой аргасыз макул болот. Алдатканын бактысынын тайыганы деп түшүнгөн Ногой капа болуп, каалың, элге керээзин айтып: бийликтен кетип мен өлөм Ханбүбү эркек тууса баатыр болот, силер кордук көрөсүңөр, ар кайда тарайсыңар дейт. Алтыбайдын тукуму Көзкаман атка конот, арты дурус болбойт дейт. Менден калган эл аргын ногой аталат. Ногой кандыктан ажырайт. Себеп дегенде Ногойдун эки кашынын ортосунда басылган мөөрү бар экен, ошону капырлардын өкүлү Элчи таз көрүп, ошон үчүн бактысы тайыйт. Капырлар жерди алдап алып, калдайтып чарбак салган соң Чын-жуу деген кан чыгат. Элинин аты чантуу делет. Чын-жуу кан мага караганыңар тургула, баш ийбейбиз дегендер кеткиле деп, элди жерден кубалайт. Эл тарап кетет. Бөён кандын элинен Жакут деген адам алты жүз түтүн эли менен качкын атка конгум келбейт - деп, кетпей калат да, сага баш ийем деп Чын-жууга барат. Ал сени өз элиңе кан шайладым дейт. Жакут мен карымын, уулум Чаян болсун деп, Чаян кан көтөрүлөт. Алты бай уулу Аталыкты дайым бирге бол деп Чаянга кызматкер кылып берет. Ногой аялы Ханбүбү менен коштошуп, эне-атасын алып, кайда барарын айтпай жөнөп кетет.

Чын-жуу кан арам ой менен Чаяндын элин Ак-Жайлак деген жерге көчүрүп жиберет. Ал жер элге жайлуу, жакшы жер болуп, эл байыйт.

Ханбүбү эркек бала туусам Чын-жуу кан кастык ойлойбу, – деген күмөн менен жөө качып чыгат, ага Чаяндын жер чалып курган жигиттери жолугуп, алардан кабар уккан Чаян өзү тосуп чыгат. Ал барса Ханбүбү толготуп жатыптыр, эркек төрөйт. Чаян Ханбүбүнү айлына алып барат. Эл чогултуп той берип, балага ат койгула, – дейт. Көпчүлүк ылайыктуу ат табалбайт. Думана пайда болуп, баланын атын Орумбет коёт.

Чын-жуу кан менен согушуп шаардан айдап чыгам деп аскер топтоп, курал жасап Чаян 12 жыл камданат. Орумбет он сегизге чыкканда Чаян ага өз ордун берип кан көтөрөт Жыйырмага чыкканда Орумбет Чын-жууган казатка аттанат. Урушууга камын, же атамдан калган эл-

жеримди кайтарып бер деп, элчилерин жиберет. Чын-жуу урушмак болот. Элчилерден кабар алган Орумбет түн ката келип Чын-жуунүн шаарынбасып калат. Жеңилерине көзү жеткен Чын-Жуу багындым, – деп эки адамын элчиге жиберет. Элин аргып ногойдун эли, – деп ат коёт. Ханбүбү уулуна Урумбек дегендин Уулча аттуу акылдуу жана сулуу кызын алып берет. Орумбет тарап кеткен элди чогултат. Ханбүбү Жакыптан туулган Манас өзгөчө баатыр чыгып, исламдын дин түркүгү болорун элге эскертип айтып, өзү белгисиз жакка жол тартып кетет.

Орумбет элине кадырлуу, баатыр, мыкты кан болот, жашы кыркка жеткенде аялы Нурбүбүнүн боюна болот. Аялым эркек төрөсө сүйүнчүлөп келгиле, кыз төрөсө келбегиле, атын Ширинбүбү койгула, – деп 600 аскерин ээрчитип Алайдын сары талаасына аңга жөнөп кетет. Нурбүбү эркек төрөйт, чоң той беришет, чогулгандар ат коё албай кыйналганда Нурбүбү кайын атасы менен кайын энесин түшүнө киргенин айтып, ошондо баланын аты Сарыкан болот, – деди эле дейт. Аты Сарыкан коюлат. Эл тарап, жай-жайында жатышат.

Алтыбайдын уулу Аталыктан бир бала туулуп, аты Көзкаман деп коюлган эле. Сарыкан экөө бир күнү туулган. Алтыбай Орумбеттин баласына кастык ойлоп, сыйкырларды таап, аны келесоо кылгыла, – дейт. Ойноп жаткан эки баланын жанына сыйкырлар келет. Элчибай көрүп калып, алардан чочулап, эки баланы эки жагына колтуктап Орумбеттин үйүнө кирет. Нурбүбү баланы көрүп: "бул сенин тукумуңа каршы болот, башка жакка кетир" дейт. Орумбет аялдык кылып: "андай сөздү айтпай жүр, эл ичинде жакшысы да жаманы да болот, жүрө берсин" – деп аялын кагып коёт.

Сарыкан эр жетип атасы тагын берет. Орумбет өлүп, аны урмат менен коюшат. Көзкаман Чын-жуу кандын элине капырлардын арасына качып барып, ногой элин буза баштайт. Жүзүмкан анын акылын туура таап, Чын-жуунун элинен да аскер алып, камданышат. Телкожо аларга каршы болот, тилин албагандан кийин Телкожо келип камын, – деп Сарыканга кабар берет. Сарыкан элин жыйып кеңешип, душманды айыл үстүнө келтирбей, тосо барып согушалы,– деп камынып барышат да Чын-жуу кандын шаарын курчамак болуп, даярдык көрүп, ат откозуп, тыныгып калышат. Жаман түш көрүп чочулап корккон Чын-жуу тартуу тартмак болуп камданып жатканда Көзкаман токтотуп, мен элчиге барып келейин, – деп жөнөйт да Сарыкандын колуна келип, силер Чын-жуу канга элди бер, – деп талап койгула, берсе тим кайткыла, бербесе урушкула, мен өзүм

мусулманмын, колго түшүп келгенмин, өзүм элчи болуп кабар берем, азыр жай жата бергиле, – деп алдап жаткырып коюп кайра келет. Мен жоону алдап келдим, жай жатканда аттарын тийип алалы, – дейт. Ага Шорук деген акылдуу бала каршы чыгып камданып келген жоо болсо соо койбойт, тартуу тартып, жарашуу керек дейт. Чын-жуу кан Шоруктун тилин алмак болот. Көзкаман элдин теңин ээрчитип урушмак болуп жөнөйт. Бирок, чалгынчыларга жолугуп өзү колго түшөт. Чын-жуу багынат. Аскер башчылары эмне, кылалы, шаарына киребизби, конок болуп, сыйын көрөлүбү – деп Сарыканга кабар жиберишет. Ал олжо албагыла – деп буюрат. Кол эч кимге тийбейт, олжо албай кайра тартат. Тартуу беребиз – деп камданып жаткан Чын-жуу кандын эли таң калышат, бул эмнеси, – деп биле албай чочулайт. Бектемирдин жаш Шорук коркпогула, булар олуянын тукуму, булардан дагы бир эң мыкты баатыр чыгат, – дейт. Эл баланын акылына ыраазы болот. Чын-жуу кан кандыгын Шорукка берет. Көзкаманды ээрчигендер бөлүнүшөт, айрымдары жазаланат. Бала кан Шорук көп мал, дүнүйө алып, тартуу кылып Сарыкандан бата сурайт. Ал ыраазы болуп, жакшылап күтүп, ынтымактуу жашоого антташат. Көзкаман элди бузуп Бээжинге качалы, – деп камынып жатканда билинип калып, жалгыз качып кетет. Сарыкан Жакып деген баласына Шорукту дос кылат.

Шоруктун элиндеги Карача деген байдын Чыйырды аттуу кызын кудалашып Жакыпка алып беришет. Сарыкан Кумарбек кызы Бакдөөлөттү да Чыйырды көпкө төрөбөгөн үчүн Жакыпка алып бермек болот. Куда түшүп аны да алат. Сарыкан эл чогултуп, кандыгын уулу Жакыпка берет, Алды менен элден кан болчууң барбы? – деп сурайт, эл таппайт, акыры Айткулу чечен деген адам Жакып болсун дейт. Сары кан өлөт. Казактын каны Үрбү элин бөлүп алууну ойлойт, бирок аны алың жетпейт, уулу тың кан болду, – деп кеңешчиси тыйып коёт. Жакып орто жаштан өткүчө бала көрбөй арман кылып жүрөт. Көзкаман уулу Көкчөкөз менен элге кайра келип, Көкчөкөз эптүүлүк менен Жакыптын ичине кирип, жагып алат да бийлик жүргүзүп, элди буза берет. Анын бузуктугун, Чыйырды Жакыпка айтса, ал тилдеп коёт. Акыры Көкчөкөз элди бузуп, Жакыпты түшүрүп ордуна кан болот. Аргындарды таратат. Жакыпты өлтүрүп тындым кылмак болуп камданат. Аны сезген Чыйырды Жакыпка бул акыры соо кылбайт, Шорук менен Карачага кат жазалы да, өзүбүз думана киймин кийип алып качып кетели, – деп кеңешишет. Анын акылын Макул көрүшүп, айткандай кылышат. Жети күндө бир ээн, жер жемиштүү, өзгөчө жайлуу, кийикке

бай жерге келип окат кылып туруп калышат. Чыйырды түш көрүп, аны түшүндө эле жолуккан думанага жорутат. Беркилерге түшүн айтып, ал жерден жөнөшөт. Жолдо бир адамга учурап, аны ээрчитип, эл бар жерди издеп чыгышат. Көп жерлерди кыдырышат. Жанындагы жүргөнү колдоочу болот. Аны Чыйырды билет. Манкан, Кордой, Иле, Каркыра, Текес, Кичи-Сан-таш, Чоң-Сан-Таш, Кызыл-Кын, Чолпон-Ата, Чеч-Дөбе ж. б. кыдырып олтуруп Арсланбапка барып токтошот. Жолдо буудай таап алып катып алышкан. Ошол буудайды айдашат. Тердиктей жерге айдалган буудай эң көп болуп чыгат. Аны бастырарда музоосун ээрчиткен уй букасы менен, жылкы келет. Буудай кызылдаганда 7 ай бирге жүргөн жолдошу коштошуп кетет, ал Бабадыйкан экен. Асан Кайгынын, Ногойдун колдоочусу экен. Ошол жылы Анжияндын элинде ачарчылык болуп, каны Беккожо Жакыпка барып эгин сурайт. Уулу ача сакал Сынчыбекти жиберип 60 жылкыга 60 төөнүн буудайын сатып алат. Жакыптын өрүшүнө мал толуп, бай болуп жатып калат.

Көкчөкөз Жакып кандыгын таштап качып кетти деп, ушак таратып, издеп таап келгиле деп, төрт киши жиберет. Алар көп жер кыдырып казак каны Көкчөдөн өтүп Шаакожого келишет. Андан сурап Жакыптын дайынын угушат. Издегендер өлтүрүүчү ойлогон Көкчөкөздүн адамдары болгону менен Жакыпка көөнү түз экен. Алардын бирөө Телкожо Жакып менен дос, бирге өсүптүр. Аларды Сынчыбек ээрчитип Жакыптыкына алып барат. Көрсө, ал төртөөн Көкчөкөз силер качырдыңар, тапкыла, болбосо өлөсүңөр деген экен. Жакып менен төртөө көрүшкөн соң Сынчыбектин атасына келип, кеңешип, кат жазып берип жөнөтөт. Жакыпты таптык Анжыяндык Шаакожонун уулу Сынчыбек менен дос болуп алып, жатыптыр дегиле дейт. Төртөө кеңешип, Карача менен Шорукка кабар берип, Көкчөкөздү түшүрөлү деп чечишет.

Көкчөкөз элин жыйып, жок издеткен төртөө жоголду деп ачууланат. Уулу Абыке тизесинде олтуруп, Жакып ордун табат, сага ажал келет деген сөздөрдү айтат. Көкчөкөз уулун уруп, эси чыгып, элин жыйып, кароол коюп камданат. Келе жаткан төртөө көп кол жыйылып, аскер кайтарып калганынан кеңешип Аккожонун акылы боюнча кабар бермекке Карача менен Шорукка жөнөшөт.

Манас эпосу көпчүлүк баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон борбордук каармандардын төрөлүшү жана балалык чагынан башталат. Сюжеттин ушул конструкциясы М.Чокморовдун вариантына да мүнөздүү. Сөз болуп жаткан варианттын бул мотивге эпикада традициялык нук катары айты-

лып келе жаткан алдын ала түш көрүү баланын укмуштуудай төрөлүшү, буга байланыштуу ырым-жырым, шаң-шөөкөттөр толугу менен сюжетке киргизилген.

Адатта, башка манасчылардай эле бул вариантта да Манастын төрөлүшү түш көргөндөн кийин гана Чыйырдынын боюна бүтөт. Бирок түздөн-түз Манастын төрөлүшүнө байланыштуу сюжет уланбастан мында түш көрүү процесси жана кимдер көргөндүгү башкачараак айырмаланып түшүндүрүлгөн. Манаска байланыштырылып айтылган түш көрүү себеби өз ата-энесине түздөн-түз таандыкташтырылбайт, тескерисинче Манастын түпкү – тегине байланыштырылат. Манастын төрөлүшүнө байланыштуу мотивдин чыгышы анын түпкү атасы Ногой кандын Ханбүбү аттуу аялынын көргөн түшүнө негизделип, окуянын мазмуну андан ары улантылат.

Негизги варианттардагыдай Манас Алтайда төрөлбөстөн, Арстанбапта төрөлөт. Бул вариант боюнча Манас ичтен капкалуу түшөт. Кайыптын добушу менен ал капканы жарып караса баланын эки колу бекем түйүлгөн, түйүлгөн колунда кан болот. Башка варианттарда берилгендей Манастын жаштайынан «жинди» кыял болуп, ашынган тентек чыгып, айылдагы балдар жана башкаларга тынчтык бербеси да баяндалат. Манас эр тарткандан баштап тентек чыгып таалим тарбия алуу үчүн жылкычы, койчуга малайлыкка беришет. Төрөлгөн баланын кан чеңгээлдеп түшүшү жана жашынан тентек чыгышы эпикалык баяндоонун салттык нугу сакталгандыгы деп белгилесек болот.Башка манасчылардын айтуусуна караганда Манастын жаштайынан тентек чыгышы жана анын эр жетилип токтолушу бул вариантта бир топ айырмачылыктар да бар. Маселен, Манастын калмактар менен, болгон алгачкы беттешүүсүнөн кийин баланын кыялы менен тентеги токтолот ошондой эле эпикалык жүрүштөргө жана эл, жерин коргоого багытталгандыгы ачык байкалат да ушул этаптан баштап анын баатырдык жүрүштөрүнүн алгачкы багыттары белгиленет. Бирок, М. Чокморовдо негизинен баланы тарбиялоонун багыты башка варианттар менен эпостун, мазмунунун жүрүшү жомоктук мүнөздө айтылып келет. Баласынын тентегине чыдабаган атасы Жакып аны энеси менен кошуп кубалап ийет. Манас таятасы Карачаныкында жүрүп таалим-тарбияны жана молдолук окууну үйрөнөт,

Эпостун салттуу окуясында кезикпеген Манастын кандарды издеп чыгышы сыяктуу көрүнүштү биз сөз кылып жаткан варианттан учуратабыз. Бул вариант боюнча Манас таятасы Карачаныкынан келгенден кийин

хандарды издеп чыгат. Манас бул жолкуда өзүнө чоро болуучу хандарга жолугат. Мунун ичинен Кошой жолукканда, андан Кожонун кызы Билерик жөнүндө угат. Андан соң Манас алты пирге жолугат, алардан колдоо алат. Ушул сыяктуу көп жүрүштөрдөн кийин гана Манас элине кайтып келет, Жогорудагы биз сөз кылган Кожонун кызы Билерик негизги делинген варианттардын бардыгында Жангер Кожонун же Айкожонун баласы Билерик жөнүндө кеңири баян этилсе, бул вариантта Билерик Кожонун кызы болуп айтылат да, Кошойдун сөзүндө гана эскерилет. Демек башка варианттарда Билерик бирөөндө уул болсо, экинчисинде кыз бала болуп айтылгандыгы менен айырмаланып жатат.

Манасчыдан мындан кийин жазылып алынган окуя Алмамбеттин жомогу. Бул вариантта жалпы сюжеттик уңгусу башкалардыкы менен бирдей болгону менен айрым деталдарынан көп айырмачылыктар бар. Маселен: Алмамбет өзүнчө шаар салдырып кан болуп турат. Коңурбай менен кандыкты талашып бир нече жолу аны менен урушат. Же болбосо бул вариантта Алмамбеттин энеси Айымкан согушта өлбөй, ооруп өз ажалынан өлөт. Алмамбет он эки ай күмбөз салдырып, күмбөзгө мусулман дининин шарты менен коёт. Күмбөз салган усталар энесинин коюлган сөөгүн айтып коёт деп, аларды өлтүрүп салат. Ал эми Коңурбай менен болгон беттешүүдө Алмамбет Коңурбайды кууп бара жатып, аны амал менен мурдатан каздырып койгон оруна түшүп кетет. Ордон Эсенкан кызы Бирмыскал менен Айжаңжуң кызы Бурулча болуп чыгарып алышат. Кийин Алмамбет казактын Көкчө баатырына жөө качып келет. Колдон Жашынып жаткан жеринен Көкчөнүн жигиттери көрүп Көкчөгө алып келишет. Көкчөнүн аялы – Алтынай Каныкейдин сиңдиси болот. Ушак айың кептерден кутулуу үчүн Алмамбет Көкчө баатырда турбастан Манаска келүүгө мажбурланат.

Манастын Каныкейге үйлөнүшү баардык варийанттарда бирдей эле традициялуу мотивдердин негизинде баяндалат. Башка варийанттардагы кыз издөө, кудалашуу, кыз алып келүү, Манастын Каныкейден жарадар болушу сыяктуу урунттуу учурлар негизинен бул варийантта да сакталган. Манас кандарды кыдырып келгенден кийин элинде болгон жыйында ага аял алып берүү жөнүндө сөз болот. Ошондон кийин анын жиндилиги кагылып, тентектиги токтолорун, андыктан буга Каракандын кызы Каныкейди алып берүү жөнүндө жыйындагылар бир бүтүмгө келишет. Кыз издөөгө Жакып каршы чыгат. Элчилик милдет Агыш, Үрбү, Жангазы, Элчибай, Бөкөйлөргө жүктөлөт. Жуучулар бир жолу келүү менен ишин бүтпөй экинчи сапар да

келишке аргасыз болушат, кудалардан сүйлөшүүсү, кыз алуу, кыз берүү бүтүмү бүткөнчө эле Манастын Каныкейди алып качкандыгы, алардын артынан куугундун түшүшү кеңири баяндоодо берилет. Башкача айтканда баатырдын үйлөнүү маселеси эпикалык баатырдык мүнөздө чечилбестен жомоктук мотивде баяндоого алынат.

М. Чокморовдун варияптында да «Көзкамандар окуясы» өзүнчө баяндоого алынып, алардын кастыгы Манастын чоң атасы Орумбеттен бери сакталгандыгын белгилейт. Алтыбай, Аталык, Көкчөкөз уулдары менен кошулат. Башка варианттарда сакталып келген туруктуу окуя сыяктуу эле бул вариянтта да Көкчөкөз амал менен Манаска уу бердирет. Көзкамандын балдарынын арамдык менен Манасты өлтүрүүгө жасаган аракети өзүнчө баяндоо ыкмасына алынган.

«Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашы» баатырдык жүрүштүн башталышына түрткү болгон эпизоддон болуп саналат, М. Чокморовдун бул вариянтында деле Көкөтөй канга берилген ашка байланыштуу шаан-шөкөттөр жөнүндө окуялар сүрөттөлөт. Көкөтөйгө аш берүү үчүн Бокмурун менен Баймурза экөө кеңеш кылып, ашты Каркырада өткөрүүнү чечишет. Аштын бардык шарапаты жүргүзүлүп, келин-кыздар кошок кошуп Каркырага көч келет. Ашка төгөрөктүн төрт бурчундагы бардык элдер чакырылып, алды менен Коңурбай келип түшөт. Бокмурун Коңурбайга сый кылып Карткурөң, Чалкуйрук, Мааникер, Жоодугерлерди тартуу кылып бермек болот. Бул кабарды уккан Кошой Жаш Айдарды алдырып, Мааникерди мингизш Манаска чаптырат. Мына ушул эпизоддон кийин окуя салттуу айтылып келаткан нугуна түшөт. Манастын ашка келип түшүшү менен Жолой менен Коңурбайдын кысымынан эл бошонушат. Аштын шааң-шөкөттөрү, жамбы, атуу, эр эңиш, ат чабуу сыяктуу салттык жасалгалар кеңири баяндалат.

Мында да сюжеттик окуя бузулбастан, Кошойдун Каныкейге бата берүүсү да сакталган. «Көкөтөйдун ашы» башка манасчылардыкындай эле фабуласы бирдей. Ошондо Кошой бата бергенде капырлар да кошо бата берип, Семетей ошол батадан бүтөт.

«Манас» эпосундагы сюжеттик салттуу өзөктү түзгөн Окуялардын бири – бул «Чоң казат». «Чон казат» окуясы ар кайсы мезгилдерде пайда болгон ар түрдүү мүнөздөгү мотивдердин системасынан курулса да, өткөндөгү доорубуздун жалпы ийгиликтүү элесин, элибиздин өткөндүгү жалпы турмушун, тарыхый тагдырынын жалпылаштырылган образын туюндурат.

«Чоң казат» окуясы Манас баатыр баш болгон анын кырк чоросунун жана калың колдун кошулуусу менен болгон согуштук кеңири сценалар менен камтылып, негизинен бирдей эле мотивдер аркылуу берилет. М. Чокморовдун «Чоң казаты» башка манасчылардай эле бардык согуштук баяндоолорду жыйынтыктоочу эпизод катары айтылат. Анткени, «Манас» айтуучу бир эле ири окуяны айтуу менен анын ичине башка манасчылардай эле Манастын жоого аттануу алдындагы үй-бүлөсү менен коштошуусу, кырк чорого курал-жарак, жоо кийимдерин камдап берүү салты сыяктуу туруктуу окуялар бул вариантта да кеңири баяндоого алынат. Бирок, башка варианттарда кездешүүчү Манастын «Чоң казат» аттануусуна себепкер болгон 7 кандын (айрым вариантта 6 кан) жасаган аракетисиз эле Манастын өзүнүн демилгеси менен Бээжинге аттанат. Манас баатыр Бээжинге казат кылмакчы болуп колду курап, Каныкей, Чыйырды жана уулу Семетей менен коштошот.

Ажынбай менен Сыргактын колду эсепке алып топко бөлүштүрүшү, Каныкейдин Манасты эки жыл күтүүсү жөнүндөгү баяны, Каныкейдин өтүнүчү боюнча казатка аттанардын алдында, Алмамбетке бийликтин берилиши, Манастын өз энесинен бата алышы, чоролордун коштошуусу кеңири деталдаштырылып баяндалат.

«Чоң казат» окуясында уруу аттары, адам аттары ошондой эле топонимдик – калаа, шаарлардын аттарынын кеңири колдонулганын көрүүгө болот. Маселен, «Чоң казатка» Манас менен кошо казактардан Көкчө кан, Жамгырчы, Буудайык кандын Музбурчагы, Кара кандан Абыке, Турпандан Турусбектин уулу Усупбек, Элеман кандын уулу Таз Үрбү, Бакаташ менен Койбаш эки бек, Маргалаңдан Малабек, Кокондон Кожобек, Анжияндан Сынчыбек, Шаа-кожодон Мысабек, кыпчак кандыгынан Элчибек, Огандардан Ысабек, Кашкардан Карып кан колу менен жөнөйт. Манасчынын өзүнө мүнөздүү болгон Манас баатырдын эрдик иш-аракеттерин идеялизациялоо максатында адам, жер-суу аттарынын кеңири колдонулушу айтуучунун географиялык түшүнүгүнө жараша чечилген.

Кол казатка аттанып, узак сапар жүрүү баяны башталат. Колду башкаруу жана топко бөлүштүрүү, алардын топ башчыларын дайындоо Алмамбетке ыйгарылат.

Тал-Чокудагы жаратылыш көрүнүштөрү эпикалык баяндоо аркылуу сүрөттөлгөнү менен манасчынын өзүнө таандык баяндоого ээ. Калың кол жүрүп олтуруп Улабастын чоң дайрасына келип токтойт. Кол өргүп эс

алган соң, Бээжинге чалгын чалуу үчүн барып келүүгө Алмамбет менен Чубактын барышын чоролордун бири Эсенбек сунуш кылат. Манас менен чоролор чалгын жөнүндө кеңеш куруп жаткан учурда, Алмамбет менен Чубак колдун ичинде сап – эсебин алып жүргөн болот. Бул варианттагы дагы бир өзгөчөлүк – кеңеш учурунда Алмамбет менен Чубактын катышпай кол ичинде болушу жана бул кабарды укпаган Алмамбет менен Чубактын чалгынга бирге баруу жөнүндө кеңешип антташышы. Мында башка варианттарда кеңири кездешүүчү чалгын алдында Алмамбеттин ат тандап минүүсү жана жанына жолдош алуусу айтылбастан, чоролордун кеңеши менен Алмамбет чалгынга бармакчы болуп, Алмамбеттин суроосу менен Чубак коштолот. Бирок, Манас менен Кошой Чубакка ишенбөөчүлүк кылып, Кошой анын себебин айтып, жалпы топтун чечими менен Чубакты чалгынга кошуп берүү токтотулат. Алмамбет Чубак менен чалгынды бирге чалуу үчүн антташып, сөз берип койгонун айтат. Чубакты токтотуу милдетин Бакай өз мойнуна алат. Бирок Чубак топтун арасында болгондуктан ага Бакай кездешпей калып айтылбай калат. Алмамбетке Сыргак жолдош болуп кошулат. Алмамбеттин чалгынга жалгыз кеткенин билген Чубак чатак чыгарат. Мында, башка варианттардай Алмамбет менен Чубакты жараштырууга Манас менен Бакай келбестен Камбар келет.

М. Чокморовдун вариантында Бээжиндин сүрөттөлүшү негизинен С. Каралаевдин варианты менен көп жагынан окшоштук кылат. Бээжинди көздөй чалгынга бараткан Алмамбет дүрбү салып, өзүнүн туулуп өскөн жерин, шаарын көрүп зээни кейип, арылбаган арманына кеңири кеңири баяндоого алат. Бөлөкбай Темир уста жасап берген кылыч менен Бээжиндин темир дарбазасын талкалап, Коңурбай калаадан качып чыгат. Душмандардын сырын чалгын чалып билген Алмамбет менен Сыргак Коңурбайдын жылкысына тийип, жалгыз көздүү Маңгулду жеңет. Бул варианттагы эпизоддо сүрөттөлүп жаткан баатырлардын кармаштары, чалгын, кол менен беттешүү башка варианттарга караганда өзүнчө сүрөттөгө ээ. Мында согуштук боталдык сценаларга аларды баяндоогу кызыктуу окуяларды сүрөттөөгө кеңири орун берилген.

«Чоң казат» окуясынын аягында Манас колунан ажырап, чоң кармашууда оор жарадар болот. Жарадар болгон Манас баатыр Бакайдын коштоосу менен Таласка жеткирилет. Окуянын финалын башка варианттардагыдай эле Манас баатырдын дүйнөдөн кайтышы жана ага күмбөз салдыруу сыяктуу окуялар жыйынтыктайт.

Жалпысынан алганда, «Чоң казат» окуясы айтылган вариантта өзүнүн нугун сактаган, башкача айтканда М. Чокморовдун вариантындагы ал окуя өтө кеңири пландагы масштабдуу сюжеттик схеманы камтыбаганы менен согушка камылгасы, ылайыгына жараша колду топко бөлүштүрүү, топ башчыларын шайлоо, элдин узатышы, чалгын, колдун беттешүүсү, баатырдын жарадар болушу, Манастын өлүмү, Күмбөз салдыруу ж. б. деталдык окуялар эпостун өз салтын бузбастан байыркы нугунда сакталган деп эсептөөгө болот. Ошондой эле эпикалык жүрүштөгү географиялык аттардын сүрөттөлүшү да өз ирээти менен баян этилет.

Жалпысыпан алганда жогоруда биз токтолуп өткөн эпизоддор бардык манасчыларда традициялуу түрдө айтылып жана сакталып калса да, ар бир манасчыда окуялардын берилиши ар башка аспектиде ачылган. Ошентсе да М. Чокморовдун вариантынын сюжеттик линиясы башкалардыкынан айрым учурлары, мотивдери боюнча айырмачылыкка ээ болуп, өзгөчөлөнүп турганы менен жалпы эле элдин оозеки чыгармачылыктын салттарынын, чектеринен чыкпайт, тескерисинче аны сактап, колдон келишинче өз дареметине, манасчылык өнөрүнө жараша, бардык эле манасчылардай пайдаланган. Ошондуктан, эл ичиндеги кеңири калыптанып сиңген элдик оюзеки чыгармачылыктын салттарынын эпостун көркөм контекстине кирип кетиши мыйзамдуу көрүнүш.

***Болотбек Садыков***

## МАНАСТЫН ТҮПКҮ АТА-БАБАЛАРЫ[1]

Сары-Нүкүр жана Кара-Нүкүр деген бир тууган эки кандын тушунда Ногой аттуу жалгыз уулду Асан Кайгы деген олуя адам болгон экен.

Кара-Нүкүр кан эл-журту менен каардуу, ырайымсыз Сары-Нүкүр канга баш ийүүчү. Сары-Нүкүр Кара-Нүкүрдүн элинен өлтүрттүрүп, адамдардын баш сөөгүнөн апапак кылып, ааламда жок жай салдырат. Сары-Нүкүр бул жайынын урматына бүткүл ааламдагы элдер чакыртылып, чоң той берилет. Сары-Нүкүрдүн жосун-жоруктарына капа болгон Асан Кайгы кандын бул жарлыгына баш ийбей, тойго келбей коёт.

Экинчи жолу, Сары-Нүкүр кан жарлыгы менен бүт элди чакыртып: «Кулаалы таптап куш кылдым, бул өнөрүмдү сындап бергиле», – деп мактанып дагы өтө чоң той берет. Сары-Нүкүрдүн бул жолку берген тоюна да Асан Кайгы келбей коёт.

Үчүнчү жолу, Сары-Нүкүр шаардын навайчысынын сулуу, акылдуу кызы Курма-Сейнепке ашык болуп, аны аялдыкка, алмакчы болот. «Сен мени алсаң бузуласың, каным. Сенден кандык кетет, букарыңа сурак өтөт. Менин айтканым жалган болсо элиңди жыйнап, билермандарыңдан сурагын», – деп акылга сейрек Курма-Сейнеп канына жооп кылат.

Кыздын берген жообуна шагы сынган Сары-Нүкүр кан какаарат кылып: «Кулаалы таптап куш кылсам, адамдын баш сөөгүнөн эч ааламда жок жай салдырсам, бу жалганда менден да өткөн мыкты билерман адам болот бекен» – деп, өкүм менен Курма-Сейнепти аялдыкка алат. Мунун, шарапатына ааламдагы алтымыш эки канды чакырып үчүнчү жолу болуп көрбөгөндөй чоң той берет. Сары-Нүкүр кандын бул жолку берген үчүнчү тоюна да Асан Кайгы келбей коёт «Тойго келбеген ким калды?» – деп кан калкына жарлык салат. Калк Асан Кайгынын келбегенин канына айтышат. Кан желдеттерине буйрук берип, Асан Кайгынын эки колун байлатып

[1] Түп нускада, акыркы сөзү адегенде «бабасы» деп жазылып, үстү жагына «бабалары» деп кийин жазылган.

көпчүлүктүн ичине алдырып келет. Асан Кайгынып эмне себептен Сары-Нүкүр кандын үч жолку берген тоюна келбеген себебин билиш үчүн, сурак көпчүлүктүн атынан кан Көк-Темирге берилет.

Ошондо, Асан Кайгы Көк-Темирдин сурагына жооп кылып, биринчисин айтайын: «Баштан салды дубалды, бу байкаган жок убалды». Экинчиси: «Кулаалы таптап куш кылды, сурак кетип колунан журтун башка элге туш кылды». Үчүнчүсү «Навайчыдан кыз алып, минтип улуктугун кетирди:

Сары мурут өңү саз,
Ошого кетти сурагы.
Эми кол алдында суранчы
Кара-Нүкүр каз болот,
Каныңар ушуну менен бас болот,
Ошол кандын сурагын,
Өз колуңа аласың,
Кырк жылдан кийин бу элди,
Сурак тийип колуңа,
Өз колуңа саласың.
Канга кудай жеткирди,
Кайры жок кылды суракты,
Эми, кандыкты сага өткөрдү.
Бегирээк кылды суракты,
Бектиги кетип башынан,
Эми, бектикти сага өткөрдү.
Ошо кагылайын турганда,
Сары Нүкүр улуктун,
Кайгы кетти кашынан,
Сыймыгы кетти өзүнөн,
Шыйкыры качты башынан" –

деген Кайгынын сөзүн укканда, «кордоп айтты мени. Кармагын!» – деп бакырып, желдеттерин чакырып буйрук кылды. Ошондо Кайгы: "Каным, кас кылган кишиң мен эмес:

Адилеттик жок болуп,
Бергенин билбей алдадын,
Сурап турган журтуңду,
Жаш жыгачтай кыйраттың,

Кары менен чалдырын,
Катын менен балдарын,
Чыркыратып ыйлаттың.
Бир кудайдан буйруксуз,
Адамдын алмадай башын алгансың
Актыгыңды кетирип,
Адамды кырып өлтүрүп,
Каардуу кылып суракты,
Сен, карарып калгансың.
Менин айткан кебимди
О, калдайган калың элим ук!
Калың элим укпаса,
Алда кудай жараткан,
Амырында бир кудай,
Рыскынын баарысы,
Үстүңө чачып тараткан,
Боору жазы жерим ук!" –

деп Асан Кайгы сөзүн айтып бүттү. Асан Кайгынын бул сөзүн уккан кандын бетинин чаары, көзүнүн заары чыгып: «Этин кескилеп шишкебек кылгыла! Сөөгүн талкалап отко салгыла!» – деп желдеттерине буйрук кылды, Желдеттер кандын буйругун аткармакчы болушуп, кармап каларда асмандан ак булут болуп созулуп, кайып ага кошулуп, Асан Кайгы олуялыгы менен жок болуп кетти.

## САРЫ-НҮКҮР КАНДЫН КОЛУНАН СУРАК КЕТИП, БАШКАГА СУРАКТЫН ӨТҮШҮ[1]

Кечээ Асан Кайгыдан кеп угуп, кандыгы кетип колунан, сурагы өтөт – деп угуп, Кара-Нүкүрдүн Көк-Темир канга кеңеш кылып: Канды тактан кулатып, каардуу канды сулатып, сени улук кылалы. Жол башчы болуп чыгып бер, каардуу акмак бу канга, сени улук, кылалы, билинбей казат кылалы, – деп тымызын оюн айтканына Көк-Темир макул көрөт. Жол башта деп сен айттың, жооп берип мен айттым. Эми каардуу кандын кураган мүлкүн, жыйнаган казынасынын эбин кантип таап колго алабыз. Оболу казынаны колго тийгизсек, калганын жөндөш экөөбүздүкү, – деп Көк-Темир ичинен кымылдап амал ойлойт. Сары-Нүкүрдүн жанын жанга, малын малга улаган, акылына акыл кошкон Нойка деген жигити бар. Адегенде ошонун көзүн тазалайлы. Ал турганда кан бизге алдырбайт. Мен ошону өлтүрүп, анын кийимин кийип алып, каардуу канга барайын, – деп Кара-Нүкүр кеңеш кылат.

Кара-Нүкүрдүн акылына акыл кошкон, сөзүнө сөз кошкон Шүкүр кан деген жолдошунун Зарин аттуу кызы болот. Кара-Нүкүр кан Шүкүр кан менен кеңешип, кызы Заринге кийим кийгизип, Апийза, Азиза деген эки сулуу кыз коштоп, Нойканы көздөй амал менен жөнөтүшөт.

Күүгүм кире күн бата, эч кишиге көрүнбөй, жан кишиге билинбей Зарин Нойкага келет. Зариндин кабарын баштатан угуп, ошол кызды алсам – деп Нойка аракет кылып жүрүүчү экен. Нойкага келип Чынтемир бектин кызы Шайыкбүбү ашык болуп атайы Зарияны жибергенин айтат. Кыздан кабар укканы, бармакчы болуп өзүнүн, жоо жарагын алып Зарияны ээрчип олтуруп, мурда билип көрбөгөн бир ак сарайга туш келет. Ак сарайдын порумуна аңтаң болгон Нойка, «Мага билгизбей жүргөн экен», – деп ичинен канына катуу таарыныч кылат. «Чынтемир кандын кызы», – деп алдап алып келген Нойканы Зарин Термечик кандын кара күңүнүн үстүнө киргизип жиберет. Мына ошентип, Зария акыл таап, кашына кан барбаган

[1] Түпкү нуска боюнча берилди.

Нойканы, колго түшүрүп элине кабар берет. Тымызын кол топтолуп аскер желет. Термечик кандын күңүнүн жанында шарап ичип мас болуп уктап жаткан Нойкага Зарин кирип: «Улугум! Сен уу ичкендей сулаба. Каным! өйдө болуңуз. Кармашар болсоң кез келди. Эми билгизип айтам өзүңө ажалга анык кез келдиң», – дегенине ачуусу келген Нойка: – «Ашык болгон өзүң экен. Мени шылдың кылып, шарап берип мас кылдын, өзү башка жерге жатып алат», – деп кылыч менен башын чаап саларда, Чынтемир менен Кара-Нүкүр кол куушуруп, салам берип үстүнө кирип келет. Кара-Нүкүр Нойканы алаксытып салам берип колун сунганда, Чынтемир кылыч менен Нойканын башын алат.

Эки кандын ойлогон оюу ишке ашып, Кара-Нүкүр Нойканын киймин кийип, анын аскерин билип Сары-Нүкүрдү көздөй жөнөйт.

Келтирди кудай кезекти,
Зарин тапты эсепти,
Чыкпайт тура эч адам,
Бир алда жазган буйруктан.
Орүстүн каны Көк-Темир,
Как ошону калкалап,
Каардуу канды жыккан жер.
Сары-Нүкүр улукту,
Камакка алып жыккан жер,
Бооруна канжар тыккан жер.
Калкын жыйып жар салып,
Калың журту жалпына,
Канды таанып алгын, – деп
Бирдикти Көк-Темир канга өткөрдү.
Аты уйкаш эки Нүкүрдүн,
Башынан кетти турагы,
Орүстүн каны Көк-Темир,
Мына ошого өттү сурагы.

Ошентип, каардуу кандан адилдик кетип, анын түбү өз башына жетип, Сары-Нүкүр менен Кара-Нүкүрдүн колунан сурак кетип, сурак мындан кийин орүстүн каны Көк-Темирге өттү. Ошол учурда Асан Кайгы бүт дүйнөнү кыдырып чыккан экен. Кыдырып жүрүп бир жерге байырлап токтомок болот. Ошол токтоп жаткан жеринде пааналамакчы болгондо баласы Ногой келип: – «Жери тар бул жер бизге жер болбойт, элинин ичи тар экен булар бизте эл болбойт кетели ата», – деп кеңеш салат. Эки бакыр

ээрчишип жер сыдырып, эл кыдырат. Алтымыш күнү жол жүрүп эзели пенде келбеген Мериян талаа Жайык чөлдү баш пааналап жан багышат. Бу эки бакырга жер чалып келген кандын желдеттери жолугуп:

Кандын айткан кеби эле,
Медиян менин чөлүмө,
Пери ойногон көлүмө,
Кайыптан башка жан жүрсө,
Айдап келгин деди эле.
Адам заат кабылса,
Байлап келгин деди эле.
Эми сени айдайбыз,
Эки колуң, аркаңа,
Ушу жерден байлайбыз.
Кан астына барасың,
Жообун өзүң табасың.
Каарласа өлөөрсүң,
Касабына көнөрсүң,
Адилдик кылса ушул кан,
Жообун өзүң. бересиң, –

деп желдеттер Асан Кайгыны байлап кетишмекчи болушканда баласы Ногойдун атасына айткан кеби:

Коркпой ата барып кел,
Кандын берген белегин,
Коюнуңа катып кел.
Кол алышып сүйлөшүп,
Азаат кебин угуп кел.
Ошо кандын үйүнө
Ашыкпагын ата сен,
Алтымыш күнү түрүп кел.
Кандан уккан кебиңди,
Ката кылбай айтып кел.
Бактысы бар башында,
Сыймыгы бар үстүндө,
Ырыскысы колунда.
Өзү бир кудайдын олуяда,
Касиети бар экен.

Айткан кепти угуучу.
Көөдөнүнө жугуучу,
Бир колдогон жан экен.
Ошонун билгирлиги бар экен,
Минин жүр деп ат берет,
Кийип жүр деп тон берет.
Акыл угат өзүңөн,
Абайы кылат сөзүңөн,
Акылдаша жүргүн деп,
Акыры сизге жол берет,–

деп айткан баланын кебин уккан желдеттер «Бул бекер киши эмес экен го?» – дешип, асыл жака тон кийгизишип, алдына жорго ат мингизип канын көздөй алып жөнөшөт. Ошол түнү кан уктап жатып түш көрөт. Түшүндө: Астынан ажыдаар сойлоп, көтүнөн арстан ээрчиген бир адамга кезигиптир. Эртең менен элин жыйып, түлөөсүн кылып: – «Түндө жатып түш көрдүм, түшүмдө бир башкача иш көрдүм. Түшүмдү туура жоруганга алтын жака тон беремин,ката жоругандарды орго салам», – деп элине жарлык кылат.

Кандын түшүн жоруганга киши чыкпай калк кысылып, эл айласын таппай турганда, кандын аялына жакын аты Жаркынбүбү аттуу бир кыз болот. Ошол кыз канга: – «Менде бир суроо бар, каным, уруксат берсеңиз сурайын», – деп тура калып, макул болсоңуз түшүңүздү мен жоруюн, капа болбосоңуз узартып кеп айтайын, – деп собол кылат. Кан: – Айткын, айткын деп кашкайып күлүп, кабагын жайып ордунан турат. Кыздын жообу кандай болду экен? – деп, калк жарданып калганда:

Мейкин талаа чөлүнө,
Бир адам келип жердеди,
Аны сага кудай бергени.
Ошо сенин жериңди,
Мейкин талаа чөлүңдү,
Канаттуу конбос көлүңдү,
Бир олуя пенде ээледи,
Каным, сизге кудай бергени.
Ошо келген адамдын,
Желдетин барды кашына.
Сен кандай келип калдың деп,
Эки колун байла деп,
Улук кандын астына,

Байлап алып айда деп,
Карабөрк деген жигитиң,
Кармайын деп турганда,
Катуу сөздү урганда,
Эси чыгып кетиптир.
Эт жүрөгү сезиптир,
Жанында жаш баласы бар экен,
Амыры менен алданын,
Ак жаралган жан экен.
Адам заат пендеден,
Так жаралган жан экен.
Атасына кеп айтты:
Коркпой ата баргын, – деп
Корсулдабай желдеттер,
Акырын айдап алгын дейт.
Каныңардын астына,
Атамды алып баргын дейт.
Атам айтар билгенин,
Адил болсо каныңар,
Ошондо билер каныңар,
Менин атакемдин жүргөнүн, –

деп айткан баланын кебин түшүнүп, жакалуу тон кийгизип, алача жорго мингизип, желдеттериң алып келе атат. Каным, – менин тилим алсаңыз:

Атала сакал чалыңан,
Көп жашаган карыңан,
Астынан тосуп алыңыз.
Жанына жакын келгенде,
Аттан түшө калыңыз.
Ат тизгинин буруңуз,
Абайлап карап турсаңыз,
Түндөгү көргөн түшүңүз,
Кабыл болсо ишиңиз,
Өңүңүзгө көрүнөт.
Байкасам менин өзүмдү,
Уксаң менин сөзүмдү,
Асмандан учуп куш келди,

Каным, арбагың өсөт канчалык,
Бир олуя адам туш келди, –

деп кыз айтып сөзүн бүтүрдү. Капырай! Бул шумдуктуу кандай кыз? – деп эл жарданып, жакасын карманып таңкалышты. Кыз сөзүн бүтүргөнү же кайып болуп кеткени, же балык болуп кеткени билинбей көздөн кайым болду. Жети желдетти жанына алып кан Кайгыны тосуп чыкты. Кошомат кылып канына Кайгыны кара аламан кол тосту. Мериян чөлүнүн четине, кан абайы кылып, жанындагы желдеттерине, артындагы элине кайрылып: «Ушул жерге токтогула! Келгенин көрөлү, келбесе ат агытып эс алып кетели», – деп буюрду. Өңкөй жалпысы кандын буйругун угуп жайланып жатып калышты.

Кан башына жаздык коюп, буту колун чоюң, чыканактап чырм этип уйкуга кирди. Уктап кетсе «ажыдаары астында, арыстаны артында» үйүндөгү көргөн түшү дагы кирди. Кандын эси чыгып, эт жүрөгү козголуп коркуп жатса, баягы түш жоруган кыз түшүндө дагы келип:

Тетиги астында чыккан ажыдаар,
Сенин астыңа келген кишинин,
Акыркы чыкчу тукуму.
Алтымыш жылда ал чыгат,
Айдыңынан жан чыгат,
Каарына тийгенди,
Кырып чыгат ал киши.
Чачкында жүргөн мусулман,
Жыйып чыгат ал киши.
Кылычын канга боёгон,
Баатыр чыгат ал киши.
Кылымдын алы келбеген,
Башка чыгат ал  киши.
Сүйлөшүп киши жеңбеген,
Кашка чыгат ал киши.
Артынан арстан жойлосо
Арт жагынан ойносо,
Ошол эрдин тукуму,
Асыл болот экен да,
Ааламдын алы жетпеген,
Баатыр болот экен да, –

деп, уйкуда жаткан кандын түшүн жоруйт. Кан чочуп ойгонуп жатып: – Баягы көргөн түшүмүн астын көрдүм, арты башка болду, – деп тегеректи чалып, кайсы жактан келээр экен, – деп дүрбү салып караса Көк-Ала бийик капталда, Кайыңдуунун чатында мунарган туман көрүнөт. Ал туманды көргөнү кандын көөнү бөлүнөт,

Желдети келет жээлигип,
Жетели деп канына,
Аттарына теминип,
Канга келип жакындап,
Кабылды Кайгы канына.
Тосуп турган бу кандын,
Кайгы келди жанына.
Кайгы менен ошо кан,
Сагынышкан эмедей,
Бирге өсүп, бир жүрүп,
Айрылышкан эмедей,
Кучакташып көрүштү.

Кан Кайгынын олуялыгын билип, каадасы менен шаарына алып жөнөдү. Бирге тууп, бирге өскөндөй болушуп, бирине-бири купулдарына толушуп, күнүгө аңгеме дүкөн куруп жатып калышты. Күн артынан күн өттү, ай артынан ай өттү. Күндөрдүн биринде: Кайгым! Көп жерди көрүпсүң, көп элди билипсиң. Көптү билип, көптү угупсуң. Эми мени менен акыреттик дос болдуң. Дүйнөдө эмне сонун? Эмне кызык? Тардык кандай? Зардык кандай? – деп, кан кеп сурайт. Менин кудай таала жаратканда атым Асан экен. Дүйнөнүн төрт бурчун кыдырып көрдүм. Көргөнүмдү айтайын: – «Алтымыш түрлү кан көрдүм, Мунун тарттым кайгысын. Ар бир түрлүү жан көрдүм, анын тарттым кайгысын. Көк тиреген зоо көрдүм, жер үстүнөн тоо көрдүм. Доорунда кантет булар? – деп, мунун тарттым кайгысын. Чымын чиркей жан көрдүм, кыбыраган курт көрдүм. Мунун тарттым кайгысын. Өпөйгөн кары чал көрдүм, өлө турган жан көрдүм. Мунун тарттым кайгысын. Келбеттүү келин кыз көрдүм, керемтетүү нуз көрдүм, бу дүйнөдөн кеткенде чын дүйнөгө жеткенде кантер экен булар? – деп ,мунун тарттым кайгысын. Жер үстүнөн жаш көрдүм, акылынан адашкан арам ишке жанашкан, акылы менен кас болгон ,мунун тарттым кайгысын. Кыяматың кындан жол, кыл көпүрө тарттым кайгысын. Кыяматың кындан жол, кыл көпүрө зындан жол кыйын экен ушул, – деп, мунун тарттым кайгысын. Меке менен Медина ачкычы экен бейиштин,

пендеси үчүн жаралган. Жаман жолго көп жүргөн, динине алда кирбеген, оюна өлүм кирбеген тозокко түшөт, – деп уктум. Түшсө кантээр экен? – деп, мунун тарттым кайгысын. Буралган жыгач тал көрдүм, буруксуган кан көрдүм, мен телегейди тең көрдүм, теңирсиген эл көрдүм. Бу дүйнөдөн кеткенде, чын дүйнөгө жеткенде булар кантер экен? – деп, мунун тарттым кайгысын. Азуусун айга бөлөгөн, арстандын тарттым кайгысын. Жер үстүндө бүрдөгөн, жапырак чыгып гүлдөгөн, күз болгондо кубарган, кыш болгондо кууураган, кантээр экен булар? – деп, булардын тарттым кайгысын. Жайынкысын болгондо, жашыл шибер оттогон, кышынкысын болгондо жайыт таппай токтогон малдын тарттым кайгысын. Жер үстүндө жаралган ар бир түрлүү макулук алда таала кудурет акырында жараткан кандай болор экен? – деп, мунун тарттым кайгысын. Дүнүйөнү чулгаган, ойлонуп акыл жетпеген көлдүн тарттым кайгысын. Боору жазы, үстү кең жердин тарттым кайгысын. Бу дүнүйө бүткөндө жер үстүнө жашаган чын дүйнөгө жеткенде кантээр экен булар? – деп элдин тарттым кайгысын. Ойлонуп акыл жетпеген төбөбүстө көрүнгөн кандай болор экен? – деп, асмандын тарттым кайгысын. Жер үстүндө алчактап, эркинче жүргөн талтактап, дилине алда кирбеген, бир алданын барлыгын өмүрүнчө билбеген, баскандын тарттым кайгысын. Мамык коюп башына, олпок төшөп алдына барлыгын билбей алданын, жаткандын тарттым кайгысын. Жай болгондо мунарган, кыш болгондо кууураган чөптүн тарттым кайгысын. Жалган дүйнө чын дүйнө экөөнү кудай жараткан. Жалган дүйнө бүткөндө, чын дүйнө күткөндө кандай болор экен? – деп, мунун тарттым кайгысын. Жүзү каар ичи тар, нечет түрлүү кан көрдүм. Адамды адам дебеген, мендени менде дебеген акырет камын жебеген, өлүмдү албай оюна, үйүр кылып шайтанды, каары күчтүү кан көрдүм. Ошол элдин баарысынын, өбөктөгөн карысынын ыйлаганын эп көрдүм. Эми көргөнүмдүн баарысын көсөп айтып өткөрдүм, көкөйүңө түйүп ал! Калк сураган кан болсоң, бир кудайдын бар экенин билип ал!» – деп, Асан Кайгы сөзүн бүтүрүп, кан Кайгынын сөзүн түшүнүп, эсине кудайды алып, элин жакшы багып, адилет кан атанып, эл журтунан бата алып, адилеттүү адил кан болмок болду.

Асан Кайгынын сөзүн угуп, купулу толуп: – Айткан кебиңе түшүндүм. Өлүмдүн нак экенин билип, чын дүйнөнүн бар экенине ишендим. Эми, калк сураган кан, эл сураган бектен эмне көргөн билгениң бар? Эп болсо ошону айтып бер, – деп кан Асан Кайгыдан кайта сурады.

Каным мен көргөнүмдү айтсам сен капа болосун, го? – деп көргөн билгенин айтмак болду. Көргөнүн көсөм айтат, . укканын чечен *айтат. Сен көргөнүңдү толук айтып бер, – деп кан сурaнды. Көргөнүмдү айтайын: – «Кара-Нүкүр, Сары-Нүкүр деген эки ага-ини киши экен. Мен ошол кандардын элинин четинде жашап турчу элем. Сары-Нүкүрдөн кандык, кеткен эмес, Кара-Нүкүргө кандык жеткен эмес. Кара-Нүкүрдүн калкын букара кылып сурап каарын чачып, элин таманына таптап басып, бек сүйлөгөнүн кырып, адамдын алмадай башын алып, андан акактай жай салып, кулаалы таптап куш кылып, элин кыйын күнгө туш кылып, наавайчыдан кыз алып, айдай сулуу алдым – деп, көтөрүлүп көңүлү, менин алганымды көргүн, – деп эл чогултуп мактанып сыймыгы кетти башынан. Сурагы кетти колунан иши кетти жолунан. Ак ислам жолуна бир ойлонуп кирбептир. Ошонун башына кудай жеткирди, сурап турган көп журтун кайыр динге кетирди. Текебери ашкан соң, шайтандын жолун баскан соң үстүртөн кудай кулатты, астыртан букарасы сулатты. Катын менен балдардын өзүнө жакын жандарын иш колуна жеткен соң, башынан доор кеткен соң, баарын кырып өлтүрүп, Кара-Нүкүр кыйратты. И, каным, адили кеткен кандын арты ушундай болот экен, – деп айтып Кайгы кебин бүтүрдү.

Кан Кайгынын олуялыгын билип, аны менен акылдаш, боло баштады. Элине сурагын адил кылып, телегейи тең, пейли кең болуп жатып калат. Күн артынан күндөр өтөт.

Бир күнү Асан Кайгы: – И, каным! Менин сага айта турган кебим бар. Эс алып бул жерде турганыма эки айдын жүзү болду. Эми мага уруксат бер мен кайтайын, – деди. Кан каршы болгон жок. Макул Кайгым кайткын. «Не каалайсың каныңан? Каалаганың айткын. Кийим десең тон берем, бийлеймин десен, жол берем, минем десең ат берем, жатып ичер аш берем. Сураймын десең эл берем, жердеймин десең жер берем, күтөмүн десең мал берем, түшөмүн десең суу берем, алтын айчык туу берем. Алам десең кыз берем, ургаачыдан уз берем, калайыкты чогултуп алтын туу берем колуңа, сенин арбагыңды көтөрүп, калайыкка шаң кылам. Ага ыраазы болбосоң кол алдымда журтума туу көтөрүп, кан кылам», – деп, кан сөзүн бүтүрдү.

Ак төөгө жүктөтүп, төрт түлүк малдан алтымыш жигитке айдатып, убаданы бек кылып, кан Кайгыны жөнөттү. Кайгы жолдо келе жатып баласы Ногойдун:

Коркпой ата барып кел,
Кандын берген белегим,
Бирин койбой алып кел.
Барып ата кайтып кел,
Кандын атын айтып кел,–

деген сөзү эсине түшүп, мына бу каным берген бу малды балам Ногойго алып бара бергиле, – деп жигиттерди жөнөтүп Кайгы канга орто жолдон кайтып келип:

Акылымдан адаштым,
Келгеним эки ай болду,
Билбей кетип баратсам,
Оюма кудай салганын,
Мен ойлоно калганым,
Балам айткан кеп эле,
Бу кандын айлын угуп кел
Акылдашып сүйлөшүп,
Мага кандын атын айтып кел, –

деди эле. Айып көрбөсөңүз атыңызды айтып бериңиз деди. Кан кашкайып күлүп, ашык сурабай Кайгынын унутканын билип, эки ай элимде жүрүп атымды сураган жок, бул эмне? Сурабай кетти, – деп кан да ойлонуп калган экен. И Кайгым! Эмне үчүн атымды сурабай кетти, – деп капа болдум эле,

Менин атым сураса, ошол бала менин ордумду басат. Ага менин абалымды айтпа, атымды гана айт. Атым Боён кан, – деп экөө кол алышып, Кайгыны жолго салды.

Кайгы үйүнө калың мал менен келип түшүп, чоң дөөлөт күтүп, бай болуп, көңүлү да жай болуп жатып калды. Кан берген алтымыш жылкынын ичинде жылан куйрук жолборс чаар бир бээ болот. Ал жылкы бирде жорго, бирде, тулпар тууган экен. Баласы Ногой эресен тартып эр болуп, эр уулу менен тең болуп, дөөлөтү ашып бай болуп, акылы ашып зор болуп, тулпар минген, туу баштаган, акыл айтып эл баштаган аттуу баштуу адам болот.

## НОГОЙДУН ЖАР ИЗДЕШИ[2]

Күн артынан күн, ай артынан ай өттү. Бир күнү Кайгы баласын чакырып алып: – Бойлукта байлык жок, жалгызда эрдик жок. Тулпарда туяк жок. Сенин билимиң ашып, дөөлөтүң ташып, калк сураган кан менен эл сураган бек менен дааныш болдуң. Мен айткан тилим сен алсаң, желдет алып ээрчитип жети кан элин кыдырып тандап аял алып кел:

Көптү көргөн көсөм бар,
Көп сүйлөгөн чечен бар,
Бирөө дүнүйөгө кызыгып,
Колунда кызы бар болсо,
Мен беремин деп айтат,
Канча калың мал айтат,
Калп эле алдап жай айтат,
Андан алба зайыпты,
Андан алсаң зайыпты,
Акыры, көрөсүң андан майыпты.
Узун этек салпаяк,
Колуна кармайт бир таяк,
Кара аяктан аш ичкен,
Көйнөгү кирдүү эти ак,
Көңүлүн берген кудайга,
Көп адамдан нээти ак,
Ошондон алгын зайыпты.
Андан алсаң зайыпты,
Таппайсың андан айыпты,
Көрбөйсүң андан майыпты, –

деп, Асан Кайгы баласына акылын айтат. Атасынын кебин акыл көрөт, көөнүнө жактырып макул көрөт. Алты жигит алтымыш ат, алтымыш жамбы пул алып зайып издеп жолго чыгат. Эчен элди аралап, эчен жерди чалды, атасы айткан кабылбады. Ошондо Ногой, –

[2] Тема кийин коюлду

Атам айткан кеп эле,
Узун этек салпаяк,
Колунда болсо бир таяк,
Зайыпка алгын деди эле.
Калк кыдырдык канчалык,
Атам айткан аманат,
Атамын кебин сыйлабай,
Мен болбоймун жаманат;
Узун этек салпаяк,
Колунда бар бир таяк,
Көрүнбөдү көзүмө,
Менин билинбеди өзүмө,
Кийгени торкоо ак маңдай,
Сүйлөсө чечен ак таңдай,
Адамдан ашкан келбеттүү,
Жаагында шуру берметүү.
Бул көзүмө көрүндү,
Аламын деп ойлонуп,
Бурганым жок көңүлдү.
Бурма көкүл кара чач,
Кашка маңдай кара жаак,
Турна көкүл кара чач,
Ителгидей кара көз,
Бул көрүндү көзүмө.
Атамдын айткан сөзүнө,
Ылайык келбейт өзүмө,
Нечен кыздар кабылса,
Келбетине кызыгып,
Алабы деп камынса,
Ага мойнун бурбайт деп,
Аламын деп сүйлөшүп,
Чын далаалат кылбайт деп,
Ногой башка турган жанбы? – деп,
Ургаачыга бет уруп,
Көңүлдөнүп сүйлөшпөйт,
Мында айып барбы? – деп,

Бул сүйлөшкөн сөзүңөр,
Ушак кылдың өзүңөр, –

деп Ногой, күбүр-шыбыр болгон жигиттердин ушагын мойнуга салды. Темирбек деген жигиттин Ногойго жакындыгы бар эле. Кызча уялып жигиттердин айтканын мойнуна алып: Бегим уктук айткан кебимди, артыңдан түшүп биз ээрчип туу көтөрдүк өзүңдү, айыбы жок айткан сөзүңдүн, – деп Ногойду кубантып, жолдошторун уялтып айтып турган кеби:

Бегим Ногой бек элең,
Пендеден пейлиң кең элең,
Эми, Кайгынын кебин сыйлайлы,
Кара жанды кыйнайлы,
Бегим, кыйналбаган жан болбойт,
Арыбаган мал болбойт.
Кара кан деген кан бар дейт,
Биз ошо канга баралы,
Буюруп кудай кабылтса,
Биз ошол жерден табарбыз,
Ошол элден зайып аларбыз,–

деп Темирбек айтып, жолдоштору макул көрүп, өңкөй жолго салышты.

Ат арытып жол жүрүп,
Жердеген элдин бары бай,
Талаасы жайык жел экен,
Жайлоого кенен төр экен,
Ол жерге барды Ногойлор.
Жерди көрүп суктанып,
Жер бетине чыккан чөп,
Баарысы атыр жыттанып,
Телегейи тең экен,
Талаасы жайык кең экен.
Жердей турган жер экен, –

деп Ногой дүрбүсүн алып талаасы жайык, боору кенен жерди көрүп, эл жайлаган төрдү көрүп, пейли кенен элди көрүп, купулуна толтуруп, аттарын агытып отко коюп, азык тамагын ичишип жай алышты.

Төөнүн тайлагына жүк жүктөшүп, атан төөсүн минип бир чал кетип барат, Ошол чалды көрүп Ногой мырзанын Темирбекке айткан кеби:

Ой Темирбек курдашым,
Акыл кошкон сырдашым,
Атам айткан кеп эле,
Колуңду сун бакырга,
Кайыр бергин жакырга.
Ботосуна шире жүктөп,
Коштоп кетип баратат,
Улам бизди көп карап,
Токтоп кетип баратат.
Бул бир нерсени көргөн жан,
Бул бир нерсени билген жан,
Жүрү тике баралы,
Жооп алып калалы, –

деп, Ногой жигиттерди таштап, өзү жөө басып жолду аттап, төө минген адамды көздөй беттеп жөнөдү. Келбети башка экен, жооптошуп, сүйлөшүп мунун ким экенин билсем? – деп чал төөсүнүн мойнун буруп Ногой менен Темирдин жолун тосуп токтой калды. Жакындап келгенде Ногой менен Темир агала сакал төө минген чалга салам узатышып, алик алган чалдын: – Нуруң башка ачык жүз, балам сенин келбетиңе көңүл түз, не издеген сен жансың? – деген соболуна:

Абалкы жайым мен айтсам,
Атам Кайгы чал эле,
Алда таала кудайдын,
Кайгыга тууган жан эле.
Атам айткан кеп эле,
Ушу дүйнө кан дүйнө,
Кан дүйнөгө ишенбе.
Эр кыдырып жер чалып,
Атың барда жер таанып,
Атаң барды эл тааны.
Канга салам берип кел,
Калк ичинде кандай бар,
Кандай жакшы кимдер бар,
Ажырата билип кел.
Калк ичинде нечен бар,
Кеп сүйлөгөн чечен бар,
Көптү көргөн көсөм бар,

Көсөмдүн кебин сен угуп,
Көшөлөсүң деди эле.
Көп киши менен таанышса,
Төшөлөсүң деди эле.
Акылдуудан кеп угуп,
Ар ким менен таанышып,
Жакын болгун деди эле –

деген Ногондун кебин угуп чал түшүндү да, оюна бир нерсе, кылт эте калды. Чал Асан Кайгынын кабарын угуп бир көрүүгө кумар болуп жүрүүчү экен. Чал баланын тек жайдын түшүнгөндөн кийин: Сен алыстан келген жолоочу экенсиң. Бүгүн биздикине барып коно жат. Адам сүйлөшкүчө, жылкы кашынгыча деген нарк кеп бар. Калган кепти үйдөн сүйлөшөрбүз. Мамилебиз келишсе, курчалышкан куда болорбуз, же антташкан аккан дос болорбуз. Тетиги калдайып көрүнгөн кара шаардын күн чыгышында темирден салган бир көчө бар. Жезден каалгасы, күмүштөн кешеги бар. Ошол жерден: – Урумкан деген чалдын үйү кайсы? – десеңер таап аларсыңар, – деп айтып чал төөсүн минип жөнөп кетти.

Ногой жигиттерин чакырып: – Агала сакал чалдын кебин уктук, сүйлөшүп дайнын, уктук, сурашып айлын уктук. Биздикине баргыла, – деп чакырып кетти,– деп кеңеш кылды. Ногойдун айтканын жигиттер макул көрүп: – Чакырган жерге баралы, барбай кантип калалы, бегим бул айтканың акыл, – деди. Чалдын мингени төө эмес, желмаян эле. Каракан деген каны бар, канынын калайыкка баркы бар, арбагы ашкан, дөөлөтү ташкан, калкына жаккан, элин баккан, мусапырга ат берген, бакырларга мал берген, ашы жокко аш берген, журтун баккан, кудайга иши жаккан кан экен. Чал болуп Ногойлорго жолуккан кандын акылына акыл, билимине билим улаган акылдашып кеңешип жүргөн Урумкан аттуу кишиси экен.

Желмаян минип желди. Бул неге шаша келди? Болду болбоду бу бир, нерсени көрдү, – деп калдайган калың журт жарданып түрүп калды. Касиеттүү Кара кан жакасын бекем карманып, ойлоно калып, оюна кудайды алды. Ашып-шашып Урумкан салам айтып бегине, жарданган калың элине, көргөн билгенин айтып:

Желмаян сындуу төө минип,
Жердин үстүн сыдырып,
Кайра тарткан кезимде,
Кечке жуук бешимде,
Жанында бар жигити,

Адамдан башка айбаты,
Бир жаш бала келип кабылды.
Белине чалган куру бар,
Адамдан башка, зээри бар,
Келди бала кашыма,
Кол куушуруп астыма.
Баланын түрүн көргөндө,
Ичим ысып кеп айттым,
Кайдан келдиң? – деп айттым.
Күлүмсүрөп тостоюп,
Менин атамдын жайын сурасаң,
Кайгысын тартып дүйнөнүн
Аты Кайгы Асан деп,
Ошо менин атам деп,
Күлүмсүрөп кеп айтты.
Баланын кебин уккан соң,
Кулагыма жуккан соң,
Кайрылып токтоп кеп айттым,
Айып көрбөй балам сен,
Биздикине баргын деп,
Барып конуп алгын деп,
Акылдашып олтуруп,
Конок болупконгун деп,
Ашып-шашып кетпесең,
Биздикине барган соң,
Эки айча конок болгун деп,
Конок камын жейин деп,
Темир кече жез калаа,
Мен дарбазаны каттаттым,
Жигиттерге жаттаттым.
Канымдын айткан кеби деп,
Каалаганы келди деп,
Мунун тилегин берди деп,
Чакырып коюп конокко,
Желмаян минип мен келдим, –

деп Урумкан Ногойдун кабарын канына айтып, конок камын көрүүгө үйүнө тартты.

Ногой мырза жигиттери менен конок болуп, байпак чечип бут сунуп, касиеттүү мейман болуп жата берди. Урумкандын ойно бала секелек, он бешке жашы жетелек Ханбүбү деген кызы болот. Акылы артык жан экен, Ногойго тиер иш болсо, акылына акыл кошуп, ар нерсенин алдын тосуп, канымдын арышына жарарлык жан экен, – деп жигиттер кызды жактырышат.

Кара кан элин жыйып, узун жаак ушакчысын тыйып, кеп билгенге кеңешишип, сөз билгенге акылын айтып, эл ичинде элек жок, ар ким жүрөт ооздук жок. Алыстан келген мейманды ардактап күтүп алгыла, – деп түшүндүрүп кан Ногойду өз үйүнө конокко чакыртат. Кара кан Ногойду көрүп олтуруп, купулуна толтуруп, жай алышып келген соң келер-кетер кепти сизден угалы? Айып көрбөй айтып бер. Атаңдын жайын угайын, – деп собол салды.

Куп каным, – деп, колун куушуруп кандын айтканын көңүлүнө түйүп:

Каным, атамдын атын сурасаң,
Асан экен коюлган.
Кайгысын кудай тарттырып,
Кайгылуу кылып коюптур.
Туудурдум деген ата жок,
Туудум деген эне жок,
Менин атам Кайгынын,
Жүргөнүнүн айбы жок.
Адам заат пенде билбеген,
Адам заат пендеге,
Аралашып сүйлөшүп,
Эл ичинде жүрбөгөн,
Мунун кайдан келген дайыны жок, –

деп, Ногой Кара канга атасынын дайнын айтты. Ошондо Кара кан Ногойго: Атаңдын дайнын түшүндүм, кааласаң агача келин сулуу кыздан берейин. Мылтык атып, жаа тартып, ит агытып куш салып, билимиңди чачып, билгениңди айтып, жаныңа жол көрсөтчү кошчу алып, каалаган атыңды минип, каалаган тонуңду кийип жүрө бер балам, – деп кан улуктугун кылды.

Бараканга бала болуп, кичүүсүнө ага болуп, улуусуна тага болуп, желдет алып жер чалып, ит агытып куш салып, эрмек кылып аң уулап, акылы жокко акыл үйрөтүп, эси жокко эс үйрөтүп, ар ишке даанышман болуп,

келер-кетер иш болсо мурунтан озунуп астын тозуп Ногой бала, кандын шаарында жата берди.

Ордумду басып, калкымды сурап, чачылганын жыйнап, уктагандын көзүн ачып, ыйлагандын көөнүн жасып сурачу киши өзү табылды, – деп кан капасын коюп, Ногойго көңүлү тоюп, нур күнүнө балкып, ушу киши эмне? – десе амырында болгула, – деп Кара кан жата берет. Кан бир күнү акыл ойлоп, элин жыйып:

Көп чогулган барың ук,
Эл деп силерди мааналап,
Калк ичинде каралап,
Кан деп мени мааналап,
Келгени бир топ күн болду.
Эл бийлеген бек уккун,
Ушу турган эл уккун.
Оймоктуудан уз болсун,
Тырмактуудан түз болсун,
Өзү салтанаттуу кыз болсун,
Акылга даана кыз болсун,
Телегейи тең болсун,
Акылы артык зер болсун,

мына бул конокко тандап аял алып бергиле, – деп кабар салды. Бала конокко ылайыктуу кыз кимде болду экен? Иликтеп издейли, абайлап алды чектейли, – деп эл бийлеген элчиге, калк сураган жакшысы кеңешип кыз издешет. Эл бийлеген элчиге, калк бийлеген жакшыга Урумкан кызы Ханбүбүнү Элчибек сунуш кылды. Чогулган эл бул сунушту эп көрүп, Кара канга Элчибекти жиберишти.

Элчибек Кара канга барып канга салам айтып:

Улук каным нур төрөм,
Айлыңа келген мейманга,
Зайып таап бергин деп,
Элиңдин баарын жыйнадың.
Мингени төө желмаян,
Башына далай келди жан,
Урумкандын жалгыз кыз,
Ханбүбү деген аты бар,
Ар адамга баркы бар,
Ачык маңдай жал кашка

Акылы толуп бир башка,
Ылайык келет мейманга.

деп эл атынан барган Элчибек болгон иштин төркүнүн канына айтып түшүндүрдү. Анда кан: – И, Элчим! Бу сөзүңө макул, бу көңүлгө алчу акыл, – деп ичинен тымызын күлүп:

Колумдагы мейманым,
Атын Ногой коюптур.
Ар бир түрүн байкасам;
Ногой эмес олуя,
Ар бир кылган ишимди;
Санат дейм кудай оңуна.
Урумкандын жалгыз кыз,
Акылга сейрек жал кашка,
Акылы журттан бир башка,
Менин мейманыма ылайык,
Сенин айтканың тура ылайык.
Сен кайра ага барып кел.
Акылы сейрек баладай,
Бет сүйлөшүп олтуруп,
Өзүнөн жооп алып кел.
Атасында кеп болбойт,
Акылга дыйкан улаган,
Астыртан журтун улаган,
Урумкан маа акылы бирге жан эле.
Мен билгенди ал билет,
Акылга сейрек сөз билген,
Башында айта жүргөн кеп эле.
Айлыңа келет бир адам,
Каным, байкап жүрчү деди эле.
Ачык, сырым айтайын,
Асманда мунар боз элек,
Акылдашып бирге өскөн,
Экөөбүз а дүйнөлүк дос элек.
Урумкан өңдүү досума,
Улукмун деп чакыртсам,
Мында ишим бусулат, –

кан Элчибекти кыздын макулдугун алып кел, – деп жиберет. Элчибек Урумкандын үйүнө барып кызга жолугуп, жуучу болуп кел, – деп кандын жибергенин айтып баян этти. Ошондо Урумкан кызы Ханбүбүнүн:

Арага келген Элчи аба,
Кан жиберди арага,
Адамдын пейли оң болсо,
Жеткирет кудай санаага.
Ашыкпай баарын айтып бар,
Менин айткан сөзүмдү,
Төкпөй чачпай угуп ал.
Бурбай бузбай айтып бар,
Буйдалып турбай кайтып бар.
Колунда турган мейманын,
Атын Ногой дебесин,
Ал Ногой эмес олуя,
Анын конок болуп келгенин,
Как билсин кудай бергенин,
Беришге салды оңуна,
Баш коштурса балага,
Ар кайсы кандан эл жыйсын.
Каныш угар болсо кебимди,
Карыларын жыйсын де,
Калым түлөө кылсын де,
Алыстан келген мейманга,
Аял алып ардактап,
Кан заадалык кылсын де.
Калын элге жар кылып,
Мейманына өзүмдү
Ошентип нике кыйсын де, –

деп Ханбүбү кандын жиберген элчиси Элчибеке жооп берди. Элчибек келип кыздын жообун канга баян этти. Кан ыраазы болуп, калкка кабар салып, тойго камынды. Калкы канын кашына келди. Кандын акылына акыл кошуп, каршылашкан жоосу болсо ат тизгинин бирге кошуп, экөө адилеттүү кан болуп, кылган иши, сураган сурагы бир болуп жүрүүчү Бөён канга Кара кан катын жазып элчилерин жиберди. Бөён кан Кара кандын катын окуп, бул тойго барсамбы? Же барбай койсомбу? Неси болсо да Асан

Кайгыга кеңешип, ошол киши бар десе барайын, – деп ойлонуп Асан, Кайгыга киши жиберди. Кандын жиберген кишиси Асан Кайгыга барып:

Кан чакырды келсин дейт,
Акыл таап берсин дейт.
Кара кан деген кан экен,
Калайыкка даң экен,
Биздин канды чакыртып,
Той беремин келсин деп,
Келип бата берсин деп,
Шашкалаң киши жиберип,
Сизди билген Бөён кан
Шашкалаңдуу болду деп,
Мээси айланып маң болуп,
Башы айланып дал болуп,
Сизге бизди жиберди,
Бачымыраак келсин, – деп
Кайгым акыл таап берсин, –

деп, элчиден кеп угуп, кандын жиберген кабарынан шек уруп, Кайгы билип, мыйыгынан күлүп: – Кудайга ишим жаккан экен. Ногоюм бир ылайыктуу зайыпты тапкан экен. Жараткан алда бир кудай тилегимди берди, – деп, жакшылыкка арнап ак боз бээни алдырып, ай туякка чалдырып, кан алдына барууга даярданып калганда Асан Кайгынын байбичеси. Бермет жан акыл салып кеп айтат:

Акыреттик жолдошум,
Балама сыймык конот деп,
Алдырап кетпе деп айтат.
Асманда мунар созулат,
Жараткан алда эп көрсө,
Кайыпка кайып кошулат.
Сенден калган тукумуң,
Жалгыз бала Ногойдон,
Тукум чыгат бир кезде.
Айланып карга конбогон,
Зоо чыгат бир кезде.
Дит багып адам ашпаган,
Тоо чыгат бир кезде.
Үстүнө кеме жүрбөгөн,

Дайра чыгат бир кезде.
Калың колду кураган,
Канчалыкты сураган,
Улук чыгат бир кезде,
деп билген туйганын айтты.

Баатыр жүрөк, балбан билек, кулак улама, кеп тапчы чечен, бетке айтчу көсөмдөр барыңар чогуу келгиле, кан алдына барам, – деп жоргодон жорго тандатып, күлүктөн күлүк тандатып, санатын толук жүз кылды. Кереги тиер кан эле бул неге чакырды. Салтанат менен баралы. Жолдон Асан кайгыны жолдош кылып алалы, – деп сай күлүктү байлатып жигиттерге айдатып, баатырлардан, балбандардан, көсөмдөрдөн, чечендерден тандап алтымыш киши алып кан Бөён жолго чыгып, Кайгынын үйүнө калдайган мал, калың кара кол менен барып түштү. Кайгы канды кан каадасы менен күтүп алды. Кайгынын кылган сыйы купулуна толуп: – «Тилегим кудай берген экен», – деп кан эч нерсе ойлобой он эки күн бою Кайгынын сыйын көрүп жата берди. Кайгы кемпири менен кеңешип, кан качан жолго чыгат экен, эми сен канга барып жооп ал, – деп Бермет жанды Бөён канга жиберет.

Кан алдына барган Бермет жан аягы менен туруп, ызаат кылып:

Калк сураган каныбыз,
Карадык сизге баарыбыз,
Айдаттың жорго күлүктү,
Жыйдың нечен  жигитти.
Күрдөлүү калың мал менен,
Урматтуу кары чал менен,
Өтөргө мыкты зер менен,
Айдатып келдиң күлүктү,
Эми кайсыл жакка барасыз,
Кайсы жолго саласыз, –

деп кулак кагыш кылат. Кан келбетин көрүп Берметтин: Жанагы талчыбыктай баланы сен туудуңбу? – деп сурап калды. Ооба, Каным, сенин шаарыңа жараткан өзү колдоп келдик. Эл, – деп Кайгынын ээрчитип келген баласып эсиңе ала жүрөрсүң. Аркы түбүн ойлосоң мунун ким болорун билерсиң, – деп Бермет жан кандын суроосуна жооп берди. Жолго камынып кандын Асан Кайгыга:

Аттангын Кайгы барабыз,
Кайгым акыл таап бер,

Бу касиеттүү кан эле.
Беттешип менде барбаган
Желдети кылыч кармаган,
Кармашып киши барбаган,
Канкору найза кармаган,
Каары бар эр эле.
Телегей теп тегиз,
Кармаша чыгып жоо келсе,
Каптап кетчү сел эле,
Касиеттүү жан эле.
Кандыгынан бир башка,
Билгирлиги бар эле.
Чакырыптыр билбеймин,
Ушу канга барарда,
Кандай заман болот деп,
Кайгы сага кабар салганым.
Акыл таап берет деп,
Сени жолдош кылып алганым, –

деп Бөён кан Асан Кайгыга кеп урат. Ошондо Кайгы канына:

Атка тагат сагоону,
Кушка тагат жагоону,
Кызга тагат берметти,
Жигитке берет келбетти,
Баатырга берет маңдайды,
Бактууга берет таалайды,
Балбанга берет билекти,
Баатырга берет жүрөктү,
Каным бир кудай берет тилекти.
Кабыл келсе тилеги,
Кушка алдырат тоодакты,
Улукка берет оолакты,
Улук канга барарбыз,
Барып жооп аларбыз, –

деген Кайгынын канга берген жообунан желдеттер жакасын кармашып, таң калышып: – Айтып жүргөн кеп экен, кандын бу чалга багынары эп экен, – деп жигиттер Кайгынын сөзүнө муюп калат, Кайгы менен Бөён кан эки күнү жол жүрүп, ырчыларын ырдатып, сынчыларын сындатып

Кара кандын шаарына келип түшөт. Ак боз бээни алдырып, ай туягын чалдырып Кайгы менен Бөёндү кан каадасы менен Кара кан тосуп алат.

Кара кан Бөён канга: Менин айлыма келген меймандын түбү олуя жар экен, төбөсүндө шам күйгөн маңдайы жарык бала экен. Ушул элдин ичинде Урумкан деген бар эле, Анын көргөндө жалгыз Ханбүбү аттуу кызы бар. Ушул Ногой балага зайып алы берүүгө калайыкты жыйдым мен. Кыз бар экен деп укпай, убайым болуп мен жүрсөм, өз нөкөрүм Урумкандын кызы мейманды көрүп жактырып сабак кылып айттырган экен. Алыстан келген мейманга Ханбүбүнүн айтканын ылайык көрүп, каадасы жок кыз албайын, кепке, кемтик, сөзгө сөлтүк болбоюн деп, алыстан сизди алдырдым, – деп кеңеш кылды. Эки кандын сөзү төп келип, сай күлүк менен жоргодон алтымышты коштотуп Урумкандын үйүнө казанаттуу эки кан калдайып куда болуп келип түштү. Ар немеге даанышман, келбеттүү алтын көкүл Ханбүбү арка чачын соорусуна чубалтып, кызматынкылып буралып, ак тамагын кылайтып кеп баштады:

Менин атамдын аты Урумкан,
Айлымдын даңкы Кара кан,
Эл бийлеген Бөён кан,
Айлыңда келген мейманга,
Мени берем дедиңер.
Калдайтып калың мал айдап,
Атакемдин алдына,
Кан  куда брлуп келдиңер.
Айтайын сөздү уксаңар?
– Бир алдага эп келсе,
Алыстан келген мейманга,
Каалап келген эки кан,
Никелетип койгула.
Калк чогултуп эл жыйып,
Тилекти бирге кылгыла.
Эл ичинде нелер жок,
Ушакчы болсо тыйгыла.
Конок мейман балага
Астыңарда мен турам,
Ошентип нике кыйгыла.
Ханбүбү айткан кебине,
Акыл көрүп эки кан,

Ханбүбү менен Ногойго,
Калк чогултуп эл жыйып,
Телегейин  теӊ кылып,
Эшен молдо чогулуп,
Кара кандын элинен,
Эп келтирип кудайга,
Эшендер нике кылган жер.

Уул атасы болуп Бөён кан, кыз атасы болуп Кара кан, бири кыз алып бири кыз берип, ушул сөөдөн танганды «Төбөсү ачык көк урсун! Төшү түктүү жер урсуш!» – деп убаданы бек кылып кудалашты.

## НОГОЙДУН ЭЛ-ЖЕРГЕ ЭЭ БОЛУШУ[3]

Кесик кандын четине дүнүйөнү толтуруп, төөдөн бөлүп нар берип желеден тандап уй берип, жерине орогон баланын кан экенин билсин, – деп, эки кан кеңешип: Сенден кимдин баласысын,? Кайдан келдиң? – деп кандын элчиси келип сураса өзүмдүн атам Бөён кан, кайын атам Кара кан мен эки кандын баласы. Жердей турган жер издеп, сурай турган эл издеп, чыга турган жол издеп, мен бөлүнүп келдим элимен деп жооп бергин, – деп Ногойду атасы менен көчүрүп, Ак-Күргүндүн оюна алып барып кондурду.

Ээн жатып, элик атып, өргүп калышат. Күндөрдүн бирinде Кайгы жер чалып келатса, бир калдайган калың кол көрүнөт. Алар менен кезигип сүйлөшүүгө Кайгынын көөнү бөлүнөт. Эчтемени сезбейт, же уурудур, же каракчыдыр, не кылар? – дейсиң деп Кайгынын эси чыгып кетпейт. Кесик кандын жер чалып жүргөн желдеттеринин бири Жоокашка деген дүрбүсүн алып көзүнө салып, көзү жеткен жердин баарына чалып караса, келбеттүү бир караан көрүнөт. Ушундай бир караан көрдүк, – деп канына айтмакчы болуп кайта шаарды көздөй желдеттер жөнөшөт, Кан ошол күнү түшкөрөт. Ал түшүндө таажысын кийип, тактысын минип олтурса асмандан булут болуп айланып тууруна бир туйгун келип конот. Узун кулак кепкорду, көптү көргөн көсөмдү, көп сүйлөгөн сөзмөрдү, бала бакшыны кыз бүбүнү жыйып, ким түшүмдү жоруса минээрине ат, ичээрине аш, кийемин десе тон, аламын десе кыз берем, – деп жар салат. Кандын түшүн, жоруганга киши чыкпай, кан жалтырап, бек мелтиреп, улуусу уялып кичүүсү коркуп турат. Түшүмдү качан жоруйт? – деп кандын каары келип, көзнөн заары чыгып, эки көзү мунарып, эки бети кубарып турганда желдеттер келип, салам кылып кеп айтты, адам баспас ак зоодон адам көрдүк, – деп айтты. Жанына барып жооп алууга жүрөк барбады, ага батына бара албай, айлабысты таба албай, кан кандыгы менен келип, өзү көзү менен көрсүн, – деп шашкаландап, биз келдик. Кашыңзда турубуз, айттык сөздү угуңуз, бизге ачууңуз келсе уруңуз, – деп желдеттер баш урушту. Кан акылынан

[3] Тема кийин коюлду

адашып, денесин калтырак басып, же бул жерде кайып болбосо, же олуя болбосо башка макулук жан келбейт эле, – деп ойлонуп, кез-кезде дүйнөнү кыдырган бир олуя бар деп угуп жүрчү экен. Ошону оюна салып, бул болуп калса мага кудайдын бергени, жок болуп кетип калса, анда сени кудай урганы, –деп элинен каарын таратып, кайра азаат кебин айтып, өзү бармак болот. Кандын жез моюн канат тулпары болгон. Кандай заман, кандай иш болот, – деп тулпарын алдырып, топ жигитке коштотуп. Ак-Күргүндү жакалап, Ак-Ботонун оюна жакындап келишти.

Ак-Ботонун боюнда Алтындуу тоонун оюнда жыйынып жаткан малды көрдү. Ак ордодон тигилген үйдү көрдү. Жаш карысын сыйлаган элди көрдү. Карап турган Кесик кан бүткөн бою дел болду. Көзүн салса Кесик кан жоргосун белек топтогон тоо таянып оттогон сай күлүгү бир башка, нарлары жаткан чөлүндө, уйлары жүрөт көлүндө, жылкысы жүрөт жайыктын жайлоо төрүндө. Койлору жүрөт талаада, койчулары жанында, артынганы ок дары, асынган мылтык жонунда, ай талаада мал батпайт. Алардын түрүн көргөндө, булар кайдан келген жандар? – деп Кесик кан болду таң. Бала Ногойдун желдети Кесик канды туюп кабарга келди. Мейман болсо алып кел, жолоочу болсо жолго сал, кербен болсо кебин ук. Кайсы кандын эли экен сурап түрүп кебин ук. Сураган кандын даңкын ук, жоортул болсо кетсин де, үй үйүнө жетсин деп, Ногой желдеттерин. Кесик канга жиберет. Кесик кан атынын башын буруп: «Бизди көрсө сүйлөшүүгө киши келер бекен – деп желдеттери менен акылдашып турганда Ногойдун он эки желдети Кесик кандын алдына келип, боорун колуна алып салам айтты. Кесик кан алик алып: «Кайыптан башка жан келбес эл жүрбөгөн жер эле, бу жан келбеген жериме жайкып жаткан кайсыл жан? – деп кесик кан келген желдеттерден сурайт. Ушунчалык мал жан менен көчүп кыдырып жүргөн кан да, бек да эмес. Көп дүйнөнү кыдырган. Асан Кайгы деген бар. Ошонун жалгыз баласы – Ногой. Бу кан да бек да эмес, жайылып жаткана мал, жайлуу жаткан эл ошонуку, – деп желдеттер кеп какты.

Көрүнгөнгө көрүнөт, кабылганга кабылат дечү эле, – деп Кесик кан ойлонуп алды. Ногойдун желдеттери Кесик канды конокко чакырды. Менин атым Кесик кан, дөөлөтүм толуп кан башым менен менин конокко барышым болбос, андан көрө эл ээси болгон соң мен чакырдым, конокко атасы биздикине барсын айтып баргыла, – деп. Ногойдун желдеттерин жолго салды. Кесиктен кабар келгени уулу менен кеңешип: Дөөлөтүң ашты,

дүнүйө басты. Мен кайрылып келгенче Ханбүбү баламдын көөнүн оорутпа. Текеберлүү кан болсо тез эле кайтып келемин. Касиеттүү кан болсо кааласа жата беремин, – деп Асан Кайгы чакырган канга жөнөп кетти.

Асан Кайгы калың журт, кайырдиндин арасына барды. Кан каадасы менен Кайгыны конокко алды. Кан Кайгыны күтүп, олуялыгын билип, ойлонуп жүрүп Кайгыдан акыл сурап, кеп укту:

Бу дүйнөнүн үстүндө,
Жан жаныбар макулук,
Алды алдынча кыбырап,
Жер бетине жүргөнү,
Муну көрдүм дүйнөдөн.
Канча болсо көтөргөн,
Жерди көрдүм дүйнөдөн.
Баарын жууп кетирген,
Сууну көрдүм дүйнөдөн.
Жер үстүндө кулпунган,
Алда таала кудурет,
Асип кылган айбанга,
Чөптү көрдүм дүйнөдөн.
Сурагы адил болбогон –
Дүйнөгө көзү толбогон,
Канды көрдүм дүйнөдөн.
Жараткан алда жалгыздын,
Бар экенин билбеген,
Жанды көрдүм дүйнөдөн.
Адили жок эл билген,
Бекти көрдүм дүйнөдөн.
Айды баштап койнуна,
Күндү баскан бооруна,
Талаага таруу чачкандай,
Бетине мөөр баскандай,
Жылдызды басып бооруна,
Дүнүйөгө нур чачкан,
Каным, көктү көрдүм дүйнөдөн,
Эчен түрлүү жан көрдүм,
Жер үстүндө жашаган,

Өзүң менен 72 кан көрдүм.
Адили жок сураган,
Калкып оттой каарыган,
Кара мүртөс кан көрдүм
Кандыгы кетип башынан,
Калтыраган тозокко,
Түшүп калган жан көрдүм, –

деп айтат. Кан Кайгынын айтканын угуп, кулагы туят. Талаада малым калды, кароосуз элим калды дебестен Кайгы кандын шаарында жата берет. Күн артынан күн өттү. Бир күнү Кесик кан Кайгыдан акыл сурап: – Кайгым, өткөрдүм баштан бир заман, ишим өтө эң жаман, сенден катуу кеп уктум, адили жок сурактын ээси болот, – деп уктум. Мурунку кылган ишимдин бузулар күнү болобу? Ошол ишим бузулса мээнет менен жамандан кутулар күнүм болобу? – деп кан Кайгыдан сурайт жоопту Каным, акылынан шашпаса, кайрымы болсо элине, ашы жокко аш берсе, күчү жокко күч берсе, малы жокко мал берсе карыган кемпир чал болсо, эчтемеге жете албай алы кеткен жан болсо, мунун көөнүн уласа, калың кара көп журттун, адилдик менен сураса, кутулат экен мен көрдүм, – деп жообун бүтүрөт. Кесик кан Кайгынын сөзүн уккан соң, адилет кан боло баштады. Калкын жыйып, каракчы уурусун тыйып, карыпка кайыр берип, тону жокко тон берип, сураймын десе жол берип, алдына келген мейманга, тура калып кол берип, калкын жыйып бата алды. Кесик кан атын өчүрүп Адил кан болуп аталды. «Башта менин ата-бабам капырдан, эми мусулман болсом болобу? Кандай кылам? – деп бир күнү Кайгыдан кайра сурайт. Анда Кайгы сураймын десе жол берип, алдына келген мейманга турака беришке келет кашыңа. Ыйман кирет диниңе, мусулман кирет дилиңе», – деп сөзүн бүтүрдү. Кан Кайгынын сөзүн бөркүндөй көрдү. Кандын каардуу сурагы жоголгону, калың журту оңолду.

Кайгы менен акылдаш, каны менен кадырлаш, Ногойдун эбин табуунун амалын ойлоп Аталык, Ногойдун элин аралап куш салат. Аталыктын шумкары Ногойдун ак ордосунун так түндүгүнө барып конот. Түндүккө келген шумкарды бөпөлөсө келген жок. Шумкарды үйдөн ала албай, же үстүнө кирип бара албай, алапайын табалбай жигиттер бөпөлөп туруп калышат. Бөпүлдөгөн үн чыгат, бул эмне деген дабыш болду? – деп Ханбүбү суйкайып эшикке чыгат. Же асмандагы ай эмес, адамда ушундай болобу? – деп Аталык Ханбүбүнүн сулуулугуна сугу түшөт. «Адебиңер жок экен. Эл аралап куш салган эсер тууган жан барбы? Же, силер ээлеп алып кетчүүдөй,

ээн жаткан мал барбы?» – деп Ханбүбү Аталыктын шумкарын колуна алып берет. Сөзгө сынган Аталык, кайрылып сөз айтпады. Ханбүбүнүн кебин угуп, келбетин көрүп, кереметин билип, арамдык ичине толуп, кан менен Ногойдун арасына бузук салмак болуп, атка камчы салышты, катуулашып кан шаарына барышты. Эки колун бооруна алып кандын үйүнө барып: – «Каным пери да эмес, пенде да эмес, сизге ылайык жан көрдүм. Менин тилим алыңыз, тулпарга тердик салыңыз. Менин тилим алсаңыз, бүгүндөн калбай барыңыз». – деп көргөнүн Аталык баян этти. Кан бул сөздү укканда, барайын, – деп жепилдеп, бармакчы болуп дегдеп, мылтык атып жаа тартчу мергенден алып, ит агытып куш салчу мүнүшкөрдөн алып, көрүп келген Аталыктын өзүн алып, Ногойдун айылына келип түштү, Кан келди, – деп эл дүрбүдү.

«Айлыңда кандай киши бар? Кандай жан бар?» – деп аттан түшө укмаксандыкка салып Ногойдон сурап калды. «Мени асырап өстүргөн, ар жумушка көндүргөн Берметжан деген энем бар. Ханбүбү деген зайбым бар, мына бул калдайып жаткан элим бар», – деп кандын келген себебин түшүнгөн Ногой жооп берди.

Жердеген элин көчүрүп, же Ногойду өлтүрүп, экөөнө бузук салалбай, ойлонуп эбин таба албай, жүргөн адам көп болгон. Ханбүбүнү көргөндө талма оору тийгендей кан жыгылып эсинен танды. Кандай болуп кетти? – деп жаткан кандын кашына желдеттери жүгүрүп чуркураша кетти. «Каным өйдө болгун», – деп Ногой басып келди. Ханбүбү Ногойго айтып билгизип, канды көтөртүп атка мингизип жолго салды.

Кандын пейли бузулуп,<br>
Ханбүбүгө кызыгып;<br>
Кандай, эбин табам деп,<br>
Бул Ногойдун зайыбын,<br>
Таба албай Ногой айыбын,<br>
Эптеп эбин таба албай,<br>
Ногойдун зайыбын ала албай,<br>
Кан элине барган жер,<br>
Элине кабар салган жер,<br>
Мен асманда мунар чаң көрдүм,<br>
Жаралат экен ар кандай,<br>
Же, асмандагы ай эмес,<br>
Дүнүйөдө шам чырак,

Мен ургаачы жан көрдүм.
Бек чогулуп келгиле,
Эбин таап ошону,
Мага алып бергиле, –

деп, кан калкын чогултуп, калың элге жар кылды. Ошондо «Ушунча журтту сураган, алыстан келген кишимди тууганым, – деп сыйлаган айласын өзүң тапкын, менин айтар сөзүм ушу», – деп бүтүрдү. Ары карап ойлонуп, бери карап ойлонуп, көптөн кийин канга бир акыл келди. Талаада малын тийдирем, желдеттерге карматып жорголорун миндирсем, короодо коюн айдатсам, жайытта жүргөн күлүгүн, талга астырып байлатсам, адамга дүнүйө кызык эмеспи? Дүнүйөмдү чачты, – деп Ногой өзү бүлүк салбайбы. Дүнүйөгө кызыкса кан төгүшө калбайбы. Ошондо каары бар желдеттер бооруна найза тыкпайбы? Мырза Ногой баланын малын, талап албайбы? Как талаада кайгырып аялы жалгыз калбайбы, Ошондо, Ханбүбүдөй сулууну анан каалаган киши албайбы? – деп ойлонуп Кайгыдан кеп сураш үчүн аны чакыртып: Кайгым, эл кыдырып жүрдүм дейсиң, жакшы менен жаманды, ачуу менен таттууну ажырата билдим дейсиң. Мал дүнүйөгө кайгырган киши жаралганбы дүйнөдө? – деп сурады. «Дүнүйөгө кызыкпаган, капа болуп бушукпаган жаратылган бендеден жаралбайт», – деп Кайгы канга жооп берди.

Кан Кайгыдан кеп угуп, жетимиш желдет чакырып: «Аттангыла баарыңар. Мага бул Ногой мырзанын талаадагы малдарын талап кармап алыңар, Аттын терин агызып Ногойдун астына кирип барыңар. Ичи күйүп малына, Ногой салат бузукту. Ошондо көрөсүңөр кызыкты», – деп жетимиш желдетти жөнөттү. Кандын буйругун алган жетимиш желдет жорук-жосунун көрсөтүшүп кечинде Ногойдун алдына келди. Ногойдун Үркүнчү деген жигити Ногойго көргөн билгенин айтып келди. Кандын жибергенин билип: – «Ой, желдеттер, желдеттер жашыңда бар, карың бар. Жайы кышы оттогон малды кармап миңдиңер. Мал ысыгы өтпөйбү, ысыгы өтсө булардын, баарыңа зарар оруу жетпейби? Минсеңер токуп мингиле, токубай минем десеңер аны өзүңөр билгиле», – деп кашкая күлүп үйүнө кирди.

Желдеттер кайра канга барышып: – кулдук таксыр каныбыз! Уят болдук баарыбыз, – дешип Ногойдун айткан сөзүн канына айтып беришти. Мындан да айда болбойт экен, – деп кан кайгырып бук болуп, муңу ичине толуп, жаздыкка башын коюп, мунун канткенде эбин табам да, кантип зайбын алам – деп, ойлонуп жатып:

Зайыбынын койнуна,
Жүрөгү бар баатырды,
Акылы бар көсөмдү
Барып жатып ал дейин,
Ногой уудан келгиче,
Кайрылып үйүн көргүчө,
Турбай жата бар дейин.

Койнунда жаткан аялга тарынбаган жан болбос. Койнуна жатып алдың, – деп Ногой чатак чыгарса, ошондо жолун таппаймынбы, – деп ойго батты.

Кайгыны жигиттеринен чакыртып алып: – «И, Кайгым, Сенден бир акыл сурамак болдум. Ай ааламды кыдырып жерди билдиң, жер үстүнө жашаган элди билдиң. Ургаачыга тарынаган киши болобу?» – деп кан сурады. «Минип алып жол жүрсө чарчабаган мал болбойт, ургаачыга тарыбаган жан болбойт», – деп Кайгы жооп берди. Кара мүртөз кайраттуу желдеттеринен чакырып: «Ит агытып куш салып, Ногой ууга кеткенде жалпы үйүнө баргыла, эшигинин алдына аттарды байлап салгыла. Ногой айылынаа келгенде, зайыбын бооруңарга тартып колуңарды мойнуна артып жата бергиле. Ошондо Ногой келип тарынса, катуу сөз менен силерди арамдык кылдың, – деп айтса мага айтып келгиле, – деп экинчи сапар желдеттерден жиберди. Кандын жиберген жигиттери Ногойдун келерин билип, жар-жар өлөң айтып, оюн баштай беришти. Ханбүбү кандын жибергенин билип, мыйыгынан күлүп, желдеттерди катуу айтып какпастан тосуп алды. Ногой жакын келди, – деп, элчилерден кабар укканда, акылы бар Ханбүбү кандын Мээрман деген жигитинин алдына олпок төшөтүп, башына мамык жаздатып, колун артып мойнуна жатып алды ал жигиттин койнуна.

Ногой үйүнө кирип, бул Ханбүбүнүн акылы экенин билип, күлүмсүрөп кашкайып: – «Акылы жок Хайбүбү, жанына жаткан жигиттин мойнуна колун, арттырган, болбой турган кеп болот», – деп койду. Бери сындуу Ханбүбү: «Бегим мен жаңылып калдым, – деп чочугандай ойгонумуш этти. «Ханбүбү мойнун артып сенин бул кылышың бекер, минтип жүрсөң Мээрман башыңан сыймык кетер», – деп Ногойдун Ногойбек деген жигити күлмөксөн болду. Ногой эшикке чыгып кеткенден кийин кандын желдеттери канга барып айталы, – деп камынышып кете турганы жаткан желдеттерге Ногой: «Силер кан жигити болсоңор, көңүлүңөрдү ачык, көөнүңөрдү жазып, эч болбосо эки үч күн түнөп кеткиле – деп айтып калды, ошондо дилгир Мээрман: Мырза Ногой кетели. Кандын айткан кеби эле. Кан берди

бизге буйрукту кул жебейт ко куйрукту, – деп Ногойдун борумун көрүп, Ханбүбүнүн акылынын артык экендигин билип, ашып-шашып аттанышып, көргөн билгенин калтырбай канына айтып: Каным, оюңдагы жумушту сен, ойлобой тим ташта, деген Мээрмандын сөзүн угуп, деми сууп, кадимкидей калк сурап кан элинде, Ногой жайында жата берет.

Ит агытып куш салып, кырктан жигит кошчу алып кан, сейилдикке чыкты. Умайлуу сары талаадан куш салдарды. Кандын кушун торгойдой чымчык алып кетти. Көнөктөй болгон шумкарды торгойдой чымчык алды, – деп кан кайгырып үйүнө келди.

Кан экинчи жолу куш салып, ууга дагы чыкты. Куу чымчык шумкарды бөктөрүп, асмандата көтөрүп дагы алып кетти. Кандын кабыргасы кайышып, бир кесепет болду, – деп. Кайгырып үйүнө келди. Үчүнчү жолу дагы ууга чыкты. Бу жолкуда мылтык атар мергенден, асманда учкан канаттууну жазбай атып бергенден, жаа тартар жаакечти кашына алды. Бул сапар да кушун алдырып коюшту. Капаланып кан келип, калкына кабар берип: «Тапкыла мунун айласын, ит агытып куш салып сейилдикке мен чыксам, колуман кушум учканда бир торгойдой чымчык кабылат. Чыр дедирип кушумду алып кетет көтөрүп, асмандата бөктөрүп. Амалын таап бергенге өрүштөн тандап ат берем, элимен тандап кыз берем», – деп жар салды.

Эл ичинен Алтыбай деген бир адам: «Чымчык эмес чымынды мен алдырып ойнодум.» десе, Алымбай деген бир адам: «Жагалмай деген бир куш бар тумшугунда жези бар моюнунда жези бар, мунун табын мен билем», – деп чыкты. Туура жактан Акжолтой деген бир адам кандын алдына келди. Кан эки шумкар эки куш мүнүшкөргө берип он күндөн калбай таптап келгиле, – деп кушту колуна берип жиберди. Мүнүшкөрлөрдүн таптаган кушун бул жолу да алдырып ийип, кандын айласы кетти. Аталык ортого түшүп: – «Каным атып бер» – деп Ногойду жолдош кылып алалы, чымчыкты Ногой аталбайт. Аталбай койдуң чымчыкты, – деп терең орго салалы. Андан кийин зайбын аялдыкка алалы, – деп кеп коштту. Аталыктын кебин кан угуп макул көрдү. Кан Кайгыны чакыртып: – «Мен бирбалаага жолуктум. Куш кондуруп мен чыксам бир балаалу чымчык кабылды. Мерген жыйсам аталбайт. Кереметтүү жан элең, аны ата турган жан барбы? Айтын бергин», – деп кан Кайгыдан сурады. Кайгы канына: «Ээ, каным! Канзааданын өзүсүң өзү эмес кара көзүсүң. Эбин бала Ногой таппайбы, атса Ногой атпайбы, – деп жооп берди. Кан кебин баштады: Жаа беремин колуна. Жамбы коём жонуна. Аталбай койсо чымчыкты Ногой түшөт менин терең орума, – деп бакылдады. Кандын Ханбүбүгө кызыкканын билип, мурутун

сыйпап күлүп: «Ээ, каным! Сенде бир кеп бар экен. Каным, сага айтайын бир кызыкты. Атып берсе Ногоюм орун, эмес Ногойго, оодарылып ордуңан кандыгыңды берерсин, Чымчыкты атып бербесе, Ногойду орго салгын, ашык болуп жүрүпсүң, орго салып өлтүрүп, Каным, анан Ногойдун зайбын алып сен, – деп мыйыгынан күлдү. Атып кетсе чымчыкты кан кандыгын бермекке, ата албай калса чымчыкты, Ногойду орго салмакка, Ханбүбүнү алмакка ант-шерт кылышты. Убадалашкан боюнча куш агытылып Ногой кушка тийгизбей куу чымчыкты атып түшүрдү. Кан элин жыйып түлөөсүн кылып Ногойго багынып, кан каадасы менен айлына жеткиртти. Эми кумпайдын эмне экенин билейин? – деп кан Кайгыдан сурады. И, Кайгым! Менин кушумду кумпай алганы бул эмне? Айтып бер. Мергендер ата албай койгондо ок тийгизбей Ногой атты шумкарды, Мунун себебин айтчы, – деди.

Каным! Сен сурадың, эми мен айтайын: «Көргөнүң жокпу же көрдүңбү? Алтындуу тоо деген бир тоо бар. Ошондо башы асманга жеткен бир зоо бар. Түбүндө алтымыш кулач ажыдар, башында алп кара куш деген кушу бар. Ажыдар алп кара кушту жеңе албай, алп кара куш ажыдарды жеңе албай, же алп кара куш айланып учуп чыга албай, же ажыдар жерди жарып кире албай, биринин жолун бири тосуп, биринен бири коркуп турган экен. Кара куштан коркпосо, алп кара куш тоспосо ажыдар сойлоп келип сени малың менен сормок экен. Жанагы кушуңду алган кумпай ошол куштун элчиси. Ошол кумпай аркылуу алп кара куш жер үстүнөн кабар алчуу экен. Кумпайды Ногой атпаса, күндүн жүзүн бүркөп, жердин жүзүн-чүркөп, эли – журтуң, баарыңды, жайылып жаткан малыңды, бул алп кара куш жемек», – деп Кайгы жооп берип сөзүн бүтүрдү. Кайгынын айткан сөзүнө кан чын ишенип түшүндү. Кан элин жыйып калың кара той кылып, адам тапкыс ой кылып: «Силерге кандык кылууга менин жашым өттү. Мен минген такты минүүгө сураган элди билүүгө, башка таажы кийүүгө, кан болчуң чыгып келгиле. Кан көтөрөм ошону», – деп жар кылды. Ошондо Алтыбай чечен кеп айтат: – Менин уулум Аталык канга ылайык жан эле, – деп сунуш кылды. Көпчүлүктүн ичинен Алтыбайдын Аталыгы арам – заада туулган, айткан сөзгө турбаган канга ылайык эмес, – деп Элчи кожо туурадан чыкты. Бул айтканың эп, – деп калың эл Элчи кожонун сөзүн эп көрдү.

Кан болууга киши чыкпай жарым ай өттү. Мен кан болоюн, – деп эч ким даап эл алдында айталбады. Өз ордуна кан боло турган кишисин кан өзү тапсын, – деп Шайынбек кожо сакалдуулук кылып, сөзүн айтты. Көпчүлүк

макул көрүп Элчибай менен Кожошту канга жиберишти. Кан калкына кабар салып Ногой менен Кайгыны алдыртып: – «Эчтемеден камым жок, калкты сурап мен жүрдүм. Ай ааламды кыдырып кайгыланып сен жүрдүң, Улук болуп журт сурап, капаам жок мен жүрдүм. Башыма балээ келээрде, бир балээни көрөрдө, аны дагы сен билдиң. Кандыкка киши табылбай, кайра кан шайлоочу кишисин каныбыз өзү тапсын», – деп өзүмө элден кеп келди.

Кайгым, айта турган сөзүм бул:
Калк астына түрүп тур,
Бирдикти берген соң,
Карган кемпир – чалга айтам,
Калк сураган бекке айтам,
Кара мүртөз көккө айтам,
Эп келтирип кеп айтам,
Элиме келген кишини,
Кан көтөрөм деп айтам,
Кан көтөрчү кишиң ким?
Калк сураса өзүмөн,
Мына бул келген Ногойго,
Ордумду берем деп айтам,
Ордума балаң кан болот.
Кан көтөрүп Ногойду,
Калың кара той болот.
Мен бул Ногойго жол берем, –

деп Асан Кайгыга айтып түшүндүрөт. Асан Кайгы олуялыгы менен баласынын кан болорун күн мурунтан билүүчү экен. Кайгы канына: «Ээ, каным! Сиз жылчу тойду мен кылайын. Ошол чакырган элиңиз менен тойго келиңиз», – деп айтып, сөз бекитип, үйүнө кайтып келип: «Балам, кырк жигитке баш болуп, мингениң жорго ат болду, салганың кыраан куш болду. Бу кудайдын бергени. Жыргалдуу күнгө туш келип, кайнатаң болду Кара кан. Кара кандан кыз алып кан Бөёндөн мал алып, артыкча дөөлөт кабылды. Ал эле эмес дагы сыймык тагылды. Кан Кесикке кеп айттып, той беремин деп айттым. Кан Бөёнгө баралы, аны тойго чакырып, андан бир миң киши алалы. Кара канга баралы, андан да миңди алалы. Жарым ай конок күтөлү, – дегенин макул болот ата, алалык элден бата, – деп. Кайгынын сөзүн уулу эки деген жок.

Алыстан мейман келет, – деп токсон эки үй тиктирди. Союшуна даярлап бир жүз жылкы, бир миң кой алдырды. Ногойдун тоюна кан каадасын кылып калың кара кол менен Кесик кан келип түштү. Колу миңге толуп, каадасын күтүп Бөён кан келип түштү. Бөён кан менен Кара кан кеңешип, бу баланын не бурагы бар экен? Барып жообун алып кел, – деп кан Бөён Кара канды Ногойго жиберди.

Чакырган элиң келиптир айта турган кеп барбы? Сурай турган иш барбы? – деп Кара кан салам айтып басып келди.

Дүнүйөнү кыдырып, кайгысын тартып дүйнөнүн, капа болуп мен келдим. Жалгыз дебей Ногойго жалпы баарың келгенге, келип бата бергенге ыраазымын кудайга», – деп Кайгы кандарга ыраазычылыгын билдирди. Кара кан менен Бөён кан кеңешип Кайгы менен Ногойго эми сен баргын, бизге айтпай калган сөзүн, сага айтар, – деп кезекти Кесик канга беришти.

Кесик эки канга: Мен барбаймын, аларымды айтканмын:

Мейманга келген эки кан,
Эл сураган эки жан,
Мен ордумду бердим балага.
Бала адилдүү Улук болсун деп,
Башына сыймык болсун деп,
Барыңар бата бергин, – деп
Кесик кан сөзүн бүтүрдү.
Келген элдин баарысы.
Жашы менен карысы
Бири калбай түшүндү.

Бөён кан Кара кан менен сыр ачышып, мурун бизге болчу кан эле, Кесик кан бизден мурун озунуп өзүнүн кандыгын берди. Үч кандын элин алгын, – деп, өз жолуңа салгын – деп биз да элди жыйалы, деп кеңешишип Кайгыны кеп кеңешке чакырышып, үч кандыкты Ногойго беришти.

Капкайдан келип тентиреп, же кошо жүргөн эли жок, кандардын баарын түшүрүп, тентип келген бул баланын кан болуучу жери жок. Тентип келген балага түшүп ордун берди, – дешип опур-топурап Кесик кандын эли экиге бөлүндү. Кесик кан өзү баш болуп көпчүлүгү Ногойдун адилдигин билип, мусулман динине кирип, Ногойго баш ийди, Тентиген балага сурак бербейбиз, мунун ким экенин дайынын билбейбиз, – дешип бөлүнүшүп дини кара, ниети тар элге бузук салчулар, акылы аз пейли тар Алтыбайга топтолду. Кол бөлүнүп той таркады. Бөлүнүп кетип калганды, бөлөк жол-

го салганды, жыйып алып кыргын, – деп кан Ногойдун астына Кесик кан күндө келе берди.

Кесик кандын өзүнө жетимиш желдет, алтымыш солоон, бир миң үч жүз кол берип, бөлүнүп кетип калганды мал жанына зыян кылбай эгин өнүп чыкпаган какырлуу жерге айдап барып ташта, – деп буюрду.

Кесик кан жетимиш желдет алып Алтыбайдын элинин жаккан отун өчүрдү, түндүгүн бүркөөсүн найза менен чечтирди, эшигинин көнчөгүн кылыч менен кестирди. Желедеги кулундун желесин кыркып айдады, матоодогу төөлөрүн матоолотуп байлады, короодогу койлордун козусун кошуп айдады. Мусулман жолун билгенин жай-жайына келтирип, пейли агарбай калганды какыраган куу чөлгө айдап барын таштады. Ногой калган элдин башын курап, элин алына жараша сурап, калкты курап калкын адилдик менен сурап, сыймык үстүндө жата берди. Бетине пенде келбей, астына адам келбей кан Ногой жатып калат, калкын дөөлөт басат, баштагыдан өсүп, дүнүйөсү ташат.

Кесик кан сүрүп барып таштаган элдин башы Алтыбай менен Элчитас элин жыйнап, жок дегенин кыйнап, элинен 2000 дилде жыйнап, биз эптеп кандын бетин көрөлү. Бетин көрсөк бу кандан жер чектетип алабыз, ал жерге чарбак салабыз. Кесикте калган эл менен жакалашып коюп, жакындашып калган соң, элге жакын барган соң, анан биз тең тууган болобуз, – деп бир өгүздү сойдуруп, күдөрү кылып ийлетип, кара кылдай тилип колуна карматып:

Элчи тас эптеп бар деди,
Кандын кирсең үстүнө
Бир уйдун теринин бетиндей,
Жер сурап келдим сизден деп,
Кандан жооп ал деди.
Эки миң дилде көтөрүп,
Кайтарып турган кароолчу,
Бир миңин бөлүп бер деди.
Дилдени көрүп кызыгып,
Кызыкпаган жан болбойт.
Дилдени бөлүп алган соң,
Көөнү ачылып калган соң,
Мен улугуңа барайын,
Учурашып сүйлөшүп,

Силерден калган дилдени,
Мен каныңарга берейин, –

деп айткын деп терини берди. Элчи тас эбиң бар элең, ушундайга туулган эп табуучу жан элең, элчиге өлүм жок деген. Эптеп канды сен көрсөң укканыңдын баарын койбой айтын кел, – деп Алтыбай, Элчи тасты бир үйдүн терисиндей жер сурап кел, – деп кан ногойлорго жөнөттү.

Элчи тас жолду тоскон жолчуга, кан үстүнө киргизбей кайтарып турган сакчыга миң дилдени берди. Миң дилдени алган соң силерден калган дилдени каныңарга берейин, учурашып келейин, – деп руксат алып, салам айтып кол берип, кан үстүнө кирип, барды. Ногой кандын үстүнө бөтөн адам кирбеген. Таң калды буга эмне? – деп. Бул дилдени көтөрүп, коё бербей койгондо теңин бөлүп бергемин, теңин алып көшөрүп сизге алып келдим, – деп Элчитас үн катты.

Ногой кан бир саамга ордунан козголуп, бир далайга толгонуп, келээр менен кетээрди тегеретип ойлонуп, өлтүрсөм ушул элчини каны калат мойнумда. Элчи бекер келген жок. Капилеттен бул элчи так үстүмө келиптир. Бу кудайдын буйругу. Бетиме келип мени көрбөсө болот эле. Эмне ишке келди экен? – деп Элчи тасты суракка алды.

Менин эч сурагым жок эле,
Аз гана нерсе сураймын,
Жообун угуп чыгайын.
Айта турган кебим деп
Тулуптан алтын көтөрүп,
Атайын сизге келдим деп,
Ачылып сизге айта албай,
Ачык айтып бата албай,
Опколжуйт менин жүрөгүм.
Улукзаада кан деген,
Сизди убадалуу жан деген,
Бир теринин бетиндей,
Учтап эгин салууга,
Жерди сурап ал деген, –

деп Элчи тас жообун айтты. И, Элчим телегейиң тең болсо, бир теринин бетиндей, сураганың жер болсо, таардык кылбайын:

Астына салса терини,
Үстүнө жатса кишиден,
Эки киши жатпайбы.

Кыйын болсо үч киши,
Кысылышып батпайбы.
Териңди жайып бетиңе,
Каалаган жерден ала кой, –

деп Ногой Элчи тасты талабын канааттандырып элине кайтарат. Калк сураган кан экен, касиети бар экен, телегейи тең экен, пендеден пейили кең экен, бир жайган тери бетиндей жер сурап келдим, – деп Элчи тас элине барды. Алтынбай элин жыйып, амалды бекем кылып, бир өгүздүн терисин ак тасмадай ийлетип, кара кылдай тилдирип, элине кеп айтат: – Кашка-Суу менен Туура-Суу дом көтөргөн чатына, Эгиз-Сай менен, Кара-Саз, Ак-Сайдын бою Ак-Таала ага көтөр маланы. Ушул жердин баарына белгилеп мала көтөрүп, бир түндөн калбай бүткүлө. Чектеген жердин ичинде жүргөн малды айдайбыз. Кандан алдык жерди, – деп мал айдаган малчыны, кой кайтарган койчуну, уй баккан уйчунун бирин койбой айдайбыз, андай биз жерден чыгарсак, канына барат даттанып. Чакырар каны келсин, – деп. Чакырган канга барамын, анын эсебин өзүм табамын, – деп акылын айтты элине. Жайкын жерди жайлаган, малын багып жай жаткан элди айдатты Кандан сурап алдым, каныңарга даттанып, арызданып баргын, – деп жайкын жаткан жеринен элди кууп чыкты Алтыбай.

Канды кудай урду. Жерди кандай берди? Бул эмнени көрдү? – деп, жаткан жерден шашышып жайкын жаткан ошол эл Алтыбайдын колунан баары чыкты качышып.

Жоодатбек менен Шурукан кан алдына барышып, болгон ишти канына кабар кылды. Элге бүлүк салмакка, кызыталак Алтыбай кылган экен ушуну. Алтыбайды айдап кел! Эки колун аркага чынжыр менен байлап кел! Арачалайм дегендин эки көзүн оюп кел! Кармап алып баарысын, кан кустуруп союп кел! – деп токсон желдет жөнөттү,

Айзасын алып колуна, кылычын салып кынына, айбалта байлап санына мылтыгын асып далыга Ногойдун токсон желдети, жеткен жерден кармады, эки колун, аркага чынжыр менен байлады. Кармап алып каапырды алып келди алдына. Кан суракка алып: – «Ээ, жүзү кара оңбогур! Элиңди бөлдүң, ээн талаа эрме чөл, сен элиң менен жердедиң. Бир теринин бетиндей жер көргөзүп бер дедиң, – деп Ногойдун ачуусу келди күлүкзаада каным, бир теринин бетиндей алгын», – деп жерди сен бердиң. Тери тилдим чындадым, беремин деген жериңе мала коюп зымдадым, андан ашык кылбыдым. Ашык алсам мен жерди канды төгүп башты алып, азыр өлтүр өзүмдү. Артык өлчөм мен алсам ойгун эки көзүмдү. Элчилерди жиберип, жердин

ченин алыңыз, эбин таап уласам, териге тери курасам, элим менен өзүмдү чогуу кырып салыңыз, – деп кан алдында Алтыбай далбас урду.

Калкынан калыс чакырып, кечээ калаага элиң келди эле, бир теринин бетиндей жер сураймын, – деди эле. Алакандай жер бербей кете бергин мен десем, адилдигим кетет, – деп алгын жерди деп айттым. Алдым, – деп элчи барыптыр. Канча бир жерди топчулап, дом көтөрүп салыптыр. Мунун кураганы бар бекен? Амалы бар бул каапыр курап коюп жүрбөсүн, анығын билип келгин, – деп кан калыстарды жиберди. Дом көтөргөн белгинин баарын көрүп же уланды, же куранды таба албай кайрылып канга барышты.

Кан элине кайрылып: «Уккула сөздү баарыңар! Улуу-кичүү карыңар. Капыр жерди чектеди. Жерди алдатып алдырдым, капырга чарбак салдырдым. Чарбагын салып бүткөндө, мен кандыктан түшкөндө ажалым жетип күн бүтүп, атам Асан Кайгыдан ак жаралган мен болсом, дүнүйөнү кыдырып, кайып болуп кетермин. Кан тактадан тайганда, кандай болуп кетет, – деп калган журтум кайгырба? Мен мусулман дегендер ыйманыңдан айрылба? Кетип калсам жалгандан Ханбүбү менин зайыбым, ачпагыла анын айыбын. Капыр алып жериңди катуу сурайт элимди. Эл чабылып кеткенде Ханбүбү тууса бир эркек чачкынга кеткен баарыңды, чачкындан жыйнап алуучу, бөлүнүп кеткен баарыңды, бөлүнтбөй жыйнап алуучу, үзүлгөндү улаган, пендеден чыккан өрт болот. Канына кылыч салынып, жыгылганды жөлөгөн, каарман жүрөк шар болот. Он жетиге чыканда, бирдиги тийип колуна каалаган иши эң болот. Дин мусулман элине калалуу коргон чеп болот. Менин бетимди киши көргөнүн, беттешип капыр келгени, берген пулга алдатып, желдеттер коё бергени, насыят кебин айтайын». – «Ушу турган калың журт капыр менен кармашып, качасыңар бөлүнүп. Амалы бар Алтыбай андан артык шум чыгат, куйкаланган уу чыгат. Аталыктан жан чыгат, азили жакшылык болбойт алардан аты болот Көзкаман, ортодон өтөт көп заман. Менден калат бир туяк, чоң конушка конгуча, керектүү киши болгуча ар кимдин көзүн карайсың, ар кайсы жерге тарайсың. Асыл Ногой кеткенде биз ушуну көрдүк, – деп кайгы түшөт карыңа, капа түшөт барыңа. Бу кудайдын буйругу, бетиме капыр келбесе, желдеттер коё бербесе, бедеримди көрбөсө, жол башты салбагын, өсө турган жаштарга жоо жарагын камдадым. Бул жерге кырк жыл эмес бир күнү», – деп насаатын айтты. Ногойдун кебин укканда, баары ыйлап буркурап, кандай заман болот, – деп, тегеректеп калың журт, ыйлап турду чыркырап.

Менин астыма киши келбесе болот эле, бетимди киши, көрбөсө болот эле, болор иш болду. Менден иш кетти, каныңарга сурак жетти, мусулман-

ды кайгы каптады, бу да болсо кудайдын жазганы. Ногой айтып кетти деп кайгыга башты салбагын, өсө турган жаштарга жоо жарагын камдагын, капыр менен кармашып коркуп жатып калбагын», – деп Ногой кан кебин айтып, келер менен кетердин жолун айтып түшүндүрүп, жүрүп-жүрүп акыры Ташкен, Талас жер болорун айтып, тарап жүрүп акыры аргын ногой эл болорун айтып, ыйлаган элди тыйып, насип кайыр түлөсүн кылып, мен деп ыйлабагыла бекер, ыйлап жанды кыйнабагыла. Менин артыман чыгат тукум – деп, кош аман бол журтум! – деп Ногой кебин бүтүрүп, эл-журтту менен кош беш айтышты. Калың эл чуркурап каны менен кош айтышып кудайдын буйругу ушу экен, – деп кала берди.

Капыр жерди алып, калдайтып чарбак салып Чын-Жуу деген кан чыкты. Чын-Жуу кан ошол элге бел болду. Сурак берсең келгин, суратпаймын дегенин, турбай кете бергин. Баш ийгениң келгин, баш ийбеймин дегениң, байланбай кете бергин, – деп Чын-Жуу кан жарлык кылды. Ногойдун сөзүн уккандар, дүнүйөгө көзүн карабай, сурак бербей капырга, качып калды ал жерден. Баштаганы Бөён кан, андан кийин Кара кан Ногойдон оолак, кеткенде жердээрине жер болбой, элдээрине эл болбой туш тарапка тарады. Тентиди деген жаман ат, жаратып койгон пендеси, кайда болсо жан багат. Мен жеримен кетпеймин, тараган элге кошулуп качкын атка жетпеймин, – деп Бөён кандын элинен бөлүнүп Жакут калды. Эки кандын элинен алты жүз түтүн эл калды.

Чын-Жуу кан Жакутту калган элине кан көтөрмөкчү болду. Калкты сурап түрууга менин, жашым өтүп кетти. Жылы жылкы эсеби, жашы жыйырма беш кезеги. Кеп сүйлөсөң кеп билет, ар немени көп билет, айтыша келсең сөз билет. Айза берсең колуна, жоокер болчу балам бар. Өзүмө берсең бирдикти кан көтөргүн баламды, – деп Жакут Чын-Жуу канга айтып түшүндүрдү.

Туулгандан коюлган баланын аты Чаян экен. Кан баланы кашынаа алдырып, купулуна толтуруп: И, Жакутум! Балаңдын аты, Чаян экен, Чаян – эмес жаян экен. Сен мен деп элден бөлүндүң. Сура десем элиңди, карып калдым, – деп айттың. Бирдигин бердим элиңдин, кан көтөргүн, балаңды. Жакут менен кеңешип, калган элдин башын бул бала кармап билсин, – деп, Жакуттун жалгыз баласы Чаянды Бөёндөн калган элге Чын-Жуу кан, кан көтөрдү.

Акылы артык Алтыбай кайда барса артынан калбай жүргүн, кызматыңды жакшы кылгын, – деп Чаянга Аталык деген баласын кошуп берди.

Кандыктан Ногой түшкөн соң, сай-сайлап калк тарады. Ханбүбүнүн боюнда алты айлык бала калды. Кандыктан Ногой түшкөндө Ногойдун зайбына айткан кеби бул болду: – «Ээ, Ханбүбү жолдошум, Урумкандан жалгыз кыз, сен да жалгыз мен жалгыз, күн да жалгыз ай жалгыз. Кудай таала буюруп сени ургаачы кыз кылды. Никебиз бирге кошулуп экөөбүздү туш кылды. Абалкы көргөн түшүңүз, келди кабыл ишиңиз биринчи көргөн түшүңдө Үрүстөм Дастан көрүпсүң, ал курсактагы балаңыз. Экинчи көргөн түшүңдө Азирет Аалы көрүпсүн, Баары бирдей бек чыгат, чыңаган темир көп чыгат. Арышы жетип ааламга айбаты артык зор чыгат. Тукумуман шер чыгат, түз көтөргөн эр чыгат. Сенден алган тукумдан удаа-удаа кан чыгат. Маңдайга жазган иш экен. Айрылып калдым менден, – деп сен Ханбүбү ыйлаба? Калган элди кыйнаба? Оң мурутум өрөрмүн, сени оо дүйнөдөн көрөмүн», – деп керээзин айтып, ак никелүү зайыбы Ханбүбү менен коштошуп, барар дайынын айтпай, жердер жерин айтпай, элдээр элин айтпай, атасы Асан Кайгыны, энеси Берметжанды алып, элине шаңы көрүнбөй кимге дайыны билинбей Ногой жөнөп кетти. Ногойдун олуя экенин билген Ханбүбү, капаланып кайгырбай кашкайып күлүп белинде калган туякты медер тутуп кала берди.

Чын-Жуу кан терең ой кылып: Бөён менен Чаяндын талоосунда калсын. Ак-Жайык деген талаа бар, эки бөлөк жери бар, Эне-Сай деген сайы бар. Ошол жерди барып жердесин, бул эми элине кайра, келбесин, – деп Жакут менен кан Чаянды эли менен көчүрүп жиберди.

Ак-Жайык деген талаага, пайгамбардын барында Искендер изин салып, Сулаймандын сугу түшкөн жер экен. Мазарлуу жерге барганда жердеген жери кең болуп, телегейи тең болуп Чаян кан, барктуу кан болду, уккан элге даң болду. «Эл ичинде мен жүрсөм, каным айткан кеп эле. Сенден чыкса бир бала каарына жан келгис айбаттуу болот», – деди эле. Азили каапыр болгон соң карыпдагы балага түбү арамдык кылар бекен? – деп, Ногойдун зайыбы Ханбүбү ай – күнүнө жеткенде, толгоо тартып чыда-бай таяк алып колуна, арып-ачып жол тартып, Чын-Жуу кандын элинен Чаян канды бет алып качып чыкты түн катып. Асты ийнин караса, бала чаар ак жолборс бу да жүрөт жанаша. Кылчайып артын караса, арстандар келет артында. Ай күнүнө, жеткенде жолборс болот жолдошуң – деп кечээ олуя заада Ногойдун айтып кеткен кеби эле.

Калк сураган Чаян кан желдетке жерди чалдырып, туурадан душман келет – деп, баарына кароол салдырып, элин жакшы багыптыр. Кан Чаяндын желдети караанды көрүп алыптыр. Алда кандай караан? – деп кылыч-

ты кындан алышып, желдеттер жетип барыптыр. Бериште жүргөн астында Ханбүбүнү көргөндө, келбетин көрүп сүрдөнүп: Ой, желдеттер токто! – деп, Ыйманбек деген башчысы жетимишин токтотту.

Кан Чаяндын эли экенин билип, шаша келип желдеттерин сүрдөгөнүн билип, кашкайып күлүп Ханбүбү: И, желдеттер! Аким болуп сураган, башыңарды кураган каныңдын атын айткыла! Ушу келген желдеттер баарыңдын атың айткыла, – деп күлүмсүрөп күлүп турду. Жол баштап Ыйман кеп айтты: – Канымдын атын уксаңыз аты – Чаян. Менин атым – Ыйманбек. Мунун аты – Дөөлөтбек, баарын сурап нетесиз? Көбөйүп кетет айткан сөз. Эми, сиз жайыңызды айткын?, – деп Ыйманбек собол кылды.

Менин тегим сурасан, Байымдын аты Ногой кан, атамдын аты Урумкан, кайнатам аты Кайгы Асан, – деп айтып, эринин былк эткизип, кашка тишин жылт эткизип күлүп койду.

Эрим Ногой дегенде кол баштаган Ыйманбек: Ногой деген ооректуу кан болгон, ошол Ногойдун зайыбы болсо, ороюрак келдик биз. Дайынын уктум өзүнөн, Мен кан Чаянга барайын. Барып кабар салайын. Бу бечара зайыптын Чаян канга барсам, – деп оюнда бар көрүнөт, сак кайтарып тургун, – деп Ыйманбек Ханбүбүнү желдеттерине каратып өзү канына жөнөдү. Ошо күнү кан Чаян, чыканактап кыйшайып, чырым этип уйку алып, түшүндө сонун иш көрдү. Көргөн түшү бул экен. Бир ургаачы жолборс келиптир. Бул кайдан келген жолборс, – деп Чаян кан атмакчы болуп камынат. Ал жолборстун артынан ата албайсың бизди, – деп азылуу арстан чамынат. Арстандын түрүн көргөндө атмак турсун жолборсту кан Чаян качууга карбаластап камынат. Кан элин жыйып, көргөн түшүн айтып бергиче, элден мурун Ыйманбек келип: Кабарга келдим сизге мен. Кайгы, – деген нарк барбы? Ногой, – деген барк барбы? Кароол карап жер чалып, мен бир сонун иш көрдүм. Адам ашпас Ала-Бел, бер жагы түбү Кара-Көл бир караан көрүп мен бардым. Адам өтпөс бел эле, жан жүрбөгөн жер эле, кандай ашып келдиң? – деп, зайыптан чочуп сурадым. Өз атам аты. Урумкан, кайнатам аты – Кайга Асан, күйөөмдун аты – кан Ногой, кайненем аты – Берметжан. Эми, менин дайыным сурасаң, эл кыдырган элчимин, билген элге белекмин, билбегенге серекмин, – деп жооп берди. Келбети башка сүрү бар өзү ургаачы дебесе адамдан башка түрү бар. Каным! Мен укканым ушул сөз, – деп Ыйманбек көргөнүн канына баян этти.

Ыйманбек, сен айтпа кепти бекер? Бул айтканың чын болсо, кудай бизге берди, – деп тура калып сүйүнүп, сүйүнгөнгө чыдабай: Арча бозду ал, – деди. Айланайын Ыйманбек! Алтындан кылган ээр кашка бар, аюудан

кылган көрпөчө, муну токуй сал, – деди. Ак боз бээни алдырды, ай туякка чалдырды. Барбасам өзүм болбойт, анда эгерим ишим оңбойт. Олуя заада кан деген, колдоор бекен арбагы. Оболу кудай жар болсо, заманалуу күн болсо, Ногойдун ошондо тиер жардамы, – деп атка абай жаптырып, азык-түлүк арттырып, ат болушка салышып Ыйманбек менен канча жан Ханбүбүнүн кашына кирип барды жарышып.

Канынан кабар баргыча: толгоо тартып чырылдап, жанында турган жигиттер чочуп турат зырылдап. Имерилип толготуп, кайыпка ичин оңдотуп, толгоосу катуу келгенде, асманды карап бакырат: Пайдасы качан тиет? – деп, кайын атасы Кайгыны атынан айтып чакырат. Ободо туман. бурулат, Алда! айтып чарк урган дубана үнү угулат. Думана үнүн укканда, добушу катуу чыкканда Ханбүбүнүн чатынан башкача бала туулат, Баланын үнүн укканда, башкача үнү чыкканда, каны баштап желдеттин заманасы курулат, Жолдошу Ногой баатырдын, айтканы туура келди, тилекти кудай берди, – деп баланын оозуна оң эмчегин салды эми, оозандырып баланы олуянын жолдошу, койнуна катып алды эми. Баланы колго алган соң, корккуп турган желдеттер, каны менен баш болуп, жанына жакын барды эми. Арча боз деген бууданга Ханбүбүнү мингизип айлына алып барды эми.

Кан Чаян калың журтуна кабар салды. Катуу кабар берди, – деп, карып калган чал келди, кемпир – кесек келин кыз, кан алдына бу да келди. Ак боз бээни алдырып, ай туякка чалдырып, сары башыл кой союп, түлөө кылып мал союп, «зайыбым эркек тууду», – деп, жар салды. Көптү көргөн карылар көргөнүңөр бар чыгар? өткөн Ногой каныңар. Атын уйкаш кой-гула, – деп калкына кабар кылды. Атын туура таба албай көчөөкү өткөн Ногойго окшоштуруп коё албай, калк кысылып турганда, асасы бар колунда, куржуну бар мойнунда, думана келди. Кан Чаяндын элинен Орунбек деген бир киши тура калып ордунан кармай калып колунан, бек кучактап мойнунан: «Ой, думана календер. Сени ушул элге кабылтып кудай айдап келди. Эл башкарган канымдын зайыбы эркек тууптур, балага ылайыктуу ат коё албай эл кыйналып кысылды. Ушул кандын баласынын атын коюп бергин», – деп Орунбек айта салды. Ошондо «Оомийн!» – деп дубана: Алакан жайып баарың, жашың менен карың, олуя кандын тукуму Ногойдон бүткөн бала экен. Баракелде каныңар! Эл чогултуп той берип кылса кылар иш экен. Чоң атасы Кайгы Асан, өз атасы Ногой кан, Эмки атасы Чаян кан. Каныңарга келгени олуянын тукуму аты – Орумбет болсун!» – деп алакан жайып, Ак! – деди, айдаңы тиет элиңе, Каным! Баланы жакшы бак, – деди.

Атын жакшы койду, – деп, сай күлүктөн бирди алып, топ жоргодон бирди алып, алтымыш ашык дилде алып, дубанага берем, – деп дубананын астына басып келди кан Чаян. «Жолуңду кудай ачсын! Жолуңан жолборс качсын! Ишиңди кудай ачсын! Изиңен илбирс качсын! Ат койдурган бул балаң жолборс болот. Арбагы ашып ааламдан каным, сага жолдош болот», – деп думана бата кылды. Үзөңгү тээп эпейин, атка минээр кезинде, чачылган элди жыйнаган, капыр менен мусулман, башын-кармап сураган баатыр болсун бул балаң! – деп алып келген дилдени дубана колго алган жок. Мойнундагы куржунга ал дилдени салган жок. «Карып, бакыр мискинге бөлүп бергин, менин алганым ушул болсун», – деп дубана айтып, ошол элдин ичинде токсондон өтүп жүзгө жашы жеткен Дөөлөтбек деген карыга жоргону берди. Календерлик кылууга карып калган Акматбек деген бир чалга күлүктү берди. Ак! – деген үнүн чыгарып ак булут болуп мунарып, караса көзгө илинбей думана көздөн кайып болду.

Чаян кандын чарбагы Чын-Жуу кандан дүркүрөп өстү. Көрүп келген элчилер. Ээ, каным! Өмүрү  кыска болсун, өспөй шагы соолсун, – деп Сары жайык талаага айдап ийген элин, өлмөк турсун өсүшүптүр, ошол эл шаар салып өсүптүр. Каным сизден өтүптүр, – деп көргөн билгенин айтып барышты. Коркор бекен мени? – деп, калпты айтып келет. Ал жерди киши жердебейт. Жердеген киши бир келбейт, – деп алтоону даргага астырып, алтоону орго салдырып. Чын-Жуу кан элчилерди жазага тартты.

Ойноп күлүп Орумбет он жетиге келгенде, эресе тартып эр болуп, эчендерге тең болуп, басташкан бенде даай албаган баатыр атакты. Он сегизге чыкканда, айдыңы журтка угулган, дүнүйөнү кыдырган чоң атаң аты Кайгы Асан, өз атаң аты Ногой кан, баккан атаң – Чаян кан, үч атаңды билип ал, – деп элди жыйып, калың   түлөө кылып, кан Чаян кандыгын берди.

Жыйырмага жашы жеткенде: Козголбогон Чын-Жууну ордунан суруп ийели, багынып келсе урушпай, окутуп динге кийрели, – деп Орумбет аскерин алып капырга казатка чыкты.

Ак-Күргүндүн жээгине,
Алып келип аскерди,
Кан Орумбет конду эми.
Мыктыбек менен Дөөлөтбек,
Элчи болуп баргыла,
Тартынбай баса киргиле,
Катуу кабар бергиле,
Кармашууга камынып,

Даярдангын дегиле,
Урушпаймын десең сен,
Урушуп уят болбо де.
Кармашып кордук көрбө де,
Каарду кандан өлбө де,
Как Ногой эли жердеген,
Жерди мурун бергин де.
Кан Ногой башын кураган,
Адилдик менен сураган,
Элди өткөрүп бергин де.
Эл менен жерди бербесең,
Урушка чыгып келгин де.
Барып канга айткыла,
Кызыкталак Чын-Жуунун,
Кебин угуп кайткыла, –

деп Мыктыбек менен Дөөлетбекти Чын-Жуу канга доо доолатып элчилйкке жиберди. Чын-Жуу кан барган элчиге: Элчисиңби? Же зерчисиңби? Же арапчысыңбы? Же эл ичинде эптеп жүргөн каракчысыңбы? Кебин болсо бачым айт, – деп бир чети коркуп, терең орго салдырып каматып койчу эмедей, желдетине карматып сабатып койчу эмедей, түрүмдү менин көрсүн, сүрдөп жооп берсин – деп, акылды башка ойлонуп түктөңдөй баштады.

Биздин жайды сурасаң: Мурун кан Ногойдун эли элек. Кандыктан Ногой түшкөндө, калың кара элди алдың, белгилебей жерди алдың. Барган адам келбеген Чаяндуу жерге айдадың, – деп элчилер тартынбастан түрдүү-түрдүү кеп айтып сураган канга жооп берди.

Элчинин көбин уккан соң, кеби башка чыккан соң, арага элчи жиберген, бу кайдагы баатыр? – деп кан ойлонуп, элчилерди токтотуп, калк ичинде көсөмүн, калк бийлеген чеченин, аскерине баш болгон жоо берүүсү неченин, ардемеге ыктуусун, акылы ашкан мыктуусун жыйып, келген элчилердин кебин айтты. Калк кысылып, же урушабыз, же урушпайбыз, – дей албай бир саамга үн сөз жок, дымып калды. Ошол элдин ичинде көп жашаган, көптү көрүп, көптү билген, калк ичинде бузукту каны менен бектерден мурун билип туючу аты Турдуян деген чал болгон. Ошол чал Ногойдун артынан кандар чыгат, – дечү эле. Ай-ааламды сураган шерлер чыгат – дечү эле. Кыйыгына тийгенди кырып салат – дечү эле. Кыйынсынган неченди тыйып чыгат – дечү эле. Кандын кебин уксам мен, ошол Ногойдон чыккан турбайбы? Эми, каалаcа жерин бергиле, сураса элин бергиле.

Каным, элге бузук салбагын. Сурап турган журтуңун убалына калбагын. Алты жүз жорго ат алып, аксакалдар аттанып, алдынан тосо баргыла. Аны менен кармашпай тынч багынып калгыла, – деп Турдуян улуулук кебин айтты. Ошондо каарланып Чын-Жуу кан: "Көрүп-билип жүргөндөй бул чал элдин ичин бузат. Тур желдеттер тургула! Калжандаган бул чалдын башын чаап салгыла! Жердеп аткан жериңди бергин деген бу неси? Сурап аткан элимди бергин деген бу неси? Душманга жолдош неме экен," – деп көзүнөн заары, жүзүнөн каары чыгып Турдуян чалдын башын алдырды. Элчини туткундабай кетиргиле. Кечөө эле өз колум менен айдаган Жакуттун жалгыз уулу кан атыгып, бүгүн элчиден кабар жибергенин көр. Кызыталакты жашынан жанат, – деп жоо жарагын камдатып, күнү-түндүн ичинде аскерин жыйып чаңдатып, Чын-Жуу кан кармашууга камданып калды.

Мейкиндин бери бетинде, Күргүндүн аркы четинде эриксе элик атышып, буулукса бугу атышып, дуулап ойноп жатышкан Орумбеттин аскери элчисинен кеп угуп, кылычын кынга салышып, кырк чилтенге жалынып, далыга мылтык асынып, жоо жарагын артынып, мергендери бир бөлөк, айзакери бир бөлөк, калың кара кол болуп, Ак-Ботого күн бата кирип барды. Тараза жылдыз батаарда, таң кашкайып атаарда, «Жал Алда» – деген чуу чыгып, «Алда  – деген ызы-чуу Чын-Жуу кандын шаарын кара таандай каптап кетти. Келген жоонун алдын тоскон адам жок болуп, бөрү койго тийгендей, аламандап калың кол бет-маңдайга келгенин бүлүндүрө баштады. Кудай бетин көргөзбө, мылтыктын үнү тарсылдап, ийинде кылыч жаркылдап Орумбеттин аскери шаарды каптап калганда, киререрине жер таппай, качарына жол таппай, камсыз жаткан калын журт алапайын таба албады. Көчөсүнүн ичинде кызыл кандан сел акты.

«Үйдө өлгөн жаманат, жоодо алган салтанат» камалып үйдө жаткыча, кармашып жүрүп өлөм, – деп кайраттанып Чын-Жуу кан Жез канат аттуу тулпарын минип, жезден кылган зоотун кийип, он эки атар мылтыгын оң колуна илип Орумбетке бет келди. Баланын түрүн көргөндө жылан көргөн немедей жыйырыла түшүп токтолду. Бала кан менен урушпай багынмак болду.

Бактылуу менен байлашпай, таалайлуу  менен талашпай, жөн багынып берели. Багынса мейли, – деп элчилерге кеп айтса, багынткан жоонун астына кандай кылып баралы? – деп Чын-Жуу кан элине кеңеш кылып акыл салды.

Эп келтирип сүйлөшүп кеп айтууга ылайык Карабек барсын, жолдош кылып ээрчитип жанына Темирбекти алсын, – деп чогулган эл кеп айтты.

Чын-Жуу кан экөөнөн Орумбетке кат берди. Экөө элден Чыгып бөлүнүп: "Кызыталак бу кандын кылганы карапайым элдин башына жетип атпайбы? Кечээ астына келип алты жүз түтүн, эл менен жаш баласын ээрчитип, багынганын билгизип Жакут өзү келгенде, букарасын жөн койбой, элден айрып бөлүнтүп, барса келбес жайга айдап, эми минтип бул кандын кылганы жетип башына, элчиликке баргын, – деп элден бөлүп эптүүлөп экөөбүздү жиберет. Кайра тартып чочкого жооп бербестен ооруттуу улук баатырга барып жатып алалы," – дешип эки элчи Орумбетке барышты. Орумбет өңү кызыл чийкил жаш бала экен. Астына келген булардын элчи экенин билип, жаркырап күлүп экөөнүн көөнүн улап: "Элчиге өлүм жок! И, элчиңер, урушаарга келсеңер бу жообуңарды айткыла? Урушпаска келсеңер ал жообуңарды айткыла?" – деп собол салды. Карабек менен Темирбек элчиликке келген себебин баяндады. Элчинин айткан кебине кан Орумбет түшүнүп: "Эми элчилер кайра элиңерге баргыла, каныңарга кабар салгыла. Чын багынса Чын-Жуу кан элин жыйып келсин. Калк сураган кан эле, өзү алдыма келип жооп берсин, Тынч урушпай багынса, Мейкинге салган шаарына жердеп жата берсин," – деп Орумбет келген элчилерге жообун берип кайра элине жиберди.

Элчилер Орумбеттен жооп алып аша-шаша элине барышып, канына Орумбеттин сөзүн айтышты. Чын-Жуу кан калкын жыйып, катын менен балдардын, кары кемпир – чалдарынын ыйын тыйды. «Кандын кашына барган өлбөйт. Астына жан таттуу, мал тартуу, – деп кулдук кылып баралы», – деп мойнуна курун салып, аттуу баштуу карылардан алып кан алдына жан соогалап барды.

Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч, – деп кан кечирди. Багынып берген бул элге бала Орумбет кан болуп, көчөдө өлгөн өлүктү көр кастырып көмүрдү, талаада калган өлүктү таш үйдүрүп көмүрдү, кайры катуу чечендиөз жолуна көндүрдү.

Кадимки Ногой каныңдын, чоң атасы Кайгы Асан ошонун жүргөн чагындай, он тогуздан өткөндө алтын так минип кан болуп, жаамый журтка даң болуп, чабылып чачылган элин жыйды. Аргын деген ат коюп, атасы Ногой баатырдын атагын минтип оркойтуп, аргын Ногойдун эли, – деп бала Орумбет кан болду. Орумбет баатыр чыкты, – деп оорагы кетти далайга. Ашы жокко аш берип, аты жокко ат берип, малы жокко мал берип,

даны жокко дан берип, өзү олуянын тукуму элине ырыскы толтуруп, дөөлөт курду.

Ошол элдин ичинде Урумбет деген бар экен. Урумбеттен туулган, Уулча деген бала экен. Эркек эмес ургаачы, улуктарга жаралган, ылайыктуу жан экен.

Ханбүбү уктап түш көрдү. Түшүндө баласына ылайык албеттүү жакшы кыз көрдү. Баласы Орумбетке ылайык, түшүндө көргөн бу кызды алып келди Ханбүбү. Келин алып келдим, – деп элин жыйды. Эшен менен молдону ат чаптырып алдырып Орумбет аттуу уулуна Уулча деген баланы, ошентип экөөнө нике кыйдырды. Акбоз бээни алдырып ак баталап сойдуруп, ар кайдан келип журт болгон атагын ногой эли – деп, ошол журттун ураанын аргын ногой койдурду. Бала Орумбет баатыр – деп, уккан элге даң болду. Жалпы жаамы журт аргын ногой аталып, кандуу эл болуп жатып калды. Күндөр өтө берди.

Ханбүбү көрдү бир түштү, кабыл келүүчү бир ишти. Эл чогултуп кеп айтат: "Ногойдун жалгыз баласы журтун салды оңуна. Андан туулган бир бала, аталган элди сурайт, Орумбеттин ордун алат. Ошол чыгып сурарда, андан да чыгат бир бала. Аны да Кызыр даарыган, арбагы ашат баарынан. Андан туулат бир бала, ошол бала чкканда Сары кан көзү өткөндө, Эреше деген кан болот, сурагы башка жан болот:

Сурап турган көп журтун,
Ачкалыка жеткирет.
Эли арык, малы арык,
Жапа түшөт кашына.
Арамдардын тукуму,
Аталыктын баласы,
Көзкамандын иниси,
Сураган элди жадатат,
Ар кайда элди таратат.
Сары – кандан туулган,
Аты Жакып коюлат.
Таяк алат колуна,
Таланын баарын кыдырып,
Ууртап ичээр аш таппай,
Астына минээр ат таппай,
Үстүнө киер тон таппай,
Жердей турган жер таппай,

Элдей турган эл таппай,
Маана кылар эл таппай,
Кече турган суу таппай,
Бу көркчө өлсөм деп,
Чын дүйнөнү керсөм деп,
Чылап ичер уу таппай,
Жатарына жер таппай,
Эптеп жанын бага албай,
Эч айласын таба албай,
Ачкалыктын айынан,
Нечен жерди кыдырып,
Күкүк менен Зейнептей,
Үн алышып Ыйлашып,
Үнү жетип кудайга,
Буркурашып ыйлашып,
Мусапыр болуп бириндеп,
Ар кимдин Көзүн карашат.
– Башка жерден кан чыккан,
Айрыңынан жан чыккан,
Катаган деген эл деген,
Кармашып душман жеңбеген,
Кошой деген каны бар,
Улуктугу дагы бар,
Улама болот ал киши,
Төгүлгөндү толтуруп,
Чачылганды жыйнаган,
Кол алдына жүргөн эл,
Байгамбардан бата алган,
Бадышалык көркү бар,
Өзү баатыр Кошой атанган.
– Көкүм деген кан болот,
Көп кишиге даң болот,
Ал өз алдынча  жан болот.
–Көкөтөй деген кан болот,
Ааламдан ашкан бай болот,
Байлыгы менен кан болгон,

А деле өз алдынча жан болот.
– Түпкү атасы Кайгы кан,
Ошондон чыгат көпөлөк,
Оорагып кудай көтөрөт.
Жашында Кызыр ээрчиген,
Жашаган сайын өөрчүгөн,
Атасы Жакып кан болот,
–Ошондоон туулат бир бала.
Кудай салат оңуна,
Кан уучтап түшөт колуна,
Уучтаган каны чачылат,
Карып болгон мусулман,
Ошондо багы ачылат.
Кечкени кызыл кан болот,
Кармашууга жан келбей,
Ошо  чыккан балага,
Азирет Аалы жар болот,
Ааламды билген зор болот,
Арбагы ашкан чоң болот." –

деп Ханбүбү чогулган калк, жыйылган элге келээр менен кетээрдин баарын айтты, кулагына жугузчу карыга айтты. Кеткен менен келээрди эл түшүнүп калсын, – деп кечирим сурап кудайдан Ханбүбү боло турган иштерди ачык айтты. Ханбүбү кебин укканда жыйылып турган калың журт: Кыйын болот экен, – деп ыйлап ийди буркурап. Акылы артык кеп билген, айта турган сөз билген байбиче айтпайт бекер. Уруксат болсо байбиче акыркы чыккан адамды айтып бергин, – деп калк чуркурап суроо берди. Айталбастан Ханбүбү далайга түрүп: "Олуядан олуя чыккан, кандан кан чыккан, улуктан улук чыккан, Ногойдон чыккан тукумду элес – булас менен билдим:

Журтум мени кыйнадың,
Аты Манас  угулат.
Өтөрөк айтып ийбесем,
Дин ислам журтунун,
Таалайы үчүн туулат.
Ак пайгамбар жол берген,
Азирет Аалы дем берген,
Кожосан болот жолдошу,

Эшендер болот жолдошу,
Ээрчип журуп жолоочу,
Кайыптар болот жолдошу,
Камалган жерде колдоочу,
Олуянын артынан,
Ошондой чыгат бир адам.
Тиштегени оң чыгат,
Тиктегени жок чыгат,
Адамдан андай жок чыгат.
Айбаты ашкан шер чыгат,
Азирети Аалыдай,
Ааламдын алы келбеген,
Айтышып менде жеңбеген,
Дин мусулман журтунун,
Шамы болуп көрүнөт.
Капыр менен мусулман,
Ажырашып бөлүнөт.
Турпан журтум уккула,
Амыры менен Алданын,
Жер үстүнө чөп чыгат,
Аңдыган душман көп чыгат,
Мен аламын деп чыгат.
Айткан менен жеңбеген,
Аадамда ашкан эр болот,
Кармашам деген нечендер,
Айдаган кара жер болот.
Амыры менен Алданын,
Ааламдан ашкан зор болот," –

деп көп жыйылган мусулман калкка баатыр болуп бир кезде Жакыптан Манас чыгарын, басташкан жоосун кырарын айтып, билгени түшүнүп калсын, – деп олуянын жолдошу же өлгөн дайны билинбей, же тирүү дайны билинбей, же өлдү деп жерге көмүлбөй, бата берип кол жайып Ханбүбү таштап кетти бул жайды. Чын-Жуу кандын кашына келип, бала Шорук кеп айтат: – "Атагың артык кан элең, арбагың артык жан элең. Каным, астыңызга мен келдим. Келгенимдин себеби алтымыш жорго айдатып, ар түлүктү шайлатып, мен астына барсам дейм. Башынан кудай чоң кылган,

жатып алсак жайынча, каары келсе талкалап, баарыбызды койбойт," – деп кан алдына таазим кылды.

"Элди бузган кор болот, эл аяган зор болот, калкты бузган кор болот, калк аяган зор болот," – деп Чын-Жуу кан Шорук баланын сөзүнө ыраазы болу уруксат этти.

Жоргодон алып бир тогуз, күлүктөн алды бир тогуз, чобурдан алды бир тогуз, союшуна бермекке бээден алды үч тогуз, төөдөн алды бир тогуз. Салтанат кылып Шорук кан алы келсе кан менен кудалашып калмакка, нарларга жагдан жүктөттү. Күлү шайы, алтын тон жагданына салдырып жамбы баштан дилдеден санатын он миң кылдырып, Сары кан көздөй жөнөдү. Он жети киши жолдошу, алтоono атты айдатып, төртөөнө бээни айдатып, жетегине төө алып, тогуз төөгө жүк алып, адили бар кан болсо коногуна сойсун – деп, миң кара боз кой алып Сары кандын алдына барды. Шорукту кан каадасы менен тосуп алды.

Үй көтөрүп бээ союп, астына тамак даам коюп, ардактап күтүп баланы кол кармашып дос болуп, ант-шертке бек болуп, ушу сөздөн жанганды, убада сөздү танганды. Төшү ачык жер урсун! Төбөсү ачык көк урсун! Ак милтенин чочгу урсун! Атылган мылтынк огу урсун! Алакан жайган бата урсун! Кол алышкан ант урсун! Үстүртөн кудай урсун! Астыртан арбак сорсун! Эл бузулсун дегенди, бу кара жер сорсун! – деп бет алышып эки кан, мөөр басып кат кылып, касык аяк куу союл ууруну бата урар – деп, эркиндики! Сүйбөгөн, бузуктукту тилеген, жайкындыкты сүйбөгөн, жамандыкты тилеген муну кудай урсун! – деп эки кан кылды батасын.

Мен мусулман мен капыр дебестен, кудалашып кыз алып, аралаш тукум чачмакка, элинин багын ачмакка билген сөзүн айтышты. Билбегендер билсин, укпагандар уксун, эл журтуңа айткын. Сурасаң күлүк ат берем, каалаcа сулуу кыз берем. Жакшылык менен жүрсөң сен жалгыз балам Жакыптай экөөңдү бирдей тең көрөм. Көзүм өтсө жалгандан кучакташып жүргүлө, – деп Сары кан Шорук менен кучакташтырып дос кылып, салтанат күлүк ат берип, сактиян булгун тон берип, батасын берип Шорук канды жөнөттү.

Шорук барып элине: "Арадан өттү көп заман, кокустан барып ууру кылба, элге уят кылба?" – деп айтып, Сары кан менен дос болуп жатып калды жерине. Ит агытып куш салып, казы чайнап, жал кертип Шорук эли менен жай баракат жата берди.

Шоруктун кылган бул иши Көзкаманга эп болбой, аралап элди буза албай, ойлогон ойго жете албай, кооптонуп жүрдү. Сары канга дос болуп,

атын минип тон кийип, Сары кандан жол билип, бу жерге түрүп кетели, элкин жерди мен табам, алтымыш күндүк азык-түлүгүңөрдү камдап, бир-бириңди чамдап, кийчүү кийминдерди камдап, минчү атыңарды камдап даярдангыла, – деп күйүткө күйгөн, кайгыга ичи толгон Көзкаман Бээжинди көздөй кача турган өңдөндү.

Эл ичинде сезгичтер, калк ичинде билгичтер, көп ичинде көсөмдөр Көзкамандын арам оюн билип канга кабар салышты.

Кан кабарын билгенде, эми өлтүрөт мени, – деп Көзкаман Жол кашкасын минип качып кетти. Качабыз! – деп камынып, жаман ишке кабылып туткунга түшкөн, Булдургул аттуу чеченди Шорук кан суракка алды.

Качмак болду Каман, – деп каным сизге бердик кабарды. Ачуу шайтан, акыл дос, өзүң бил, өлүмдөн кандай калаарды,– деп актыгып айтып такылдап Бурдулгул жооп берди.

Актыгын билип Бурдулгурдун улук Шорук кеп айтат: – "Айтканыңда төгүн жок, корпогун сага өлүм жок. Ниети кара пейли тар, андайдын тилин албай жүр, кулагыңа салбай жүр. Өз журтуңдун ичинде кандай жүрсөң андай жүр. Кара ниет арамдын айткан тилин алчуулар, кулагын тосуп калчулар, элге бүлүк салчулар, күн көрбөй жүрүп өлөт, каарымды бир күн көрөт," – деп кан сабырлык кылды. Жанынын аман калганына ыраазы болгон Булдургул: "Кулдугум бар каным!" – деп тизеси жерге бүгүлүп, кан Шорукка астына таасим кылып жүгүндү. Көзкамандан кутулганына эл кайыл болду.

Бир күнү Шорук ой ойлоп: Сары кан деген улук кан. Жакыбына дос кылды. Адилдүү жумуш кандай? Акылсыз жумуш кандай? – деп андан кабар алайын. Калкты кандай багат? – деп кулагына салайын. Адил кандын айтканын мээме түйүп алайын, – деп Сары кан улуктан бала Шорук кан сурамак болду ар ишти. Арага киши салгыча кан алдына барайын, өзүм кабар алайын, – деп атка минип жол жүрүп, Шорук билерман кандын алдына барды.

Бала Шорук келипсиң, көргөнүң бар эмне? Билгениң бар эмне? Каным Шорук кеп башта, – деп Сары кан Шорукка собол салды.

Бет сүйлөшүп чечилип: "Каным! Эл ичинде нечен бар, эл бийлеген чечен бар. Калк ичинде бакыр бар, эл арасын бузучу эл бузучу жакыр бар. Калк аралап калк бузуп, арам акыл пейли тар, арамга бышкан нечен бар. Айласы кандай болот ошонун? Алдыңа келдим сиздин мен," – деп жооп катты.

Шоруктун кебине Сары кан ыраазы болуп, бир чети акылдашканына көңүлү тоюп, эл сурап, журт багуучу бала экенин билип: – "Ыраазымын Шоругум! Эл ичинде бузгучту элден суруп ийбегин. Кара ниет каапырды, калктан бөлүп ийбегин. Как ошондой кишиге акылдашып сүйлөшүп, бирдигиңди бербегин, – деп айкалышып сүйлөшүп акылын айтып Сары кан: аты жокко ат берип, ашыжокко аш берип, тону жокко тон берип, жарды менен жалчыны бакыр менен мискинди, буларды алгын колуңа. Акылыма көнсөң сен, айтарым ушул балам. Сөзүңдү угуп кубанып, жалгыз балам Жакыпка кучактатып дос кылдым. Айлыңда барбы акылман? Элиңде барбы эптүү жан? Атасында нарк болсун, элге журтка даңкы болсун, кол кармашып айкалып, биригишип жүрүүгө, кайын тапкын досуңа. Барса барктуу тоскудай, айыл тапкын досуңа. Консо конок берчүүдөй, коштоосуна ат алып, жүктөөрүнө төө алып, тигээрине үй берип, салтанаттуу салмактуу куда тапкын өзүмө," – деп Сары кан Шорукка, сөзүн айтып өттү.

Кандын кебин угуп, канына кулдук уруп:

"Адилдүү тууган каным,
Айтканыңды мен угуп,
Кубанды менин жаным
Мен элиме барайын,
Баркын көрүң элимдин,
Шартын көрүп элимдин,
Айтканым элге эп болуп,
Кудалыкка жараса,
Маңдайлашып сүйлөшүп,
Өзүңүз менен бет болуп,
Акылы толук жан болсо,
Сураган менин элимден,
Ошондой киши бар болсо,
Өзүм кабар салайын." –

деп кан Шорук жообун берип, Сары кандын куда тапкын дегенине энеси эркек туугандай катуу сүйүнүп элине барды.

Элине барып жар салып: – "Чечендер кулак салгыла, көсөмдөр угуп калгыла. Ушу келген баарыңар, көп жашаган карыңар, кулак салгын баарыңар. Түбүнөн бери канболгон, жүргөнү журтка дан болгон, түпкү атасы Кайгы Асан, кийинкиси Ногой кан, чачылган журтту кураган. Ортодон чыккан Орумбет. Азыркысы Сары кан, атасынан бабасы болуп келген баары кан.

Адилдин жолу кандай? – деп көңүлүмө салмакка бардым кандын кашына. Азаатын уктум кубандым. Кара ниет арамды, эл бузуучу жаманды эл ичинен кууба, – дейт. Анын Сөзүн ылгаба? Өз кылганы өзүнө жетет, башы менен кетет, – дейт. Анысын уктум кубандым. Абалы барган чагымда баласы менен дос кылды." Азыркы барган кезимде, астына алып олтуруп Сары кан улук кеп айтты: – "Мына бу Жакып досуңа жакшы жерден кайын тап. Барса ызаатын көрүүгө, келсе кербен болуп берүүгө түпкүлүктү айыл тап," – Шорук Сары кандын жуучулук кебин элине айтты. Куда болуучу кишинин эбин таба албай, өзү арбактуу кан болгон соң ага келин таба албай, эл алдырап турганда, Ташыбек Абдыбек деген эки бир тууган ага-ини элге аралашты.

Ташыбек, Абдыбектин атасынан бабасы туулганынан бери ээги ашка жетпеген, ийине кийим илбеген, астына айдап мал күтпөгөн, калктын ичинде оюнунан кудай кетпеген, кайыр сурап тилемчилик кылып жан баккан кишилерден эле. Качан көрсөң эки буту салаңдап, эки көзү аландап, өгүз минип өңкөйүп, эл аралап келбеген, жаралгандан элдин ичин көрбөгөн, элдин аны менен иши жок, анын эли менен иши жок, бир арада жүргөн жан эле. Өгүздөн түшпөй өпөйүп: "Кан шаарынын ичине калк чогулуп калыптыр, эмнеңер бар – деп элден сурап калышты. Кан шаарынын ичинде чогулган топ, чогулуштун сага эмне кереги бар? – деп күлүп тамашага алышты. Эзели элге келбеген, элдин ичин көрбөгөн, мунун буруштугу бар. Мунун келгени жаман эмес, – деп сөзгө алды. А Ташым, угучу белең? Аргын-ногой элинин Сары кан деген каны бар. Ошо канга биздин каныбыз акыл насаат укмакка барыптыр. Бир баласы бар экен. Ошого ылайык жар болсо, куда болуп кой союп, кулдук уруп барамын, кудалашып баласын келин кылып аламын, – деп биздин канга айтыптыр. Ошого ылайыктуу кыз таппай, курчалышар куда таппай жыйылып жатканбыз ушул Таажым, – деди.

Кептин төркүнүн түшүнгөн Таажы: – "силерге кудай бериптир. Карача деген бир бай бар эмеспи? Ошонун Урум деген аялы тууганда да жаңгыз, акылы артык бир башка, айтканы келет, – деп уктум. Кандай да болсо ар ишке жарарлык бала, – деп уктум. Калдайтып калың мал алып, дуңгул өркөч нар алып Карачага баргыла. Кааласа улук каныңар кудалашып баласын келин кылып алгыла," – деп Таажыбек бакылдап айтты бул кепти. Жыйылган журт Таажыбектин бу сунушун эп көрүп Шорукка жеткирди.

Кан каадасы менен Шорук Карачаны алдырды. Карача менен кошо келген Темирчинин Көбөгөнү кандан мурун озунуп: – "Чакыртыпсың келдик

каным, айтарың болсо айткын, дериң болсо дегин. Мына бай Карача астында эр Көбөгөн кашында," – деп канга сөз узатты. Шорук Карачаны кан каадасы менен ызааттады. Жараткан кудай жол берип жетесиң каным тилекке, – деп Көбөгөн сөзүн бүтүрдү. Куда болсо Сары кан мага кудай берет го? Менин бир талабым бар эле, ошол тилегим кабыл келет го? Барып албайм баласын, жеткирип өзү келсин – деп, ал кудамдан кеп келсе, мойнума бото саламын, ал өңдөгөн кишиге өзүм алып барамын. Баламдын аты Чыйырды. Азыр он экиде жашы бар, токтодо элек башы бар, токтотуп алат андай жан. Каным, кааласаң канга беремин, токтотпой айткын сырыңды, коркутпай айткын чыныңды, – деп, бай Карача этек жеңин күбүнүп, ээ кудай! Арбак деп жүрүп арбактуу киши кабылды. Азан түмөн малым бар, балама кошуп айдап алса мейли, – деп бай сүйүндү. Ал мусулман биз каапыр уккун айткан сөзүмдү: Балам эмес малым баарын берем өзүнө. Бул жерге турбай көчөмүн. Астыма түшүп бузбагын, артыман түшүп куубагын. Каралдым жалгыз баламдан калып нетемин, – деп Карача пейлине, кудай салган соң, периште жакын барган соң, Сары канга кыз бер, – деп, кандан кабар алган соң, пайгамбар түшүп дилине мусулман боло баштады.

Табылды сизге ылайык, Карача деген бай эле, төрт түлүгү шай эле, пендеден пейли кең эле, бар экен анда жалгыз кыз, келин кылып алсын – деп, Шорук Сары канга кат жазып, элчиге киши жиберет.

Кан кабарын алган соң, берет дейм кудай белгини. Билдим эле башында, бермети бар мойнунда, пери сындуу бир адам жаткан балам койнунда. Үч жылы көргөн түшүмдү кабыл кылган турбайбы, – деп Сары кан катуу өкүйүнүп, алтын жака тон берип, болот така ат берип, даярланып турсун – деп, кан Шорукка кат берип, элчилерди кайтарды, элчилер элге кеткен соң, жорго менен күлүктөн алтымышты алдырып, чобур менен башкадан токсоңду алып токтотуп, тойго союп берүүгө он эки бээ коштотуп, кыл куйруктуу жылкыдан жүз алтымыш айдатып, өзү баштап Сары кан, Жакып уулун кайындап жолдош алып он эки киши, кудалыкка жол жүрдү, Сары кандан кабар келгени, алыстан куда келет, – деп Шорук элин жыйып камынып, атайлап үй көтөрүп, ай туякка чалмакка ак боз бээден алдырды. Сары кан улук кан эле, касиеттүү жан эле, сенден башка жарабайт маңдайлашып сүйлөшүп, акылдашып отур, – деп кашына кара сакал Бектемирди алдырды. Кадырлап куда күтмөккө, ат коштотуп жол тос, – деп алдынан алтымыш киши жиберди. Куда келет алыстан, куданын жүзүн көрсүн, бай Карача келсин, – деп киши жиберди.

Карача байдын Чыйырды ошо күнү түш көрүп, түшүндө жакшы иш көрүп атасына кеп айтты: – Түндө жатып түш көрдүм, корко турган иш көрдүм, ата. Алтын сакал Айкожо Акбермет салып мойнума, алаканын жайыптыр, ак жолборс жатты койнума, Ал эмине болучу? Шуру салды мойнума, сур кайып деген ушу, – деп бу жатты койнума. Кара чаар кабылан капталыман кабылды, чалып салчуу, немедей бу да келип чамынды. Алтымыш кулач ак жылан, кемер болуп чалынды. Бул эмине болучу? Тоого кийик койбогон топ жолборс келди жаныма, ала салып дардактап алар келип ойноду. Ал эмине болучу? Айтканымды жоручу, – деп көргөн түшүн айтты.

Түштүн эбин таба албай, мойнун ийип шылкыйтып, жеген эти аш болбой жалдырашты келген эл. Элден эс кетти. Түшүн таппай калдык деп келген элдин алды тарай баштады. Эл тарабай турсун, баламдын түшүн мен жоруюн, – деп Темирчинин Жолдошбегине айтып Урум тарап жаткан элди токтоттурду. Адегенде баламдын Айкожо келсе кашына, ак бермет салса мойнуна, ак жолборс жатса койнуна, баламдын ал бара турган, күйөөсү. Шуру салса мойнуна, сур кийик жатса койнуга, алтымыш кулач ак жылан алты оролуп белине кемер болуп курчалса, ал көрө турган тукуму. Кара чаар кабылан өзү келип кабылса, торго кийик койбосо, бу баламдын астына топ жолборс келип ойносо, баарга кудай бергени. Алакан жайып кол сунуп ушу кабыл болсун, баарыңар бата бергиле, – деп, энеси Урум жоруду.

Ургаачы тапты түштү деп, эл чогулуп буркурап, кабыл болсун түшүң, – деп, бата берип чуркурап, эл тарай баштады.

Темирчинин Жолдошбеги тараба? – деп бакырып, аттанган элди токтотуп: – Куда болуп келген кан, келип түшчүдөй, кандын кызы бар бекен. Баш алган жерге маңдайлаш, баласы менен таалайлаш болор бекен? – деп келсе, баш алчуу жерге келбейби? Алып келген мал-мүлкүн атасына бербейби? Шорук кандын үйүнө кыз-келин жыйып койгонсуп, мурун канга барам, – деп, арбактуу улук дечү эле, акылсыз улук көрүнөт. Баш алчуу жерге мал берип, баркы менен албайбы? Мурунку өткөн канча журт ушундай кылчу экен, – деп наркы менен албайбы? Кан Шорук кылды көсөөрлүк, калкында акыл жок экен, баарысы кылды эскерлик. Арачы болуп барайын, ал жайды айтып калайын, – деп келген элди кетирген жок.

Кан Шорук сөзгө жыгылып, алты жарак ат алып, аттуу баштуу киши алып, Жолдошбекти кошо алып Сары кандан алдынан кан каадасын кылып тосуп чыкты. Амандашып көрүшүп, кучакташып өбүшүп: Менин ку-

дам кайсы? – деп Сары кан сурайт Шоруктан. Карача деген кудаң бар, кудай берген кан кудаң бар, даярданып тургун, – деп ат чаптырып ийгемин. Тээ көрүнгөн тумшукта телкинин бою Таш-Кыял, айланасы кара зоо, айлы болот ошондо. Мына бу турган жаш бала, ошо Карачанын айлынан. Эки күнү жол жүрсөк, үчүнчү күнү барабыз, – деп, түшүндүрдү Шорук кан.

Бет алышып эки кан кеп сүйлөшүп турганда, бала чечен Жолдошбек салам айтып кол берип: – Каным кабыл болду тилегиң. Келин болчу балаңдын уктап көргөн түшү бар. Көргөн түштү мен айтсам пендеге келчү иш эмес, бекерге кетчү түш эмес. Өз атасы Карача. Урум деген энеси калк чогултуп эл жыйып, баламдын түшүн жору, – деп, түлөө кылып мал союп, жоруй албай турганда, баламдын түшүн жоруйм, – деп Урумуң өзү жоруду. Ак жолборс жатса койнунда ала турган күйөөсү, шуру салып мойнуна, сур кайып жатса койнуна, балама кудай бак берди, – деп жоруганын Жолдошбек айтып калды.

Пир колдогон Сары кан башынан Кызыр даарыган, топ жылкынын ичинен Арча бозду алдырып, ай туякка чалдырды. Дин мусулман журтуна калаа болот экен, пенденин шаасы жетпеген баатыр болот экен, арабча кат окуп, ак куранды жат окуп молдо болот экен, алтын айчык туу алып жолдо болот экен, – деп кан сүйүндү. Баланын түшүн укканда: Түрү кандай болду экен? Сүрү кандай болду экен? Маңдайы кандай болду экен? – деп кайната болчу Сары кан көрмөккө ашык болду. Он жетиде Жакыбым жолдоштуу болот экен. Ошол Жакып баламдан ак жолборстой чамынган, берсе кудай тилекти бала көрөт экенмин, – деп экиден жорго коштотуп Сары кан Бууранын чаты Кара-Жалдагы Карача байдын айлынан үстүнөн чыкты. Ошол учурда Карача нарктуулук кылып ат коштотуп, эки киши жолдош алып кан кудасынын алдынан тосо чыгып калган экен. Карачанын айлына жакын келип калганда ар демени көп билген, дилгир экен Сары кан. – Кыз атасы болгон соң, аттан түшүп турайын, жаратканга эп болсун, мурун кулдук кылайын, – деп салттык жолун кылып атынан түштү. Эки колун бооруна алып, Карачанын жолун тосо басып, жаркырап күлүп, узун боюн пас кылып, улук башын кичик кылып, кулдук урду.

Кан калкын сураган даңкы менен жатсын, – деп үй көтөртүп кудасын Карача кылды салтанат. Арт жагынан мал келди. Жоргодон бөлгөн алтымыш аргымагы бир бөлөк андан экен алтымыш. Чобурдан жыйып топтотуп союшуна жетсин деп, андан да алтымыш экен. Бечарасы бар болсо элине бөлүп берсин, – деп бээден экен алтымыш.

Акмат, Шайык, Муратбек Акылбектин баласы ада жетик бала эле, Жакыбыма кошулуп жолдош болуп келсин. Келинди алып кетем, – деп ак байбиче энекем, Урмамбет менен Шайыкбек, Телкожо менен Кошобек куда болуп баш уруп, ошолор кошо келсин, – деп Сары кан элине кат жазып, куда болгон кан кудасынын элинде салтанат куруп жата берди.

Бир айдан калбай келсин деген кабар келгени, жыйырма эки төөгө жүк жүктөп тойлугуна алышты. Жеңелеринин жеңкетайына берүүгө жети жорго ат алып, жалаң эркек кишиден жетимиши аттанып, санаты бир ай жол жүрүп, калыңга малын айдатып келип түштү калганы.

Карача менен Сары кан экөө куда болду, – деп той үстүнө той болуп, эл тарабай топтошуп, нечен күн нечен түн калк дүбүрөп тойлоп, бир бай менен бир кандын кудалашканын көрүп, калың түлөө кенен той менен кандын ызаат сыйын көрүп, ардактуусу ат минип, арбактуусу тон кийип сый көрдү.

Батасын берип чуркурап, үй көтөрүп сеп жыйып, Карача менен кан Шорук келинин берип, колуна Сары канды жөнөтүп куданы салды жолуна. Келини тийип колуна, алтымыш керткен жүк менен Сары кан өз элине барды. Калдайтып элин жыйып ардактуу келин алдым, – деп түлөө кылып той берди.

Келиндин түрүн көргөндөр,
Арбактуу бала экен деп,
Муну алган Сары кан,
Дөөлөтү өсүп дүркүрөп,
Сыймыгы өсүп күркүрөп,
Мурункудан канча артык,
Оорактуу болот экен деп,
Сынчылар келип көрүшүп.
Астында жүрөт ак жолборс,
Жонунда жүрөт ак жылан,
Коюнунда жүрөт ак жылан,
Ийнинде жүрөт сур кийик,
Барат экен далайга,
Бала көрбөй улгайып.
Ортого жашы жеткенде,
Оодарылып кеткенде,
Ошондо көрөт экен деп,
Ошондо көргөн тукуму,

Айбаттуу чыгат экен деп,
Ай ааламды сураган,
Кайраттуу чыгат экен деп,
Жалпы олуя буйдулуп,
Жолдошу болот экен деп,
Астында жүрүп жол баштап,
Жолборсу болот экен деп,
Кумарбек деген бир сынчы,
Сынап кетти келинди.
– Күлүгүн күнгө байлатып,
Күрүчүн күздө айдатып,
Аргымагын байлатып,
Арпасын жазда айдатып,
Султан болуп эл курап,
Аким болуп журт сурап,
Калк сураган Сары кан,
Калк чогултуп эл жыйып,
Кабар укту бир жерден.
Кумарбек кызы Бакдөөлөт,
Чыйырдыма жан жолдош,
Келин кылып алам деп,
Эп келсе калкым силерге,
Кудалыкка барам деди.

Сары кан кебин уккандар, кан айтканы эп экен, – деп туура көрүштү. Билермандар чогулуп: "Эми Айткулу чечен сен айтчы?" – деп сөз кезегин беришти. О, урматтуу улук каным! Оорагың өсүп дүнүйөң толуп, калың журтка бел болдуң. Эл оозунда элек жок. Балаң жалгыз Жакыпка жарабайт экен келиниң. Келиниң тукум көргүчө ат тизгинин бура тур. Мен билгенимди айтайын. Каным аз гана сабыр кыла тур:

Кумарбектин Бакдөөлөт,
Көрдүм эле башынан,
Ал баланы жашынан.
Тал чыбыктай буралган,
Адам сугу түшкөндөй,
Арка чачы буралган,
Акылы бар, зени бар,
Башкача өскөн бала эле.

Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөсө кепке эринген,
Ак маралдай керилген,
Айтаарга кепке эринген,
Алданын жазган иши бейм,
Туубас болчу бала эле,
Бала албай астына,
Куу баш болчу бала эле,
Элден башка эби бар
Элге жакчу бала эле.
Журт сураган кан болсо
Ылайыктуу жан эле, –

деген чечен Айткулдун сөзүн укканы куда түшүп мал алып, балама жолдош болсун, – деп, келин кылып баласын Кумарбектин алдына кулдук уруп бармак болду.

Айдатып калың мал алып, айры өркөчтүү нар алып, аргымак жорго аралаш алтымыш жылкы айдатып, кудалыкка барып, кулдук кылып той кылып Кумарбектин кызы Бакдөөлөттү келин кылып алды. Кан каадасы менен тойдун шааң-шөкөтүн кылды. Эп бали, канга эми туура болду – деп, тойго келген эл таркады.

Кан бир күнү ой ойлоп: – "Балам кан Шорукка дос эле. Кан таппаган акылды, Карача кудам таба турган жан эле. Экөөнө кабар салайын. Бири куда, бири дос, бул экөөнө эп келсе, көзүмдүн тирүү чагында, өзүмдүн балам Жакыпты кан көтөрүп салайын," – деп кабар берип Карача менен Шорукту алдырды. Карача Шорук келген соң, Сары кан элин жыйды. Силерди сурап турууга убагым өтүп бaратат. Улук болчуң араңарда барбы? Элдин башын суроого султан болчуң барбы? Касташам деген душманга кан кайрат кылчуң барбы? Карчылашкан жоо болсо айбат Кылчуң барбы? Кан бошотуп ордун, кандыгын баласына берди, – деп кайбат кылчуң барбы? Мен сураймын элди, дечү дилгирлериң барбы? – деп, кан калкына кайрылды.

Канга ылайык кишини эп келтирип таба албай, кан көтөрдүк муну, – деп, кан алдына бара албай бирин-бири тиктешип, тизелерин бүктөшүп эл толкуй турду. Кан алдына батынып келе албай турган билермандардын ичинен Айткулу суурулуп чыгып: "Түбүнөн кандык кетпеген, түпкүлүктүү биздин кан. Башынан кандык кетпеген, бактылуу өткөн биздин кан. Акыл таппай турсаңар, чогулган элге кеп айтам," – деп Айткулу тапты акылды.

Айткулунун айтканы кулакка сыят, макул, – деп калк чогулуп кан алдына барышты. Урматтуу каным улуксуң! Чачылганды жыйнаган, түбү жок кара кудуксуң. Журтум менен кеңешип, менин таап келген эбим бар, каным сизге айта турган кебим бар. Кара деңиз көл элең, Медиан жайык чөл элең. Калк сураган бек элең, канчалык жандан кең элең. Өзүңдөн кандык кетпесин, кан кылдык сиздин баланы, – деп Айткулу айтып калды, Жардап турган эл батасын берип, Сары кандын ордуна уулу Жакыпты кан көтөрдү. Ошол күндөн тартып, Сары кандын Жакыбы аргын ногой элине кан болду. Ар кайсы жерден куралып келген журт аргын менен ногой аталып түпкүлүктүү эл болду.

Көзүм өтсө жалгандан,
Кандын айткан кеби деп,
Көөдөнүң болор эки кан,
Көкүрөккө түйгүлө.
Ажырашпай кошулуп,
Биргелешип жүргүлө.
Аңдыган душман бар болсо,
Алдын ала камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Жоого мурун тийгиле.
Шорук кан менен Жакып кан,
Жоокер атка конгула.
Экөөң эки жолду болжобой,
Арбагы артык эки улук,
Кармаша чыккан душманды,
Жеңип алып талкалап,
Баатыр атка коңгула.
Башка ишти жойгула,

деп, карып калган Сары кан эки кандын башын кошуп, бир чети акыл кылып, бир чети керээз кылып накыл кебин айтты.

Шорук кан менен Жакып кан карынын сөзүн уга турган акыл, – деп Сары кандын сөзүнө ыраазы болушуп, батасын. алып эки кан өз элине тараштты.

Сары кандын Жакыбы аргын ногой элине атактуу улук кан болду. Жердеген жери Ак-Жайык, сурагы журттан бир башка, телегейи тептегиз пир колдогон эл болду.

## САРЫ КАНДЫН ДҮЙНӨДӨН ӨТҮШҮ, КӨЗКАМАНДЫН КӨКЧӨКӨЗҮНӨ БИЙЛИКТИН КЕЛИШИ[4]

Байгамбар жашынан өтүп, карылык башына жетип, Сары кан көзү жумулуп, дүйнөдөн өтүп кетти. Аргын ногой элинин арбактуу каны өттү, – деп төгөрөктүн төрт бурчуна кабар кетти.

Аргын ногой дөгүрсүгөн эл эле. Арбактуу каны дүйнөдөн өтүп кетти. Эли башсыз калды. Элин чаап алсакпы? Эки жолго салсакпы? – деп казактын Каны Үрбү чал амал ойлоп, билермандарын жыйды. Үрбү чалдын бул кебин билермандар жактырбай: – "Сен бу кебиңди таштагын. Таштабасаң бу кепти башың шорго малынат," – деп жооткотту. Билермандардын сөзүн жалпы эл колдоп, Үрбүнүн сөзү жолдо калды. Көпчүлүктүн оюнан чыга алган жок.

Жакып элине адилет кан болду. Атасынан канча артык Жакыптын пейли кең болду. Калк сураган Жакып кан орто жашка келгенче кыл мурут сылап көрбөдү. Атамдан калган сан дүйнө ай таалада калабы? – деп, Жакып бала көрбөй бир перзенттин айынан армандуу болуп жүрдү. Ошол учурда качып кеткен Көзкаман аргын ногой элине бузуктукту салалбай, жакшылап эбин табалбай тилек кылып жүргөн экен.

Балалуу болуп Көзкаман,
Башкача болуп калыптыр.
Аналык деген аялы,
Туугап экен бир бала,
Туулганда шок болгон.
Арта түшкөн атадан,
Атасынан бабасы,
Бүтпөгөн алар атадан.
Көкчөкөз деген аты бар,
Көп жерге тиет залалы.
Бал тили бар бир башка,
Баш сала кирди Ногойго.
Эл аралап алган соң,
Элге салат бузукту.

---

[4] Түп нуска боюнча берилди

Жакыптын ордун алмакка,
Бу Көкчөкөз кызыкты.
Улук Жакып чоң кандын,
Койнуна, кирип алганы,
Кошамат кепти көп айтып,
Оңолбогон арамза,
Жакыпка жагып калганы,
Алыстан келген тууганын,
Көкчө мени билет деп,
Жакып как койду эркине
Көкчөкөз билди эркелеп,
Эптүүлүгү бир башка,
Кийирди тилге эптелеп.
Кеби ширин чечENDI,
Көкчөкөз кылып эчENDI,
Жоо бөрүүсү көсөмдү,
Жооп кылуучу эчENDI,
Баарын салды жолуна.
Чоң атасы Аталык,
Жакшылык кылбай ал өткөн.
Өз атасы Көзкаман,
Арамдык менен дагы өткөн.
Элди бузуп Көкчөкөз,
Жолуна салды жемелеп.

Жакыптын зайбы Чыйырды кан Жакыпка кеп айтат: – "Билбейсиң каным эчтеме. Калк бузулуп калганын. Катын да болсом айтайын. Эрке өстүрүп арамды, балаңдан бетер ээрчитип, эл тааныттың жетелеп. Жакын көргөн тууганың тең тууган болуп алган соң, элиңди алат колуңа. Менин тилим албасаң, өзүңдү салат жолуңа. Жоготпосоң арамды мунун издегени бир башка. Сындырмак болду белиңди, бузуп койду элиңди," – деп Чыйырды билген-туйганын канына айтты бой боздоп.

Ачуусу келип Жакыптын заары чыгып көзүнөн, чаары чыгып бетинен, бетинин түгүн үксөйтүп: – "Эртеги кеткен тууганым эми келсе элиме, канчык! Сага кандай көрүндү. Элде бузук бар болсо, Көкчөмдүн кынк эттирбей эбин табар жери бар. Беш-алты жыл ичинде кандыгымды так ошол Көкчөмө беремин. Издеп келген тууганын Жакып кууп салды, – деп кепке кемтик болчуга, жаман атка кончуга, катындын тилин албаймын, – деп Чыйырдыны заар тили, ачуу сөзү менен тилдеп, кагып койду. Акыры көрөрүң ушул баладан," – деп, Чыйырды чыркырап калды.

Чыйырдынын туйганын Көкчөкөз билип калыптыр. Баягыдан күчөтүп аргын ногой көп журтка дагы бузук салыптыр. Кан оорагы качарда калкына салды бузукту. Канды кудай урарда калкы менен жоолашат, катыны менен коолашат. Катын, – деп Жакып тил албай көрмөк болду кызыкты. Издеп келген тууганы эптүүлөнүп эл билип, аргын менен ногойду эки бөлүп салыптыр. Калдайган калың ногойлор Кекзамандын Көкчөсүн кан көтөрмөкчү болушуп, убаданы бек кылып: Ушу сөздөн жангандын, Төшү түктүү жер урсун! Төбөсү ачык көк урсун! – дешип өлө турган ант кылып мурун кан Жакыптын жолдошу Бедөөлөт, Телкожо, Шайык Кожо, Алматбек эми Көкчөкөз тилин алыптыр, Мурункү каны Жакыпты тактысынан тайытып түшүрмөк болуп калыптыр.

Тараза жылдыз батканда, таң кашкайып атканда, молдолор азан айтканда, Көзкамандын Көкчөкөз Телкожону бетине алып Жакып кандын үстүнө кирди, күлүмсүрөп калп эле: – Каным өйдө тургун, боюңду сууга салгын, бой даааратыңды алгын: Эки сүннөт эки барс, мойнуңдагы эки карс, топтоп окуп алгын, – деп кайсы сөздөн баштарын билбей, алактап Көкчөкөз Жакыпка кекээр менен оюн айтып калды. Аны уккан Чыйырды чыркырап ыйлап кеп айтат: И, каным! Коюнуңа каткан Көкчөден эми көрдүңбү? Мен билгенди эми билдиңби? Мен туйганды эми туйдуңбу? Мунун чоң атасы Алтыбайды, биздин кайненебиз элинен ээрчитип келген кул деген. Арамды катып койнуңа. Катындын тилин албайм. Катын тилин алды деп жаман атка калбайм, – деп айткан тилди албадың, «былтыр бит башка чыгып», как ошол баладан эми минтип, – деп Чыйыр көзүнүн жашын төгүп, көңүлүн жамандыкка бөлүп, ыйлап ийди буркурап.

Бакдөөлөт барып алдына: – "Ай байбиче ыйлаба? Бекер жаның кыйнаба? Арамдын иши оңчу эмес, азили улук болчу эмес. Ары кетсе беш жылы такка минер. Бейпайга салып бу журтту өз оюунча билер. Айтайын каным угуп тур: Катындын тилин албайм жаман атка калбайм деп жатып, бир балээге кабылдык каным. Дагы катын айтты, – деп албагын каным, ошондо өз тагына минесиң каным деп Бакдөөлөт Жакыптын көңүлүн жойкутту. Тагдырдын маңдайга жазганы ушул экен," – деп кандыктан түшүп берди. Кандыктан Жакып түштү, – деп калың кара ногойлор Көкчөкөздү кан көтөрдү.

Көкчөкөз алып кандыкты, катын бала чуркурап, карылар ыйлап буркурап, ар кайсы жерге көчүрүп таркатты Көкчө эл журтту. Ногойлордун күнү тууп, кызыр эмди тайды жеп, тең тууган болуп атыгып, Көкчөкөз кылды кызыкты.

## ЖАКЫП, ЧЫЙЫРДЫ, БАКТӨӨЛӨТТӨРДҮН ТҮН ЖАМЫНЫП КАЧЫШЫ [5]

Бир күнү Көкчө ой ойлоп, Жакып канды карматып сал мак болду ордуна. Адамга дайын билгизбей, азил заада Жакыпты алмак болду колуна.

Биргелешкен жолдошун билгизбей алып жанына, кара солоон аскерге тегерегин чабдырып даяр кылып камынды. Тараза жылдыз батканда, таң агарып атканда, чакыртып алып Жакыпты өз билгенин кылмакка Көкчөкөздүн амалын кабар болуп кайыптан Чыйырды туйду. Буркурап ыйлап Чыйырды: Баштагы туйган ишимди айтсам каным болбодуң. Катындын тилин албайм деп калгансың каным кайгырып. Эми тил алгын, каным качалы. Тактыңды алран Көкчөкөз ак жолборс болуп чамынды. Айтсам каным тилдейсиң, сага айтылуу өлүм кабылды. Сактансаң кудай сактоочу. Туруп калсак бу жерге, асты өлтүрбөй койбойт го? Биргелешип тең өскөн Дөөлөтбек мусулман болуп агарып бузулуп динге кирди эле. Кечээ эле күнү жакында алда таала кудайдын бар экенин билди эле. Ошон Дөөлөтбекке айталы. Каным, кагазына жазып кой, Карача байга бергин, – деп Дөөлөтбекке бат жазгын, карала кагаз кат жазгын. Менин тилим алсаңыз эртеңки күнгө калбайлы, бул Бакдөөлөт экөөбүз азык-түлүк камдайлы. Күүгүм кире күн бата, элдин алды жуп жата, күрмө кийгин башыңа, чарык кийгин бутуңа, таяк алгын колуңа. Мен да таяк алайын, Бакдөөлөттү ээрчитип артыңан ээрчип калайын. Мусапыр болуп кыдырып, календер болуп калк издеп качып жолго салалы. Жылдызың тууп оңуна, атаң чапкан жол эле, бир кудайым салар оңуна, – деп Чыйырды айтып Бакдөөлөт экөө камга кирди. Эзели сезбес Жакыптын эси чыгып элеңдеп ажалы эми келгенин сезди. Кабагын түйүп үрпөңдөп, кашын түйүп түктөңдөп: Атамдан калган ак жолду мен арамга алдырып, текеберлик кылыпмын. Сенин тилиң мен албай атаны арман дүйнө ай, кесирлигим жетиптир. Атама наалат мен кылып атамдан калган журтума кесиримди тийгиздим. Азыр сенин тилиң албасам, мага ажал жетип өлүм ак, – деп,

---

[5] Түп нуска боюнча берилди.

Жакып түн катып качууга дитин койду. Катындын тилин албайм, – деп, катындын тилин алды деп, жаман атка калбайм деп, каралашкан тууганды айдап жолго салбайм, – деп кандыгым кетти башыман. Дөөлөтүм кетти колуман. Эл журтум кетти кашыман. Эсине ала жүргүн, – деп Жакып кан Карача менен Шорукка карала кагаз кат жазып, Дөөлөтбекке дайындап кара жандын айынан түн жамынып качып чыкты шаарынан.

Үчөөнүн түн жамынып качып чыкканын калайык журту билген жок. Эки аялын ээрчитип олуянын тукуму бир кудайга сыйынып, ашуусу бийик Ала-Тоо мааналап качып жөнөдү.

Тараза жылдыз батканда, таң кашкайып атканда Жакыптын дайынын таба албай, олтуруп калды Көкчөкөз. Жакып чыгып шаарынан жети күнү дегенде Айдыңдуу деген таалага араң жетти. Алмалуу-Суунун боюна эки зайбын ээрчитип Жакып барганы, байгамбар түштү оюна. Оюна кудай алган соң, эми жараткан өзү жалгаз, асипти кудай берер, – деп кудайдын жазган буйругуна Жакып тобо кылды. Аралап Жакып караса ар жыгачтын башында муштумдай болгон мейиз, анжир менен алча бар, ат башындай көрүнгөн кокок деген жемиш бар. Алмадан алып аралап, алданын кылган иши, – деп кудай таала кудурет акыры берет экен, – деп басты санаасын. Эки ай жатып жердеди, Алмалуунун боюнан эч бир бенде көрбөдү. Ар түрдүү чыккан жемишке карындары тоюшуп, качып жүргөн үч карып баштагыдай болушуп, капасы кетип ичинен, кайгысы кетип башынан, аргын ногой калың эл бул колунда тургандай, артынан ээрчип көп журту бул жолунда тургандай үч карыптын көөнү басылып жата берди. Карача кызы Чыйырды уктап жатып түш көрдү, бу Чыйырды түшүндө жара деңиз жээгинен кара чаар ажыдар кармап минип алыптыр. Дарыяны айланып тегеренип калганда асасы бар колунда, келмеси бар оозунда, ыйманы бар дилинде, «Ак» десе үнү жер жарган бир дубана жолукту. Минген унааң ажыдаар бул эмнең? – деп Чыйырдыдан кеп сурап дубана келди жанына. Ажыдаар кармап мингеним, бир куйругун булгаса кара деңиз оң дайра үстү кызыл кан болот. Дубанам, бул эмине болучу? Бул түшүмдү жоручу? – деп Чыйырды айтат мындай кеп.

Кара чаар ажыдаар кармап алып мингениң, сен тууй турган бала экен. Кара деңиз дайраны тегеренип жүргөнүң ай ааламды сураган башынан сыймык кетпеген улук болчу жан экен. Кара деңиз дайранын үстү кызыл кан болсо, адамдан башка бир порум каапыр менен мусулман карап турган жан экен. Улук болуп барысын сурап турчу ал экен, – деп түшүн жоруп, дубана асманды көздөй кубулду. Ак! – десе үнү жер жарган уктап жаткан

жеринде Чыйырды түгүл Жакыпка дубана үнү угулду. Ордунан турса ойгонуп оң жагында Чыйырды, сол жагында Бакдөөлөт түшүндө – ыйлап солкулдайт. Түшүңдө эмне көрдүң? – деп маңдайын сылап кеп сурайт. Эч эчтеме көрбөдүм, капа болбо каным, – деп үчөө туруп алышып, керткен кызыл сары жал кесип тоюп алгандай, сай күлүк буудан мингендей үч карып жолго түштү жарышып. Мергендер кийик атпаган бетин адам баспатан Кара-Кыя Чоң-Чаткалга келип эс алды. Ойгонуп көзүн ачышса мойнунда куржуну бар, колунда таягы бар бир адам салам айтып кол берип: – жети жыл мен тентип жердин бетин басканмын. Нечен жанга кабылып сендей пенде таппадым, – деп тизеси менен чөк түшүп, кан Жакыптын жанына олтуруп кетип, ээрчиткениң эки аял кайдан келдиң, – деп сурайт. Жакып кан жанына келген жан жолдошко жайын айтып: Эки зайып ээрчитип кудайдан башка маанам жок. Бет алышып сүйлөшүп акылдашып жүрүүгө жанымда жолдош караан жок. Мелтиреген чоң зоону ашар жолду билбедим, – деди. Мен жолдоштукка жарасам анда жолго салалы. Бийик зоону биз ашсак аржагында эл болсо, малай болуп алалы, эптеп жанды багалы, – деп чалдын айтканын Жакып туура көрдү. Экөө кызматтык дос болуп, бет алышып өбүшүп, коргошундай көйкөлүп сөздөрүнө эришип, колдорундагы даамынан бир-бирине бөлүшүп, эки бакыр бир тукур мелтирген бийик тоонун түбүнө келишти. Мелтиреген бийик тоо асты жагы аска зоо, үстү жагы үңкүр зоо, көк көрүнбөйт мелтиреп. Болот төкөр жез тырмак канаты башка шарпылдап, пери ойногон зоо экен. Жакыптын жанындагы жолдошу пери менен сүйлөшкөн тилмечтиги бар экен. Сен перисиң биз адам, береги бийик зоону ашыргын, – деп тилин таап айтып перилерди көндүрдү. Оң канаты бир канча, сол канаты бир канча, канатын жайып калдайтып, бул төрт адамдын алдына бир пери келди далдайып.

Кош канаттын ортосуна төрт адамды мингизип, көк тиреген бийик зоону айланып учуп, ою жайык кең талаага алып барып түшүрдү. Бул төрт карып ашуусу бийик Ак-Белди ашып, Манкол менен Кордойду басып, жан барбаган Жети-Суу менен Кум-Белге жете келди, арасында дайраны кесе келди. Балтырганду чоң кайкыны ашып, кең талаадан өтүп, кең Илеге жетти. Күрпүлдөк, Чоңдак эгиз төр муну басты бул төртөө. Коргош менен Кашка-Суу бойлоп кирип келишти. Баскыяны аша албай түбүнө барып чарчап чаалыкканын басышып уйкуга киришти. Төртөө талашып уктап жатканда башында бар селдеси колунда бар ак таяк, бир борумун караса айдалыга асынган алтын кароок мылтык бар, капталында чалынган кара болот кылыч бар, кара санга салынган бетине жөкөр жабылган

миси карыш кең узун темирден кылган сабы бар, ай балтасы дагы бар, учу өрттөй кызырган карысында найза бар кабагы жайык ээги узун алп мүчөлү адам кез келди. Муну көргөн Чыйырды ыргып тура калып, таазим кылып жүгүнүп, уктап жаткан үчөөнү үч айлана жүгүрүп: Баягы түшүм келди, тилекти кудай берди. Атасынан баласы эрчип жүргөн жолдошу, башынан кызыр ээрчиген как ушинтип колдоочу, – деп ойлоп Чыйырды турса жүгүнүп, катын, – деп тилиң албаган, алган байың Жакыпка сооп болду! – деп ал айтты. Чыйырды көргөн керемет үчүнчү жолу келди. Карача кызы Чыйырды биринчи жолу кыз кезинде көрдү эле, Сары кандын ордого келин болуп келгенде экинчисин көрдү эле. Көзкамандын Көкчөсүн алыстан келген тууган, – деп койнуна Жакып катканда, бооруна Жакып басканда үчүнчүсүн көрдү эле. Көргөнүнүн баарысын Жакыпка айтып берди эле. Айтса Жакып болгон жок. Катындын тилин албайм, катындын тйлин алды, – деп жаман атка калбайм, – деп кереметин кетирип, касиетин качырып Жакыптып иши оңгон жок. Чыйырдынын белгиси төртүнчү жолу келди. Баш көтөртүп Жакыпты Чыйырды эми кеп айтты: Башыңан көткөн дөөлөтүң кайра келди, – деп айтты. Эчен айтсам тил албай, мына азыркы тарткан мээнетиң кетти эми, – деп айтты. Баш көтөрүп Жакып кан: Менин оозуман келмем кеткен го? Башыма бир текебер жеткен го? Зайып, – деп тилин албаган, бу жорук мага чала, – деп жакасын кармап токтолуп, Чыйырдынын белгисин ошондо билди. Аргымак минген немедей аттан катуу бек жүрүп Темирчи менен Күркүлдөк эки күндүк жол эле, жарым күндө барышты. Илени бойлоп үч күнү Чоң-Илеге барышты. Буту колун чоюшуп, ар түркүн жер-жемишке карындары тоюшуп төрт карып, жатып калышты. Тентип жүрүп кабылган жолдошу булжерге көп турбай кетели эми, – деп айтат. Айткан тилин макул, – деп чаркөөсүн бутка, салышып, куржундарын мойнуна, арта салып алышып эки аял, эки эркек жорго минген немедей катуу жүрдү бул Төртөө. Келе жатып жарышып, боз ала адыр тоо көрдү, боору жайык жер көрдү. Талаасы жайык мелтиреп жерден сонун жер көрдү. Каз өрдөк жатат көлүндө, аркар кулжа аралаш кийиги жатат төрүндө. Ошондо Жакып ой ойлоп, Кудай таала бак берсе жеринин баары кең экен, телегейи тең экен. Жараткан алда бир кудай ачар бекен багымды? Кайра конуп ордума миңгизер бекен тагымды. Тилекти кудай жеткирсе, элим тийсе колума дүңгүрөтүп көчүрүп, бу жерге элим баксам, – деп тентип келген кан Жакып нечен түрлүү ой ойлойт. Жанындагы жолдошу жерди көрүп ойлонуп санааңды санга кетирдиң. Эми басалы досум кетели. Азык-түлүк түгөндү, да бир жерге жетели. Буюрса

кудай насипти тамак таап алалы, басып жолго салалы, – деп айтып басып жолго салышты. Тамактары түгөнүп ачка болуп калышты. Басса, буту тушалып жүрбөй турган өңдөнүп Жайык-Талаа, Сары-Чөл четин басып, Кичи-Сан-Таш, Чоң-Сан-Таштын ортосуна конушту. Конуп уктап жатканда кан Жакып көрдү бир түштү. Түшүндө Бээжинге казат кылам деп Аксак Темир караган бул Чоң-Сан-Таштын белгиси. Бээжинге уруш салам деп, Кара кан беш жыл жаткан жер ушул. Каканга казат , кылам деп байгамбар батып албаган, Кара кан эмес мурунку Азирет Аалы барбаган. Азирет эмес абалкы Үрүстөм-Дастан тийбеген, ушулар барып кирбеген, Искендер изин салбаган, он сегиз миң ааламды адам эмес айбандан башын кошуп сураган Сулайман сурак, кылбаган. Алмак турсун Бээжинди көрбөй жолдон жаңылып, айдап жүргөн аскердин баарысынан айрылып, шондо Кара кан айткан арманын. Ушундай узун түш көрдү, түшүндө кыйын иш көрдү. Жана уктап жатканда кашына барып бир киши, Бээжинди пенде жеңбеген, сен көрөсүң бир тукум. Бирлигиң кетип колуңдан, келмең түшүп оозуңан сен жаңылып калыпсың. Жаңылыш болот пендеде. Жараткан өзү кечирер, кабыл болсо тилегиң сенден туулат бир тукум. Туулгандан тукумуң эчтемеге баш ийбей «жинди» атка конот. Жүрө-жүрө тукумуң токтолуп атка минет, жан барбаган Бээжинге сенин балаң келет, менин айтар кебим ушул. Акылың болсо билгин, жаныңдагы жолдошуң, койнуңдагы аялың тилин ала жүргүн, – деп кеткен менен келерди айтып көздөн кайым болду. Оңолот экен ишим, – деп кан Жакып ордунан турду. Көрдүңбү бир белги каным? Сен түш көрдүң мен билдим. Түшүң кабыл болсун, тилегиң кудай берсин. Асты – артыңды андап жүр, мобу жаныңдагы жолдошуңан ыраак кетпей жандап жүр. Кайдан келген дайны жок мунун ким экенин билип жүр, – деп Чыйырды күлүмсүрөп кеп айтты. Көңүлдөрү ачылып, капалары жазылып Алмалуу-Булак, Кең-Текес андан өттү жөө басып. Кызыл-Кын, Былчакай бул белди ашты бул Төртөө. Белди ашып караса көргөн жерден бир башка, көгөрүп дайра көрүнөт. Эченди көргөн Төртөөнүн эси чыгып токтолуп көңүлдөрү бөлүнөт. Коркконун билип жолдошу, жылан көргөн немедей жыйрылып барып токтонду. Көргөнүңөр эмине? Билгениңер эмине? – деп сурап калды. Дарыя жайын билбесең, ашкан кын, баскан бел, Кичи Оан-Таш Чоң-Сан-Таш муну Кара кан баатыр ашкан жер. Байкагын досум билбесең, көгөрүп жаткан чоң дайра Ысык-Көл деген жер ошол. Мунун аты Ысык-Көл, абасы салкын кызык көл. Маңдайдан агат кашка суу, тескейден агат кашка-суу, суусу суудан башка суу. Булагы болот ар жерде, адамдын көөнүн ачуучу, убагы болот ар жерде. Күнгөй менен

тескейдин жердечүү жери тар болот. Өйүз менен бүйүзү эл жердесе бу жерге, телегейи тең болот. Капа болбо жан досум, айланасын чачалы, тегиз көрүп алалы, дешип суудан сузуп алышып, сууга боюн салышып оңолошуп турганда, башында бар селдеси, колунда бар асасы, куржуну бар мойнунда бир абышка кез келет. «Ак», – деп чыккан үнүнөн жер солкулдайт заңк этип. Казал айтып муңканса, ал жай менен бул жайды аралап баарын билгендей, тозок менен бейиштин, ичинде жүрүп келгендей, думана айткан каселге төртөө турат таң калып, жакаларын карманып. Ачка болгон төрт карып, ээрчий басып жөнөдү дубананын артынан. Байкап көрсө бу төртөө, алда канча кубулат. Мазарлуу жерге түнө, байгамбардай тиле, сыйкырдуу жерге түнө, бир кудайдан тиле, – деп дубана келет кубулуп. Дубана барды «ак» уруп, азал айтып аңылдап, артындагы төрт карып, анын жанына келди жакындап. Карып болгон төртөөнү салган экен дубана Чолпон-Ата чоң мазар бак конуучу жолуна.

Мазарга барып бакырып: Жараткан Алда, жан кызык. Тилегимди бергин, айланып жерди кыдырып чарчаганда көрдүк биз, – деп Бакдөөлөт, Жакып, Чыйырды акка мойнун сунушуп, тегеренип мазарды үч айланып чыгышты. Төрт айланар кезинде төрт кулактуу бир казан, ак өргөлүү үй турат. Төрт кулактуу казанда сазан балык толуптур. Ар убак конок күткөндөй, кызына куда түшкөндөй, баягы үйдүн ичинде тамак-аш даяр болуптур. Мурунку өткөн шерлердин колдогон экен арбагы, Арып-ачып жөө келсе ар түрлүү болгон тамак-аш даяр болуп калыптыр. Казан асып от жагып даярлаган киши жок, оту күйүп балбылдап, казаны кайнайт бышылдап. Тамак ичип тойгону, ак думана келип жакындап: Кайра айланып алгыла. Манжылуу деген мазар бар, зыяратка баргыла. Кишилик тиштын үстүндө муштумдай болгон камыр бар. Жеп койсок ошол камырды, анда кудай урду эми, – деп казелин айтты такылдап. Чолпон-Ата чоң базар жанына жатып төрт карып, төртөө ар бир түрлүү иш көрүп, баарына кудай бак берип. күндөп-түндөп жол басып Манжылуута барышты. Ойлонуп акыл жетпеген, айткан сөзүн эптеген, мингени таяк буластаган, асманга учуп кулачтаган дубанага кабылып, аны көрдү бу төртөө. Ошондо айтат Чыйырды: Ак ниет төрөм билдиң то? Агарып – ачып жөө басып актык жолго кирдиң го? Эченди көрдүң башында, улук болдуң жашында. Сен он жетиде жашыңда, мен он үчтөгү жашымда кудалашып эки кан, никелешип баш коштук, ошондо көрдүм белгини. Бото менен тайлактай моюндашып жатканда, мойнума колуң артканда белги көрүп мен айттым. Атасы башка арамды, тууганым деп санаба, айлантып жүрүп ал арам, айлыңды алат колуна. Ичи – койнуңа

киреt, зили сени оодарып, акыры алдындагы тагыңды минет, – деп айтсам катындын тилин албайм, – деп катындын тилин алды, – деп жаман атка конбойм, – деп айткан сөздү укпадың. Мындай кийин билип жүр, ошондон тентип калганың. Анда Жакып ойлонуп: Ээ, байбиче Чыйырды, жаш кезимде кан болуп, оозуман келмем кеткендир. Адамдын көөнү бузулуп ар кандай ишке кабылып, бир текебер жеткендир. Салса кудай жолуна, дөөлөтүм келсе колума, кандыгым келсе кашыма, калкым тийсе колума, акылыман адашсам байбичеге баргын, – деп мындан кийин билемин, – деп өткөн ишине катуу өкүнүч айтты. Бел-Мазарга барышып, зыярат кылып алышып, касиеттүү Ысык-Көлдү үч айланып алышты. Арып-ачып басалбай, чарчаса минер атын жок, ичерине тамак жок, чаалыгып ал күнү жатып калышты. Эртең менен караса, кыргоолу жүрөт кыбырап, тоодагы жүрөт топтошуп, аңыры жүрөт аңкылдап, каздары жүрөт какылдап, өрдөгү сүзөт жайнаган, балыгы Көлдө шартылдап. Каз өрдөк тийбей колуна, же балыгы келбей колуна, карды ачып, көзү тунарып жатып калды бул төртөө. Тараза жылдыз батканда, таң кашкайып атканда, карга чокуйт какылдап. Бул эмине көрдү? өлүп калган тарп болсо ажыратып алсак, – деп төртөө барса жакындап, карга учуп какылдап карга учкан жерди караса жайнап буудай төгүлөт. О, кудайлап сүйүнүп, азыкты кудай берди, – деп чеңгелин жерге салышып, ууччтап-ууччтап алышып, эки күндүк азык, – деп даярданып жатканда жанындагы жолдошу. Мен үчөөңө кеп айтам, тапканыбыз бир табак. Эптеп ичсек эки күн. Баарын ичсек бир күндүк, азык – болот күн-түндүк. Менин тилим алсаңар, көп жорукту өткөрүп, ачкалыкка көндүк биз. Жаз убагы жакында, жерге эгин салалы. Жерге чачып көбөйтүп, тамак кылып алалык деп айтты. Бакдөөлөт, Жакып, Чыйырды ушул сөздү макул деп, бул айтканың акыл, - деп туура көрүштү. Күнү-түнү жөө басып, пир кетпеген Чеч-Дөбөгө барышты. Каталык баштан өттү, кылган иш башка жетти. О, садагасы кетейин! Пир кетпеген Чеч-Дөбө, карып болуп тентидим. Жараткан сага эп болсо эми акыңдан кеч Дөбө! – деп курун салып мойнуна буркурап ыйлап өткөн доор, кеткен күн баары түштү эсине. Ал жерди паана кылышты. Чеч-Дөбө салкын жер экен, сансыз мал күтүп жатчуудай, көйкөлгөн шибер чөп экен.

## ЖАКЫПТЫП АРСЛАНБАПКА КЕЛИП АШТЫК АЙДАШЫ[6].

Тобо кылып пендени жеткирет кудай серege, жаз убагы келатат, эгин экчүү жер издеп, жүргүн Жакып кетели, – деди жолдошу. Ушул сөзүң акыл, – деп чырым этип уйку албастан башкы атасы Кайгы Асан дүйнөнү кыдырып Арсланбаптын тоосуна зыяратка үч барган, Арсланбапка он эки күн дегенде келишти. Айдаганга буурсун жок, беш салалап тытышып, жердин бетин чиймелеп сээп койду буудайды. Коңур салкын күз келди. Сепкен жерин караса бир тердиктин бетиндей, чыккан жерин караса өзөндүн баары абуудай, Көрүп турган төртөөнүн акылы айран бөлүнөт. Байлап алар жиби жок, күнү-түнү он беш күн жыйып алды буудайды. Айдап жүргөн киши жок, же кайтарып жүргөн ээси жок кырманга келген төрт уйду кармап алышты. Төрт уйга малалатып, самандарын кетирип, топурагып учуруп, буудайды койду кызылдап.

Бечара менен мискинге, кайырчы менен мусапыр ошолорго берем – деп тилек кылды эр Жакып.

Тамактанып олтуруп: Мусапыр болуп бир жүрүп, көрбөгөн жерди көрүшүп, ар жорукка көнүшүп жети айча жүрдүк биригип. Карга чокуп какылдап таптык буудай бир табак. Мен айтайын бир сөздү: Көйнөгү кир, жүзү ак бир зайып келет кызылга. Кызылдап койгон буудайга колуна уучтап кум чачат. Кум кошулуп калды, жаман кылып салды, бу кайдан келген зайып деп капа болуп ойлонбо. Ачсын кудай жолунду. Арсланбаптын боюнан азык берди бир кудай. Кереметин көрсөтүп данды берди. Багып жүргөн киши жок малды берди. Ошол зайып алы кетсе буудайды, кайгырып капа болбогун. Көбөйтүп койсо буудайды көп болуп калды буудай, – деп текебер кылып койбогун. Билдим досум сырыңды, айтып бердим чынымды,

Атым Дыйкан эр Баба,
Кайгы Асандын жолдошу.
Туулгандан пир колдоп,

[6] Тема кийин коюлду.

Ногой кандын жолдошу.
Аягында келдим мен,
Акырында көрдүм сен,
Келе досум колуңду,
Башканын тилин албай жүр,
Мына бу жаш кезинде никелеш,
Чыйырды көөнүн салбай жүр.
Атаганат дүнүйө,
Биргирлиги бар экен,
Туубас болчу жан экен.
Бала багып алат го?
Сен өңдөтүп бир кезде
Бир балага салат го? –

деп Жакыпка айтып, жети ай бирге жүрүп биргелешип сырдашпай, сен кайдан мен кайдан, – деп сурашпай, бөлүнө жерге келгенде аты Дыйкан эр Баба кол алышып коштошуп, келээр менен кетээр ишти дагы айтып, көздөн кайып болду.

Аштыгы бышпай жерине, ачкалык келип элине Анжияндык Беккожо сатып алчуу дан издеп Жакыпка келди. Үстүнө тиккен үйү жок, астында аскан казан жок, кырман толгон кызылын көрүп: Сен тоо таянып жан багып, жерге эгин эгипсиң. Оозго салар даным жок, элимдин кетти айласы. Уламадан мен уктум, ээн жерде бир киши эгиндүү экен, – деп уктум. Эр жигиттин башына айдап жүрөр мал керек, короосуна кой, желээсине бээ, матоосуна төө, саарына уй керек. Адамзат башына андан башка не керек, – деп Беккожо айтты кеп.

Уксаңыз керек кабарды аргын ногой калың журт менен ошонун каны элем. Айлыман чыккан бузуктун тилин элим алыптыр. Анысын мага билгизбей кан көтөрүп алыптыр. Дөөлөтүм колдон тайганда өлтүрүүгө камынып даярданып калганда, качып чыктым бир кудайга жалынып. Барбаган жерим, көрбөгөн күнүм калган жок. Эптеп жеттим тилекке, бегим эми менде арман жок. Элим ачка турат, – деп эгин сурап сен келдиң, сага эгин керек, даңк керек, мен өңдөнгөн бакырга айдап күтөр мал керек…

Жетилген төө, буйлалаган нар келди. Жылкыдан келди алтымыш. Жылкыга көөнү тойгондо, алтымыш төөгө жүктөтүп, ак күрүчтөй дан берди. Аш таппаган бул Жакып ай туякка бээ сойду. Жылга жетпес Жакыптын өрүшүнө мал толду.

## КӨКЧӨКӨЗДҮН ЖАКЫПТЫ ИЗДЕТИШИ.

Кан ордун алган Көкчөкөз Жакыпты кармап келгин, – деп төрт желдетти жиберген экен. Жайы-кышы табалбай, Жакыпты таппай койдук, – деп кан Көкчөкөз каарынан кайра элине бара албай тентиген экен бу төртөө.

Телкожо менен Курманбек Алматы менен Челекти, Ак-Бел менен Сибирди, Аягуз менен Болотту аралап издеп таба албай, казактын каны Көкчөдөн мындан издеп таба албай Анжияндык Шаакожо канга жолугуп: Каныбыз элден качты, кан ордуна кан болгон таап келгин деп жиберди. Билсеңиз бизге айтып бер. Табылып тийсе колуна, азыркы турган биздин кан алтын дилде пул берет, алтымыш кошо кул берет, – деп жок издеген бул төртөө Шаакожо кандан сурады.

Шаакожо кандын Сынчыбек кабагын карыш түйүп: "Жоготкон кишиң ким. Өзүнүн атын жазбай айт, Ата-теги кан беле? Калк сураган жан беле?"– деп сурады. Ачуусу келип үксөйүп, бетинин түгү түктөйгөнүн көрүп, тура калып Телкожо: Жашырбай атын айткын, – деп ачууңуз менен айттыңыз. Таксыр алдыңызда туруппуз. Төгөр болсоң кан мына, кесер болсоң баш мына. Адилет кандан айрылып каарду канга кабылып, – деп бышактап көзүнүн жашы төгүлүп ыйлап кирди. Ыйлаба досум. Барсаңар чаап беремин, айтып турган сөзүңдү беттешкенде көрөмүн, – деп Сынчыбек төртөөнү дыйкан Жакыптын үстүнө алып келди.

Чыйырды менен көрүшүп кучакташып өбүшүп, кутказар бекен кудай деп, – зыркырашып ыйлашып турганда Сынчыбек айтат токтотуп: Ээ, кызыталак төрт акмак! Качкан кишиң биякта зайыпты көрүп ыйлайсың, жоготкон жокту таптык, – дед жобоңор жугат карыпка. Бул жерге турбай кайткыла, – деп Сынчыбек күүлөнүп, кеткиле деп ачуусу келди сүйлөнүп. Айланайын султаным, алар болсо эт мына, угар болсоң кеп мына. Ачууңуз келсе уруңуз, айткан сөзүм угуңуз, кагылайын султаным, жеңемди көрүп бул жерден эрип кете жаздадым, жеткен ажал жок экен өлүп кете таштадым. Жоголуп кеткен каныма бир жүздөшүп алайын, андан кийин өзүң бил. Жаңылдың, – деп кан айтса, мени чапкын садака, – деп Телкожо арыз

– муң зарын айтып буркурап ийди. Шайык, Акун, Акматбек, Сынчыбек Жакыпты көргөзмөккө алып жөнөдү.

Төртөөнүн түрүн көргөндө Бакдөөлөт бакырып сүйүнүп, Жакыпты көздөй жүгүрүп, айланайын султаным, тилегиң кудай берген то? Ишиңди кудай оңдосо, Сынчыбек досуң алдыңда, кан болуп элде турганда, бирге жүргөн жолдошуң төртөө келет артында. Ээ, жараткан бир кудай, көргөзкөнүң жалганбы? Жакып чуркап барбактап жаны калбай дардактап, колдойт экен арбак, – деп алдын тосо чыкканда, көрөгөч бала Сынчыбек аттан түшүп жөө басты. Жакындап Жакып келген соң, баарына кудай берген соң, айза тийген немедей акылдарын жыя албай көзүнүн жашын тыя албай жер кучактап сулашты.

Жүз көрүшүп болкулдап, чын көрдүмбү муну? Же калп көрдүмбү муну? – деп, төртөөнүн жүзүн көрдүм, – деп сүйүнүп ыйлайт Жакып кан.

Жолдошум Жакып ыйлаба. Төрт жолборсуң эми келсе кашыңа, ээлигип неге ыйлайсың. Ар качан айтам билбейсиң, азили арам болгон соң, акылыңды токтотуп, айлыңды алгын Көкчөдөн, алчуу өчүң алдыда, – деп Чыйырды көзүнүн жашын тыя албай, акылын кайра жыя албай, өпкө-өпкөсүнө батпай бышактап турду. Токтолуп сабыр кылгын, акылыңды жыйгын, – деп кайратын айтып Чыйырды кашкайып күлдү. Ардактуу досум Жакыбым, элиңдеги эрендер ээрчий келсе артыңан, энең уруп койгондой эминеге ыйлайсың? Акылы жок, эси жок көсөр киши экенсиң. Ардеме менен иши жок арсыз неме экенсиң. Артыңан ээрчий эр келсе, ак боз бээ албаган ай туякка чалбаган малсыз киши бекенсиң? – деп Жакыптын качып кеткен акылы кайра ордуна барсын, – деп кайраттанып калсын,– деп Сынчыбек досу опулдап коё берди. Жакып эсин жыйып тилегим кабыл келди, – деп данга алган жылкыдан ак боз бээни ай туякка чалдырып, бабединге нан коюп, арбакка атап мал союп, ак буудайдын данын жеп, ак боз бээнин этин жеп, ата-бабанын арбагы колдо, – деп а күнү жатып калышты. Калалуу коргон чебиңди, качырып ийип өзүңдү кор кылыптыр элиңди. Ардактуу досум Жакыбым, эми кегиңди кандай аласың, элиңдин айласын кандай табасың? – деп Шаакожонун Сынчыбек Жакыпка кеп айтты. Муну уккан Чыйырды: – "Зайып дебе эки дос мен айтайын чынымды. Бир кудайды пааналап, береги турган досуңуз келди сизге каралап. Атаңыз улук кан экен, ачкадан калкын тойгузган акылы бар жан экен береги досуң жакыптын тентимиш аты өчө элек, баштагыдай боло элек. Эми сиз табыңыз акылын," – деп Чыйырды Сынчыбекке айты.

Алган байың бул Жакып уруксат берсе мен айтам, бербей койсо уруксат, мен билем, – деп неге айтам? –деп Сынчыбек таарынып калган немедей мостоё калды.

Акыреттин камын жеп, ак буудайдын данын жеп акыреттик дос болдук. Достукту кудай кут кылса, эмкини досум сен бил, – деп Жакып жол берди.

Берсең мага бирдикти, акыл чыгат карыдан, кан алдына баралы. Акылын угуп атамдын андан мындай иш болсо уруша турган шер болсо, эч кимге бирдик бербеген арам заада как болсо, элчиге киши жиберип, канынан жоп алалы. Жүргүлө кан атама баралы, – деп Сынчыбек кан алдына ээрчитип келди.

Адам пенде сөзүнө азгырылбай койбойт адамзаат. Азгырма тилге киргендер. Элди алдаган азгырма, ээ балам өзүнөн өзү жоголот. Кандыгың тиет башыңа, капаланбай тура бер. Эми өзүңөр билгиле, мен силерге айтарым мындан кийин экөөңөр бир кишидей болгула, бир конушка конгула, – деп Шаакожо насаат сөзүн айтты. Эки дос эми чындап түшүндү. Жакыптын досу Сынчыбек карала кагаз кат жазып жок издеп келген төртөөнө ат мингизип, тон кийгизип жоо жарак берип жолуна салды. Жок издеген бул төртөө жоготкон жогу табылып, абийри минтип жабылып ат которуп минишип Көкчө канга чабышты,

Кан Көкчө калкып чогултуп: Жок издеди төрт киши. Төртөө бирдей жоголду. Менин ишим кайдан оңолду? – деп калкып каарып турганда он үч жашар Абыке периште салып оюна отура калып кеп айтат: Ой, атаке улуксуң. Аралап элди бурупсуң. Кан тактысын алыпсың. Алганыңа карыбай өлтүрөм, – деп калыпсың. Төрт кишиге издетип, төгөрөктү чалыпсың. Жок издеткен төрт кишиң, жогун таап алыптыр. Тентип кеткен качкының олуя мазар түбүнөн оюна жетип алыптыр, Каны менен дос болуп кайра ордуна барыптыр. Калкты жыйып кыйнаба? Калкты минтип кыйнасаң кандык колуңан кетет, башыңа өлүм жетет, – деп баласынан кеп угуп, орою учуп Көкчөкөз: – Кара оозуңа кан толгур! Кайрылгысыз күн туугур! Баласы минтип айтты, – деп элден бузук чыкпайбы? Аталык! – деп бакырып а жакка бир салып, бу жакка бир салып баланды ал – деп бакырды. Кан ичинде көсөмдү, кеп сүйлөгүч чеченди көргөнүңдү айткын, – деп каарына алды кан Көкчө. Жыйып алган калың журт заманасы куурулуп, чымындай жандан түңүлүп, баары турду жалдырап.

Телкожо баш болгон, жок издеген төрт баатыр жетип келсе айлына, калдайган калың эл жатат. Аскери кетпей быкылдап, тышынан кетпей

кайтарып алты курчап алыптыр. Эмне болуп кетти? – деп эл аралап кире албай, же эл ичинен кабар ала албай туруп калышат.

Бири куда бири дос Карача менен кан Шорукка баралы. Жакыпты таап келдик – деп аларга кабар салалы. Кан Жакып качып кеткени капалыкта-жүргөндүр. Аскер жыйып кол курап Шоруктан алып чыгалы. Аскер алып келдик, – деп астыртан кабар кылалы. Тилеги бирге кан эле, тең курбалдаш жан эле. Биздин кепти укканда токтотпой аскерин берер, аскерине кошулуп өзү кошо келер, – деп Телкожо жолдоштору менен акылдашты.

Чыйырдынын эжеси Карача байдын байбичеси Урумжан бир жакшы кабар келерин билип, байына: – Элдир селдир кеп угам, билдиң беле султаным? Чыйырдынын күйөөсү элинен кеткен, – деп угам. Ар кимдерден кеп угам. Жалгыс балаң Чыйырды жан, жолдошу Жакып кан качып кетти, – деп угам. Уктуң беле мындайды? Шорук кан менен сүйлөшүп жалган бекен, чын бекен? Дааналап кабар алыңыз, – деп байбичеси Карачага кеп салды.

Карача бир нерсени сезип, туюп жүргөн экен. Жок, андай кабар укпадым, андай неме билбедим. Билсе Шорук билгендир. Билсе да айтпай жүргөндүр. Укса Шорук уккандыр, укса да айтпай жүргөндүр. Мен Шорукка барайын, жан досун, Жакыптын кабар алдыңбы? – деп андан сурамакчы болуп, жанына жолдош алып Карача жолго чыкты.

## МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Манас Арсланбапта төрөлөт. Манас төрөлгөндэ ичтен капкалуу түшөт. Аны кайып колдоп, кайыптын добушу менен капканы жарып чыгат. Баланы караса эки колу бекем түйүлгөн эки колунун отунда. Уучтаган каны болот.

Манас өзгөчө бала болуп чоңоёт. Тентек, оюуна келгенин кылат, элге жолобой өзүнчө жүрө берет. Атасы Жакып адам кылып бер деп эшенге, молдого, койчуга берет. Бала аларга баш бербейт. Акыры жылкычысы ыйманга берет. Ага да болбойт. Акыры тажаган жакып: Балаңа оңолсо ээрчитип кел, оңолбосо ээрчитип алып андан ары жогол, - деп Чыйырдыны каарыйт. Ал айласы жок камынып, аттанып чыгып, Ыйманбек жылкычыга барат. Барса Манас эр өлтүрүп, кан ичип, тентектиги ашыныптыр. Ыйманбек аларды азык берип жөнөтөт да, баласын өлтүрүп, энесин олжо катын алгыла, – деп калмактарга кабар берет.

Тосуп чыккан калмактарды Манас жайлайт. Жакыптан көөнү калган Чыйырды атасы, Карачаныкына кетип, баласын багууну ойлойт. Учураша кетейин деп жолдон Шорук, канга барып жолугат. Шорук урматтап кабыл алып, аларды Карачаныкына жеткирет. Манастын атың думана Машурук коюптур, ал жетимиш киши өлтүрүптүр, калмактын эпсиз чоң балбанын өлтүрүп энесин куткарып алыптыр. Жалгыз балам жинди болуп калды деген Чыйырдыга Шорук. – Балаң жинди эмес, мыкты чыгат, Карачага барып учурашып кайра кел, кызым Акылайды алып берип, Манасты бала кылып алам, – дейт.

Карача кызын тозуп алып, түлөө өткөзүп, эли бүт кубанат. Манастын жинди кыялы дале калбайт. Ошон үчүн токтолор бекен деп ага катын алып бермек болушат.

Түлөбай дегендин жүрүш-турушу жандан башка кээде жиндидей, кээде соодой Карабөрк деген кызы бар экен.Жолугушуп бирин-бири жактыршат. Манаска аял алып бермек болгондор да тая эжесинин сунушу боюнча өзүндөй жинди кыз алып бермек болушат. Издеп барып жолугуп, көп калыңга мал берип, куда түшүп салтанат мемен алып берет. Карабөрктүн энеси Жаркын балдарымды эки ай өзүм багам, эки айдан кийин Манас кетет, кызым үйүмдө калат, – дейт. Чыйырдылар кайтат.

Шорук кат жазып Чыйырды менен баласын жиберсин, – деп Карачага киши жиберет. Максаты кызын алып берип, Манасты күйө бала кылып алуу болгон. Чыйырды эли менен коштошуп Шорукка келет. Акылай озунуп урматтап тосуп алат, ал Манаска тийсем деп күсөп калга экен.

Эки ай болгондо Карабөрк Манас менен коштошуп, ага батасын берип узатат да, өзү төркүнүндө кала берет.

Акылай: "Мен Манаска тием," – деп, Тынымкан дегег кызды атасы менен Чыйырдыга арага жиберет. Шорук той берип, Акылайды Манаска алып берет. Манас дале делбеленип жүргөн. Талаада жүрүп койчу Койчуманга жолугат. Тентип жүрбөй элиңди тапсанчы? – деп койчу шылдың кылат. Арданган Манас элин издөөнү ойлонуп Шоруктун айлына келет. Кайнатасы Шорук кан анын тамак ичпей, кабагын ачпай таарынганынан улам Чыйырдынын айтканынын себебин түшүнүп, балаңды аласыңбы, жокпу? – деп Жакыпка Жолдошбек дегенди кабарга жиберет.

Жолдошбек барып кабар айтса Жакып кайгырып капа болот, себеби, Манас эр өлтүрүп күнкор, нар өлтүрүп пулкор кылып, элге жаман- көрүнүп, тажатып туруп кеткен. Бирок, Манастын аман – эсен экенин уккан эл мурда аны жаман көрүп жүрүшкөнүн унутуп кубанышат. Жакып элин тилдеп урушат. Жолдошбек мен барып атаң сени албаймын деп айтты, – деп Манаска айтсам, ал жөн турбайт, келип бузук салса айлаң не болот? – дейт. Жакып чогулуп өзүм барбайм, балам өзү келсин, дос элек Шорук жеткирип берсин, – дейт.

Аргын ногой түлөө өткөрүп, анда Жөөчечендин Жамантазы сөз сүйлөп, Манастын баркын кытайдан кыстоо келип, элдин башына оор күн түшкөндө көрөсүңөр,–дейт. Элчибай бала чечен баш болуп элден алтымыш: киши аттанып, Манас менен Чыйырдыны издеп бармак болушат. Баргандар Шоруктан бата алып, Манасты энеси, аялы менен ээрчитип элге кайра келишет. Эл кубанып тосот, айрыкча Бакдөөлөт кубанат. Жакып элге ачууланып, Бакдөөлөттү желдетине алдырып алып тилдеп: Өзүң туубассың! Көкчөкөздүн Абыке, Көбөш балдарын багып бердим, Манасты сен туудуң беле? Эмнеге кубанасың, – деп катуу урдурат. Бакдөөлөттүн ыйлаган үнүн угуп Манас ачууланат. Эл Жакыпка нааразы болуп, аны тактан түшүрөлү, антпесе балага зыян кылат, – дешет. Кудайга жеткен үндү ээрчип издеп барып Манас Бакдөөлөттү атасы сабатып жатканда үстүнөн чыгып, эки желдетин жыга чаап өлтүргөндө, Жакып үйүнө качып кирип бекинет. Чыйырды Жакыпка өзүлөрү башынан өткөргөн кыйынчылыктарды бүт терип айтыа, балаңа бата бер десе Жакып:

Менде алты бала бар,
Абыкем атка минип эр болду,
Көбөшүм эр уулуна тең болду,
Кочкорум койду багып көбөйттү,
Медетим болду жылкычы,
Манакем болду уйкучу,
Седетим болду отунчу,
Сенин тууган балаңа,
Менин күнүм калган жок, – дейт.

Эл өгөйдү – жаатты балам деп, өз баласын танганы үчүн Жакыпты жаман көрүп, мындан ары муну кан катары сыйлабайлы, – дешип убадалашып тарашат.

Манасты зер учуруп, делбеленип токтоно албай эки энеси, аялы менен коштошуп, жер кесип жөнөп, олуя чалга жолугуп, андан бата алып, Шаакожо, Буудайык кандын Музбурчак, Айдаркандын кан Көкчө, Эштектердин Жамгырчы, Үрбү, Элеман, Агыш-Кожош жана башка кандарды бүт кыдырып жолугуп, акыры Кошойго барат. Экөө жайын айтып таанышат. Кошой Кожонун кызы Билерикти бергин, – деп каапырдын ханы Эскара калмак-кытайдан кол алып келип кыстаганын, эли берели дегенде атасы кары, өзү жаш, күйөр тууганы өтө аз болсо да калмак-кытай менен алтымыш күнү урушуп, акыры аларды кубалап, элин аны менен кошо Билерикти куткарып калгандыгын Манаска айтып берет. Кошойдун атасынын аты – Султан кан. Кошой Манастын болочокто мыкты баатыр болорун билет экен. Ал Манаска сени жинди атантып оолуктуруп жүргөн атаңдын пири, азыр он төрттө экенсиң. Он алты жашында токтолуп, мыкты баатыр болосуң, – дейт. Манастын өтүнүчү боюнча Кошой батасын берет, экөө ажырашат. Манастын оюна энеси түшөт, өзүнө колдочулар көрүнүп:

Олуя заада канкордун,
Оолукканы басылды.
Алты пирге кабылып,
Олуя заада баатырдын,
Ошерде көзү ачылды.

Манастын эл кыдырып кеткенине туура алтымыш алты күн болот. Ал учурда мусулмандын 7 каны жолугушат. Жакып кайра кайрылып келбесе экен, мунун дартынан капкалуу шаарымды таштап качып, аргын ногойду Көкөтөй кандын элине алып келип баш калкаладым, – деп жүрөт. Жакыптын мурдагы жери Ак тайлак менен Энесай экен. Манас элине кайра келет.

## МАНАСТЫН ҮЙЛӨНҮШҮ[7]

Манас алтымыш алты күн эл кыдырып, мусулмандын жети канына жолугуп, элине кайра келет. Бөкөй баш болгон эл балаңды балам дегин, – деп Жакыпка барышат. Ал оңолсо бала кылам, оңолбосо жок, анткени азабын көп тартканмын. Калмак кытайларды көп өлтүрүп, ал үчүн көп кун бергемин. Акыры калмак кытайлар талап алмак болуп камданганын угуп бул жерге элимди алып качып келгемин, – дейт. Элдин көбү Жакыптын айтканы да жөндү дешет.

Думана Таздын кеңеши боюнча Манас акылдуу аял алса токтолор, – деп кыз издетип беш киши жөнөтүшөт. Агыш, Үрбү, Элчибай, Жангазы, Бөкөйлөр кыз издешин Маргалаңдык Малабекке, Кокондогу Колкобекке, Буудайыктын Музбурчакка ж, б. турган көптөгөн жерлерге барышат. Кошойдун кеңеши боюнча Букардын каны Кара канга барып кичүү кызын Каныкейди Манаска бер дешет. Ал кызым өзү билет дейт. Кайра элге келген элчилерге Жакып куда түшүп малга чыгым болбойм, жинди Манас аял багабы, мурдагы аялдарын да баккан жок дегендиктен Кошойго кеңешишет. Ал көп мал, калың камдап, өзү кошо жөнөйт. Жакыпка келип, аргын – ногойлордон көп калың чогулттуруп, кудалашып келгиле деп Үрбү, Бөкөйлөрдү баш кылып беш киши жөнөтөт. Алар барып кулдук кылып куда түшүшөт. Каракан күйөө өзү келсин дейт. Жуучулар не кылар айласын таппай кысылышат.

Каныкей түш көрүп, түшүндө аны ак жолборс көтөрүп кетет. Ал чочулап, менден айрылдыңар, акыңардан кечкиле, – деп ата-энесине айттырат.

Ушул учурда бутунда чарык, башында күлө өзүнчө элирген Манас Букарга келип калат да Каныкейдин сарайына барып, байлоодо турган аттарын минмек болот. Андан сарайга кирип уктап жаткан Каныкейдин төшөгүнө кол салат. Канышай чочуп кетип тинте менен колго саят.

Жарадар болгон Манас ачууланып кыздын оң жак кабыргасын кыйрата тээп, колунан жетелеп чыгып, даяр турган эки күлүк аттын бирине

---

[7] Тема кийин коюлду.

мингизип, бирине өзү минип жөнөп кетет. Эч ким даап алдын тосо албайт. Артынан келген куугунчулар Манас менен Каныкей оодарышып ойноп, жай баражатканын көрүшөт. Каракандын канчыгы өзү эр таап кеткен турбайбы дешип калышат. Аны кулагы чалган Каныкей ачууланып аларга кол салып кайра кубалайт. Каракан көрүп, Манасты жактырып, үйүнө келип, балам өз жайын таап кетти, – кетти деп той берет. Манаска кызды кошуп узатат. Жолдон Манас менен Каныкейлерге каракчылар жолугуп, баланы өлтүрүп кызды алышмак болушат. Согушта Манас башчысын баш кылып көп адамды кыйратат, Каныкей ага жардам берет. Манастын минген аты жүрбөй калып, Каныкей алардын колуна түшөт.

Манасты Кыркчилтен колдоп, буурул ат алып келип, берет Манастын колунда курал-жарак жок, көк союл алып согушат. Акыры Манас Каныкейди куткарып алып, экөө Таласка элге келишет. Аларды Чыйырды тосуп алып, Бакдөөлөт башына жоолук салат.

## АЛООКЕ КАН МЕНЕН БОЛГОН УРУШ, МАНАСТЫН КАН БОЛУШУ[8].

Алты баламдын аксакалы Азызкан, анан Коңурбай, Эскара, Көкбөрү, Байкоңур эң кенжеси Эр Эшим. Алты уулумдун барында ай-ааламды бүт алып, ислам дининдегилерди жоюп, өз диниме киргизем, – дөп Алооке эсепсиз көп кол алып аттанып, адегенде казактардан Айдаркандын Көкчөсүн басып алат. Кашкардын каны Музбурчакты каратат. Кошой баш болгон катагандарды шаарына камап, эки жүз адамы менен Кошой качып кутулат. Көп элди каратып, Алооке мыкты деген усталарды алдырып өзүнө сарай салдырат, анда ажыдаар, жолборс бага турган жайлары да болот, өзүнө жакын ымалаш Эдигени чакырып алып, баарын караттымбы? – дейт. Ал андай эмес, мусулмандардын ичинде бир жинди келесоо бала бар, ошол бала колуңа тийсе гана бүт баарын каратасың, аны алалбасаң акыры ошондон өлөсүң,– дейт. Ошол жиндини таап байлап берип келгиле, болбосо баарыңардын башыңарды алам, – деп элди Алооке кыйнайт. Эл чогулуп Манасты кармап, байлап келип бермек болушат. Жакып Аккуланы Шайкожо кандын шаарына алып келип, мыкты тулпар болот, жиндиге берсе өлтүрүп коёр, – деп Манаска билгизбей жер алдында жашыруун бактырып жүргөн экен. Манас элирип чуркап бара жатып, кокустан кезигип калат да темир эшигин талкалап кирип, атты алып, белиндеги, кийиз куру менен мойнунан. чалып минип алып күн батыш тарапка жүрүп кетет, Аны кармамак болгондор чогулуп келишет, баланды тап, – деп Чыйырдыны камашат. Ал билбестигин айтат. Каныкей элге: – "Манаска алыңар жетпейт, анын тулпар минип, баатырлык кылар убактысы болду, ага бөөдө катылып, мерт болуп калбагыла," – дейт. Манастын колдоочуларыныи бири, думана кебетесин кийип алган Сарытас элге: – "Алоокеден кол алып, артынан кубалап баргыла, алыңар жетсе байлап келип, улукка бергиле," – дейт. Сексен балбан баш болгон баатырлар куугунга жөнөйт. Манас атын агытып жиберип, ээр токумун башына жазданып, уктап жаткан жеринде куугунчулар артынан жетишет. Ушул жерде манасчы тарабынан Аккуланын тарыхы айты-

[8] Түп нуска боюнча берилди.

лат. Манас жылкысын багып берип Шаакожо кандан акысына алган экен. Куугунчулар кармамак болгондо, ал качып барып чапчып Манасты ойготот. Манас кол салган куугунчуларды көк союлу менен чаап өлтүрүп сактап калган Кожоштон Алоокенин жайын угуп кырк күндөн калбай барам, камдансын, – деп кетирет. Кетип баратып Манас Мединанын кара чөлүнөн бирөөгө жолугат. Ал аманатынды ал дейт. Манаска бер деп Азиретаалы зулпукорун тапшырып кеткен экен. Манаска жолуккан Акеш саабынын арбагы экен. Манас «кылычты алат. Андан ары барып көп кол ээрчиткен селдечен адамга жолугат. Ал Азирети Аалынын кичи уулунн уулу экен, аты Сарыкожо эр калпа. Ал Манаска курал-жарак, соот, ак келте, туулга, ок ж. б. берип, мылтык атуунун, жаа тартуунун жолун, ыгын көрсөтүп, каапыр менен урушкун, – деп батасып берет. Аны уккан Манас кайрат, күч кубат алып жөнөйт. Камданып жаткан Алоокенин колуна келип согуш болот, ажыдаар, тойбосторду коё берсе, алар Манастан качышат, аскерлерди аралап урушкан Манас көп жоону кыйратат.

Кытайлардын Бооке аттуу баатырын жеңип, көп колду кыйрат-канда Алооке Көлгө бет алып качат. Манас анын ажайыпканасына кирип, ажыдаар – мар, түрдүү айбандарын өлтүрөт. Кытайдын Алабан аттуу чоң дөөсү Манаска кол салып, аны күрсү менен жыга чабат. Арстанбап, Шаймерден ж. б. олуялар колдоп Манас ордунан туруп, Алабап аттуу дөөнү кылыч менен жайлайт, анын он эки миң аскерин талкалап кырат. Ажайыпкана кантти экен? – деп көргөнү келген Алооке Манастан коркуп Бээжинди бет алып качып жөнөйт. Ажайыпканадан сыртка чыккан Манас душмандын өтө көп колуна каршы согушат. Кытай колу качат. Манас согушуп жүргөндө дүрбү менен көрүп турган Эдиге баатыр элге кабар берип, эл атганып качкан жоону сүрүп жөнөйт. Манас душмандардын колунун тиккен туусун жыгат. Аны көрүп аскерлери менен Кошой да согушка кирет. Кошой Алоокени жайлоону көздөйт, бирок таппай калат. Алооке коркуп, из жашырып качат. Астынан алты миң кол ээрчитип уулу Коңурбай жолугат. Ал атасы Алоокеге учурашып кеткени келе жаткан экен. Ушунча кол туруп да караткан жерди бурутка берүүгө болобу? – урушабыз деп Коңурбай оолугат. Атасы болбой, оолукпа, мындан мен эмес, Бээжин соо калбайт, – дейт. Аңгыча чуу чыгып, Манас баштаган кыргыздар келишет. Коңурбай атасынын тилин алып, качып жөнөйт, кетели десе Алооке болбой калып калат.

Качкан жоонун арасынан Алоокени издеп келе жаткан Кошой из чалып анын артынан түшөт. Келе жатканын көрүп камданып турган Алооке экөө беттешет. Көпкө кармашып, алыша албайт, акыры Алоокенин күрсүсү тийген Кошой жыгылып түшүп аны кармап алышат. Өлтүрмөк болуп

жатканда Манас келип калып, Алоокелер качып жөнөшөт. Манас кууп жетпей калат.

Атын эс алдырып оттотмок болуп токумун алса Аккула жооруп кетиптир. Манас атына кайгырып, элди токтот. Аңгыча жарасынан айыгып, көп колу менен Кошой келет. Экөө учурашып, Кошойдун акылы боюнча Аккуланы айыктырып алып Алоокени издеп жөнөшөт. Алооке узап кетпей Манас колго тиер бекен, – деп аңдып жүргөн экен. Кошойдун акылы боюнча ал алдыга барат. Аны көрүп Алооке качырып келгенде добулбас уруп кабар берип, Манас туурадан качырып чыгып, экөө колго түшүрүп, өлтүрүшөт.

Манас Бээжинге барам, – деп оолугат. Алың келбейт, мусулмандан көп кол жыйып алалы, – деп Кошой болбойт. Ошентип он эки миң кол жыйышат. Алоокенин калган аскери каптап кирип узакка катуу уруш болот. Маргаландан Малабек баатыр бала көп колу менен келип урушка аралашат, бирок өзү кытайлардын казып койгон оруна түшүп калат. Андан Манас бошотуп куткарып чытат. Уруш уланат. Кытайдан өз колдору менен Соорондук, Бөрүкөз деген баатырлар келип, уруш күчөйт. Бөрүкөздү Манас колго түшүрүп байлап алат. Кыргындуу көп согуштардан кийин кытай-калмак качат. Мусулмандардын белгилүү баатыр, кандары өз элдери менен чогулуп Манасты көрүүгө келишет. Чогулган эл ошол жерде бала Манас баатырды мусулман элине башчы болуп бер, – деп суранышып, чуркурашып бата беришет. Ар бир уруу өкүлү – кандар калмак-кытай качыптыр, – деп угуп өзүлөрү эле колдору менен келип согушка аралашышат. Көбү Манасты билбейт, көргөн да эмес. Көп кордук көргөзгөн жоого түп көтөрө бүт эл каршы чыгат. Айрымдары кытайларды издеп Бээжинге чейин сүрүп баралы дешет. Манас Кошойго кеңешели, абам баралы десе баралы, койгула десе барбайлы дейт да, мурда согуш убагында өзүнүн бөлүнүп кеткен Кошойду издетип эки киши жиберет. Алардан кабар алган Кошой келип, элди чогултуп, эл эсебин алалы, көбү чарчап чаалыгып калды, элди жыйып сени кан көтөрөм дейт. Кошой чогулган элге кайрылып, Манастын мурдагы жинди атын өчүрүп, султан кылалы – дейт, аны Үрбү кубаттайт. Жалпы эл кабыл алып, убада кылып Манаска бата беришет. Малабек менен Кошойдун кеңеши боюнча үй-үйүнө барып ач-жылаңач болгондорго, жүдөгөндөргө каралашып эл жай-жайына тарамак болушат. Манасты кан шайлаган-калың эл Жакыптын шаарына чогулуп түлөө өткөрүшөт, Эл көрүп таанысын, – деп Үрбү, Манаска жоо киймин кийинтип, элди аралатат. Жети кан мусулмандын эли бүт жардашып, таң калышат Кошой баатыр он алты кан мусулмандын элине Манас кан болду, – деп жарыялайт.

## МАНАСТЫН БЭЭЖИНГЕ КАЗАТ КЫЛАМ ДЕП КОЛ ЖЫЙГАНЫ

Он алты кан мусулман,
Ошону алды колуна,
Пир колдогон Манастын,
Кудайы салды оюна.
Кеңеш кылып кеп айтты,
Арстан Манас кайран шер,
Келүүчү кебин эми айтты:
– Мен силерди жыйганым,
Тилегеним ыйманым,
Байгамбар батып албаган,
Азирет Аалы барбаган,
Искендер изин салбаган,
Амыр-Темир тийбеген,
Менден мурун эчен пир,
Ошолор барып көрбөгөн,
Каканга, Бээжин калаага,
Бир кудай салды санаама,
Кара шаар Камбылга,
Калдый менен Жамбылга,
Казат кылып өтөлү.
Калтыраган тозоктон.
Кара жанды калкалап,
Азат кылып өтөлү.
Казат кылып жан кечип,
Ажал келсе жалгандан,
Окко учуп кетели.
Ислам туусун көтөрүп,
Жарым айчык туу алып,
Азиретке жалынып,
Биз баралы Бээжинге.
Аскер жыйып камынып,
Күн болжошуп кеп кылып,
Жүрөр күндү чен кылып,
Убаданы бек кылып,
Өлө турган шерт кылып,
Ак боз бээни союлу,
Ак куранды колго алып,
Бир кишидей бололу,
Убаданы кылалы.
Уккула сөздү баарыңар,
Уламалуу карыңар.
Он беш менен кырк бештин,
Ортосун аскер алалы,
Жайы-кышы он эки ай,
Аскерди жыйып алалы,
Бир санатка толтуруп,
Анан жолго салалы.
Бууданды билип таптайлы,
Эсебин алып аскердин,
Азык-түлүк мол кылып,
Аза заба кол кылып,
Калың кара той кылып,
Калгандарга ой кылып.
Бек убада кылалы,
Бели катуу эренди,
Муну башка жыйалы.

Өтөргө чечен тилдүүнү,
Өлүмдөн кайтпас жиндини,
Муну бөлүп жыйалы.
Мылтык атар мергенди,
Жазбай атып бергенди,
Аны башка жыйалы.
Найза саяр ыктууну,
Жоого тиер мыктууну,
Беттешсе кайра тартпаган,
Бендеге сырын айтпаган,
Муну башка жыйалы.
Коён жүрөк коркокту,
Копол өскөн чоркокту,
Муну башка жыйсак–деп,
Арстан Манас кайран шер,
Акыл салды элине,
Эл бийлеген бегине.
Эми сөздү баштады,
Акылман Кошой карысы:
Он алты кан мусулман,
Ойлонгула баарыңар.
Оюңа келген бир сөздү,
Айтмак болду карыңар,
Жалпы баарың уккула.
Баарыңды Манас жыйыптыр,
Бээжинге казат кылууга,
Бек убада кылыптыр.
Айткан сөздү уктуңар,
Он беш менен кырк бештин,
Ортосун аскер алмакка,
Убада кылып чыктыңар.
Ошону аскер алганда,
Оолугуп жолго салганда,
Карылар калар буркурап,
Катын – кыз калар чуркурап.
Мында айла не болот?
Менин тилим алсаңар,
Кулакты жакшы салсаңар,
Жыйырма менен кырк бешти,
Муну аскер жыйгыла.
Он беш деген айткан сөз,
Муну, ушу жерден тыйгыла.
Жетим жүрүп жетилчүү,
Жыйырма жаштан ылдыйкы,
Акылы болсо ошолор,
Жесир катын жетимди,
Карган кемпир чалдарды,
Кайгыга калган жандарды,
Ошолор багып алсын деп,
Жыйырма жаштан ылдыйкы,
Балдар үйдө калсын деп,
Элүү жаштан өткөндөр,
Алтымыш менен жетимиш,
Булар үйгө калсын деп,
Карган кемпир-чалдарды,
Катын менен балдарды,
Ошолор багып алсын деп,
Журт карысы кан абаң,
Акыл салды элине,
Эр Музбурчак кеп айтат
Баатыр аба, кан Кошой,
Бүттүбү сөзүң деп айтат,
Бүтсө сөзүң мен айтам,
Оюма түшкөн бир кепти:
– Манас айтты бир кепти
Бээжинге казат бapaрда,
Бир санатка толсун дейт,
Бир санат деген эмине?
Баатыр Манас эр көк жал,
Ачык айтып койсун деп.
Музбурчак айтты собол кеп,
Ошондо Манас барбактап

Арстан Манас кеп айтты:
– Бу Музбурчак каныбыз
Бир санат деген ишимди
Билбеймин деп не айтты?
Билбесе айтып берейин.
Илеп деген санат бар,
Илеги кыркка жетсин деп,
Илеги кыркка жетпесе,
Жыйып көрөм аскерди,
Үй-үйүнө кетсин деп.
– Абам айтты бир кепти.
Жыйырма жашты таштайлы,
Элүү жаштан баштайлы,
Бул санатка жетпесе,
Ошондо, он бештегини баштайлы.
Арстан Манас эр айтты,
Акыркы сөзүн эми айтты.
Баатырдын сөзүн макул деп,
Кулакка сыйыр акыл деп,
Бата кылып чуркурап,
Алаканын жайышты,
Эми башка сөздү таштайлы,
Кайсы жерден баштайлы.
Ушу сөздү угушту,
Убада кылып баарысы,
Бир адамдай турушту.
Айдаркан кандын Көкчөсү,
Бу Манастын бажасы,
Өзү Айдаркан кандын баласы
Мен элиме барайын,
Барып кабар салайын,
Элүү менен жыйырманын,
Эсебин алып карайын.
Жарарлык аскер мынча деп,
Береги  Манас баатырдын.
Алып келип колуна,
Өз колуна салам деп,
Көкчө сөзүн бүтүрдү,
Ошондо Манас кайран шер,
Ыраазы болуп элине,
Курун салып мойнуна,
Ак боз бээни алдырды,
Ай туякка чалдырды.
Кандар тарар кезинде
Кан Манастын Каныкей
Тизеси жерге бүгүлүп,
Ызаат кылып кандарга,
Алдына келип Каныкей,
Колун алып бооруна,
Каныкей келди жүгүнүп,
Каканга казат барарды,
Казат кылып кан кечип,
Канча түркүн жан кетип,
Кайра келбей калаарды,
Билген экен Каныкей.
- Билимдүү Каныш кеп айтат:
Бээжинге аскер чыгарда,
Алмамбеттей асылга,
Манас баатыр баш болуп,
Бирдигиң бергин деп айтат.
Бу Бээжинди сураган,
Канча баатыр, канча шер,
Башынан кармап кураган.
Өзү кара калмак билимдүү
Алооке деген кан чыккан,
Мунун айбатынан жан чыккан,
Андан1арта туулган Азиз кан,
Азиз кандын жалгызы,
Бээжинди таштап келгени,
Периште салып пейлине,
Дин мусулман калың.журт,
Силерге бир кудайдын бергени,

Ушу Алооке кандын тукуму.
Силер барчу Бээжинде,
Каңгайдын уулу Каапыр бар,
Кан Коңурбай баатыр бар.
Каныкей айткан кебине
Баары бирдей түшүнүп.
–Эми, арстан Бакай кан баштайт:
Чогулушкан улуктар,
Бармак болдук деп баштайт,
Кандай кылып аскерди?
Алмак болдук деп баштайт.
– Эштектердин Жамгырчы
Тура калып кеп сүйлөйт:
Баатыр Бакай айткан кеп,
Муну акыл менен тапкан кеп.
Арстан Манас асыл шер,
Ар бир кандын элинен,
Бирден жандан киши бер.
Аскер алчу элчилер,
Байкасын барып ченчилер.
Мына бу Бака баш,
Кой баш эки бек,
Маргаланда Малабек,
Кокондун каны Кожобек,
Анжиянды Сынчыбек,
Эл бийлеген Элчибек,
Буудайык кандын Музбурчак,
Кара шаардан Кара эшен.
Оогандын каны Акун кан,
Жедигер каны Эр Багыш,
Букардын каны Темиркан,
Казактын каны кан Көкчө,
Эштектин каны Жамгырчы,
Жалпы кандын тукуму,
Ката болбойт айтканы.
Кан Кошой журттун атасы,
Ушу баатыр Манаска,
Тийген мунун батасы.
Турпандын каны Турусбек,
Бу көп адамдан дурус деп.
Эки Кемин жайлаган,
Эгизден күлүк байлаган,
Элчиликке жараган,
Эрби деген чечен бар,
Арстан баатыр Манаска,
Акылдашар эчен бар.
Ай эсебин алууга,
Кол эсебин кылууга,
Ажыбай чечен болсун деп,
Эрен Манас баатырга,
Ушу сөзүм эп болсо,
Атка жеңил тайга чак,
Адамдан башка Эр Сыргак,
Жолдош кылып койсун деп.
Эсеп алып келүүгө,
Ар бир кандын аскерин,
Ушу Манас баатырга,
Алып келип берүүгө,
Бала Үрбү болсун деп,
Калк тарады кеп кылып,
Эки жылдык чек кылып.
– Эми, Каныкей акыл баштады,
Бара турган аскердин,
Кийер киймин чактады.
Жалаң уюздан тандатып,
Алты миңди жыйганы.
Кереметтүү Каныкей,
Жоо кийимдин баарысын,
Даяр кылып салганы.
Баарын кылып бүткөндө
Алмамбет менен Манасты,
Айкожо менен Чубакты,

Серек менен Сыргакты,
Салтанатын билгизип,
Сарамжалын көрсөтүп,
Ылайык кийим жасатып,
Муну баатыр көргүн деп,
Менин сага кылган кызматы,
Менин бул ишимди сында деп,
Бүттү менин кылганым.
Кабар салып калкыңа,
Эми аскериңди жыйнагын.
Кеми болсо көрөйүн,
Жыйналып аскер келгенде,
Жасалгалуу кийимди,
Жолуңарга өткөрүп,
Бул алтооңо берем деп,
Каныкей кылды салтанат...
Манастын колу шаңданып,
Жыйылган колду көргөндө,
Көргөн адам таң калып,
Жоо дегенде дегдеген,
Арстан Манас баатырдын,
Жолдоштору камданып,
Ок дарысын артышып,
Кош колоңун тартышып,
Азык-түлүк мол алып,
Канкор Манас кайран шер,
Жөнөмөк болду Бээжинге.

## КОЛДУН БЭЭЖИНГЕ ЖӨНӨГӨНҮ

Олуя заада эр Манас,
«Оболу кудай жол бер!» – деп,
Он эки бээни алдырды,
Ай туякка чалдырды.
Атка бутун салышып,
Жалпы минип калганда,
Аскердин башы былкылдайт,
Найзанын учу жылтылдайт,
Караса найза кагышып,
Арстан Манас баатырдын,
Бээжинди көздөй бет алып,
Аскери жүрдү жарышып.
Каңкоруң жыйган калың эл,
Чуркурашып кол жайып,
Батасын берип. калышып.
Аскери жөнөп чыкканда,
Канчасы тирүү келет деп,
Катын менен баласы,
Канчасы ыйлап чуркурап,
Калк кысылып турганда,
Арстан Сыргак кайран шер,
Буркурашып ыйлаган,
Муңдуу үндү укканы.
Ыйлаган элди тыймакка,
Калп эле кайрат кылмакка,
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Ыйлаган элге сүйлөнүп,
Кылычын алып кыйкырып
«Кырамын!» – деп Эр Сыргак,
Кырып туруп баарыңды,
Андан кийин Бээжинге
«Чыгамын!» – деп Эр Сыргак,
Ыйлап турган көп журтка,
Кайратын айтып турган жер…
Сары таз кепти баштады
Ой, байбиче Чыйырды,
Туулгандан кан уучтап,
Дин мусулман менденин,
Туусу болгон балаңыз.
Кайырдин капыр менденин,
Уусу болгон балаңыз.
Энеден жерге түшкөндө,
Анык болгон балаңыз.
Батаңы бергин балаңа,
Алакан жайып кол сунуп,
Балаңды сурап турбайбы?
«Оомийин» деп Сары таз
Колун жайып калган соң
Оо, кулунум жалгызым!
Анжинядын Арсланбап,
Ага сени тапшырдым.
Жигиттин пири Шаймерден,
Буга сени тапшырдым.
Эрдин пири Кожосан,
Жардамына тапшырдым.
Алданын досу байгамбар,
Арбагына тапшырдым.
Ободо жылдыз оң болсун,

Оорагың журтка чоң болсун.
Асманда жылдыз оң болсун,
Арбагың журтка чоң болсун.
Асмандан булут ачылсын,
Атышып чыккан душманды,
Азирет Аалы качырсын.
Жолуңан чыккан душманды,
Үрүстөм-Дастан качырсын.
Аскериң аман сак болсун,
Оо, жаңгызым кулунум!
Жаныңда турган кырк баатыр,
Буларга Азирет Аалы жар болсун.
Кылычтын мизи кан болсун,
Айланайын кырк балам!
Кырк чилтен кайып жар болсун.
Баары олуя мүдүлүм,
Даана болсун силерге,
«Оомийин!»– деп кол жайып,
Чыйырды бата кылган соң,
Калкы келди буркурап,
Батасын берип чуркурап,
Энесинен бата алып,
Арстан Манас кайран шер,
Талас, Кең-Кол жеринен,
Таалайлуу ногой элинен,
Баатырың чыкты бөлүнүп.
Баана бергин  кудай деп
Ыйлап калды баарысы.
Кантээр экен баатыр деп,
Семетейди көтөрүп,
Чыйырдыны жетелеп,
Каныкей басты артынан,
Каныкей сырын билүүчү
Аяш болуп Алмамбет
Акылдашып жүрүүчү.
Ээ, канкорум кебим ук,
Бу Каныкей менин аяшым,
Кан Манастын жолдошу,
Бузулган ишти оңдоочу,
Кабар алган кайыптан,
Акылы артык зайыптан,
Кабарын уга кетели.
Катын дебей байкушту,
Сөзүн уга кетели,
Деп ошентип Алмамбет,
Бура тартып кеп айтып
Буруксуган кырк баатыр,
Жанындагы элге айтып
Бул айтканы акыл деп
Абасы Кошой карысы,
Тура калды баарысы.
– Кабагымды бүркөсөм,
Капа болуп кетээр деп,
Барды Каныш жаркылдап,
Баатырынын астыңа.
Басып барды Каныкей,
Семетейин көтөрүп,
Ак маңдайы жаркылдап,
Күлүп ойноп тастактап,
Астына басып барган соң,
Арстан тууган Алмамбет:
Аяш энем Чыйырды,
Аяш жеңем Каныкей,
Аяш балам Семетей,
Аттардын оозун бурдук биз.
Акыл чыгар бекен деп,
Астыңарды биз тозуп,
Аяр кылып турдук биз.
Ой, аяшым Каныкей
Көрүп турган ишиңди,
Көзөй айтып бериңиз?
Деп Алмамбеттен сөз бүттү.
Акылы башка Каныкей
Семетейди көтөрүп:

– Ажал жетип күн бүтсө,
Азирет Аалы колдосун!
Үр кызы болсун жолдошуң.
Артыңда калган калкыңды,
Айланып көрбөй каласың.
Бузайын ички черимди,
Оо, кагылайын кырк жайсаң,
Айтайын билген кебимди,
Көргөнүмдүн баарысын,
Көрдүм деп айтып берейин,
Алда таала кудайдын,
Жазганына мен байкуш,
Көндүм деп айтып берейин.
Барган жерден келбейсиң,
Барамын дейсиң; дегдейсиң.
Алда кошкон никелеш,
Арстаным Манас угуп тур,
Айланып элди көрбөйсүң.
Сен баруучу Бээжинди,
Байгамбар батып албаган,
Айкөлүм Маиас сиз эмес,
Азирет Аалы барбаган.
Үрүстөм-Дастан тийбеген,
Сиз баруучу Бээжинге,
Ушу барып кирбеген.
Искендер изин салбаган,
Байгамбар батып албаган,
Сиз баруучу Бээжинге,
Аксак-Темир кирбеген.
Сизден мурун канча шер,
Алах бузуп ийбеген,
Барамын дедиң камындың,
Барган жерди көрөрсүң,
Оолуктуруп аскерди,
Жөнөтүп жолго салдыңыз.
Алдыңдан Аккула буудан ат өлөт,
Жаныңдан Алмамбет, Чубак алп өлөт.
Алтымыш түмөн калк өлөт,
Жамгырчы, Үрбү бек өлөт,
Барган элдин көбү өлөт.
Музбурчак, Дөөлөт кан өлөт,
Арамзаада жүргөндөр,
Бири калбай баары өлөт...
Көк жалым кетип барасың,
Катын бала, карган чал,
Көк жалым Манас угуп ал,
Кайрылып көрбөй каласың.
Сенин тууганың жаман уу эле,
Арамдан бүткөн баарысы,
Атаң ошолордун карысы,
Сенин тукумуң жаман куу эле.
Балаңды турам көтөрүп,
Энеңди турам жетелеп,
Үчөөнү кимге тапшырдың?
Артыңда калган көпөлөк,
Ат жалын тартып мине элек,
Ат кадырын биле элек,
Тон тостуруп кие элек
Тон кадырын биле элек.
Өчүрөлү отун деп.
Кан ичменин тукуму
Өлтүрбөйлү өзүн деп,
Сенин тууганың душман болот го?
Тууганың душман болгон соң,
Арачы болор киши жок,
Деп ыйлап ийди Каныкей,
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак буудан аралаш,
Өтүп кеткен. жалгандан,
Жолдошум Манас ала жат!
Тоодогу жылкы ала баш,
Тобурчак буудан аралаш,
Өтүп кетсең жалгандан,
Тозогуңду тарттырбай,

Ошондо, жолдошум Манас ала жат!
Көзүң өтсө жалгандан,
Тууганым деген арамдар,
Айылдан талап малды алар.
Алтын-күмүш зарды алар,
Камчыга ченем жерди алар,
Сен сураган элди алар,
Өрүнөн айдап малды алар,
Өзүң салган тамды алар.
Канкордон калган кескини,
Кармап алып келгин деп,
Арамдардын бирөөнө,
Никелеп алып бергин деп,
Сенин өз атаңан кез келээр,
Арага элчи тез келээр.
Элчинин кебин укканда,
Жалгызыңды калкалап,
Артыңда калган энеңди,
Арык койчо жөткүртүп,
Ай далыга көтөрүп,
Таластын суусун жээктеп,
Жалгызымды тээктеп,
Кең-Көлдүн суусун жээктеп,
Энекеңди тээктеп,
Темирканды сөөктөп,
Баспай бутум буралып,
Ак саамай чачым чубалып,
Кумдуу-Кыя Шордуу-Көк,
Мен ошону ашармын.
Бу Семетей барынан,
Эдиңен чыгып мен тентип,
Ээн талаа эрме чөл,
Көк жалым ошентип чыгармын.
Көк жалым менин тилим сен алсаң,
Бээжинге казат барба? – деп.
Балаң менен энеңди,
Беймазага муну салба? – деп,
Ыйлап ийди Каныкей.
Анда Манас кеп айтат,
Ой, Каныкей деп айтат:
Бээжинге барам дегеним,
Ыймандын камын жегеним.
Каканга барам дегеним,
Акырет камын жегеним.
Өлбөгөн менде болобу?
Ажал жетип күн бүтсө,
Алты катар темир үй,
Ага баксаң калкалап,
Азирейил бериште,
Төрөңдү албай коёбу?
Жоодон өлгөн салтанат,
Биз өңдөнгөн кишиге,
Үйүнөн өлгөн.жаман ат.
Жараткан жалгыз кудайга,
Үчөөңдү мен тапшырдым аманат.
Алың келсе чыракка,
Кирдүү кийим кийгизбе,
Кишинин тилин тийгизбе.
Жаман кийим кийгизбе,
Жакырдын тилин тийгизбе.
Эресе тартып эр болсо,
Эр уулуна тең болсо,
Алтын жака тон киер,
Алача буудан ат минер,
Атамдын жолун алам деп,
Айкөлүм атам баатыр деп,
Калкалап элди багам деп,
Медер берсе бир кудай,
Беришге салар жолуна.
Бербес болсо бир кудай,
Түшүп калар жалгызым,
Душмандын жайган торуна,
Деп, ошентип, эр Манас,
Каалгадай кашка тиш,

Катуу тиштеп капшырды,
Каныкей менен Чыйырды,
Каргадай болгон көпөлөк,
Үчөөнү бир кудайга тапшырды.
«Ой энеке, Каныкей!
Баламды алып келгин деп,
Оң колуна көтөрүп,
Бир кудай сага аманат.
Аттангыла! Аттан!» – деп
Ошондо Манас кыйкырып.
Кырк чоросу ат минип,
Бир кишидей бат минип,
Оолугуп жолго салганда,
Каныкей кайып кеп айтат:
– Мен айтайын бир сөздү,
Беттешип жоого тиерсиң,
Бет качырып кирерсиң.
Кылычты кындан суурушуп,
Кылычташып урушуп,
Зом темир найза урушуп,
Айза сынып урушуп,
Артыңда калган бейтаалай,
Качан муну көрдү деп,
Айтканымдын баарысын,
Урушкан жерде билерсиң.
Алдырашып токтолуп,
Турушкан жерде билерсиң.
Мурутуң сыйпап күлөрсүң,
Айта турган арзым бар,
Көк жалым Манас туйгунум,
Сенин мойнуңа коёр карзым бар.
Башканын тилин албай жүр,
Башкага кандай жүрсөң, андай жүр,
Мынабу Айкожо менен аяштын,
Экөөнүн көөнүн кыйбай жүр.
Айкөлүм тилим алгын деп,
Көргөнүмдү айттым мен,
Келе канкор колуңду,
Ачсын кудай жолуңду!
«Оомийин!» – деп Каныкей
Коштошуп «аман болгун» – деп,
Айкөлү Манас баш болуп,
Бу кырк чоро чур деди.
Билгенинин баарысын,
Каныкей барып айткан жер,
Амалы жок айрылып,
Алган Манас эр көкжал,
Эри менен коштошуп,
Жанындагы кырк жайсаң,
Эли менен коштошуш,
Семетейди көтөрүп,
Чыйырдыны жетелеп,
Бу Каныкей кайткан жер.

## АЛМАМБЕТ МЕНЕН ЧУБАКТЫН ЖОЛ ТАЛАШКАНЫ

Он алты кан мусулман,
Алды Манас жанына.
Баары келди алдына,
Аскер алып жүрүүчү,
Жол башчыны алдырды,
Жоо дегенде дегдеген,
Кол башчыны алдырды.
Арстан төрө абасын,
Айтылуу Бакай агасын,
Акылдаш кишим сен элең,
Ала көөдөн мен элем,
Жер түгөнүп сай болуп,
Улабастын чоң дайра,
Тирүү адам өткүсүз,
Мына отурган калың; журт,
Кечебиз деп ойлобойт,
Кара шаар чоң капка
Каканга жакын калдык го?
Өзүңөн айла болбосо,
Көңүлүм эчен бөлүнөт,
Суудан кантип чыгабыз,
Какан менен Бээжинге,
Кандай казат кылабыз.
Акылмандар сүйлөшүп.
Акыл таап бергиле,
Бээжинден чалгын чалдырып,
Мурун кабар албасак,
Чалгынчыга чалдырып,
Андан кийий барбасак.
Каныкей айткан сөз эле,
Байгамбар батып албаган,
Азирет Аалы барбаган,
Сулайман сурак салбагаи,
үрүстөм-Дастан батпаган,
Аксак-Темир көрбөгөн,
Бээжинди барып чабам деп,
Эч айласын таппаган,
Эптеп жанын сактаган,
Аскерин бөлүп Бээжинге,
Аманат деп таштаган,
Бээжинге кандай барабыз.
Акылды кандай кылабыз,
Бектин баарын чогултуп,
Жол чалууга кеңешип,
Манас акыл салган жер.
–Буудайык кандын Музбурчак,
Бу да айтат бир кепти,
Мендеге ойчул жан эле,
Бериштеси бар эле,
Чалгынды Бакай чалбайбы,
Жанындагы кырк жайсаң,
Сүйгөнүн жолдош албайбы,
Элеман кандын эр Үрчү,
Эптүү өскөн бала эле,
Муну жолдош алсын деп,
Музбурчак кебин бүтүрдү.
– Кашкардын каны Эсенбек,
Берен Манас кел бери,

Кебим уккун сен деди,
Ушул калктын ичинде,
Көйнөктүн кирин жууган бар,
Ушул капка Бээжинге,
Энекеси тууган бар,
Ичинде жүрүп чоңоюп,
Тиктегени жок болуп,
Караганы жок болуп,
Каканчылуу Бээжинди,
Кезкаман келген киши бар,
Көрбөгөн жер көрүстөн,
Андай болсо аралап,
Бул Алмамбет барбайбы.
Атка мииип.жоо сайса,
Өзүңдөн кайда кем эле?
Кээ бирөөлөр кеп айтат,
Жер көрбөгөн Бакайды,
Чалгынга чыксын деп айтат,
Менин. тилим алсаңар,
Алмамбет чалгын чалсын деп,
Чубакты жолдош алсын деп,
Экөө бирдей алыста,
Чалгынды экөө чалсын деп,
Каны, беги чогулуп,
Убадасын токтотуп,
Түркүн-түркүн сүйлөшүп,
Тилекти бирге тилешип,
Ар кимиси кеп айтып,
Акыл тапты Эсенбек,
Арбагы бар эки шер,
Чалгынга экөө барсын деп,
Кеп токтотту баарысы.
Ошондо Манас кеп айтат,
Ой, ой журтум деп айтат.
Бет алышып сүйлөшпөй,
Алмамбет менен Чубактын,
Сыртынан бийлеп турганда,
Сыртыбыздан бийлейт деп,
Акбалта кандын Чубагы,
Ала көөдөн жел өпкө,
Аңги чалыш жери бар,
Ар немени ойлобос,
Маңги чалыш жери бар,
Мен өлүмгө баргандай,
Мени каалайсыңар өлүмгө.
Мени бу жерден кетем дел,
Чалгыныңа барбайм деп,
Айтып Чубак күүлөнсө,
Анда айла не.болот?
Арстан Манас кайран шер,
Аны мындай таштайлы,
Алмамбет менен Чубактын,
Айтканынан баштайлы.
Аттанып жолго чыкканда,
Арстан Чубак баатырың,
Алмаңдын сөзүн укканда,
Көптү көргөн көсөмсүз,
Кепти билген чечensиз,
Бээжинге казат кылабыз,
Ажал  жетип күн бүтсө,
Бээжинден өлүп калабыз.
Кагылайьн Алаке,
Арстан Манас баатырдын,
Кызматына барыштык,
Айтканына көнүштүк,
Кагылайын Алаке.
Аттанып жолго чыгыштык,
Арстан Манас баатырдын,
Бирдигин алып билишип,
Биргелешип жүрүштүк,
Алмамбет Чубак шер болуп,
Арбагың ашкан эр болуп,
Эки шер деп атыктык.
Арстан Манас кеп айтса,

Аттангын Алма деп айтса,
Чубакты жолдош алам деп,
Мен чалгынга барам деп,
Кагылайын сырдашым,
Кабырга бирге сөгүлсүн,
Каныбыз бирге төгүлсүн,
Кагылайын Алаке,
Сени алгыча мени алсын,
Пендем деп кудай жасаса,
Экөөбүздү тең алсын,
Кабыл кылса тилекти,
Каңгайдан чыккан каапырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Бир беттешип өлөлү.
Алмамбет Чубак эки шер
Убаданы бек кылып,
Өлө турган шерт кылып,
Ушу сөздөн тангалды,
Эки шердин шертин көр,
Төшү ачык жер урсун!
Төбөсү ачык көк урсун!
Ак курандын өзү урсун!
Алакан жайган бата урсун!
Ак келтенин огу урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Сыр найзанын учу урсун!
Каныкей менен Чыйырды
Экөө берген туз урсун!
Ак кагаздын каты урсун!
Жаңылганды ант урсун!
Алмамбет Чубак эки бек,
Кучакташыш ыйлашып,
Чалгынга чыкса Алмамбет,
Чубакты жолдош алмакка,
Чалгынга экөө бармакка,
Бар деп бизди каалаcard,
Кары абам Кошой, Бакайдын,
Батасын алып чыгалы.
Айтып сөздү бүтүрүп,
Айтышкан сөзгө түшүнүп,
Кабар келсе Манастан,
Чыгалы деп күтүнүп,
Турган жери дагы ошол,
Арстан Манас шер жыйып,
Акыл табар бек жыйып,
Ары айтышып сүйлөшүп,
Бери айтышып сүйлөшүп,
Алмамбет чалгын чалсын деп,
Калк чогулуп кеп айтты,
Карала кагаз кат жазып,
Жоодатбекти атказып,
Алмаңа кабар салыптыр.
Катты алып кубанып,
Дин мусулман калың журт,
Бул артымды жүргөндө
Он эки капка Бээжинди,
Корукта жаткан кечилди,
Барып чалгын чалайын,
Ооруктагы калмакка,
Бир дүрбөлөң салайын.
Алты кабат дарбаза,
Муну ачып барайын,
Кан Манастын аскерин,
Каптагын деп кыйкырып,
Жолун ачып берейин.
Кагазды карап отуруп,
Алтын ээр ак каңгы,
Көгалага токунуп,
Барды Алмаң кайран шер,
Кан Манастын астына.
Арстаным кайран Манас шер,
Дасторконун жайдырып,
Аш-тамагын жай кылып,
Алмамбет досум келет деп,

Даяр кылып салыптыр.
Кандын баары чогулул,
Тамагын ичип калыптыр,
Ошндо Манас абаңар,
Алмамбетке кеп айтат,
Чалгынга чыгып бергин деп.
Жолдош кылып  Алмамбет,
Каалаганын алсын деп,
Урматтуу Бакай карысы,
Улуу Кошой абасы,
Алмаңа айта салыптыр.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Сунган найза тартпаган,
Кууган жоодон качпаган,
Беттешкенин мерт кылган,
Кармашканын кан кылган,
Бети кызыл чок эле,
Мени менен бир жүргөн,
Өзүң күткөн кырк баатыр,
Чубактайы жок эле.
Карарып күйгөн чок эле,
Ат үстүндө жүргөндө,
Кадап койгон ок эле,
Кылымда мындай жок эле,
Берсе кудай тилекти,
Бээжинден чалгын чалайын,
Батаңарды бергиле,
Какан менен Бээжинге,
Арманы жок аралап,
Жардам болсо арбактан,
Ала кайыр салайын.
Алмамбет айтып турганда,
Уккан элдер макул деп,
Уккан сөзү акыл деп,
Алакан жайып чуркурап,
Ошол турган калың журт,
Бермек болду батасын.
Арстан Кошой абасы,
Шилекейи буртулдап,
Акмак Манас,тура тур,
Мен айткан кепти уга тур.
Чубакты жолдош алам деп,
Алмамбетин сөзүнө,
Кубанасың дардактап.
Алганың үч илек калың кол,
Калың колдун ичинде,
Ар башканын баары бар,
Баарысы турат бу жерде.
Сынчыбек менен Көкчөнүн,
Ичинде толгон арам бар.
Алмамбет менен Чубактын,
Биригишип бир журсө,
Билсе кыргын салат деп,
Акылына мас болгон,
Мында ала көдөн казак бар.
Астыңда карап турбайбы,
Кысталак башыңа салган азап бар.
Эби менен сүйлөгөн,
Эл ичинде шектүү бар.
Сынчыбек Көкчө эки кан,
Сырдашып жүрөт башында,
Эл кайтарган эки дөө,
Экөө кетип калганда,
Элди бөлүп албайбы?
Алмамбет менен Чубактан,
Коркконунан кол келген,
Сен билбейсиң дардактап,
Кол кайтарып багууга,
Чубак мында калсын деп,
Андан башка кырк бөрү,
Алмамбет сүйүп алсын деп,
Шер Манасты домбутуп,
Уруп ийчү немедей,
Тең караган Музбурчак,

Аста, аста, аста деп,
Токто аба, токто деп,
Абамдын айткан сөзү акыл деп,
Береги турган көпчүлүк,
Карынын сөзү макул деп,
Чубак мында калсын деп,
Эки шерге деп айтып
Эп келтирип бек айтып,
Музбурчак Кошой эки дөө,
Кулакка сыяр кеп айтып,
Макул көрүп айтканын,
Баарысы угуп турушту.
Ошондо Алмамбет айтат бир кепти,
Акбалта кандын Чубаты,
Акыреттик дос эле,
Алышып койгон колум бар,
Айтышып жүргөн сөзүм бар,
Ак куран алып кат окуп.
Ант кылышып сүйлөшүп,
Мени куран урар жерим бар.
Чубакты алып келгиле,
Алмамбет чалгын чалсын деп,
Чубакка айтып бу сөздү,
Анан батаңарды бергиле.
Ошондо Бакай абасы,
Баарысынын агасы,
Кагылайын Алаке,
Асманда жылдыз оң эле,
Ушу бүгүн аттана туртан күн эле.
Ободо жылдыз оң эле,
Чубакка кабар салгыча,
Бу жерге Чубак келгиче,
Кошулуп бата бергиче,
Жылдыз келет мандайга.
Бүгүн айры шилип көк желке,
Оңунда турат жылдызың,
Чубак экөөң антташкан,
Мен алайын мойнума.
Кокустан Чубак таарынса,
Экөөңдүн кылган антыңды,
Мен мойнума алдым деп,
Мен айтып жолго салдым деп,
Арстан Бакай айткан соң,
Алмамбет турду макул деп.
Алакең атка бутун саларда,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Оң бөйрөгүн таянып,
Олуя Манас көк жалдын,
Ыйлап турган жери ошол
Саадагын сайга чалынып.
Сандыргалуу Алакең,
Жөнөмөк болду камынып.
Чубак калсын дегенде,
Сарала минип камынып,
Күйгөн өрттөй чамынып,
Бир кудайга жалынып,
Калган экен эр Сыргак,
Даярданып камынып.
Жоо жарагын алыптыр,
Жолдош болуп баруугa,
Баргын деген киши жок,
Даярданып калыптыр.
Эр Алмамбет көк жалың,
Камынып Сыргак калган соң,
Алмамбет бутун салганда,
Кыбыла карап бет алып,
Кара калың журтунан,
Бата сурап калганда,
Журт атасы кан Кошой,
«Я алда», – деп кол жайып,
Кошой бата берди эле,
Жанында турган калың журт,
Кошо бата берди эле.
Калың журттан бата алып,

Бастырып жолго чыгышты.
Ошондо ат болушка салганы,
Бакырыгы таш жарып,
Кыйкырса үнү таш жарып,
Мылтыгына ок берип,
Милтесине чок берип,
Кан Чубак жаткан жерине,
Бузуку Куйту барганы.
Сен Акбалта кандын Чубагы,
Манастын арамзаа жүргөн Сыргагы,
Калмактан келген кайранчың,
Калмагын жолго салыптыр,
Арамзаа жүргөн Сыргакты,
Жолдош кылып алыптыр.
Кечээ убада кылган шериң жок,
Айтылуу Манас баатырдын,
Калмактын кетерин билер жери жок,
Капаланып кан жутам,
Чалгынды калмак чалганга,
Калк сураган султаның,
Өзүң ооруктан чыкпай калганга,
Ойгуттан огой көп беле?
Манас сенден бек беле?
Кечээ убада сөзүң эсимде,
Эр Сыргакты эрчитип,
Калмагыңдын кеткенин,
Эми көрүп келдим мен…
Ошондо Чубак шер баатыр,
Арбагы башка эр баатыр,
Айбалта алып колуна,
Куйту кулду качырып,
Бузукка тууган ит элең,
Бузуп айтып турганың,
Алмамбет мени таштабайт,
Андай ишти баштабайт,
Сен өңдөнгөн бузукту,
Өлтүрөмүн өзүм деп,
Өчүрөмүн отуң деп,
Башыңды кесип аламын
Мойнуңду кыя чабамын,
Деп ошентип күүлөнүп,
Куйтунун бузук экенин,
Элес кылып жүрчү экен.
Ошондо Куйту түрдөнүп,
Кан Чубакка сүйлөнүп,
Көргөзүп айттым көзүңө
Билгизип айттым өзүңө,
Мейли Чубак өзүң бил,
Алар болсоң баш мына
Төгөр болсоң кан мына,
Катуу айтып түрлөнүп,
Атынын мойнун бурганы.
Арстан Чубак баатырың
Жоо жарагын алганы,
Жетелеп турган бууданды,
Ыргып мында эр Чубак.
Белине кылыч чалды эми,
Көрдүм деген Куйтуну,
Ээрчитип өзүн алды эми,
Куйту көргөн белеске,
Чубак чыгып барды эми.
Арамзаада Куйтунун.
Көргөнүнүн баары чын,
Кызыталак калмакты,
Өлтүрбөй кантип кылайын,
Сыргакка башын байлатып,
Ала көөдөн Манаска,
Башын алып баралы, – деп,
Кара аламан көп ойгут,
Элге кирип барды эми.
Чубак кабар салганы,
Калың нойгут чуркурап,
Камынышып калды эми,
Алтын айчык кызыл туу,

Кудай бетин көрсөтпө,
Арстан Чубак кол баштап,
Аскерди жолго салганы.
Алмамбет Сыргак эки шер,
Элебей уктап жатканда,
Жер дүңгүрөп тарсылдап,
Мылтыктын үнү угулат.
Мендеден башка Алмамбет.
Чубактын кудай урганын,
Антташканын бузганын,
Алмаң көк жал туйду эми.
Айзасын тартпай закымдап,
Арстан Чубак көк жалың,
Коюп ийчү немедей,
Алмамбеттин астына,
Кирип келди жакындап.
Токто Чубак, токто деп,
Азамат эрдин башына,
Ар кандай өлүм кез болот,
Калың кара көп элден,
Жалгыз жан кайда кутулат.
Акыреттик дос элек,
Өлө турган кез келди,
Менин башым алганга,
Арманымды айтайын,
Мынабу ак кагазга жазайын,
Акыреттик дос элек,
Асылым Чубак угуңуз.
Кызыталак калмагым,
Көргөнүңдүн баарысын,
Бирин койбой айткын деп,
Көк жал Чубак кайран шер,
Сабыр кылып турганы.
Алмамбет Чубак эки эр,
Бузулушуп калды эми.
Кабар алган калың кол,
Кабылаң Манас баш болуп,
Баары жете барыптыр.
Кызыталак эки кул,
Кылар иши дал ушул,
Алмамбет чалгын чаларда,
Он эки атты алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Агарып тилек кылганмын,
Жол талашып үксөндөп,
Экөөнүн кылып турганын,
Арстан Манас күүлөнүп,
Эки кул деп сүйлөнүп.
Кул деген кепти укканда,
Алмамбетке бир тийип,
Кул деген атка кондум деп.
Каарланып кеп айтат,
Тааныдым сенин оюңду,
Кайратты катуу күчтөп бер,
Астыңда Чубак немеге,
Мылтыгыңды түздөп бер,
Катылбай койбойм бир кезде,
Кылычыңды миздеп бер,
Кытайлыгым чын болсо,
Кыйын кепти мен уктум,
Эми кол салбай койбойм бириңе.
Арстаным Чубак туруп тур,
Кызматты кылдым ким үчүн,
Ушу кылган кызматым,
Ак ислам дин үчүн,
Калмактан келдим дин үчүн.
Кабылан Алмаң көк жалың,
Жашып ыйлап ийгенде,
Жанында жолдош Сыргагы,
Балача ыйлап бакырды.
Жолдошум Сыргак ыйлаба,
Элсиз качып жүргүчө,
Анык өлүм ак экен,
Таалайы тайкы Алмаңдын,

Эгем таала кудурет,
Эмгекке жазган шор экен.
Кабылан Манас көк жалдын,
Каары келип түрдөнүп.
Менин кыйкырыгым угуп көр,
Кызыталак Чубак кул,
Ойгутуңду чакырыып,
Казатыма чыгып көр.
Кызыталак Чубак кул,
Салдымбы мурун бузукту,
Айкөлүм Манас шер баатыр,
Алмамбет Чубак кулуңдан,
Көрөсүң го кызыкты.
Адамдан асыл Чубагым,
Көп кишиден ынагым,
Сенин айтканыңа таарынып,
Текебер болуп кетет го?
Менин бу жерде токтоп турганым
Канкорум Чубак келгин деп,
Мынабу көп калкыңа кошулуп,
Эми сен да бата бергин деп,
Сарала оозун бурбайын,
Мында көбүрөөк токтоп турбайын.
Жан жолдошум Сыргакты,
Ээрчитип жолго салайын,
Эми ишке карайын,
Арстаның аман турганда,
Калкынын көөнү бузулуп,
Алмамбет бейлин бурат деп,
Көөнү калып Манастан,
Чын эле кетмен болуп турат деп,
Кабагын бүркөп түктөйүп,
Капырай караса кетип калат го?
Кан Манас баштап үксөйүп,
Айтканы ката кетпеген,
Артык турган бендеден,
Сүйлөсө кеби бир башка,
Калк бузулуп турганын,
Биле койду Ажыбай
Ошондо Алмамбетке барганы,
О, кагылайын Алаке,
Болбогон кепке таарынып,
Чалгынга жөнөп чыгам, – деп
Турасың эми камынып,
Сен Бээжинге барарда,
Ак боз бээ чалып той кылдык,
Талак кылып буттарын,
Таштаган киши экен деп,
Кайда болсо жол ачык,
Дин ислам журтуна,
Маана болот экен деп,
Атадан калган Манаска,
Жөлөк болот экен деп,
Атасы бирге туугандай,
Алты жыл кылдым урушту,
Ислам үчүн кол салып,
Какан менен кармашып,
Алданын жазган иши экен,
Айымкан энем өлбөсө,
Береги Каканга жакын калганда,
Кандай заман болот деп,
Жан барбаган Бээжинге,
Жакындашып барганда,
Артынан Чубак кууганын,
Сени менен сүйлөшпөй,
Чалгынга сени аткарып,
Бектерди кудай урганын.
Алат элек өзүңдү,
Угат элек сөзүңдү,
Карыям Кошой кеп айтты,
Алмамбет Чубак эки шер,
Экөө кетип калганда,
Кол бузулат деп айтты.
Карынын кебин сыйладык,

Сен аттанып чыкканда,
Кол кармашып ыйладык,
Ачып көздү жумгандай,
Бүркөлдү сенин кабагың,
Айткын ачык кебиңди,
Мынабу канкоруңду баш кылып,
Кейиттиң жаман элиңди,
Кайталы десең кайталы,
Бирдикти бердик колуңа,
Эми кайсы сөздү айтасың.
Бир кудай салсын оңуна,
Арстан Ажың кеп айтып,
Аягында бек айтып,
Карап турган көп калктын,
Кан Бакай, Манас баш болуп,
Кандар келип кашына,
Алмамбет кандай айтат деп,
Кээ бирөөсү ой-ойлойт.
Калк чогулуп турганда,
Алмамбет айтат бир кепти:
Бейлимди бузбайм калың журт,
Мен Бээжинде турганда,
Бээжинди бузуп кол салдым.
Бөбөк болот экен деп,
Ак була бердик кийсин деп,
Соотту бердик кийсин деп,
Мынабу аргын ногой журтунун,
Бирдигин бердик билсин деп,
Каканчылуу Бээжинге,
Кылмак элем кызыкты,
Энемдин айткан кеби эле,
Өтүп кетсем жалгандан,
Дини кара кытайдын,
Үкөгүнө салба деп,
Менин убалыма калба деп.
Энекем көзү өткөндө,
Жаназа окуп берүүгө,
Бир мусулман молдо жок,
Какандуу Бээжин шаарынан,
Энекемдин сөөгүн көтөрүп,
Эч кимге дайнын билгизбей,
Он жети күнү жөө бастым.
Бобу Чет-Бээжинди тумшукка,
Алтымыш уста алдырдым,
Энемдин күмбөзүн,
Акак күмүш аралаш,
Борумун башка салдырдым,
Мен бу жерге токтоп кетейин,
Жөлөгүм Сыргак аттангын,
Чалгынга бүгүндөн калбай кетейин.
Көпчүлүк менен коштошуп,
Айтып сөздү токтотуп,
Алмамбет Сыргак эгиз эр,
Жөнөп жолго салган жер,
Атактуу Манас баатырдын,
Көөнү кирдеп калган жер,
Калың колго кеп айтып,
Кан абакем эр Бакай,
Кош аман бол деп айтып,
Кантип токтоп калайын,
Алмамбетке кошулуп,
Көт жагынан барайын,
Көк жал Манас кайран шер,
Айтышкан сөздүн артынан,
Айбанбоз менен эр Манас,
Жөнөдү Алмамбеттин артынан
Көп журтуна кеп айтып,
Кандай заман кандай күн,
Кайрылып кайра келгиче,
Ажыбай менен Үрбүгө,
Камбар менен Серекке,
Кожош менен Мажикке,
Аскерди жакшы баккын деп,
Алтооно колду тапшырып,

Арстан Манас шер баатыр,
Алмамбет менен Сыргактын,
Артынан түшүп жөнөдү.
–Мага айтпай кебин деп,
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Алда кудай жалгыздын,
Жазганы болсо көрөмүн,
Көктеке минип көгөрүп,
Көтүнөн Чубак жөнөдү...
Алмамбет Сыргак эки шер,
Манасты көрүп токтолуп,
Ээ, кагылайын Сыргагым,
Мен айтайын турбагын,
«Көөнү бузук» кетти деп,
Көкжалдын келе жатканын.
Заманалуу күн болсо,
Ат кордугун көрөбүз,
Ажалдан мурун өлөбүз.
Аккула алып келгин деп,
Аккуладай бууданды,
Алып келип бергин деп,
Алмамбет сөздү кылган кеп.
Саралага камчы уруп,
Сандыргалуу эр Сыргак,
Кайрылып элге барганы,
Аккуланы алганы,
Алып барды эр Сыргак,
Акылы бар эси жок,
Ар деме менен иши жок,
Аккула алып келдиң сен,
Кызыталак шер Сыргак,
Эминени көрдүң сен?
Деп күүлөндү эр Манас.
Арстаным султан туруңуз,
Ачууңуз келбей угуңуз,
Алмамбет айткан кеп эле,
Аккула алып келгин деп,
Заманалуу күн болсо,
Жаштык кылат Айбанбоз,
Аккуланы минсин деп,
Анан бирге жүрсүн деп,
Алып келип бер деди,
–Астындагы Айбанбоз,
Эшек эмес бу буудан,
Аккуладан кем эмес,
Айбанбоз менен жүрөмүн,
Алмамбетке кошулуп,
Чалгынды бирге чаламын,
Сарала менен Көгала,
Бул экөөнөн канча өйдө,
Айбанбоз минген бууданым.
Аккуланы жетелеп,
Жарабайт сенин кылганың,
Ачуусу келип барбактап,
Арстан Манас көк жалың,
Болбой жүрдү дардактап...
–Айкожо Бакай кеп айтат,
Аккуланы мен алып,
Кара аламан көп колго,
Тапшырбагын деп айтат.
Токтобой жолго салгыла,
Алмамбет Сыргак кошулуп,
Как Манаска караба,
Экөөңөр атты аяба,
Турбай жолго салгыла...
Арстан Бакай абасы,
Эр Сыргактын колунан,
Аккуланы алганы,
Айбанга тилмер турбайбы,
Калың колго баргын деп,
Чылбырын түйүп колунан,
Коё берсе Аккула,
Артынан тайган куугандай,
Оюн салып Аккула,

Кан Кошойдун кашына,
Эр Үрбүнүн астына,
Аккула буудан барганы...
– Алмамбет менен Сыргактан,
Ээн талаа эрме чөл,
Калды Чубак кайгырып.
Айбанбоз минип алкылдап,
Жоо жарагы шаркылдап,
Манастын шаңы көрүндү.
Арстаным Манас экен деп,
Арстан Чубак эр баатыр,
Манасын көрүп сүйүндү.
Алмамбет менен Сыргактын,
Кайда кеткен дайын жок,
Сарала менен Көгала,
Же бу экөөнүн изи жок,
Атаңдын көрү дүнүйө!
Жол көргөзөөр киши жок.
Ээн талаа эрме чөл,
Жайык талаа из майда,
Жалынып ыйлап кудайга,
Ат тизгинин бурушат,
Жол табалбай эки шер,
Алдырашып турушат.
Артынан оруп чаң чыгат,
Ошо чаңдын ичинде,
Бир айбаттуу жан чыгат.
Чукул кирип келгенде
Боз чологун моюндап,
Ок дарысын моюндап,
Жоо жарагын асынып,
Айчыктан алтын бастырган,
Аяты бир деп жаздырган,
Алган экен эр Бакай,
Омуроого тагынып.
Арстан Бакай барды эми,
Манас менен Чубакка,
Ачуу кылып сүйлөнүп,
Каарланып кеп айтып,
Кантип кетер экен деп,
Ошо турган Манасты,
Кызыталак коркок ит,
Сен кылмак элең деп айтып,
Как талаада кайгырып,
Алмамбет менен Сыргактан,
Эмне калдың айрылып,
Абал уккус кеп айтып,
Сен Чубакка кошулуп,
Эки кулсуң деп айттың,
Кана кулга жеткениң?
Кана кошо жүрүп кеткениң?
Айтчы Манас кебиңди?
Таптыбы кулдар эбиңди,
Арстан Бакай күүлөнүп,
Алда таала сүр берсин,
Эки кул деп барк этип,
Арстан Бакай көк жалданын,
Башында селде жарк этип,
Жолго салды жоодурап...
Алмамбет Сыргак эки шер,
Салдырган үйгө жетти эми,
Жору айланып учпаган,
Тоосуна киши чыкпаган,
Тал-Чокунун боорунда,
Чаар-Таштын оюнда,
Эки Чаткал кайкыда,
Алмамбет турат астында,
Сыргагы барат артында.
Астындагы сарайды,
Арстан Сыргак көрдү эми,
Сыргак арам ой-ойлоп
Кылмак эле деп ойлоп...
Мен бул жерден кайтайын,
Чубак менен Манастын,

Экөөнө барып айтайын,
Бизди кудай урду деп,
Алмамбет көөнүн бурду деп,
Сарайды көрүп сездим деп,
Чубак менен Манаска,
Аман барсам айтайын,
Кош! Аман бол Алаке,
Борумуңду көрдүм деп,
Кыларыңды билдим деп,
Кайтмак болду эр Сыргак.
–Ошондо Алмаң кайран шер,
Күлүмсүрөп кашкайып:
Азили Бээжин жер эмес,
Бу кытай мага эл эмес,
Ислам жолун чалам деп.
Дин ислам көп журтту,
Өлбөсөм издеп табам деп,
Кара чоктуу калмактын,
Канына бөлдүм ордумду.
Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыйрынан бөлдүм ордумду.
Кара кытай манжуунун,
Кармап башын билгемин...
Ислам үчүн камынып,
Мен бул сарайды салганмын.
Акыл кошпой кытайга,
Алты миң уста алдырып,
Мына бу турган сарайды,
Кагылайын Сыргагым,
Мен алты жылы салганмын,
Кокустан айтып коёт деп,
Сарайды салган устаны,
Улабастын боюна,
Айдап барып кыргамын.
Ушу турган Бээжинден,
Азирет султан бир үчүн,
Ак ислам дин үчүн,
Дин талашып качканмын,
Пейлиңди бурба Сыргагым,
Мен айткан сөздү тыңдагын,
Береги турган сарайды,
Эми барып сындагын.
Арстаның Алмаң кайран шер,
Сыргакка ызаат кеп айтып,
Сыргагым билсин деп айтып,
Сарайды көздөй бет алып,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Токтобой жолго салышты.
Алмамбет салган сарайга,
Эки шер чыгып барышты.
Сарала менен Көгала,
Алмамбет койгон жез мамы,
Аттарды байлап салышты.
Манас Чубак эки шер,
Аттарды көрүп келээр деп,
Жанында жүргөн Айкожо,
Билгизип айтып берер деп,
Ордого кирип эки шер,
Ордонун ичин караса,
Телегейи тегиз бар,
Алтымыш түрлүү иши бар,
Мунарып күйгөн шамы бар,
Кармап жоопалуучу,
Жоо жарагы дагы бар.
Аттарына берүүчү,
Арпа буудай дагы бар.
Ичи далай бир белек,
Тышы болгон бир сарай,
Көрүп туруп Алмамбет,
Кечээки Чубактын айткан кебине,
Жашып кетти бейтаалай.
Ошондо Сыргак кеп айтып,
Ой, Алаке деп айтып,
Кагылайын Алаке,

Көзүңдүн жашын иргилтип,
Эминеге ыйлайсың?
Алар айтат ар сөздү,
Акмактар айтат көп сөздү,
Акмактын айткан кебине,
Алаке, сенин ыйлаганың эмине?
Рарыятка сыйдырып,
Алмамбет көөнүн тындырып,
Сарала менен Көгала,
Атына арпа чайнатып,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Таласта жүргөн немедей,
Байпак чечип бут сунуп,
Алмамбет Сыргак жай жатты.
Арстан Манас эрЧубак,
Жол төтөлөп из чалып,
Алмамбет менен Сыргактын,
Артынан ээрчип барганы.
Манас Чубак эки дөө,
Сарайды көрүп болкулдап,
Алмамбет эр Сыргакты алды деп,
Пейили башка салды деп,
Чын эле кетип калды деп,
Эр Манас ыйлап болкулдап,
Эр Чубак коркуп солкулдап,
Сен билдиңби Чубак?– деп
Мобу кайнаган колдун шору деп,
Какандын каны чоң Манжу,
Мунун кайтартып койгон жогу деп,
Сыргакты кошуп алганы,
Алмамбет пейлин башка салганы,
Манас Чубак эки дөө,
Экөөнүн коркуп калганы.
– Кантээр экен экөө деп,
Бозчолок минип закымдап,
Бакай келет жакындап,
Манас Чубак эки бек,
Алапайын табалбай,
Тургандарын билди эми.
Манас Чубак эки шер,
Атагы чыккан эки эр,
Качпа? Калмак качпа? деп,
Алмамбеттин артынан,
Калың кара көп нойгут,
Аскерди жыйып кол алып,
Каканчылуу Бээжинди,
Чаап салчу немедей,
Какандын каны Манжуну,
Алып салчу немедей,
Аскерди айдап сүйрөйсүң,
Бул Алмамбет баатырдын,
Манас Чубак экөөңөр,
Ким экенин билбейсиң...
Калсаңар эми калгыла,
Жол көрсөтүп бердим мен,
Кайтып элге баргыла,
Абасы Бакай күүлөнүп,
Көк чолокко камчы уруп,
Ачуу кылып сүйлөнүп,
Эр Бакай жолго салды эми.
Ээрдей белес чоң кайкы,
Алмамбет салган сарайга,
Эр Бакай жүрүп калды эми.
Манас Чубак эки дөө
Асыл Бакай баатырдын
Көтүнөн жүрдү сандалып...
Алмамбет Сыргак эки шер
Ачуусу келет экен деп,
Биз туруп калсак бекер деп,
Байрагын булгап бакырды,
Тебетей алып кол булгап,
Кел аба! – деп чакырды.
Кол алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,

Үчөөнүн түрүн көргөндө,
Чубак Манас эки шер,
Атка камчы салышты,
Капа болуп калар деп,
Эр Бакайды жаткызып,
Чубак менен Манасты,
Астынан тосо басты эми...
Төрт беренди көрдүңбү,
Алмамбет салган сарайга,
Шер Бакайды үстүнө,
Төртөө басып кирди эми.
Кабылан Алмаң көк жалың,
Бээжинде кеткен чагында,
Сарайды багып турсун деп,
Жолборсту кармап жооптоткон.
Жолборсума баралы,
Арстан Манас эр Чубак,
Бурбагыла санаа, – деп,
Эр Сыргагын ээритип,
Атка минбей жөө басып...
Мен Бээжинде жүргөндө
Анттатып кеткен жолборсум,
Айбанда болсо досум деп,
Маңдайын сылап турганы,
Айбан да болсо жаныбар,
Алмамбет менен көрүшүп,
Төрт аягын кергени,
Колун тартып ак жолборс,
Маңдайда көзү сүзүлүп,
Сыргак тилин билген жок,
Кош айтышып Алмаңа,
Жолборсу кетти үзүлүп.
Кагылайын Сыргагым,
Сырыңды айтпа эч кимге,
Эми түшүнгүн менин ишиме,
Буту колун чойдуруп,
Астына өлгөн жолборсту,
Эр Сыргакка сойдуруп,
Ичиндеги жүрөгүн,
Майы менен алдырып,
Арстан Сыргак баатырдын,
Кисесине салдырып,
Балдырап Алмаң сүйлөдү,
Эр Сыргак тилин билгени,
Баштаган жолборс энеси,
Алмамбет таштап кеткенде,
Жалгыз эле жолборсу,
Тукум тууп өстүрүп,
Алтымыш жолборс болуптур.
Арстан Алмаң көк жалың,
Жол кайтартып жолборсту,
Көрдүңбү,кароолчу кылып коюптур.
Көп жолборстун энесин,
Алмамбет Сыргак союптур
Астына салсын Манас деп,
Терисин алып көтөрүп,
Үч берен жаткан сарайга,
Алмамбет Сыргак барышты...
Оолугуп Сыргак кеп айтты,
Жүргүн жолго салалы,
Тал-Чокуга баралы,
Бу жер Таласка тиккен бак эмес,
Дардайып жатар чак эмес,
Бу жер Кең-Колго тиккен бак эмес,
Керилип жатар чак эмес.
Ак каңкы токуп бууданга,
Арстан Сыргак берди эми
Союп келген жолборстун,
Терисин кармап колуна,
Токулуп турган Айбанбоз,
Жапты Сыргак жонуна...
Терини көрүп таңданып,
Арстан Чубак баатырың,
Кечээ күнү калмак деп,

Айтканына уялып,
Качып кетер жер таппай,
Кирип кетер көр таппай,
Отура калды таң калып.
Кабылан Алмаң кеп айтат
Жол маанисин эми айтат:
Талгардын башы Тал-Чоку,
Көк жашыл такыядай бу чоку,
Түбүнө адам барбаган,
Жолун ажыдаар жылан кармаган,
Алда таала кудурет,
Сиз өңдүү шерге камдаган.
Меңе менен Бээжиндин
Ортосунда чеп ошол,
Үрүстөм чыккан бел ошол.
Ажыдаар жатжан кыя бар,
Ажыдардын үстүндө,
Мунун Кара кушу дагы бар,
Өтүп кетсек алардан,
Жети күндө жетсек деп,
Беш баатыр чыкты аттанып.
Мен билгенди билет деп,
Меңден мурун көрөт деп,
Бакайды алып Алмамбет.
Бастырып жолду баштады…
Тал-Чоку бийик бел экен,
Бу тарыхта калчуу кеп экен.
Сабы алтын эки миз,
Шамшарын алып колуна,
Чыгып барды Алмамбет,
Жоон жору жатчу уялап,
Жойлоп чыкчу ажыдар,
Ошол жолду кыялап.
Он эки айда бир соргон,
Ал ажыдардын тамагы,
Бул Алмамбет болбосо,
Андан аман киши калабы
Кылычын чалып белине,
Эки миздүү жой болот,
Кармап алып колуна,
Басып чыкты көрдүңбү,
Кечээ Үрүстөм баскан жолуна…
Кара куш учту калдактап,
Асмандап учту далдактап,
Кара куш учуп чыкканда,
Күндүн жүзү бүркөлдү,
Көк жал Манас Чубактын,
Башына алтымыш санаа иш келди…
Кабылан Алмаң көк жалың,
Ажыдар жаткан кыяга,
Кара куш жаткан уяга,
Басып чыгып барганы…
Ок дарысын коюндан,
Көт жагынан жакындап,
Удаа барды эр Бакай,
Алмамбетке жакындап.
Барып Бакай караса,
Ажыдардын астына,
Алмамбет басып барыптыр,
Ажыдар менен тилдешип,
Тилин байлап койгон сюң,
Оролгон талдан октолуп,
Кулап калды ажыдар.
Ажылдар кулап калганда,
Кара борчун аскалар,
Көчкү болуп урады.
Жонун кудай ачкан соң,
Жүрдү экөө жарышып…
Ажыдар жаткан кыядан,
Аман-эсен өттү деп,
Тал-Чокуга жетти деп,
Үч берен жолго салганы…
Тал-Чокуда беш баатыр,
Боюн сууга салышып,

Бой дааратын алышып,
Эки сүрнөт, эки барс,
Топтоп окуп алышып,
Алдага зикир чалышып,
Сен, Азизкандын жалгызы,
Ай караңгы түн барбы?
Аттанып чыгар күн барбы?
Өзүң айткан зер барбы?
Уруша турган жер барбы?
Сөздү Манас баштады.
Алаке, көрдүм сенин жериңди,
Көргөзгүн кытай элиңди,
Салган дубал чебиңди,
Арстан Манас эр айтты,
Алаке, элиңди көргөз деп айтты.
– Көргөзөйүн жеримди,
Таанытайын элимди.
Бээжинди билген бегимди,
Бек Коңурбай шеримди.
Мына бу ак борчуктун үстүндө,
Жазып койгон жазуу бар,
Көмүркөйдөй ташы бар,
Жазып койгон каты бар,
Мурунку өткөн шерлердин,
Баарысынына аты бар.
Кара ташка жазылган,
Катты окуп алалы.
Какан менен Бээжинге,
Анан дүрбү салалы...
Эр Манасты ээрчитип.
Басып келди Алмамбет,
Кара ташты көрүүгө.
Мурунку өткөн шерлердин,
Атын окуп билүүгө...
Өзүнүн аты жазылган,
Арстан Манас шер баатыр,
Атын окуп таңданып,
Тобо кылып кудайга,
Көрүп башы маң болуп,
Ойлоп акыл жете албай,
Алагөр көзү алайып,
Актамагы кылайып,
Ээрдинде мурут чубалып,
Ээгинде сакал бириндеп...
Же мурун киши келбесе?
Же түпкү атам Ногой келбесе?
Атым кайдан жазылды.
Арстан Манас кайран шер,
Айран калып турган жер...
Ошондо Манас шер баатыр,
Дүрбүнү алды колуна.
Манастын алган дүрбүсү,
Кээ бирөө күлөт кетмен деп,
Бетинде жазган жазуу бар
Беш миң аттын баасы бар...
Олуя заада Манас шер,
Какан менен Бээжинге
Тал-Чокуга олтуруп,
Манас дүрбү салды эми...
Мунарыктан бурчтанган,
Бурчун көрдү Бээжиндин.
Кирген адам болбогон,
Чебин көрдү Бээжиндин.
Өтүгүндө така жок,
Калкын көрдү Бээжиндин,
Кирген менде чыккысыз,
Айлын көрдү Бээжиндин.
Бели ичке тейтей бут,
Зайбын көрдү Бээжиндин.
Оймок ооз кумар көз,
Турка көкүл чолок чач,
Кызын көрдү Бээжиндин.
Аркасына кара чач,
Түйгөнүн көрдү Бээжиндин.

Алтын көөхар аралаш,
Тула боюн топчулап,
Жүргөнүн көрдү Бээжиндин.
Бурамалап бекиткен,
Чебин көрдү Бээжиндин.
Казармасын кайтарган,
Колун көрдү Бээжиндин.
Бет алып адам барбаган,
Беттеген адам калбаган,
Чоңун көрдү Бээжиндин.
Тула бойго жашынган.
Канын көрдү Бээжиндин...
Бээжиндин түрүн көргөндө,
Бээжин эмес бек экен,
Бериден калган чеп экен,
Бул менде бузкуз эп экен.
Адамы болсо бир башка,
Он эки капка Бээжинди,
Оңойлук менен бербейт го?
Урушкан уят болотко?
Катылган кордук көрөт го?
Кабылган киши өлөт го?
Буйругу экен кудайдын.
Бээжинге келдим бекер деп
Калайык калың журт,
Кыргын болуп кетет деп,
Түрүн көрүп Бээжиндин,
Санасы санга көрүнүп,
Ошондо жандан түңүлүп...
Дүрбүнү салып кабына,
Бакай Чубак Сыргактын,
Басып барды жанына.
– Кабылан Сыргак кеп айтат,
Көп кечигип калдыңар,
Көргөнүңдү айткыла?
Айза кармап жол чалып,
Аттанып чыгар күн барбы?
Кылычты белге чалышып,
Кыйкырышаар күн барбы?
Кызыгышып чабышчуу,
Кытай калмак эл барбы?
Айткын Алмаң чыныңды,
Кабылан төрө кан Манас
Билгизгин көргөн сырыңды.
Көргөнүмдү айтайын:
Капкалуу шаар жер көрдүм,
Кайнаган кытай эл көрдүм,
Бээжетинди билген кан көрдүм,
Бендеден сүрдүү жан көрдүм,
Салынуу турган чеп көрдүм...
Убада кылып шерт бердим,
Келээр-кетээр жумушту,
Алмамбетке өткөрдүм.
Алмамбет тилин алгыла,
Баралы десе баргыла,
Кетели десе кайткыла,
Алмамбетке айткыла,
Деп, Манас сөзүн бүтүрүп,
Бакай, Чубак, Эр Сыргак,
Айтканына түшүнүп,
Кеңеш кылып сүйлөшүп,
Тилекти бирге тилешип,
Чубак менен эр Сыргак
Тал-Чокуга барганы.
Ошондо Алмаң кеп айтат:
Бу Каканды кайтарган,
Ээси болот деп айтат.
Адам менде баткысыз,
Дөөсү болот деп айтат.
Балдыр-булдур сүйлөгөн,
Сөзү болот деп айтат.
Эки каштын ортого,
Тийген айдай көрүнгөн,
Көзү болот деп айтат.

Көрүнүп калса көзүнө,
Билинип калсак өзүнө,
Дөө Маликтен өлөбүз.
Как ошону албасак,
Бейпай болуп Бээжинден,
Бет алыпшай кайтабыз.
Жол кайтарган Мекелге,
Аттанып чалгын чалабыз.
Ажал жетип күн бүтсө,
Андан өлүп калабыз.
Берсе кудай тилекти,
Дөө Маликти алабыз,
Макал дөөнү биз алсак,
Манас корккон Бээжиндин,
Анын эбин табабыз.
Белине белбоо чалышып,
Жоо жарагын алышып,
Алмамбет Чубак эки дөө,
Манас менен Бакайдын,
Ал экөөнөн бата алып,
Жаратканга жалынып,
Чалгынга чыккан жери ошол...
Маңдайында жалгыз көз,
Ай тийгендей жаркылдап,
Чыгып келди Малик дөө,
Алмамбетке жакындап,
Тоо жаңырып төө көчүп,
Маңдайында жалгыз көз,
Казып койгон ородой.
Керкинин мойнун кучактап
Тоодой болгон Малик дөө,
Көздөн аккан кара кан,
Арыктагы суу болуп.
Арстан Чубак кайран шер,
Качырып найза салган жер,
Оң жагында күрөөгө,
Айза тийип калган жер,
Аты качып кетет деп,
Ач күсөндөй жүгүрүп,
Жетти Алмамбет түйүлүп.
Айзаны тартып алган жок,
Арстан Чубак кайран шер,
Сол жатынан жетиптир.
Алмамбет Чубак эки шер,
Тизгин кармап ал жетпейт,
Берениң Алмаң көк жалдын,
Пейлине кудай салдыбы,
Же периште жакын бардыбы,
Берениң Алмаң көк жалың,
Кылыч менен урду эле,
Айры шили Чоң телки,
Желкесинен кайрылып,
Тумшугу жерге сайылып,
Тоо көчкөндөй калдырап,
Керкини чаап сулатып.
Алмамбет Чубак эки шер,
Жоо душманын жеңген соң,
Тилекти кудай берген соң,
Тоодой болгон Маликти,
Көзгө атып кулатып,
Астындагы Керкисин,
Кылыч менен кыйратып,
Турган жери дагы ошол.
Алмамбег Чубак эки шер,
Маликтин башын алыптыр,
Кулагынан көтөрүп,
Аттарына барыптыр.
Арстан Чубак кеп айтып,
Алаке, бул эмне киши деп айтып,
Кабылаң Алмаң көк дөөнү,
Атка жүктөп алалы,
Манас менен Сыргакка,
Башын ала баралы.
Чочуур бекен? Манас деп,

Көк текеге салгын деп,
Алмамбет айтат Чубакка.
Көтөрө албай Чубагы,
Коргошун беле таш беле,
Алаке, колдоп койгон баш беле,
Темиген беле баш беле!
Алаке, жараткан алда бир кудай,
Же, темирден койгон баш беле?
Көтөрө албай койдум мен,
Атка кантип салабыз,
Манас менен Сыргакка,
Муну, кантип алып барабыз.
Башты көрүп таң калып,
Баатырсыган эр Чубак,
Жакасын бекем карманып,
Алмамбет Чубак эки шер,
Айбалталап жарышып,
Мээсин ачып салышып,
Ээгинен көзөп алышып,
Эки бөлүп чоң башты,
Көк Текеге салышып,
Тал-Чоку көздөй салышып.
Күндөп-түндөп бек жүрүп,
Алмамбет Чубак барган шер.
Арстан Сыргак кеп сурайт,
Алмамбет Чубак эки дос,
Көк.текеге артынган,
Бул эмнең деп сурайт.
Арстан Чубак көк жалың,
Арткан башты ала абай,
Манаска алып бара албай,
Кайра басты эр Чубак,
Бул эмнеси экен деп.
Баатыр Манас балкайып,
Басып барды заңкайып,
Көтүнөн Чубак барды эми,
Көк Текенин үстүнөн,
Артылуу турган куржунду,
Муну аңтара салды эми,
Оозун ача салды эми,
Олуя Манас көрдү эми.
Муруту бар аркандай,
Кулагы бар калкандай,
Башты көрүп эр Манас,
Боконо жүрөк болк этип,
Чочуп кетти солк этип,
Манастын чочуп кеткенин,
Баатыр Алмаң билди эми,
Мурутун сылап күлдү эми.
Арстан Манас жанына,
Сыргак басып барды эле,
Бул эминени көрдү деп,
Көрө коюп Сыргактын,
Эт жүрөгү сезди эле,
Эси чыгып кетти эле.
Дөөкүрсүгөн төрт берен,
Башты көрүп таңданып,
Жакаларын карманып,
Карап турду жарданып.
Акактай тиши кашкайып,
Айдай өңү тастайып,
Оң бөйрөгү болк этип,
Сол муруту солк этип,
Күлүп турат кан Бакай,
Балдардын коркуп кеткенин,
Билип турат кан Бакай.
Манас менен Сыргакты,
Кеңешели келгиле,
Берегi турган Алмамбет
Мунун ким экенин билгиле,
Жараткан кудай жалгыздын,
Жар экенин билгиле.
Качып келген калмактын,
Ак экенин билгиле.

Ак көйнөк кийсе кир болот,
Билбейсиңер баарыңар.
Аттанып чыкса чалгынга,
Көтүнөн чыгып күүлөнүп,
Калмак качып калды деп,
Экөөң бирдей сүйлөнүп,
Береги турган Алмамбет,
Азирети Аалы шер,
Жар экенин билгиле.
Кармашар болсоң Каканга,
Урушаар болсок Калдайга,
Чабуул салсак Каңгайга,
Менин тилим алсаңар,
Береги турган Алмамбет
Айтканындай жүргүлө,
Манас менен Чубакка,
Айкожо Бакай күүлөнүп,
Манас менен Чубакка,
Жанында турган Сыргакка,
Какшык айтып эр Бакай,
Үчөөнө бирдей сүйлөндү.
Арстан Алмаң шер айтат,
Кекээр кепти эми айтат:
Бээжинди.чалгын чаламын,
Сыргакты жолдош аламын,
Какан менен Бээжинди,
Кайтарып турган шери бар,
Мунун алтымыш бөлөк чеби бар.
Жайган темир тору бар,
Казылган сыңдан ору бар.
Бээжиндеги душандын,
Алты аркан бою каздырган,
Кан Коңурбай чочконун,
Торуна түшкөн чагында,
Айжаңдын кызы Арууке,
Эсенкан кызы Бурсукан,
Турна көкүл чолок чач,
Дудунун кызы Кара көз,
Зындандан мени алмакка,
Убада кылып сүйлөшүп,
Тилекти бирге тилешип,
Азизкандын жалгызын,
Чыгарып ордон алалы.
Бул Бээжинге тургузбай,
Качырып жолго салалы.
Бул тапкан динге кирели,
Түшүп жаткан зындандан,
Чыгарабыз деген соң,
Чыктым зындан торунан,
Сындандан чыгып карасам,
Сындандан сени чыгардык,
Каканга эми батпайсың,
Сен эмине кишисиң,
Чындап эми айткын деп,
Сурады кыздар өзүмдөн.
Захара калмак зындандан,
Чыгардык тышка сени аман,
Элестеп билдик кабардан,
Мукамбетке аты уйкаш,
Зарлайбыз сенин артыңдан.
Өз жолуңа салгын деп,
Бизди кошуп алгын деп,
Сен ошол мусулман элине,
Сен кошулуп аласың,
Ошондо бизди кандай табасың.
Айжаңдын кызы Арууке,
Келер болсоң Алмамбет,
Белги берип кеткин деп,
Арууке айтып турганда,
Чынардан кыйып алгамын.
Оргуп чыккан булакка,
Белги кылып жүргүн деп,
Беш чынар чырпык сайгамын.
Канга тууган шер алып,

Каманга келем ошондо,
Келбес болсом ошондо,
Чынарым өспөй куурайт деп,
Муну белги кылып жүргүлө.
Мен айткан тилди билдиңер,
Ислам динге кирдиңер,
Аркага чачты түйгүлө,
Ажырашпай үчөөңөр,
Биргелешиш жур дегем.
Айкөлүм Бээжин чалбасам,
Кыздарды таап албасам,
Өтүп кетем арманда.
Айкожо Бакай түшүнүп,
Сенден кабар болгуча,
Камбар менен Кошойдун,
Ажыбай менен Үрбүнүн,
Жанына барып турайын.
Саадагын салып санына,
Кылычып салып кынына,
Айтып сөзүн токтотуп,
Алмамбет менен Сыргакты,
Манас менен Чубакты,
Амандашып коштошуп,
Убада сөзүн токтотуп,
Боз чолок атын минген жер.
Аскерди багып турам деп,
Арстан Бакай жүргөн жер.
Алмамбет Сыргак эки шер,
Чыкмак болду чалгынга.
Кош колуңун алышып,
Куржунуна салышып,
Белине болот байланып,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Үзөңгү бутка саларда,
Атка минип бата алып,
Экөө жөнөп каларда,
Айкөлүң Манас баатырдын,
Көзүнөн жашы төгүлөт.
Бээжинден чалгын чаласың,
Бээжинде калган кыздарды,
Буюрса кудай аласың,
Белде калдым зарыгып,
Береги Манас агаңдын,
Айласын кандай табасың,
Оң бөйрөгүн таянып,
Олкулдап ыйлап кан Манас,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлап ийген жер.
Алмамбеттин жолдошу,
Мусулмандын молдосу,
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Айкөлү Манас баатырга,
Кайрат айтып сүйлөнүп,
Кайгыланып ыйлайсың.
Каалаcа кудай салар жол,
Ажал жетип күн бүтсө,
Алып калчу сен эмес.
Абабыз ыйлап калды деп,
Калып калчу жер эмес.
Көтөргүн Манас колуңду,
Бузбагын санаа оюңду.
Молдо болуп кат билген,
Ак куран окуп жат билген,
Шариятка сыйдырып,
Айткан сөзүн токтотуп,
Манас Чубак эки шер,
Кыбыланы бет алып,
Тура калды окшошуп.
Алмамбет Сыргак эки дос,
Асманда жылдыз оң болсун,
Арбагың ашып чоң болсун,
Ободо жылдыз чоң болсун,
Оорагың ашып чоң болсун,
Азирети шер Аалы,

Астыңа барып жол чалып,
Душманга барып кол салып,
Аалы шер сени колдосун.
Ага сени тапшырдым.
Жараткан алда бир кудай,
Жардамына тапшырдым.
Ак пайгамбар Мустапа,
Арбагына тапшырдым.
Саламат барып сан кел деп,
Сагындырбай бат кел деп,
Эсен барып соо кел деп,
Эриктирбей бат кел деп,
Айтып сөзүн токтотуп,
Алмамбет Сыргак коштошуп,
Алтын ооз каркы тон,
Оозу менен алышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Алмамбет, Сыргак эки шер,
Чыкты жолго жарышып.
Тал-Чокудан башка жол,
Ошол жолго салды эми,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Жарышып кирип барды эми.
Алмамбеттин жолдошу,
Акылы айран таң калып,
Көрдү Сыргак таң калып,
Эми астындагы Алмаңдын,
Жанында Сыргак кеп сурайт:
Мен Бээжинде турганда,
Кырк миң уста алгамын,
Шаты салып бекитип,
Көпүрөнү салгамын,
Кечөөгү Чубактан уккан катуу сөз,
Көөнүнө түшө калганын,
Сыргагым көтөрдүм кудай салганын.
Мен Бээжинде турганда,
Ислам журту билсин деп,
Заманалуу күн болсо,
Ушу жолго кирсин деп,
Мен Каканда турганда,
Каканды кармап катыктым.
Каарман улук болду деп,
Катуу сурак койду деп,
Кытай калмак калкына,
Каарман болуп атыктым.
Мен бул жерден барганда,
Манас менен тең жүрдүм,
Киминерден кем жүрдүм.
Атаңдын көрү кор дүйнө,
Аңтарылып не калбайт,
Бу көрөкчө бул дүйнө,
Мууну бошоп солкулдап,
Барган жерин көргөндө,
Шашыш кетти солкулдап.
Кайраттуу Сыргак кеп айтат,
Бээжинден чалгын чалам деп,
Кааладың менин өзүмдү,
Кагылайын Алаке,
Кантээр экен Сыргак деп,
Же сынап өткөн сөзүңбү?
Жериңди көрүп ыйлайсың,
Минтип ыйлап сен жүрүп,
Жаныңда жолдош Сыргактын,
Жаның жаман кыйнайсың.
Сараланы буралтып,
Сандыргалуу эр Сыргак,
Айтып турат Алмаңа.
Сыргагым ырас айтат деп,
Алмамбет калды уялып.
Эки күндү өткөрүп,
Үчүнчү күндө барышып,
Алтындуу кыя чоң кайкы,
Ага чыгып алышып,
Колуна дүрбү салышып.

Карап туруп бул экөө,
Көргөзгөн мурун Сыргакка,
Бурчулуна барды эле.
Тула бою жоо кийим,
Кынап кийип алды эле,
Ак бараңга ок салып,
Ак милтеге чок салып,
Ак келте мылтык атты эле.
Күлдүрөгөн канаттуу,
Күлдүрөп учуп алганда,
Күндүн бетин бүркөгөн,
Шер көрүнбөй калганда.
Арстан Сыргак көк жалың,
Сараланы камчылап,
Аралай чаап көчүктү,
Астына туман кетирбей,
Атып келет Сыргак эр.
Мурун келип көрбөгөн,
Жүрөр жолду билбеген,
Алмамбетке жете албай,
Буйраланып калыптыр,
Жаспасын көрүп Сыргактын,
Канатын жайып калдактап,
Тумшугун жыйып салмактап,
Алмамбетке барыптыр.
Учу болот түбү жез,
Алмамбеттин сүрөөгө,
Тумшугу менен сайыптыр.
Мүрүүсүнөн өтүптүр,
Бир сайганда тумшугу,
Далысына жетиптир.
Сайып алып Алмаңды,
Көлгө сүйрөп кетиптир.
Көлгө чөгүп кетерде,
Көсөм Сыргак жетиптир.
Сараланы камчылап,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Алмамбетти бул өрдөк,
Кара көзүн оёрдо,
Канын соруп тоёрдо,
Арстан Сыргак шер баатыр
Башын бөлүп салган жер.
Алмамбетин көтөрүп,
Аман алып калган жер.
Арстан Алмаң көк жалдын,
Кайсүбөөнүн четинде,
Оң далынын бетинде,
Тумшуктун учу таарыптыр,
Омуроодон кан агып,
Жарадар болуп калыптыр.
Жараты ырбап балбаалап,
Эсинен танып калыптыр.
Алты катар кол капчык,
Эч кишиге билгизбей,
Катып алып жүрчү эле,
Эсине кудай салган соң,
Колуна алып дарыны,
Тумшук жарган жаратка,
Кыпчуур менен салды эле.
Кан буугандай кара кан,
Тып басылып калды эле.
Бет алышып сүйлөшүп,
Эр Сыргак айтат Алмаңа,
Жарадар болуп калдың сен,
Кайтабызбы Алаке?
Манас менен Чубакка,
Биз ушуну көрдүк деп,
Айтабызбы Алаке?
Сыргак сурап калганы,
Күлө басып кашкайып,
Алмаң айтат ошондо:
О,кагылайын Сыргагым,
Бет алышып бардык деп,

Адегенде душмандан,
Жарадар болуп калдык деп,
Бу жерден кантип кайтабыз.
Манас менен Чубакка,
Кантип барып айтабыз.
Алмамбет айткан сөзүнө,
Кубанып Сыргак көсөмү.
Сандыргалуу эки шер,
Аттарын оңдой токушуп.
Аюу көпчүк кош быштан,
Аны жаап үстүнө,
Айзаларын карылап,
Мылтыктарын дарылап,
Кылычты белге чалышып.
Бээжинге чалгын чалмакка,
Куран окуп арбакка,
Эки шер жүрдү жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып.
Алмалуу деген тоосу бар,
Чоң Бээжинди бакчу жер,
Кирип барды эки шер.
Арстан Алмаң эр айтат,
Мына бу кан жайлактын бели ошол,
Кабар түшсө Бээжинге,
Кайтартып койчу жери ошол.
Ат жетелеп өткөрүп,
Ушу жерге токтолуп,
Сен ушу жерге тургун деп.
Мына бу Алача белге барайын,
Көрдүңбү кароолго салган сепилин,
Чалгынга чыгып жол чалып,
Карап келген эр барбы?
Кырымдын уулу Мурадыл,
Карматпай качып кетти эле,
Кабар берип Бээжинге,
Тосуп калган эл барбы?
Сыргакка айтып сүйлөшүп,
Арстан Сыргак көк жалың,
Алмамбет тилин алды эми.
Ат откоруп жайык жайып,
Алмалууда калды эми.
Арстан Алмаң көк жалың,
Кароолго барып караса,
Алтын ачык туу жатат.
Калмак кытай аралап,
Айгайлаган түз жатат.
Азиз кандын жойчу кул,
Өлбөсө кайра келет деп,
Жердин баарын билет деп,
Куу өрдөкк мурун көрөт деп,
Кароолчусун сак кылып,
Өткөрүп ийбей кокустан,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Бек кайтарып жаткын деп,
Азык-түлүк мол берген,
Он эки сан кол берген.
Эчтеме жок эсинде,
Чалгынчысы чалбаптыр,
Кароолго чыгып барбаптыр,
Кайра тартып Алмамбет,
Байрагын булгап бакырып,
Куугун көргөн немедей,
Көк ала минип закымдап,
Арстан Сыргак баатырга,
Келди Алмамбет жакындап.
Алмамбет үнү чыкканда,
Бет алышкан жоо көрүп,
Качып калган экен деп,
Сарала минип камчылап,
Эминени көрдүң деп,
Салам айтып кол сунуп,
Арстаның Сыргак келген жер.
Алмамбет жооп берген жер.
Арстаным Сыргак көк жалым,

Кайнаган канча кол көрдүм,
Кан Коңурбай чоң көрдүм,
Канча түрлүү зор көрдүм,
Ок жүктөгөн бил көрдүм,
Он эки түрлүү эл көрдүм.
Кагылайын Сыргагым,
Мурадыл качып кетти эле,
Каканчылуу Бээжинге,
Жетип кабар салыптыр,
Кан Коңурбай баш болуп,
Жолду тосуп калыптыр.
Кандай заман кандай күн,
Адам барчуу жер болбойт,
Аман калчу эл болбойт.
Жүргүн Сыргак кайталы,
Манас менен Чубакка,
Кайта барып айталы,
Кантер экен Сыргак деп,
Алмамбет айтып турганын,
Арстан Сыргак кайран шер,
Алмамбетке айткан жер.
Айланайын Алаке,
Жүргүн кайра баралы,
Көргөзгүн менин  көзүмө,
Берсе кудай тилекти,
Бээжиндин каны Манжунун,
Жол кайтарган аскерин,
Казат жылып кан төгүп,
Ажал жетсе өлөлү,
Уруш кылып көрөлү.
Сыргак айтып турганда,
Эмесе,Сыргак макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Жан ойлогус тапкан эп,
Арстан Алмаң көк жалың,
Кароолго салпан сепилдин,
Алмамбет Сыргак барган жер.
Кайнаган кытай калмактын,
Колун көрүп келген жер.
Жоболондуу эр Сыргак,
Алдан эчен түрлөнүп,
Кагылайын Абаке,
Тилекти кудай бериптир,
Тилегим кабыл келиптир,
Кайталы деп айткандай,
Качат Сыргак дедиңби,
Же жасап айткан кебиңби,
Арстаның Алмаң кайран шер,
Адил Сыргак баатырдын,
Кайратына кубанып,
Ыраазымын кудайга,
Кагылайын Сыргагым,
Кудай берсе тилекти,
Эки кызды табарбыз,
Каканчылуу Бээжинге,
Аскерди айдап киребиз.
Арууке, Мыскыл эки кыз,
Кайда экенин билебиз.
Кагылайын Сыргагым,
Кайратың бар башың бар,
Менин тилим алсаң сен,
Шибээни сага кийгизем,
Сени кытай кылып жүргүзөм.
Аралап кирип барганда,
Кысып кетип жүрбөгүн,
Кыйкырыгың таш жарып,
Бузуп кетип жүрбөгүн,
Дудук болуп кыңк этпе,
Менин артыман жүрүп аралап,
Бир кудайды мааналап,
Макул, макул, макул деп,
Алаке, бул айтканың акыл деп,
Бээжинде кийген алтын чен,
Алмамбет кийип алды эми.

Какандын каны Коңурбай
Как окшошуп калды эми.
Сарала менен Көгала,
Кына боёк сыйпашып,
Алгарага окшотуп,
Башка буруп салды эми.
Жолдошу Сыргак баатырды,
Калың колдун четине,
Ээрчитип кирип барды эми.
Кан Коңурбай экен деп,
Жакаларын карманып,
Келди баары жарданып.
Пил терисин каптаган,
Доолбасын какты эми,
Камчы менен чапты эми,
Алтын ооз дарбаза,
Ачарында оозун,
Он эки пилге ачтырган,
Жапканында дарбаза,
Кырк качырга жаптырган.
Аскерди айдап киргизип,
Кан Коңурбай өңдөнүп,
Кереметин билгизип,
Дарбаза оозун тарттырып,
Кылган иши оң болуп,
Алмамбет менен Сыргактын,
Кылган иши оң болуп,
Кара курттай аскерди,
Камап кирди Алмамбет,
Артына токтоп калганды,
Сабап кирди эр Сыргак,
Кылчаңдап токтоп турат деп,
Канкор Сыргак кан ичме,
Бир далайды өлтүрдү,
Арстан Алмаң эр Сыргак.
Дарбазаны бекитип,
Дарбазаны кайтарган,
Эчен баатыр эчен шер,
Ачпагын деп кекетип,
Жай ташын алып колуна,
Балдыр булдур сүйлөдү,
Жан жолдошу эр Сыргак,
Алмамбет тилин билбеди.
Эшиги чоюн дарбаза,
Ачып кирип Алмамбет,
Мар ажыдар үстүнө,
Басып кирди Алмамбет,
Аралап басып барганда,
Ал ажыдар былк этпейт.
Кагылайын Сыргагым,
Бээжиндин ичи бек болот,
Бу кабылган киши берт болот.
Ажыдар мар жылан,
Аны арлап мен бардым,
Болбогон ишти ойлонуп,
Бекер коркуп сен калдың.
Кагылайын Сыргагым,
Чынмачып деген шаарга,
Эми экөөбүз баралы,
Салып кеткен чебим бар,
Таштап кеткен элим бар,
Сайган терек багым бар,
Ордо кылып салдырган,
Он эки түрлүү тамым бар,
Ошо жерди чалалы,
Акыреттик антташкан,
Арууке менен Мыскалды,
Андан кийин табалы.
Арстан Алмаң эр Сыргак,
Кынына кылыч салышып,
Чынмачынга бармакка,
Аны мурун чалмакка,
Жүрдү эми жарышып.
Алмамбет менен Сыргакты,

Аралап кирип барганда,
Аны карайт таңданып.
Катын кыз карайт жарданып,
Беги карайт таңданып,
Эли карайт жарданып.
Кийгенинде жака жок,
Өтүгүндө така жок,
Чактуу деген эл ошол.
Шекшип, калды кытай деп,
Билип калды калмак деп
Колдогун кудай арбак деп,
Арстан Алмаң көк жалың,
Алды ташты колуна
Асмандан мөндүр төгүлтүп,
Жайдын күнү кыш болуп,
Көчөгө киши чыгалбай,
Жол кайтарган чалгынчы,
Чолок этек кең коюн,
Алманбет салды чоң оюн.
Кыңшылашып кыз болуп,
Кызыл чоктуу кытайды,
Кара чоктуу калмакты,
Көңүлдөрүн бөлүнтүп,
Азиз кандын жойчу кул,
Келип калган шекилдүү,
Азиз кандын жойчу кул,
Келип калган экен деп
Калмак кытай бектери,
Капканын оозун бекитти,
Кылып коюп кызыкты,
Салып коюп бузукту,
Чынмачын деген шаарга,
Ошо күнү кечинде,
Кечке жуук бешимде,
Экөө кирип барышты.
Чубактын айткан кебине,
Эр Алмамбет баатырдын,
Эсине түшө калыптыр.
Адамдан андай укпаган,
Эсине түшүп арданып,
Көгаланын үстүнөн,
Кулап калды Алмамбет,
Айза тийген немедей,
Арданганы курусун,
Сулап калды Алмамбет.
Атактуу Сыргак эр баатыр,
Арданганын билди эми,
Жаман сөзтө арданып,
Сулаганын билди эми,
Дүнүйөгө кызыгып,
Турасың эми бузулуп,
Кайткын десең кайтайын,
Билгениңди кылып көр.
Урушар болсоң Алмамбет,
Атка минип чыгып көр,
Издеп тапкан жолуңду,
Алмамбет билдим сенин оюңду.
Пейлиң чындап бузулса.
Көгала минип чыга кой,
Алмамбет айткын сырыңды,
Билгениңди кыла кой.
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Урушам деген оюнда,
Сыргактын кебин укканды,
Адамдан асыл Алмамбет,
Кулагына жукканы,
Тула боюн жыйнады,
Сыргактын түрүн көргөндө,
Асыл Алмаң кайран шер,
Тура калып ыйлады.
Кагылайын Сыргагым,
Тилим тиштен тайдыбы?
Мени шайтан сайдыбы,
Денеме шайтан толдубу,

Менин ыйлап турганым,
Чоң текебер болдубу?
Оозуман келмем, кеттиби?
Текебер мага жеттиби?
Алагөр көзү тунарып,
Алтындай жүзү кубарып,
Жаман апас болду деп,
Садагасы кетейин.
Сандыргалуу Сыргагым,
Катуу айтып койду деп,
Тал чыбыктай буранып,
Алакан жайып кол ачып,
Айтканына уялып,
Колун алып бооруна,
Баатыр Сыргак көк жалдын,
Басыга барды жанына.
Көзүнөн  жашы бурчактап,
Ыйлап ийди Алмамбет,
Моюнуан кучактап,
Эр Алмамбет көк жалың,
Көргөзмөк болду Бээжинден,
Кан Коңурбай калчаны.
Аттын оозун каркытып,
Оозу менен алышып,
Тизгим менен чылбыры
Сол колунда карыгып,
Айтылуу какан түп Бээжин,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Аралады жарышып,
Кең-Кол менен Таластын,
Талаасында жүргөндөй,
Дин мусулмаи элинин,
Арасында жүргөндөй,
Ат куйругун түйүшөт,
Ар бир түрлүү Бээжиндин,
Борумун көрдү эр Сыргак,
Капкалуу чоң Бээжиндин,
Сонунун көрдү эр Сыргак.
Сарала менен Көгала,
Ат бууругуп калыптыр,
Арстан Сыргак эки шер,
Атка минин шаңдашып,
Жолго чыкты камданып,
Аты Сыргак кайран эр.
Бу Алмамбет баатырдын,
Жоругуна таң калып,
Арта тууган эки шер,
Кирип барды жарышып,
Дарбазаны тарткын деп,
Каалганы ачкын деп,
Кан Коңурбай түрдөнүп.
Кан Коңурбай пенде деп,
Көрүп жандан түңүлүп.
Колун алып бооруна,
Тизеси жерге киргиче,
Чекеси жерге тийгиче,
Балдырашып баарысы,
Көп жашаган карысы,
Түрү башка экен деп,
Сүрү бапшка экен деп,
Коңурбай эмес деп айтат,
Билбегениң билгин деп,
Жой болоттун тукуму,
Дөө Алооке тукуму,
Деп бирөө кеп айтат.
Анда бирөө кеп айтат,
Минген аты бир башка,
Алгара эмес деп айтат.
Аты башка экен деп,
Коңурбайга окшобойт,
Шарты башка экен деп,
Кара кытай манжу айтат,
Андан чыкты эчен кеп.
Эр Сыргагын ээрчитип.

Дарбазасын тарттырып,
Каалгасын ачтырып,
Андан өттү Алакең.
Арстан Алмаң көк жалың,
Бир кудайга жалынып,
Канышайдын шаарына,
Кирип барды камынып,
Кан Коңурбай өңдөнүп,
Атыңдын оозун бир деди,
Кагылайын Сыргагым,
Кармашар болсоң кез келди,
Ушу жерге тур деди.
Атын таштап жөө басып,
Арстан шер Алмамбет,
Кан Коңурбай өңдөнүп,
Катуу берди буйрукту,
Кара аламан көп кытай,
Көрдү эми баарысы,
Кан Коңурбай улукту.
Арагы бар кытайдан,
Эл башына бир көөкөр.
Салык кылды Алмамбет.
Эр башына бир көөкөр,
Арак берди мас кылып.
Кайтаруучу аскерди,
Мурдуна дары жыттатып,
Киши койбой уктатып,
Тынч уйкуга жатсын деп,
Сыргагым эбин тапсын деп,
Арстан кайран Алмаң шер,
Алып келип ойнотту,
Шаардагы сойкуну.
Арака тоюп көлдөшүп.
Арак ичип чөлдөшүп,
Чыканактап тынч алып,
Кыбырап киши баскан жок,
Кайтаруучу кароол жок,
Жолду тозгон жолчу жок,
Кылды Алмамбет кызыкты.
Арстан баатыр Сыргактын,
Келди кайра жанына,
Жан жолдошу Алмамбет,
Акырет жолун чалышкан.
Азыр издеп табышкан,
Убаданы бек кылып,
Арууке, Мыскал эки кыз,
Бу Бээжинде калышкан.
Арууке, Мыскал эки кыз
Кара дөөнүн колунда,
Карарган темир торунда,
Жаткан экен ушулар
Өлүм артык жолунда.
Аскердин баарын уктаттым,
Кылычың кындан алып тур,
Үзөңгүсүн кыйып тур,
Эки кызга мен барсам,
Буйруп койсо экөөнү,
Доолбасты кагармын,
Кара дөөнү мен сойбой,
Коңгуроону чабармын,
Кылычың алып кыйкырып,
Чыккын Сыргак камынып.
Кара дөөнүн алдына.
Басып барды Алмамбет,
Эки дөөгө барыптыр,
Ат башындай жамбыдан,
Сүйлөттүрүп койчу деп,
Арууке менен Мыскалга,
Жамбы берип Алмамбет,
Дөөлөрдү салды арага.
Ачылбаган дарбаза,
Оозун ачып эки дөө,
Тышка улук келди деп,
Ушу жаткан камактан,

Чыгарабыз деди деп.
Динге кирген эки кыз,
Чыгып келди камактан,
Арстан Алмаң көк жалың,
Шер Коңурбай өңдөнүп,
Канышайдын астына,
Барды басып жакындап.
Канышайга кеп айтып,
Мен Коңурбай деп айтып,
Мындай кепти укпаган,
Бурама токмок жези бар,
Ай далыга салды эле,
Баатыр Алмаң көкжалың,
Сулап жатып калды эле,
А дээрге дарман жок.
Колун жулуп алам деп,
Мойнун жулуп салам деп,
Канышай турат камынып.
Айымкандын сиңдиси,
Анын аты Бурулча,
Айланып учуп барыптыр,
Тегеренип айланып,
Бадышанын кызы эле,
Сайкал деген аты бар,
А да келип калыптыр.
Дөөдөй болгон Кара дөө,
Көзүн байлап салыптыр.
Эки көзү каралбай,
Жыга чапкан кишинин,
Кайда экенин билалбай,
Жерди чапчып сыйпалап,
Дөө Канышай жаткан жер.
– Эр Алмамбет баатырды.
Тай эжеси эки кыз,
Чоң Байкалды ээрчитип,
Алмамбетти тапкан жер,
Баш көтөрүп үшкүрүп,
Алмамбети калган жер.
–Колун алып бооруна,
Чыкты эки кыз соңунан,
Мойнундагы соолуну,
Колго салган коолуну,
Аны жулуп ыргытып,
Бутундагы боолусун,
Муну жулуп ыргытып,
Антташып койгон Арууке,
Айдалыга салган жер,
Адамдан билгир Мыскалды,
Оң колунан алган жер,
Кара дөө союп тыңган жер.
Арстан Алмаң көк жалың.
Бакырып добуш салган жер,
Алмамбеттин үнү деп,
Арстан Сыргак шер баатыр,
Алмамбет айткан кеби деп,
Тилекти кудай берди деп,
Кыргынды кызык салган жер,
Кызыл канга боёлуп,
Арстан Сыргак шер баатыр
Кытайдын башын алган жер.
Эки кызды ээрчитип,
Олуя заада Алмамбет,
Эр Сыргакка барган жер.
Алмамбет менен эки кыз,
Аралап чыкты шаардан,
Шаарынын ичинде,
Көчөсүнүн үстүндө,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү андан көп,
Муруттарын сербейтип,
Киши өлүгү мындан көп…
Калмак менен кытайды,
Койдой кырып кеткен жер.
Көңүлдөрү ачылып,

Алмамбет Сыргак эки шер,
Кубанычта болгон жер.
Башта экөө эми – төрт,
Астынан чыгып бууган жок,
Артыңан түшүп кууган жок,
Эки кызды ээрчитип,
Жаңына алып Сыргакты,
Салып кеткен корукка,
Ошо жерге барды эми.
Арстан Алмаң кеп айтып,
Жолдошум Сыргак деп айтып,
Аттар болду көк жашык,
Кандары калды бир кашык,
Ат өргүтүп жан багып,
Он беш күнү жаталы,
Акылдашып кеп айтат,
Бул айтканың макул деп,
Жатып калды эки шер.
Эчтемени кенебей,
Дин мусулман элинин,
Ичинде жүргөн немедей.
– Уйкуңар качан канат деп,
Силерге Бээжин жер эмес,
Көрүнүп калсаң көзүнө,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Бу куткарып ийчү жан эмес,
Арууке Мыскал эки кыз,
Акыл салып кеп айтып,
Кандай заман кандай күн,
Бу орто колдун ичинде,
Жатпагыла деп айтып.
Эми кыз айткан шегине,
Алмамбет Сыргак таңданды.

## ЖЫЛКЫ ТИЙҮҮ[3]

Бакырыгы баш жарып,
Бакырган үнү таш жарып,
Жер жарылып күн чыгып,
Жеке сандап үн чыгып,
Бөрү тил айза колунда,
Беттешип менде баргысыз,
Беттеген тирүү калгысыз,
Кайрылып жоого тийгенде,
Кабылан Манас киргенде,
Жайнаган аскер калмакты,
Жайылдырып бир бөлүп,
Ителги тийген таандай,
Ийрин айдап бир бөлүп,
Бөрү тийген койдой,
Бөлүп айдап бир бөлүп,
Колундагы айзасы,
Топу сайган немедей,
Тоголотуп өткөнүн,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип кеткенин,
Ошол Манас баатырды,
Каары бар бир башка,
Канча турду кубулуп,
Дөө пери жолдош болуптур,
Жараткан Алда бир кудай,
Жанагы Манас баатырга,
Жолдош кылып коюптур,
Арстан Манас шер баатыр,
Алача-Кыя Кескен-Жол,
Аша чыгып барды эми,
Айза тийбей ок тийбей,
Ага чыгып барды эми.
Кылчайып артын караса,
Арык койдой кырыптыр,
Артын карап байкаса,
Калмак менен кытайдын,
Колу сынып чолоюп,
Чолок болгон андан көп.
Буту сынып мулжуюп,
Мунжу болгон мындан көп,
Көзү чыгып олоюп,
Омок болгон мындан көп,
Ок дарысын ыргытып,
Чачып жүргөн мындан көп.
Бирин бири жетелеп,
Минерине ат болбой,
Ичерине аш болбой,
Басып жүргөн мындан көп.
Өлгүктөргө кошулуп,
Өлүмүш болуп былк этпей,
Жатып жүргөн мындан көп.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Сынчысынан кеп сурайт,
Кандай каран, кандай түн,
Бу кандай экен деп сурайт.
Элчиси сынчы кеп айтат,
Мен көргөндү көрбөйсүң,
Мен билгенди билбейсиң,
Ак олпок тону бар экен,

[1] Тема кийин коюлду.

Азирет Аалы пири экен,
Аскери бир миң экен.
Беттешкен менде оң болбойт,
Кой батыр, турбай кетели,
Кармашкан менен оң болбойт.
Беш согушуп өлгүчө.
Бекке жанды сактайлы,
Өлгүчө жанды багалы,
О, бруттун иши оң экен,
Колдогону чоң экен.
Менин тилим алсаң сен,
Бээжинге кирип кетели,
Ачылбаган оор эшик,
Манас мурун осунун,
Алып калса оң болбойт.
Азызкандын жойчу кул,
Чалып калса оң болбойт,
Элчибек сынчы айтканы.
Дөбөдөгү чоң манжу,
Ээр белге токтолуп,
Эзкара менен эр Эшим,
Бээжиндин ичин кармаган,
Какандын ичин калчаган,
Эки инисин алдырып,
Кача турган өңдөнүп,
Байкооңур менен Көкбөрү,
Соорондук менен Темирчи,
Ат куйругун түйүшүп,
Баш кошушуп алты шер,
Канжайлаштын Кызыл-Тоо,
Тегеренип жүрүшүп,
Барган элди ташташып,
Шер Манаска көрүнбөй,
Башка жолду башташып,
Көптү таштап чоң манжу,
Бөлүнгөнү ошо жер.
Жан бекитип Каканга,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Беш бөлүнө баштады,
Калмак менен кытайды,
Ээн талаага таштады.
Аюу, Жолборс ойногон,
Адам барса жалмаган,
Беш бөрүсүн ээрчитип,
Чет-Бээжиндин Кашка-Жол,
Улуу жолго салды эми.
Арстан Бакай баатырдын,
Бар экенин билбеген,
Кармаган туусу жыгылган,
Канча күнү, канча түн,
Качып жолго салгандар,
Кетебиз деп баргандар,
Кан Бакайдан кырылган.
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Окуп бүтүп амазын,
Арстан Бакай кайран шер,
Үзөңгүгө бут салып,
Бакай жолду кең чалып,
Тегерегин караса,
Кудай бетин көргөзбө,
Кырдуу мурун кызыл көз,
Кебез өтүк кендир бел,
Келишимдүү чоң манжу,
Оңколуу мурун жаркак көз,
Бөрү тил найза алыптыр,
Бөрү Бакай жанына,
Жарышып кирин барыптыр!
Арстан Бакай эр баатыр,
Кыйгактуу найза сунушуп,
Кытайдын каны чоң манжу,
Коңурбайга бет алып,
Кылычташып урушуп,
Карагай айза сунушуп,

Какандын жаны чоң манжу,
Кабылан төрө Бакайга,
Айзалашып урушуп,
Калкандары бөлүнүп,
Бутундагы жеке сан,
Тигилиштен бөлүнүп,
Ай балта менен салышып,
Саптары колдо калышып,
Бакай менен Коңурбай,
Алыша албай далайга,
Ат майышып барышып,
Эки дөөнү көрдүңбү,
Этек – жеңин түрүшүп,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Желкесинде кара чач,
Ошо Бакай баатырдын,
Билегине чалынган,
Алдындагы Алкара,
Билегине бурганда,
Жер таянып турганда,
Оң жагында жой болот,
Ала турган табында,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алдыра турган чагында,
Атасы бирге туушкан,
Арстан Бакай баатырды,
Эр эшим келип бир сайды.
Кайра жанып алгыча,
Оңолуп кайра салгыча,
Байкоңур келип өттү эми,
Бура тартып өткүчө,
Көкбөрү келип бир сайды.
Айза тийип жаралап,
Капталынан кара кан,
Арстан Бакай баатырдан,
Чыга түштү салаалап.
Жети Бөрү бир койду,
Жеке башы Бакайдын,
Мунун алы калабы,
Таласа тарпы калабы,
Жалгыздын жаны калабы.
Тегеренип чоң манжу,
Айза сайып баалалап,
Ошондо койду Бакайды,
Алтымыш жерден жаралап.
–Арстан Бакай баатырдын,
Эси оогон ошол жер.
Арстан Бакай баатырдын,
Тула бойдон кара кан,
Оргуп агат бурчактап.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Пейилин коюп арбакка,
Абасы Бакай баатырды,
Издеп таап алмакка,
Өлүп калса Бакайдын,
Өлүгүн таап алмакка,
Тирүү болсо Бакайды,
Издеп үчөө бармакка,
Ат болушка салышып,
Алмамбет билет маанисин,
Асыл Бакай абаке,
Адамдан башка айлакер,
Көптү көргөн жан эле,
Көсөмдүгү бар эле,
Пир колдогон жан эле,
Билими артык ал эле,
Каканды кармап бекиткен,
Алты катар каалга,
Пир колдогон абакең,
Ошону билип алды бейм,
Качып келген калмактын,
Жолун тосуп алды бейм!
Он эи каалга түп Бээжин,

Капкалуу шар калаага,
Кан Бакайды тапмакка,
Жолго адис Алмамбет,
Он эки жерде дарбаза,
Барын бирдей жат билген,
Таң кашкайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Дарбазалуу коргонго,
Жалпы кирип барышып,
Айтканындай агасы,
Айкөлү Бакай абасы,
Алдындагы Көкчолок,
Ала качып Бакайды,
Айбанда болсо жаныбар,
Жан жолдошу бууданы,
Ала качып койгулап,
Кытайлардын берени,
Бек Кюңурбай эрени,
Ай балталап алалбай,
Алдындагы атынан,
Ажыратып салалбай,
Пир колдогон Бакайдын,
Башын алып салалбай,
Тегеректеп турганда,
Дабышы жерди жарышып,
Кудай бетин көргөзбө,
Алмамбет, Чубак, Сыргак деп,
Баабедин деп бакырып,
Үн алышып үч бөрү,
Манастап ураан чакырып,
Үч бөрү келет жарышып.
Чалгында турган элчилер,
Жойчу кул келип калды деп,
Кабарды катуу берген жер
Бакайдын эсин кетирип,
Айза сайып жаралап,
Тегеректеп тургандар,
Үч баатырды көргөндө,
Жылаан көргөн немедей,
Жыйрыла түшүп топтолуп,
Жүрөктөрү козголуп,
Жойчу кулдун барында,
Кабылган тирүү калбайт деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Таштап ийип Бакайды,
Алгарага камчы уруп,
Качып жолго салды эми.
Же Бакайга баралбай,
Аттан түшпөй үч баатыр,
Ыйлап турат өбөктөп,
Пир колдогон эр Бакай,
Сүлдөрү бар дарман жок,
Сүйлөөгө алы келген жок,
Арбагы бар дарман жок.
Арстан Бакай баатырдын,
Айнектей көзү жумулат,
Алажат деп бакырган,
Алмамбет үнү угулат,
Күлдөй өңү кубулат,
Жолборсум! деп бакырган,
Чубактын үнү угулат.
Молдосу Сыргак барган жер,
Алмамбет Чубак эки шер,
Буйругу ушул Алданын,
Кайрат айтып экөөнө,
Арстан Бакай баатырга,
Дуба салып турган жер,
Дуба салып турганда,
Сыргак дуба салганда,
Маңдайын сылап эр Сыргак,
Бу жанына барганда,
Күңгүрөнүп үн берип!
Пир колдогон абасы,
Далайдан кийин тил кирип,

Мууну кетип булкулдап,
Турушат ыйлап солкулдап.
Алда таала жол берип,
Арстан тууган Бакайды,
Ошондо ат үстүнөн ала элек.
Арта тууган эки шер,
Алмамбет Чубак эки эр,
Мууну кетип болкулдап,
Турушат ыйлап солкулдап.
Бакай Сыргак бул Экөө,
Кагылайын кудай деп,
Кол кармашып туртанда,
Алмамбет Чубак эки эр,
Эрип кете таштады.
Арстан Сыргак кеп айтып,
Экөөңдү ашкан шер десем,
Жол башатаган эр десем,
Канта тууган шер десем,
Кайраттуу тууган эр десем,
Этегиң шалкы белиң бош,
Тирүү турган абамды,
Өкүрөсүң турасың,
Жанын жаман кыйнайсың.
Кана өлүп кетчи көрөйүн,
Молдо Сыргак күүлөнүп,
Эки дөөгө сүйлөнүп.
Сыргактан уккан кебинен,
Шондо барды Алмамбет.
Көкчолоктун үстүнөн,
Алмамбет алды кучактап.
Канча жери жаралуу,
Кан Бакайдын денинен,
Кан чубурат буурчактап.
Жарадар болуп калсаңар,
Ушуну менен таңгын деп,
Ырыска шерик Каныкей,
Ак киле менен Бакайды,
Катып берген койнуна.
Ошондо чечти үч баатыр,
Абасы жоолук ак тайпа,
Кол канчыктан алышып,
Ак киле берген колуна,
Оромол кийип чопкутту
Таңып ороп салышып,
Аман – эсен Бакайды,
Алып жүрдү үч бөрү.
Кошун көздөй жарышып
Жарадар болгон абасын,
Алып барды кошуна.
Арстаны Манас эр Кошой,
Музбурчак Көкчө эки кан,
Шайык Кожош баатырлар,
Шайкожо менен Сынчыбек,
Эштектердин Жамгырчы,
Турпандын каны Турусбек,
Кашкардын каны Каракан,
Элемандын эр Төштүк,
Агыш Кожош эки кан,
Букардын каны молдо Эшен,
Ташкендин каны Шаакожо,
Жедигерден эр Багыш,
Шыгайдын каны Беккожо,
Катагандан кан Кошой,
Калк чогулуп жыйылып,
Кан жыйылып кеп кылып,
Бакай эсен-аман барганга,
Өлбөй тирүү барганга,
Айланса болот арбакка,
Казатка барган калың эл,
Салып койгон тамы жок,
Сайып койгон багы жок,
Тигип койгон үйү жок,
Жыйып койгон жүгү жок,
Калк чогулуп жыйылып,

Кандардын баары кудайлап,
Түлөөсүн кылып сыйынып,
Ак боз бээден алышып,
Ай туякка чалышып,
Кудайдан тилек тилешип,
Бээжинге кирип кол салдык,
Берди кудай тилекти,
Болоттун мизин кайтардык,
Жоонун сезин кайтардык,
Бакайды кудай берген соң,
Өлбөй тирүү келген соң,
Арта турган Бакайды,
Жеткирсе кудай тилекке,
Айыктырып алмакка,
Бу кудайдын бергени,
Бергени немей элине,
Бакайдын тирүү келгени,
Жараткан Алда бир кудай,
Кабыл кылса тилекти,
Согушуп шейит кетели.
Жараткан Алда бир кудай,
Каза берсе көрөлү,
Какан менен Бээжинге,
Кармашып жатып өлөлү.
Кырк эки илек аскердин,
Теңи өлүп теңи бар,
Тилекти бирге кылалы,
Эшиги бек Бээжинге,
Алмамбет Бакай барында,
Эми бир кармашып чыгалы,
Дин мусулман калың журт,
Убаданы бек кылып,
Ант аманын бек кылып,
Абыдан катуу шерт кылып,
Киши койбой талаага,
Канча күнү, канча ай,
Өлгөндөрүн алыптыр,
Өлүгүн алып барыптыр.
Жаназа окуп коюшуп,
Кең-Кол менен Таластын,
Таласында жүргөндөй,
Айлында калган калың журт,
Арасында жүргөндөй,
Кош кошушуна барышып,
Кан Манас кылып буйрукту,
Кан Манастын аскери,
Казанына аш коюп,
Кара бороң этине,
Жай жүргөндөй той кыла,
Казы менен картага,
Бал бышырып дан кошуп,
Азык кылып койгула.
Кечээ кыргыны кыйла болгондо,
Кытайды кырып койгондо,
Кан-Жайлактын бийик тоо,
Ажыбай, Сыргак, эр Үрбү,
Алты мин атты бир кошуп,
Аскерге аштык болот деп,
Айдап айдап чыгарган,
Жерге өлүк толуптур,
Өлүктөн калган аттарды,
Деңиз жайлоо Кан-Жайлак,
Баарын айдап барыптыр,
Жетимиш миң ат экен,
Ат семирип ык болуп,
Эл семирип бук болуп,
Азык-түлүк көп болуп,
Чоң урушка камын деп.
Арстан Алмаң көк жалың,
Бакай менен Манасты,
Чубак менен Сыргакты,
Бу төртөөнү баш кылып,
Беттетип Бзэжин барбайлы,
Бекерге өлүп калбайлы

Урушуп уят болбойлу,
Кармашып кордук албайлы,
Кечээ мен Бээжинде турганда,
Акыреттик жолдошум,
Айтышып койгон кегим бар,
Алышып койгон колум бар,
Чаап койгон жолум бар.
Ушу капка Бээжинде,
Сүйлөшүп айткан кебим бар,
Билбесем кайта келем деп,
Какан менен Бээжинге,
Канат кылып келем деп,
Кара жанды тозоктон,
Азат кылып келем деп,
Бээжинден качып чыгарда,
Антташып койгон кебим бар.
Анык атын айтайын,
Шергазы деген бегим бар.
Дин окуусун билдирген,
Бээжиндеги жолдошум,
Эптеп кабар салалы,
Көзү өтүп кетпесе,
Шергазыны табалы.
Жолдош кылып алалы,
Баарысына эп келип,
Ушу сөзүң ырас деп,
Айтып сөздү тыйышты.
Уруксат сурап Бакайдан,
Манас менен Чубакты,
Жолдош кылып алайын,
Кагылайын айкөлүм,
Алда таала жол берсе,
Арбактуу Манас баатырды,
Бээжинге ала барайын.
Бет алдырып беттешип,
Уруксат алып Бакайдан,
Батасын алып Кошойдун,
Чубакты жолдош алган жер.
Арстан Манас баатырды,
Көргөзмөккө досуна,
Калың элден бата алып,
Эр Алмамбет кайран шер,
Атка тердик салган жер.
Баатыр Алмаң кайран эр,
Манас менен Чубакты,
Жолдош кылып алган жер.
Эки тизгин бир чылбыр,
Колдорунда карышып,
Алмамбет менен эки дөө,
Арбактуу Чубак жолдошу,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин асты жуп жата
Күн жайлады Алмамбет.
Алакайыр түшүрүп,
Түн жайлады Алмамбет.
Кош дарбаза босого,
Барды жакын ошго,
Бүркөлгөн туман ачылбай,
Калаанын ичи карсылдап,
Күн күркүрөп тарсылдап,
Кара туман бөлүнүп,
Какан менен Бээжиндин,
Ичине алты сай мөндүр төгүлүп.
Алтын ооз дарбаза,
Аны менен иши жок,
Манас менен Чубакты,
Башкача кылып кубултуп,
Ачылбаган дарбаза,
Оор эшигин ачкан шер,
Жан кирбеген Бээжинге,
Манас менен Чубакты,
Алмамбет эбин тапкан жер.
Жан адамга билинбей,
Каканга Манас кирген жер,

Алмамбеттин кадырын,
Ошондо Манас билген жер,
Манас менен Чубакка,
Арка чачын түйгүзүп,
Кытайдын киймин кийгизип,
Арстан Алман көк жалың,
Таң атып күн чыга,
Каканчы Бээжин ичине,
Аралап кирип барган жер,
Атуу жүргөн чоктуулар,
Кан Коңурбай экен деп,
Аттан түшүп чокунат,
Жөө жүргөн аскерлер,
Тизеси жерге киргиче,
Чекеси жерге тийгиче,
Кайкайган бели бүгүлөт.
Кан Коңурбай экен деп,
Кара чоктуу калмактын,
Башчылары жүгүнөт.
Кызыл ойрот кытайдын,
Кыйындары жүгүнөт.
Кылганы башка экен деп,
Мунун билгени башка экен деп,
Мунун жүргөнү башка экен деп,
Абасы Манас шер баатыр,
А кудайлап сүйүнөт.
Кан ичме Чубак кайран шер,
Алмаңдын ар жоругун көргөндө,
Кара жандан түңүлөт.
Күнү-түнү жети күн,
Алты миң көчө чоң капканын,
Ар түрлүү жолун чалганын.
Бээжиндеги Шергазы,
Түшүндө Манас деген кеп угуп,
Эртең менен болгондо,
Эл мечитке толгондо,
Эл чотултуп кеп айтып,
Түшүмдү жору деп айтып,
Молдосу менен эшенин,
Көптү көргөн көсөмүн,
Кеп билүүчү чеченин,
Ак боз бээ алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Айтканымды белгиле,
Акылдууң жоруп бергиле.
Кабыл кылсын түшүңүз,
Калмак менен кытайга,
Аким болот экенсиң,
Кан Коңурбай баатырга,
Жакын болот экенсиң,
Жоруган көргөн түшүңдү,
Оңоптур кудай түшүңдү.
Какандан көргөн кишиңиз,
Меке менен Медийна,
Аскер жыйып алыптыр,
Сен укпасаң мен уктум,
Какан менен Бээжинди,
Жолуң менен бергин деп,
Көпүрө жок дайрадан,
Кечип келди деп уктум,
Тегеренип Бээжинди,
Жетип келди деп уктум.
Уламадан кеп уксам,
Улуу сөздү мен айтсам,
Манас деген деп айтат
Түшүн жоруп Кантемир,
Кыбыланы бет алып,
Алакан жайып буркурап,
Жоругуң туура түштү деп,
Кабыл келчү ишти деп,
Бата кылды чуркурап.
Аскерди баштап жүргөндө,
Касиеттүү Алмаңа,
Тең туугагасып жүрчү эле,

Борумун көрүп боркулдап,
Чубак эмес эр Манас,
Экөө чогуу солкулдап,
Аккула менен Көктелки,
Аттардын оозун бурушат
Кандай болуп кетет деп,
Алмамбеттин ишине,
Айран калып турушат.
Шергазынын шаарына,
Барып үчөө кабылып,
Манас Чубак эки шер,
Бушайман болуп турушат
Алмамбет Чубак эр Манас
Дарбазаны ачтырып,
Желдеттерге шаштырып,
Кирген экен бул үчөө.
Бээжинде турган Шергазы,
Туура көргөн түшүн көр,
Кабыл келген ишин көр,
Жолун тосуп чыкмакка,
Башына селде чалынып,
Мойнуна курун салынып
Кылычын таштап кынынан
Жылдызы тууп оңунан,
Арта турган Шергазы,
Астынан басып чыккан жол
Атка минбей жөө басып,
Улук кан эмне көрдү деп,
Кары-жашы чуркурап,
Ээрчий басып алыптыр,
Манас менен Чубакты,
Токтогун деп Алмамбет,
Жалгыз-басып калыптыр.
Мунарлаган көчөдөн,
Булут ойноп бөлүнөт,
Шергазынын көзүнө,.
Кара сакал нурлуу жүз,
Алакең баатыр көрүнөт,
Абалы мурун дос болгон.
Алмамбет менен Шергазы,
Бээжинден кеткен Алмамбет,
Амандыгын билгенде,
Касиеттүү Шергазы,
Алмамбетти көргөндө,
Коргошундай көйкөлүп,
Эрип кете таштады.
Чын Алмамбет экен деп,
Өлүп кете жаздады.
Бул эмнени көрдү деп,
Калк жыйылып жарданып
Алда кудай алда деп,
Жакаларын карманып,
Менде батып бара албай,
Акыреттик эки дос,
Аман – эсен көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Көзүнүн жашын көлдөтүп,
Маңдайда тери тамчылап,
Ажырашпай турганда,
Кырдуу мурун кызыл чок,
Кылымда андай киши жок,
Шергазыга ат кошчу,
Маңдайына барды эми.
Бала туйгун Асылбек,
Алмамбет менен Шергазын,
Ажыратып алды эми.
Эр Алмамбет кеп айтат,
Мен кудайга ыраазы,
Акыреттик досумдун,
Амандыгын билдим деп,
Асыл жүзүн көрдүм деп,
Алыш кылды кудайга,
Эр Шергазы кеп айтат,
Асманда мунар муз элек,

Экөөбүз акыретгик дос элек.
Кызыл мунар муз элек,
Кыяматтык дос элек,,
Какан менен Бээжиндин,
Кара чоктуу калмактын,
Каарынан кеттиң сен,
Калтыраган тозоктун,
Заарынан кеттиң сен.
Алмамбет кетип калды деп,
Кайгы тартып кан ичип,
Капа болуп жүрдүм мен.
Айтчы эми сырынды,
Кагылайын Алаке,
Кандай болуп келдиң сен?
Өөдө чыксам өбөгүм
Ылдый түшсөм жөлөгүм,
Мен келгенимди айтайын.
Качып чыгып Бээжиндин,
Канча түйшүк иш көрдүм,
Өлбөй жүрдүм сенделип,
Алты ай жүрүп кыдырып,
Ээн талаа эрме чөл,
Астымда минген атым жок,
Койнума каткан азык жок,
Эсим ооп турганда,
Ким экенин мен билбейм,
Же менин тилим ал билбейт,
Анын тилин мен билбейм,
Өлтүрөйүн деп турсам,
Ак сарбашыл жол экен,
Күңгүрөнүп сүйлөсө,
Айткан кебин байкаса,
Кайридин орус деп уктум.
Аксарбашыл экен деп,
Бээсин алып мен кеттим,
Азык кылып этин жеп,
Аны кайдан билейин,
Алтындын кени чыккан жер,
Көкчө-Тоо деп айтчу экен,
Жаныма киши келген жок,
Аркары бар аралаш,
Аюусу бар ала баш.
Алтымыш жайсаң кырк солон,
Кан Көкчө өзү баш болуп,
Аңга чыгып барыптыр.
Уктап жаткам тынч алып,
Тегеректеп алыптыр.
Аткарып адам аткаган,
Уруксатсыз Көкчөдөн,
Аралап адам баспаган,
Көкчөнүн түштүм колуна,
Түштүм чапкан жолуна.
Мергенчи болуп атыктым,
Белиме кемер чалынып,
Баатыр болуп атыктым.
Элинен элес кеп уктум,
Мусулмандын шери деп,
Дин мусулман элинин,
Күйүп турган шамы деп,
Манас деген баатыр деп,
Пир колдогон асыл деп,
Көкчө минген Көгала,
Сууруп миндим колунан,
Астымдан киши бууган жок,
Артыман киши кууган жок,
Он эки күнү жол жүрүп,
Ат бороюн сындырып,
Канчалык жерди кыдырып,
Мусулмандын шери экен,
Ошо Манас баатырга,
Өзүм барып кошулдум.
Ак була тонун кийгизди,
Ак жалдуу тулпар мингизди,
Алган зайыбы Каныкей,

Талас менен Кең-Колдун,
Жеринин дайынын билгизди.
Аргын менен ногойдун,
Элинин дайынын билгизди.
Соотту берди кийгин деп,
Коркпой жоого кийгин деп,
Бастырып жоого тийгин деп,
Зайыбынын аты Каныкей,
Кереметтүү жан экен,
Кабар алган кайыптан,
Билгирлиги бар экен.
Ошо Манас баатырды,
Алып келдим айлыңа.
Жанымда жолдош Бөрү бар,
Дарбазаны ачтырдым,
Арстаным досум барып,
Элиңдин эси чыгат деп,
Манастын түрү бир башка,
Ошо Манас баатырдын,
Маңдайына баргыла,
Кан Шергазы баш болуп,
Калкыңдын эси чыкпасын,
Учурашып алгыла.
Манас менен Шергазы,
Бет алышар кезинде,
Манас деген шери деп,
Шергазынын калың журт,
Кары дебей жаш дебей,
Катын дебей кыз дебей,
Кемпир менен чалы бар,
Арт жагынан ээрчиген,
Жаш балдары дагы бар.
Алмамбет менен Шеринин,
Артынан Ээрчип жарданып,
Манастын жүзүн көрмөккө,
Кара курттай былкылдап,
Арстан Манас баатырды,
Мунарага чыгарып,
Койгон экен Алмамбет.
Жараткан кудай бир алда,
Жаратат адам ар кандай,
Манас менен Чубактын,
Экөөнүн түрүн көргөндө,
Тобо кылып кудайга,
Таң калышып жарданат,
Жакаларын карманат.
Алтын апкыт жез өтүк,
Буттан чечип ыргытып,
Айтылуу молдо Шергазы,
Ачкүсөндөй бүгүлүп,
Арбактуу Манас баатырдын,
Алдынан чыгып жүгүнүп,
Ошондо Манас кайран шер,
Ай, ай баатыр токто дед,
Мен да болсом бир адам,
Сен да болсоң бир адам,
Дин мусулман журтуна,
Бу кылганың жарабайт.
Олуязаада Манас шер,
Оюна түшүп ар нерсе,
Ойлонуп бир аз калды эми.
Кошо жүргөн немедей,
Кучакташып өбүшүп,
Арстан Манас баатырдын,
Жоо жарагын көрүшүш,
Коён жүрөк коркогу,
Жүрөгү түшүп болкулдап,
Араң турат солкулдап.
– Арта тууган Шергазы,
Арстан Манас баатырды,
Алып кирди сарайга,
Алмамбет Манас эки шер,
Чубакка туруп муну айтат.
Эки жакты байкагын,

Элдир селдир жан болсо,
Эптеп алып келгин деп,
Арстан Чубак баатырды,
Эшикке буйруп жиберди,
Арстан Чубак шер баатыр,
Секирип туруп бүгүлүп,
Эшикке чыкты жүгүрүп,
Ак сарайга барды эми,
Ичин байкап караса,
Нечен түрлүү бир далай,
Төгүп койгон огу бар.
Эшик ачар дагы бар,
Кылычынын кабында,
Кош коңуроо тагылуу,
Кылычтары дагы бар.
Кан Манастын Чубагы,.
Мунун баарын көрүптүр.
Казынасы бир канча,
Шартын көрдү шаарынын.
Тегерегин бекиткен,
Чебин көрдү шаарынан,
Жоо деген дегдеген,
Казат десе кан кечкен,
Баатырын көрдү элинен.
Кытай менен калмакка,
Манастын дайнын билгизбей,
Кан Шергазы баккан жер.
Алтымыш бээ алдырып,
–Артык туулган Шергазы,
Ай туякка чалдырып,
Даяр кылып камынткан,
Кан Шергазы баатырдын
Он эки миң колу бар.
Шергазынын аскери,
Кашчу эмес келген аскерден,
Балбанды бөлүп башкарган;
Баатырды бөлүп аткарган,
Тилекти бирге кылышкан,
Кан Шергазы дөө Манас,,
Эр Алмамбет дөө Чубак,
Бир кудайга сыйынып,
Каканчылуу Бээжинге,
Катылып уруш салмакка,
Тилекти бирге тилешип,
Каканга Манас барганы.
Кабылып уруш салганы,
Бир жыл алты ай өтүптүр.
Кан Манастын аскери,
Көбү окко учуп кетиптир
Же Бээжинди алам деп,
Аскерди кырып Бээжинди,
Катын менен балага,
Кантип кайра барам деп,
Же Бээжинден өлөм деп,
Кайра тартып Бээжинге,
Уруш кылып көрөм деп,
Шергазыга кеп айтып,
Кан Манасың турганы.
Шергазы менен Манаска,
Айтып турган Алмамбет,
Каныкей айткан кеби бар,
Келбейсиң деген жери бар.
Эки баатыр, эки шер,
Баш коштурдум экөөңдү,
Убаданы кылгыла.
Уруштун жайып сүйлөшүп,
Убада кылып тынгыла.
Арстан Алмаң көк жалың,
Жаңыртып уруш салмакка,
Кылычын кындан алдырып,
Шергазы менен Манасты,
Эр Алмамбет сүрөдү.
Шергазы айтат акылды,
Ата эмес, абамсың,

Пир колдогон адамсың,
Мынабу турган Бээжиндин,
Ортосунан урушуп,
Казат кылып чыгайын.
Жараткан кудай жол берсе,
Аккелте үнүн угармын,
Чубап чыккан аскердин,
Көт жагынан чыгармын,
Салтанаттуу аскердин,
Санатын берди Манаска,
Кан Манас Бээжин барганы
Шергазы күтүп, алганы,
Отуз   эки күн өттү.
Манас менен Шергазы,
Кол алышып бөлүндү,
Казатты Манас кылмакка,
Артынан түшүп аскерди,
Кан Шергазы кырмакка,
Шергазынын аскери,
Бирин-бири коштошуп,
Мылтыктарын октошуп,
Колуна найза алышып,
Алмамбет менен Чубакты,
Арстан Манас баатырды,
Отузу бар астында,
Шергазынын аскери,
Отузу бар артында,
Күнү-түнү бек жүрүп.
Манас шер баатырдын,
Астындагы отуз эр,
Мурун барып катылды.
Чоюн кулак, чоң алпы,
Жолду тосуп калыптыр.
Катыны сулуу кара каш,
Турган экен жанында.
Чоюн башын имерип,
Жолду тосуп калганы.
Тоспо жолду тоспо деп,
Улуу абастын эки зоо,
Кийик атып аң уулап,
Аюу жолборс атабыз,
Телкинин тоосу эки чат,
Биз ошерге барып жатабыз.
Он эки күндө келебиз,
Аюу, жолборс терисин,
Сизге соогат беребиз.
Айтса болбойт Чоюн алп,
Туура бөгөп жол тосуп,
Көбүң менден өлдүң деп,
Кан Манастын Чубагын,
Каны кайнап турганы.
Аста Чубак, аста деп,
Токто Чубак, токто деп,
Олуязаада Алакең,
Колунан кармап калганы.
Алмамбет менен Манаска
Арстан Чубак жинденип,
Ачуусу келил турду эми,
Ошо кезде эр Манас,
Каарланып күүлөнүп,
Кан Чубакка сүйлөнүп,
Арстан Чубак барыптыр,
Кынынан кылыч алыптыр.
Кыя кармап тартыштыр,
Бою бийик башы чоң,
Чоюн кулак, баатырдын,
Казандай болгон кара баш,
Тегеренип калды эми,
Жойолоңду Чубак шер,
Дөөнүн башын алган жер,
Буудандын оозун жайган жер,
Каары келип бир башка,
Жаткын Манас жаткын деп,
Же болбосо кан Манас,

Ушу жерден кайткын деп,
Олуязаада эр Чубак,
Оолгруп жолто салган жер,
Чубакты кудай урду деп,
Жол кайтарган Чоюндун,
Башын чаап салды деп,
Шергазыга айткын деп.
Ошо келген аскерди,
Кайтарды Манас, Алмамбет,
Жоболоңду эр Чубак,
Канга суусап калыптыр,
Манас менен Чубакты,
Тура тур деп токтотуп,
Ала мойнок чоң күрмө,
Айдалыга кийиптир.
Кан Кюңурбай өңдөнүп,
Чоң ордого кириптир,
Дарбазаны ачкын деп.
Коңурбай түрү көрүнбөйт,
Өңү сүрлүү көрүнөт,
Өлтүрүп ийчүү немеби,
Деп ошентип сакчылар,
Дарбазасын ачканы.
Жоо бөрүсү Сыргакка,
Жолдош болгон Сыргакка,
Жолдош болгон Серекке,
Ажыбай менен Үрбүгө,
Алмамбет, Манас, эр Чубак,
Кош айтышып чыкканы,
Отуз эки күн болгон,
Дарбазанын оозунан,
Чубак айтат Манаска,
Чочконун башын алдым дейт,
Жолго жакшы болсун деп,
Башын алып салдым дейт.
Оюма кирди Баабедин,
Дөөнүн башын ал деди,
Бул эсиме түшкөндө,
Кылычты кындан алдым мен.
Айкөлүм жаман көрбөгүн,
Казандай болгон кара баш,
Ыргыта чаап салдым мен.
Бээжинден чыгып үч бөрү,
Ой бадага барышты,
Астындагы аттардын,
Ээрин алып салышты.
Каңкыларын жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Чыканактап кыйшайып,
Чырм этип тынч алып,
Уктап жатат үч бөрү.
Алмамбет менен эр Чубак,
Каканга барып жатты деп,
Атака минип эр Сыргак,
Каныкей берген кол капчык,
Колтугуна капшырып,
Кол куржунга толтура,
Ок дарыны толтуруп.
Тирүү жанга туйгузбай,
Бир адамга билгизбей,
Келбей жатып алат деп,
Бакайга айтып кеп кылып,
Кырк күндү айтып чек кылып,
Кырк күндө сени көрбөсөм,
Сыргагым шейит кетти деп,
Жакшылап куран окуп кой,
Арыз муңун көп айтып,
Айкөлү Бакай баатырга,
Аманат кылып кеп айтып.
Кош аман бол деп айтып,
Коштошуп жолго салганы,
Алдындагы Сарала,
Алтымыш күнү бир оттоп,
Сарала алтымыш күнү,

Булут болуп калыптыр,
Сараланы булкунтуп,
Түн жамынып барам деп,
Дарбаза кармап жол тоскон,
Чалгынчысын кырам деп,
Ат болушка салганы,
Арстан Манас эр Чубак,
Кабылан Алмаң кайран шер,
Үч бөрү келип жаткан жер,
Сараланы алкынтып,
Кирип барды эр Сыргак,
Ошо жерге жакындап.
Сараланын дабышы,
Баскан жери тарсылдап,
Түп деп тийген туягы,
Кемегедей оюлат.
Чайырдай болгон ак көбүк,
Ууртунан чачылат.
Ат дабыртын угуптур,
Баатырың минген Аккула,
Ичин жыйып бышкырып,
Мурдун тартып кошкуруп,
Көрдүңбү? аттын билгенин,
Эминени көрдү деп,
Барды Сыргак жакындап.
Алмамбет, Манас, эр Чубак,
Үчөө чочуп кеткени.
Ыргып кобо кылышып,
Эминени көрдү деп,
Аюу бөрү көрдүбү?
Дүрбөп тура калышса,
Алда, Алда, Алда деп,
Арыстан Сыргак кайран шер,
Ошонун үнү угулат.
Келди Сыргак эр баатыр,
Үч бөрүгө жакындап.
Ак олпок тону бүгүлдү,
Сырдашам Сыргак экен деп,
Кагылайын Алакең,
Астын тосуй жүгүрдү.
Алмамбет түрүн көргөндө,
Айза тийген немедей,
Учуп түштү эр Сыргак,
Ушу Сыргак  экен деп,
Карап калды эр Чубак,
Арстан Манас болкулдап
Алмамбет менен Сыргактын,
Жанында жүргөн Чубактын,
Коштогонун көргөн,
Оң бөйрөгү бүлкүлдөп,
Оң муруту солкулдап,
Баатыр Манас келгени.
Айкөлүнөн айбыгып,
Колун сунуп бүгүлүп,
Алмамбет, Сыргак үч Бөрү,
Кучакташып көргөнү.
Ак дасторкон жайылып,
Тамактанып алышып,
Арстан тууган баатырлар,
Жолго туруп жарышып,
Эки жагын карабай,
Алтын айчык кызыл туу,
Жыга салган немедей,
Калмак менен кытайды,
Кырып салган немедей,
Каканчылуу Бээжинди,
Алып салган немедей,
Кан Коңурбай баатырды,
Чалып салган немедей,
Арстан Манас эр көк жал,
Арстан Кошой абасы,
Бакай анын агасы,
Маңдайлашып көрүшүп,
Көргөндөрүн айтышып,

Көптүн көөнүн жазышып,
Бир түндө миңди сойдуруп,
Кара этке тойдуруп,
Казы менен картаны,
Тамак кылып койдуруп,
Азыктарын бышыртып,
Аш-тамагын камдатып,
Арстан Манас эр көк жал,
Улуу-Сууну бакалап.
Устасы бар алты миң,
Казатка минчү аттардын,
Кайра баштан такалап,
Тешилген кийим олпоктун,
Тешиктерин тиктирип,
Жазайылын оңдотуп,
Замбирегин майлатып,
Алмамбет менен Сыргакты,
Кол баштатып аскерин,
Каттап кел деп аттарын,
Эми арстан Бакай эр айтат,
Бердиң Манас буйрукту,
Бээжинге уруш салабыз,
Кандайда болсо калмакты,
Бир каратып алабыз,
Көк жалың ошондо кылба кесирди.
Бээжиндеги Шергазы,
Каңгайдын уулу капырга,
Эр Коңурбай баатырга,
Мусулмандан лөк келип,
Бээжинге уруш салам деп,
Кан Шергазы сүйлөнүп,
Алтын айчык кызыл туу,
Баштап бергин деп айтып,
Калмак менен кытайды,
Коштоп бергин деп айтып.
Калгандыр аты көк жашык,
Алыстан келген буруттун,
Астын тосуп баралы.
Кыйынсынган бурутка,
Кыргынды катуу салалык,
Астын тосо чыгалы,
Кан Коңурбай манжуга,
Амал менен ант берип,
Алмамбеттин молдосу,
Коңурбайга бат барып,
Сен барбасаң мен барам,
Урушту мурун мен салам,
Корксоң чыкпай жаткын деп,
Урушар болсоң бурутка
Барамын деп айткын дейт.
Шергазыдан кеп угуп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алкара минип алкылдап,
Аркасында кара чач,
Соорусуна жайылып,
Кокон менен Бээжинге,
Катуу кабар салган жер.
Кан Коңурбай чоң манжу,
Баатырдын баарын алган жер.
Манас менен кездешип,
Урушмак болуп калган жер.
Кудай бетин көргөзбө,
Жез казанын көмөртүп,
Желмаянын чөгөртүп,
Азык-түлүк мал алып,
Алтымыш түмөн кол алып,
Миңче пилге ок артып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Чыкмак болду казатка,
Казганактай калкылдап,
Кара курттай былкылдап,
Айзанын учу кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Саадактарын алышып,

Ар көчөнүн үстүнө,
Алтын айчык кызыл туу,
Мөңдүлгөн ызы-чуу,
Жабуу, жабуу, жабуу деп,
Бу калмактын урааны
Баркын, Бокуш дегендер,
Коңурбайга баш ийип,
Какан менен Бээжинди,
Тышка чыгып жыпылдап,
Артында калган акерди,
Айдап журуш кырам деп,
Кайнаганы дагы ошол.
Жаратыкан Алда деп берсе,
Эр Манаска жол берсе,
Колун алып калкылдап,
Шергазынын аскери,
Калмак менен кытайды
Артынан жүрдү такымдап.
Желбиреген кызыл туу,
Жердин бети ызы-чуу,
Кудай бетин көргөзбө,
Жазайыл огу жаркылдап,
Замбирек огу тарсылдап,
Ок жамгырдай төгүлүп,
Ара жерде жүргөндөр,
Аткан окко көмүлүп.
Кандуу көбүк чоң дайра,
Дарыядан сел агып,
Адамзат кишинин,
Агып каны кошулуп.
Берен Манас баатырдын,
Берки жайын айтайын,
Кабылан Манас кайран шер,
Жоого шаңдуу болсун деп,
Аскер менен солону,
Атыштырып ойнотуп,
Жебенин огу жылтылдап,
Өйүз-бүйүз болушуп,
Ок жылдырып болушуп,
Атпаган окко кабылып,
Ай бүркөлүп тутулуп,
Күнү-түнү он төрт күн,
Тынымсыз мылтык атышып,
Кудай бетин көргөзбө,
Ок жаңылып өлгөндү,
Кан Манастын аскери,
Өлүгүн алып көмүшүп,
Кытайга кыргын калганы,
Кан Коңурбай аскери,
Окко учкан аскердин,
Башын кесип салышып,
Тула боюн алышат,
Ар мүчөсүн кескилеп,
Кисесине салышат.
Бу канкордун жоругу,
Башка экен боруму,
Өлгөнүнүн этин жеп,
Азык кылып алышат.
Үч чакырым көпүрө,
Алооке салган жол менен,
Кармашат Манас эр баатыр,
Кан Коңурбай чоң менен.
Кудай бетин көргөзбө,
Жаа алдынан чуркурап,
Оозунан жалын шыркырап,
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Качат деген мусулман,
Кайрылып уруш салганы.
Кан Манас, Чубак, эр Сыргак,
Эр Бакай менен Алмамбет,
Кудай бетин көргөзбө,
Элди баштап алганы.
Эр Камбар менен Ажыбай,

Мусулмандын аскерин,
Артынан айдап алганы,
Арстан кайран баатыр шер,
Кырк чорого кыйкырып,
Алмамбет деп бакырып,
Бакай менен Чубакты,
Баатыр молдо Сыргакты,
Келгиле деп чакырып,
Тартымбай уруш кылгыла,
Кайнап жаткан калмактын,
Көк желкесин тилгиле.
Бир аз күтүп турсаңар,
Кан Шергазы чоң келет,
Кылкылдаган кытайга,
Кыргызды кыйын салабыз,
Кан аябай урушсак,
Жарым айлык болот ко?
Берсе кудай тилекти,
Алабыз ушул Бээжинди.
Калмак менен кытайга,
Кайран Манас шер баатыр,
Өзү баштап киргенде,
Каапыр менен мусулман,
Ара бөлөк аскердин,
Заманасы куурулуп,
Аралашып сайышып,
Аттары баспай майышып,
Ажырашып урушуп,
Кызыкты Манас салганы,
Күнү-түнү эчен күн,
Каапыр менен мусулман,
Ажырашпай урушуп,
Алмамбет менен тилектеш,
Казатка башы туулган,
Чын баатырдын өзү ошол,
Арууке менен Бирмыскан,
Аркага чачын түйүшүп,
Баатырларга копулуп,
Казатка бирге киришкен,
Бир кудайдын буйругу.
Арстан Алмаң көк жалың,
Ак була тоңду чечкен жер,
Жанында турган Бирмыскал,
Окко учуп шейит кеткен жер.
Кылыч кынга боёлуп,
Бир канчалаган канча журт,
Кыргында кетти жоголуп.
Кан төгүшүп урушуп,
Сайыш болуп турганда,
Какандын каны чоң манжу,
Кармашууга бет келбей,
Алмамбет менен Чубакка,
Ар кайсы жерден көрүнүп,
Мусулман менен каапырга,
Түштү кыйын чоң мүлүк.
Турнабай калып шер Манас,
Дүрбү салып караса,
Каапыр менен мусулман,
Айыгышып турушкан,
Койго тийген бөрүдөй,
Коңурбайдын жанында,
Эр Эшими дагы бар,
Көкбөрү менен Брончу,
Көкжалдардын баары бар,
Дүрбү менен караса,
Жыйылып калган өлүктөр,
Кош дөбөдөй болуптур,
Жылганын ичи кан толуп,
Баатырлар жүрөт кан кечип,
Мыктылар жүрөт баш кесип,
Арстан Манас караса,
Айбалта үкөк кылыч жок,
Акырында аскерлер,
Муштум менен урушуп,

Сакал менен мурутун,
Бура карман жулушуп,
Кылыч тийип кулакка,
Кулагы жок чунакка,
Айзаларын сындырып,
Эптегени андан кеп.
Басмайылы үзүлүп,
Көктөгөнү мындан көп,
Бир бутунан айрылып,
Аксаганы андан көп,
Тууганынан айрылын,
Боорум ай, – деп өкүрүп,
Какшаганы мындан көп,
Бир колунан айрылып,
Чолок болгон мындан көп,
Бир колунан айрылып,
Олок болгон мындан көп.
Ок дарысын ыргытып,
Чачып жүргөн мындан көп.
Тоо таянып жөө чуркан,
Качып жүргөн мындан көп.
Ай балталап жер чукуп,
Жатып аткан мындан көп.
Арстан Манас шер баатыр,
Анын баарын көрдү эле,
Айкөлү Бакай жолборсу,
Дарбазаны ачтырып,
Тирүү калган аскерди,
Аткыла деп качырып,
Өлгөндөрүн сулатып,
Тирүүлөрүн чубатып.
Манас, Чубак жок жерде,
Эр Коңурбай Эскара,
Айза түшпөй колунан,
Кылычын канга боёгон.
Каары бар чоң манжу
Алгара минип булкулдап,
Ат тизгинин буруптур.
Манас, Чубак, Сыртактар,
Бу кезикпей калганда,
Мусулмандын аскерин,
Өзү сайып кырыптыр.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алтымыш солоң кырк жайсаң,
Баарын жыйып алыптыр.
Өлө турган аскердин,
Башын чаап салдырып,
Канжасын тартып буркурап,
Катуу тартса канжасын,
Оозунан жалын шыркырап!
Алооке кандын мендеси,
Ар мүчөсү тең экен,
Кээ жерден жаңылып,
Баатыр Манас шерине,
Кокус калат кабылып.
Түш ооп өтө бергенде,
Жеке сан деп үн чыгат,
Кыйкырыгын укканда,
Манас, Манас, Манас деп,
Кудай бетин көргөзбө,
Абыдан байкап караса,
Бакай Манас жарышат,
Кылычын кындан алышып,
Кызыл канга боёлуп,
Кыргын салып келетат.
Келди Манас, келди деп,
Кабылган кишиң өлөт деп,
Замбирек огу тийгендей,
Бу Манастын үнү экен,
Жалгыз бекен бир бекен,
Алмамбет, Чубак жок бекен,
Байкагыла баарын деп,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Бойлук кылып турганда,

Кудай бетин көргөзбө,
Манас, Бакай эки шер,
Экөө жакын калыптыр,
Манас болсо да көрөр,
Бакай деген башка шер,
Тетигини көрдүңбү?
Өзү жаңгыз чагында,
Өлө турган табында,
Айза сайдык жаралап,
Тула бойдон каракан,
Турду агып салалап,
Же Бакайды кудай албаса,
Көрдүңөрбү тигини,
Манас келет жанаша,
Дарбазаны жаштырып,
Шашып келди чоң манжу.
Бээжинди көздөй бет алып,
Манасты сайып алуучу,
Эрендер качып калыптыр,
Кан Шергазы шер баатыр,
Жолунан чыгып калган жер,
Айзасы түшпөй колунан,
Кан Шергазы баатырдын,
Жылдызы тууган өңүнөн,
Үй үстүнө жол келсе,
Жаткан киши оңобу?
Бет алышып сайышпай,
Качкан киши оңобу?
Астына түшүп жол башта,
Алып келдим аскерди,
Чарчабаган бууданды,
Минип келдим көрдүңбү?
Манас менен беттешпей,
Качаарыңды чоң манжу,
Билип келдим көрдүңбү,
Шергазы салсын жолго деп,
Кабылсын Манас чоңго деп,
Каканга кабар салдырып,
Кайрадан азык алдырып,
Шергазыны көргөндө,
Жолдош болот экен деп,
Урушууга кам көрүп.
Кудай бетин көргөзбө,
Каканга адам барбаган,
Барып уруш салбаган,
Арта тууган эр Бакай,
Жан жүрбөгөн жол менен,
Алты миң адам кол менен.
Уламадан кеп уктум,
Бакай келет деп уктум,
Бакайды кармап бергенге,
Кармап алып келгенге,
Калайыкка даң кылам,
Какан менен Бээжиндин,
Калмак менен кытайдын,
Баарын билген кан кылам,
Борсулдаган чоң манжу,
Муну айтып турганда,
Бакайды кармап келгемин,
Өз колуңа бергемин.
Сени баатыр Калча деп жүрсөм,
Байкуш Калча экенсиңң.
Улук Калча деп жүрсөм,
Кызыл өңүн саз кылган,
Копол Калча экенсиң.
Канчалык баатыр болсо да,
Бакайды кармап берем деп,
Шергазы деген өзү куу,
Аскерди ала баштады.
Арстан Бакай баатырдын,
Аскери койдой чубуруп,
Жан кирбеген Бээжинге,
Кан Бакай кирди кубулуп,
Жолду башка баштады,

Алмамбет менен Чубакты,
Манас менен Сыргакты,
Калган жолго таштады.
Күн чыгыш жагын караса,
Чоюн кулак алпы көп,
Туура жагын караса,
Жалгыз көздүү калкы көп.
Арстан Бакай баатыр шер,
Төгөрөгүн чалыптыр,
Туткалуу Бээжин чоң калпа,
Баарын билип калыптыр,
Бериден кабар алыптыр,
Түпкүлүктү Бээжинге,
Берherэ алып барыптыр.
Ичинен менде чыгарбай,
Менде барбас капканын,
Оозун Бакай алганын,
Көрдүңбү Бакай баатырдын,
Дөөлөрү келсе алам деп,
Берсе кудай тилекти,
Чоң манжуну саям деп,
Бакай күтүп калганы.
Бакайдын ишин токтотуп,
Алмамбет Манас эки шер,
Өлгөндөрүн көмдүрүп,
Ажыбай Сыргак эки эр,
Камбар, Кошой кошулуп,
Шергазы берди кабарды.
Манас, Чубак, Алмамбет,
Баштап уруш салсын деп,
Камап кирип калсын деп,
Кайратты катуу берсин деп.
Карала кагаз кат берип,
Катуу уруш салсын деп,
Арачыдан кеп берип,
Катуу айтып шерт берип,
Кирмек болду Бээжинге.
Ошондо Манас кайран эр,
Жолдошу Чубак ашкан шер,
Алмамбет жүрөт жанында,
Ат кошчу болуп Сыргак эр,
Кырк чорону жыйган жер,
Ат болушка салыптыр,
Алмамбет Чубак эки эр,
Баш кошушуп алыптыр.
Какан менен Бээжинге,
Каардуу уруш салыптыр.
Какандуу Бээжин ичинде,
Мусулмандын аскери,
Бири калбай кириптир.
Калаанын ичи кан болуп,
Капканын үстү чаң болуп,
Бээжиндин ичи кан болуп,
Шаардын ичи чаң болуп,
Арстан Манас кайран шер,
Дабыш салып бакырып,,
Азирет Аалы колдо деп,
Алмамбет Чубак эки шер,
Уруш кылып турган жер.
Ж’араткан салып оңуна,
Жетимиш кече бир канча,
Көчөгө өлүк толуптур.
Өлүктөрдөн ат жүрбөй,
Арстан Манас заарына,
Алмамбет Чубак каарына,
Ажыбай, Сыргак баарына,
Адам менде бет келбей,
Беттешүүгө тең келбей,
Какан менен Бээжинди,
Үстүнөн туман ачылбай,
Бу Алмамбет, кылган керемет.
Мөндүр жаап басылбай,
Күндүзгүсү бөлүнөт,
Капкалуу Бэжин калаанын,

Көчөсүнүн үстүнө,
Кара кан агып төгүлөт.
Күнү-түнү басылбай,
Тарсылдап мылтык атылат,
Арстан Манас баатырдын,
Кыргыны кыйла болгондо,
Кытай калмак аскери,
Кайра тартып качканы.
Аттардын оозун бурушту,
Шергазынын аскери,
Жолун тосуп урушуп,
Астын тозуп урушуп,
Жаа алда! деп бакырган,
Мусулман үнү чыкканда,
Кан Коңурбай эр баатыр,
Кынынан кылыч алыптыр,
Шергазынын аскери,
Кытай менен калмакка,
Кыргынды катуу салыптыр.
Жетимиш капка жез көчө,
Жете барды мусулман,
Калмак кытай аскерин,
Кармап алып мусулман,
Кабылганды өлтүрүп,
Чаба берди мусулман.
Кездешкенди кырган жер,
Манас менен Коңурбай,
Кез-кездешип калган жер,
Канга тууган эки шер,
Карагай найза боолашпай,
Кыйгактуу найза майышпай,
Кытайдын шери Коңурбай,
Мусулман эли эр Манас,
Бет алышып сайышпай,
Каканчылуу Бээжиндин,
Ичинен душман чыкты деп,
Манастын колу барганда,
Шергазынын аскери,
Кол алышып калышкан.
Берен Сыргак эр Үрбү,
Барды экөө бакырып,
Баатыр Камбар Ажыбай,
Бир жагынан качырып,
Кызыталак кытайдын,
Динге кирбей койгонун,
Бирин койбой кыр деди.
Сыргактын үнүн укканда,
Бир жагынан качырып,
Кан Шергазы чыкканда,
Кол көтөрүп буркурап,
Болбойт экен эми деп,
Багындык деп чуркурап,
Берипте, колдоп берген жер,
Ажыбай Сыргак эки шер,
Айтылуу Камбар эки эр,
Түп Бээжинди багынтып,
Бели ичке жиптей бут,
Катын кызын зарылтып,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Бир жагынан багынтып,
Ордосун бузуп талкалап,
Ордо кыз деген кыздарын,
Асты астынан бөлүшүп,
Өлгөндөн калган аскерге,
Катын кылып беришип,
Кытайды койдой карышып,
Багындык! деп келгенин,
Кирдик динге дегенин,
Молдолорун алдырып,
Элин алды Бээжиндин.
Муну мындай таштайлы,
Арстан Манас баатырдын,
Кылганынан баштайлы,
Арстан Манас кайран шер,

Кан Бакайды табалбай,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Бу көргөнгө бу дүйнө,
Аңтарылып кетсечи.
Бакырыкты салган жер.
Баатыр Манас көк жалың,
Бакайды жоктоп калганы жер.
Манасты кудай берди деп,
Энди кезек келди деп,
Кабылбай жүргөн чоң Коңур,
Манастын мууну бошоду,
Алалы бурут ошону,
Дөөкүрсүгөн Чубакка,
Баатырсынган Сыргакка,
Кудай берсе Манастан,
Кийин уруш салам деп,
Алтымыш баатыр сексен эр,
Баарын жыйып алыптыр.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кармашууга Манаска,
Кайра тартып калыптыр.
Алмамбет Сыргак эки бек,
Каратып баарын алгансып,
Багынганды жөн коюп,
Кайраттуусун өлтүрүн,
Арстан Бакай баатырдын,
Дайынын билбейт эки шер.
Арстан Манас баатырдын,
Доолбасы даңкылдап,
Чоң Бээжиндин ичинде,
Ак келте үнү тарсылдап,
Арстан Манас шер баатыр,
Ач кыйкырык күү сүрөөн,
Катуу салып баркылдап,
Манас Кошой токтошуп,
Эр Бакайды жоктошуп,
Атка мойнун сунушуп,
Арбактуу Кошой деп айтат,
Сен ардыгып ыйлап тургандай,
Талас, Кең-Кол жер эмес,
Аргын ногой эл эмес,
Алмамбет менен Чубакты,
Сен жанына алгын деп,
Сыргакка чалгын чалдырып,
Көрдүңбү Шергазынын пайдасың,
Бакай кайра бөлүп экен,
Өлбөсө издеп тапкын деп,
Ачуусу келип сүйлөнүп,
Арстан Манас баатырга,
Абасы Кошой сүйлөнүп,
Айбатын катуу берген жер.
Жалгыз калган экен деп,
Кан Коңурбай чоң манжу,
Канкор Манас баатырды,
Тегеректеп келген жер.
Олуязаада Манасты,
Эр Коңурбай качырып,
Атаңдын көрү дүйнө деп,
Аккула минип толгонуп
Арстан Манас кайран шер,
Карча курча комдонуп,
Алтымыш баатыр сексен дөө,
Тегеректеп каларда,
Баабедин! деп бакырган,
Манастап Ураан чакырган,
Алмамбет Сыргак үн чыгат,
Эскара деген дөөсү бар,
Чоң Жолой деген балбан бар,
Көкбөрү сындуу бөрүсү,
Байкоңур сындуу төрөсү,
Алооке кандын кенжеси,
Кенже иниси эр Эшим,
Жабуу, жабуу, жабуу деп,
Жалпы кирип келгени,

Калмактын каны Коңурбай,
Баатыр Манас кайран шер,
Айза менен сайышып,
Маңдайлашып калган жер.
Уңгусунан кайрышып,
Ажырашып кеткен жер.
Манас менен Коңурбай,
Айбалта чаап урушуп,
Ат үстүнөн жулушуп,
Алышаалбай далайга,
Кылычты кындан сурушуп,
Кыя тартып урушуп,
Болот кылыч алышып,
Кийип жүргөн зооту,
Бөлө-бөлө чабышып.
Калганга кылыч тийгенде,
Доолбастай тарсылдап,
Кудай бетин көрсөтпө,
Эки дөө калды тирешип,
Арстан Кошой эр баатыр.
Ошондо Баабедин! деп бакырды,
Манастап ураан чакырып,
Качпагын деп бакырып,
Баатырлар кирип келгенде,
Кудай бетин көргөзбө,
Манас менен Кошойго,
Тегеректеп жабылып,
Айзасы колдон кетишип,
Кылычын кындан алалбай,
Бары каапыр эр баатыр,
Эр Коңурбай шер баатыр,
Арстан Манас баатырды,
Айдалыдан алганда,
Айбалта менен койгулап,
Баатыр Эшим барган жер,
Манас менен Кошойду,
Кудайдан жардам болбосо,
Айласы кетип калган жер!
Ошо Бээжиндин каны чоң манжу,
Берди кудай, берди деп,
Баштап чыккан дөөсү көп,
Карма, карма, карма деп,
Артында жүргөн жөөсү деп,
Ашкере баатыр Коңурбай,
Манас менен Кошойду,
Ала турган кезинде,
Кудай бетин көргөзбө,
Алмамбет менен Чубактын,
Арбагы артык Сыргакка,
Кезигип уруш салбаңар!
Кабалып өлүп калбаңар,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Качкыла деп бакырып,
Кан Манаска жабылган,
Баатырларын чакырып,
Баш кошсо төртөө койбойт деп,
Катылган менен болбойт деп,
Баатырларын ээрчитип,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Качып жолго салганы.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Жанында Камбар жолборсу,
Манас Кошой баатырды,
Камоого катуу алаганда,
Кармамак болуп калганда,
Берен тууган төрт бөрү,
Ажыратып алганы,
Бу кудайдын жазганы.
Байгамбар барбас Бээжинге,
Шер Манас барып багынтып,
Азирет барбас Бээжинди,
Алмамбет алып колуна,
Жеткирди кудай оңуна.
Алтымыш эрдин башкасы,

Динге кирип келме айтып,
Кирдим динге деп айтып,
Кара чоктуу калмактын,
Каны келип багынып,
Кызыл кыраан баатырдын,
Алмамбет Манас астына,
Кыйыны келди жанына.
Оймок оюз, кумар көз,
Кызын алды Бээжиндин,
Алты куйма кара каш,
Аркасында кара чач,
Кан Манастын аскери,
Катын алды Бээжинден,
Мунаралап бекиткен,
Чебин алды Бээжиндин,
Бөлдүр-булдур сүйлөгөн,
Элин алды Бэеэжиндин.
Улук болуп сүйлөгөн,
Кызын алды Бээжиндин,
Алооке кандын төрт бөрү,
Андан башка калмактын,
Кызыл ойрот кытайдын,
Барып алды Бээжиндин.
Кол көтөрүп жүгүнүп,
Жөн багынып бергенин,
Бейли жакшы экен деп,
Эли жакшы экен деп,
Каканчы Бээжин калааны,
Ашык басты алты жыл.
Сурап туруп кетем деп,
Айтканы жанган болбосо,
Арстан Манас баатыр шер,
Караттым деп Бээжинди,
Текебер кылып койгонбу,
Арстан Манас баатырга,
Алмамбет келип кеп айтат,
Каканчылуу чоң Бээжин,
Карабайт бизге деп айтат.
Кара чоктуу калмактар,
Качып кетти кутулуп,
Каканды билген чоң манжу,
Урушууга дарман жок.
Кой Алмамбет айтпа деп,
Алмамбеттен өөдөсүн,
Кагып койду эр Манас.
Кылганың кыйын иш болду,
Иш болбосо не болду,
Айкөлүм баатыр эр Манас,
Бу какан бизге эл болбойт,
Бу кытай бизге жер болбойт.
Болбой турган себеби,
Алдым деп Бээжин турасың,
Бээжин сага жер болбойт,
Бу кытай сага эл болбойт.
Бээжинден чыккан Шергазы,
Бу Шергазы болбосо,
Айланса болот арбакка,
Шергазыга келдиң сен,
Акыреттик ант кылып,
Айкөлүң убадаңды бердиң сен.
Кагылайын айкөлүм,.
Өлгөндөн калган аскерге,
Бу Бээжин менин, жерим деп,
Калмак кытай элим деп,
Оймок ооз кумар көз,
Жайык маңдай кара каш,
Бээжиндеги ургаачы,
Береним Манас  жолборсум,
Айтканыңды   сындачы,
Ордобузду жыйдырдың,
Мусулман болуп берет деп,
Аскерге нике кыйдырдың,
Бу кылганың жакшы
Шей, - Баатыр дебе барбактап,

Ар немени билбейсиң,
Арта турган Бакайды,
Эсиңе ала жүрбөйсүң.
Мен Сыргакты алайын,
Өлбөсө издеп табайын
Айтылуу Бакай зор кайда,
Алты мин аскер кол кайда,
Мен Бакайды таппасам,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Белиме саадак чалайын,
Абам Кошой эр Манас,
Сыргакты жолдош алайын.
Көгала минип булкунтуп,
Көк жал Алмаң төрт баатыр,
Ыйлап турду буркурап.
Алмамбет сындуу досуна,
Арстан Сыргак эр баатыр,
Ачуу кылып кеп айтат,
Ак куранда мындай деп,
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Кийирбей койбойт казган көр.
Алмамбет, Манас кебим ук,
Жараткан кудай жол бер деп,
Абаке Кошой кол бер деп,
Бакай Менен Кошойго,
Ажыбай менен Үрбүгө,
Камбар менен Серекке,
Келгиле деп, кол бер деп,
Болгула деп саламат,
Тапшырды Манас эр Кошой,
Бир кудайга аманат.
Алаканын жайышты,
Дин мусулман калкынан,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Жакшы бата алышты.
Арстан төрөлгөн эки шер,
Бакайды таап алмакка,
Сыйынып кудай арбакка,
Аттарын жолго салганы.
Байгамбар сындуу Бакайдын,
Алты миң аскер колунан,
Өзүнүн жыйган эли аман,
Көкчөлөп мойнун бурганы,
Көк жал Бакай кайран шер,
Жолду тосуп турганы.
Улуу жолду караса,
Чоң созулуп асманга,
Кошуп алып чоң манжу,
Шер Манасты жеңмекке,
Амалы бар канчалык,
Алтымыш баатыр, сексен шер,
Арстан баатыр Манаска,
Чукул кирип барам деп,
Арстан Бакай баатырга,
Түз кабылып калган жер.
Арстан Бакай кайран шер,
Эч бир жанга билгизбей,
Канча күнү канча түн,
Жер кайтарып жол чалып,
Арстан Манас баатырдын,
Эсерлигин билген соң,
Аскерин алып кол баштап,
Айзаны алып жол баштап,
Баатыр Бакай барганы.
Бакайдын түрүн көргөнү,
Кан Коңурбай кыйын шер,
Жылан жүргөн немедей,
Боконо жүрөк болк этип,
Ичине карды солк этип,
Кармап айза алалбай,
Качып калды жетектеп,
Алгара менен дыр коюп.
Бээжиндин каны чоң манжу,

Алгара башын чургутуп,
Туягын жерге мылгытып,
Эки-Кыя кара таш,
Эми өттү чоң манжу,
Чапкан-Кын баскан жол,
Басып өтүп жутулуп,
Качып кетти чоң манжу.
Сая кууган Бакайды,
Кайрылып кайра келер деп,
Кан Коңурбай бастырды,
Ушул жолго салар деп.
Эр Коңурбай манжуну,
Берер бекен кудай деп,
Жолун тосуп эр Бакай,
Ийин көргөн мергенден,
Арстан Бакай жаткан жер.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды тынч жата,
Алгарага камчы уруп,
Канга тууган Бакайды,
Адаштырып алам деп,
Бакай тоскон белеске,
Байкабай чаап келгени.
Арстан Бакай көкжалың,
Кынынан кылыч аларда,
Дөөгүрсүгөн манжуунун,
Башын кыя чабарда,
Каапыр да болоо шер экен,
Айбанды болсо Алгара,
Таалайына туулган,
Жанга шерик неме экен.
Бакайдын жытын алыптыр,
Ооздугун кемирип,
Кайра тартып жалт коюп.
Бээжиндин каны манжуну,
Билип качып калган жер.
Бакай оозун карманып,
Буйрук ушул экен деп,
Азили кудай берер деп,
Айланып кайра келээр деп,
Кабылан Бакай кайран шер,
Кайра келип колуна,
Коңурбайды куткарып,
Салдым кайра жолуна,
Камынгыла! деп айтып,
Жетимиш эки көчөгө,
Алтымыштан баргын деп,
Калың элге кеп айтты.
Алмамбет Сыргак эки шер,
Эр Бакайды издешип,
Жети күнү жол тартып,
Арстан Бакай көк жалдын,
Амалын билип кубанып,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Телки чыкпас тоолорго,
Бек бекинип калгандыр,
Талыкпай чалсак табабыз,
Берсе кудай алабыз.
Ак маңдайга жарылып,
Абабыз аман экен деп,
Бир кудайга жалынып,
Бир колдогон берендер,
Бээжиндин каны манжуну
Алабыз деп кубанып,
Бакай аман бар болсо,
Айланып кайра келер деп,
Айласы кетип чоң манжу,
Өзү келип берер деп,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Бек сүйлөшүп кеп айтып,
Акылдашып жаткан жер,
Булуң-булуң көчөдөн,
Бурчунан чыгат бурулуп,
Башы ичке тойтой бут,

Кындары чыгат чубуруп
Кара темир жез калпак,
Кандары чыгат чубуруп,
Кандарынын көтүнөн
Балдары чыгат чубуруп.
Тизеси жерге тийбеген,
Олтуруп жерге сийбеген,
Көйнөгүндө жака жок,
Өтүгүндө така жок,
Кийген кийми жез калай,
Баарын айтса бир далай,
Алмамбет Сыргак эки шер,
Алды муну колуна,
Жараткан Алда бир кудай,
Салды муну колуна,
Кара чоктуу калмактын,
Каны келди багынып,
Кызыл ойрот кытайдын,
Кыйыны келди жамынып.
Азызкандын Алмамбет,
Калк сураган бек эле,
Каканчылуу Бээжинге,
Кайра келген экен деп,
Жөн багынып бербесек,
Кыргын салат экен деп,
Алмамбетке барышып,
Амандашып көрүшүп,
Тизелерин бүгүшүп,
Башын төшкө ийишип,
Ийсе бели бүгүлүп,
Алмамбет менен Сыргакка,
Багындык деп жүгүнүп,
Алмамбет Сыргак эрлердин,
Айтканына көнүшүп.
Өлүмдөн аман калгандар
Азызкандын жалгызы,
Эр Эшим менен Коңурбай,
Экөөнөн ашкан эр деген,
Калмак кытай кеп кылат,
Кан түшүрүп кан болуп,
Сурай турган кез келди,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Алкарасын берер деп,
Алмамбетке багынып,
Жойчуланып колуна,
Эми түшүп келер деп,
Калмак айтып канча кеп,
Каканды Манас жеңгенде,
Жөн багынып бермекке,
Баарысына болду эп.
Алмамбет менен Сыргактан,
Абасы Бакай кеп сурайт,
Манас Чубак эки эр,
Амандыгын кеп сурайт,
Арстан Алмаң кеп айтат,
Арстан Манас көк жалың,
Бу акылынан адашты,
Какан менен Бээжинге,
Аскерин бирден таратты.
Мен Бээжинди алдым деп.
Бейпайда катуу салдым деп,
Мен Каканды алдым деп,
Каарды катуу салдым деп,
Арстан баатыр Чубакты,
Ажыратпай жанынан,
Жолдош кылып алды дейт.
Ак боз бээ алдырды,
Ай туякка чалдырды
Бээжинде жолдош Шергазы,
Элин жыйып той кылып,
Бирге тууп бирге өскөн,
Биргелешип тең өскөн,
Коңурбайды албасак,
Тийбейт Бээжин колуңа,

Билгенимди мен айтсам,
Какан менен Бээжинди,
Азыр алсам колума,
Айтасың кандай деп айткан.
Канкор Манас ининдин,
Ала көөдөн эсердин,
Акылы жок көсөрдүн,
Айтканына таарындым,
Арстан Бакай абаке,
Сенин акылдарын сагындым.
Кагылайын абаке,
Манас кагып койду деп,
Арстан трууган Алмамбет,
Капа болбо деп айтат.
Арстан Бакай Айкөлүң,
Эр Эшимге кеп айтып,
Билгениңдей баргын ден,
Кош түшүрүп туу тигип,
Салык кылып кытайдан,
Азык-түлүк алган деп,
Эр Эшимге кат берип,
Эрке трууган дардаң бос,
Элин алсын колуна,
Катын алса кытайдан,
Каршы болот жолуна,
Талаалаткан аскерин,
Баш коштуруп жүрсүн деп,
Дөгүрсүнбөй бу Манас,
Тентиткенин тыйсын де,
Айкожо айткан кеби де,
Айкожо жазып берди де,
Кат берди эрдин колуна.
Алмамбет менен Сыргакты,
Жолдош кылып алам ден,
Качысп жүргөн манжуну,
Өлбөсөм издеп табам деп,
Тийсе манжу колума,
Байлап алып барам деп,
Коңурбайды албасам,
Азили Манас соо болбойт,
Акыры кыргыз оң болбойт,
Кан Манаска багыштан,
Бакай айтып нуска кеп,
Эр Эшимди узатты.
Алмамбет, Сыргак эр Бакай,
Аларга изин чалышты,
Төө-Моюн, Ийри-Тоо,
Мындан таппай калышты.
Чай-Тоо деген бели бар,
Кара чай чыккан жери бар,
Мындан да чалгын чалышты,
Эр Коңурбай баатырды,
Андан да таппай калышты,
Буктурмалуу зоосу бар,
Бугуту деген тоосу бар,
Мыңдан да таппай калышты.
Үч булуңдан өткөндө,
Төртүнчүгө жеткенде,
Периден кабар алыптыр,
Берен Алмаң баатырың,
Коңурбай барчу ошол жол,
Алмамбет, Бакай, эр Сыргак,
Үчөө тосуп алыптыр.
Милтелерге чок коюп,
Мылтыктарга ок коюп,
Айзаларын комдотун,
Кылычтарын бүлөшүп,
Бир Алдадан тилешип,
Түрдү үчөө жол тосуп.
Алгара минип алкылдап,
Аркасында айдары,
Караңгыда жаркылдап,
Коңурбай кирип бергени
Жол тосуп турган эр Сыргак,

Чылбырдан Сыргак алганда,
Эми айласы канча деп,
Алмамбет басып барганда,
Сыргакка Алмаң экен деп,
Карматып койдум бекер деп,
Эр Эшим деп чакырды.
Кылычты кындан алганы,
Эми айлаң канча деп,
Эр Сыргакка кошулуп,
Алмамбеттин барганы,
Эскара деп бакырып,
Эшимим деп чакырып,
Көкбөрүлөн кыйкырып,
Жоо көрдүм деп чыкырып,
Жолборс өңдүү чоң манжу,
Алапайын таба албай,
Эси кетип турганда,
Айлаң канча Калча деп,
Арстан Бакай шер баатыр,
Айдалыдан алган жер,
Аттан алып салтан жер.
Арстан Сыргак кеп айтат,
Кызыталак манжунун,
Чабалы башын деп айтат.
Арстан Бакай кеп айтат,
Аста Сыргак, аста деп,
Токтоо Сыргак, токто деп,
Эки колун байла деп,
Эскара сындуу баатырын,
Астыңа салып айда деп,
Кылам десе акарат,
Башын алып, жайла деп,
Эр Коңурбай калчаны,
Эр Эшим деген бөрүнүн,
Байлап алган жер ошол,
Эскарадай төрөсүн,
Айдап алган жер ошол.
Арта турган үч бөрү,
Жолго салып айдады.
Ошону Манас биле элек,
Алмамбет менен Бакайдын,
Атактуу молдо Сыргактын,
Кайда экенин биле элек,
Эсине кудай сала элек,
Эр Шергазы кеп айтат,
Ойлончу Манас деп айтат,
Бээжинди жеңип алдым деп,
Сен турасың дардаңдап.
Алмабет Сыргак шер кайда?
Бакай сындуу эр кайда?
Алмамбет Сыргак болбосо,
Келбейт элем мен мында.
Ошондо Манас эр баатыр,
Каратып Бээжин алдым деп,
Оозуман келмем кеткен го?
Тиштеп тилим тойгой го?
Мени шайтан сайды деп,
Оң бөйрөгүн таянып,
Оолугуп ыйлап эр Манас,
Беренимм Алмам, Бакай деп,
Атактуу Сыргак бөрүм деп,
Чалгынга кеткен үчөөнү,
Жоктоп ыйлайт эр Манас.
Абасы Кошой булкунуп,
Ачуусу келип жулкунуп,
Кызыталак ит канкор,
Кылганың жетти башыңа,
Таратып ийдиң колуңду,
Билгенмин бузган жолуңду.
Бээжинди жеңсе ким жеңди,
Каканды алса ким алды,
Манас десе барбактап,
Эчтемени билбейсин,
Какан менен Бээжинди,

Атактуу Сыргак шер жеңди,
Алмамбет, Бакай эр жеңди,
Кызыталак көсөр кул,
Эркелейсиң чунак деп,
Ээрчиткениң Чубак деп,
Ачуу кылат сүйлөнүп.
Бу үчөөнүн жогунан,
Баатырдын үшкүрүгү басылбай,
Мелтиреген эр Чубак,
Ыйлабай үнүн, басып тур,
Ат куйругун түйүп тур,
Мен кудайга аманат.
Үч беренден айрылып,
Манас, Чубак эки шер
Калыптыр деген жаманат,
Белге саадак чалбасам,
Өлүп калса үчөөнү,
Урушуп күчүн албасам,
Турбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Алмамбет менен Бакайдын,
Артынан издеп өлөм деп,
Ажалым жетсе өлөм деп,
Далыга мылтык салганда,
Даярланып эр Чубак,
Аттанмак болуп калганда,
Ким экени билинбей,
Карыга салган айза жок,
Далыга салган мылтык жок,
Белине чалган кылыч жок,
Кол көтөрүп чуркурап,
Коңурбай колго түштү деп,
Багынбаган калмактар.
Баары ыйлап буркурап
Алмамбет Бакай эр Сыргак,
Эки колун байлаптыр,
Эр Эшим менен Коңурбай
Моюнунан кошоктоп,
Эки дөөнү айдаптыр,
Көкбөрү менен Байкоңур,
Чоң көчөгө салыптыр,
Баатырың эли көрсүн деп,
Коңурбайды баш кылып,
Эренсиген мыктыны,
Балбансыган баатырды,
Калмак, кытай көрсүн деп,
Кыз катыны келсин деп,
Колго түшкөн уурудай
Айдап келген жер ошол.
Акбалта кандын Чубагы,
Жоо дегенде дегдеген,
Туруучу беле чунагы,
Баабедин! деп бакырып,
Азирет деп чакырып,
Ак пайгамбар Мустапа,
Арбагыңды колдо! деп
Үрүстөм – Дастан абалкы
Жарлыгыңды колдо! деп
Камбар Чубак тиерде,
Кан боёлуп кирерде,
Аста, аста, аста деп,
Токто, токто, токто деп,
Жоо-жарагын ташта деп,
Бозчологун моюндап,
Күлө карап шаңкылдап,
Күндөй бети жаркылдап,
Жок издеген Бакайы,
Арстан Чубак баатырга,
Ошо жерден табылат.
Калдай менен көрүшүп,
Катыны-бала келишип,
Коңурбай менен көрүшүп,
Кош аман бол! айтышып,
Кучакташып күшүп,

Буркурашып турганда,
Жеткирди кудай кезекти.
Өлгөнүнөн калганы,
Кетет эми Таласка,
Бээжиндин каны беш бөрү,
Алмамбет, Бакай, эр Сыргак
Ат кошчу болуп эр Чубак,
Айдап алып жөнөдү,
Эки колун аркага,
Байлап алып жөнөдү.
Арстан Манас шер баатыр,
Ыйлаганы басылбай,
Көзүнөн жашы бурчактап,
Коё бербей Манасты,
Кошой кармайт кучактап,
Алмамбет, Бакай, эр Сыргак,
Атактуу камбыл эр Чубак,
Баатырлар келет дегенде,
Олуя заада Манастын,
Оолукканы басылып,
Байгамбар сындуу абам деп,
Арстан Алмам бөрүм деп, .
Атактуу Сыргак төрөм деп,
Кагылайын абаке,
Үчөөнүн бетин көрөм деп,
Токтолбой ыйлап солкулдап,
Арстан Кошой абасы,
Коё бербей бек кармап,
Кайратынды кылып тур,
Эми Коңурбай келет деп кармап,
Абакеси эр Кошой,
Катуу айтып тыйыптыр.
Бооруна колун алыптыр,
Эрдин жүзүн эр көрөт,
Кандын жүзүн кан көрөт,
Казасы жетсе кан өлөт,
Ажалы жепсе алп өлөт,
Жаныма кал ар бекен деп,
Бээжиндин каны чоң манжу,
Кан Манастын астына,
Кыз-келиндей жүгүнүп,
Эл аралап бүгүлүп,
Эр Манастын алдына,
Чоң Калча келди жүгүнүп.
Дин мусулман аскери,
Бир Алдага жалынып,
Арстан Алмаң толгонуп,
Агарып бербейт бизге деп,
Өлтүрмөк деп ойлонуп,
Алдык деп какан Бээжинди,
Кудай билет чын болсо,
Кырк күнү түлөө кылышып,
Арстан Манас кайран шер,
Алмамбет менен Чубакка,
Ажыбай менен Сыргакка,
Кыркчоросун жыйдырып,
Кытай менен калмактын,
Ыйлаганын тыйдырып,
Сыр калааны ачтарды.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Оозунан ок тиштеп,
Кылычты салып мойнуна,
Буркандарын талкалап,
Калайлуу ордо калаадан,
Жаткан элин көчүрүп,
Канкор Манас баатырды,
Талабына жеткирип,
Олуя заада Манаска,
Ордосу менен өткөрүп,
Калкалаган Каканын,
Жери менен өткөрүп,
Кайнаган кытай калмакты,
Эли менен өткөрүп,
Алтыны сайдын ташындай,

Күмүшү алтын башындай,
Ар боругу ушундай,
Кезиккенин өткөрүп,
Арстан Манас эр баатыр,
Каканчылуу Бээжиндин,
Казынасын алган жер.
Ошондо Кошой абасы,
Канкор Манас баатырга,
Астыма келип берсин деп,
Айтканымды уксун деп,
Кулагына тутсун деп,
Жаткан жерден чыксын деп,
Ажыбай келди арага.
Айдаркан кандын эр Көкчө,
Арстан Кошой баатырдын,
Бул алдына барыптыр.
Буудайкандын Музбурчак,
Казысы чоң бир кучак,
Бул алдына барыптыр.
Кашкардын каны Эсенбек,
Бу кашына барыптыр.
Эштектерден Жамгырчы,
Ал алдына барыптыр.
Эрдин баарын чогултуп,
Арбактуу Кошой абасы,
Атактуу Бакай карыя,
Кеп сүйлөшүп калыптыр,
Баатыр Манас эр көкжал,
Эр Коңурбай манжуну,
Жолдош кылып алыптыр,
Эл чогулган жерине,
Ээрчитип Манас барган жер.
Арстан Манас баатырдын,
Эч нерсе менен иши жок,
Арын түбүн ойлонуп,
Ар деме менен иши жок
Аркасында кара чач,
Койгон экен кырктырып,
Эр Манаска кошулуп,
Акка моюн сунуптур,
Чочконун эптүүлүгүн көрдүңбү,
Асан айтып жүрүптүр,
Арстан Манас эр баатыр,
Коңурбайды ээрчитип,
Чоро кылып алыптыр.
Чогулушкан көп элге,
Кошо ала барыптыр,
Арамзаада кыйды кул,
Арстан Манас баатырдын,
Башын катып койнуна,
Кошо басып барган жер,
Калк ичинен кеп айтса,
Касиеттүү Манаска,
Каканды бердим деп айтар,
Эл ичинен кеп айтса,
Бир колдогон Манаска,
Бээжинди бердим деп айтар,
Аркасынан барайын,
Ошондо башын алам деп,
Айтылуу Алмаң кайран шер,
Даярданып калган жер.
Арстан Кошой күпүлдөп,
Каапырлар кайра кайткын деп,
Бириң кетпей мусулман,
Ушу жерге тургун – деп,
Кан Манаска кошулуп,
Коңурбай мында калсын деп,
Арстан Кошой ойлонуп,
Аңдып турган Алмамбет,
Коңурдун башын алсын деп,
Сыргак менен Камбарды,
Бул экөөнү аткарып,
Мусулман мында жатсын деп,
Калмак менен кытайдан,

Киши калбай кайтсын деп,
Уруп ийчүү немедей,
Кырып ийчүү немедей,
Баарысына сүйлөнүп,
Ошондо Манас кеп айтат,
Кайткан элге кошулуп,
Коңурбай кетсин деп айтат,
Эр Алмамбет баатырдын,
Өлтүрөрүн билгени,
Эр Камбарды чаакырып,
Баатыр Манас кеп айтат,
Мына бу баатыр Калчаны,
Ала баргын деп айтат.
Кан Манас буйрук салганы,
Арстан Кошой кеп айтып,
Колун кагып булкулдап,
Коңурбай кетсин деп айтып,
Бул айтканы акыл деп,
Ошо турган манжуну,
Сен да кайра кайткын деп,
Эр Камбар колдон алганы.
Өлтүрөөрүн билгени
Эр Камбарды чакырып,
Баатыр Манас кеп айтат,
Мына бу баатыр Калчаны,.
Ала баргын  деп айтат.
Кан Манас буйрук салганы,
Арстан Кошой кеп айтып,.
Колун кагып булкулдап,
Коңурбай кетсин деп айтып,
Бул айтканы акыл деп, .
Ошо турган манжуну,
Сен да кайра кайткын деп,
Эр Камбар колдон алганы.
Капырай абам болбойт деп,
Өз оюма койбойт деп,
Коңурбай кетип калганы,
Арстан Манас шер баатыр,
Улутунуп калган жер.
Абасы Кошой күүлөнүп,
Эр Манаска сүйлөнүп,
Ачууланып бек айтып,
Улуулук кылып кен айтып,
Алакөөдөн дардаңбай,
Акылы жок адамдай,
Байкабайсың артыңды.
Каканды алса ким алды,
Бээжинди жеңсе ким жеңди,
Чалгынды чалды Алмамбет,
Бээжиндеги мусулман,
Аскерди алды Алмамбет.
Күрсүлдөп кошой күүлөнүп,
Кан Манасты бир салып,
Акылсыз эсер болбосоң,
Кең-Кол кайда жер кайда?
Келин кыз калган буркурап,
Кемпири ыйлап зыркырап,
Сенин жериңдеги эл кайда?
Көөдөнүңдү көтөрүп,
Өзүң жеке, жеңгендей,
Бээжинди колго алдым деп,
Өз жолума салдым деп,
Сен качан алдың Бээжинди?
Кайдан барып кармадың,
Кан Коңурбай кечилди.
Акылың бар, эсиң жок,
Ар деме, менен ишиң жок,
Алмамбет Бакай болбосо,
Береги турган Сыргакты,
Сага жолдош кылып койбосо,
Көргүлүктү сен көрүп,
Өлөт элең көсөөрүм.
Бул Алмамбет болбосо,
Бу Бээжинди аралап,

Жүрөт белең көсөөрүм.
Таластан жолго салганда,
Семетейди көтөрүп,
Чыйырдыны жетелеп,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көтүбүздөн Каныкей,
Ээрчип басып калганда,
Ойлонор болсоң эс кана?
Каныкей айткан кеп кана?
Айтпады беле бейтаалай,
Эсерирээк жан элең,
Башканын тилин алба деп,
Менин элди жыйганым,
Айтайын деп турганым,
Менин тилим сен алсан,
Бээжиндин каны бу жойчу,
Амалы артык көрүнөт,
Чоро кылып алам деп,
Ойлонбойсуң дардаңдап.
Кары деп мени сыйласаң,
Конурбай өлбөй жол болбойт,
Азили киши оң болбойт.
Коңурбайды өлтүрсөң,
Калмак кытай калың эл,
Жаккан оту өчүүчү,
Сенин салган жолуңа,
Бири калбай келүүчү,
Баатырым Манас тил алсаң,
Кетирбе аскер колуңду,
Билдим Манас оюңду.
Акылдан тайып турасың,
Абасы Кошой күрсүлдөп,
Дин мусулман баарысы,
Айтканы туура болду деп,
Билгендери кеп айтып,
Байгамбар сындуу абанын,
Айтканы туура деп айтып,
Кошойдун кебин уккандар,
Күбүрөшүп кайткан жер.
Көбү тарап кеткен соң,
Алмамбет акыл айткан жер,
Алдык Бээжин калааны,
Бөлбөсүн кудай санааны,
Бу Шергазы болбосо,
Каратпайт элек Бээжинди,
Карматпайт эле кечили,
Эми кечилди кармап байладык,
Коңурдун башын алалык,
Алдык деп анан Бээжинди,
Санаа басып калалык.
Арстаным Манас сен байка,
Сырыңды тартып алуучу,
Ойронду анан салуучу,
Коңурбай өлбөй жол болбойт,
Бу Бээжин бизди соо койбойт,
Эскарасын жайлайлы,
Кюңурбайды өлтүрүп,
Касташкан киши ушу деп,
Коңурбайдын канына,
Айбалта кылыч майлайлы.
Арстан Манас кеп угуп,
Коңурбай өлсүн деп угуп,
Айланайын Алмамбет,
Сен айтчу кеп эмес,
Ойлонуп айтчы Алмамбет.
Жазап айткан кебиңби,
Коңурбайды көтөрүп,
Өзүң менен бастатып,
Катар коёт дедиңби.
Алмамбет шагын сындырып,
Арстан Манас кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты,
Бу да бол со кан эле,
Мен да болсом кан элем,

Какан менен Бээжиндин,
Каны тийди колума,
Салды кудай оңуна,
Муну өлтүрүп салбаймын,
Кан көтөрүп койбоймун.
Манастын кебин укканда,
Алмамбет көөнү бурулуп,
Алда нече кубулуп,
Коңурбай тирүү турганда,
Азили ишим оң болбойт,
Жойкул менен Коңурбай,
Баш кошушуп бириксе,
Акыры бизди соо койбойт.
Колунда турган Коңурбай,
Ошондон качан кем элем,
Дин мусулман баарыңар,
Келсин деп Кошой карыңар,
Акка моюн сунган жер,
Арстан Алмаң көк жалың,
Канкор Манас баатырдан,
Ак олпок менен Аккула,
Экөөнү сурап турган жер,
Аккелте менен туулга,
Төртөөнү сурап турган жер.
Сыйынып кудай арбакка,
Жойчунун жолун чалмакка,
Сыргакты сурап турган жер,
Абасы Кошой кашында,
Арстан Манас уялып,
Бербеймин деп айталбай,
Берендин көөнүн табалбай,
Барбагын деп айталбай,
Баатырдын көөнүн кайтарбай,
Алапайын табалбай,
Кошмой болду Алмаңа,
Эр Сыргак сындуу баатырды…
Аккула алып колуна,
Арстан Алмаң көк жалың,
Ак кемер салып мойнуна,
Калың элге кеп айтып,
Кагылайын турган журт,
Бир атадан мен жалгы,
Арстан Сыргак молдосун,
Бир жагына алыптыр,
«Оомийин» деп кол жайып,
Бата сурап калыптыр.
Арстан Алмаң көк жалың,
Журту менен коштошуп,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Абасы Бакай баатырга,
Эр Алмамбет эми айтат,
Аттаңдым сапар жолуна,
Бир кудай салса оңуна,
Жойкара тийсе колума,
Алты айда тием колуңа,
Алты айда кабар бербесем,
Ажалымдын жеткени,
Келбей калса алты айда,
Алмамбет менен Сыргактан,
Үмүтүңдү үзгүн деп,
Алмамбет жөнөп калган жер.
Туйгунум Алмам чолпонум,
Келбей турган өңдөндү,
Ушу дүйнө жалгандан,
Кете турган өңдөндү.
Алмамбет Сыргак кеткен соң,
Кимдин көзүн карайбыз,
Өлгөндөн калган эреңди,
Айдап жолго салалы,
Абакем Кошой баш болуп,
Биз Таласка баралы.
Арстан Бакай кайран шер,
Манас менен Кошойго,
Алмамбеттин айтканын,

Айтып элге барган жер...
Эр Алмамбет кан Сыргак,
Чыкты узап талаага,
Имири деген шаарга,
Андан чалгын чалды эми,
Каражойчу доңузду,
Дайынын билбейт эч адам,
Андан таппай калды эми.
Курма жолго салып,
Куру-Сайга барып,
Андан таппай калып,
Ак-Кыя деген тоо экен,
Андан чыгып чалды эми,
Арстан Алмаң эр Сыргак,
Андан таппай калды эми...
Арстан Манас көк жалың,
Чыканактап  кыйшайып,
Алтын тактын үстүндө,
Эр Манас жатчу тынч алып.
Түнөрүп уктап жатканда,
Энеси келди кашына,
Семетей келди астына.
Бала куштай баркылдап,
Карачунак Семетей,
Түшүнө кирип баатырдын,
Каныкей келди астына,
Кан Манастын жанына.
Каныкей туруп кеп айтат,
Атадан жалгыз канкорум,
Каканчылуу Бээжинден,
Кайтып үйдү көрбөйсүң.
Манас жаман түш көрүп,
Чоң ажайып иш көрүп,
Ыргып түштү тагынан.
Жанында турган Серөги,
Жакын көргөн Ажыбай,
Чочуп тура калды эми,
Арстан Манас эр баатыр,
Адам уккус кеп айтын,
Семетей келип ойносо,
Астыма келип койбосо,
Жетим калат экен деп,
Кан Кошойду баш кылып,
Айкожо, Бакай абасын,
Чакырып алып кашына,
Акыл салып кеп айтат,
Бу Бээжинден кайткыла,
Кайтып элге баргыла,
Барып ишти айткыла.
Олжону кенен алгын деп,
Арстан Манас кайран шер,
Калкын жыйып камдантып,
Бакай менен Кошойду,
Калган элге баш кылып,
Атакарып жолго салган жер...

## БААТЫРЛАРДЫН КУРМАН БОЛУШУ

Ошондо Манас баатырдын,
Көөнүнө түштү көл санаа,
Абакем Бакай, Кошойду,
Атказып жолго салдым деп,
Аскердин баарын кетирип,
Кандай заман кандай күн,
Кырк чоро менен калганын,
Ошондо билди эр Манас...
Алмамбет Сыргак эки шер,
Улам улам дүрбү алып,
Болсо ушерде болот деп,
Алмак салмак карашат.
Кагылайын Аккула,
Таманы жерге тарсылдат,
Мурдун тартып бышкырып,
Ичин тартып кошкуруп,
Эмне элес көрдү деп,
Алмамет Сыргак эки шер,
Бирөө Алмабаш алды колуна,
Бирөө Аккелте алды колуна.
Кум куюлган Кара-Зоо,
Аккелте менен койгулап,
Кокустан чочко билинсе,
Ошо жерде бар болсо,
Ок жаңылып өлсүн деп,
Алмабаш менен Аккелте,
Мылтыктарын атышып
Бетегеси бурулат,
Бетегенин түбүндө,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Шайтан болуп кубулуп.
Аккула жытын алыптыр,
Тыбырчылап токтобой,
Айбанда болсо жаныбар,
Жер тепкилеп токтобой,
Эки жардын ортого,
Жалгыз чыккан куурай бар,
Жараткан кудай алда бар,
Шайтан эндүү Каражой,
Маана кылып алыптыр.
Аккуланын маңдайда,
Ачылып калган оюк бар,
Даана көрүп калыптыр.
Мылтыгына ок коюп,
Милтесине чок коюп,
Алмамбет менен Сыргакты,
Аңдып тиктеп калынтыр...
Кагылайын Сыргагым,
Аккула мойнун бурайын,
Кароол карап турайын,
Кыбыланын баштанып,
Оң колуңду жазданып,
Чырым этип уйку ал деп,
Кичинекей тынч ал деп,
Жалгыз куурай мааналап,
Алмамбет барды түбүнө.
Эки көздүн ортодо,
Сүзүлгөн заат тешикке,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайраттанып Каражой,

Мелтирете бек тиктеп,
Өлөр жери деп тиктеп,
Машасын басып бармакка,
Басып калган жери ошол,
Маңдайын жара ок тийип,
Алмамбет минген Аккула,
Кулап калган жер ошол,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ат жыгылып калган соң,
Башындагы туулга,
Башынан ыргып кетиптир,
Жер сыйпалап Алмамбет,
Мылтыгын кармап бетине,
Оту чыгып көзүнөн,
Өткүр каапыр Жойкара,
Жакын жетип калды эми,
Туулга колго илгенче,
Төбөсүнө салгыча,
Жайык маңдай, асыл жүз,
Арстан Алмаң көк жалды,
Жойкара атып салган жер.
Мылтыктын үнүн укканда.
Тарс эткен үнү чыкканда,
Оңолуп Сыргак тургуча,
Жойкара кетип калыптыр,
Эр Сыргак кийген туулга,
Жерге түшүп калганы,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Керилип тура калгыча,
Сыргакты атып салганы.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эки шер шейит кеткен жер.
Санаасын басып Жойкара,
Канжасын колго алыптыр,
Дардактаган Манасты,
Баатырлыгын билем деп,
Барбактаган Камбардын,
Балбандыгын билем деп,
Бээжинге жете барам деп,
Ала көөдөн Манастын,
Жанында турган Коңурбай,
Берди бизге кудай деп,
Эптеп кабар салам деп,
Бээжинди көздөй бет алып,
Мерген экен Жойкара,
Коңурга кабар салууга,
Шер Манастын колунан,
Коңурбайды алууга,
Бек бекинип барды эми.
Коңурбай манжу, Манас кан,
Бек менен Калчанын,
Маңдайына барды эле,
Калча менен Жойкара,
Балдыр булдур сүйлөшүн,
Арстан төрө эр Манас,
Тилин билбей калды эле.
Кокус шекшип калат деп,
Билсе башты чабат деп,
Манас менен Калчага,
Эки ооз кеп айтты.
Манастан башка баатырдын,
Камбар менен Чубакка,
Бир кишиге көрүнбөй,
Кайтып жолго салган жер.
Алмамбет аттым дегенде
Арстан Манас абаңды,
Атаганат көр дүйнө,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Алдамак болуп калган жер.
Арстан төрө Манастын,
Эрдиги бар эси жок,
Эчтеме менен иши жок,
Алмамбет Сыргак ойдо жок,
Алмамбет менен Сыргактан,

Жан жолдошу Чубактан,
Үчөөнөн артык жактырып,
Бээжиндин каны Калчаны,
Тилмеч кылып алган жер.
Он эки капка чоң Бээжин,
Аралап ичин, көргүн деп,
Абайлап жайын билгин деп,
Жети күнү жер чалып,
Түн эсебин алгын деп,
Түпкүлүктүү чон Бээжин,
Түбүнөн бери чалгын деп,
Кырк чорого кеп айтып,
Жоодураган кырк жайсаң,
Кырк чоро кетти жарышып.
Коңурбай Манас эки дөө,
Сарайда жаңгыз калышып,
Саат баскан кырк чоро,
Кетти баары жарышып,
Эр Коңурбай кеп айтат,
Арстаным Манас улугум,
Алдың Бээжин калааны,
Бастың эми санааны.
Он эки капка Бээжиндин,
Алтымыш жерде казына,
Эшиктерин ачалы,
Алтыдан куйган жамбы бар,
Жамбыларын бөлөлү,
Эсебин алып көрөлү.
Арстан Манас эр баатыр,
Айткан сөзгө макул деп,
Бээжиндин каны чоң баатыр,
Бу айтканың акыл деп,
Бууданды минип шаңданып,
Коңурбайды жанга алып,
Чоң дептерди колго алып,
Арстан Манас баатырды,
Коңурбай алдап аскырып,
Бир сарайга барганда,
Көргөн адам кубанган,
Караса көзү уялган,
Оозу алтын сары жез,
Узундугу так кырк кез,
Жоо киймин көргөндө,
Арстан Манас ооган жер,
Чоң дептерге салган жер.
Алмамбет Сыргак өлгөнү,
Баарысына угулат,
Биздин баатыр чоң манжу,
Эптеп эбин табар деп,
Каканчылуу чоң Бээжин,
Өзүбүздө калар деп,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Кандай кабар болот деп,
Аста аста жүргүлө,
Кырк чоро билип калат деп,
Кабар болсо чыгууга,
Кайрып казат кылууга,
Баары жатты камданып.
Манас күткөн кырк жайсаң
Түбүн түрө чалыптыр,
Түпкүлүктүү Бээжиндин,
Түбүнөн берки эсебин,
Бу кырк Чоро алыптыр,
Чынмачында сарайга,
Кайрылып баары барыптыр.
Аш тамагын шайлашып,
Кытайга атты карматып,
Кыргынга кетчүү кырк чоро,
Мине турган бууданын,
Калмактарга карматып,
Алдык деп басып санаасын,
Көңүлдөрү жай болуп,
Дуулап аткан жеринде,
Бээжиндин каны чоң манжу,

Кан Манастын кашында,
Ажырабай Коңурбай,
Чыканактап кыйшайса,
Чырым этип тынч алса,
Амалы ашкан бир башка,
Сакчы киши өңдөнүп,
Турчу экен Коңурбай,
Эр Манастын башында.
Эр Коңурбай чоң манжу,
Түлкүдөй болуп жойлогон,
Түпкүлүгүн ойлонуп,
Кандай кылсам алам деп,
Күндүзүндө тынч жүрбөй,
Түнүчүндө уктабай,
Алмамбет Бакай өңдөнүп.
Аш тамагын жай ичип,
Арстан Манас улугум,
Аткарам сениң буйругуң,
Он эки какан Бээжинди,
Орду менен сен алдың.
Бээжинди билген жок элем,
Жолдош кылып мени алдың.
Каканчылуу Бээжинди,
Калкы менен сен алдың.
Мунун кураганы мен элем,
Кармап колго мени алдың.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Алаканын шак койп,
Көчүгүн жерге бек коюп,
Айкөлүм Манас улугум.
Калмак менен кытайды,
Айдап башын курадың.
Какан менен Бээжинди,
Өткөрдүм сенин колуңа,
Алты ай жатып сурадың,
Адилдиги бар экен.
Бээжин какан бек болот,
Бекем карма Бээжинди,
Бу Бээжиндин ичинде,
Адам акыл кеп болот.
Казып койгон тереӊ ор,
Жайып койгон темир тор,
Айтканым эске ала жүр,
Акыры эл бузулбай койбойт,
Амалы бар чоң манжу,
Сөзүн айтып эритип,
Ар бир түрлүү ойлонуп,
Алтындан айчык жаткырып,
Кан ушундай кийет деп,
Бу форумду сен кийсеӊ,
Калмак кытай ушул эл,
Ич койнуңа кирет деп,
Жакага көөхар жаткырып,
Далыга айчыктан алтын койдуруп,
Арстан Манас баатырга,
Ченин алып келген жер,
Айдалы алтын шуру чок,
Бээжинди сурап турганда,
Кийип турган алтын чен,
Муну эр Манаска берген жер.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эми арбыйт мээнет күнүнө,
Байкабайт батыр эр Манас,
Манжуунун башка түрүнө,
Арстан Манас эр баатыр,
Акылы башка Калчага,
Алдыра турган өңдөнду.
Алмамбет менен бир өскөн,
Жерин билген Карагул,
Коңурбай менен бир жүрүп,
Элди билген Карагул,
Адамдан башка көп билген,
Ойчул экен Карагул,
Алмамбет менен бир өскөн,

Жойчу экен Карагул,
Коңурбайга кеп айтат,
Алдында Манас баатырдын,
Билдиңби сырын, билгин деп.
Табалбадым айласын,
Кан кийимин кийгиздим,
Мындан айла таппадым,
Ар кандай түрлүү азгырдым,
Андан айла таппадым,
Он эки капка түп Бээжин,
Ортосуна алпардым,
Айла болор бекен деп,
Алгарыны мингиздим,
Манастын сырын билбесең,
Сен Коңурбай жол башта.
Күн төбөгө келгенде,
Кыйып өтө бергенде,
Беш убагын жазбаган,
Бейдарат жерди басбаган,
Беш убак намаз окуган,
Бели башка жөн экен,
Алтын кумган ак чайнек,
Мен колума алайын,
Ээрчий басып артынан,
Кет жагынан барайын.
Ушу Манас баатырга,
Аткан менен ок өтпөйт,
Сайган менен айза өтпөйт,
Мынабу кенен чоң көчө,
Чоң көчөнү алгын деп,
Чоң дептерге салгын деп,
Айбалта жанга илгизип,
Алты катар темир үй,
Ичине алып киргизип,
Ичинде жоо-жарак,
Баарын каша салдырып,
Дарбазанын кырына,
Убакыт өтүп кетет деп,
Койгун баарын астына,
Жай намазды жайдырып.
Чаап жүргөн айбалта,
Жаза тийип калбасын.
Мизин ууга малдырып,
Ушу Манас баатырдын,
Астына баштап сен баргын.
Аптаманы колго алып,
Артынан ээрчип мен барам,
Коркконунан Манасты,
Жаза чаап салбагын.
Аман калса бу Манас,
Какан менен Бээжинге,
Кырк чоро аман кезинде,
Куткарып ийсе Манасты,
Каканчылуу Бээжинди,
Бир аңтарып салат деп,
Карагул менен Коңурбай,
Алдай турган өңдөнду,
Кабылан көк жал баатырды,
Жайлап турган өңдөнду,
Он эки катар чоң мунар,
Башына чыгып барган жер,
Арыстан Манас шер баатыр,
Кооп дүрбү салган жер,
Түпкүлүктүү Бээжиндин,
Түбүн түрө чалган жер,
Алтын эшик дарбаза,
Оозуна барган жер,
Ошондо Манас эр көк жал,
Эки жагын караса,
Убакыт жакын калыптыр,
Дааратына суу бер деп,
Убакыт өтүп кетет деп,
Коңурбайды чакырып,
Эр Манастын элчиси,

Жанындагы тилчиси,
Карагул деп бакырып,
Алтын саптуу чайнекти,
Аны колго алган жер.
Бээжиндин каны чоң манжу,
Артынан аңдып барды эми.
Арыстан Манас эр баатыр,
Эки колун жууган жер,
Жүзүн сылап турган жер.
Башындагы туулга,
Тамагында тээги бар,
Болот менен карматкан,
Туулганын беги бар,
Эки каштын ортого,
Тамагынын алдында,
Кош топчуну чыгарып,
Төбөсүндө туулга,
Желкесине жеткирип,
Же баканы жок башында,
Же Алмамбети жок кашында,
Манастын көргөн күнү ошол,
Аркасында Кюңурбай,
Туулган тийсе башынан,
Айры арка көк желке,
Ушу жерге чабам деп,
Кокустан жаза койсом Манасты
Өзүмө өкүм кылам деп,
Айбалта сабын бек кармап,
Эсели эсине кудай түшпөгөн,
Бергин кудай деп кармап,
Арстан Манас кайран шер,
Төбөсүнө маш тартып,
Туулганы алган жер.
Айры шили кең маңдай,
Туулган кайра кийгиче,
Төбөсүнө салгыча,
Белен турган чоң манжу,
Төбөгө кагып калган жер.
Асмандай бийик дубалдан,
Айбалта тийип башына,
От жагылып көзүнө,
Тоо көчкөдөй дүңгүрөп,
Көчөгө кулап калды эми.
Эми башын алам деп,
Эр Коңурбай чон манжу,
Айланып чуркап баргыча,
Манастын башын алгыча,
Бутун жерте каккылап,
Колун жерге чапкылап,
Коңурбай жете баргыча,
Ошо Манас баатырдын,
Башын кесип салгыча,
Жер жарылып үн чыгат,
Жеке сен деп чуу чыгат,
Көкчолок менен жулкунтуп,
Көкжал Бакай шер баатыр,
Кирип келди такылдап.
Чочугандан Коңурбай,
Айбалтасы Коңурдун,
Кошо кеткен башына,
Арстан Бакай кайран шер.
Аттан түшө калган жер,
Как ушуну көрмөк деп,
Ушундай болуп өлмөк деп,
Башындагы балтаны,
Бакай кан жулуп алган жер.
Кан көчөгө сулатып,
Таштап Манас баатырды,
Арстан Бакай эр баатыр,
Кайра кирди Бээжинге,
Көкчолок менен чуратып,
Бакайдын жакын барганы.
Алмамбет аткан Жойкара,
Алмамбеттин ордодон,

Эр Чубакты атыптыр.
Кудай бетин көргөзбө,
Мылтык атар мергени.
Мөндүрдөн артык ок атып,
Мажик менен Үрбүнү,
Серек менен Кабаны,
Төртөөн атып сулатып,
Барандын үнү барсылдап,
Мылтыктын үнү тырсылдап,
Кырк чоро кыргын көргөн жер.
Арстан Манас кайран шер,
Туулгасы башында,
Тула бойдон зоо тубар,
Баатыр Бакай баргыча,
Кырк чорону кыйраткан,
Мергендери камынып,
Атаңдын көрү кар дүйнө.
Качарына жер таппай,
Кирерине аң таппай,
Камбар Мажик турган жер.
Канкор Манас баатырдын,
Ажыбай, Сыргак баатыры,
Кача турган жол таппай,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Калды Манас оң таппай.
Мылтыкты колго алыптыр,
Жез тешиктен шыкаалап,
Адамдан ашкан мерген эр,
Алмамбет манен Сыргакты,
Экөөн атып келген эр.
Камчы үстүнө камчы уруп,
Айкөлуң Бакай абаңар,
Чукул кирип барган жер,
Бакай чукул чыкканда,
Бакайды атып салам деп,
Милтесин чертип кызартып,
Мылтыгын кармап оңолуп,
Бакайдын түрүн көргөндө,
Корккону немей кеткени,
Шашкалактап кайран эр,
Алыс атып таштады.
Арстан Бакай көкжалың,
Эки далың орто деп,
Эттүү жүрөк толто деп,
Айза салды эр Бакай.
Кудай өзү билбесе,
Бакай сайган чоң найза,
Мендеден келген Жойкара,
Бөйрөгүн жарып өткөнү,
Жүлүнүн жарып кеткени,
Айзасын сууруп алам деп,
Тартып Бакай алалбай,
Кылычты кындан алды эми,
Кыйкырыкты салды эми.
Кылычтын түрүн көргөндө,
Жүрөгү түшүп кырылып,
Арстан Бакай көк жалың,
Мергендерди кырды эми.
Алтын ооз дарбаза.
Көк чолокко камчы уруп,
Аттанып Бакай барды эми.
Арстан Чубак эр баатыр,
Оозунда тили жок,
Омуроодон кан агып,
Чубак сулап калыптыр.
Мажик менен Үрбүнү,
Серек менен Кабаны,
Аккочкор менен Шейитти,
Баарын атып салыптыр.
Ажыбай менен Камбарга,
Чубактын киймин кийгизгип,
Көктелкиге мингизгип,
Деп ошентип эр Бакай.
Кошуна келди сүйлөнүп,

Ошондо Бээжиндин каны чоң манжу,
Жабуу, жабуу, жабуу деп,
Жайнап кирип келди эми,
Мөндүлөгөн аскерин,
Айдап кирип келди эми.
Арстан туулган эр Бакай,
Алда кудай жалгыз ак,
Жардам берсе бир кудай,
Казат кылып көрөм деп,
Атып түтүн булатып,
Кылычын кындан алган жер.
Кытай менен калмакты,
Бакай тозуп алган жер.
Ажыбай Камбар эки эр,
Учуп шейит кеткенин,
Өлгөнүн тышка чыгарып,
Бакайды тосуп жаткан жер,
Кабылан Манас баатырдын,
Айбалта тийген башына,
Каныкей берген дарыдан,
Кан Бакай дары бергени,
Күңгүрөнүп үн берди Манас,
Кептен кийин тил берди Манас.
Ачып Көзүн караса,
Бакай турат башында,
Көп жеринен жара жеп,
Башын жөлөп Ажыбай.
Бу да келген жара жеп.
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Алкарага камчы уруп,
Алмамбет Сыргак өлдү деп,
Алуучу кезек келди деп,
Мергендерин камылтып,
Манасын баштап сойдум деп,
Кара көзүн ойдум деп.
Алкара минип жулкунтуп,
Атактуу мерген Жойкара,
Кирип келди чамынып.
Бакайдын түрүн көргөндө,
Чукул кирип желгенде,
Кайра тартты кылт коюп.
Тилден калган Манасты.
Далайдан кийин тиргизип,
Маңдайдан Бакай сылады,
Ошондо Манас көз ачып,
Камбар менен Ажыбай,
Айбалта сабын таянып,
Экөөнүн ыйлап турганы.
Калган, жөн шордуулар,
Алмамбет менен Сыргыктан,
Жол баштап жүргөн Чубактан,
Баарысынан айрылып,
Турган экен кайгырып.
Алардан башка бир борум,
Айзага таккан желегим,
Алдыма чыккан тирегим,
Аманат жанга керегим,
Соот таккан кыягым,
Маңдайда күйгөн чырагым,
Алмамбет Сыргак ала жат,
Деп ошентип Камбардын,
Бакырып ыйлап турганы,
Ошондо Манас билгени,
Араң жаткан эр Манас,
Кабыргасы кайышып,
Омуртка сөөгү майышып,
Алмамбет менен Сыргакты,
Өлгөнүн анык билди эми.
Айтаарына ал калбай,
Сүйлөөрүнө үн болбой,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Алмамбет Сыргак эки дос,
Экөөнөн бирдей айрылып,
Кайрылып кандай барамын,

Кагылайын эки дос,
Жанында кошо бир жүрүп,
Окко учуп шейит кечирип,
Кагылайын Айкожо аба,
Билдим эми баркыңды.
Алмамбет, Сыргак, Аккул,
Кандай жерде өлдү экен,
Айлаң келсе Айкожо,
Сөөгүн алып келгин деп,
Шейит кечкен үчөөнү,
Алып келип көргөз деп,
Ыраазымын кудайга,
Андан кийин өлөм деп,
Арстан Манас эр жалгыз,
Арзын айтып кудайга,
Арстан Бакай көкжалга,
Арманын айтып окшошуп,
Кагылайын Айкожо,
Маңдайымда көпөлөк.
Артымда калган белегим,
Сен бу жерден баргына деп,
Мен кетемин Бээжинден,
Каргадай болгон көпөлөк,
Он колуна алгын деп,
Алдадан ажал келбесе,
Артымда күйгөн чыракты,
Жетим калган чунакты,
Өзүң багып жүргүн деп,
Душманым элде көп эле,
Бөөдө өлтүрүп койбосун,
Алмамбет Сыргак жолдошум,
Эгем таала кудурет,
Тилегине жетиптир,
Акыреттик эки дос,
Окко учуп кетиптир.
Бууданды минип бир жүрбөй,
Булкунтуп жоого бир кирбей,
Айбалта тийип башыма,
Асылым алмам баатырдын,
Тилин алып койбодум,
Адили арам Калчаны,
Жолдошум деп ойлодум.
Алмамбет менен Сыргактын,
Жанымда жаткан Чубактын,
Бу үчөөнөн бөлүнүп,
Шыйкыры качкан Таласка,
Кантип барам көрүнүп.
Карылык жашы жетти эле,
Орто жолдо энекең,
Өтө берип кетти эле,
Бу арманым ичимде.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Карып келген чагында,
Колум менен койбодум,
Бул арманым ичимде.
Алмамбет Сыргак эки шер,
Атактуу Чубак кайран эр,
Бээжинге таштап сөөгүн,
Кантип тирүү кетейин,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Чубак болсо жанымда.
Алмамбет менен Сыргактын,
Кузгун Көзүн ойду го?
Калдайып карга конду го?
Кара этине тойду го?
Арстан Манас баатырдын,
Мууну бошоп болкулдап,
Бакай ыйлап ийгенде,
Ажыбай айткан жери бар,
Кагылайын Айкожо,
Ошо Манас баатырдын,
Ыйлаган зарын угалы,
Аттанып жоого салалы,
Алмамбет менен Сыргактын,

Экөөнүн сөөгүн табалы.
Салса өздөй оңуна,
Жаткан жерди көрөлү,
Шейит кечкен акөөнү,
Жаназа окуп көмөлү.
Айткан сөзгө макул деп,
Ажыбай Бакай кеңешип,
Жарадар болгон Манасты,
Эр Камбарга тапшырып.
Айланайын эр Камбар,
Калмак менен кытайдан,
Камап келсе тартынба,
Бу Манастын башында,
Бир колдогон жашында,
Кызыл чаар жолборсу,
Кысылган жерде колдоочу,
Кара чоор жолборсу,
Ушундай жерде колдоочу,
Бир колдогон жери бар.
Баабедин деп бакыргын,
Манастап ураан чакыргын,
Каныкей берген дарыдан,
Түнүнкүсүн уктатпай,
Күндүзгүсүн тынч жатпай,
Сен  дарылап жаткын  деп,
Ажыбай Бакай эки шер,
Алмамбет менен Сыргактын,
Сөөгүн издеп чыккан жер.
Чакмактын бели Асыл-Таш,
Барды Бакай эр көкжал.
Жан жолдошу Ажыбай,
Ат карматып эр Бакай,
Өзү жаңгыз барган жер,
Үстү жагы үңкүрчө,
Асты жагы аскача,
Карап турса башкача,
Кан Манас кийген олпоктун,
Этеги чыгат булайып,
Алмамбет менен Сыргактын,
Шыйрагы чыгат сырайып,
Эки шейит, эки шер,
Аккула окко учкан жер,
Кытайлар сөөгүн алам деп,
Кыргынды көргөн канчасы.
Окко учкан шейитти,
Калмакка  сөөгүн таптырбай,
Берипер багып жаткан жер.
Жытып алып даң салып,
Эр Сыргактын Сарала,
Салып чыгып барган жер.
Сараланы көргөндө,
Кандуу көбүк кызыл жат,
Койнуна толуп чыпылдап,
Кайраты бар Бакайдын,
Кайгырып турган жери ошол.
Жаңы аткан немедей,
Жаткан экен Аккула,
Маңдайдан каны чубуруп.
Калмак менен кытайга,
Булардын сөөгүн көргөзбөй,
Аккулага барышты,
Ажыбай менен эр Бакай.
Чапмактын бели Асыл-Таш,
От жагышып коюшуп,
Этине абдан тоюшуп,
Аккуланын денесин,
Кынынан болот алышып,
Алмамбет менен Сыргактын,
Арбагына чалышып,
Аккула этин алышып,
Алмамбет менен Сыргакты,
Ак борчукка жүктөшүп,
Аккелте менен ак олпок,
Жоо жарагы жанында,

Арстан Бакай абаңар,
Кудай берген экен деп,
Аккуланын денесин,
Саралага жүктөшүп,
Күнү-түнү жети күн,
Телки төөдөн өтүшүп,
Ат тизгинин бурушуп,
Алты күнү урушуп,
Тегеректеп алалбай,
Эр Коңурбай чоң манжу,
Өзү кайтып калганы...
Кызыталак бурут деп,
Кылбаганы жок деп,
Башын кесип алмакка,
Кайрылып калмак барыптыр,
Тирүүсү он торт киши экен,
Эчен баатыр эчен шер,
Тегеректеп калыптыр.
Эр Эшим дилгир кеп айтат,
Эр Коңурбай агасын,
Барбактаба деп айтат,
Манастын сөөгүн алам деп,
Чубак менен Манастын,
Сөөгүн алып калам деп,
Дардактаба деп айтат.
Мусулманды баштаган,
Ошо Бакай дагы бар,
Тополуңду тоз кылып,
Кара көздү ойчу бар.
Бакай тирүү барында,
Булардын сөөгүн алдырбайт,
Деп ошентип эр Эшим,
Коңурбайга кеп айтат,
Алмамбет менен Чубактын,
Атылып кеткен Сыргактын,
Булардын сөөгүн ташта деп,
Шер Коңурбай чоң келди,
Очогоргго от коюп,
Атып кирди бакырып,
Азык кылып жебейсиң,
Жүктөп жүрбөй өлүктү,
Ушу жерге ташта деп.
Ошондо Бакай кайран шер,
Айкырыкты салган жер,
Кайнаган кытай-калмакка,
Аралашып калган жер.
Чубак менен Манастын,
Алмамбет менен Сыргактын,
Кесип этин кургатып,
Дары кылып алмакка,
Сөөктөрүн бир бөлүп,
Казанына салмакка,
Какандын каны чоң манжу,
Ойлогон экен ар түрдүү,
Бакай үндү салганда,
Камап келген калмактын,
Кысып келген кытайдын,
Койдой айдап кытайды,
Жүрөгү чыгып кытайды,
Койдой айдап кытайды,
Кайра суруп салганы,
Бири баатыр бири шер,
Камбар Бакай эки эр,
Казат кылып кан төгүп,
Арык койдой кырган жер.
Кан Коңурбай калчасы,
Бакайдын түрүн көргөндө,
Кетти качып канчасы.
Арстан Бакай кеп айтып,
Кайрат кылып бек айтып,
Араң жаткан Манаска,
Ачуусу келип кеп айтып,
Ажыбай менен Камбарды
Ат току деп домбутуп

Бакайдын кебин укканда,
Ачуу сүрү чыкканда,
Арстан баатыр эр Манас,
Тилек кылып кудайдан,
Оңолуп көзү ачылып,
Оозунан чыккан кызыл кан,
Түкүрбөй каны басылып.
Арстан Бакай кайран шер,
Ажыбай менен Камбарга,
Алдырып атты токутуп.
Алмамбет менен Сыргакты,
Мажик менен Чубакты,
Серек менен Үрбүнү
Кадимки кийим кийгизип,
Алты шердин өлүгүн,
Баарын атка мингизип,
Басканы жумшак мал эле,
Манастын сөөгүн жүктөтүп,
Ала кийиз жай намаз,
Ак борчукка жуктөтүп,
Арстан баатыр Чубакты,
Көктекеге жүктөтүп,
Арстан Бакай кайран эр,
Токсон атты айдатып,
Талаага өлүк таштабай,
Медияндын Кара-Суу,
Баатырлар кечкен суу экен,
Барды Бакай боюна.
Бек кайтартып койдуруп,
Көкчолок минип шаңданып,
Кара шаар чон калаа,
Айланып чалгын чалган жер.
Мурады деген шаарда,
Муну Бакай чалган жер,
Мунарган тоонун оюу ошол,
Атагы Ыртыш жер ошол.
Кайсы экени билинбей,
Калмак, кытай аралаш,
Урумчу шаар үч калаа,
Бир мусулман табалбай,
Арстан Бакай эр көкжал,
Үч-Ара деген калаадан,
Урумчиге жетти эле.
Жердин баарын чалганы,
Жолдош издеп барганы,
Келген конок өңдөнүп,
Эли кандай экен деп,
Ошол элге кошулуп,
Сыр билгизбей барыптыр,
Шариятты көп билген,
Молдо боло калыптыр.
Бет алышып суйлөшсө,
Кеп бербеген эр Бакай,
Чечен болуп алыптыр.
Кеп сүйлөшүп бир жүрүп,
Көп сүйлөшүп кеп билип,
Үйүр болуп алыптыр.
Улугуна барышып,
Учурашып кол берип,
Арстан Бакай баатырга,
Жараткан кудай жол берип,
Айткан сөзү эп болуп,
Акылдаш болуп алыптыр.
Беккожо улук кеп айтат,
Бээжин менен каканга,
Мусулмандан эр чыгып,
Манас деген шер чыгып,
Каканга уруш салды, дейт,
Камап жатып алды, дейт,
Каканчылуу Бээжинди,
Алты ай сурап билди, дейт,
Ошо Манас баатыр шер,
Кайра тартып калды, дейт,
Уккан кебим ушу деп,

Арстан Бакай баатырга,
Айтып турду Беккожо.
Атым Бакай дегенде,
Беккожо туруп кеп айтат:
“Арстан Бакай сен болсоң
Колуңду берчи кармайын,
Колтукташып алайын.
Үрүмчүнүн Уч-Ала,
Жайык ашуу белине,
Окко учкан эрлердин,
Казанасын казган жер,
Алмамбет менен Чубакты,
Серек менен Сыргактын,
Урумчу деген шаарга,
Жерди тереӊ каздырып,
Молдо менен эшенге,
Кураӊды бекем окутуп,
Он эки миӊ кишиге,
Жаназасын окутуп,
Беккожо, Бакай кеӊешип,
Шейитке белги кылууга,
Уста жыйып алдырып,
Кыш куйдуруп бек кылып.
Кылымдарга барсын деп,
Ак чоподон алдырып,
Беккожо, Бакай эки шер,
Алмамбет менен Чубакка,
Кошо өткөн Сыргакка,
Ардактап күмбөз салдырып,
Алданын кылган иши деп,
Алмамбет, Сыргак берендин,
Күмбөзүн салып бормолоп,
Тышын күмүш жаап оймолоп,
Топурагын бастырып,
Сары алтын менен жаптырып,
Ошерде турган көп элге,
Айкожо, Бакай тапшырып,
Айдан айдан ай өтүп,
Салынып күмбөз бүткүчө,
Он эки ай өттү арадан.
Алмамбет менен Чубактын,
Атагы чытып Сыргактын,
Дин мусулман билсин деп,
Шаа кожо Бакай эки бек,
Дубалынын четине,
Кылганынын баарысын,
Дин мусулман пенделер,
Куран окуп келсин деп,
Айран калып жүрсүн деп,
Артынан чыккан мусулман,
Зергердин атын билсин деп,
Алтымыш жорго, жүз бурак,
Акыга берди токутуп.
Алтымыш дилде миӊ жамбы,
Муну берди окутуп.
Сүлдөрү турат дарман жок,
Сүйлөөргө алы калган жок,
Арбагы турат дарман жок,
Ото кезде Манастын,
Айтаарга алы калган жок.
Тула боюн Манастын,
Ак киле менен чырматып,
Ак жибек менен оротуп,
Балта тийген жаратка,
Кырма дары салдырып,
Алмак-салмак өӊөртүп,
Ажыбай менен Камбарга,
Алмак-салмак өӊөртүп,
Турпандын жолу туура жол,
Буга Бакай салды эми.
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Чоӊ Кашкарга барган жер,
Жар-Таштын жолун ашкан жер.
Сүлдөрү калган Манасты,

Алып кетип баратат,
Он эки күн жыл тартып,
Аттары баспай калыптыр.
Кашкардан уста алыптыр,
Такалатып жаңыртып,
Токтобой жолго салыптыр.
Чакмактын тоосун ашыптыр,
Чатыр-Көлдү басыптыр,
Улуу жолго салыптыр,
Таластын башы Жайыкка,
Үрүмчүдөн чыкканы,
Он төрт күндө барыптыр.
Ийри-Сууну бойлотуп,
Кокус билип коёт деп,
Капканын тоосун ашырып,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Бор-Дөбөнүн боюнда,
Эки тоонун чатына,
Кез-Сеңирдин башына,
Манасты алып барган жер.
Арстан Бакай эр буудан,
Ошо баатыр Манасты,
Эч кишиге билгизбей,
Ыйман айтып турсун деп,
Жанына алып берген жер.
Кожолор ыйлайт зырылдап,
Арстан Манас баатырга,
Молдолор окуп жарылдап,
Арстан Манас баатырдан,
Маңдайынан сылашып,
Кайра тартый Манастын,
Келбесинен билишип,
Манастын көзү жумулса,
Атаганат дүнүйө,
Абыке, Көбөш билет го,
Асылып арам эки кул,
Бөлүп-бөлүп кетет го.
Көзүнүн жашы көл болуп,
Ошо Манас баатырга,
Куранын окуйт молдолор.
Шарият айтат кожолор.
Байкуш Бакай кайран эр,
Кошойго кабар салды эле,
Катагандын кан Кошой,
Маңдайымда маанайым,
Баштаган элим таалайым,
Кеткен экен ырысым,
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Бүткөн экен жумушум.
Кан Кошойдун калың эл,
Манас өлдү дегенде,
Баарысы ыйлап буркурап,
Кары картан, чал калбай,
Катын бала да калбай,
Арстан Бакай бу кургур,
Элди жыйып белендеп,
Арстан Манас баатырды,
Эл чогултуп көмөм деп,
Казаттан өлгөн баатырды,
Даңкы менен көмөм деп,
Жер үстүнө канча кан,
Баарына кабар салган жер.
Талас менен Кең-Колго,
Эл чогулуп келген жер.
Ошо Манас баатырдын,
Орошон өңү бузулуп,
Көөдөндө жаны кысылып,
Калган экен жакындап.
Араң турган баатырды,
Ажыбайга өңөртүп,
Кең-Колдогу калаага,
Барды Бакай жакындап.
Асманда булут бурулат,

Эч бир адам биле элек,
«Айкөлүм» деп бакырган,
Бир адамдын уну угулат.
Ободо булут бурулат.
Жолборсум деп өкүргөн,
Бир адамдын үнү угулат.
Олуя заада Каныкей,
Чыйырды менен Семетей,
Оң колуна алган жер.
Ордодон чыгып караса,
Калк чогулуп жакындап,
Калган экен быкылдап.
Ободо жылдыз козголуп,
Ошо чыккан өкүрүк,
Олуя аяш үнү деп,
Арстаным жалгыз өлгөн го,
Айлакер аяш келген го,
Баатырым Манас өлгөн го,
Байкушум Бакай келген го,
Канчалыж адам өлдү экен,
Канчасы тирүү келди экен,
Бир колунда Семетей,
Бир колунда Чыйырды,
Дүңгүрөгөн калың журт,
Астына Бакай салыптыр,
Бир жагына беш киши,
Бир жагына беш киши,
Тегеректеп алыптыр.
Башында селде бурулат,
Байкуш Бакай баатырдын,
Муңканган үнү угулат.
Каныкей даана билсин деп,
Калайык менен калың журт,
Алып үйгө кирсин деп,
Алтын така, коом туяк,
Бууданымдан айрылдым,
Алмамбет, Сыргак эр Чубак,
Тууганымдан айрылдым,
Күмүш така сом туяк,
Бууданымдан айрылдым,
Алмамбет, Сыргак эр Чубак,
Тууганымдан айрылдым.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ай ааламга даңкы бар,
Алты сан элге баркы бар,
Билгендер аны сүйчү эле.
Аккула окко учурдум,
Алмамбет менен Сыргакты,
Экөөнү шейит кечирдим,
Бууданды окко учурдум,
Бул арманым мындан күч,
Чубак менен Сыргакты,
Төртөөнү шейит кечирдим.
Үрүмчү менен Миң дуба,
Алтоону шейит кетирдим.
Маңдайынан сүйсүн деп,
Маңдайынан бир сылап,
Топчулугун чечсин деп,
Сүт акысын кечсин деп,
Эченди көрдү бу башым,
Атаңдын көрү дүнүйө күн,
Жасаган экен бир кудай
Мен өңдөнгөн шордууну
Өлбөстүн отун жактырып,
Өлбөстүн суусун ичирип,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайсы арманым айтайын,
Арстан Бакай көкжалың,
Жаны чыкпай кысылып,
Бакайдын өңү бузулуп,
Калың элге туйгузуп,
Каныкейге угузуп,
Билбеген элге билдирип,
Токтобой Бакай солкулдайт,

Акылы кетип ажырап,
Мурутун буруп буркурап,
Кой деп Кошой тилдесе,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Арстан Бакай бу кургур,
Канча айтса болгон жок,
Кудай урат экен деп,
Бу Манаска кошулуп,
Өлүп кетер бекен деп,
Ошо Манас баатырды,
Так көтөрүп алышып,
Ак келеге салышып,
Алып кирип ордого,
Карысынын баарысы,
Тегеректен буркурап,
Теңизим деп чуркурап.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Акыреттик жолдошу.
Бет таалай турган Каныкей,
Мандайына барыптыр,
Мандайын сылап Каныкей,
Турган элге кеп айтып:
“Туйгунум Манас”, деп айтып,
Калайыкка кеп айтып,
Жалгызым Манас, деп айтып,
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып мен жаттым,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Артыңда калып мен курур,
Тозогунду мен тарттым.
Аркар менен кулжадай,
Айкалышыш мен жаттым,
Артыңда калып дүйнө күн,
Сунчу Манас колуңду,
Азабыңды мен тарттым.
Оң бөйрөгүн таянып,
Болкулдап ыйлап Каныкей,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлап Каныкей,
Маңдайын сылап Манастын,
Өөдө болуп караса,
Жаранын оозу зилилдеп,
Жүлүнүнө барыптыр.
Ары бери караса,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ушу дүйнө жалганга,
Келбей турган түрү бар,
Жараткан алда бир кудай,
Жалгыз Манас баатырды,
Бербей турган түрү бар,
Кайра тартып жалганга,
Келбей турган түрү бар.
Арстан Бакай кайран эр,
Балача ыйлап бакырып,
Эл чогулса ээ бербей,
Калк чогулса тыйылбай,
Кан Кошой кеби угулбай,
Кудай урат экен деп,
Курдашыман айрылып,
Өлүп кетер бекен деп,
Бейтаалай шорду Каныкей
Барды Бакай кашына.
Келе аяш колуңду,
Көтөрбөй турган айла жок,
Жазган кудай шоруңду,
Ай ааламды баштаган,
Баатыр сендей болобу?
Сен ушинтип турганда,
Айылыңда душман билбейби,
Арстаным аяш баш көтөр.
Баш көтөрүп караса,
Чырактай жүзү көрүнүп,
Семетей турат башында.
Кайраттуу Каныш кеп айтып,

Кантесиң аяш деп айтып,
Соолуга албай эр Бакай,
Каныкей алды колуна,
Айткан сөздү угуп тур,
Көрөбүз кудай жазганын,
Манастан башка эр өткөн,
Байкуш аяш токтогун,
Жүз жыйырма төрт миң.
Пайгамбар улук ал өткөн,
Отуз үч миң эрендер,
Ошолор өткөн дүйнөдөн,
Эчен менде жок өткөн,
Ушул дүйнө жалгандан.
Өлбөстү кудай жасабайт,
Маңдайга жазып калган соң,
Жыйгын аяш эсиңди.
Бу Каныкей байкушту,
Билбеген айтчу катын деп,
Билгендер айтчу Каныш деп,
Бу Манасты Каныкей,
Жолго салып кан кылган,
Сайып жүрүп бак кылган.
Басып барып Каныкей,
Арстан Бакай көк жалга,
Ар нерсе айтып токтоду.
Ошо Манас баатырдын,
Маңдайына барганда,
Эшен, молдо чогулуп,
Эл чогулуп барган жер,
Арстан Манас баатырды,
Тегеректеп калган жер.
Калк чогулуп келгенде,
Кайран Манас шер баатыр,
Ачып көзүн караса,
Элеси турат кашында,
Чоң энеси жетелеп,
Семетей турат кашында.
Семетейди көргөндө,
Алагер көзүн алайтып,
Күңгүрөнүп үн берип,
Кагылайын энеке,
Жараткан пенде кудайдын,
Жазганы ушул деп айтып,
Колунан тартып эр Манас,
Эмчегинен эмем деп,
Оң эмчегин сүйгөн жер.
Кагылайын энеке,
Келиниң тапкан көпөлөк,
Астына алып келгин деп,
Боорума бергин деп,
Барды жалгыз баласы,
Маңдайына жаркылдап.
Ошо Манас баатырың,
Күңгүрөнүп сөз сүйлөп
Каныкей, Бакай экөөңөр
Береги турган көпөлөк,
Алдейлеп жакшы баккын деп,
Кызыл жүзү бузулуп,
Арстан Манас эр баатыр,
Кете берди жалгандан.

## КҮМБӨЗ САЛДЫРУУ!

Жалгандан Манас өткөнү,
Аргын, ногой көп журту
Арстан Манас баатырда,
Коёлу деп сүйлөшүп,
Сүйлөшкөн сөзү эп келип
Тулда олтурган байкушка,
Каныкейле кеп келип,
Каныкейдин кашына,
Карылар барып астына,
Чыйырды менен Каныкей
Буркурап ыйлап турганда.
Ургаачылык кылбасың,
Каныкей тилин алабыз,
Канча күнгө барабыз.
Олуя заада Каныкей,
Жолдошум эле бу Манас,
Бу Манастын барында,
Мен Каныкей бей таалай,
Киминерден кем элем.
Болоттон кетмен алгыла,
Эшен, молдо, кожону,
Баарын жыйып баргыла.
Жердин жүзүн ачтырып,
Көрүн кенен каскыла,
Көрүн казып болгондо,
Анан кабар бергиле.
Каныкейден кеп-угуп,
Эл жыйылып кыжылдап,
Кең-Кол менен Таластын,
Талаасында кылкылдап,
Китебин колго алышып,
Куран окуп жайышып,
Манастын көрүн казууга,
Нечен молдо калышып,
Кетменди жерге чапканда,
Уңгусу сынып быдырап,
Курчу кетип дыбырап,
Молдосу карап турганда,
Бу эмне болду деп,
Келмеси кетпей озунан,
Акылдары бөлүнүп,
Жети күнү жети түн
Жеринин бети ачылбай,
Баатыр Манас көкжалдын,
Жатуучу көрүн каза албай,
Көр каза албай койдук деп,
Кайгырып кайра келишип,
Тулда олтурган Каныкей,
Келген элге кеп айтат,
Кара жер боорун бербесе,
Алдадан акыр болгондур,
Аскери кылган ката иш,
Арстан баатыр Манаска,
Жараткан алда бир кудай,
Какерет кылып койгондур.
Арстан Манас баатырдын,
Төкпөгөн каны жок эле,
Алмамбет, Чубак шер баатыр,
Алар шейит кетиптир,
Калың элдин ичинде,

Аш жетпеген арык бар
Тон кийбеген карып бар,
Алакан жайып, дербиш бар,
Кагылайын Айкожо,
Алганы молдо эшенди,
Капа болбо кайгырып,
Көмдүрбөймүн баатырды,
Бага берем Манасты,
Этин даары менен катырып.
Бу кудайдын буйругу,
Кайсы арманын айтайын,
Балта тийген башына,
Балтанын уусу өтүптүр,
Арстаным баатыр Манаска,
Арка саптан жүлүн кууп,
Чычаңына жетиптир,
Ырбап зилден кетиптир
Алты ай мурун жолукса,
Өлбөйт эле бу Манас,
Арка зилден кетпесе,
Кара дары дарылап,
Кырма кызыл дарыдан,
Салат белем деп ойлоп,
Эч болбосо эки жол,
Эл журтуна көрүнүп,
Калат беле деп ойлойм.
Менин кебим уксаңар,
Карып мискин келсин деп,
Жолборсум Манас баатырга,
Жолдошум ыйман болсун деп,
Мискиндер бата берсин деп,
Кара көз буйруп ачат жер,
Казылган көргө жатат деп,
Казанасын ачтырды,
Карып менен мискинге,
Алты миң дилде чачтырды.
Он эки боюн ордого,
Оор эшингин ачтырды,
Жыйып алып карыптын,
Ашы жокко аш берип,
Тону жокко тон берип,
Ыйман бергин кудай деп,
Тилек кылып баарысы,
Зарлап тилеп калганда,
Каныкей байкуш кеп айтат:
“Эми жерди казгыла,
Жердин бетин ачкыла,
Кара жер боорун ачат деп,
Жаткан Манас эриңер,
Эми жерге батат деп.
Алганы Манас баатырга,
Акырет жолун ачтырды,
Каныкей тапкан акылбы,
Карып менен мискинге,
Садага кайыр бергенде,
Кара жер боору ачылды.
Кара жер боорун ачат деп,
Куран окуп молдосу,
Көрүн казды жети эшен,
Арстан Манас баатырдыга,
Кызматын кылын көмөлү,
Кайсы күндө көмсөк деп,
Каныкейден кеп сурайт.
Тулда отурган Каныкей,
Буйругу экен кудайдын,
Билгендерге айткыла,
Арстан Манас баатырдын,
Салып кеткен тамы бар,
Сайып кеткен багы бар,
Казынасын ачкыла,
Эки жакка тарабай,
Эшен менен молдолор,
Тарап кетпей жаткыла.
Манастын көзү өттү деп,

Кабар тийсе Калчага,
Камап кирип келет ко,
Атасы башка киши бар,
Бейли арам иши бар,
Бээжинге кабар салат ко.
Манас өлүп калды, – деп,
Кабар түшсө Бээжинге,
Калмактан келип калат ко.
Манастын көзү өттү деп,
Бизге кандык жетти деп,
Атасы башка алты арам,
Элге бүлүк салбасын.
Кандай болор экен деп,
Каныкей кеңеш кылган жер,
Каныкейден кел сурап,
Кандай болот деп сурап,
Манасты тууган энеси,
Маңдайын сылап кеп айтып,
Атандын көрү дүйнө күн,
Тууганың жалгыз болгон соң,
Кара чачы жайылар,
Каргадай болгон көпөлөк,
Кан атасын сагынар,
Желке чачы жайылар,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бу дүнүйө жалганда,
Өчпөгөн чырак болобу?
Өлбөгөн адам болобу?
Бир аманат айтайын,
Мусулмандын шери эле,
Салынган коргон чеби эле,
Аңдыган душман көп эле,
Тууганы жаман уу эле,
Душмандары шум эле,
Көрдөн ачып албасын,
Кар жилигин какпасын,
Артында калган көпөлөк,
Жаман болул калбасын.
Кагылайын калың журт,
Мен айтайын бир сөздү,
Мынабу турган бейтаалай,
Ырысы жок кем таалай,
Канча айтса болгон жок,
Атаганат дүйнө күн,
Арстан Манас жалгызы,
Тилин алып койлон жок
Эл чогултуп топ кылды,
Атасы башка душманды,
Айза берип колуна,
Кылыч салып бетине,
Алты арамды шок кылды.
Кагылайын туугандар,
Каргадай болгон балам бар,
Адам болуп чоңойсо,
Атасындай бу дагы,
Болот ко деген оюм бар
Манастын сөөгүн чаптырбай,
Кар жилигин кактырбай,
Бакай элди жыйат деп,
Арамдар жүрөт жактырбай,
Арамдардын пейли тар.
Билгенимди мен айтсам,
Бу Манасты көмгөндө,
Сөөгүн ачып алалы,
Бөлүп-бөлүп салалы.
Кара жилигин кагалы.
Калган мээсин жаралы.
Мээсин бөлүп алалы.
Ошо бойдон канкорду,
Канчыктарга салалы,
Манастын сөөгүн биз алсак,
Бээжай болгон канчыктын,
Анан эбин тапсак деп,
Атасы башка алты адам,

Айтышып койгон кеби бар,
Сүйлөшүп жүргөн жери бар.
Кагылайын кан кожо,
Шарыятта кандай деп,
Энекеси Чыйырды,
Жайын сурап турду ошо.
Казылган кара жерине,
Касып койгон көрүнө,
Жаткырбайын баатырды,
Калк чотулуп келгенде,
Жаназа окуп бергенде,
Эл чогулуп келгенде,
Куран окуп беренге,
Улуу кары байбиче,
Өткөн экен дүйнөдөн,
Жашы жүздөн ашыптыр,
Азиреил бериште,
Аманатык артыптыр,
Арстан Манас баатырды,
Абапка сууга салдырам,
Курма деген байбиче,
Сөөгүн кашо алдырам,
Жетимиш атты токутам,
Жаназасын окутам,
Бууданга чана салдырам,
Мына Манас баатыр деп,
Байбиченин сөөгүн,
Муну кошо алдырам.
Билгендери билер деп,
Билбегени калар деп,
Аргын, ногой элинен,
Тенин үйгө калтырам.
Абыке менен Көбөштү,
Ат мингин деп токутпай,
Булкунтуп буудан мингизбейм,
Жолборсумдун сөөгүн
Арамдарга көргөзбөйм.
Бейтаалай аяш Каныкей,
Адам билбес Ак-Жорго,
Арстан Манас баатырды,
Алып барып көмөмүн
Менин айткан сөзүмдү,
Катындык кылып Каныкей
Кокус айтып койбо деп,
Айлакер Бакай деп айтты,
Олуя заада Каныкей,
Бакайдын кебин укканда,
Ак кепиндеп Манасты,
Алып көргө баргын деп,
Каза жеткен байбиче,
Аны кошо алгын ден,
Бири ургаачы, бири эркек,
Жаназасын Айкожо,
Бөлүп-бөлүп окут деп,
Жолум менен коём деп,
Байбиче сөөгүн жашыр деп,
Жолборсумдун денесин,
Кең-Колдун суусун кечиргин,
Эптеп мага жеткиргин.
Каныкей тапты акылды.
Шайык менен кожолор,
Башына селде чалынып,
Бир кудайга жалынып,
Акка моюн сундуруп,
Өзүнө шерик молдодон,
Алты жерге тургузуп,
Калк алдына барган жер,
Жерге батпай быкылдап,
Атасы башка алты арам,
Калың элге кошулуп,
Алар барбай калган жер.
Шайык окуп Айкожо,
Ак куранды жат окуп,
Көп адамдан чоң молдо,

Он эки жыл Букардан,
Шашпай жатып окуган,
Эшендиги бар эле.
Чогулган элге айтуучу,
Чечендиги бар эле.
Шарияттан көп билген,
Молдолугу дагы бар
Ак пайгамбар Мустапа,
Ак жолунда бек жүргөн,
Кожолугу дагы бар.
Жаназасын окутуп,
Ат кермеге салдырып
Жүз он эки кишиге,
Ат берди бирдей жеткирип.
Колум менен коём деп,
Байбиче сөөгүн алдырып,
Манастын сөөгүн калтырып,
Колун карман чойгон жер.
Арстан Бакай шер баатыр,
Арстан Манас баатырды,
Чарайнага чаптатып,
Тышын булгаарыга каптатып,
Кыныга сөөгүн салдырып,
Кепинге аят жаздырып,
Арстан Манас баатырдын,
Каныкей, Бакай акылман,
Сөөгүнүн эбин тапканы.
Аккула менен тең өскөн,
Барбууранны алышты,
Арстан Манас баатырдын,
Сөөгүн жүктөп буурага,
Кара-Суу деген бар эле,
Башынан кайып кетпеген,
Боорунан жору учпаган,
Түбүнө киши  барбаган,
Башынан кайып кармаган,
Анда-санда бир келип,
Мусулман пери ойногон,
Билген адам болбогон,
Кара-Зоонун түбүндө,
Бурдөгөн чыбык чынар бар,
Ак чатырдай көрүнгөн,
Башында аппак туман бар,
Боорунда шаңшыган,
Жар боорунда олтурган,
Жараткан кудай жасаган,
Учуп кетчү улар бар.
Кечээ Манас баатырдын,
Доор сүрүп, эл билип,
Улук болуп чагында,
Он кандык мусулман,
Сурап турган чагында,
Сырттан суук душмандар,
Кыйрап турган чагында,
Кара-Зоо боорун ойдурган.
Арстан Манас шер баатыр,
Заманалуу күн болсо,
Бир пайдасы тиер деп,
Ак жибектей бүктөткөн,
Ок-дарыны жүктөткөн,
Арстан Манас шер баатыр,
Ок-дарыны жашырган,
Олуя Жапар жолдошу,
Кайыптарга тапшырган,
Арасынын күн өтүп.
Ортосунан жыл өтүп.
Арстан Манас баатырдын,
Шайык окуп Айкожо,
Эшендерди алган жер,
Эшендерден кеп угуп,
Матадан баштык жалатып,
Манат менен оротуп,
Тышын шайы каптатып,
Бетине аяз жаптырып,

Ак келе кармап бүктөтүт,
Бакай менен Манастын,
Ар кылганы бир башка,
Миң төөгө буудай жүктөтүп,
Ок-дары каткан казына,
Кара-Зоонун түбүнө,
Кошо алпарып каткан жер.
Заманалуу күн болсо,
Бир пайдасы тиер деп,
Кылымда кылчу иш эмес,
Адам кылчу иш эмес,
Арстан Манас баатырдын,
Кылганын кудай жактырды,
Манас, Бакай эки шер,
Айкожо билген ошо жер,
Казынасын бекитип,
Кырк чилтенге тапшырды.
Арстан Манас баатырдын,
Алып барып сөөгүн,
Казынанын оозуна,
Баатырды кошо тапшырды,
Бууранын белин ашырып,
Эч адамга билгизбей,
Жан кишиге көрсөтпөй,
Бакай менен Каныкей,
Адамдан башка айлакер,
Бузулган элге данакер,
Манастын зайбы Каныкей,
Адамдан башка иш көргөн,
Уктап жатып түш көргөн,
Уйкуда Манас көрчү экен,
Олуязаада Каныкей,
Уйкуда көргөн түрдүү иш,
Өңүндө кабал келчүү экен
Келер менен кетерди,
Билип айтып жүрчү экен.
Каныкей жайы ушундай,
Айкожо, Бакай баатырды,
Арам заада көп жүргөн,
Артынан бокту жеп турган,
Билбегендер муну айткан,
Каныкей менен ойнош деп,
Каныкей, Бакай сүйлөшүп,
Аргын, ногой калың журт,
Карыларын жыялы,
Эми айланы кандай табалы?
Айталы сөздү эчендеп,
Калың элдин журтуна,
Айтпай койсок бекер деп,
Билгизбей койсок бекер деп,
Калк чогулуп келген жер,
Калк чогулган жалпыга,
Шайык эшен Айкожо,
Элге айтып берген жер.
Ушу турган калың журт,
Жалгандан өткөн Манаска,
Белгини кандай салабыз,
Акылын кандай табабыз,
Манаска белги салбасак,
Калайык эл көп журттун,
Уятына калабыз,
Шаа кожо айтат бир кепти,
Ар киши айтат бир кепти,
Көпчүлүк айтат көп кепти,
Көп сүйлөшүп акыл деп,
Кулагына сыйдырып,
Ак шарыят боюнча,
Белгини кандай салалы,
Калк чогулуп кеп жылып,
Аккожо сөзүн эп кылып,
Дүрбөлөңдү салышып,
Аргын, ногой калың журт
Үй үстүнө барышып,
Артында калган мусулман,

Баатырга салган белги деп,
Калың журт көрүл алууга,
Даңазалуу кылалы,
Кайсы жерде бар экен,
Салуучу уста жыялы,
Манаска белги салууга,
Уста таап алалы.
Калк сүйлөшүп турганда,
Ушу сөздү урганда,
Эл чогулуп кеп айтат,
Каныкейге эп болсо,
Салуучу уста тапсак деп,
Калк чогулуп кеп кылат,
Каныкейге айтмакка,
Жолдошу эле Манастын,
Бул Акматбек барсын деп,
Каныкейдин айткайын,
Ушу чогуу жалпыга,
Айтып келип берсин деп,
Арачы болуп Акматбек,
Каныкейге кеп айтты,
Эп келсе кандай кылабыз?
Белгини кандай кылабыз?
Устаны кайдан алабыз?
Калк чогулуп кеп айтты,
Каныкейге сүйлөшүп,
Белги кылгын деп айтты.
Олуя заада Каныкей,
Акматбек келип айтканда,
Тышта туруп сүйлөшкөн.
Элдин кебин укканда,
Кулагына жукканда,
Азылы башка жаралган,
Асыл тууган Каныкей,
Ак кайыптан энеси,
Жакын тууган Каныкей,
Акматбекке кеп айтып,
Кан Манастын журтуна,
Арачы болдуң деп айтып,
Мага акыл салгандар,
Айтканымды уккандар,
Баарысы Манас тууганы,
Миң атан жыйып берсин деп,
Атаңды жыйып келген соң,
Билимдүүнүн баарысын,
Чогуу келип берсин деп,
Атандарды комдошуп,
Даяр алып келсин деп,
Олуя заада Каныкей,
Арачыга кеп айтып,
Акматбекти баргын деп,
Каныкей муну айтты деп,
Чогулган элге айткын деп,
Арача келген Акматбек,
Кайрылыл элге келген жер,
Каныкейдин айтканын,
Барып айтып берген жер,
Каныкейдин айтканы,
Баарысына эп келип,
Атандарды жыйды эми,
Алты күндөн өткөрүп,
Жети күнгө жеткирип,
Баарын даяр кылды эми.
Төө жетелеп баруугa,
Камдаган төөнү багууга,
Желдет алды жетимиш,
Аскер алды алтымыш,
Бир жүз отуз кишини,
Алды баарын даярлап,
Айтканыңды берди деп,
Каныкейге айтып кеп,
Каныкейдин айтканын,
Угуп алып кайтып кел,
Акматбекти жиберип,

Акматбек келип кеп айтып.
Сенин айткан кебиңди,
Даярлады деп айтты.
Тул түбүндө Каныкей,
Ыраазы болуп калкына,
Калайык эл журтуна,
Үмөттүн уулу жаш бала,
Коёнаалы келсин деп,
Бала кайда болду экен,
Алып келип берсин деп,
Калың журтка эп келсе?
Үмөттүн улуу баласы,
Жердин жайын билчү эле,
Тоого бала барчу эле,
Топурак уучтап алчу эле,
Топурак жайын билчү эле,
Ошо бала келсин деп,
Келген журтка эп болсо,
Коёнаалы баланы,
Алып келип берсин деп,
Арачыга кеп айтты,
Олуя заада Каныкей,
Айтып барчы деп айтып
Каныкей минтип айты деп,
Каныкейден укканын,
Айтып келди Акматбек,
Капырай бул эмне болду деп,
Коёналы жаш эле,
Ондон жашы өттү эле,
Он бирге жаңы жетти эле,
Акыл табар чагы эмес,
Акылдашып сүйлөшүп,
Айтып берчү бул эмес,
Элирип атка мине элек,
Эл аралап жүрө элек,
Кээ бирөөлөр кеп айтып,
Эмне кылат бу бала,
Жөн коёлу деп айтып,
Ар кимиси кеп айтып,
Коёнаалы баланы,
Алдыралы деп айтты.
Ат чаптырып алдырдым,
Мына келди бала деп,
Каныкейге барган жер,
Коёнаалы келгенде,
Чыйырды менен Каныкей,
Болкулдап ыйлап турган жер
Ыйлабагын эне деп
Атабыз Манас өтүптүр,
Бу жалгандан кетиптир
Буйругу ушу кудайдын,
Атабыз Манас баатырга,
Айда куран окутуп,
Көзүн жашын тыйгыла,
Молдолордон уккамын,
Көп ыйласаң өлүккө,
Убал болот деп уккам.
Кичинекей жаш бала,
Кадимкидей кеп айтып,
Карт кишидей бек айтып,
Ошо Коёнаалы баланын,
Айтканын туура эп көрүп,
Аны укчу кеп айтып,
Атабыз Манас деп айттың,
Манаска белги салууга,
Жаратып жерден алууга,
Жердин үстүн чалып кел,
Белгиси бекем болууга,
Топурактан алып кел.
Атың баспай калгыча,
Жерди чалып келгин деп,
Аттангын деп жол берип,
Азык-түлүк мол берип,
Айбалта алып колуна,

Кылычты байлап санына,
Коёнаалы жаш бала,
Жетим тоого барды эми
Жерден топо алды эми,
Бу жарабайт экен деп,
Андан өтүп барды эми.
Кашкалдын Кара-Тоо,
Мындан өтүп барды эми,
Бу жарабайт экен деп,
Анжиян менен Асиге,
Ай аралап барды эми.
Бу жарабайт экен деп,
Турпандын жолу бурулуш,
Тогуз жолдо тоосу бар,
Кашкарга барчу ара жол,
Коёнаалы жаш бала,
Андан топо алды ошол,
Бу жарабайт экен деп,
Беспелдек барчу Бел-Кыя,
Ошол жерге барганы,
Топурак уучтап алганы,
Бу жаарабай калганы.
Аска тоолу Ала-Тоо,
Ага бала барганы,
Тоо түбүндө топурак,
Бу жарабай калганы,
Кебез тоонун бер жагы,
Кең Кашкардын бер жагы,
Опол тоонун ар жагы,
Ой Кашкардын бер жагы,
Жолоочудан кеп угуп,
Ошол жарайт деп угуп
Талыгып издеп табалбай,
Барды бала боюна.
Коёнаалы жаш бала,
Карыядан кеп уккан,
Күл ботону издесең,
Ушу жерде болот деп,
Жолоочудан кеп уккан.
Күл бото чалыш келдим деп,
Азыгым калды түгөнүп,
Атым калды жүдөнүп,
Бала коркуп турганда,
Санын чаап күлдү эми,
Айкожо, Бакай баатырга,
Көргөнүңдүн баарысын,
Бирин койбой айткын деп,
Кол менен адам койгондой,
Бул бурсуктагы тумшукка,
Ар жагына ат байла,
Ат байласаң бек байла,
Эки дөбө ортодо,
Кашкайган булак суусу бар,
Ошо суугa бойлогон,
Жетелешип ойлогон,
Эки сулуу кызы бар,
Күл ботонун ээси ошол.
Бир кудайга жалынгын,
Эки кызга кабылгын,
Балалык кылып кокустан,
Сыр жашырып койбо деп,
Күл ботону көргөзүп,
Дайынын айтып бергин деп,
Эжекелеп жалынгын,
Кебиңди угуп беришсе,
Күл ботону билгизет,
Ээрчитип барып эки кыз,
Күлботону көргөзүп
Кайып болот эки кыз,
Узун болсо өмүрүң,
Зайып болот эки кыз,
Менин жайым сурасан,
Абакең Бакай акылдын,
Өткөн Манас баатырдын,

Биргелешип бир жүргөн
Жолдошу болом Бакайдын,
Жолуңду кудай ачар деп,
Коёнаалы балага,
Айтып берди билгизип.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Киши экени билинбей,
Кайып болуп кубулуп
Кете берди ак экен.
Коёнаалы жаш бала,
Кайыптан кабар алыптыр
Урумкан, Шербет эки кыз,
Ушуга барып калыптыр.
Коёнаалы баланын,
Издеген киши табылып,
Күлбото алды колуна
Түштү кайра жолуна.
Ат аябай бек жүрүп,
Күн тынчына карабай,
Түн уйкуну санабай,
Барды Манас шаарына,
Каныкейдин жанына,
Табакка салып караса,
Топурак эмес, күл эмес,
Ар түрлүү болуп кубулат,
Колго алып караса,
Ак камыр болуп жуурулат.
Эртең менен эл жыйып,
Кабар салды Каныкей,
Каныкей кабар салган соң,
Калк чогулуп келген соң,
Ак боз бээни алдырды,
Төрөсү Манас баатырдын,
Алмамбет менен Чубакка,
Азили молдо Сыргактын,
Арбагына чалдырып,
Мойнун кайрып мал союп,
Арбакка атап кой союп,
Күрдөөлү огой калың журт,
Каныкей, Бакай жыйган жер
Бели катуу беренден,
Тарамыштуу балбандан,
Каныкей, Бакай эки жан,
Беш жүз киши алды эми
Минерине ат берип,
Жээрине  дан берип,
Кийерине тон берип,
Күлбото алып келгин деп,
Башчы кылып Манжини,
Кошуп берди Кабаны.
Арстан Манас баатырдын,
Белгисине кам кылып,
Аргын менен огойго
Килем менен алдырып,
Топосун торк элекке салдырып,
Алтымыш өгүз, миң эркеч,
Айдатып аны сойдуруп,
Баатырымдын ашы деп,
Аргын менен ногойдун,
Бечарасын тойдуруп,
Олуя заада Каныкей,
Ылайын майга чалдырып,
Алыстан уста алдырып,
Топурагын бышыртып,
Эптүү уста салсын деп,
Усталар аны алсын деп,
Ак шайы алып бүктөтүп,
Бышырган кышты Каныкей,
Атандарга жүктөтүп,
Чанага жорго коштуруп,
Кабылан Манас баатырдын,
Арнап казып көрүнө,
Алып барып түшүштү.

Сарай салган бормолоп,
Үй жасаган оймолоп,
Жыйылып келген устага,
Каныкей кайып кеп айтат,
Кыштын четин ойдуруп,
Кыштан окуу болсун деп,
Арстан Манас баатырдын,
Артында белги калсын деп,
Молдолор окуп билсин деп,
Баатырга салган күмбөз деп,
Ичине кирсин басып деп,
Эшендер окуп билсин деп,
Баатырга салган күмбөз деп,
Туугандары билсин деп,
Курандын бетин ачсын деп,
Арстан төрөм баатырга,
Окуп куран кайтсын деп,
Бу Каныкей колуна,
Күмбөз салчу устаны,
Алды жыйып алдына.
Арабача ат кылып,
Кыштын бетин ойдурган,
Окууну кыштан чыгар деп,
Олуя заада Каныкей,
Күмбөз салчу устаны,
Аш-тамакка тойдурган.
Каныкейге кеп айтып,
Кыштан окуу чыгарып,
Салалбайбыз деп айтып,
Катагандын калың эл,
Кан Кошойдун элине,
Андан келген эки уста,
Айдаркандын кан Көкчө,
Андан келди эки уста,
Элеман кандын эр Төштүк,
Мындан келди эки уста,
Турпандын каны Турусбек,
Мындан келди эки уста.
Кашкардып каны Шайыкбек,
Андан келди эки уста,
Бакабаш, Койбаш эки бек,
Мындан келди эки уста,
Кокондун каны Кожубек,
Мындан келди эки уста.
Арстан Манас баатырдын,
Мен күмбөзүн салам деп,
Салып олжо алам деп,
Эшендердин Жамгырчы,
Андан келди эки уста.
Устанын баарын жыйганда,
Как ушундай салгын деп,
Каныкей карап турганда,
Усталар күмбөз салалбай,
Салып эбин табалбай,
Биз салалбайт экенбиз,
Билгендерге салдыр деп,
Каныкейге айткан жер,
Усталар аны айтыптыр,
Үйдү көздөй кайтыптыр.
Эми кандай киши салат деп,
Чогулуп турган калың журт,
Арстанды артык жаратса,
Алыстан уста келер деп,
Билбеген уста келер деп,
Келсе салып берер деп,
Уламалар улашып,
Бир биринен сурашып,
Калк чогулуп келгенде,
Олуя заада Каныкей,
Кызыл кыш менен бек кылып,
Бүтө элек шим дагы бар,
Тармал койду кырктырып,
Усталарга тыттырып,
Тыбыттатып Каныкей,

Ылайларга салдырып,
Шыбагына жарайт деп,
Эл журтуна алдырып,
Телегейин тең кылды,
Бу Каныкей бейтаалай,
Баатырга салчу күмбздү,
Эминесин кем кылды.
Төкөр уста Төлөгөн,
Дөркөм уста Бөлөкбай,
Бу Төлөгөн Бөлөкбай,
Экөө келсе салат деп,
Каныкейге кеңешсе,
Айтканын кылып бергин деп,
Кырк жигит койду кашына,
Бөлөкбай менен Төлөгөн,
Барды Каныш кашына;
Бу Каныкей бейтаалай,
Баатырга күмбөз салууга,
Эби менен коюуга,
Эптүүлөрүн салгыла,
Эптебесең кайткыла,
Салдырарым айтайын,
Кылычын төргө астырам,
Баатырымдын кылганын,
Күмбөзүнө жаздырам.
Каныкей айтып турганда,
Долуланып кеп айтат,
Канчыкты айдап ийели,
Манаска күмбөз салууну,
Эл чогултуп калк жыйып,
Андан кийин билели,
Калктын теңи бөлүнүп,
Атасы башка алты арам,
Арамдыгы көрүнүп,
Жакып кан эле кеп айтат
Жалгызымдын күмбөзүн,
Өзүм билип салдырам,
Алыстан уста алдырам,
Тышын кызыл сырдатып,
Домбурача комузду,
Төрүнө коём черттирип,
Долунун тилин албаңар,
Чогулган элди баргын деп,
Кан Манастын атасы,
Калкын каарып күүлөнүп
Кеткиле деп сүйлөнүп,
Бурулган элди чакырып,
Бакайдын көзүн тазалап,
Барып кармап келгиле,
Шумдук кылат акыры,
Байлап келип бергиле,
Каныкейди бузган чал,
Деп ошентип кан Жакып,
Каарын чачып калкына,
Калың журттун жалпыга,
Ачуу кылды күүлөнүп,
Абыке менен Көбөштү,
Кармап кел деп сүйлөнүп,
Жакып кандын каарынан,
Кеби жаман заарынан,
Тарап үйүнө кайткан жер,
Каныкейге айткан жер.
Каныкей элге кеп айтып,
Айта берсин деп айтып,
Кайнатасын кан Жакып,
Эки бөлүп элди алды,
Камчыга ченеп жерди алды,
Манас жыйган малды алып,
Кан Манастан калган журт,
Калды баары сандалып.
Аргын ногой журтунун,
Арстан Манас баатырдын,
Арты ушундай болобу?
Карылары таңданып,

Жакаларын карманып
Эл бузулуп жатканда,
Кан Манастын журтуна,
Кудай өзү билбесе,
Топурагы кайда деп,
Алыстан алты сарт келди,
Сыртынын түрү бир башка,
Тизмелери колунда,
Курандары койнунда,
Кетмендерин колтуктап,
Кан Манастын ордого,
Басып кирди бу алтоо.
Китептерин жайышып,
Курандарын алышып,
Кан Манаска түшүрүп,
Куран окуп бүтүрүп,
Ал сарттар эмес эшендер
Баатырлар көзү өткөндө,
Эр Манастын күмбөзүн,
Мединадан, келдик деп,
Кызыл эшен сарт салды,
Сарттар эмес эшендер,
Ушу жалган дүйнөдөн,
Жараткан кудай жалгыз ак,
Жасап койгон пендесин,
Өтөт баштан эчендер.
Кыштын эбин кыйдырып,
Кылган ишин сыйдырып,
Акчоку эбин кыйдырып,
Ар кылганын эшендер,
Шариятка сыйдырып,
Майга салган топурак,
Колу менен алышат,
Баатыр Манас күмбөзүн
Бу Каныкей айткандай,
Жолу менен салышат,
Бу Каныкей айтандай,
Канына кылыч илдирет.
Ошо Манас баатырдын
Күмбөз салган алты эшен,
Кылганынын баарысын,
Кыш оюп окуу чыгарып,
Күйбөзүнө чийдирип,
Айзасын төргө илдирип,
Көрдүңөрбү устаны,
Ошо Мамас баатырдын,
Кылып өткөн кесибин,
Кыштан окуу чыгарып,
Күмбөзүнө жаздырып,
Билген киши билет деп,
Жакаларын карманып,
Кандай уста салды деп,
Топурагы бир бөлөк,
Муну кайдай алды деп,
Санаты алты ай жатышып,
Арстан Манас баатырдын,
Ар түрдүү кылган кесибин,
Күрмбөзүнө жазышып,
Бүтүргөнү дагы ошол.
Күмбөздү салып бүткөндө,
Бейтаалай экен Каныкей,
Капалуу абан кан Бакай,
Калк чогултуп күмбөзгө,
Куран окуп түшкөндө,
Күмбөзгө барып мал союп,
Бечара бакыр эл толуп,
Ак сарбашыл кой союп,
Айылдагы эл толуп,
Бу Каныкей бейтаалай,
Калдайтып кара салынып,
Алапай киймин жамынып,
Күмбөздүн ичин караса,
Ар түрдүү чыккан окуу бар,
Шайык акын Айкожо,

Ошол окуйт окуусун.
Кыштын эбин кынатып
Окуу коюп чыгартып,
Артымда калган көпөлөк,
Аман болуп чоңойсо,
Каттан окуп билсин деп,
Атакем кылган кесил деп,
Атасындай жүрсүн деп,
Кылычтарын илдирип,
Кылганын баарысын,
Окуп билип алсын деп,
Атасынын жолуна,
Аман болсо салсын деп,
Баатыр Манас көк жалдын,
Жүргөнүн баарыңсын,
Күмбөзүнө жаздырып,
Эр Манастын күмбөзүн,
Бүтүрдү алты сарт салып.
Манастын көзү өткөйдө,
Атасы башка алты арам,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Абыке, Көбөш эки арам,
Булар суранчы болуп кеткенде,
Бу бейтаалай Каныкей,
Жапаа түшүп башына,
Кан Манастын баласы,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Атка минип эл көрбөй,
Ошол Манас баатырдан,
Алтын күмүш зер калган,
Алты түрлүү мал калган,
Атасы башка арамдар,
Кайнатасы как баш чал,
Дүрбөтүп элди жыйышат,
Манастын көзү өткөндө,
Башына доор жеткенде,
Бизге кудай берди деп,
Күндө түлөө кылышат.
Айдап элди жыйышат,
Атасы башка алты арам,
Бизге кудай берди деп,
Айда түлөө кылышат.
Абыке сурап кан болуп,
Карт буурача жулунат,
Атаңдын көрү дүйнө күн.
Каныкейди алууга,
Бу алты арам куу
Жолборсу Манас өткөн соң,
Жолдошу Манас кеткен соң,
Айтайын десе айла жок,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Деги аны угар киши жок,
Ушундай экен дүйнө чок.

# СЕМЕТЕЙ

## БАШ СӨЗ

Мамбет Чокморовдон «Манас» үчилтигин жазып алуу иштери 1965-жылдан тартып 1973-жылга дейре жүргүзүлгөн. Ысык-Көлдүн Тоң аймагынан чыккан белгилүү манасчы 1896-жылы Корумду деген жерде туулуп, 1973-жылы 77 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Мамбет Чокморовдон «Манас» үчилтигинин «Семетей» бөлүгүн жазып алуу иштери 1970-жылдан тартып жүргүзүлө баштагандыгы белгилүү. Бул манасчыдан жазылып алынган «Манас» үчилтиги жалпысынан 397 557 саптан туруп жалпы көлөмү боюнча Саякбай Каралаевден кийинки орунда турат. Айрым маалыматтарга караганда Мамбет Чокморовдон «Манасты» жазып алуу 1959-жылдары уулу Касымбек тарабынан башталган. Ал эми 1965-жылдан тартып Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын «Манас» бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан эпостун үч бөлүмүн жазып алуу иштери колго алынган.

Мамбет Чокморовдон «Семетей» эпосунун жазылышы «Семетейдин элин издеп чыгышы» деген окуядан башталып, ал Кеңеш Кырбашев тарабынан жалпы көлөмү 11 010 сап ыр (Инв. № 218) жазылып алынган.

К.Кырбашев тарабынан жазылып алынган аталган эпизоддор төмөнкү окуяларды камтыйт: Семетей атасы Манас, жери Талас экендигин уккандан кийин таятасы Каракандын Актулпарын минип өз эли-журтун көздөй аттанат. Семетейди алдыда кандай окуялар күтүп тургандыгын энеси Каныкей өзүнүн керемети аркылуу сезип, али жаш бала Семетейге айтып берип, алдын-ала эскертет. Энеси Каныкейдин айткандары төп келип, Семетей Манас атасынын жолдошу Бакайга кезигет. Семетейдин Бакай баатырга кездешүүсү кезегинде жаш баатырдын образын ачып берүүнүн багытын белгилейт.

Семетейди уулантып өлтүрүүгө аракет кылган Жакып чоң атасын өлтүрүшү, Абыке, Көбөштөрдүн чыккынчылыгынын натыйжасында жаш баатыр тарабынан элдин кырылышы жана элдин көптөн күткөн үмүтүнүн аткарылышы бул окуялардын өзөгүн түзөт.

«Семетей кырк чоросун кырып, Каныкей менен Кеңколго келип Канчоро менен Күлчоронун атын коюп турган жери» (Инв. № 220) Мамбет Чокморовдон Сатыбек Алиев тарабынан 1971-жылы жазылып алынып, анын жалпы көлөмү 12 985 сап ырды түзөт. С.Алиев тарабынан төмөнкү окуялар жазылып алынган:

Канчоро менен Күлчоронун чоңоюшу. Ууга чыгып, мылтык атып, жаа тартып машыгышы.

Семетейдин Шаатемирдин кызы Чачыкейге үйлөнүп Кеңколдо турушу. Семетейге Чынкожо алым бербей, Толтойго барышы, Толтойду көкүтүп көп кол менен Акункандын шаарын камашы. Айчүрөк алты ай уруксат сурап Аккуу кебин кийип Семетейди издеши. Таласты таппай Бээжинге адашып барып Коңурбайды көрүшү.

Акыры Таласка келип Чачыкейге жолугуп күң болоюн деп айтышы.

Чачыкей Айчүрөктү кордошу. Ак чабак болуп, ак була болуп жана Аккуу болуп Семетейге көрүнүшү.

Чачыкейдин Күлчорого кылган амалы. Салбырынга чыккан Семетейдин Ак шумкарын Аккуу болуп алып кетиши. Семетей каарданып Күлчорону Чачыкейге жибериши. Айтпай койгондо, Семетей бажасы менен кайнежесине Күлчорону жибериши. Аларга айтпай койгондо Күлчоронун жинденип Чачыкейден Ак шумкардын дайнын билиши сыяктуу окуяларды камтыйт.

Шайлоо Айтбаева тарабынан «Каныкейдин Семетейди жоого жөнөткөнү» (Инв. № 223), өзүнө төмөнкү эпизоддорду камтып, № 5 – дептерге эскертүү катарында ««Семетейдин туулушун» 1970-жылы июль айында С.Бегалиев менен Ш.Айтбаева жазган»» деп жазылып коюлган.

Ажыбайдын Айчүрөккө айтып турган жери, Семетей атасы Манастан калган Тайбуурулду мингизип, Аколпокту кийгизип, Аккелтени асынып ж.б. сегиз мүлкүн Күлчоронун колуна берип, Ак шумкардын дайнын билүү үчүн атказганы, Күлчоронун Толтойду жарадар кылышы.

Канчоро менен Түмөнбайдын Чынкожого, Толтойдун колуна каршы атташышы, Чынкожо, Толтойдун колунун талкаланышы жана Чынкожо, Толтойдун каза табышы.

Семетейдин Акункандын элине той бериши, Айчүрөктү элине алып келиши, Күлчоронун окуясын камтып ал 14 080 саптан турат.

«Семетей атасынын кунун кууп, казат баштайм деп даярданып жатышы, Күлчоро менен Бакайдын окуясы эпизоддору (Инв. № 21) Райкул

Сарыпбеков тарабынан 1971-жылы сентябрь айында жазылып алынып жалпы көлөмү 14 856 саптан турат.

Семетей жарадар болуп, аны Айчүрөк айыктырып жаткан жеринен башталат. Какандан кол жыйып калмак, кытайлар келет. Айчүрөк Таласка кабарга жөнөйт. Күлчоро Таластан кол алып келет. Семетей Коңурбайды ыргыта сайып, артынан кууп жөнөйт, Коңурбай качып кутулат. Семетей Аргын менен ногойго мал бөлүп берет. Семетейдин жоону жеңип тынч алып жатышы.

Семетейдин түшүнбөстүгүнөн улам, Күлчоро менен Канчоролорду жылкычылыкка айдап, Чүрөктү салбыр кылат.

Муну билген Коңурбай Талас менен Кеңколго кол салат. Курчоодо калган Семетейди Айчүрөк куткарат. Күлчоро жардамга келип жарадар болот.

Коңурбайдан жараланган Күлчоро менен Семетейдин жараттан айыгышы, Айчүрөктүн аттарды тапташы, табына келе электе Семетейдин калмактарга чабуулга чыгып, өлүм алдында калганда аны Айчүрөк куткарышы, Каныкей менен Айчүрөктүн өтүнүчү менен Бакай кол менен келип калмактарды сүрүшү, колго түшкөн Коңурбайды Семетейдин кое бериши, Коңурбай элин Бээжинге жиберип, өзү кубулуп Ысык-Көлдө калышы.

Канчоронун Чачыкейди таап келиши Жамгырчынын балдары Шайымбет менен Акбаланын Семетейге кошулушу, Коңурбай Тайбуурулду алып Бээжинге качышы, Бакай, Семетей, Күлчоро, Канчоро акылдашкан окуялары (Инв. № 222), 15 397 сап ыр 1971-жылдын сентябрь айында манасчыдан Омор Сооронов тарабынан жазылып алынган.

1972-жылдын июнь айында Кеңеш Кырбашев тарабынан жазылган (Инв. № 224) эпизоддор Коңурбайдын Семетейге кылган окуясынын жана Семетейдин Тайбуурулду алдыргандагы окуялардын уландысы катары жазылган.

Семетей Тайбуурул менен Шайымбетти Коңурбайга алдырып жиберип, өзү жалгыз келет. Бул кабарды уккан Күлчоро аябай кайгырат да, Бакай менен Канчорого барып айтат. Үчөө келип Семетейди жемеге алышат. Ошондо Күлчоро менен Бакай кеңеш куруп, менин оюма койсоң мен силерге бир сөз айтайын дейт. Бакай макул болот. Семетейге келгенде Күлчоро ачууланып, өзүңө өзүң кылдың менин тилимди албай калмак деп калдың, Шайымбет менен Буурулду алдырдың дейт. Эми мен калмак ата Коңурбайга кетемин сен өз билгениңди кылгын дейт да атталып жөнөп кетет. Семетей чындап Күлчоронун кеткенине аябай ичи күйүп, ыза болуп ыйлайт. Үчөө издеп чыгат таппайт. Бакай гана Семетей менен Канчорого билин-

бей Күлчоро менен кеңешип акыл курушат. Күлчоро Коңурбайга барайын дейт. Балким алдынан колго түшөр деп ой кылат. Бакай бул оюн туура табат. Күлчоро Семетей менен Бакайды жамандап кат жазып алып, арык Суркоёнду коё берип жаткан жеринде Мурадылга кат келет. Мурадыл коркот. Күлчоро эч жараксыз жанына барып, Семетейден кеттим, мусулмандан кеттим деп кат берет. Катты алып Мурадыл Коңурбайга барат. Катты окуп чын эле Күлчоро өз дининен кетип, Семетей Бакайды таштаган экен деп ишеним кылышат.

Ошо катты бергенден кийин Күлчорого өзү да барып калат. Аттан түшүп Коңурбайга калмакча сүйлөп, таазим кылып баш урунат. Каттагы окуяны кайра баштан айтып, Коңурбайды ишендирет. Ошентип, Күлчоро алардын ишенимине өтөт. Коңурбай аны чалгынга жиберет. Анткени Коңурбай Бакайдан коркот. Жер чалып алардын кабарын алып кел дейт. Күлчорого Туучунакты берет Күлчоро Суркоёнду кое берип, Туучунакты токунуп, аттанып жөнөйт. Бакайларга келип болгон окуяны түшүндүрүп, кайра кат жазат. Катта Семетей менен Бакай багындык деп жазышат да мөөрүн басышат. Күлчоро кайра кетет. Кайра барганда катты окуп дагы ишенет да эми экөөнү өзүң ээрчитип келгин дейт. Ошондо Күлчоро амал кылып Шайымбет менен Буурулду алып барбасам алар мага ишене бербейт дейт. Экөөнү берет бирок ишене бербейт. Күлчоро бутка жүгүнүп, чокунуп Коңурбайды ишендирет. Ошентип Күлчоро Шайымбет менен Буурулду алып чыгат. Күлчорону Семетей менен Бакайды алып келүүгө кайра жиберет. Күлчорого жана төрт баатыры келип, өздөрү биз менен акылдашасың биз анык багындык силердин динге өтүп беребиз дейт. Бул катты алып барганда Коңурбай дагы ишенбей Мурадылды жиберет. Ал келсе куралган колу жок, өздөрү жайдак олтурат. Ошондо Коңурбай Нескара, Эшим, Байкоңурду ээрчитип, Семетейдин алдына келет. Аскери да барабыз дегенде Күлчоро токтотуп коёт. Келип отурганда Семетей катты берип өзүнүн таарынгандыгын айтат. Ушул жерден төртөө тең колго түшүп башы алынат. Мурадылды колго түшүрүп жеңип багынтат.

К.Кырбашев тарабынан жазылып алынган 11 628 сап ырдын 8 216 сабы Семетейге, ал эми 3 412 сабы Сейтек эпосунун эпизоддору жазылып алынган.

Мамбет Чокморовдон «Семетей» эпосун жазып алуу манасчынын карыя куракка келип калган учуруна туура келгендигине карабастан, андан 76 544 сап ыр жазылып алынган.

# СЕМЕТЕЙ

Мамбет Чокморовдон 1970-1972-жылдар аралыгында жазылып алынган «Семетей» эпосу башка вариаттардагы туруктуу окуялар сакталган.

Мамбет Чокморов кыргыз элинин залкар манасчысы Саякбай Каралаев менен бир мезгилде жарык дүйнөгө келип, дээрлик бир мезгилде дүйнөдөн өткөн, бирок эгерде С.Каралаевден «Манас» үчилтиги XX кылымдын 30-40-жылдарда эле толук жазылып, бул манасчыдан 70-жылдарга дейре үчилтик жалпысынан үч ирет жазылып алынган.

Мамбет Чокморовдон үч жыл аралыгында К.Кырбашев, Р.Сарыпбеков, С.Бегалиев, О.Сооронов, С.Алиев, Ш.Айтбаевалар тарабынан жазылып алынган «Семетей» эпосунун колжазма тексттери Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Манас, фольклор жана акындар поэзиясы бөлүмүнүн кызматкерлери Р.Мээрканова, Ж.Өмүралиева, Сабыр уулу А., Сагындык кызы Жанара тарабынан компьютерге терилип, М.Т.Садыров тарабынан түзүлүп чыкты.

Мамбет Чокморовдун «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигинин толук түрдө жарыкка чыгып отурушу келечекте белгилүү манасчынын вариантын окуп үйрөнүүгө жана изилдөө иштерин жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү менен манасчынын «Манас» үчилтиги кыргыз элибиздин баалуу фольклордук мурастарынан экендигин далилдейт.

***Академик Акматалиев А.А.***

## СЕМЕТЕЙДИН ЭЛИН ИЗДЕП ЧЫГЫШЫ

Ак болоттун тукулу,
Арбактуу эрдин тукуму.
Элин таап жер издеп,
Энесине ээ бербей,
Манастын уулу жалгыз эр,
Аттанган жери ушубу.
Алмабаш асып жонуна,
Камчысын алып колуна.
Кылычын байлап кынына,
Айбалта байлап санына,
Айзасын илип карууга.
Ободо жылдыз оң тазгып,
Олуя эрдин тукуму,
Кан Букардын шаарынан,
Аттанып чыкты жол басып.
Жалган айтса кесирет,
Жараткан кудай кечирет.
Зарылып жүргөн эченди,
Жараткан алда бир кудай,
Талабына жеткирет.
Айлынан бата алганда,
Каргадай болгон бөпөлөп.
Каракандын шаарына,
Барбады беле Каныкей.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Манастан калган жетим деп,
Кайненесин жетелеп,
Жетимчем деп көшөрүп,
Турбай жолго салганын,
Кара мүртөз жайрагыр,
Букардан чыгып алганын.
Кандай болор экен деп,
Таятасы Каракан,
Көт жагынан барганын.
Кечээ күйөөсү Манас Көкжалдын,
Каракан көрдү арбагын.
Семетейди караса,
Турна моюн Актулпар,
Алтын ооз каркытаң,
Оозу менен алышып.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Оң колуна карышып.
Таятасы Каракан,
Байкап турса баланы,
Ар боруму жараган.
Кылычы кында кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап.
Чоң кисе бойдо шалкылдап,
Алтын айчык чоң күпчөр,
Омуроодо жаркылдап.
Кандагай бутта булактап,
Туулга башта булактап.
Алтын кемер курчанып,
Башына асмандан булут ур чалып,
Жөлөп чыккан баланы.
Таятасы Улуккан.
Артынан ээрчип караса,
Асмандан мунар сөгүлөт.
Кечээ атасы Манас канкордой,
Баланын шаңы көрүнөт.
Тулпардын оозун кергилеп,
Туйгундан калган жалгызга,

Бечара балам Каныкей,
Буга кудай берди деп,
Аттын оозун тарткан жер.
Арбагын көрүп баланын,
Таятасы Каракан,
Капа болбой жүргүн деп,
Өз баласы Каныкей,
Кудагыйын чыкырды,
Экөөнө кайрат айткан жер.
Каныкей менен Чыйырды,
Ушу жерге таштайлы,
Тентип жүргөн жетимдин,
Жүргөнүн айтып баштайлы.
Ат болушка салганын,
Атасы Манас жетимче,
Айлымды издеп табам деп,
Жалгыз жөнөп калганы.
Манастан калган бөпөлөп,
Бир кудайдын жардамы.
Эл табам деп ээликкен,
Энесине ээ бербей,
Толо электе жээликкен,
Атасынын арбагы,
Астында жүргөн адам жок.
Астында минген тулпардын,
Жүргөнүндө кадал жок.
Шаңдантып бою кара жол,
Жан баспаган жол ошол.
Адырлуу кыя бел ошол,
Айбандан башка жан жүргүс,
Ак-Кыя деген жер ошол.
Манастын уулу Семетей,
Жол көрө элек жат эле,
Жоо көрө элек боз эле.
Эметеп кийим кие элек,
Эчтемени биле элек.
Манастын уулу чунакты,
Ээрчитип жүргөн киши жок.
Ээн талаа, эрме чөл,
Келе жатат талаада,
Баскан малдын изи жок.
Адырда аркар төлдөгөн,
Баатырдан калган чунагың,
Аркарды мурун көрбөгөн.
Буткулдан бугу төлдөгөн,
Баатырдын уулу Чунагың,
Бугуну мурун көрбөгөн.
Жалбырак чөбү жаргактай,
Кече Каракандын шаарынан,
Көрүчү элең Семетей.
Жарыктык карагаты бармактай,
Чынары өсөт булардай.
Чымчыктар учат улардай,
Күкүгү күндө таңшыган,
Күйүттүү киши жашыган.
Булбулу күндө таңшыган,
Муңдуулар көрүп жашыган.
Ор коен ойнойт куландай,
Кескелдирик жыланы,
Кере кулач жыландай.
Кандай жолго калдым деп,
Кара чунак жетимче.
Адам жүрбөс жер экен,
Кандай келип калдым деп.
Актулпар оозун бурган жер,
Манастын уулу Семетей,
Жол табалбай адашып,
Тегеренип турган жер.
Күн кызарып мунарып,
Асасы бар колунда.
Жанында жүргөн адам жок,
Басканында карал жок.
Ак деп басыш салыптыр,
Бала чунак баатырды,
Чылбырдан кармай калыптыр.
Асасын алып имерди,

Ошол жолдо жетимди,
Тартып-тартып жиберди.
Бу кызыл чаар жолборсу,
Атасы Манас баатырды,
Алып жүргөн жолдошу.
Оромолдон эки тоо,
Орто жери терең коо.
Тек сананын баласы,
Тентип жолго салат деп.
Тегеренип адашып,
Жол табалбай калат деп.
Кара чаар жолборсу,
Арстан Манас баатырды,
Алып жүргөн жолдошу.
Маңдайына барыптыр,
Мына мындай бастыр деп,
Баланы жолго салыптыр.
Орто жери кара тоо,
Каргадай болгон Семетей,
Астындагы Актулпар,
Ойноктотуп барыптыр.
Жаныма жолдош келди деп,
Жараткан алда берди деп.
Көрүп басып калыптыр,
Асты ченин караса,
Жанына келген дубана,
Кайда кеткен дайны жок.
Эминени көрдүм деп,
Эминени билдим деп.
Бала чунак эр жаңгыз,
Актулпар оозун буруптур.
Же азгыруучу немеби,
Бала чунак ой ойлоп,
Тегеренип туруптур.
Асты жагын караса,
Түптөп чыккан арча бар,
Эки жагы жарча бар,
Бул арчанын жанында,
Түрлүү жемиш канча бар.
Энжир, алма канча бар,
Телегейи тегиз бар.
Коон деген жемиш бар,
Муштумдай болгон мейиз бар.
Манастын уулу эр жаңгыз,
Аттан түшө калган жер,
Жер-жемишти алган жер.
Каныкей берген ак куржун,
Куржунуна салган жер.
Кечөө Каныкей барып конгон жер,
Чыйырды баспай койгон жер.
Кайненеси Чыйырды,
Бейтаалай тууган Каныкей,
Айдалыга салган жер.
Каралды кылган баласын,
Кара арчага тапшырып,
Таштап кетип калган жер.
Кайып айдап баланы,
Ошо жерге барган жер.
Астында минген тулпардын,
Ээр токумун алган жер.
Ээрин алып жайдактап,
Эки буттан баймактап,
Элде жүргөн эмедей,
Эчтемени элебей.
Ээрин алып жазданып,
Бир колдогон чунагың.
Кыбыланы баштанып,
Көпчүгүн алып төшөнүп.
Бала чунак оңбогур,
Эл ичинде жүргөндөй,
Жатты уктап көшүлүп.
Чыканактан тырп этпей,
Күнү-түнү былк этпей.
Манастын уулу жаш бала,
Барып уктап калганы.
Баш көтөрүп караса,

Таң агарып күн чыгып.
Эч эчтеме билинбейт,
Касал айтып акылдап,
Бир дубана унчугуп.
Талас кайда, жер кайда,
Аргын, огой эл кайда.
Кеңкол кайда, жер кайда,
Огой, аргын эл кайда.
Ээн талаа, эрме чөл,
Жатасың уктап не пайда.
Аттанын жолго салгын деп,
Ак деген үнү угулат.
Бала чунак Семетей,
Эки жагын караса,
Булут болуп бурулат,
Эчен түрлүү кубулат.
Эр Семетей баатырың,
Маңдай жагын караса,
Бала жолборс чамынат.
Асты жагын караса,
Алты кулач ак жылан,
Ары кетет сойлоктоп.
Бала чаар ак жолборс,
Кечөө атасы Манас баатырдын,
Минген аты Аккула.
Аккуланын жолдошу,
Ак жыланды караса,
Атасы Манас баатырдын,
Алтын кемер кур болуп.
Атакесин колдоочу,
Тегеректеп алыптыр.
Тентип жүргөн жетимге,
Атасы Манас баатырдын,
Алып жүргөн жолдошу.
Семетейдин жанына,
Бири калбай калыптыр.
Көкжалдын уулу эр жангыз,
Умачтай көзү ачылып.
Энемдин айткан кеби деп,
Баланын көөнү жазылып.
Астына минген Актулпар,
Турган экен айланып.
Алда деп атын токуду,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына Семетей,
Куран окуп отурду.
Бериште салып бейлине,
Бир кудай салып денине.
Атасы Манас баатырдын,
Жөлөгөнү сан болуп.
Ошо калды балага,
Жөлөгөн болуп жар болуп.
Атасы Манас баатырдын,
Колдогону сан болуп.
Ошо жолдо балага,
Кожосан коюп жар болуп,
Денине ыйман толуптур.
Ошо жолдо балага,
Берииште жолдош болуптур.
Атка тердик салыптыр,
Куран окуп Манаска,
Каргадай бала Семетей,
Тамактанып алыптыр.
Тулпардын оозун жайган жер,
Манастын уулу Семетей,
Калаалуу коргон чарбакка,
Айланса болот арбакка,
Элин таап алмакка.
Асманда мунар созулуп,
Атасы Манас баатырдын,
Ээн талаа, эрме чөл,
Элирип бала жүргөндө.
Бирлер келип кошулуп,
Алдындагы тулпардын,
Камчы уруп желиши.
Таманы жерге тарсылдап,

Алтын така, болот мык,
Аягында жаркылдап.
Манастын уулу эр жангыз,
Алтын ооз алмабаш,
Далысында жаркылдап.
Улуу жолго салган жер.
Манастын уулу жангыз эр,
Таласка барчу кара жол,
Төтөлөп таап алган жер.
Ак-Боронун боюна,
Ак-Кыянын үстүнө,
Жайылган жайык түзүнө,
Күнү-түнү көп жүрүп,
Ат болушка салыптыр.
Оргуп чыккан булактын,
Бала чунак Семетей,
Так үстүнө барыптыр.
Энекеси Каныкей,
Айтып турган кеп эле.
Ээн талаа, эрме чөл,
Астыңан булак кабылса,
Конуп өткүн деди эле.
Каныкейдин айтканы,
Баланын түшүп эсине,
Астындагы тулпардан,
Ыргып түшүп алган жер.
Үстүндөгү каңкыны,
Семетей жулуп алган жер.
Алты катар көпчүктү,
Так астына салган жер.
Эчтемени элебей,
Манастын уулу Семетей,
Кое берип тулпарды,
Кокус кетип калат деп,
Бала чунак болжобойт.
Баатырдын уулу Семетей,
Ээн талаа, эрме чөл,
Не болорун ойлобойт.
Каңкы жаздап башына,
Көпчүк төшөп астына,
Чыканактап кыйшайып,
Чырм этип уйку алып,
Уктап калды Семетей.
Ат сокту болгон чунагың,
Катуу уктап, тынч алып.
Бала чунак Семетей,
Көзү уйкуга барганда,
Көз жумулуп калганда.
Ат башындай ак бака,
Маңдайына барыптыр.
Адам өңдүү бакылдап,
Бака чардап калыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Бул эмине шумдук деп,
Жылан көргөн эмедей,
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Эт жүрөгү козголуп.
Боконо жүрөк болк этип,
Коркуп кетти кылт этип.
Баланын өңү кубулуп,
Адам өңдүү сүйлөгөн,
Баканын үнү угулуп.
Чыныдай аппак башы бар,
Улам-улам чардаса,
Атын көрүп кишинеп,
Бака чардап турганда,
Баатырдын уулу жаш бала,
Эч айласын табалбай,
Эсин жыйып алалбай.
Кандай заман, кандай күн,
Кандай каран, кандай түн.
Атка миндим оолуктум,
Кандай ишке жолуктум.
Кызыл өңү саз болуп,
Манастын уулу Семетей,
Азат бою бас болуп.

Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып болкулдап.
Каныкей айткан кеп эле,
Каныкейдин айтканы,
Бул эсине келди эле.
Жайык талаа баары чөл,
Сен ошого барасың.
Оргуп чыккан булакка,
Тулпарыңды сугарып,
Боюңдү сууга сал деген,
Бой даарatын ал деген.
Тулпарыңдын үстүнөн,
Ээриңди ал деген.
Алты катар көпчүктү,
Астыңа жаза сал деген,
Жатып уктап ал деген.
Бака барса жаныңа,
Чардап барса алдыңа,
Кокустан коркуп кетпе деп.
Атакең минген бууданы,
Аккуланын жолдошу.
Ишиңди кудай оңдосо,
Ар кайсы жерден кезигип,
Жетимим сени колдоосу.
Каныкейдин айтканы,
Баланын түшүп эсине.
Жараткан алда, бир кудай,
Маана берген экен деп.
Бейтаалай энем Каныкей,
Даана берген экен деп.
Мындан корктум бекер деп,
Азыгын колго алган жер.
Манастын уулу жаш бала,
Тамактанып калган жер.
Белгисин көрүп баатырдын,
Кемерин белге чалган жер.
Атына тердик салган жер,
Бир алдага сыйынып,
Акканкыга минген жер.
Актулпарга камчы уруп,
Андан жөнөп жүргөн жер.
Мунарыктуу талаага,
Булуң-булуң түрү бар.
Буткул-буткул көлү бар,
Адыр-адыр бели бар.
Кудай билер чын болсо,
Аралап адам жүрбөгөн,
Ар бир түрлүү жери бар.
Манастын уулу жаш бала,
Алтын ооз каркытаң,
Оозу менен алышып,
Тизгини колдо карышып.
Телки, жейрен кийик бар,
Муну менен жарышып.
Үч аладан өттү эми,
Үч күн карып жол жүрүп,
Буландуу тоого жетти эми.
Буландуу тоонун оюнда,
Кумдуу тоонун түбүндө.
Салынган ушу тумшукта,
Үстү жагы жар болгон,
Асты жагы тал болгон.
Айланасы зоо болгон.
Өөдө жагын караса,
Көз жетпеген тоо болгон.
Маңдай жагын караса,
Бөкөнү оттойт бөлүнүп.
Куланы койдой жайылат,
Туягы жерге сайылат.
Тегеренип топтошот,
Тура калып оттошот.
Айбандан башка бир борум,
Аркар-кулжа болчу эчен.
Бу Букарда жүргөндө,
Машыксын деп Каныкей,
Тогуз жашар чагында,

Колуна мынтык бергенде,
Аркар-кулжа кулатып,
Аюң аткан сулатып.
Бугу-марал кулатып,
Жолборс аткан сулатып.
Мерген болгон башында,
Манастын уулу Семетей.
Кулан, бөкөн көрө элек,
Ушу кандай айбан деп.
Айран калып турганда,
Астындагы Актулпар,
Аттын оозун бурганда.
Ооздугун чыгарса,
Жерден тиштеп оттобойт.
Үстүнө минип турганда,
Тегеренип токтобойт.
Калбыр өпкө, жез канат,
Куланды көрүп кубулат,
Бөкөндү көрүп жулунат.
Ала качып баланы,
Тоого ташка урунат.
Бөкөнү үркүп бөлүнөт,
Куландары чубуруп,
Көт жагында көрүнөт.
Алда кандай айбан деп,
Алмабашка ок салып,
Атсамбы деп ойлонуп.
Ээн талаа, эрме чөл,
Атып этин жебесем.
Жалгыз башым болгон соң,
Бөөдө атып салбайын,
Убалына калбайын.
Бала чунак Семетей,
Алда эчен ой ойлоп,
Аягында муну ойлоп.
Берdescribed салып бейлине,
Каныкей айткан кебине,
Түштү бала эсине.
Куландуу төрдөн өтпө деп,
Конбой өтүп кетпе деп.
Бөкөндүү төрдөн өтпө деп,
Конбой өтүп кетпе деп.
Башыңа каңкы жазданып,
Кыбыланы баштанып.
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып.
Амаз окуп алгын деп,
Алаканың жайгын деп,
Жатып уктап калгын деп.
Ошондо белги көрөсүң,
Анда белги көрбөсөң,
Кең Таласка жетпейсиң.
Ошо жерден кайтып кел,
Көргөнүңдүн баарысын,
Шордуу энеңе айтып кел.
Белги көрсөң барасың,
Талас, Кеңкол жериңди,
Атакең күткөн элиңди,
Аман-эсен табасың.
Байгамбар сындуу абаңды,
Атын айтпайм ошонун,
Атакеңдин жолдошу.
Кагылайын жалгызым,
Башчы кылып аларсың.
Маана болот өзүңө,
Талас,Кеңкол жериңе,
Таалайлуу огой элиңе.
Андан кийин барасың,
Каныкей айткан кеп эле.
Кара чунак балага,
Баарын айтып берди эле.
Энемдин айткан кеби деп,
Эсине кудай салды эле.
Тулпарыңдын үстүнөн,
Ээр токум алды эле,
Астына көпчүк салды эле.

Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты жуп жата.
Же кабылган киши жок,
Арстан Манас баатырдын,
Артында калган көпөлөк,
Жолго чыккан төтөлөп.
Арбагын кудай көтөрүп,
Энекеси Каныкей,
Айтканы түшүп эсине.
Башына ээрин жазданып,
Астына көпчүк төшөнүп.
Кара жердин үстүнө,
Сайып коюп айзасын,
Жанына коюп балтасын.
Башына коюп кылычын,
Алтын кароол алмабаш,
Колтугуна салды эми.
Жоо-жарагы жанында,
Эрдиги бар эси жок,
Аты менен иши жок.
Кое берип тулпарды,
Коркпой уктап калды эми.
Астына олпок салгандай,
Башына мамык койгондой.
Бутун сунуп шалкайып,
Төшүн жайып заңкайып,
Манастын уулу Семетей,
Бала уктап калган жер.
Бир кудайдын жардамы,
Атасынын жолдошу.
Казат кылып кан кечип,
Катары келип окко учуп,
Шейит кеткен Бээжинден.
Алтын айчык ур жүздүү,
Белинде кызыл куру бар,
Бетинде кызыл уру бар.
Курал-жабдык колунда,
Минген аты Сарала.
Жал-куйругу өрүлөт,
Семетейдин түшүнө,
Шейит өткөн Алакең,
Алмамбет келип көрүнөт.
Караса көздөн кан тамган,
Каары бар көзүндө.
Кайраты бар түрүндө,
Кендирдей бели буралган,
Кебездей бети урданган.
Беттегени мерт болгон,
Кармашканы кан болгон.
Каарына тийгенге,
Казат кылып жүргөндө,
Атпаган кара таң болгон.
Семетейдин түшүнө,
Оңдогон кудай ишине.
Чубакмын деп көрүнөт,
Минген аты Сарала.
Куран ачып жат окуп,
Таңгалгандай бат окуп.
Ак курун алып колуна,
Түшкөн экен башында,
Алданын айткан жолуна.
Оройу оттон жаралган,
Эр Манастын жолдошу.
Кудайы билет чын болсо,
Каган менен Бээжинге,
Казат кылып окко учкан,
Кан Манастын жолдошу.
Мусулмандын молдосу,
Жоого тийген жолборсу.
Семетейдин түшүнө,
Сыргакмын деп көрүнөт.
Жазы маңдай жалпак тил,
Ачык маңдай, жайык төш,
Адамдан башка бир борум.
Оңколуу мурун, жар кабак,
Оң далысы так бир кез.

Буура көкүл, тайкы жал,
Мойнуна таккан тумар бар.
Аккула минген бир адам,
Семетейдин түшүнө,
Атасы Манас көрүнөт.
Манастын уулу эр жангыз,
Кабыл келчү ишине.
Атасынын жолдошу,
Атактуу Сыргак молдосу,
Айтылуу Чубак жолборсу,
Энекеси бейтаалай,
Каныкей айткан кеп эле.
Атакең кирсе түшүңө,
Атакеңдин жолдошу,
Шейиттер келсе кашыңа,
Ошолор келсе астыңа.
Анан тартынбай жолго саласың,
Анан Таласка аман барасың.
Тентиген атка кондурган,
Атаңды тууган энесин,
Мендеден башка кор кылган.
Качкан атка кондурган,
Атакеңдин жолдошу.
Кайгыга башын малынтып,
Шордуу энеңди кор кылган.
Абыке деген абаң бар,
Эр Көбөш деген абаң бар.
Атакеңдин сан дүйнө,
Күтүп калган ээси бар.
Тукум дебей өзүңдү,
Ойомун деп көзүңдү,
Өлтүрөм деп өзүңдү.
Сакалынын агы бар,
Сапар кетер чагы бар.
Тукум дебей атаңды,
Сенин чоң атаң какбаш дагы бар.
Ал белгини сен көрсөң,
Айтканымды сен билсең.
Кеңкол, Талас жериңе,
Керектүү огой элиңе,
Аман-эсен барасың.
Атасы башка алты арам,
Алардан өчүң аласың.
Айтканымды билбесең,
Ал белгини көрбөсөң,
Кайра тартып келесиң.
Бейтаалай энең, мен шордуу,
Астына өлүп бербесек,
Көрбөгөндү көрөсүң.
Ээн талаа, эрме чөл,
Карга чокуйт көзүңдү,
Жору ойот төшүңдү.
Айтканымды билип кел,
Ошондо белги көрбөсөң,
Астыңда минген Актулпар,
Ооздук салып оозуна,
Тулпарды минип кайтып кел.
Көргөнүңдүн баарысын,
Шордуу энеңе айтып кел.
Каныкей айткан кеп эле,
Канкордун уулу Семетей,
Каныкейдин айтканын,
Уйкусунда көрдү эле.
Умачтай көзү ачылып,
Манастын уулу баланын,
Көңүлү тынып басылып.
Эки жагын караса,
Тулпары турат жанында.
Жоо - жарагы боюнда,
Ок-дарысы койнунда.
Көлдөлөң тартып көшүлүп,
Көпчүгүн силкип төшөнүп,
Каңкысына баш коюп.
Атасы Манас болгон соң,
Манастын уулу жетимче,
Эчтемени элебей,

Эми уктайт ченебей.
Астына көпчүк салган жер,
Манастын уулу жангыз эр.
Уктап жатып түш көрүп,
Түшүндө жакшы иш көрүп.
Күнү-түнү төрт күнү,
Кан Букардын шаарында,
Каныкейдин жанында.
Чоң көчөнүн боюнда,
Чыйырдынын койнунда.
Эмчек соруп, төш жыттап,
Жыргап жаткан эмедей.
Бала чунак жайрагыр,
Уктап жатат ченебей.
Атасы Манас болгон соң,
Эрдиги бар эси жок.
Ээн талаа, эрме чөл,
Жангыз өзү жүргөн эр.
Аны менен иши жок,
Тараза жылдыз батканда,
Таң сөгүлүп атканда.
Манастын уулу баланы,
Алты кулач ажыдаар,
Бооруна жойлогон,
Ары-бери сойлогон.
Ыргып тура калганы,
Бул эмине шумдук деп.
Манастын уулу Семетей,
Кылычын колго алганы.
Чабуучудай камынып,
Даярданып турганы.
Семетейге чаптырбай,
Алты кулач ак жылан,
Алты оролуп белине,
Кемер боло калганы.
Белинен түшпөй ажыдаар,
Оң ийнинен артылып,
Башын арта салганы.
Атакеси Манасты,
Анын жүргөн жолдошу,
Көкжалдын уулу жаш жетим,
Букарда жүрүп чыкканда.
Кармап алып чылбырдан,
Каныкей айткан кеп эле.
Ошондо берипте салып бейлине,
Бир кудай салып денине.
Бейтаалай энем Каныкей,
Муну кандай көрдү эле.
Ошондо оң жагына толгонуп,
Ошондо ойон Манас баласы,
Ошондо энемдин айткан кеби деп,
Ошондо Семетей чунак ойлонуп.
Арстандын уулу жаш бала,
Каныкей берген ак жоолук,
Тасторкон кылып жайган жер.
Тамак-ашын алган жер,
Тамагын ичип тойгон жер.
Атасы канкор Манаска,
Алмамбет менен Чубакка.
Атактуу молдо Сыргакка,
Манастын уулу баланын,
Ыйманы бар боюнда,
Кураны бар колунда.
Манастан калган көпөлөк,
Мааналуу болгон башында.
Арабыча кат окуп,
Ак куранды жат окуп.
Молдо болгон Семетей.
Алты жашар жашында,
Табарик менен жазында,
Экөөнү бирдей жат окуп,
Таңкалгандай бат окуп,
Куранды окуп бүтүрдү.
Манастын уулу жетимче,
Окуду куран арбакка.
Аман болсо барат го,

Барып колго алат го.
Атасы салган чарбакка,
Каргадай болгон көпөлөк,
Каныкей кеткен көтөрүп.
Кайрылып Кеңкол бармакка,
Айланса болот арбакка.
Атасы Манас баатырдын,
Кайыбы жүрөт жетелеп.
Белгисин көрүп жаш бала,
Энемдин айткан кеби деп.
Жараткычы бир кудай,
Тилегимди берди деп.
Актулпарды минген жер,
Туйгундай учуп айланып,
Манастын уулу жаш жетим,
Бастырып жолго жүргөн жер.
Ак карлуу тоонун оюна,
Ашуусу бийик жолуна,
Ашмак болду Семетей.
Карагайлуу капчыгай,
Басмак болду Семетей.
Жоону аңтартып жол жүрүп,
Жолго катуу бек жүрүп.
Тулпарга камчы салыптыр,
Айланып туйгун конбогон,
Муну ашкан адам болбогон.
Ашууну ашып алыптыр,
Баатырдын уулу Семетей,
Ала-Көлдүн кара тоо,
Ашуу ашып, таш басып,
Акылынан адашып,
Ат сокту болуп калыптыр.
Астында минген Актулпар,
Аягынан жыртылып,
Болоттон така кетилип.
Башын чайкап жай оттоп,
Тулпары калган ташыркап.
Баатырдын уулу эр жангыз,
Карарган тоонун белинде,
Кийиги бар, чери бар,
Киши жатчу жери бар.
Балчык-чалчык көлү бар,
Мал оттоочу чөбү бар.
Буткулда бугу маараган,
Оюнан булбул сайраган.
Көрбөгөн адам таңданган,
Көкжалдын уулу Семетей,
Көк кыяны ашкан жер.
Бели жайык, ак белес,
Ат өргүтүп жаткан жер.
Атасы баатыр жалгыз эр,
Ат өргүтүп жан багып,
Жата турган жер экен.
Канча жылкы бир салса,
Бата турган жер экен.
Бууданың чарчап жүдөнүп,
Мукур болду туягы.
Аягынан жаданып,
Атым калды чарчанып.
Үстүнөн ээрин алган жер,
Жабуулаган үртүктү,
Алып жерге жайган жер.
Ат өргүтүп жай жатып,
Баатырдын уулу жаш бала,
Семетей уктап калган жер.
Канкордун уулу качты деп,
Таятасы бакты деп.
Адам болуп чоңойсо,
Элирип атка минет деп,
Элди айдап билет деп.
Абыке, Көбөш эки кул,
Какандын каны Манжууга,
Кабар берип кат боолоп.
Канкордун уулу чоңойсо,
Катарга кирип оңолсо,
Атасындай болот деп,

Баарыбызды жойот деп.
Бээжиндин каны Манжуурга,
Келсин деп кабар бериптир.
Абыке, Көбөш жазган соң,
Келсин деп кабар айткан соң.
Бээжиндин каны чоң Манжуу,
Аттанып жолго салыптыр.
Эрешен тартып эр болсо,
Өлтүрдүк деп жүрчү эле.
Эр уулуна тең болсо,
Адам болуп оңолсо,
Катарга кирип чоңойсо.
Белине саадак чалат деп,
Бу канкордун тукуму,
Бээжинге бузук салат деп.
Алыстан окуп кат алып,
Абыке, Көбөш жазганын.
Көкүрөккө жат алып,
Көктөтөгө чагында,
Кара көзүн ойойун.
Канкордон калган баланы,
Кармап алып сойойун.
Абыке, Көбөш баатырды,
Өз оюна койойун.
Кагазга жазган катына,
Атасы каапыр эки арам.
Бээжиндеги Коңурбай,
Экөөнүн жазган антына.
Кече кабылан Манас өткөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Айылдан талап малды алган,
Алтын,күмүш зарды алган.
Камчыга теңеп жерди алган,
Аргын, огой элди алган.
Аким болуп эл билген,
А деле арам эки кул.
Бейлин берип Бээжинге,
Коңурбайга эп берген.
Коңурбай бизди билсин деп,
Өз элим деп жүрсүн деп.
Какан Бээжин элиндей,
Бизди ошондой көрсүн деп.
Каканга боолоп кат жазып,
Кан Коңурбай баатырды,
Келсин деген кат жазып.
Бээжиндин каны чоң Манжуу,
Алгара атын токунуп,
Бурканына чокунуп.
Какан менен Бээжинден,
Мылтык атар мергенди,
Мындан алды он киши.
Айза сайар ыктуудан,
Андан алды он киши.
Жол табуучу көсөмдөн,
Мындан алды он киши.
Түнүчүндө уйку албас,
Күндүзүндө тынч албас,
Мындан алды он киши.
Кылычты кындан алышкан,
Кыйкырып жоого барышкан,
Кыйкырып уруш салышкан,
Жоо дегенде дегдеген,
Мындан алды он киши.
Алтымыш киши алыптыр,
Какан, Бээжин жеринен.
Тоорулуп чалгын чалмакка,
Абыке, Көбөш эки арам.
Шаарына бармакка,
Манастын уулу баланы,
Өстүрбөй жайлап салмакка.
Бээжинден чыгып балкылдап,
Очогор мылтык шартылдап.
Айчыгы алтын чоң күпсөр,
Ак тонунда жаркылдап.
Башында Манас баатыр шаары эле,
Азыр Абыке кандын айлы эле.

Абыкени калкалап,
Атаңдын көрү дүйнө күн.
Аргын менен огойду,
Манеке, Кочкор талкалап.
Буурупанда арамдар,
Эченди сойот талкалап.
Эр Коңурбай Манжууну,
Күткөн экен аркалап.
Манастын уулу баланы,
Келер маалы болду деп.
Каканга кабар салыптыр,
Кан Коңурбай чоң баатыр,
Абыке кандын айлына,
Алтымыш киши кол менен,
Коңурбай келип калыптыр.
Манастын уулу баланын,
Балтыр эти толо элек,
Басташар чагы боло элек.
Букарга тентип кеткени,
Салдың бизге кабарды.
Кайда жүрүп чоңойду,
Ошо Манастан калган баланы,
Коңурбай келип кеп сурайт.
Манастан калган баласы,
Эчеге чыкты деп сурайт.
Чоң атасы кан Жакып,
Он үчтөн жашы ооду деп,
Он төрткө кадам койду деп.
Атасын тартса баланын,
Аттанар маалы болду деп.
Какандын каны чоң баатыр,
Кангайдан чыккан эр баатыр.
Мунун келер жолун чалайын,
Эки жылы жол тосуп,
Эрикпей жатып алайын.
Эр Манастын тукуму,
Эсирип атка мингенче,
Ээлигип жоого тийгенче,
Муну жайлап салайын.
Суусундукка ичүүгө,
Алтымыш көөкөр арак бер.
Он эки чочко аттырып,
Абыке менен Көбөшкө,
Эр Коңурбай тапшырып,
Аттанып жолго салган жер.
Ушу жол менен келет деп,
Эр Коңурбай чоң баатыр,
Адам баспас жол менен,
Алтымыш киши кол менен,
Алгара минип алкынтып,
Манастын уулу баланы,
Келер жолу ушу деп,
Жолун тосуп калган жер.
Манастын уулу жангыз эр,
Минген атын агытып.
Башына каңкы жазданып,
Каныкей берген алтыкат,
Бала чунак төшөнүп,
Семетей уктап калган жер.
Эки кыя кош курбу,
Эр Коңурбай чоң Манжуу,
Белге чыгып барганы.
Аскерлерин токтотуп,
Астын артып жол чалып,
Чоң дүрбүнү колго алып.
Адис болгон чоң Манжуу,
Ала бөйрөк тоосу бар.
Карагай-кайың аралаш,
Кудай бетин көргөзбө,
Адам жасап койгондой.
Ак-Кыя деген бели бар,
Бала минген Актулпар,
Оттоп турган жери бар.
Коңурбай дүрбү алганы,
Чыгырыгын имерип,
Чындап дүрбү салганы.

Семетей минген тулпарды,
Көрүп таанып алганы.
Тулпардын ээси кайда деп,
Бурамасын имерип,
Дүрбүнү оңдоп жиберип.
Тизеси менен чөк түшүп,
Оң көзүнө алган жер.
Олуя бала Семетей,
Оюлган чиркин жаш бала,
Ойгонбой уктап калган жер.
Оң мурутун өргөн жер,
Уктап аткан баланы,
Же мергенби, башкабы,
Абыдан салып дүрбүнү,
Бу Семетей экенин,
Коңурбай чындап көргөн жер.
Коңурбай байкап караса,
Семетейдин үстүнөн,
Ак булут ойнойт айланып,
Актулпар турат байланып.
Ошондо Бээжиндин каны эр Манжуу,
Алтымыш сайлуу очогор,
Айдалыга салган жер.
Алгарага аттанып,
Семетейди соймокко,
Коңурбай жөнөп калган жер.
Кече Букардан жөнөп чыкканда,
Каныкей айткан кеп эле,
Катуу уйкуда сен жатсаң,
Астыңда минген Актулпар,
Ошо белги берет деди эле.
Белги болсо атыңдан,
Кагылайын жетимчем,
Баабедин деп бакыргын,
Баатыр атаң Манасты,
Колдогун деп чакыргын.
Кагылайын жетимчем,
Арбактуу атаң Манастын,
Арбагын айтып бакырсаң,
Жана кудай деп качырсаң.
Асмандан мунар созулат,
Атакеңдин жолдошу,
Өзү барып кошулат.
Каныкей айткан кеп эле,
Кара чунак балага,
Качырып душман катылса,
Кайра тартпа деди эле.
Какандын каны чоң Калча,
Канкордун уулу жетимди,
Кармайын деп турду эле.
Качырчудай күүлөнүп,
Кош карагай кара арча,
Так түбүнө барды эми.
Милтесине чок берип,
Очогорго от берип,
Алыс атып саламбы,
Алгаранын үстүнөн,
Арта салып шыкаалап,
Муну жазып салсам болбойт деп.
Кароолу алтын очогор,
Бургу салып ичине,
Майлык тартып турган жер.
Бала чунак Семетей,
Байкап турса чоң Манжуу,
Ак чатыр болуп көрүнөт.
Кандай болуп кетти деп,
Ошондо Калчанын көөнү бөлүнөт.
Чала жүргөн жол эле,
Атасы бурут канкорду,
Ала жүргөн кол эле.
Чоң Бээжин алып төтөлөп,
Милтенин чогун өчүрүп.
Кош карагай кара арча,
Чыга турган өңдөндү.
Жакын жаткан чунакты,
Кандай да болсо алам деп.

Кайраты ашкан чоң Калча,
Ошондо көөнү бузулат.
Алгарадан кем эмес,
Семетей минген Актулпар,
Алайын деп кызыгат.
Кыйгактуу айза бөрү тил,
Кынап кармап алганда,
Колтугуна салганда.
Уктап аткан чунакты,
Саймак болуп калганда.
Алдындагы Алгара,
Жанга шерик союлгур.
Алда неге маң берет,
Кайра тартып жалт берет.
Алгара күлүк кошкуруп,
Боорун тартып бышкырып.
Тегеренип алыптыр,
Уктап аткан чунакка,
Бул жанына барыптыр.
Бек кошкуруп үн салып,
Бек уктаган баланы,
Бекем чапчып алыптыр.
Манастын уулу жаш чунак,
Ыргып кобо калыптыр.
Эки жагын чалыптыр,
Асты жагы тарапка.
Үстү кайың, карагай,
Айбан жүргөн жол менен,
Аюң баскан жер менен,
Мен Манасты алдым деп.
Абыке менен Көбөштү,
Кароолчу кылып багынтып.
Эсери Манас атасын,
Өз жолуна салдым деп.
Абыкеден кат алып,
Каканчылуу Бээжинден,
Келген экен жат алып.
Семетейдин Актулпар,
Боору жайык кара жер,
Оп чапчып ыргытып.
Баатырдын уулу эр жангыз,
Эминени көрдү деп,
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап.
Күрмө тонун жамынып,
Бала чунак Семетей,
Жоо кийимин кийинип.
Аскар, аскар тоо экен,
Асман бийик зоо экен,
Жан жатпаган бел экен.
Адамдын малы оттобой,
Мында ар түрлүү айбан көп экен.
Топчулугун топчулап,
Бүчүлүгүн бүчүлөп.
Ак милтеге от коюп,
Алмабашка чок коюп.
Милтесин чертип кызартып,
Эчтемени көрө элек,
Баатырдын уулу жангыз эр,
Элирип жоого тие элек.
Күн жаагандай күркүрөп,
Кудай бетин көргөзбө,
Катуу табыш ачуу үн,
Шер Коңурбай салган жер.
Чочуп кетип Семетей,
Колунда турган Алмабаш,
Колунан түшүп калган жер.
Аброй түрүн караса,
Кырдуу мурун, кызыл көз.
Чоңдугу төөнүн жартындай,
Маңдайында эки каш,
Жаткан иттей көрүнөт.
Андай жанды көрө элек,
Бала чунак баатырдын,
Көргөндө көөнү бөлүнөт.
Ээгиндеги сакалы,

Талаага чыккан чалкандай.
Ээрдиндеги муруту,
Эшип койгон аркандай.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көрбөгөнгө теңирдей.
Көзү көлдүн буткулдай,
Семетей эмес ошо жан,
Минип келген Актулпар,
Аты менен жуткудай.
Байкап бала караса,
Адамдан башка зор экен.
Колтугуна баткандай.
Аты менен баланы,
Коюнуна баткандай.
Астына минген бууданы,
Башын чайкап жер чапчып,
Коңурбай дөөнүн Алгара,
Аты баспай турганы.
Оoздук чайнап кемирип,
Эминени көрдү деп.
Чоң найзаны колтуктап,
Бээжиндин каны чоң Манжуу,
Чоң өтүк менен теминип,
Атсаң атып салчудай,
Каргадай болгон баланы,
Аты менен экөөнү,
Койнуна катып алчудай.
Коркуп турган баланын,
Бериште салды бейлине,
Бир кудай салды денине.
Кече Букардан жөнөп чыкканда,
Энекеси Каныкей,
Ошо Каныкей айткан кеп эле.
Тууганың жаман уу эле,
Тукумуң жаман куу эле.
Арамдар билген эл эле,
Аргандын болбойт деди эле.
Манастан калган калаага,
Коңурбай келет деди эле.
Асты-кийниң аңдап жүр,
Токойлуу жерди жандап жүр.
Энеңдин шорун кайнатып,
Эн жибектен сен элең,
Эмгекке туутан күң элем.
Таятаңдын Актулпар,
Кабар салат өзүңө.
Кабар болсо атыңдан,
Душман чыгат астыңдан.
Добуш болсо атыңдан,
Саа кудайдын бергени.
Астыңан душман келгени,
Ошондо балам ойлонуп,
Жоо көрө элек жаш элең,
Жол көрө элек боз элең,
Эл көрө элек жаш элең.
Душман чыкса астыңдан,
Береги турган энеңдин,
Эмгекке башын салбагын,
Катуу коркуп калбагын.
Айзаңды бекем кармагын,
Кармашар жоо көрүнсө,
Ошондо Бээжин кирер оозуңа.
Баабедин айтып бакыргын,
Маркум атаң баатырдын,
Атын айтып чакыргын.
Тартынбай жоого тийгин деп,
Бир кудайдын жардамы.
Менин шорум арылса,
Жаныңа барат ошондо,
Маркум атаң арбагы.
Асмандан мунар созулат,
Энеңдин шору арылса.
Атакеңдин алты бир,
Ошондо барып кошулат.
Атакеңдин алты бир,
Тегеректеп алуучу.

Ошондо каргадай болгон жетимчем,
Бул жаныңа баруучу.
Ошондо кайратты катуу саласың,
Кара жаның аябай,
Кайрылып артың карабай.
Ошондо колуңа айза аласың,
Кандай баатыр, кандай шер,
Атакеңдин алты бир,
Астыңан баштап бөлүнөт.
Жангыз башың жетимчем,
Ошондо алты сан колдой көрүнөт.
Озунуп айза сунгун деп,
Оолугуп кайрат кылгын деп.
Озунуп айза салгын деп,
Тартынбай айза салгын деп,
Кайратты катуу кылгын деп,
Манастын уулу жетимче,
Энемдин айткан кеби деп.
Коркуп жатып калгыча,
Туулбай тууна чөгөйүн.
Түрү суук көрүнгөн,
Ушу жоонун колунан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Канкордун уулу жаш бала,
Кайраттанып камынат,
Качырмак болду Манжууну,
Баатыр өңдүү чамынып.
Ак куржунда азыгын,
Арстандан калган Семетей,
Акканкыны үстүнөн,
Аны алып ыргытып.
Таманы жез жаагы алтын,
Үзөнгүгө бут салып.
Тепейип атка мингенин,
Бала Манас баатырдын,
Астында тулпар билгенин.
Каргадай болгон көпөлөк,
Айзасын колго алганда.
Алдындагы тулпары,
Үч кишинеп шыңкылдап.
Манастан калган жаш бала,
Баабедин деп бакырды.
Баабедин мунун жолдошу,
Манас, Манас, Манас деп,
Арстан Манас баатырдын,
Атын айтып чакырды.
Качырганын көрдүм деп,
Муну жеткизбей атып салайын.
Мыктуусуган буруттун,
Астындагы тулпарын,
Коштоо кылып алайын.
Очогорду алган жер,
Ошо бала чунакты,
Окчой кармап калган жер.
Бу кудайдын жардамы,
Жоого адис чоң Калча,
Алыс атып салган жер.
Очогор үнү заңк этип,
Манастын уулу баланын,
Башынан алыс кеткен жер.
Жолум үйдөй топурак,
Очогор огу тийгенде,
Жердин бети ачылып,
Бала чунак баатырдын,
Башына топо чачылып.
Ошондо баабедин деп бакырып,
Манастын уулу жетимче.
Алда Манас, алда деп,
Арбагында колдо деп.
Бакырыгы бек чыгып,
Баабедин уксун деп чыгып.
Кыйкырыгы бек чыгып,
Кырк чилтен уксун деп чыгып.
Бейлине кудай салган соң,
Атасынын бирлери,
Тегеректеп калган соң.

Кулун үнү бек чыгып,
Кудайым уксун деп чыгып.
Атам Манас мен жетим,
Ажалым жетсе өлдүм деп.
Алданын жазган буйругун,
Ушу жерден көрдүм деп.
Кырк чилтен деп бакырып,
Манастын уулу чунак кул,
Алыс аткан Манжууну,
Качпагын деп кыйкырып,
Кайберен деп чакырып.
Бээжиндин каны чоң Калча,
Сабы болот, учу жез,
Узундугу жети кез.
Алакөөдөн эсер деп,
Чоң найзанын учуна,
Желек болуп кетер деп.
Кологойлуу чоң найза,
Колтугуна салыптыр.
Манастын уулу баланы,
Эр Коңурбай чоң Манжуу,
Бекем кармап айзасын,
Бул качырып калыптыр.
Баланын түрүн караса,
Учуп жүргөн көпөлөк.
Качпа, качпа, качпа деп,
Колдогону сан болуп,
Кожосан бири жар болуп.
Атасы баатыр Манасты,
Ушундай жерде колдоочу.
Кызыл чаар жолборсу,
Атасы баатыр Манасты,
Кысылган жерде колдоочу.
Жанына кирип барганда,
Сайышчудай жакындап.
Манастан калган жетимче,
Маңдайлашып калганда,
Коңурбайга көрүнөт,
Ажыдаар ак жылаан.
Ушу бала белине,
Алты оролуп калыптыр.
Оң ийнинен октолуп,
Ошол бала баатырдын,
Башынан арта салыптыр.
Чоң найза алып камынган,
Астындагы тулпарды,
Ат кылып кошуп алам деп,
Алуучудай чамынган.
Бала кирип барганда,
Баланын түрү бир бөлөк.
Балапан жүнү мандайда,
Жаза аткыдай таалайга.
Ажыдаар түрдөнөт,
Алда нече сүрдөнүп,
Көөнүнөн көөрү төгүлүп.
Шилекейи куюлуп,
Төбө чачы суюлуп.
Маңдайы жарык жол кашка,
Байкап турса Коңурбай,
Баланын түрү бир башка.
Эрдин жүзүн карабай,
Заарына чыдабай.
Аттын оозун буралбай,
Бала жакын барганда,
Ошо баатыр Манас баланын,
Каарына туралбай,
Бет келип найза салалбай.
Кара сакал кыл мурут,
Бир баланын астында.
Буурул мурут, ак сакал,
Оң жагында көрүнөт.
Алтын нурлуу кызыл жүз,
Кызыл чийкил жаш бала,
Сол жагында көрүнөт.
Кырдуу мурун каар көз,
Алдындагы тулпарга,

Кошо минип алыптыр.
Кудай билер чын болсо,
Кан Манастын бирлери,
Каргадай болгон баланы,
Тегеректеп калыптыр.
Баланын түрүн көргөндө,
Желегин жерден түргөн жер,
Жер ботого кирген жер,
Алгара оозун жайган жер.
Каргадай болгон жетимден,
Артынан киши көп келген.
Бала Манас атасын,
Мен сойгонмун деп келген.
Манастын уулу баладан,
Беттешип айза салалбай,
Же баланын эбин табалбай.
Ордойлуу тоо, ок кыя,
Муну көздөй салды эми.
Корккону эмей эмине,
Манастын уулу баладан,
Мына Коңурбай качып калды эми.
Тоого, ташка урунат,
Алгара келип тийгенде.
Тоого чыккан бадалдар,
Түбү менен жулунат.
Бакырыгы басылбай,
Ошо кезде баланын,
Бакырган үнү басылбай,
Кыйкырыгы басылбай.
Эки кыя катар жол,
Андан өттү чоң Манжуу.
Ары жаткан аска жол,
Адам басып жүрбөгөн,
Ошо жолу башка жол.
Кылча жанын аябай,
Кылчайып артын карабай.
Алдыдагы Алгара,
Безип барат токтобой,
Тизгинин буруп кагалбай.
Каапыр да болсо Калчанын,
Багына бүткөн мал экен.
Кара жолго салганда,
Желгенине жел жетпей,
Жебелеп аткан ок жетпей,
Басканына мал жетпей,
Машаалап аткан ок жетпей.
Туягында тура жок,
Жүрөгүндө кара жок.
Турбай жолго салганы,
Чыканактай баладан,
Коңурбай качып калганы.
Ак-Кыядан өткөндө,
Үч курбуга жеткенде.
Берсең кудай бергин деп,
Мендем деп мени жасасаң,
Чоң Манжууну бербесең,
Мени бүгүн алгын деп,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып.
Манастын уулу жаш жетим,
Кара жанын кудайга,
Бала чунак жайрагыр,
Милдет кылып тапшырып.
Өөдө, өөдө жер келсе,
Астындагы Ак тулпар.
Ошондо жетти такылдап,
Коңурбайдын Алгара,
Же учканы билинбейт,
Же басканы билинбейт.
Манастын уулу жаш бала,
Өөдө,өөдө жер келсе,
Өксүп сайып баратат.
Ылдый, ылдый жер келсе,
Учуп сайып баратат.
Капталы бийик карагай,
Кан Коңурбай эр баатыр,

Муну көздөй салды эми.
Жолго адис чоң Калча,
Кутулам деп ойлонуп,
Туура качып калды эми.
Бала чунак эр баатыр,
Көтүнөн түшүп бакырып.
Эки бөлөк ээр таш,
Эми шерин саярда,
Коңурбайдын Алгара,
Аңдан аттап өттү эми.
Бала минген Актулпар,
Ортосунда кордойго,
Колун салып алды эми.
Кудайдын кылган иши деп,
Алгарага жете албай,
Канкордун уулу жетим кул,
Будаланып калды эми.
Астыңкы бийик аскада,
Алгара оозун буруптур,
Ой, ой бала мактанба,
Байгамбар чапкан жол ушул.
Сенин атаң Манасты,
Башында сойгон жол ушул.
Азирет чапкан жол ушул,
Атаң Манас жолдошу,
Алмамбет менен Чубакты,
Ошону сойгон кол ушул.
Сен бу жерден кайтарсың,
Коңурбайды куудум деп,
Кабылган элге айтарсың.
Манастын уулу Семетей,
Ак тасма белге бууган жер.
Атагы ашкан чоң манжуу,
Астына качып кутулуп.
Баатырдын уулу баланын,
Дүйнө күн ошондо көөнү бузулуп.
Кайгы тартып камыгып,
Кабыргасы ката элек,
Балтыр эти толо элек.
Жараткан алда кудайга,
Семетей ыйлап таарынып.
Не жазаса башында,
Эмгектүү кылбай кудайым.
Алып койсо не болот,
Балтыр бешик жашымда.
Коңурбайды кутказып,
Мойнун кайра бурган жер.
Манастын уулу жаш жетим,
Буркурап ыйлап турган жер.
Асты жагы тараша,
Үстү жагы кара арча.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Энекем айткан кеп эле.
Эмчектүү энем бу шордуу,
Астыңан душман кабылса,
Кайра тартпа деди эле.
Кабылган ишим бузулуп,
Ошо Манастын уулу жаш жетим,
Ким экенин билген жок.
Астына качып куурулуп,
Баркылдап үнү бек чыгып,
Мен Манасты сойдум деп чыгып,
Айткан кеби бек чыгып.
Алмамбет менен Чубакты,
Мен экөөнү сойдум деп чыгып.
Атка минип шаттанып,
Айтып кетти Коңурбай,
Ошо жаш баладан кутулуп,
Семетейге мактанып.
Манастын уулу Семетей,
Ушу жаным өлбөсө,
Кан атам Манас баатырдын,
Сайып кеткен багына,
Салып кеткен шаарына.
Куруп кеткен чебине,
Күтүп кеткен элине.

Элге барып чоңойсом,
Мына бу колуман кеткен чоң киши,
Же Коңурбайбы башкабы?
Белиме саадак чалармын,
Ушу жаным өлбөсө,
Мен Бээжинге барармын.
Ат жетелеп жөө басып,
Сыр найзаны таянып,
Кайра ордуна барды эми.
Тамак ичип толгонуп,
Карды тоюп ойлонуп.
Жоо качырып кутказып,
Букардан минип чыкканда.
Чоң энеси Чыйырды,
Өз энеси Каныкей.
Ыйлатып экөөн сыздатып,
Канча айтса болгон жок,
Эки энесин ыйлатып.
Бала чунак оңбогур,
Тилин алып койгон жок.
Аттанып жолго салыптыр,
Кагаз алып колуна,
Энекеси Каныкей,
Астына ыйлап барыптыр.
Токтогондо билесиң,
Кагазга жаздым баарысын.
Кагазды ачып окусаң.
Тентип жүрүп темтеңдеп,
Кызыл өңүң саз болуп,
Азат боюң бас болуп.
Атың болот ыргайдай,
Битиң болот торгойдой.
Жол табалбай адашып,
Эчен жолго саласың.
Бу кагаздан окусаң,
Шордуу энеңдин белгисин,
Өзүң барып табасың.
Ордолуу тоонун оюнда,
Башы бийик кара тоо,
Маңдай-тескей эки зоо.
Адам басып жүрбөгөн,
Орто жери узун коо.
Каттан окуп сен турсаң,
Кара таштан кынаткан,
Кара темир бураткан.
Бөлөк таштан эн кылган,
Оозун бекем бекитип.
Атаң Манас баатырдын,
Ажал жетип мен өлсөм,
Калган журтум табар деп,
Кара кыя кескен жол.
Атаң Манас каздырган,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ок-дарыны жүктөтүп,
Казынасын каттырган.
Кагазына жазыптыр,
Так түбүнө баргын деп,
Коркпой конуп алгын деп.
Ошо зоонун башында,
Жаркырап күйгөн шамы бар.
Казынасын кайтарткан,
Шордуу энеңдин мойнунда,
Кырк эки киши каны бар.
Казынасы жаткандыр,
Бир миң төөгө жүктөтүп,
Атакең каткан казына,
Ошону шейит баккандыр.
Салынган тумшук кара жер,
Бооруна болот кактырган.
Боорунан үңкүр каздырган,
Болот менен ойдурган.
Аманат кылып кудайга,
Жан кишиге билгизбей,
Сенин атакең Манас койдурган.
Ак була жайып бүктөткөн,
Мына бу турган шордуу энең,

Миң төөгө буудай жүктөткөн.
Ырчыны жыйып ырдаткан,
Атакең жыйган казына,
Ошо казынасын каттырган.
Артында калган мусулман,
Баатырдан калган мураапы.
Эр чыкканы билер деп,
Бир пайдасы тиер деп.
Миң төөгө жүктөп буудайды,
Жана атакең Манас каттырган.
Шейиттерге бактырган,
Эки зоонун ортосу,
Мунарык чыккан багы бар.
Казынасын алат деп,
Кокустан бирөө табат деп,
Шейит багып турсун деп,
Арбак жанга көрүнбөйт.
Азаптуу энең мойнунда,
Ошо каткан казына.
Так ошонун ичинде,
Он эки киши каны бар,
Билгизбей койгон бейит бар.
Атакең Манас маркумдун,
Казынасын кайтарткан,
Алтымыш төрт шейит бар.
Кагаздан окуп аларсың,
Өз жаныңдай сактап жүр.
Атакең каткан казына,
Сен түбүнө барарсың.
Жангызы барып сен консоң,
Шейиттен кабар аларсың.
Каныкей жазган катыңы,
Канкордун уулу Семетей,
Жайып окуп турду эми.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Аңтарылып кетсечи,
Бу көрөкчө шум дүйнө.
Ат куйругун өрбөгөн,
Атанын наркын көрбөгөн.
Ат жалын тартып минбеген,
Атасы менен жүрбөгөн.
Атасы жоокер болгон соң,
Кошулуп жоого тийбеген.
Кайда болсо жайда бар,
Атанын наркын билбеген,
Мендей шордуу кайда бар.
Манастын уулу жетимче,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү көпкө бөлүнүп.
Кой деп коер киши жок,
Тал чыбыктай толгонуп,
Далайдан кийин ойлонуп.
Бейтаалай энем Каныкей,
Катка жазып көп айтып.
Мен өңдөнгөн жетимди,
Кайраттуу болгун деп айтып.
Каныкей кебин угуптур,
Катынан окуп туруптур.
Манастын уулу жетимче,
Кат окуп көзү ачылып,
Муңканган үнү басылып.
Ойбой жетсем элиме,
Энекем жазган кагазды,
Өч ал деп айткан кебине.
Эчен күнү жол бастым,
Менде көргүс жол менен.
Бет алышып жоолоштум,
Жоолошкон жоону албадым,
Же ошондон өлүп калбадым,
Менин ушу болду арманым.
Манастын уулу баланын,
Актулпар атын токунуп.
Каргадай болгон жаш жетим,
Жоо-жарагын асынып.
Каныкей берген ак куржун,
Кайра байлап капшырып,

Канжыгага тапшырып.
Суруналуу Кара-Тоо,
Тоону түптөп алган жер.
Кече Каныкей айткан кебине,
Атасы канкор Манастын,
Казына каткан жерине.
Тунарган зоонун түбүнө,
Атасы Манас эр баатыр,
Катып кеткен дүнүйө.
Актулпар оозун бурган жер,
Атам Манас басты деп,
Каныкей энем айтты деп.
Казынасын кан атам,
Кайсы жерге катты деп.
Же каткан жерин биле албай,
Ошо жетим балага,
Мендеден башка тил албай.
Кудайдан башка маана жок,
Манастын уулу балага.
Кара жору калдактап,
Кара зоонун башында,
Жору учат далдактап.
Ак жору учуп айланып,
Манастын уулу жетимче,
Андай жерди көрөлөк.
Турду бала таң калып,
Шордуу энем жазгандыр,
Катка жазып айткандыр.
Көптөн кийин ойлонуп,
Кагазды алды колуна.
Каныкейдин айтканы,
Далайда түштү оюна.
Катын окуп караса,
Темирчендат кара таш.
Темир менен жээктеп,
Казынанын оозуна,
Атакем баатыр зор Манас,
Кылымдан уста жыйдырып,
Кокустан киши билет деп,
Эбин эптеп кыйдырып.
Ошо тегеренип аларсың,
Энекем байкуш айтты деп,
Темселеп токтоп каларсың.
Абай кылып караса,
Кынабын таштан кыйдырган.
Кабар угуп молдодон,
Казынаны багат деп.
Шейит баккан казына,
Адам таппай калат деп.
Атам Манас эр маркум,
Кырк кишини бир кырган.
Ойлоп, ойлоп караса,
Эки жардын ортосу,
Бүрдөгөн чынар талы бар,
Түн ичинде караса,
Мунарып күйгөн шамы бар.
Бу шейиттердин белгиси,
Арстандын уулу Семетей,
Атасы баатыр эр Манас,
Канкор атам Манастын,
Казынасын бекиткен.
Кара үңкүрүн көрсөм деп,
Арманым жок кудайга,
Анан кийин өлсөм деп.
Жана каттан караса,
Айбалтаңды алгын деп,
Адам жигин билбеген,
Кара ташка баргын деп.
Айбалта менен үч уруп,
Кулагыңды салгын деп.
Дабыш чыгат зыңылдап,
Сандугач сайрайт чырылдап.
Кара таштын жанында,
Кынабын жакшы кыйдырган,
Кызыл таштан кынатып,
Кырына чоюн тундурган.

Айбалта бурчун салгын деп,
Куран окуп арбакка,
Ошо ташты алгын деп.
Ошо таштын бетинде,
Жазып койгон каты бар.
Ошондо эбин кыйдырган,
Он эки уста аты бар.
Мендеден чыгат ар нерсе,
Уста төкөр Төлөгөн,
Атаңды кудай жөлөгөн.
Акылман уста Бөлөкбай,
Ташты чаап эп кылган.
Шашпай окуп куранды,
Алаканың жайгын деп.
Аны көрсөң Таласка,
Анан кийин баргын деп.
А белгини көрбөсөң,
Шордуу энеңди сыздатпай,
Кайра тартып келгин деп.
Куудай чачы ак болгон,
Өлө турган чак болгон,
Чоң энеңди көргүн деп.
Кагазга жазып бериптир,
Каныкей айткан белгинин,
Баарын бала көрүптүр.
Кынаган ташка барды эми,
Айбалта менен салды эми.
Сандугач сайрайт чырылдап,
Адамча сүйлөйт кыңылдап.
Аңтарып ташты караса,
Кырк устанын аты бар,
Мусулманга кары бар.
Бала чунак Семетей,
А белгини көргөндө,
Талас менен Кеңколдун,
Талаасына баргандай.
Аргын, огой көп журттун,
Арасына баргандай.
Баланын көөнү жазылып,
Атасы Манас баатырдын,
Белгисин көрүп жетимче,
Ичинен кайгы кеткен жер.
Актулпар минип токунуп,
Өлбөсөм элге барам деп.
Кан атам күткөн калың журт,
Элимди колго алам деп.
Кече эки энемди тентиткен,
Жолго салса кудайым,
Кетет экен кудай ай,
Мен ичимде толгон убайым.
Каргадай болгон көпөлөк,
Кара жолду төтөлөп.
Ойу талаа, сары түз,
Ойго салбай Семетей.
Төтө жолго салыптыр,
Манастын уулу Семетей,
Таласка кирип барууга,
Эки күндүк калыптыр.
Эми Семетейди таштайлы,
Канкордун уулу баладан,
Кабылган экен чоң Манжуу.
Эки тоонун арадан,
Бала чунак жолборсту,
Канча түркүн жолдошту.
Дөгүрсүгөн чоң калмак,
Муну сайып алам деп.
Астындагы тулпарды,
Абыкенин шаарына,
Коштоп алып барам деп.
Кан Манастын ордуна,
Абыке чыккан кан болуп.
Аргын менен огойду,
Ар кайсы жакка көчүрүп.
Манас деген кишини,
Абыке, Көбөш аскери,
Мылтыктап атып өлтүрүп.

Койгон экен көкжалдар,
Манастын атын өчүрүп.
Какан менен Бээжинге,
Кароолчу болуп алыптыр.
Бээжиндин каны Манжууга,
Кат боолоп кагаз салыптыр.
Кабары менен чоң Манжуу,
Бээжинден келип калыптыр.
Кароолчу болуп жол чалып,
Семетейге кабылып.
Чала-була айза жеп,
Кеткен экен кутулуп.
Абыкенин шаарына,
Барган экен айлына.
Манастын уулу чыгыптыр,
Кербенчиден кеп уктум.
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулуна тең болуп.
Элин издеп Семетей,
Келет экен деп уктум.
Кокустан келсе баланы,
Абаптап колго алгыла,
Алаканды жайгыла,
Казына оозун ачкыла.
Кан ичменин тукумун,
Сыр билгизбей баккыла.
Үстүнө зоот кийгизбей,
Көөнү өсүп кетпесин.
Астына жорго мингизбей,
Ар немени билгизбей,
Эркелетип жүргүлө.
Ала көөдөн дардаң боз,
Элимди таап алдым деп.
Эчтемени энебейт,
Өлөмүн деп элебейт.
Кошо келсе Каныкей,
Кокустан кылат өзүңө,
Ошо балаң оет көзүңдү.
Кароолчусу Абыке,
Жангыз келсе Семетей,
Алдап жүрүп апаптап.
Манастан калган мынтыкты,
Ичин жакшы майла деп.
Ошо кара чунак баланы,
Алдап жүрүп жайла деп.
Кербенчиден кеп уктум,
Ошо Манастын уулу Семетей,
Келет экен деп уктум.
Мен бу жерге туруп кетейин,
Бээжинге кирип кетейин.
Алтындан каккан кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып.
Абыке менен Көбөшкө,
Манастын уулу баланы,
Өлтүргүн деп тапшырып.
Өлбөсө бала оң кылбайт,
Асили сени соо кылбайт.
Семетейди көрдүм деп,
Сырын айтпай Коңурбай.
Бет алышып сайышып,
Мен кутулуп келдим деп,
Чынын айтпай Коңурбай.
Абыке менен коштошуп,
Акылды бирге токтотуп.
Чоң Манжуу жолго салыптыр,
Манастын уулу баланы,
Колдогонун көргөндө,
Коңурбай чочуп калыптыр.
Эрешен тартып эр болсо,
Эл уулуна тең болсо,
Элин колго алат го.
Өлбөсө бала Семетей,
Түрү башка болуптур,
Бээжинге чейин барат го.
Абыкеге кеп айтып,
Арамзаада чоң Манжуу,

Келип калса баланы,
Өлтүргүлө деп айтып.
Бу кудайдын бергени,
Акылы бар эси жок.
Бакайдын аман жүргөнү,
Арамдардын иши жок.
Эрдиги бар эси жок,
Атасы башка арамдар,
Бакай менен иши жок.
Какан менен Бээжинге,
Кароолчу болуп жол салып,
Бээжинге бийлик бериптир.
Эр Манастын атасы,
Ичинен чыгып капасы,
Коңурбайдан кол үзбөй,
Кол кармашып жүргүн деп.
Аргын менен Огойду,
Алты аралды бөлгүн деп.
Чоң атасы кан Жакып,
Атышып жоону баскансып.
Баласы Манас өлгөндө,
Багын кудай ачкансып,
Урушуп жоону баскансып.
Баласы Манас өлгөндө,
Чынары өсүп бүрдөгөн.
Атасы башка арамды,
Манастан калган Огойду,
Кордук менен бил деген.
Кара ниет кан Жакып,
Арамга айткан сөзү бар.
Өзүнөн болгон жалгызга,
Жакыптын кандай өчү бар.
Оң мурутун өрүптүр,
Бээжиндин каны Манжууну,
Кара ниет кан Жакып,
Баласындай көрүптүр.
Атасы башка душманга,
Кан Жакып бирдик бериптир.
Аргын менен Огойду,
Манастын көзү өткөн соң,
Алсыратып билиптир.
Кокустан Манас дегенди,
Канга боеп жүрүптүр.
Арстан Бакай абасы,
Ак экенин биле элек.
Кече Каныкей тентип качканда,
Кармап алып Бакайды,
Кан Жакып баштап кеп айткан.
Канчык качып жоголду,
Оңолбогон куйту кул,
Сен качырдың деп айткан.
Арстан Бакай эр баатыр,
Аманат жандын айынан,
Мен качырсам оңбоюн,
Эгерде эки болбоюн.
Ташка чыккан талмазар,
Арстан Бакай актанып,
Кыркып берген талкалап,
Семетейди калкалап.
Кумга чыккан топ мазар,
Кыркып берген куйкалап.
Каныкей менен Чыйырды,
Жоргонун белин ашырган.
Арстан тууган эр Бакай,
Азык берип качырган.
Ак ийилип сынбайт деп,
Ак куран ачып ант берген.
Алты жолу Букарга,
Манастан калган көпөлөк,
Аманаты деп кат берген.
Каныкей катты көп айткан,
Аман болсо көпөлөк,
Багып жүрөм төтөлөп.
Он төрткө жашы толгондо,
Олуттуу киши болгондо.
Ошондо баланды салам жолуна,

Тийгизем сенин колуңа.
Өлбөсө балаң барат деп,
Өзүңдү издеп табат деп,
Арамдан өчүн алат деп.
Каныкей катка жазчу экен,
Кабарлашып атчу экен.
Каныкей жазган катты окуп,
Бакай көөнүн басчу экен.
Ак сакалын түйүптүр,
Кордукту көрүп арамдан,
Атактуу Бакай кайран шер,
Манастан калган көпөлөк,
Семетейди күйүптүр.
Өлбөсө бала келет деп,
Өкүмсүгөн арамдар,
Ошо Манастан калган баладан,
Ошондон кордук көрөт деп.
Астына Мөңкүш эл менен,
Жай болгондо кан Бакай,
Жердин чөбүн жечү экен.
Бакайдын эли аз Мөңкүш,
Куу маяны шыпырып,
Аңыздан эгин терчү экен.
Айласы жок курган журт,
Ошентип оокат кылчу экен.
Баштап жүргөн Бакайды,
Колунда алгыр шумкар бар экен,
Арстан Бакай кайран эр,
Талаага шумкар салчу экен.
Абыке, Көбөш аскери,
Дайнын таппай калчу экен.
Кекилик, коен алдырып,
Арстан Бакай кайран эр,
Багып жүргөн элине,
Алты күндө чогултуп,
Сорпо кылып берчү экен.
Байбичеси Акеркеч,
Семетей жерге түшкөндө,
Өз колуна алыптыр,
Алаканга салыптыр.
Киндиктин канын буудуруп,
Каныкей менен Акеркеч,
Бакай Манас барында,
Тай кулундай тебишип,
Тел кулундай жарышып.
Бакай менен Манасты,
Жолдош болуп багышып.
Каныкей кайып тууганда,
Эр Бакайдын Акеркеч,
Кара кан кирин жууганда.
Оң саамайын жыттатып,
Орто төшкө уктатып,
Омуртка сөөгүн сыздатып,
Ак саамайын жыттатып.
Айры төшкө уктатып,
Акырек сөөгүн сыздатып.
Өз колуна алчу экен,
Бала көрөлөк Акеркеч,
Ак тамагын кылайтып,
Ак эмчегин булайтып.
Баатырым тапкан бала деп,
Тел козудай эмизип.
Асырап чайкап чоң кылып,
Семетей качан келет деп.
Күндө ыйлап мунданып,
Муңайып ыйлап жүрчү экен.
Манастын уулу Семетей,
Ат куйругун өргөнүн.
Атасы Манас канкордун,
Казынасын каттырып,
Ташка катын жаздырып,
Окуп алып Семетей,
Кайраттанып демденип.
Аргын,Огой элимди,
Атакем күткөн жеримди.
Көргөзөр бекен кудай деп,

Актулпар минип оргутуп,
Башынан чаңын бургутуп,
Туягын жерге чулгутуп.
Арка алып элге барганда,
Жоргонун бели туура жол,
Белге чыга калганда.
Белге чыгып барарсың,
Каныкей айткан кеп эле,
Тегеренип каларсың.
Таятаң берген дүрбүнү,
Оң колуңа алгын деп,
Ойлонуп дүрбү салгын деп,
Санаңды санга бөлбө деп.
Сактап баргын жаныңды,
Кара чунак оңбогур.
Болбой кетип барасың,
Чырымтал жүнүң маңдайда,
Эне сүтүң таңдайда.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан маалың боло элек.
Чакмак этиң толо элек,
Чалышар чагың боло элек.
Атакең Манас өлгөндө,
Арамдан кордук көргөндө,
Сени алып келдим жетелеп.
Чоң атаң какбаш күүлөнүп,
Аргын менен Огойду,
Аскер кылып топтотуп.
Өлтүрөм деп өзүңдү,
Мылтыктарын октотуп.
Көтөрдүм кудай салганын,
Көөнүмөн кетпес иш болду.
Мен көрдүм дүйнө жалганын,
Өлөйүн дедим арымдан.
Өлбөй тирүү мен келдим,
Чунагым сенин айыңдан.
Кетейин дедим арымдан,
Кетпей туруп мен келдим,
Жетимим сенин барыңдан.
Айтканымды билип ал,
Көкүрөккө илип ал.
Жоргонун бели чоң кыя,
Жонуна чыгып дүрбү сал.
Ат куйругун өрүп ал,
Атаңдан калган чоң калаа,
Ошо жерден көрүп ал.
Кеңколдун төмөн жагында,
Күйрөктүү адыр шордуу көл.
Кессеңир деген жери бар,
Ошо салсаң дүрбүнү,
Мунарып шамы көрүнөт.
Ошол атакеңдин күмбөзү,
Абдан байкап карасаң,
Азаптуу энең мен шордуу,
Ак чоподон бек салдым,
Алты кылым өткүчө,
Бузулбасын деп салдым.
Кызыл кыштан бек салдым,
Кылымдын көбү өткүчө,
Кыямат доор жеткиче,
Атакеңдин күмбөзүн,
Турар бекен деп салдым.
Кылычын тартып илдирдим,
Кылганынын баарысын,
Артында калган көпөлөк,
Аман жүрүп чоңойсо,
Окуур бекен төтөлөп.
Күмбөзүнө чийдирип,
Мынтыгын койдум астырып.
Атакеңден калганын,
Сени билер бекен деп,
Күмбөзүнө жаздырып.
Дүрбү салып көргөндө,
Астыңдагы атыңды,
Аса байлап салгын сен.
Койнуңа каттым куранды,

Ачып окуп алгын сен.
Шашпай окуп бүтүргүн,
Атакеңе түшүргүн.
Асманда түтүн бөлүнөт,
Атаңдан калган чоң калаа,
Ошонун шаңы көрүнөт.
Калаанын шаңын көргөндө,
Көңүлүң көпкө бөлүнөт.
Ошондо көзүңдүн жашын
тыйбасаң,
Атаңдан калган калаа деп,
Көрүп туруп ыйлайсың.
Атаңдан калган чоң калаа,
Түнөрүп алат түптүү бак,
Түйүлүп аткан алма шак.
Карарып аткан калың бак.
Кароолонгон алма шак,
Шаардын берки четинде,
Үч курбулап салдырган.
Томогодой бир сарай,
Ичи бөлөк бир далай.
Маркум атаң зор Манас,
Кылымдан уста алдырган,
Сарайды башка салдырган.
Азыркы жайын айтайын,
Сенин чоң атаң какбаш киргендир,
Доор сүрүп жүргөндүр.
Кокустан жангыз барба деп,
Бекер өлүп калба деп.
Ошол белден дүрбү салганда,
Менин айткан кебимди ук.
Берсе кудай тилекти,
Бир аксакал киши жолугат,
Сени өлтүрөм деп оолугат.
Көкчолок болот мингени,
Көк темир болот кийгени.
Селдеси болот башында,
Так алтымыш жашында.
Ошо киши келбесе,
Келип сени көрбөсө.
Өлтүрөмүн дебесе,
Атаңдан калган калаага,
Барам деп жетим ойлонбо.
Белиңдеги белбоону,
Бекем кармап түйүп ал,
Беш күнү жатып күйүп ал.
Атаңдан калган желмаян,
Казатка атаң чыкканда,
Ок-дарысын жүктөгөн.
Мынтык атса жетпеген,
Желмаяны бар эле.
Алда деп атка мингенде,
Атаң Манас эр маркум,
Күтүп жүргөн мал эле.
Өркөчү бийик, мойну узун,
Жолго аттап чыкканда,
Барбуура деген бар эле.
Ат куйругун сен түйсөң,
Келбесе киши кашыңа,
Турбаса киши астыңа,
Атаңдын төөсү кабылат,
Ошондо абийириң жакшы жабылат.
Жаныңдагы ак куржун,
Оозун ачып алгын сен.
Ал эки төө кабылса,
Атаңдын салгын шаарына,
Анан кийин баргын сен.
Кагазына жазыптыр,
Каныкей кайрап айтыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Катынан окуп алган жер.
Жоргонун бели чоң кайкы,
Атандынын Ак-Кыя,
Көгүчкөндүн Көк-Кыя,
Үчөөнүн учу кошулган.
Жоргонун бели чоң буура,

Бала чунак Семетей,
Кагазды алып катты окуп,
Колго дүрбү алган жер.
Талас, Кеңкол шаарга,
Манастын уулу Семетей,
Бала чунак жайрагыр,
Байкап дүрбү салган жер.
Талас менен Кеңколдун,
Баарын көрүп алган жер.
Кеңколдун кары мунарып,
Үстүнө булут тунарып.
Манастын уулу Семетей,
Энекеси Каныкей,
Каттап берген жер эле.
Атакеңдин күмбөзүн,
Жакшы байкап көргүн деп,
Жайын айтып берди эле.
Кыйшая түшүп отуруп,
Кынабын көзгө толтуруп,
Шаарын көрдү Семетей.
Талас менен Кеңколдун,
Баарын көрдү Семетей.
Эшигинин астына,
Мамысынын башына,
Сары жезден кактырган,
Жагоолорун каптырган,
Мамы көрдү Семетей.
Мурун көрбөй калганын,
Дагы көрдү Семетей.
Атасы Манас салдырган,
Чебин көрдү Семетей.
Ар короого калың журт,
Элин көрдү Семетей.
Каныкей жайын көп айткан,
Барбагын жангыз деп айткан.
Бейтаалай энем айтты деп,
Семетей тилин алыптыр.
Жети күнү саргайып,
Талаага жатып калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Актулпар оозун бурган жер.
Жакын барып Таласка,
Сабыр кылып турган жер.
Барбуура менен Желмаян,
Бала келсе чоңоюп,
Атасы күткөн жол эле.
Бир пайдасын көрөр деп,
Ачкалыкта сойдурбай,
Манастан калган эки төө,
Бакайдын эли аз Мөңкөш,
Ат таппаган баары жөө.
Арстан Бакай кайран шер,
Көкчолокко жангыз ээ.
Аң түгөнүп аз болуп,
Илбесин таап алалбай.
Ичке суугa барыптыр,
Арстан Бакай баатырдын,
Багып жүргөн өзү эле.
Жаман болуп калыптыр,
Кессеңирдин оюна,
Барды Бакай боюна,
Шумкарын алып колуна.
Аңыртынын чатында,
Кудай билет чын болсо,
Түлкү, коен узарып,
Түлкүсү коен кубалап,
Арстан Бакай барган жер.
Эки түлкү, үч коен,
Шумкарына алдырып,
Канжыгага чалган жер.
Чекиртинин белине,
Кайтып кийик ойногон,
Көргөн киши болбогон.
Асты жайык бети түз,
Арстан Бакай барды эми.
Алтымышча кекилик,

Шуңкарына алдырып,
Куржунуна салды эми.
Чолок сеңир үч кудук,
Буга Бакай барды эми.
Тогуз коен, беш улар,
Шуңкарына алдырып,
Куржунуна салды эми.
Айда жолу болбогон,
Алты күнү куш салса,
Арстан Бакай баатырдын,
Салынган куржун болбогон.
Атандынын белине,
Аккан суунун жээгине,
Арстан Бакай барды эми.
Алты тоодак, эки каз,
Шуңкарына алдырып,
Ошо Бакай баатырдын,
Куржунуна баткан жок.
Үч көлмөнү жээктеп,
Толорсуктап тээктеп.
Канатын кайрып капшырып,
Канжыгага тапшырып.
Андай жолу болбогон,
Арстан Бакай баатырдын,
Жолун кудай оңдогон.
Мурункудан бир башка,
Бакай барды үйүнө.
Кудайы билет чын болсо,
Ачкалыкка чыдаган,
Арык элин жыйды эми,
Сугалагын тыйды эми,
Чоң казанга салды эми.
Сорпо ичпеген курган журт,
Талаптанып калды эми.
Ботолуу деген жери бар,
Жөө жетелеп откозуп,
Ак бото деген барчу экен.
Алып жүрүп откозуп,
Барбуура менен ингенди,
Бекем матап салчу экен.
Сорпого бото тоюптур,
Барбуура менен Желмаян,
Эки төөнү унутуп,
Баланы кудай урганы,
Төөнү унутуп турганы.
Колдон чыкса эки төө,
Шордуу көлгө барат деп.
Абыке, Көбөш арамдар,
Манастан калган эки төө,
Кайдан келди булар деп,
Ошолор кармап алат деп.
Анда-мындан откозуп,
Жөө кишиге коштотуп.
Кечкиргенде алдырып,
Бек мататып салдырып.
Мөңкөштүн эли бакчу экен,
Бакайдын зайбы Акеркеч,
Белги кылып жүрчү экен.
Эти бышып ачышып,
Араң жүргөн курган журт,
Ээси ооп элдиреп,
Эки төө чыгып эсинен,
Калган экен делбиреп.
Бейлине кудай салыптыр,
Бакай кандын Акеркеч,
Эшикке чыга калыптыр.
Эки жагын караса,
Эки төөнүн изи жок,
Багып жүргөн киши жок,
Кайда кеткен дайны жок.
Манастан калган эки төө,
Узун кырга салыптыр.
Шоргонун бели кайкыга,
Моюн алышып тайрактап,
Семетейдин жанына,
Барбуура менен Желмаян,

Адам айдап баргандай,
Жаныбарым эки төө,
Семетейге барыптыр.
Карап турса Желмаян,
Көзүнөн жалын шыркырайт.
Манастан калган Барбуура,
Ботосун көргөн ингендей,
Барбуура боздоп буркурайт.
Манастын уулу жаш бала,
Төөнү көрүп таңкалат,
Жакасын кармап таңданат.
Каныкей айткан кеп эле,
Жолуңан жолборс качса деп,
Жолуңду кудай ачса деп.
Атаңдан калган эки төө,
Астыңдан чыгып кабылат.
Кагылайын жетимчем,
Сени багуучу киши табылат.
Каныкей кебин угуптур,
Манастын уулу Семетей,
Энемдин айткан кеби деп,
Эки төө кайдан келди деп.
Адыр-адыр бел экен,
Төө эмес, ат баспаган жер экен.
Атаңдан калган Барбуура,
Атаңдын көзү өткөндө,
Аманат кылып баккамын.
Мен Таласка баталбай,
Өзүңдү алып качкамын.
Манастан калган Барбуура,
Барыптыр бала жанына.
Айраң калып таңданып,
Эки төө кандай келди деп,
Ээси кандай болду деп.
Жаныбар мойнун жерге салды деп,
Чөгүп жатып калат деп.
Манастын уулу Семетей,
Эси чыгып солк этип.
Каныкей айткан кеби бар,
Атадан калган жетимим.
Атаңдан калган эки төө,
Ошол аман-эсен бар болсо,
Астыңан чыгып кабылат.
Ошондо сага кудай бергени.
Маркум атаң Манастын,
Азык-түлүк арттырган,
Ок-дарысын жүктөткөн.
Кече мен Таластан качып чыкканда,
Жолуң болсо жетимим,
Сени калкалап багып алуучу.
Атаңдын чапкан жолуна,
Сени алып жүрүп салуучу,
Сени кудайдан кийин багуучу,
Байгамбар сындуу бабаң бар.
Менин азилим болгон ургаачы,
Атын айтпайм ошонун.
Сенин атакең Манас жолдошу,
Сен эмес, атаңдын ишин оңдоочу,
Жетимим олуя заада абаң бар.
Салса кудай оңуңа,
Эки төө тийсе колуңа,
Жетимим сага кудай бергени.
Атаңдын шаарын көргөндө,
Зарлап ыйлап турганда.
Атаңдан калган эки төө,
Атакеңдин бирлери,
Ошолор айдап келгени.
Маң-маң, маң баскан,
Эки көзүн кал баскан,
Желке жүнүн чаң баскан.
Жаныңа келип суналып,
Эки көзү жайначу,
Кокустан эсиң чыгып кетпесин.
Мына бу турган шамшарды,
Сабына күмүш чаптырып,
Бетине сени жаздырып,

Топ устага таптатып,
Кынынын тышына алтын каптатып.
Кокустан сууруп алба деп,
Эки төө келсе жаныңа,
Ошону оң колуңа алгын деп.
Тиздеп койгон немедей,
Чөгүп жатат Барбуура.
Маркум атаң Манастын,
Арбагына чалгын деп,
Каныкей айткан кеби бар.
Капа болуп зарланып,
Кара чунак баланын,
Унутуп калган жери бар.
Беришге салды бейлине,
Манастын уулу жетимче,
Далайда түштү денине.
Баягы Каныкей айткан кебине,
Энемдин айткан кеби деп.
Ошондо шамшарын алды колуна,
Ошо баатырдын уулу жетимдин,
Ошондо жараткан түштү оюна.
Атам Манас маркумдун,
Акырет жайга барганда,
Оң колуна тиер деп,
Тиги дүйнө жалганда.
Жоо-жарагын жүктөтүп,
Алып жүргөн мал эле.
Акыр доор болгондо,
Баатыр атам эр Манас,
Бул жетелеп жүрөт деп.
Жараткан салып оюна,
Шамшарын алып колуна,
Барбуураны чалган жер.
Манастын калган көпөлөк,
Атасынын жолуна,
Каргадай болгон көпөлөк,
Эки жагын караса,
Эч эчтеме билинбей,
Эл карааны көрүнбөйт.
Атамдан калган мурапы,
Мен жетелеп жүрбөдүм.
Же атамдын аркын билбедим,
Же айлында бирге жүрбөдүм.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Мендей чунак кайда бар.
Манастын уулу жетимче,
Бууранын мууздап буркурап.
Же кой деп коер киши жок,
Көзүнөн жашы шыркырап.
Манастын уулу жетимдин,
Ыйлап турган жери ушул.
Кеңколдун туюк башында,
Бор-Дөбөнүн чатында.
Арстан Бакай абасы,
Эки суунун башында.
Аттанса жолу болбогон,
Астынан качкан илбесин.
Кан Бакайдын шумкары,
Канаттуу эмес коендон,
Бөксөдөгү улардан,
Көлчүктө жүргөн куулардан,
Жайылып жүргөн түлкүдөн,
Жан кутказбай алыптыр.
Семетей жакын барганда,
Ошо Бакай баатырдын,
Казанына май кайнап,
Үйүнө толуп эл жайнап.
Ачка болгон Мөңкөш журт,
Аш-тамакка тоюптур.
Кан Бакайдын байбиче,
Эмчегим ташыйт делбиреп,
Эсим оойт эндиреп,
Кагылайын тууган журт,
Же баарыңа кудай береби,
Эмчегимдин ийигени,
Баатырдан калган көпөлөк,

Бейтаалай аяш Каныкей,
Энебизди жетелеп,
Семетейди көтөрүп,
Же ошо бала келеби.
Же келет деп ойлосом,
Келер маалы боло элек,
Баралына жете элек.
Аман-эсен бар болсо,
Бир кудайга эп болсо.
Замандашым Каныкей,
Ошол айткан кеп болсо.
Он төрткө жашы толгондо,
Арка чачын түй деген,
Ошондо жиберем баланды,
Жолун тосуп күй деген.
Эки жыл калды келерге,
Кан Бакайдын Акеркеч,
Эмчегинин ташканын,
Элге айтып турган жер.
Кээ бирөө кеп айтат,
Качып жүрүп кор болгон.
Жетимдик дагы кетелек,
Кайдан келсин деп айтып.
Ал аңгыча Букара,
Букаранын катыны,
Ыйлап кирди Күлшайра.
Атанын кокуй арман күн,
Тамак ичип чыкканча,
Эки төөнүн дайны жок.
Узун кырга салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
Жер тырмалап буркурап,
Багып жүргөн эки төөм,
Жоголду деп Күлшайра,
Ыйлап турат чыркырап.
Кудай урган экен деп,
Элге тамак мен берип,
Эминеге мен турдум.
Шор сураган эки төө,
Узун кыр ылдый салган го.
Атаны кокуй арман күн,
Белги кылып жүрчү элем,
Эки төө кетип калган го.
Төөнү эстен чыгарып,
Мени шайтан сайган го.
Арстан Бакай көк жалы,
Атаны кокуй дүйнө күн,
Акеркеч ыйлайт бакырып.
Арамдардын чалгынчы,
Ошолор кармап алды го.
Айбан да болсо жаныбар,
Медер кылып жүрчү элек.
Алып кетип калды го.
Арамдар алса эки төө,
Бул эки төөнү алдырып,
Тирүү жүрүп нетейин.
Кыл мурутум түйдүм деп,
Семетейди күйдүм деп.
Эми төөдөн айрылып,
Белги кылып жүрчү элем,
Туубай туна чөгөйүн.
Эки төө колго тийбесе,
Арамдардын шаарына,
Кан Манас атын өчүргөн,
Абыке атка көчүргөн.
Бузук салып көрөйүн,
Жоо-жарагын алган жер,
Арстан Бакай кайран шер.
Жоо чопкурун кийген жер,
Көкчолокту минген жер.
Алтын айдар чоң күпсөр,
Ок-дарысын алган жер.
Көтүмөн ээрчип жүргүн деп,
Арстан Бакай кайран шер,
Астына комкош журтуна.
Бозчолокту моюндап,

Кече Манас баатыр барындай,
Ок-дарысын коюндап.
Оң мурутун түйгөн жер,
Ошол олуя заада эр Бакай,
Эки төө издеп жүргөн жер.
Бозчолок минип эпеңдеп,
Арстан Бакай кайран эр.
Эки төө колго тийбесе,
Абыке менен Жакыптын,
Бирөөнүн башын кесем деп.
Белине кемер чалыптыр,
Берен Бакай кайран шер.
Кадимки Манас барындай,
Кайраттанып алыптыр.
Эки төө изин чалган жер,
Из кубалап төө издеп,
Арстан Бакай кайран шер.
Бала чунак жайрагыр,
Жакын кирип барган жер.
Кичинекей кайкыга,
Сопол куйрук кунан жал,
Тегеренип көп оттоп,
Тулпардын шаңын көргөн жер.
Мал келбеген жер эле,
Бул ат кайдан келди деп.
Алтындан кылган селдесин,
Такырайта салынып.
Олуя заада эр Бакай,
Мунун минген ээси бар болсо,
Алайын деп камынып,
Бакай жакын барганда.
Бала чунак Семетей,
Тегерегин чалганбы.
Кудайы билет чын болсо,
Айдай бети жаркылдап,
Айнектей көзү тунарып.
Бети гүлдөй кубарып,
Ээгинде сакал чубалып.
Оң мурутун имерип,
Кулагына салыптыр.
Жылан баштуу бөрү тил,
Оң колуна алыптыр.
Адамдан түрдүү бир киши,
Жанып келип калыптыр.
Караса көздөн кан тамат,
Эки беттен от жанат.
Түрү башка көрүнүп,
Ажалым чындап жеткени.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Менин абийиримдин кеткени.
Эки энемди боздотуп,
Аттанып болбой чыктым мен.
Башында көрдүм бир эрди,
Бет алып айза салалбай,
Жеткизбей качып кутулду,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Менин ошондо ишим бузулду.
Самандай өңү саргарып,
Уу ичкендей кубарып.
Өлүм түшүп эсине,
Илайилла деп айтып,
Өз ыйманын эми айтып.
Ошол абасы Бакай баатырдын,
Түрү башка көрүнүп.
Эт жүрөгү болкулдап,
Эси чыгып солкулдап.
Ал аңгыча болгон жок,
Адамдан башка түрү бар,
Ажыдаар сүрү бар.
Жылан баштуу бөрү тил,
Коюп ийчү немедей,
Жетип келди эр Бакай.
Манастын уулу баланын,
Эки колу боорунда.
Арстан Бакай караса,
Манастан калган Барбуура,

Башын кесип коюптур,
Барбуура жатат жолунда.
Арстан Бакай кайран шер,
Ушу сойгон экен деп,
Башын кесип байланып,
Барбууранын этине,
Кошо алып кетем деп.
Буту-колун бүктөйм деп,
Куу ингенге жүктөйм деп.
Кайраттанып чамынып,
Каргадай болгон баланы,
Сайуучудай чамынып.
Баланы коюп ийерде,
Астындагы Көкчолок,
Тегеренип алыптыр.
Айзасы жетпей балага,
Астындагы бууданы,
Ооздугун кемирип,
Кайта тартып калыптыр.
Аты кайра тарткан соң,
Ошондо Бакай баатырдын,
Эртеги өткөн көп заман,
Ошондо түшүп эсине.
Астында минген бууданын,
Кайра тартып турганын.
Жараткан алда бир кудай,
Оозуман келме кеттиби.
Маа текебер жеттиби,
Же кара жолго салганбы.
Кагылайын жараткан,
Манастын уулу жетимчем,
Ошо келип калганбы.
Ошондо Бакай кайран шер,
Ээгиндеги сакалын,
Үч имерип караса,
Астында турат жаш бала.
Жазы маңдай жалпак тил,
Жалкайыңкы көрүнөт.
Кече жолдошу Манас баатырдан,
Залкайыңкы көрүнөт.
Ошондо колундагы чоң найза,
Ошондо Бакай абасы,
Жерди көздөй ыргытып.
Ойноп айтпай чыныңды айт,
Ойнобой бала сырыңды айт.
Баланы байкап караса,
Арып чарчап калгандай,
Алыскы жерден жол жүрүп,
Айыл издеп калгандай.
Ыраакы жерден эл издеп,
Ат чалдырар жер издеп,
Түн уйкусун бөлгөндөй.
Күндөп-түндөп темтеңдеп.
Эчен мүшкүл көргөндөй.
Айтчы бала сырыңды,
Өлтүрөмүн өзүңдү,
Айтпасаң бала чыныңды.
Аягынан бек байлап,
Ээр токум аласың.
Кое берип атыңды,
Ээн талаа, чоң белес,
Келип токтоп каласың.
Түрүң суук көрүнөт,
Шумурайыл жайрагыр.
Сен кайдан келген баласың,
Көргөнүңдүн баарын айт.
Жердеп жүргөн жериң айт,
Күтүп жүргөн элиң айт.
Калк сураган бегиң айт,
Өз атаңды катпай айт.
Элиңде баатыр бар болсо,
Менин атам ушу деп,
Атаңдын атын сатпай айт.
Арстан Бакай омбутуп,
Семетейди домбутуп.
Абыке, Көбөш арамдын,

Амалдап койгон элчиби.
Арстан Бакай кайран шер,
Кандай келген бала деп,
Көзү жайнап, ич кайнап.
Эки жагын караса,
Эч эчтеме билинбейт.
Башына коюп жазданган,
Ээри турат ошерде.
Кобул салып жээктеп,
Каныкей кылган тээктеп,
Тердиги турат жайылуу.
Ошондо Бакай токтолуп,
Арстан Бакай ой ойлоп.
Ырысы жок Каныкей,
Жасачу элең ушундай.
Кече жолдошум Манас эр баатыр,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Тердигиндей көрүнөт.
Барбуураны караса.
Ичи күйүп Бакайдын,
Көңүлү эчен бөлүнөт.
Сабыр кылып кеп сурайт,
Арстан Бакай кайран шер.
Оңолбогон жайрагыр,
Сен кайдан келдиң деп сурайт.
Каныкей айткан кеби бар,
Таалайың ачса жетимчем,
Алдыңдан аксакал киши кабылат.
Ошону көрсөң барасың,
Атаңдын шаарын табасың.
Арамдан өчүң аласын,
Атаңдан калган журтуңду,
Колуңа алып багасың.
Башканын тилин алба деп,
Атакеңин жолдошу.
Анын аты Айкожо,
Ошонун көөнүн салба деп,
Каныкей айткан кеп эле.
Ошондо кашында турган баатырга,
Энемдин айткан кеби деп,
Манастын уулу Семетей,
Эсине араң келди эле.
Ошо астында турган Бакайга,
Бала эсин токтотуп,
Эми жооп берди эле.
Айланайын акебай,
Атамдын атын сурасаң,
Арбактуу Манас баласы.
Так үч жашар кезимде,
Атамдын көзү өтүптүр.
Касташкан душман көп экен,
Мени алып көтөрүп,
Атамдын күткөн элинен,
Калаалуу коргон чебинен.
Ичерине аш таппай,
Урунарга мал таппай,
Жээрине дан таппай,
Менин атам баатырды,
Атамдын тууган энеси,
Ошонун көзү бар экен.
Кайненесин жетелеп,
Качыптыр энем көтөрүп,
Чоң энемди жетелеп.
Тентиптир мени көтөрүп,
Мен Букар деген жеринен,
Каракан кандын элинен.
Калкынан элес көп уктум,
Сенин атаң Манас деп уктум.
Калк чогулса кеп айтат,
Кабылан канкор Манастын,
Артында калган тукуму,
Качып келди деп уктум.
Элинен элес кеп уктум,
Эр Манастын тукуму,
Алган зайбы Каныкей,
Баатырды тууган энеси,

Жетелешип ээрчишип,
Тентип келди деп уктум.
Ошо кепти уккан соң,
Элимди издеп табам деп,
Мен элиме барам деп.
Таятамдын тулпарын,
Ээлигип болбой мен койсом,
Менин энем Каныкей,
Сурап берди мингин деп.
Башыма түштү менделик,
Жүрөт экен өлбөсө.
Кагылайын акебай,
Чыкканым канча күн болду.
Келдим эле бул жерге,
Өлбөй жетип сенделип.
Ошондо Бакай кайран эр,
Айза тийбей ок тийбей,
Жыгылып кете жаздады.
Кайраттанып токтолуп,
Ошондо Бакай айтканы.
Семетей болсо айтар деп,
Жанындагы айбалта,
Кармады Бакай сабынан.
Ала койду балтаны,
Арстан Бакай жанынан.
Бейлин башка бурган жер,
Берсе кудай тилекти,
Чын Семетей да болсо,
Токтолуп жооп берер деп.
Арстан Бакай олуя,
Астындагы баланы,
Сынап Бакай турган жер.
Жазыгы жок жан келсе,
Жаныңа оттоп мал келсе,
Башын кесип аласың,
Малды мууздап саласың.
Шумурайыл жайрагыр,
Ойноп айтпай чыныңды айт,
Ойночу кишиң мен эмес,
Оңдоп кайра сырыңды айт.
Жасап айтпай кебиңди айт,
Жаңыртып тапкан эбиңди айт.
Дааналап жүргөн жериңди айт,
Журт атасы каныңды айт.
Өсүп-өнгөн айлыңды айт.
Арстан Бакай олуя,
Айбалта менен омбутуп,
Жаш баланы домбутуп.
Кантер экен бала деп,
Карап Бакай турган жер.
Кагылайын абаке,
Бала чунак кеп айтып.
Алуучу болсоң баш мына,
Төгүүчү болсоң кан мына.
Кагылайын абаке,
Атам Манас экенин,
Айтып берди энекем.
Таятамдын тулпарын,
Сурап муну мингизди,
Сур калпакты кийгизди.
Арстан тууган кан Бакай,
Айбалтасын имерип.
Манастын уулу сен болсоң,
Медери бар бетинде,
Сурмасы бар көзүңдө.
Туулгандан баланын,
Жебирейил периште,
Жазып койгон каты бар.
Тамагынын артында,
Семетей деген аты бар.
Улам-улам көп айтып,
Арстан Бакай кайран шер,
Каныкей айткан кеп эле.
Аксакалдуу бир баатыр,
Камайт сени деди эле.
Ошо камап турганда,

Ишенбейт сенин сөзүңө.
Өзү көргөн белги бар,
Калпагыңдын ичинде.
Кагаз койдум бастырдым,
Көк шал оюп жаткырдым.
Атаң менен өзүңдүн,
Экөөңдүн атың жаздырдым.
Ошо киши кабылып,
Алда нече кеп сурайт.
Айтканыңа ишенбей,
Көрүп турган эмедей.
Айбалтасын имерип,
Өлтүрөмүн деп сурайт.
Ошондо калпагыңды алгын сен,
Сактап койдум өзүңө,
Катып койдум бир кагаз,
Калпагыңдын ичине.
Ошондо басып койгон ак топчу,
Бармагыңды салгын сен.
Калпагыңдын ичинен,
Кагазды колго алгын сен.
Ошондо астыңда турган кишиге,
Ишенбесең оку деп,
Кармап алып баргын сен.
Кагазды алып сен барсаң,
Кармап колго алуучу,
Окуп туруп кагазды,
Минип турган атынан,
Ошондо ок тийбей түшүп калуучу.
Ошо сенин агаң деп,
Атаң маркум жолдошу,
Айкожо деген абаң деп.
Жазып койгон Каныкей,
Ошондо калпагын колго алды эми,
Калпагынын ичинен,
Бир кагаз таап алды эми.
Ишенбесең оку деп,
Ошол агала сакал кишинин,
Астына алып барды эми.
Кагазды окуп караса,
Балтыр эти толо элек,
Басташар маалы боло элек,
Убагына жете элек.
Туйгундан калган чунагың,
Кетти жалгыз туягың.
Айзага таккан желегим,
Жолборсум Манас баатырдан,
Ошондон калган белегим.
Ийнеге таккан учугум,
Каныкей шордуу жазыптыр,
Кетти болбой күчүгүң.
Көлдөн калган чалчыгың,
Айтсам тилим алган жок.
Кетти аяш сени издеп,
Кече Көкжалдан калган күчүгүң.
Арстан Бакай кайран шер,
Аяштын жазган каты деп,
Көздөн агып кандуу жаш.
Көзүнүн жашын шыпырып,
Айтышып кеткен кеп эле.
Бейтаалай аяш Каныкей,
Он төрткө бала жеткенде,
Ак сакалың түйүп ал,
Ошондо жиберемин балаңды,
Астынан тосуп күйүп ал.
Бууданды минип озуп ал,
Жолдошуң экөөң бекиткен,
Казына жаткан жериңе,
Ошо жерден тосуп ал.
Кече Каныкей качып чыкканда,
Айтып кеткен кеп эле.
Так он төрткө чыкканда,
Бала ошондо келет деди эле.
Бул он төрткө жашы тололек,
Келер маалы бололек.
Каныкей катын караса,

Каргадай болгон көпөлөк,
Кайберен бири жетелеп,
Келген экен кашына,
Турган экен астына.
Түшүмө кирбес иш эле,
Өңүмө кандай келди деп.
Айза албай, ок тийбей,
Астындагы буудандан,
Учуп кетти кан Бакай.
Жараткан алда бир кудай,
Белине саадак кадаган.
Мендем деп мени жасасаң,
Ушул келген жетимге,
Кыла көргүн садага.
Ат куйругун өрдүмбү,
Э, кагылайын жараткан,
Өлүмдөн качып жоголгон,
Манастан калган көпөлөк,
Чын эле ак дидарын көрдүмбү.
Эсин жыйып алалбай,
Арстан Бакай эр баатыр,
Эки колун жыялбай,
Көзүнүн жашын тыялбай.
Сунган бутун тарталбай,
Муңканган үнүн басалбай.
Арстан Бакай эр баатыр,
Эси ооп турган жер.
Кандай ишке кабылдым,
Кандай каран, кандай түн.
Энекем айткан кеп эле,
Ак ала сакал бир киши,
Астыңан бу кабылат деди эле.
Ошо киши экен деп,
Ойлоп токтоп мен турсам.
Муңайган үнү бек чыгат,
Муңканган үнү көп чыгат.
Мен кургур кандай ишке
кабылдым,
Канкордун уулу жаш чунак,
Оң бөйрөгүн таянып,
Олкулдап ыйлап бу турат.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлап бу турат.
Коргошундай көйкөлүп,
Эрүүчүдөй көрүнөт.
Эмгекке кудай жазды деп,
Бала чунак жетимдин,
Көңүлү көпкө бөлүнөт.
Айкожо-Бакай абасы,
Баш көтөрүп караса,
Ошо Манастын жангыз баласы,
Ачык маңдай жайык төш,
Атасы өңдүү көрүнөт.
Тал чыбыктай солкулдап,
Кара чунак баланын,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Мени шайтан сайганбы,
Арстан Бакай эр көкжал,
Текебер болуп калганбы.
Мен ыйладым бекер деп,
Мен садагаң кетейин,
Ырас эле бу Семетей экен деп.
Жер таянып өбөктөп,
Байгамбар сындуу жан эле,
Колдогон бири бар эле.
Арстан Бакай эр көкжал,
Ыргып кобо калган жер.
Ыйлап турган баланы,
Арстан Бакай абасы,
Чап кучактап калган жер.
Арстан Бакай кайран эр,
Бооруна баскан жер,
Колтугуна каткан жер.
Тамагынын астынан,
Арстан Бакай абасы,
Кармап жыттап жаткан жер.

Арстан Бакай абасы,
Эригенге чыдабай,
Жерге басып бек ыктап,
Айры төштөн бек жыттап.
Арстан Бакай абасы,
Бооруна басыптыр.
Бакай басып атканда,
Аманат жаны кысылып,
Баланын өңү бузулуп.
Эринип өөдө туралбай,
Эси ооп калыптыр.
Арстан Бакай абасы,
Далайдан кийин токтолуп,
Баш көтөрүп караса,
Ошо келген баланы,
Жерге басып бек ыктап,
Тамагынан бек жыттап.
Арстан Бакай басканда,
Бооруна кучактап.
Боздоп ыйлап жатканда.
Баланын көзү сүзүлүп,
Кан Бакайдын боорунан,
Бала туйлап чыга албай,
Кетүүчүдөй сүзүлүп.
Баланын түрүн көрүптүр,
Карарган менин көзүмө,
Калчанын каны экен деп,
Түнөргөн менин көзүмө.
Арстан Бакай абасы,
Жанымдагы олтурган,
Каргадай болгон баласы.
Сүлдөрү бар дарман жок,
Тал чыбыктай ийилип,
Ак жибектей бүгүлүп.
Каргадай болгон Семетей,
Эригенге чыдабай.
Абасы басып жатканда,
Эси ооп баланын,
Айнектей көзү сүзүлүп,
Калган экен дүйнө күн,
Кетүүчүдөй үзүлүп.
Арстан Бакай кайран эр,
Арстан Бакай кайран эр,
Баабедин деп бакырып,
Минип жүргөн бууданын,
Чалайын деп камынып.
Арстан Бакай абасы,
Алапайын табалбай.
Арстан Бакай турганда,
Эсин жыйып эшейип.
Манастан калган көпөлөк,
Байгамбар сындуу бабасы,
Колунан кармай калганы.
Кагылайын абаке,
Миндиң таптап бууданды,
Көрдүң кеткен тууганды.
Сенин бу түрүңдү мен көрүп,
Каңырыгым бурады.
Кагылайын абаке,
Менин кара жаным куурады.
Ошо бала Семетей,
Бакайды кармап колунан,
Кайраттанып кеп айтып.
Кагылайын абаке,
Ыйлабагын деп айтып.
Семетей эсин жыйган жер,
Кайраттанып турган жер.
Арстан Бакай абасын,
Манас менен бир жүргөн.
Кайраттантып агасын,
Бала чунак Семетей.
Семетейден кеп угуп,
Ошондо Бакай кайран шер.
Мен садагаң кетейин,
Түшүмө кирбес кеп эле.
Өңүмдө сени көргөндө,

Өлүп кете таштадым.
Арстан Бакай абасы,
Кайраттанып токтолуп.
Кое берген Семетей,
Актулпарды откоруп.
Тилекти кудай берген соң,
Тилегеним көпөлөк,
Бул астыңа келген соң,
Көпөлөгүм алайын.
Калаа көрүп качкан журт,
Кайгы-капа баскан журт.
Кара тоонун бооруна,
Калкалап жанын баккан журт.
Тилекти кудай берди деп,
Баламды алып баралык.
Арстан Бакай түйүлүп,
Семетейдин тулпары,
Атын көздөй жүгүрүп.
Атын токуп берейин,
Мээнетиңди алайын,
Атыңды алып келейин.
Чылбырынан бек карма,
Абакеңдин бууданын,
Берди кудай деп карма.
Энекеңдин астына,
Алып барам өзүңдү.
Каныкейдей шордонгон,
Аксаамайын жыттаткан.
Айры төшкө уктаткан.
Киндик каның бууган бар,
Кара канды жууган бар.
Туубай багып тутунган,
Сенин Акбарча деген энең бар.
Арстан Бакай бүгүлүп,
А кудайлап сүйүнүп.
Семетей минген Актулпар,
Атты алып келген жер.
Ошо каргадай болгон баланын,
Ошо кан атасы эр Бакай,
Ошо Семетейге берген жер.
Мууздап койгон Барбуура,
Айбалталап бөлгөн жер.
Куу ингенге кан Бакай,
Бууранын этин жүктөдү.
Куу ингенди жетелеп,
Семетей, Бакай эки жан,
Аттанып жолго салды эми.
Арстан Бакай баатырдын,
Айлына жакын барды эми.
Акбарчалап бакырып,
Чык бери деп чакырып.
Ак сакалы бурулат,
Чыккыла деп бакырган,
Бакайдын үнү угулат.
Кудай урган экен деп,
Эки төөнү алдырып,
Көт жагынан барам деп,
Абыке кандын шаарына,
Кабар түшүп калган го.
Аскер түшүп артынан,
Куугун чыгып калган го.
Бек кыйкырып унчугуп,
Эминени көрдү деп,
Байбиче басты жүгүрүп.
Бакайдын үнүн укканда,
Коркуп кетти бу жана.
Жоо келип калды деп,
Чоочуп жандан түңүлүп.
Байбичеси Акеркеч,
Астын тосуп жөө басып.
Акылынан бу жашып,
Эмине болуп кетти деп.
Байбичеси караса,
Маңдайы жарык көрүнөт.
Арстан Бакай баатырдын,
Жанында келет бир бала.

Маңдайы чолпон жылдыздай,
Байбиче байкап караса,
Алагар көзү алайып,
Как эле Манас сындуу көрүнөт.
Берди кудай берди деп,
Тилегим кабыл келди деп.
Кагылайын байбиче,
Семетей балаң келди деп.
Бакайдын үнү угулат,
Кандай болуп кетти деп.
Ошо кан Бакайдын байбиче,
Алача моюн ак жүздүү,
Өңү алда нече кубулат.
Маңдайы жарык шамга окшоп,
Агарып аткан таңга окшоп,
Кызарып тийген күнгө окшоп.
Манастын уулу жангыз эр,
Бала кылып асырап,
Багып жүргөн энеси,
Маңдайына барган жер.
Ошондо толукшуган баланы,
Томуктай көрүп энеси,
Тулпарынын үстүнөн,
Так көтөрүп алган жер.
Каргадай болгон көпөлөк,
Койнуна катып көтөрүп.
Беренден калган жетимди,
Жараткан алда бир кудай,
Өзү айдап жеткирди.
Айнектей жүзү жаркылдап,
Акбарчанын койнунда.
Манастан калган көпөлөк,
Төшүнө башын салганы.
Карып калган байбиче,
Эмчеги ташып делбиреп,
Жетимчени көтөрүп,
Эсинен танып эндиреп.
Арстан Бакай болбосо,
Атасы башка арамдар,
Оет эле көздү деп.
Сындырат эле белди деп,
Кырат эле элди деп.
Семетейди кучактап,
Эмчеги ийип делбиреп.
Баатырдын уулу жетимче,
Туулгандан Акбарча,
Каныкей тууган энеси,
Акбарча баккан энеси.
Каныкей бала тууду деп,
Тууган бала сеники,
Тутунган бала меники.
Ак саамайын жыттатып,
Акбарча асырап жүрүп чоңойткон.
Кече асылы Манас өлгөндө,
Каргадай болгон баланы,
Калкалап муну баккын деп.
Канаттууга кактырбай,
Таласка турбай качкын деп.
Каныкей менен сүйлөшүп,
Баласын берип колуна.
Айласы жок айрылып,
Кол кармашып коштошуп,
Буркурап ыйлап боздошуп.
Эмчегин берген Акбарча,
Каныкейге кеп айтып.
Аман-эсен чоңоюп,
Ордун басса канкордун,
Баламды өзүмө бергин деп.
Ак саамайын түйгөн жер,
Келер бекен жетим деп,
Арада ойлоп жүргөн жер.
Оң саамайын түйгөн жер,
Келер бекен жетим деп,
Убайдуу болуп жүргөн жер,
Тилеги кабыл болгон жер.
Зарлап жүргөн жетими,

Өзү келип берген жер.
Койнуна катып кучактап,
Ыйлап турат байбиче.
Көзүнөн жашы бурчактап,
Калың эл келет курчалып.
Баланын түрүн көрсөк деп,
Манасты көргөн адамдар,
Бетинен сүйүп өпсөк деп.
Кан Бакайдын Акеркеч,
Оң саамайын жыттатып.
Балтыр бешик баладай,
Омуроого уктатып.
Кое бербей кучактап,
Кармап жаткан жер ошол.
Канкор эрдин тукуму,
Аман-эсен келди деп,
Бизге кудай берди деп.
Кароолчусун алалы,
Абыкедей чоң кандын,
Желдеттерин соелу,
Кара көзүн оелу.
Бала аман келген соң,
Бизге кудай берген соң.
Чалгынчысын алалы,
Кызыталак кандардын,
Шаарына чабуул салалы.
Бакай эрдин эли мөнкүш,
Кайраттанып чамынып,
Урушчудай чамынып.
Абасы Бакай кеп айтып,
Койнундагы баланы,
Тургузгун өйдө деп айтып.
Эмчегинди эмизип,
Эндиреттиң деп айтып.
Бүткөн боюн эритип,
Делбиреттиң деп айтып.
Калк чогулуп келгенде,
Журтун көрсүн деп айтып.
Оң эмчегин жыттатып,
Күнү-түнү уктатып.
Энекеси Акбарча,
Маңдайынан сылаган.
Каныкей аман барбы деп,
Акбарчадай энеси,
Семетейден сураган.
Карган энең барбы деп,
Кагылайын каралдым.
Балапан жүнүң маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда,
Сени кантип жолго салды деп.
Семетей сенден айрылып,
Кантип чыдап калды деп.
Эне болгон Акеркеч,
Чыйырды менен Каныкей,
Жайын сурап турган жер.
Камоо көрүп жан баккан,
Кан Бакайдын курган эл.
Катып бала жан калбай,
Семетейди көрмөккө,
Эл чогулуп келген жер.
Манастын уулу жетимди,
Баары келип көргөн жер.
Кече Манас менен жүргөндөр,
Баланы байкап караса,
Атасы түрлүү көрүнөт.
Кудай берген экен деп,
Тоо таянып таш басып,
Эптеп жанын баккандар.
Семетей кайра келгенде,
Буйругу экен кудайдын,
Түлөө кылар малы жок.
Бала эмес бул элдин,
Баабединче өткөзүп,
Бышырарга даны жок.
Толукшуган жетимдин,
Абакең Бакай баш болуп,

Кеңколго уруш салабыз.
Касиреттүү арамдан,
Өчүбүздү алабыз.
Арстан Бакай акылман,
Келген элге кеп айтып.
Куралуу коргон калың эл,
Алдырабы деп айтып.
Дарбазанын жолунда,
Жоо-жарагы колунда,
Бекзатынан бешөө бар.
Желдеттери желпинип,
Аскерлери камынып,
Жерге толуп чыкканда.
Ушу келген баланы,
Келди деп кабар укканда.
Казганактап калкылдап,
Кара курттай былкылдап,
Аскери чыкса кантебиз.
Даярданып дүргүтпөй,
Жай жайыңа жаткыла.
Мен Семетейди алайын,
Чоң атасы Жакыптын,
Алдына алып барайын.
Жакыптын бейли ак болсо,
Балаңды алып келдим деп.
Мына өлүмгө кеткен жетимди,
Алып келип бердим деп.
Чоң атасы Жакыптын,
Ак экенин билейин.
Байбиче туруп кеп айтат,
Баатырым төрөм деп айтат.
Ак болсо Жакып каныңар,
Тентитет беле баласын.
Алып барба баламды,
Бөөдө өлтүрүп саласың,
Убалына каласың.
Баланын түрүн мен көрдүм,
Балтыр эти толо элек.
Баралына келелек,
Булчуң эти тололек.
Убагына келелек,
Урушаар маалы бололек.
Атасы Жакып ак болсо,
Баатырдан калган балага,
Мингизбейт беле бууданды,
Кийгизбейт беле буулумду.
Зарлап жүрүп көрдүм мен,
Бербеймин саа уулумду.
Алып барсаң баламды,
Калк жыйылып алуучу.
Тентиген бала келди деп,
Эл чогулуп баруучу.
Нээти кара атасы,
Элди эритип элбиреп,
Эригендей делбиреп.
Арамдарга айтуучу,
Амал менен өлтүр деп.
Асыранды эки арам,
Эки уулуна кеп айтат.
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулуна тең болсо.
Маңдайында шамы бар,
Эки көздө каны бар,
Экөөңөрдү оң кылбайт.
Агарып бата берчү эмес,
Аман болсун дечү эмес.
Койгун төрөм тилимди ал,
Кое бербейм баламды.
Майып кылат кокустан,
Кайненебиз байбиче.
Атын айтпайт Акбарча.
Курбулашып тең өскөн,
Курдашын тапкан көпөлөк.
Тилимди алсаң айкөлүм,
Минген аты кара экен,
Алып жолго салгын деп.

Атактуу кандын шаарына,
Кайра кайтып баргын деп.
Букардагы калың эл,
Учурашып көргүн деп.
Каныкей менен байбиче,
Бул экөөнү ээрчитип,
Сен Таласка келгин деп,
Ошондо баралына жетет деп.
Эки жыл өтсүн арадан,
Эптеп жүрүп баккын деп.
Азабын тарттык канчалык,
Менин тилим сен алсаң,
Кең Букарга баргын деп.
Эки энени алгын деп,
Анан кайра келгин деп.
Арамдардын кыялын,
Айкөлүм анан көргүн деп.
Киндигин кесип кир жууган,
Эне болгон Акбарча,
Бербеймин деп баланы,
Ыйлап турат болкулдап.
Арстан Бакай баатырдын,
Астына киши барбаган.
Каарына тийген жан,
Аман-эсен калбаган.
Билбегендер кеп айткан,
Манастын кулу деп айткан.
Билгендери билчү эле,
Баштап жүргөн Манасты,
Баатыр Бакай жолборс деп.
Манас менен эр Бакай,
Акыреттик жолдош деп.
Ой Айкожо тилимди ал,
Бу баланы ээрчитип,
Сен Букарга кайра бар.
Ыйлап айтат Акбарча.
Кан Бакайдын иниси,
Көкүм деген бир адам.
Манасты кудай колдогон,
Ишин кудай оңдогон.
Баласы колго келген соң,
Бизге кудай берген соң.
Букарга кайра баргын деп,
Бул айтканың кеп эмес.
Зайыптык кылып кеп айтпа,
Жарабас сөздү көп айтпа.
Абакем Бакай барында,
Аксакалды түйгөнбүз,
Биз Семетейди күйгөнбүз.
Жетимчесин жетелеп,
Абыке кандын шаарына,
Өзү алып барсын деп.
Байгамбар жолун чалгандыр,
Кан Манастын арбагы,
Ордосуна баргандыр.
Олуя бирлүү Манастын,
Колдоп жүргөн бирлери,
Жолду тосуп калгандыр.
Бул абакем Бакайдын,
Бир колдогон жан эле.
Ушул абам барынан,
Арамдардын айынан,
Канчалык камоо көрдүк биз.
Бала аман келгени,
Бизге кудай бергени.
Алып барсын абам деп,
Көкүм бала кеп айтып,
Кой байбиче деп айтып.
Арстан Бакай ой ойлоп.
Жоо-жарагын алдырып.
Букардан келген алмабаш,
Карарган тоонун боорунан,
Кийик атып келгин деп.
Киши чыкса жолуңан,
Атып сала бергин деп.
Семетейдин жоо-жарак,

Көкүмгө алып берди эми.
Көкүмдүн кебин укканда,
Кулагына жукканда.
Ак байбиче Акбарча,
Элчечсе мейлиң деди эми.
Кокустан кабар дуу чыкса,
Абыке кандын аскери,
Астыңан келип кабылса.
Бердим мынтык колуңа,
Көкүмүм салсын кудай жолуңа.
Мына бу жетимче каткан Алмабаш,
Ичин артып майлай бер.
Бейлин берген арамга,
Астыңа келип кабылса,
Бирден атып жайлай бер.
Тентиген жерден келди деп,
Тентигени курусун,
Канзааданын тукуму,
Ушу күндү көрдү деп.
Качкандыгы курусун,
Канзааданын тукуму,
Ушу күндү көрдү деп.
Эл ыйласын буркурап,
Айткан сөзү көп болуп.
Арстан Бакай абасы,
Ит кементай кийгизип.
Таласка алып бармакка,
Окуду куран арбакка.
Жайланып жанды баккын деп,
Жай жайыңа жаткын деп.
Арстан Бакай абасы,
Алып жүрдү баланы.
Эл чогулуп келсин деп,
Семетейди көрсүн деп.
Калк чогулуп келсин деп,
Калдайган журту көрсүн деп.
Бала кандай болду деп,
Манасты көргөн калың журт.
Байбиче, келин жыйылып,
Маңдайына келсин деп,
Баланын түрүн көрсүн деп.
Абыке, Көбөш эки эр,
Ал экөөнө билгизбейм,
Семетейди көргөзбөйм.
Өзүм алып барам деп,
Манастан калган жетимди,
Алып жүрүп багам деп.
Арстан Бакай абасы,
Алып жүрдү абасы.
Букардан жөнөп чыкканда,
Энекеси Каныкей,
Семетейге кеп айткан.
Байгамбар сындуу бабаң бар,
Тууганың жаман уу болот,
Журтуң жаман куу болот,
Элиң жаман шум болот.
Башканын тилин албай жүр,
Ушу баштап жүргөн абаңдын,
Ошонун көөнүн салбай жүр.
Баласына кеп айткан,
Букардан жөнөп чыкканда.
Энекеси Каныкей,
Ушу сөздү көп айткан.
Баланын түшүп эсине,
Абасы Бакай баатырдын,
Артынан ээрчип келатат.
Куралуу шаар Кеңколдун,
Шаарын көрдү Семетей.
Атасы Манас баатырдын,
Бураналап бекиткен,
Чебин көрдү Семетей.
Булут минип муз бүрккөн,
Элин көрдү Семетей.
Элин бийлеп башкарган,
Бегин көрдү Семетей.
Кантер экен бала деп,

Карап келет эр Бакай.
Кандай кылар экен деп,
Сынап келет эр Бакай.
Кийимди башка кийинип,
Буруп келет эр Бакай.
Ээрчиткени жаш бала,
Кайдан келген киши деп,
Көргөн киши таңданат.
Арстан Бакай эр баатыр,
Алты чынар, үч терек,
Алмасы жерге чачылган,
Аралап киши барбаган.
Чоң атасы кан Жакып,
Башка киши алмадан,
Адам барып албаган.
Мойнуна куржун салчу эле.
Кудай билет чын болсо,
Бакдөөлөттү ээрчитип,
Манас сайган багы деп,
Алла жемиш шагы деп.
Анда-мында барчу эле,
Ак куржунга салчу эле,
Алып үйгө келчү эле.
Жан кишиге таттырбай,
Жакып кан өзү жечү эле.
Башка киши келбейт деп,
Келип бизди көрбөйт деп.
Арстан Бакай барыптыр,
Атты байлап салыптыр.
Семетейге кеп айтып,
Алма-жемиш алып тур,
Аттарыңды багып тур.
Мына бу атаңдан калган айлыңды,
Чоң атаң Жакып улукка,
Билгизем сенин дайныңды.
Ал санаасы бар болсо,
Бакырып үндү салат деп.
Балам кайда турат деп,
Барбактап чуркап калат деп.
Арамдык болсо койнунда,
Кабагын бүркөп кеп айтат.
Айда келбес акмак кул,
Кайдан келдиң деп айтат.
Басып үйгө киргенде,
Барып салам бергенде,
Кабагын бүркөп күүлөнөт.
Качып жүргөн ит элең,
Эми кайдан келдиң деп,
Каарланып күүлөнөт.
Басып мурун барайын,
Берекелүү Кеңколго,
Беренден калган жангызың,
Келди деп кабар салайын.
Атаңдын бейли ак болсо,
Мен сүйүнчү алайын.
Семетейди бекитип,
Арстан Бакай шер баатыр,
Атактуу улук кан Жакып.
Абыке, Көбөш эки кул,
Бейлин бизге берди деп,
Ардактап багып жүрчү экен.
Казы кертип, жал берип,
Ар бир түрлүү дан берип.
Дүнүйөнү толтуруп,
Атабызды багалы.
Ажалы жетип бул өлсө,
Күрдөөлүү элди жыялы,
Кече Көкөтөй кандай кылалы.
Ардактап багып алган соң,
Кече канкор Манас баатырдын,
Ордун басып калган соң.
Көңүлдөрү ачылып,
Калкын сурап бек болуп,
Абыке менен Көбөштүн,
Айткан кеби эп болуп.
Арстан Манас баатырдын,

Шаарын алып чалкалап.
Манас деп айтып койгондун,
Башын алып талкалап.
Жакып кан Манас атасы,
Абыке менен Көбөштү,
Бала кылып аркалап.
Эшигин киши ачпаган,
Дарбазасын тартпаган,
Ичине киши кирбеген.
Кызматчысы Бакты күң,
Аш-тамагын даярлап,
Астына алып келчү эле.
Манастан калган Бакты күң,
Бакдөөлөт менен Жакып кан,
Тамак ашын берчү эле.
Эми арстаның Бакай кайран эр,
Атактуу Жакып улуктун,
Астына Бакай барган жер.
Колун алып бооруна,
Тизеси жерге бүгүлүп.
Садагасы кетейин,
Сандыргалуу эр Бакай,
Улук Жакып астына,
Салам айтып жүгүнүп.
Барды Бакай кашына,
Бакай кирип барганда,
Эзел келбес куйту кул,
Эминеге келди деп.
Эт жүрөгү сезди эми,
Эси чыгып кетти эми.
Боконо жүрөк болкулдап,
Бүткөн бою солкулдап.
Жылан көргөн эмедей,
Боюн жыйып токтолуп,
Эт жүрөгү козголуп.
Бакай салам кылганда,
Астына барып турганда,
Тура калды октолуп.
Бакай түрүн көрдү эми.
Кары экенин билди эми,
Кайра салам берди эми.
Кагылайын абаке.
Берекелүү шаарыңа,
Беренден калган жангызың,
Келди сенин айлыңа.
Касиеттүү шаарыңа,
Кечеги канкордон калган
жангызың,
Келди сенин айлыңа.
Арстан Бакай эр баатыр,
Ак була тонуң бүгүлгөн.
Кече Манастан калган балаңды,
Өлдү деп энең түңүлгөн.
Ой абаке келчи деп,
Өрүштө толгон малың бар,
Алтын-күмүш зарың бар.
Абыке, Көбөш уулуң бар,
Жагданың толгон пулуң бар.
Келди балаң Кеңколго,
Кабагыңды бүркөбөй,
Сүйүнчүмдү бергин деп,
Кан Жакыпка жакындап.
Арстан Бакай кайран шер,
Атасы Жакып улуктан,
Булгунду болсо сен кийдиң.
Манастын көзү өткөндө,
Мусапыр болуп мен жүрдүм.
Асылды кийсең сен кийдиң,
Манастын көзү өткөндө,
Аш таппай тентип мен жүрдүм.
Сүйүнчүмдү бергин деп,
Сүйлөп турган жери ошол.
Арбагы жандан бир башка,
Атактуу Бакай эр ошол.
Ак көйнөк жеңи бүгүлүп,
Семетей келди дегенде,

Бакырып ыйлап байбиче,
Сандыгын көздөй жүгүрүп.
Абдыра оозун ачам деп,
Жангыздан калган көпөлөк,
Ошо аман келген соң,
Ушу каным Жакыптын,
Дүнүйөсүн чачам деп.
Байбиче кобо калган соң,
Сандыкка Жакып барган соң.
Акырайып бек тиктеп.
Эрдин тиштеп көз кысып,
Арстан Жакып улук кан,
Каарын салып бек тиктеп.
Бакдөөлөттү көп тиктеп,
Канынын түрүн көргөн соң,
Кайра басып бүгүлүп,
Кара ниет болгон баш.
Эминени көрдү деп,
Бакдөөлөт кандан түңүлүп.
Ошо Бакай баатырга,
Муштумун түйүп күүлөнүп.
Кана бала, кана деп,
Эр Бакайга сүйлөнүп.
Каарланып кеп айтып,
Баланы коюп талаага,
Өзү келет деп айтып.
Кайда балам Семетей,
Барып алып келгин деп.
Куйтуланбай акмагым,
Алып келип бергин деп.
Улук Жакып күүлөнүп,
Уулумду алып келгин деп,
Эр Бакайга сүйлөнүп.
Макул аба, макул деп,
Абаке ушул сөзүң акыл деп,
Баланды алып келем деп.
Сүйүнчүмдү камдап тур,
Алып келип берем деп.
Кайра тартып жүгүрүп,
Чочконун бейли кара деп,
Ошондо эр Бакай жандан түңүлүп.
Эмине кылар экен деп,
Эби жандан бир башка,
Эр Бакай үй айлана жүгүрүп.
Кайра тартып кылчайып,
Тыңшап турат эр Бакай.
Бакдөөлөткө кеп айтат,
Байбиче камдан деп айтат.
Кырына күмүш сырдаткан,
Көп кишиге сындаткан.
Ошо Жакып улуктун,
Сырдап койгон сыры бар,
Өзү тамак иччү чыны бар.
Балдан чайкап тургун деп,
Тур аш-тамак даяр кылгын деп.
Тетиги кумара ооз кумганга,
Албарстан алып салгын деп.
Ак чыныга куйгун деп,
Семетейге сунгун деп.
Бу Семетей өлбөсө,
Абыке, Көбөш уулуңду,
Астына салып айдайт деп,
Азууга салып чайнайт деп,
Сенин шоруң кайнайт деп.
Атасындай да болсо,
Сенин балдарың тирүү калбайт деп.
Төрөбөгөн айынан,
Бакдөөлөттөй байбиче,
Абыке менен Көбөштү,
Асырап чайкап куш кылган.
Мусулмандын кан Манас,
Бу дагы Жакып баласы.
Арстан Манас баатырдын,
Атасы арам капырдын.
Азабына туш кылган,
Бакдөөлөттүн бейли ак.

Ниети кара кан Жакып,
Байбичеге кеп айтып,
Уу даярла деп айтып.
Семетей кирип келгенде,
Мен кучактап алайын,
Ыйламыш болуп калайын.
Басып келип сен айткын,
Балаң аман келген соң,
Ыйлабачы деп айткын.
Сыр чынины маа сунгун,
Ак чынины аа сунгун.
Ууртап алып өлсүн деп,
Айтып турат кобурап,
Бакдөөлөткө жобурап.
Арамдыгын билген соң,
Арстан Бакай кайран эр,
Кулагын салып тынч алып.
Арстан Бакай абасы.
Угуп турат баарысын.
Бакдөөлөт жандан түңүлүп,
Бадышам деп кеп айтат.
Баатырдан калган жангыз эр,
Элиңе эми келген соң.
Сен айтуучу кеп эмес,
Мен угучу кеп эмес,
Падышам бул айтканың эп эмес.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Оозуңа кантип барат деп.
Жангыздан калган жангызым,
Уу ичип өлүп калат деп.
Бу кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун.
Байбичеси Бакдөөлөт,
Каяша айтып койгону.
Баш кошкондон тең өскөн,
Каш каңтарып кеп айтпас,
Бадышасы Жакыптын,
Тилин албай койгону.
Менин тилим албайт деп,
Алтын ача бою жез,
Илинүү турган айбалта,
Ыргып кобо калган жер.
Менин тилим албайт деп,
Байбичесин салган жер.
Калканы кетти кайрылып,
Бакдөөлөттүн төбөсү,
Кетти эми жарылып.
Койнуна кара кан толуп,
Кокуйлап жаман ыйлады.
Кантер экен чочко деп,
Бакайдын тыңшап турганы.
Башын жөлөп бөйпөңдөп,
Жакып кандын барганы.
Көптөн кийин эс алып,
Бакдөөлөттөй байбиче,
Баш көтөрүп үшкүрүп.
Кесер болсоң баш мына,
Кетирер болсоң жан мына.
Өз балаңды жат көрүп,
Жат балаңды өз көрүп.
Сенин кылган ишиңди,
Жүрдүм эчен өткөрүп.
Бу кудайдын буйругу,
Төрөбөстүн айынан,
Бир тукумдун зарынан.
Асырап багып чоңойтуп,
Жалгызеке коштум мен.
Манастын көзү өткөн соң,
Элиңди бөлүп таратып.
Бээжинге салып кат боолап,
Аргын, огой журтуңду,
Бээжинге көзүн каратып.
Жараткан кудай эп көрсө,
Бүттү сенин жумушуң.
Сенин бу кылганың жарабайт,
Тукумуңду жек көрүп,

Өлтүрөм деп турушуң.
Сенин балаң Манасты,
Бир колдогон жан эле.
Туулгандан баш кошкон,
Бир жаралган бала эле.
Атаңдын көрү кор дүйнө,
Аңтарылбайт бу дүйнө.
Сен бу баланы өлтүрсөң,
Көрбөгөндү көрөсүң.
Ыйманыңан ажырап,
Капыр болуп өлөсүң.
Өлсө балаң мейли деп,
Бакдөөлөттөй байбиче,
Ыйлап кооп болкулдап.
Кулунум Манас өлбөй кал,
Артыңда калган биз кургур,
Ушу күндү көрбөй кал.
Жалгызым Манас өлбөй кал,
Артыңда калган биз шордуу,
Ушу күндү көрбөй кал.
Бакдөөлөт зарлап бек ыйлап,
Азиз болсо арбагың,
Артыңда калган жетимче,
Колдогун Манас деп ыйлап.
Чыкмайынча жан татты,
Сыр чыныга бал куюп,
Ак чыныга уу куюп.
Абактан кылган дасторкон,
Жалгызым Манас колдо деп.
Оңбогон Жакып оңбо деп,
Дасторконун жайган жер,
Жакыптын тилин алган жер.
Айласы жок Бакдөөлөт,
Зарылып ыйлап калган жер.
Калганынын баарысын,
Арстан Бакай кайран эр,
Баарын угуп алган жер.
Бакай кайра баскыча,
Кече Манас барында,
Тамак берип Каныкей,
Багып жүргөн ит эле.
Каныкей тентип кеткени,
Манастын көзү өткөнү.
Кайда кеткен дайны жок,
Башын жерге салыптыр.
Манастан калган кер тайган,
Жойлоп кирип барыптыр.
Жалгызымдын барында,
Ырысы жок Каныкей,
Багып жүргөн чагында.
Өлбөй тирүү жүргөнбү,
Ит да болсо жаныбар,
Семетейди күйгөнбү.
Колго багып Бакдөөлөт,
Майга чылап дан берип,
Багып калды тайганды.
Аны да Бакай көрдү эми,
Кайра тартып жөө басып.
Арстан Бакай абасы,
Семетейге келди эми.
Манастын уулу Семетей,
Кош теректин түбүндө,
Чыканактап кыйшайып,
Чырым этип уйку алып.
Имерилип оңдонуп,
Оң жагына толгонуп.
Абасы Бакай барганда,
Кадимки атакеси Манастай,
Чукуранып ойгонуп.
Абасы Бакай барыптыр,
Манастын уулу балага,
Арстан Бакай кеп айтат.
Бир колдогон баатырдан,
Артында калган баласы,
Бакайдын кебин уккан жер,
Баланын кулагына жуккан жер.

Маңдайга кудай жазган жер,
Таалайын кудай ачкан жер,
Атын көздөй баскан жер.
Кан куюлуп көзүнө,
Манастан калган жетимдин,
Каар түшүп ичине.
Эч жазыгым жок болсо,
Менин камым жегенин,
Өлтүрөмүн дегенин.
Атакем Манас өлгөндө,
Эки энем карып болгондо,
Бу какбаштын кылган иши экен.
Ошондо каары келди баланын,
Самандай өңү саргарып.
Өлсүн деген кепти угуп,
Кара чунак жайрагыр,
Ошондо капа болуп арданып.
Абасы Бакай кеп айтып,
Түрүңдү бузба деп айтып.
Биз Жакыпка барабыз,
Артыман киргин жүгүрүп,
Атакелеп жүгүнүп.
Кучакташып аласың,
Баатырдан калган жангыз деп.
Көөдөнүн кагып булкулдап,
Бөйрөгүн кагып солкулдап,
Калп ыйлаган өңдөнөт.
Мойнуңан кучактап,
Ыйламыш болот атакең.
Көзүнүн жашы бурчактап,
Ак чынынын саа сунат,
Сыр чынынын колго алат.
Айткандыр байкуш Каныкей,
Кантер экен бала деп,
Көзүн кысып толгонот.
Ошондо ак чынынын алгын деп,
Ооз тийгин деп атаке,
Эки колдоп астына,
Сунуп кармап баргын деп.
Манастан калган жан болсоң,
Уу экенин билесиң.
Чоң атаң какбаш Жакыптын,
Шум экенин билесиң.
Беришге салар бейлиңе,
Бир кудай салар жөнүңө,
Кыларыңды өзүң бил.
Деп ошентип кан Бакай,
Семетейге үйрөтүп.
Атка минип алышып,
Жакып кандын чоң ордо,
Экөө кирип барышып.
Сүмбөлөп койгон сары жез,
Кече Манас баатыр барында,
Кактырып кеткен мамысы,
Аттарды байлай салды эми.
Манастан калган чунактын,
Каары кетпей ичинен.
Бакай менен Семетей,
Кан Жакыптын ордого,
Басып кирип барды эми.
Айтканындай Бакайдын,
Атакеси кан Жакып,
Бакырып кобо калды эми.
Баатырдан калган жетим деп,
Шап кучактап калды эми.
Ошондо чунак жетимдин,
Каары кетпей ичинен,
Чоң энеси Бакдөөлөт,
Дасторконду жайыптыр.
Аш тамакты даярлап,
Баарын төгүп салыптыр.
Ыйлабагын, ыйлаба,
Бекер баланын жанын кыйнаба.
Кан Жакыптын колунан,
Семетейди алган жер.
Арстан Бакай кайран эр,

Колуна алып дан чайнап,
Кошо ууртап бал чайнап.
Баламдан мурун ичет деп,
Бакырат Жакып күүлөнүп,
Эр Бакайга сүйлөнүп.
Ордуна Жакып барды эми,
Оң колуна сыр чыны,
Бакдөөлөт кармап алды эми.
Сол колуна ак чыны,
Кошо кармап барды эми.
Бадышасы Жакыпка,
Сыр чынысы сунду эми.
Оң колунда ак чыны,
Семетейге сунду эми.
Мойнун карап бурду эми,
Көзүн кысып айланып,
Кокустан ууртап алар бекен деп,
Чоң энеси Бакдөөлөт,
Жакып канга билгизбей,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Бакдөөлөт ыйлап турду эми.
Атакеси Жакыпка,
Манастан калган жайрагыр,
Атасына сунду эми.
Башын чайкап кан Жакып,
Баланын сунган чынысын,
Колуна албай турду эми.
Кагылайын атаке,
Сенден мурун мен ичсем,
Сенин сексениң уруп кетпейби.
Тосуп туруп мен ичсем,
Кагылайын атаке,
Сенин токсонуң уруп кетпейби.
Атаке чыныны алгын колуңа,
Ээрдиңи тийгизип,
Кайра мага сунгун деп.
Эңсеп жүргөн жетимчем,
Сенден мурун аш ичсем,
Мени кудай урганы.
Аңкап жүргөн жетимчем,
Ала коюп мен ичсем,
Атаңды кудай урганы.
Атакеси кан Жакып,
Кайра мойнун бурганы,
Чынысы албай турганы.
Каары бар ичинде,
Кайраты бар жүзүндө.
Ит да болсо жаныбар,
Кошо басып кирди деп,
Менин келгенимди билди деп.
Сен ичпесең атаке,
Ит ооз тийип берсин деп,
Кер тайганга сунду эми.
Тайган башын салды эми.
Чыныдан жалап алды эми.
Төрт аягын керген жер,
Удан чылап кер тайган,
Ажалы жетип өлгөн жер.
Атасы Манас каарман,
Ит өлтүргөн ашың деп,
Кесилет сенин башың деп.
Ала коюп чыныны,
Атасы какбаш Жакыпты,
Чыны менен урду эми.
Сакалынан өрт чыгып,
Мурутунан буу чыгып.
Муруту күйүп шаркырап,
Кийгени күйүп буркурап.
Үстүнөн түтүн созулуп,
Каары бар адамдын,
Казасы жетип өлгөн жер.
Манастан калган жетимдин,
Чоң атасы кан Жакып,
Акырет жайын көргөн жер.
Бакдөөлөт басып чыккан жер,
Манастан калган курган журт,

Бакдөөлөт үнүн уккан жер.
Жалгыздан калган калың журт,
Каныкей кеткен жетелеп,
Келиптир бала төтөлөп.
Баатырдан калган балапан,
Баласы келди сүйүнчү.
Алган байы Жакыптын,
Өлгөнүнө карабай,
Бакдөөлөт өзү тууган баладай.
Берекелүү Кеңколго,
Берди кудай тилекти.
Асылдан калган каргадай,
Энелерин карабай,
Келди жетим шаарына.
Керектүү аргын элине,
Кеңкол, Талас жерине.
Бакдөөлөт кабар салган соң,
Уккандар келди сүйүнүп,
Уландар келди жүгүрүп,
Сарыкан келди бакырып.
Калайыгы калың журт,
Келгиле деп чакырып.
Көзүнүн жашы бурчактап,
Көкжал Бакай баатырдын,
Мойнунан кармап кучактап.
Ээ, кагылайын дөөлөтүм,
Тарткан жапа мээнетиң.
Ай караңгы түнбү деп,
Замандаш экен Сарыкан,
Көрө турган күнбү деп.
Семетейди карабай,
Калаага кандай келдиң деп,
Кандай ишти көрдүң деп.
Бакдөөлөт чыгып бакырса,
Келгиле деп чакырса.
Баатыр Манас өткөнү,
Каныкей качып кеткени.
Калаага Бакай келчү эмес,
Бакайды киши көрчү эмес.
Кээ бирөөлөр жүрчү экен,
Атаганат дүйнө күн.
Манастын көзү өткөндө,
Же Бакай тирүү жүрсөчү.
Капа болуп кайгырып,
Манастын көзү өткөндө.
Каныкей тентип кеткенде,
Жүргөн экен канча журт.
Ошондо эр Бакайдан айрылып,
Өлүү экенин билалбай,
Же бар экенин билалбай.
Санаа тартып саргарып,
Абыке кандын айынан,
Сурагы катуу жайынан.
Арстан баатыр эр Манас,
Казасы жетип өлгөндө.
Аргын, огой калың журт,
Кайгы болуп көмгөндө.
Кеңколдун башы термеден,
Кереги тиер жан эле.
Бакайды мурун көрбөгөн,
Бакай кандай келди деп,
Эл чогулуп буркурап.
Бакай менен көрүшүп,
Ыйлап турган андан көп.
Ошондо Абыке кабар алалек,
Канга кабар бара элек.
Арстан Бакай баатырга,
Эл чогулуп толгондо,
Жүз көрүшүп болгондо.
Ошондо касиеттүү Бакдөөлөт,
Манастын уулу баланы,
Оң колунан алган жер.
Ошондо Бакдөөлөт колдон
жетелеп,
Чогулган элдин ичине,
Баланы алып барган жер.

Кайраттанып Бакдөөлөт,
Калың элге кеп айтат.
Мына бу жанымдагы жаш бала,
Тааныйсыңбы деп айтат.
Келген элге кеп айтат,
Мына бу турган баланы,
Билесиңби деп айтат.
Кээ бирөө таңданат,
Көрөлектер таң калат.
Боруму башка экен деп,
Адамдан башка сүрү бар,
Баатыр болчу түрү бар.
Кээ бирөө окшотот,
Манастан калган көпөлөк,
Ошо келип калганбы,
Акыл ойлоп топтошот.
Манастын уулу балага,
Баатыр Бакай кеп айтат,
Кайраттансын деп айтат.
Арстан Бакай кеп айтат,
Ачуу кылсын деп айтат.
Кече атаң Манас өлгөндө,
Элин таштап тентиген,
Эки энесин ээрчиген.
Калкын таштап тентиген,
Кайгы тартып кан жуткан,
Каныкейди ээрчиген.
Адам болсоң акмагым,
Талас, Кеңкол жер мына.
Атаң Манас баатырдын,
Артында калган эл мына.
Атаң менен бир жүргөн,
Жолдош Бакай мен мына.
Ошондо Бакай күүлөнүп,
Кантер экен бала деп,
Арстан Бакай абасы,
Баланы сынап сүйлөнүп.
Ошондо Манастан калган көпөлөк,
Бакайдан жеме укканда,
Таласка келген жетимдин,
Бакырып үнү чыкканда.
Баланын үнү бир башка,
Атакем Манас өлбөй кал.
Артында калган баласы,
Тентиген атка конгуча,
Термелип киши болгуча.
Атакем Манас не өлдүң,
Артыңда калган мен жетим,
Ушу күндү не көрдүм.
Болоттон калган тукур деп,
Менин артымда калган тукум деп,
Бооруңа баспадың.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Тукумуңду тентитпей,
Кошо ала жатпадың.
Манастан калган жетимче,
Бакайдын айткан кебине,
Кудай салып бейлине.
Атакелеп бакырса,
Аргын, огой калың журт,
Баланын үнүн укканда.
Келип атат топтошуп.
Арстан Манас баатырды,
Жаңы өлгөн немедей,
Өкүрүшүп жоктошуп.
Калк жыйылып толгондо.
Кан Жакыптын ордого.
Угалеги укканда,
Билелеги билгенде.
Манастан калган калың журт,
Эл жыйылып келгенде.
Кече канкордон калган көпөлөк,
Ошо Букардан минген Актулпар,
Асылы эрдин тукуму,
Алып келди жетелеп.
Манастан калган журт болсоң,

Алаканды жайгыла,
Букардан миндим бу атты,
Атам Манас баатырдын,
Арбагына чалгыла.
Мойнуна курун салыптыр,
Манастын уулу жетимче,
Ат жетелеп барыптыр.
Манастын уулу экенин,
Онондо аргын, огой калың журт,
Баары ыйлап топтошуп,
Кайрат кылып токтошуп.
Ошо Манастын уулу баланы,
Учурашып көрүшүп.
Маңдайында сүрү бар,
Баланы байкап караса,
Атасынын түрү бар.
Арстан минген ат болсо,
Минип келген жангыз ат,
Муну чалып нетели.
Курманбектин боз жорго,
Манастын көзү өткөн соң,
Огой, аргын калың журт,
Калган экен чоң жорго.
Боз жоргону алдырып,
Актулпарды калтырып.
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына чалдырып.
Карабектин тор кашка,
Муну шашып алдырып.
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына чалдырып.
Токомандын айкашка,
Муну элден алдырып,
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына чалдырып.
Ыйлаган үндү басылтып,
Тентип жүрүп жетилген,
Капаланып кайгырып.
Жаман болуп кетер деп,
Баланын көөнүн ачылтып.
Эр Бакайдан кеп сурап,
Кагылайын агача,
Манастан калган жетимче,
Кайдан келди деп сурап.
Атасындай мээси,
Тилекти кудай бергенби.
Кагылайын абача,
Өзү жангыз келгенби.
Көрбөгөндөр көп болду,
Кабары жок бала эле.
Кээ бирөө угуптур,
Кең Букарга барды деп.
Ак болоттой кетилип,
Жетим жүрүп жетилип.
Адам болуп калды деп,
Сен Букарга бардыңбы.
Айткын Бакай кебиңди,
Балапан жүнү маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда.
Сен ээрчитип келдиңби,
Каныкей менен Чыйырды,
Эки бирдей шордуунун,
Амандыгын билдиңби.
Калк чогулуп кеп сурап,
Алыстагы Букардан,
Ээрчиген киши болбосо,
Кантип келди деп сурап,
Бакайга айтып турган жер.
Бала чунак Семетей,
Ошондо жетимче кайрат
кылган жер.
Элим деп издеп келдим мен,
Өлүүчү күндү мен көрдүм.
Мына бу турган сарайга,
Басып келип мен кирдим.
Ак сакалы чубалган,

Жүзү айдай тунарган,
Бир карыя киши мен көрдүм.
Мына бу турган кишиден,
Бу кишиден мен уктум,
Чоң атаң Жакып деп уктум.
Кобо калып энекем,
Эки аякка аш сунду,
Чоң атам Жакып экен деп,
Кобо калып аш сунсам,
Кармап колго алган жок,
Ууртап ээрдин салган жок.
Сунсам, сунсам болгон жок,
Ээрдин салып оозтийип,
Кичине ууртап койгон жок.
Каалганын түбүндө,
Бир ит жатат комдонуп,
Оң колума алдым мен,
Колумдагы аякты,
Ит оозтийсин мурун деп,
Итке сунуп бардым мен.
Башын салып бир жалап,
Көзүн сүзүп создулуп,
Өлүп кетти ал дөбөт.
Бейли кара экен деп,
Мына бу турган карыга,
Акылдат экен баарыңа.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Колумдагы ак чыны,
Мени алдайт экен деп,
Чоң атамды бир урсам,
Сакалы күйдү шыркырап.
Кийген кийми өрттөнүп,
Түтүн чыкты буркурап.
Манас, Манас дейсиңер,
Манасты тапкан атасы,
Каныңарды кулаттым,
Мына бу сарайда жатат булайып,
Атаңарды кулаттым.

Ошондо бала Семетей,
Маңдайында көкүлү,
Алакандын отундай,
Аккожо жазган тумар бар.
Ошондо жаагындагы серейген,
Жаак чачы өрүлүп.
Манастын уулу Семетей,
Ошондо калың элге көрүнүп.
Өз атасын өлтүрүп,
Өкүм атка конгон жер.
Өлбөгөн киши жетилет,
Манастын уулу Семетей,
Арбактуу атка конгон жер.
Аргын, огой журтуна,
Атасы өңдүү кеп сүйлөп,
Ачууланып бек сүйлөп.
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм бала экен деп,
Өкүнгөнүң бар чыгар.
Айткыла журтум кебиңди,
Айттым жүрөгүмдө черимди.
Каары кеби кетпеген,
Жангыз уулу Манаска,
Жакшылык кылбай атанган.
Менин атам эр жангыз,
Кор көргөнүң бар чыгар.
Айткыла аппак сырыңды.
Манастын уулу Семетей,
Калың элге жар салып,
Баланын айткан кеби ошол.
Бакай менен Сарыкан,
Ошо журттун карысы,
Чогулган калктын баарысы.
Манастын уулу жетимдин,
Кебин угуп кубанып.
Кудай билет чын болсо,
Жакып кандын ордодон,
Түтүн кетпей чубалып,

Мунарып түтүн басылбайт.
Абыке журттун каны экен,
Элдин дүргүп калганы,
Жетимченин барганы.
Эмдигиче биле элек,
Атабыз улук Жакыптын,
Айлына киши толду деп.
Бул эмине болду деп,
Ырамандын Ырчы кул,
Чакырып алып кеп айтат.
Кандын кандай жолу бар,
Кандай берген тою бар.
Барып билип келчи деп,
Эминеси бар экен,
Билип айтып берчи деп.
Атасынан бабасы,
Ырчы эмес сынчы экен,
Калың элге тилчи экен.
Кандай болуп кетерди,
Жандан мурун билчү экен.
Абыке канга кеп айтып,
Билдим аны деп айтып.
Аргын, огой журтуңуз,
Калк чогулуп толду деп,
Калк сураган атаңды,
Манастан калган жетимче,
Ошо келип сойду деп,
Кара ашына тойду деп.
Кан Жакыптын өлгөнү,
Калк чогулуп келгени,
Калктын түлөө бергени.
Берекелүү Кеңколго,
Берен эрдин тукуму,
Тентиген бала келди деп.
Касиеттүү Таласка,
Кан ичменин тукуму,
Качкан бала келди деп.
Кан Манастын жолуна,
Үч ат кармап сойду деп.
Акбоз бээ, тай союп,
Ак сарыбашыл кой союп.
Бир жагынан той кылып,
Түлөө кылып дан коюп.
Дүнүйөнү жайнатып,
Өрүштөгү жылкыны,
Алуучудай айдатып.
Сарыкан, Бакай кошулуп,
Кан ичме Бакай келди деп.
Атаңарды өлтүртүп,
Ай мүйүздүү уй союп,
Төгөрөк туяк ат союп.
Уя көкүл чууда жал,
Казысы карыш бээ союп,
Атаңар Жакып чоң кандын,
Кара ашына эл тоюп.
Бакай шер жүрөт көрүнбөй,
Байкагын улук чоң каным.
Атаңар жатат көмүлбөй,
Көрдүм байкап мен түрүн,
Оң көзүндө заары бар,
Оң бетинде каары бар.
Жазы маңдай, жалпак тил,
Жалкайыңкы көрүнөт.
Атасы Манас баатырдай,
Чалкайыңкы көрүнөт.
Эңчегер далы ээги узун,
Эр мүчөлүү көрүнөт.
Эч жеринде кеми жок,
Тең мүчөлүү көрүнөт.
Караса көздөн кан тамган,
Каардуу бала көрүнөт.
Кабылган тирүү калбаган,
Заардуу бала көрүнөт.
Кылычы жок колунда,
Кыйшыгы жок сөзүндө.
Баланын эки көзүндө,

Атаңарды сойду деп.
Аргын, огой калың журт,
Ашка тоюп болду деп.
Ырчы кул ырдап кеп айтып,
Ырдамыш болуп бек айтып.
Алакан тайкы шол кашка,
Ошо баланын түрү бир башка.
Бала бүркүт түрдөнүп,
Калың журтка сүрдөнүп.
Манастан калган элим деп,
Баатырдан калган элим деп.
Баатырдан калган бала деп,
Букарга мени тентиткен,
Булардан канбайт кегим деп.
Калың элге кеп айтат,
Канбайт кегим деп айтат.
Кара тумшук оңбогур,
Ушу кепти көп айтат.
Келген элге кеп айтат,
Букарга мени тентиткен,
Кетпейт кегим деп айтат.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Оң далысы кең экен,
Абдан байкап көргөндө,
Атасынан канча өөдө,
Баатыр болчу эме экен.
Абыкеге кеп айтып,
Такылдаган Ырчы кул.
Манастын уулу баланы,
Көрүп келдим деп айтып.
Угалекке угузуп,
Билелекке билгизип,
Туялекке туйгузуп.
Манастын уулу баланы.
Басканы ой-санааны.
Ырамандын баласы,
Ырдап айтып келгени.
Журт сураган кан эле.
Абыке сындуу чоң канга.
Келип кабар бергени,
Калк сураган кан эле,
Кара мүртөз жан эле.
Адили жок сураган,
Каары бар эме эле.
Алган зайбы Акбермет,
Абыке канга кеп айтат.
Ырчы кулдан кеп угуп,
Бала келди деп угуп.
Айткан тилди албайсың,
Кече баатырдан калган ушу журт,
Билгениңди бербейсиң.
Адил сурап жүрбөйсүң,
Адили жок кишинин,
Азап түшөт башына.
Улуу заада баатырдын,
Бул артында калганын,
Алаканга салбайсың.
Абаптап багып албайсың.
Кылганың келет башыңа.
Кесириң тиет өзүңө,
Аргын менен огойду,
Каарың менен сурайсың,
Эми баатырдан калган балага,
Кандай болуп чыдайсың.
Таба кылган эмедей,
Абыке кандын Акбермет,
Айтып турат канына.
Тууган элдин баарына.
Урушсаң уят болосуң.
Катылсаң кордук көрөсүң,
Ушу баатырдан калган балага,
Асылып жүрүп өлөсүң.
Кой-кой десем болбойсуң,
Кой-койдун тилин албайсың.
Улугум каным кандайсың,

Алган зайбы Акбермет,
Ошондо айтып турганы.
Ырчы кулдан кеп угуп,
Алганынан жеме угуп,
Келди бала деп угуп.
Эл сураган Абыке,
Эшикке чыкпайт булкулдап.
Ээси чыгып солкулдап,
Боконо жүрөк болкулдап.
Токтоно албай Абыке,
Бүткөн бою солкулдап.
Буту-колун чое элек,
Абыке деп башка журт,
Жакып канды кое элек.
Сарыкан, Бакай кеп айтып,
Кагылайын жетимче,
Атаңды кандай коесуң.
Өзүң билгин деп айтып,
Манастан калган балага,
Кеңеш кылып кеп айтып.
Сары кан, Бакай бек айтып,
Сөз айтышып турганда.
Каары бар көпөлөк,
Ичинен каары кетелек,
Баккан кайып кетелек.
Уудан өлгөн атамды,
Акылды аба салсаңар,
Акылдашып калсаңар.
Бутун кошуп бүктөймүн,
Азоо уйга жүктөймүн.
Уйлар келип өкүрүп,
Тегеренип топтолсун,
Айбанда болсо жаныбар,
Уй өкүрүп жоктосун.
Бадачылар бар болсо,
Көзөлбөгөн букадан,
Байланбаган мас бука.
Карыбаган жаш бука,
Мындан алып келгиле,
Өз колума бергиле.
Айтканымды кылгыла,
Калк чогулуп жарданып.
Кандын көзү өттү деп,
Жаш букага жүктөлүп,
Буту-колу бүктөлүр,
Кандай болуп кетти деп.
Катын-бала жардасын,
Жакаларын кармасын.
Каршылык кылган балага,
Кан ушундай болсун деп,
Эл чогулуп таңдансын.
Манастын уулу бакылдап,
Ошондо элге көрүнүп,
Айтып турган кеби ошол.
Баланын тилин алабы,
Атасы Манас болгон соң,
Тилин албай калабы.
Бадачыга айдатып,
Айдап келди баарысын.
Жакып кандын чоң короо,
Өлгөн уйду каматып.
Жанына киши жолотпой,
Ача туяк кең мүйүз,
Аргын эмес, уй эмес,
Өкүрүп жерди чапчыса,
Каңтарылат кара жер.
Даап киши баралбай,
Жаны бар киши кармап алалбай.
Манастын уулу жаш чунак,
Көрдү байкап ошону.
Чогулган элге кеп айтып,
Кармагыла деп айтып.
Ошондо баатырдын уулу Семетей,
Улук болуп журт сурап.
Атагы чыккан эмедей,
Ошондо чогулган элге кеп айтып.

Чоң буканы карматып,
Аркан менен байлатып.
Көргөнгө санат болсун деп,
Кастык кылган тукумга,
Как ушуну көрсүн деп.
Журт сураган Жакыпка,
Эки бурак токутуп,
Акыр доор бүткөндө,
Кан ошондо минсин деп,
Санатын башка кылдырып.
Жаш да болсо Семетей,
Шарыятка сыйдырып.
Чоң буканы токутуп,
Таза кийим кийгизип,
Чогулушкан көп журтка,
Жаназасын окутуп.
Кан Жакыпты тарттырып,
Чоң букага арттырып.
Буту-колун бүктөтүп,
Баатырдын уулу Семетей,
Чоң букага жүктөтүп,
Чогулушкан эл ошол.
Чоң атасы Жакыпты,
Баатырдын уулу каарман,
Жер чукутуп көр казып.
Бата кылган калкына,
Калк сураган кан болсо,
Кан ушуну көрсүн деп.
Өз атасын өлтүрүп,
Келген элге кеп айтып.
Бала чунак Семетей,
Атасындай бек сүйлөп,
Өз атасын өлтүрүп,
Өкүм атка конгон жер.
Аргын, огой калың журт,
Күндө түлөө, күндө той,
Үй-үйүнө кой союп,
Алдуулары ат союп.
Аш тамагын жай коюп.
Чайчы чайын кайнатып,
Баатыр Манас барындай,
Дүнүйөсүн жайнатып.
Манас шаар салдырган,
Берекелүү Кеңколго.
Беренден калган жаш бала,
Кудай билет чын болсо,
Кеңколго киши барчу эмес,
Абыке сурап турганда.
Аргын, огой көп журттан,
Ары бегин салчу эмес.
Кара-Буура Чаткалга,
Алып барып жатчу эле.
Калк сураган Абыке,
Калкты кандай бакчу эле.
Каныкей кылган бормого,
Кан Манас салган ордого.
Көөрчө көлүү сарайга,
Көкчөкөздүн Абыке,
Манаска каза жеткенде,
Бала тентип кеткенде.
Журт сураган далайга,
Манаке Кочкор энеси,
Энеси эмей немеси.
Атасы калмак жан эле,
Баары арамдан туулган бала эле.
Арстан Манас эр баатыр,
Кара куйрук ар эле.
Калайык эл-журтуна,
Калалуу коргон жар эле.
Кызыл куйрук ар эле,
Дин мусулман журтуна,
Семетейдин атасы,
Тийген журттун батасы.
Кынаган коргон жар эле,
Бала чунак Семетей,
Манастан калган бала эле.

Атасы салган ордого,
Керегесин кадаткан,
Уугун башка сырдаткан.
Алты канат ак ордо,
Жабыгына жаткырган.
Кара кундуз карматып,
Бу Каныкей барында,
Чамгарагын ойдурган.
Сары алтын менен күмүштөн,
Көрпөчөлөп койдурган.
Түндүгүнүн жагына,
Ойдуруп алтын кынаган.
Каалганын бетине,
Он эки түрлүү сырдаткан.
Бейдаарат киши барбаган,
Кан Манастын ак ордо,
Эреше деген кармаган.
Шарият айткан эчендер,
Кеп сүйлөгөн чечендер.
Ошо киши барчу эле.
Кожо, молдо чогулуп,
Амаз окуп алчу эле.
Бейтаалай шордуу Каныкей,
Мунун жасап кеткен үйү бар,
Мунун тактайлап жыйган жүгү бар.
Жагыдан сандык ичинде,
Үзүгүнүн боосун,
Тал жибектен чырматкан,
Сыртынан оймо бастырган.
Олуя заада Каныкей,
Өзүң чыгып, өзүң кир,
Ушул үйдү өзүң бил.
Алмамбет менен икелеш,
Аруукеге тапшырган.
Олуя заада кан Манас,
Кече казат кылып Бээжинге,
Каңгай менен кармашып,
Кан төгүшкөн кезинде.
Бээжинге Манас барганда,
Алмамбет, Сыргак эки дөө,
Бээжинден чалгын чалганда.
Кече Алмамбет Бээжин турганда,
Алмамбеттин энеси,
Айымкан көзү өткөндө.
Ошондо калмактар кармап алганда,
Ошо эр Алмамбет баатырды,
Кармап орго салганда.
Айкандын кызы Арууке,
Эсенкан кызы Бирмыскал,
Алмамбетке кеп айтып,
Биз мусулман болдук деп айтып.
Жаткан ордон чыгарып,
Бээжинде элге билгизбей,
Калган ичи ачынып.
Акыреттик дилдеши,
Алмамбетти чыгарып.
Кетирген кыздар качырып.
Кече кан төгүшүп кармашып,
Казатты катуу кылганда.
Алдадан буйрук жетиптир,
Эсенкан кызы Бирмыскал,
Окко учуп кетиптир.
Арууке менен Алмамбет,
Казат кылып турганда.
Калкын Манас жыйыптыр,
Арууке менен Алмамбет,
Экөөнө нике кыйыптыр.
Аккула окко учканда,
Алмамбет, Сыргак атылып,
Экөө шейит кеткенде.
Өлгөндөн калган курган журт,
Кыргын көрүп кытайдан,
Качып жолго салыптыр.
Арстан Бакай кайраттуу,
Аруукени ээрчитип,
Таласка ала барыптыр.

Манастын көзү өткүчө,
Каныкей элди жыйыптыр.
Асылдан калган керээз деп.
Аруукедей асылды,
Мажикке нике кыйыптыр.
Баатырдын уулу эр жангыз,
Аргын, огой көп мискин,
Алтымыш курчап алыптыр.
Катын, бала жан калбай,
Карыган кемпир, чал калбай.
Баатырдан калган баланы,
Тегеректеп калыптыр.
Жер майышып жыйылып,
Манастан калган ордону,
Бордомолуу бозүй бар.
Манас баатыр барында,
Каныкей боруму менен жасаган.
Кече Каныкей качып чыгарда,
Арууке менен сырдашып,
Аруукеге кеп айткан.
Мына бу турган бозүйдү,
Бу Семетей өлбөсө,
Кирер бекен деп айткан.
Алты канат ордосун,
Айландым бастым капшырдым,
Бир кудайга аманат,
Арууке сага тапшырдым.
Ушул үйгө ээ болсоң,
Бейдаарат киши кирбесин.
Керегенин башына,
Чокой-чарык илбесин.
Өлбөсө бала чоңоер,
Кагылайын Арууке,
Кайнагаң Манас баатырдын,
Карып болду көп журту.
Аман болсо бул жетим,
Калган журту оңолор.
Бу Каныкей кеп айткан,
Арууке саа тапшырдым деп айткан.
Каныкей кебин сыйлаган,
Каныкей качып чыкканда.
Күнү-түнү жети күн,
Ордунан коппой ыйлаган.
Башында айткан төлгө бар,
Жараткан өзү билбесе,
Аруукенин ичинде,
Элес-булас белги бар.
Ак саамайын түйчү экен,
Ушу кандай белги деп,
Айран калып жүрчү экен.
Семетей келди дегенде,
Эт тарткандай былк этип,
Бүткөн бою солк этип.
Коркуп жүрсө Арууке,
Алданын кылган ишине.
Акыреттик жолдошу,
Алмамбет кирген түшүнө.
Кудайдын кылган ишине,
Мусулмандын молдосу,
Алмамбеттин жолдошу,
Эр Сыргак кирген түшүнө.
Молдо Сыргак кеп айткан,
Манастан калган көпөлөк,
Кеңколго келип конот деп.
Ичинде калган сөөк бар,
Бул Алмамбеттин тукуму.
Манастан калган балага,
Ошо жолдош болот деп.
Уядан учат канаттуу,
Канаттарын тарайт деп,
Ар түрлүү ишке жарайт деп.
Арууке түштү көрүптүр,
Алмамбет, Сыргак келиптир,
Түшүндө кабар бериптир.
Элден элес кеп угуп,
Баатырдан калган жангызек,

Келиптир аман деп угуп.
Жумган көзү ачылып,
Капалык бойдон кетиптир.
Ал кабарды укканда,
Жаңы бүткөн эмедей,
Ичинде сөөк өсүптүр.
Абыке кандын Акбермет,
Акылдаш бирге жүрүшкөн,
Арка чачты түйүшкөн,
Сыр айтышып жүрүшкөн.
Атасы башка арамдын,
Бейли кара болду деп.
Баатырдан калган курган журт,
Карып кылып койду деп.
Ак саамай чачын өрчү экен,
Алган байы Абыке,
Акбермет жаман көрчү экен.
Оң саамайын түйчү экен,
Өлбөсө бала келер деп,
Өчкөн оту тамар деп.
Колуна элин алар деп,
Тилек кылып жүрчү экен.
Манастан калган ордого,
Бала чунак Семетей,
Ошондо минген экен жоргого.
Арстан Бакай абасы,
Сарыкан, Бакай агасы,
Жоо-жарагын алдырып,
Зоотторун кийгизип.
Карыга айза карматып,
Көркү менен барсын деп,
Абыке сындуу зор канга,
Учурашып алсын деп.
Эт жүрөгү сезсин деп,
Эси чыгып кетсин деп.
Семетейдин артында,
Коломолуу кол келет.
Сарыкан, Бакай чоң келет,
Кайнаган калың эл келет.
Аты бары ат минип,
Абышка, кемпир чубашат.
Бу кудайдын маанасы,
Аргын, огой калың журт,
Тегеректеп курчаган.
Арбактуу Манас баласы,
Аруукe менен Акбермет,
Ак жибектей бүгүлүп.
Арбактуу Манас баатырдын,
Арбагына жүгүнүп,
А кудайлап сүйүнүп.
Ошо кезде Абыке,
Мурутун буурул чалыптыр,
Каныкейди тентиткен,
Ошондо түшүп эсине,
Бушайман болуп калыптыр.
Ырамандын Ырчы кул,
Мунун ырчылыгы бир башка,
Сынчылыгы бир башка.
Абыке кандын астына,
Аттын башын чулгутуп,
Барды Ырчы кашына.
Берекелүү Кеңколго,
Берише келип конду деп,
Эл жыйылып толду деп.
Айтканымды уккун деп,
Арбакты сыйлап Абыке,
Манастан калган баланын,
Астын тосо чыккын деп.
Минчү элең бууданды,
Кордоочу элең тууганды.
Акборчукту алгын деп,
Мойнуңа куруң салгын деп.
Манастан калган баланын,
Алдын тосо баргын деп.
Өсөлөңгөн жаш бала,
Өкүм өсүп калыптыр,

Өкүмдүгүн айтайын,
Атаңарды өлтүрүп,
Буту-колун бүктөдү.
Көр каздырып көмдүрбөй,
Жаназасын окутуп,
Чоң букага жүктөдү.
Астын тосуп албасаң,
Арстан Манас баатырдын,
Минип жүргөн Акборчук,
Арбагына чалбасаң.
Сен да атаңдай өлөсүң,
Акырет жайды көрөсүң.
Арыстан Манас өлгөндө,
Каныкей менен баланы,
Минерине ат бербей,
Ичерине аш бербей,
Ырдап турат Ырчы кул.
Манасты тууган энесин,
Алган зайбы Каныкей,
Артында калган Семетей,
Каза жетип өлгөндө,
Караңгы көргө киргенде.
Жазыгы жок кишини,
Мусапыр кылып ыйлатып,
Кандай жолго салдың деп.
Суракчы касап беришти,
Маңдайыңа келгенде,
Жооп бергин дегенде.
Эмине жооп бересиң,
Такылдаган жан эле.
Жаш кезинде атагып,
Ырдап чыккан бала эле,
Ырында белги бар эле.
Абыке кандын астына,
Ырдап бала келгени.
А дүйнө менен бу дүйнө,
Жазыгы жок кишини,
Жаман жолду бастырган.
Атадан калган жетимди,
Чыркыратып ыйлатып,
Букарды көздөй качырган.
Бу кылганың келет башыңа.
Манастан калган балага,
Көрдүм мунун борумун.
Басташып киши тең болбойт,
Каарланып ээликсе,
Эчким буга ээ болбойт.
Эч адам буга тең болбойт.
Абыкедей зор канга,
Айтып Ырчы билгизип.
Алапайын табалбай,
Ырчынын кебин укканда.
Калк сураган Абыке,
Эшик ачып чыгалбай,
Отурган жерден туралбай,
Айласы кетип турган жер.
Баатыр Көбөш иниси,
Абыке кандын астына,
Кылбаганды кылдык деп,
Манаска бейлин бергенди,
Биз өлтүрүп турдук деп.
Мойнуңа куруң салгын деп,
Манастан калган сарайга,
Ушу бала келгиче,
Аттан түшө калгыча,
Ак ордо көздөй баргыча,
Кур моюнга салалы.
Жүр абаке токтобо,
Астын тосуп алалы.
Деп ошентип эр Көбөш,
Атасы эсер эр деген,
Кара ниет адамдар,
Астына киши келбеген.
Атасын тартса бу бала,
Бейлин чечип кер деген.
Ушу турган калың журт,

Эл экенин билер деп.
Журт сураган Абыке,
Көбөштүн тилин алган жер.
Акборчуктун сооруга,
Ак олпокту бөктөрүп,
Манас аткан Аккелте,
Айдалыга көтөрүп.
Жылан тилдүү бөрү тил,
Карысына салган жер.
Кече канкордон калган жоо-жарак,
Бирин койбой алган жер.
Манастан калган баланын,
Астын тосуп барган жер.
Боз жоргонун үстүнөн,
Абыкедей улук кан,
Так көтөрүп алган жер.
Канды кудай берди деп,
Канкордон калган баланын,
Астын тосуп келди деп.
Алып барган Акборчук,
Абайы жаап жетелеп,
Үстүнөн ээрин алган жер.
Кан Манастын арбакка,
Акборчукту чалган жер.
Калайык эл көрсүн деп,
Абыке менен Семетей,
Жүз көрүшүп калган жер.
Атасы Манас түрдөнүп,
Адамдан башка сүрдөнүп,
Бала жолборс үндөнүп.
Манастан калган сарайга,
Артында калган көпөлөк,
Басып кирген жер ошол.
Абыке, Көбөш эки кул,
Көт жагынан жүгүрүп,
Шашып кирген жер ошол.
Желдеттерин чаптырып,
Талаадан серке таптырып.
Ошо Манастан калган балага,
Садагасын чаптырып.
Жараткан кудай жангыздын,
Эр экенин билишип.
Семетейдин үстүнө,
Абыке, Көбөш ээрчишип,
Карылар кошо киришип.
Баатырдан калган көпөлөк,
Аңдыган душман көп болуп,
Кетти элең энең жетелеп.
Мен садагаң кетейин,
Ак боз бээ алдырып,
Ай туякка чалдырып.
Манаска атап Абыке,
Акборчукту сойдуруп.
Калың элди тойдуруп,
Манастан калган чоң казан,
Аттын этин салдырып.
Келбей калган карыга,
Ат чаптырып алдырып.
Манастан калган балага,
Манастан калган сегиз мүлк,
Баарын алып келген жер.
Сени киер бекен деп,
Катып жүрдүм тонуңду.
Атаңдан калган сегиз мүлк,
Ардактадым, сактадым.
Кагылайын жетимчем,
Сени киер бекен деп,
Атаңдан калган мураапы,
Сандыкка салып каткамын.
Акбермет менен Арууке,
Басып экөө кирди эми,
Манастан калган сегиз мүлк,
Абыке баарын берди эми.
Атасынын кийимин,
Бала чунак кийген жер.
Манастан калган жоо-жарак,

Атаңдан калган мылтык деп,
Айдалыга асынтып.
Атаңдан калган мураапы,
Кылычын белге чалдырып,
Санына балта байлатып.
Манастан калган баланын,
Абакем деп жүрсүн деп,
Абыке, Көбөш кан кылып,
Кылган экен акаарат.
Манастын көзү өткөндө,
Калың элди кор кылып.
Арстан Манас баатырдын,
Болоттон калган тукуму.
Эл баккан элдин тукуму,
Жоо-жарагын алганда.
Аттанып элге көрүнүп,
Тун кунардай зуңкуйуп,
Атка минип болкоюп.
Асынган мынтык жарашып,
Бала атасындай экен деп,
Аргын, огой көп журту,
Тегеректеп карашып.
Байгамбар бар бейлиң ак,
Ошо Манас баатырдын,
Сурап кеткен элиң ак.
Кээ бирөө кеп айтып,
Бул Абыке аба экен,
Манастан калган сегиз мүлк,
Баарын алып келди деп,
Баласына берди деп.
Атадан калган мураапы,
Баарын кийсе жарашып.
Балага сыймык конду деп,
Күбүрөшүп калың журт,
Көрдүңбү тиги баланы,
Как эле Манас окшошуп.
Манастан калган көпөлөк,
Букары деген алыс жер,
Кантип келдиң төтөлөп.
Мен садагаң кетейин,
Акка бейлин салгансып.
Кече асыл Манас өлгөндө,
Армандуу болуп калгансып,
Бейлин башка бургансып.
Кече берен Манас өлгөндө,
Бейпай болуп тургансып.
Калайык эл көрсүн деп,
Манастын уулу баланы,
Ак экен деп жүрсүн деп.
Буркурап ыйлап Абыке,
Мен садагаң кетейин,
Бастырар болсоң жол мына,
Алар болсоң эл мына.
Атакең күткөн жер мына,
Киер болсоң тон мына.
Минер болсоң ат мына,
Олтурар болсоң так мына.
Үйүң толгон үр мына,
Маркум атаң Манастын,
Жыйып кеткен жүк мына.
Атакеңдин оор эшик,
Ачып кетти Каныкей.
Асылым Манас өлгөндө,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Дүнүйөгө карабай,
Качып кетти Каныкей.
Башымдан өттү заман деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кан зааданын тукуму,
Качты деген жаман деп.
Берегi аргын, огой журтуңду,
Атакең Манас өлгөндө,
Айлында арам көп экен,
Мына бу кордукту абаң көргөндө.
Кумурска минсе ат болбойт,
Мына бу куураган башка жүк түшүп,

Атаңдан калган калың журт,
Асты-астынан бөлүндү.
Мен садагаң кетейин,
Секелегиң сербейтип,
Көзүң аман көрүндү.
Көрдүм дүйнө кордугун,
Көчөгө чыгып жан баспай,
Калың аргын көп журтуң,
Мен көрдүм канча зордугун.
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөй тирүү токтолдум.
Мен садагаң кетейин,
Жетимим сенин барыңан.
Арбыны аргын эл экен,
Атаң Манас зор маркум,
Ар кайсы жерден кураган,
Атаң Манас зор маркум.
Аргын деген бу журтту,
Муну кандай кураган.
Ичинде арамза киши көп экен,
Колума алдым желекти.
Мен кудайга ыраазы,
Көзүн аман мен көрдүм,
Манастан калган белекти.
Киер болсоң тон мына,
Аз гана огой журтуңду,
Араң башын курадым,
Кордукту көрүп аргындан.
Айласы жок тунамын,
Мен садага кетейин,
Көптөн көрдүм кордукту,
Элден чыккан шум экен,
Эл бузуучу куу экен.
Калктан чыккан шум экен,
Калк бузуучу куу экен.
Кече атаң Манас эр жангыз,
Бир энеден ак тууган,
Алда деп атка мингенде,
Аргынды айдап билгенде.
Атаң Манас эр маркум,
Камаган жоону сүргөндө.
Калмакты сүрүп ийгенде,
Камаган калмак, кытайга,
Ылаачындай тийгенде.
Береги аргын деген арам журт,
Корккондунан багынып,
Жүрчү экен табынып.
Атакең жолдош дечү эле,
Береги Байдын уулу Бакайды,
Элди бузуп кеп айтып.
Сенин энең Каныкей,
Атаңдын көзү өткөндө,
Мен аламын деп айтып,
Аргынга бузук салды эле.
Кайсы арманым айтайын,
Бакайдын тилин алды эле.
Тилин алып бузуктун,
Сени каргадай кылып ээрчитип,
Тентип кетип калды эле.
Ыраазымын кудайга,
Эрбейип көзүң көрүндү.
Эми көңүлүм жаман бөлүндү.
Мээнетиңди алайын,
Бакайдын тилин алба деп,
Атаңдан калган огойдун,
Бирөөнүн көөнүн салба деп.
Аргынды журтум дебегин,
Арамзаада эл болот.
Мен садага кетейин,
Журтум деп жыйсаң ал элди,
Кордукту мындан көрөсүң.
Аргындан көрдүм кордукту,
Бакайдан көрдүм зордукту.
Атаңдан калган сан дүйнө,
Оңбогон Бакай чачты деп.
Долулук кылып энекең,

Сени ээрчитип качты деп.
Муңайып ыйлап кеп айтып,
Андай ишти биле элек,
Манастын уулу жетимче,
Арамдын сөзүн угуптур.
Алып жүргөн Бакайды,
Абыкедей баатырдын,
Айтканын угуп Семетей.
Жамандык барып бейлине,
Энекем айткан кеп эле,
Атасы душман алты арам,
Агарбайт сага деди эле.
Абыкедей агабыз,
Кайсы жеринен жазды деп.
Катындык кылып койгон го,
Энекем Каныкей кандай айтты деп.
Абыке, Көбөш укканда,
Канкордун уулу жетимче,
Кайгы тартып кабыгып.
Каныкей менен Бакайга,
Атамдын көзү өткөндө,
Жолдош болуп бир жүргөн,
Энекемди алам деп,
Элге бузук салганы,
Алда кандай адам деп.
Манастын уулу эр жангыз,
Арстан Бакай абасын,
Азаптуу шордуу энесин,
Жаман көрүп калганы.
Амалы бар Абыке,
Манастын тагын мингизип,
Кече какандын каны чоң Манжуу,
Семетейден качканда,
Манастан калган баланын,
Багын кудай ачканда.
Абыке менен Көбөшкө,
Айтып кеткен кеби бар.
Алдап жүрүп өлтүр деп,
Бээжиндин каны чоң Манжуу,
Угузуп кеткен кеби бар.
Манжуунун тилин алганы,
Манастан калган жетимди,
Арамзаада Абыке,
Алдамак болуп калганы.
Манастын уулу эр жангыз,
Олтуруп такка мингин деп,
Аргын менен огойду,
Оюң менен билгин деп.
Алтын таажы чоң селде,
Кече атасы Манас эр канкор,
Башына селде чалчу экен,
Мечитке басып барчу экен,
Амаз окуп алчу экен.
Манастан калган чоң сандык,
Оозун ачып билгизип,
Атакең кийген селде деп,
Семетейге кийгизип.
Кан Абыке кеп айтып,
Калайык эл журтуңа,
Аким сурап кан болуп,
Билесиңби деп айтып.
Канкордун уулу Семетей,
Чарана каным кетелек,
Кагылайын абаке,
Акылым анык тололек,
Менин кан болор чагым бололек.
Жаш Семетей кеп айтып,
Береги аргын, огой журтуңду,
Сен сурагын деп айтып.
Ошо Манастан калган баланын,
Абыке тилин алган жер,
Аламын деп энемди,
Алыскы жерге тентиткен,
Абакеси Бакайды,
Жаман көрүп калган жер.
Булкунтуп буудан минген жер,

Манастын уулу Семетей,
Буруксуп ойноп турган жер.
Арстан Бакай абасы,
Айласыздан багынган.
Сарыкан Бакай жолдошу,
Абыке бузуп алды деп,
Арамга бала боелуп,
Каныкей менен экөөңдү,
Жаман көрүп калды деп.
Сарыкан, Бакай кеп айтып,
Акылдашып отуруп.
Сен бууданыңды мингин деп,
Улуу төрдө көп жылкы,
Муну барып тийгин деп.
Ошондо көрүнөр бала көзүнө,
Ошондо билинер бала өзүнө.
Ошо эл чогулуп кеңешип,
Эр Бакайга кеп айтып,
Сен жылкыны тийгин деп айтып.
Акылдашып турганда,
Айкандын кызы Арууке,
Шооруккан кызы Акбермет,
Сүйлөшкөнү элге барган жер.
Сүйлөшкөн элден кеп угуп,
Арууке кепти баштады,
Байгамбар курак дилиң ак,
Алмамбеттин жолдошу,
Туулгандан бейлиң ак.
Көпчүлүккө жайылып,
Улуу сөз болуп кетпесин,
Уккула сөздү баарыңар.
Бадыгаң темир курч эмес,
Ушу баш кескен киши журт эмес.
Кураган темир курч эмес,
Ушу кул өскөн киши журт эмес.
Жашык темир курч эмес,
Байкагыла баарыңар,
Жеке өскөн каапыр журт эмес.
Аруукени токто деп,
Канынан уккан кеп ошол,
Акбермет айткан жер ошол.
Атасы башка жаралган,
Арам чыгат адалдан.
Акжалдын жалын тарабайт,
Атасы башка аныңар,
Муратыма жеттим деп,
Буркурап ыйлайт каныңар.
Астында турган балага,
Бул узарсын деп санабайт.
Акылга салып билгиле,
Кандай болуп кетет деп,
Муну акырын ойлоп жүргүлө.
Экөө бирдей ургаачы,
Акылман экен Сарыкан,
Айткан сөзүн тыңдачы,
Арстан Бакай турбачы.
Кылычты кынга салбагын,
Манастын уулу келди деп,
Тынч алып жатып калбагын.
Айзаны бекем кармагын,
Кагылайын эр Бакай,
Айлына бала келди деп,
Абыкеге алдатып,
Манастан калган баладан,
Сен ажырап калбагын.
Кан Бакайга кеп айтып,
Алган зайбы Акбермет,
Каныкей менен сырдашкан,
Арууке менен Акбермет,
Экөө келип кеп айтты.
Билбесе муну неге айтты.
Асты-кийниң аңда деп,
Асыл эрдин жолдошу,
Арстан тууган Бакайды,
Аңдабай уктап калба деп.
Сарыкан, Бакай, эр Бакай,

Бири-бирин куулөшүп,
Астыртан байкап жүргүн деп,
Бир-бирине үйрөтүп.
Астыңдагы бууданың,
Атыңды таптап мингин деп.
Кан чогулуп биригип,
Атасы башка арамдар,
Абыкенин үйүндө,
Айланайын эр Бакай,
Алыстан келген балаң бар.
Балаңды жолго салыптыр,
Көрдүңбү арамдардын кылганын.
Баланын каны каталек,
Жаман жолду басалек.
Алда деп атка мингени,
Эрбейип элге келгени,
Эл аралап жүргөнү.
Көрдүк бала маанисин,
Баккан экен Каныкей,
Кетти эле алып жетелеп.
Ушу чунак жетимди,
Балакатка жетелек,
Бала жыты кетелек.
Канаты өзү тололек,
Алып киши боло элек.
Айткан тилди алуучу,
Энең бейжан болду деп,
Абыке айтып калуучу.
Арамдын кебин угуучу,
Каныкей менен экөөңдү,
Жаман көрүп туруучу.
Айтып сөздү бүтүрүп,
Арстан Бакай түшүнүп.
Кайраттанып кеп айтып,
Кара ниет арамга,
Алдырбаймын деп айтып.
Астымдагы Көкчолок,
Аягы аман чагында,
Жоо-жарагым барында.
Атасы башка арамды,
Мен да билип жүрүмүн.
Алдап турат баламды,
Кезекти кудай келтирет,
Ойлонгула экөөңөр,
өлбөсө бала жетилет.
Кордук көрүп арамдан,
Колу менен өлтүрөт.
Сарыкан менен Бөкөйгө,
Арстан Бакай кеп айтып.
Жатып албай тынч алып,
Сак болгула деп айтып.
Улуу тоонун боорунда,
Мен жылкыга барайын,
Чакчелекей будуң-чаң,
Жылкычыга салайын.
Балам аман болгон соң,
Эминени карайын.
Баатырлар бирге түнөшүп,
Семетейдин өмүрүн,
Бир кудайдан тилейлик.
Жай жайына барышып,
Арстан Бакай баатырга,
Манасты күткөн сен элең.
Жоокер болуп жол баштап,
Алып жүргөн эр элең.
Адамдын кара көк элең,
Өзүң байкап билерсиң,
Билгениңдей жүрөрсүң.
Эр Бакайга кол берип,
Сарыкан, Бакай эки кан,
Өзүң бил деп жол берип.
Бири-бирин карашып,
Кеп бүтүрүп тарашып.
Кеңколдун бою Кара-Сай,
Керилтип желе кактырып,
Тизилтип кулун байлатып,

Токтобек менен Урумкул,
Бул экөөнө айдатып.
Кысыр эмдүү семиз тай,
Касиеттүү Манастын,
Ордосуна сойдуруп.
Башка арам ой кылып,
Мен садагаң кетейин,
Секелегин сербейтип,
Сени берген кудайым,
Ичимен кетти убайым.
Көп жылкыңды көргүн деп,
Атаңдан калган көп жылкы,
Айдап бээни байлаттым.
Айчыгы бар, ала баш,
Аргымак, жорго аралаш,
Барып көзүң салгын деп.
Мээнетиңди алайын,
Атаңдан калган малың деп.
Байлоодогу көп жылкы,
Сен эсебин алгын деп.
Манастын уулу баланы,
Абайлап жолго салды эми.
Ала көөдөн куу тумшук,
Чыбыратып кулунду,
Алтымыштан байлаган.
Токтобек менен Урумкул,
Көп жылкыны айдаган.
Кудайы билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Өтүгү жок байпакчан.
Тебетей жок топучан,
Кемсели жок көйнөкчөн.
Өзүмүн малым экен деп,
Ушу малды таштаган,
Күтүп жыргап жатпаган,
Энемдики бекер деп.
Ак чыбыктай толгонуп,
Баатырдын уулу Семетей,
Абыкени аба деп,
Эр Көбөштү ага деп.
Манастын уулу жетимче,
Кара буурул көп жылкы,
Кулун-тайы куюлуп,
Семизинен басалбайт.
Айгыр аты бурулуп,
Арстандын уулу Семетей,
Желеге басып барган жер.
Айлана басып мал көрүп,
Канкордун уулу жаш жетим,
Эчтемени элебейт.
Сактачу кудай өзү бар,
Өз элине жеткенсип,
Абыкенин Бектемир,
Мылтыкты колго алган жер.
Абыке айткан Темирге,
Жылкы аралап жөө басып,
Зооту жок боюнда,
Жарагы жок колунда.
Жанына басып баргын деп,
Жакын басып турганда,
Барып атып салгын деп.
Темирбекти мерген деп,
Мергендигиң бар эле,
Баланы атып бергин деп.
Атып салсаң баланы,
Арамзаада Абыке,
Жыйып койгон колу бар.
Бакайды анан алалы,
Ордубузча калалы.
Абыке чапкан жолу бар,
Баланы атып салмакка,
Анан эр Бакайды алмакка,
Алты жүз киши колу бар.
Арстан Бакай эр Баатыр,
Айланып чалгын чалчу экен,
Арамдар кандай кылат деп,

Андып жатып калчу экен.
Андай ишке машыккан,
Арстан Бакай кайран эр.
Кече айкөл Манас барында,
Акылман деп атыккан.
Оңолбогон мергенчи,
Толгонуп жакын жеткиче,
Манастын уулу баланы,
Жетип атып кеткиче,
Чыбыраган көп жылкы,
Адырда жаткан сарала,
Аралап Бакай тийген жер.
Кече айкөл Манас барындай,
Арстан Бакай кайран шер,
Кыйкырык салып кирген жер,
Чаң-будуң түшүп калган жер.
Арстан Бакай абасы,
Ажалы жок баласы.
Кудайы билет чын болсо,
Колуна таяк алышып.
Качып жүргөн көп мөңкөш,
Шаарга чабуул салышып,
Жылкыны тийип алышып,
Күлүктү кармап минишип.
Кудай бетин көргөзбө,
Күч алышып киришип.
Бакайлап дабыш салганда,
Арстан Баатыр эр баатыр,
Жылкы тийип алганда,
Арамзаада куу какбаш,
Эминени көрдү деп.
Көкчөкөздүн баласы,
Абыкенин иниси,
Атасы башка алты арам,
Качпа, качпа, качпа деп,
Жылкыны тийбей ташта деп.
Бээ кулун салат деп,
Күзгү семиз көп жылкы,
Кара казы болот деп,
Майы кетип калат деп.
Айкырыкты салышып,
Кынынан кылыч алышып,
Арстан Бакай баатырды,
Кармачудай барышып.
Абыкенин аскери,
Мылтык атып буркурап,
Чыкты баары чуркурап.
Жал-куйругун түйүшүп,
Жаратып буудан минишип.
Семетейди аттырып,
Арстан Бакай баатырды,
Кармайлы деп бакырып,
Жердин үстүн жапырып.
Мергендери белденип,
Кудай бетин көргөзбө,
Кеңколдун бою ызы-чуу.
Бакай жолду баштады,
Арстан Бакай кайран эр,
Баягыдай качпады.
Манастын уулу Семетей,
Эки жагын караса,
Андай ишти көрелек,
Болуп атат тамаша.
Асты-кийнин караса,
Манастын уулу Семетей,
Адам көргүс тамаша.
Ак жыландай толгонуп,
Манастын уулу Семетей,
Тамаша деп ойлонуп.
Анда-мында бакырып,
Тентип келген баланы,
Кармагын деп чакырып.
Баатыр Көбөш булунуп,
Акмак Бакай доңузду,
Кармагын деп жулунуп.
Үнүн угуп Көбөштүн,

Жылан көргөн эмедей,
Семетей бою жыйылып.
Эмине болуп кетти деп,
Ары-бери түйүлүп.
Атка жетпей жүгүрүп,
Манастын уулу Семетей,
Айла таппай балбактап.
Калың чууну көргөндө,
Чуркап жүрөт далдактап.
Ал аңгыча болгон жок,
Буура көкүл кунан жал,
Как астынан кабылды,
Манастан калган Тайбуурул,
Өзү келип табылды.
Ыйык жалдан алыптыр,
Ошондо ыргып минип жетимче,
Кыйкырыкты салыптыр,
Ошондо жетим күүлөнүп,
Анда нечен түрлөнүп.
Атасы өңдүү күүлөнүп,
Кайыңдан кыйган укурук,
Кармап колго түкүрүп.
Атасын арбак колдогон,
Ар качан ишин оңдогон.
Астыртан арбак жөлөгөн,
Каргадай болгон баланы,
Каныкей катын төрөгөн.
Кудай билет чын болсо,
Арстан Бакай баатырды,
Абыке, Көбөш экөөлөп.
Медет, Седет төртөөлөп,
Тегеректеп калыптыр.
Кудай билет чын болсо,
Манастын уулу Семетей,
Бала кирип барган жер.
Атасы Манас жаш бала,
Айдалыны капшыра,
Абыкени салган жер.
Жер кулачтап жыгылып,
Абыке жатып калган жер.
Арстан Бакай абасы,
Кылычты кындан алган жер,
Манастын уулу балага,
Бакай алып барган жер.
Кылычты алып колуна,
Кырк чилтен салып жолуна,
Кыргынды бала салды эми.
Абыке, Көбөш аскери,
Чыдабай качып калды эми.
Арстан Бакай шер баатыр,
Көкчолок минип буралып,
Көрдү бала көрсүн деп,
Ажалы жеткен арамдар,
Бу баладан өлсүн деп.
Көкчолок оозун бурган жер.
Салып коюп бузукту,
Арстан Бакай абасы,
Кубанып карап турган жер.
Арстан Бакай баатырдын,
Кылычын бала алган жер,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыргынды жетим салган жер.
Кылычы кындан суурулуп,
Кызыл кан агып жуурулуп.
Атасынын жолунан,
Абыке жыйган колунан,
Талаасы мунар чаң болуп,
Көчөнүн ичи кан болуп.
Эки жүз киши кырылып,
Сонунду көрсө көрөр деп,
Солкулдаган эчендер,
Абыке тилин алгандар,
Бу баладан өлөр деп.
Маанасын көрүп баланын,
Бала канга боелуп,
Жолун кудай ачты деп,

Жоон өпкө арам кул.
Укурук менен бир чапса,
Тоголонуп жатты эми.
Аста бала, аста деп,
Акылыңан шашпа деп.
Токто бала, токто деп,
Бейлиңе шайтан кошпо деп.
Кызыталак канкордун,
Абыке, Көбөш арамдын,
Ар кылганы бекер деп.
Кан ичменин тукуму,
Ушул Абыкенин аскерин,
Кырып коет экен деп.
Сарыкан келип токтотуп,
Каары келген жетимди,
Алып чыкты коштотуп.
Тентип жүрүп мен келсем,
Атам күткөн эл десем.
Кылычын кындан алышат,
Кымбаттуу Бакай абамды,
Тегеректеп калышат.
Бул эмине кылганы,
Кызыталак элимди,
Сындырды менин белимди.
Эл деп издеп мен келсем,
Элдин четин мен көрсөм.
Кутурган иттей ээлигип,
Уруш кылат ээлигип.
Кое бер аба колумду,
Эл деп минтип жүргүчө,
Тентиген жерге кетейин.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Кызыталак бул элди,
Канга боеп кетейин.
Манастын уулу ээлигип,
Элине келип кол салып,
Адегенде кан ичип.
Манастын уулу жетимче,
Кое бербейт баланы,
Чылбырынан бек кармап.
Адегенде чунак кул,
Өз атаңды өлтүрүп,
Өкүмдүк кылдың деп айтып.
Аягында ат минип,
Кармадың болот кылычты.
Адегенде кан ичип,
Бүтүрдүң канча жумушту.
Асылдан калган тукумсуң,
Айтайын сөздү сабыр кыл.
Манас менен бир өскөн,
Билген элге кан эле,
Билбегенге Сарыкан,
үйүндө жүргөн жан эле.
Билгирлиги бар эле,
Каарланган баланы,
Кармап алып кеп айтып,
Айлансам болот кудайга,
Токтоп бергин деп айтып.
Акыл азаат көп айтып,
Ак олпок кийип булактап,
Кудай билет чын болсо,
Абыкедей агасы,
Жерди жатат кулачтап.
Арстан Бакай абасы,
Ушул ишин койбосо,
Бейли кара арамдар,
Көрбөгөндү көрөт деп,
Асили бу жетимден өлөт деп.
Билип турат эр Бакай,
Каарланган баланы,
Кармап эли токтотуп,
Алып кирди ордого.
Семетейди коштошуп,
Баатырдан калган көпөлөк,
Жазган кудай таалайга,
Манастын уулу Семетей,

Эч эчтеме биле элек,
Андай өчтү көрелек.
Элди кырып салдым деп,
Мен балаага калдым деп.
Кандай уруш салдым деп,
Капа болуп калдым деп.
Бала чунак жетелеп,
Баатырлыгын эл көрүп,
Келген элди кырдың деп,
Манастын эли кубанып.
Баш көтөрүп Абыке,
Аңга тууган жетимдин,
Астына келди муңайып.
Мойнуна курун салыптыр,
Асылдан калган берeним,
Аркамдагы көлөкөм,
Айзага таккан желегим,
Асылдан калган белегим.
Көлдөн калган чалчыгым,
Кече көкжалдан калган күчүгүм.
Белиме жашын кадага,
Мен садагаң кетейин,
Кылар бекен садага.
Абыке ыйлап болкулдап,
Манастын уулу Семетей,
Атаман калган абамды,
Мындай киши табамбы.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Аңтарылып калсачы.
Бу көрөкчө шум дүйнө,
Бекем чаап салдым деп,
Бейпай болуп калдым деп.
Катуу чаап салдым деп,
Капа болуп калдым деп.
Абыкедей улуктун,
Мойнунан кучактап,
Манастын уулу Семетей,
Эки беттен бек жыттап,
Сени чаап ийгиче,
Сага колум тийгиче,
Өлүп калбай не болдум.
Деп ошентип Семетей,
Ак деп ойлоп агасын,
Бейли кара абасын,
Манастын уулу Семетей,
Абакелеп жалынып.
Ак боз бээ алдырып,
Баабединге чалдырып.
Багайын деп агасын,
Кан Абыке ой ойлоп,
Ой ойлосо муну ойлоп.
Тегеретип көп ойлоп,
Кармашкан менен бак келбейт.
Мунун атасы Манас болгон соң,
Катылып киши чак келбейт.
Мен садагаң кетейин,
Бу бузукту салганы,
Баланын башка боруму,
Баланы алдап кеп айтып.
Кызыталак куйту кул,
Бакайдын кылган жоругу,
Семетейге кеп айтып.
Сени менен энеңди,
Тентиткен Бакай деп айтып.
Акыл азат өңдөнтүп,
Ар немени көп айтып.
Атаңды тууган чоң энең,
Муну кетирген Бакай деп айтып.
Манастын уулу баланы,
Баптап турат Абыке.
Чырымтал жүнү түшө элек,
Балапан жүнү маңдайда,
Эненин сүтү таңдайда.
Эптеп турат Абыке,
Абыке айткан кебине,
Амалдан тапкан эбине.

Бала бейлин бурду эми,
Манастын уулу Семетей,
Абыкенин кебине,
Чын ишенип турду эми.
Каныкей менен Чыйырды,
Абыкеден кеп угуп,
Ушу Бакай бузуку,
Качырып ийди деп угуп.
Эки энеңди тентиткен,
Көт жагынан ээрчиткен.
Бакай кылган шумдук деп,
Букарга барып туздаткан,
Бир кудай жазган буйрук деп.
Абыке айткан кебине,
Арамдын тапкан эбине.
Абаптап айткан тилине,
Адамдан башка кеби бар.
Атасынан бабасы,
Атасы Манас баатырды,
Алдап жүргөн жери бар.
Абыке тилин алганда,
Тили татты Абыке,
Манастын уулу Семетей,
Бейлин берип калганда.
Ордого элин толтуруп,
Олуя заада баатырдын,
Артында калган баланы,
Тилге кийрип болтуруп.
Бейлин бала берген соң,
Атаңдан калган мобу так,
Минсең мингин деген соң.
Аргын, огой журтуңду,
Билсең, билгин деген соң.
Абыкеге агарып,
Манастын уулу Семетей,
Каныкей менен Чыйырды,
Бузуктун тилин алды деп.
Тентиген атка кондуруп,
Ушу турган шаардан,
Кантип кетип калды деп.
Манастан калган Ак олпок,
Этеги күмүш жээктүү,
Жакасы алтын тээктүү.
Олпогун кийип болкоюп,
Манастан калган Семетей,
Оорлонуп соңкоюп.
Баатырдан калган сегиз мүлк,
Баары бирдей тегиз мүлк.
Кожодон алган Аккелте,
Асынса далы айнеги,
Атса жандын эрмеги.
Аккелтени бергени,
Кара болсо булаган,
Атаңдан калган алтын тон,
Муну сактап жүрөбү.
Атаңдан калган мынтыкты,
Муну сага береби.
Манастын уулу Семетей,
Абыке тилин алган жер.
Тилин алып Семетей,
Бала болуп калган жер.
Абыке күндө мал союп,
Алдына түрлүү аш коюп.
Күндө жорго мингизип,
Күлдүү тонду кийгизип.
Эл кыдырып билгизип,
Эл аралап жүргүзүп.
Көөнү өсүп Семетей,
Көбөшүнө кеп айтып.
Мингиздим күлүк бууданды,
Күндө, күндө кийгизип,
Айыл элди билгизип,
Ак окору тон берип,
Алдап жүрүп алалы,
Адам билип койбосун.
Ушу турган кан ичме,

Бекитер жерди даярлап,
Жоргонун бели үч кыя,
Бекитер жери куп кыя.
Семетейди өлтүрүп,
Бек бекитип салалы.
Кар жилигин алалы,
Кара жерге кагалы.
Өлтүрөлү баланы,
Ошондо Абыке, Көбөш кеңешип,
Абыкенин алганы,
Кудай билет чын болсо,
Каныкей менен акылдаш.
Абыкеге кеп айтып,
Бирге жүрүп сырдашкан,
Мен айрылдым курдаштан.
Ич көйнөктү чечишкен,
Бирге талак ичишкен.
Сыр айтышып сүйлөшкөн,
Алдырып алып жеңеңди,
Мына бу турган балага,
Өз энеси келбесе,
Энеси келип кошулуп,
Акыл айтып бербесе.
Береги Бакай барында,
Тирүү турган чагында.
Эшке чыкса Семетей,
Ээликтирип алуучу.
Эл бузуучу бул Бакай,
Алакөөдөн балаңды,
Бузуп жолго салуучу.
Бул Акбермет кеп айтып,
Кече Манас барында,
Кызмат кылып кол сунуп.
Ак жибектей бүгүлүп,
Абакелеп жүрчү экен,
Арстан Манас баатырга,
Тооп кылып жүгүнүп.
Каныкей менен тилдешип,
Бир табактан аш ичип.
Кеп сүйлөшүп эптешип,
Бейли кара жаманга,
Каныкейдин айтканы,
Ошол Акберметтин эсинде.
Таласка келсе Каныкей,
Арамдын эбин табар деп,
Кече баатырдан калган калың журт,
Карысы бар, жашы бар,
Анан баланы жолго салар деп.
Адили кара болгон соң,
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып жаттым деп.
Сыр алышкан Каныкей,
Азабын жаман тарттым деп.
Абыкеге кеп айтып,
Бу Бакайдын барында,
Бузук үйдүн жанында.
Арага киши келүүчү,
Алакөөдөн көрүнөт.
Береги турган балага,
Кеп үйрөтө берүүчү,
Мен балага айтайын.
Кагылайын чолпонум,
Тулпардан калган туяксың,
Баатырдан калган чунаксың.
Кайрылып Букар барып кел,
Эки энеңди алып кел.
Эки энең келбесе,
Эл билем деп күүлөнбө.
Алган байы Абыке,
Асили арам болгон соң.
Таласка келсе Каныкей,
Нээти кара каапырды,
Каныкей эбин табар деп,
Баланы жолго салар деп.
Өлбөсө бала атар деп,
Асили элдин тукуму,

Өрт болуп чыгып кетер деп,
Чырактай күйүп жанар деп.
Кече Каныкей көргөн кордукту,
Баласы өчүн алар деп.
Абыкеге жан тарткан,
Болушкан киши өңдөнүп.
Семетейге кеп айтып,
Бейжайлыктан энекең,
Асылдын көзү өткөндө,
Айылды билип жүрөм деп.
Алыстан чыккан бир баатыр,
Эр Багыштын жангызы,
Толтойго барып тием деп.
Энеңдин бейли бузулуп,
Эри өлгөндө кутуруп.
Аргын менен огойду,
Асылым төрөм барында,
Айдап өзүм билем деп.
Он алты кан мусулман,
Каалаcам барып бирөөнү,
Өзүм сүйүп тием деп.
Бала уккун сөзүмдү,
Мен садагаң кетейин.
Бала көрбөй өзүңдү,
Суугa салып кемесин,
Баатырды тууган энесин,
Чыркыратып ыйлатып,
Кара чачын чубалтып,
Какшатып муну урчу эле.
Энекеңдин эбин көр,
Ошо баатырдын тапкан энесин,
Ээрчитип кеткен жерин көр.
Биргелешип бирге өскөн,
Биригишип тең өскөн.
Жаш кезинде баш кошкон,
Абыкенин Акбермет,
Арамдыгы ичинде,
Айтчу сөзү тышында.
Кеңколго келсе Каныкей,
Арамдын эбин табар деп,
Келсе кегин алар деп.
Манастын уулу Семетей,
Барып келсе деп ойлоп.
Каныкей менен Чыйырды,
Алып келсе деп ойлоп.
Манастан калган балага,
Агартып кийим кийгизип,
Энең бузук эле деп,
Абыкеге билгизип.
Мен балага кеп айттым,
Энең бейжай эле деп.
Кулагына түшүрө,
Канча ыйлап, көп айттым.
Эми жаныңа алып олтуруп,
Маа кошулуп сен айткын.
Ошо жолдо баланы,
Төрө сындуу боруму,
Бул Абыкенин жоругу.
Сарыдан серке алдырып,
Садагага чаптырып.
Саа садага болсун деп,
Манаке менен Кочкорду,
Абыке келип чакырып.
Ал экөөнө кеп айтып,
Адегенде кан ичкен,
Каары бар жетимди,
Муну алдамак болдум деп айтып.
Атасы көөсөр жан эле,
Манастан калган бала эле.
Баланын эбин табайын,
Энеңди алып келгин деп,
Бир күнү жолго салайын.
Аргын менен огойдо,
Арамзаада киши көп.
Уккан киши болбосун,
Кокустан Бакай угуп койбосун.

Баланын эбин табам деп,
Бир күнү жолго салам деп.
Алыста жүргөн Медетти,
Жаныңарга алгыла.
Букарга бала кеткенде,
Береги арбын огой көп журтту,
Абайлап байкап калгыла.
Семетейге кеп айтып,
Манаке менен Кочкорду,
Баатырсыган Көбөштү,
Байкагыла деп айтып.
Анда мындай жок эле,
Ургаачынын шогу эле.
Кече Манас барында,
Эркелетип үйрөтүп,
Эл бийлеген жан эле.
Аны Манас билбеген,
Эсерлиги бар эле.
Көп кишиге бойкошкон,
Ээн өскөн жан эле.
Каныкейди кара деп,
Семетейге билгизип.
Манаке менен Кочкорду,
Медет менен Седетти,
Алыскы жерден алдырып,
Дүнүйөсү курусун,
Энең долу эле деп.
Семетей баарын калтырып,
Энеңдин долу жайынан,
Атаңдын өлгөн айынан.
Күйбөй жаным өрттөнүп,
Ачынды ичим чок болуп.
Асылдан калган жетимчем,
Өзүңдү алып кеткен соң,
Сен Букарга барганда,
Аман-эсен жетти деп,
Кабарыңды алганда.
Мурун өлөйүн дедим арымдан,
Сенин амандыгың укканда,
Мен калдым өлбөй токтолуп,
Жүрөгүм күйүп чок болуп.
Манастын уулу дардаңды,
Аблап жолго салыптыр,
Арстан Бакай абасы,
Аңдып багып калыптыр.
Манастын уулу жетимдин,
Эр болорун билиптир.
Бакай, Бөкөй, Сарыкан,
Аман болсо барар деп,
Ажалы жетип өлбөсө,
Каныкей жолго салар деп.
Акылдашып сүйлөшүп,
Барсаң бала баргын деп,
Байкуш карып энеңди,
Кеңколго алып келгин деп.
Сарыкан билгир кеп айтар,
Абыке менен Көбөшкө,
Бирөөнү алып бергин деп айтар.
Энеңди алып бербесең,
Барып алып келбесең.
Бул Кеңкол сага жер болбойт,
Бул огой сага эл болбойт.
Сарыкан, Бөкөй, эр Бакай,
Кече Каныкей менен Чыйырды,
Кеңколго экөө келбесе,
Мобу кесиреттүү арамдын,
Акылын табар Каныкей.
Ошондон кийин өлбөсө,
Баланы алдап алды деп,
Абыкедей арамдын,
Тилине кирип Семетей,
Бу Каныкей энесин,
Жаман көрүп калды деп.
Беш сүйлөшүп түшүнүп,
Байкап багып туралы.
Атасы башка арамды,

Жоо-жарак алып күтүнүп.
Кайра бала келерде,
Калк чогултуп алабы,
Жол тостуруп эл жыйып,
Кокустан майып кылып салабы.
Үч баатыр тапкан акылды,
Манастын уулу баланын,
Атам Манас болгон соң,
Эр Манастын тукуму,
Тентиген атка конгон соң.
Эне болуп не пайда,
Каныкей менен Чыйырды,
Барып алып келейин,
Каалайсыңар кимиңер,
Даярланып тургула,
Абыке, Көбөш эки ага.
Бирөөңө алып берейин.
Манастын уулу Семетей,
Абыке тилин алыптыр,
Кайра тартып Букарга,
Бармак болуп калыптыр.
Айткан менен болбойт деп,
Баатыр Бакай абасы,
Тышынан багып калыптыр.
Букара менен Кочкорду,
Жолдош кылып Абыке,
Алты жорго, беш бурак,
Караканга бергиле.
Каныкей менен Чыйырды,
Барып алып келгиле.
Жанына дилде толтуруп,
Санаасын бассын Каракан.
Тандап сатып алгыла,
Каракандын шаарына,
Түлөө кылып мал союп,
Калкы келер эл толуп.
Каныкей менен Чыйырды,
Береги бала Семетей,
Атказып жолго салар деп.
Ала килем бала экен,
Сени карап калар деп.
Уктап калса баланы,
Жакасынан тартпа деп,
Тур өйдө деп айтпа деп,
Дааратына суу берип,
Атын токуп бат берип,
Чайга салып кант берип.
Кара мүртөз энеси,
Кокустан билсе оң кылбайт,
Асили бизди соо кылбайт.
Малды киши аяйбы,
Маңдайына ат барса,
Каныкейдин атасы,
Агарып бата бербейби.
Ак экен деп Каныкей,
Асили катын болгон соң.
Эртеги чыгып эсинен,
Береги турган баласын,
Ээрчип келип бербейби.
Жоргого кошуп арттырып,
Манастан калган баланы,
Алты бурак, беш жорго,
Он бир кылып айдатып.
Кан кудага бергин деп,
Он эки жамбы, миң дилде,
Ошо Кочкор баатырдын,
Куржунуна салдырып.
Манастын уулу баланы,
Алдап жүрүп алам деп,
Абыке жатты кам кылып.
Буудандарды айдатып,
Манастын уулу Семетей,
Качып барып Букарга,
Эрешен тартып эр болуп,
Кайрылып жолго салган жер.
Калкалаган энесин,

Жаман киши экен деп,
Ак жибек тонун кийбейби,
Жакшы болсо энекем,
Атадан калган агамды,
Баатыр Көбөш абамды,
Бирөөнө каалап тийбейби.
Атам Манас болгон соң,
Астына килем жайбайбы,
Асили тууган болгон соң,
Энем бейжай болбосо,
Ардактап багып албайбы.
Кара жолтой оңбогур,
Капа болуп баратат.
Абыкенин иниси,
Баатыр Кочкор эр баатыр,
Жол көргөзүп балага,
Сапа болуп баратат.
Арадан аркар аттырып,
Мерген кылып баратат.
Соодагерге баш кылып,
Шек алдырбай баланы,
Кербен кылып баратат.
Ободо жылдыз оң тартып,
Букар менен Таластын,
Ара конуп жол жүрүп.
Тогуз күнү жол тартып,
Жете барды Букарга.
Кан Букардын шаарына,
Каргадай бала чагында,
Эл табам деп дегдеген,
Муну элинен издеп келбеген.
Абыкенин иниси,
Эр Кочкор жолдош болуптур.
Семетей келе жатат деп,
Каракандын ордого,
Эл жыйылып толуптур.
Элине кандай барды экен,
Кандай болуп калды экен.
Калк чогулуп караса,
Канкордун уулу Семетей,
Манастан калган Аркесме,
Белге чалып алыптыр.
Баатырдан калган Аккелте,
Айдалыга салыптыр.
Каракан берген Алмабаш,
Абыкеде калыптыр.
Шоодуратып ат айдап,
Манастан калган сегиз мүлк,
Баары бирдей тегиз мүлк.
Аколпок кийип созулуп,
Атасынын бирлери,
Жанында жүрөт кошулуп.
Куда болуп түшкөндөй,
Каракандын калың журт,
Курдап тосуп алган жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Эки жолдош ээрчитип,
Чоң Букарга барган жер.
Он эки жамбы, миң дилде,
Каракандын астына,
Баатыр Кочкор жайган жер.
Баланы бала кылат деп,
Каракан көөнү тынган жер.
Олуя заада Каракан,
Элине кабар салган жер,
Эл чогулуп той берип,
Жети күнү таратпай.
Баатыр Манас айлынан,
Барыктап киши келди деп,
Мына бу бурак менен жоргону,
Жеңеңерди алууга,
Сыйлыкка алып келди деп.
Жамбы менен дилдени,
Кожо менен молдого,
Олуя чалыш жери бар,
Карап койбойт олжого.

Баатырдан калган жээнине,
Садага кылып чачты эми.
Таятасы Каракан,
Баланын жолун ачты эми.
Энекеси Каныкей,
Семетейден кеп сурап,
Акбарча менен эр Бакай,
Аман бекен деп сурап.
Эр Семетей кеп айтат,
Киндиктин канын буудуң деп,
Көйнөктүн канын жуудуң деп.
Көтөрүп жерден алдым деп,
Алаканга салдым деп.
Ак байбиче чалкалап,
Жанымды жаман кейитти,
Оң эмчегин эмизди,
Киндик энем бар беле.
Энекеси Каныштан,
Сурап турат Семетей.
Бакай дейсиң энеке,
Жаман киши турбайбы.
Айылдан айыл бузуптур,
Ашкере бузук турбайбы.
Элден элди бөлгөнү,
Эби жок бузук турбайбы.
Как өзүңдү качырып,
Береги карып калган энемди.
Жетелетип коштотуп,
Атамдын салган шаарынан,
Тентитип ийген боздотуп.
Көрдүм Бакай абамды,
Кудайдын кылган иши экен.
Куйтуланып жөн жүрбөй,
Бузукка тууган киши экен.
Каныкейге кеп айтып,
Бакайың бузук экен деп айтып,
Семетей айтып турганда.
Оң эрини былк этип,
Күлүп койду Каныкей.
Арамзаада Абыке,
Баланы бузган экен деп,
Билип койду Каныкей.
Келбеген Кочкор келгени,
Нурдөөлөт менен Жоодарбек.
Канетсе чалгынга чыгып алар деп,
Аттанып жолду чалар деп.
Береги атадан калган жетимди,
Аңдып жатып калар деп.
Олуя заада Каныкей,
Өлбөсөк Кеңкол барарбыз,
Асылым аяш бар болсо,
Арамдан өчтү аларбыз.
Ак жибек болуп толгонуп,
Ар түрлүү акыл ойлонуп.
Эт жүрөк болуп толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп.
Барбасамбы, барсамбы,
Бала кайра жиберип,
Барбай жатып калсамбы.
Баланы боеп болуптур,
Арамдар башка жолго салыптыр.
Барбай койсом Таласка,
Алдап жолго салабы,
Барбай койсом болобу,
Кокустан майып кылып коебу.
Барайын деп камданып,
Жараткан кудай ой берип.
Акыреттик жолдошу,
Арстан Манас жол берип.
Олуя заада Каныкей,
Түлөөсүн берип токтотуп,
Төркүнү менен коштошуп.
Арыз абал айтып токтотуп,
Атасы менен коштошуп.
Калың элге кеп айтып,
Олуя заада Каныкей,

Кош аман бол деп айтып.
Кече тентип качып барганда,
Семетей менен Чыйырды,
Экөөнү эки колго жетелеп.
Букарга барып жан багып,
Алып келген баласы,
Катарга кирип калганда.
Каргадай бала чоңоюп,
Каныкей кайра тартып оңолуп.
Атакеси Каракан,
Тентимиштин Бозжорго,
Чыйырдыга мингизип.
Кара кашка аргымак,
Каныкейге мингизип.
Баарына булгун кийгизип,
Каракандын Актулпар,
Каракан алып калгын деп,
Аман болсо жүрөр деп.
Өлбөсө бир ат таап минер деп.
Кече канкордун уулу Семетей,
Абыке, Көбөш аскери,
Бакайды камап турганда,
Бир буурул жылкы барыптыр.
Атка жетпей жөө басып,
Семетей ыйлап турганда.
Кече баатырдан калган Тайбуурул,
Мойнун тосуп барыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Бир буурул жылкы миниптир.
Ошондо кан Бакайга болушуп,
Качырып чунак кириптир.
Ошондо Абыкенин колунан,
Бир канчаны өлтүрүп,
Кыргынды салып ийиптир.
Кыргынды бала салган соң,
Өз элиңди кырба деп,
Сарыкан басып барыптыр,
Канга тойгон баланы,
Чылбырдан кармап токтотуп,
Сарыкан кармап калыптыр.
Айкөлү Манас шер баатыр,
Каныкейдин түшүнө,
Бир түндө удаа үч кирип.
Калкалаган жетимчем,
Алда деп атка минди деп,
Алып калкын билди деп.
Чоң атасын сойду деп,
Арамдарга кол берген,
Далайды кырып койду деп,
Бала кан ичме атка конду деп.
Адегенде кан ичкен,
Арбактуу бала болду деп.
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм атка конду деп.
Чоң атасын өлтүргөн,
Чогоол атка конду деп.
Балаң келет Букарга,
Токтобой жолго салгын деп.
Кече атасы башка арамдар,
Тууган болуп берет деп.
Өзүм кылган иш эле,
Түшүнө кирип кеп айткан,
Сен кайра баргын деп айткан.
Түшүнө Манас кирген соң,
Эшен менен молдону,
Чакырып алып Каныкей,
Эки күлүк токуткан.
Эки жылкы сойдуруп,
Манаска куран окуткан.
Арстан төрөм эр канкор,
Түшүмдө көргөн даанасын,
Колдогон экен баласын.
Бу Каныкей камынып,
Арстан чунак жетимдин,
Каныкей менен Чыйырды,
Ак өрө кийим кийгизип,

Алты атанга жүк артып,
Шурудан буйла tактырып.
Бу Каныкей олуя,
Бир жагданга ок-дары,
Семетейге билгизбей,
Муну салды толтуруп.
Алтын жаа, сыр жебе,
Бир сандыкка салды эми.
Кудай билет чын болсо,
Алты атанды коштотуп,
Кара кашка аргымак,
Абайы жаап теңселип,
Каракандын шаарынан,
Каныкей чыкты белсенип.
Боз жорго минип созулуп,
Баатырды тууган Чыйырды,
Бу да чыкты кошулуп.
Салтанаттуу Каракан,
Жүк жүктөгөн төөлөргө,
Калы килем жаптырып,
Шурудан буйла tактырып.
Алты жанга коштотуп,
Манастын уулу баланы,
Өз баласы Каныкей,
Кудагыйы Чыйырды,
Жөнөтүп жолго салган жер.
Букардан чыгып созулуп,
Каныкейди алдым деп,
Букардан чыгып калдым деп.
Эл камынып турсун деп,
Эч адамга билгизбей,
Абыке түлөө кылсын деп.
Жанындагы жолдошун,
Барып кабар салгын деп.
Ат өлтүрө баргын деп,
Кабарга Кочкор жиберди.
Абыке кандын алдына,
Атактуу кандын шаарына.
Кабарчы барып кеп айтты,
Каныкей менен Чыйырды,
Келе жатат деп айтты.
Семетейге кас болгон,
Элөөсүз келсе алат деп,
Эр Бакай көрбөй калат деп.
Байкоосуз келсе алат деп,
Бакай көрбөй калат деп.
Аскерди жыйып толтуруп,
Антташып сөздү болтуруп.
Кеңколго бириң келбе деп,
Кесиреттүү Бакайга,
Эл киши деп көрбө деп.
Бакайдын башка жоругу,
Манастан калган балага,
Маана болом деп жүрөт.
Ушул элге кан болуп,
Кечеги өткөн Манастай,
Даана болом деп жүрөт.
Кече Семетей мурун келди деп,
Бакай кабар уккан го.
Кан көтөрөм сени деп,
Семетейден чыккан го.
Үч бөлүнүп жол тосуп,
Жерди жакшы чалгыла.
Манастын уулу дардаңды,
Ара жерден алгыла.
Каныкейди койгула,
Берсе кудай баланы,
Кармап алып сойгула.
Абыке айтат аңгеме,
Абыке тилин алгандар,
Арамдарга кол берип,
Букара болуп калгандар.
Көбөштүн тилин алгандар,
Көбөш эрге кол берип,
Көңүлдөнүп калгандар.
Бала келсе оң кылбайт,

Баарыбызды соо кылбайт.
Бастырып жолду чалалы,
Эр Кочкор аман бар болсо,
Ээн жолго салар деп.
Ээрчитип жүрүп баланын,
Кочкор эбин табар деп.
Убаданы бек кылып,
Өлө турган шерт кылып.
Ак куран ачып жат кылып,
Өлө турган ант кылып.
Ушу сөздөн жанганды,
Убаданы танганды,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү ачык жер урсун.
Ак милтенин чогу урсун,
Атуучу мылтык ок урсун.
Алакан жайган бата урсун,
Ала арка кылган ант урсун.
Союлган малдын каны урсун,
Кармаган куран дагы урсун.
Ант убада бек кылып,
Кудай билет чын болсо,
Манастан калган баланын,
Дардаң өскөн эси жок.
Баланын эси бар болсо,
Чоң атасын соебу,
Тилин алып Бакайдын,
Бир далайды кылабы.
Жакшылык кылчу жан эмес,
Жамандыкка боелгон,
Эл багуучу бала эмес.
Арстан баатыр Абыке,
Жол тостуруп эл алып,
Кеңколго келсе оң кылбайт,
Келсе бизди соо кылбайт.
Айылга келсе оң кылбайт,
Аман келсе Семетей,
Асили бизди оң кылбайт.
Өзү куйту Бакайга,
Каныкей кабар салуучу.
Семетей, Бакай баш кошсо,
Аргын менен огойду,
Колуна чогуу алуучу.
Колду жыйып Абыке,
Жолду тосуп турганда,
Алача кайың, ак белес,
Алты жүз киши баргын деп,
Ошерден тосуп алгын деп.
Жоргонун бели жылгындуу,
Тогуз жүз киши баргын деп,
Ошерди тосуп калгын деп.
Береги канкор салган дубалга,
Аман-эсен жеткирсең,
Каныкей калат убалга.
Каныкей келер болжолдуу,
Береги казармага толгула,
Аз болсо алты миң киши болгула.
Алыстан тоскон чалгынчы,
Андан өтсө баланы,
Кеңколдун бою терекке,
Үч кара көл жээкке,
Ушерден кармап сойгула.
Абыке аскер алган жер,
Каныкей менен баланы,
Астын тосуп калган жер.
Байгамбар сындуу бабасы,
Бир колдогон агасы,
Бозчолокту моюндайт.
Ок-дарыны коюндайт,
Ишин кудай орундайт.
Замандаш өскөн Манаска,
Кече келген Таласка.
Адам эмес ал Бакай,
Сары кожо, ак калпа,
Алишердин тукуму.
Жараткан алда бир кудай,

Кошуп койгон шекилдүү.
Бозчолок минип камчылап,
Арстан Бакай кайран эр.
Жолу жок жерден жол чалып,
Изи жок жерден из чалып.
Түмөндүн жолун чалыптыр,
Түлкү жүрбөс жол менен.
Арстан Бакай кайран шер,
Ошерден тосуп калыптыр.
Ак кайкы белин ашырып,
Ак жарга барып жашынып.
Арстан Бакай эр баатыр,
Жылгындуу коого бастырып,
Жыландай боюн жашырып.
Орто жолго салыптыр,
Арстан Бакай кайран эр,
Карышкыр баспас капка жол.
Анда-мында барчу эле,
Мергендерче аң уулап,
Аюу атып алчу эле.
Башка эл аны билбеген,
Мергенден башка жан,
Киши аралап жүрбөгөн.
Зоосуна кийик топтогон,
Оюна аюу оттогон.
Арстан Бакай кайран шер,
Алыстан келген баланы,
Сандыргалуу Каныкей,
Сагынып жүргөн Чыйырды.
Арстан Бакай абасы,
Кароолчуга кабылтпай,
Чалгынчыга билинтпей,
Жан кишиге көрүнтпөй,
Көк кыяны ашырып.
Көгүчкөндүү дечү эле,
Ошол жолду бастырып.
Канкордун уулу баланы,
Кароолчуга кабылтпай.
Арстан Бакай кайран шер,
Чыйырды менен Каныкей,
Салтанаттуу келатат.
Арстан Манас шаарына,
Алып кирди эр Бакай.
Кум-Кыяны чалышып,
Абыкенин аскери,
Андан таппай калышып.
Таластын суусун бойлошуп,
Келе турган жолу деп,
Кенен акыл ойлошуп.
Кеңколдун жолун төтөлөп,
Абыкенин аскери,
Чалгын чалып бөксөлөп.
Эки жагын чалышып,
Каныкей менен Семетей,
Булар качан келет деп.
Бакай алып өткөнүн,
Таласка кирип кеткенин,
Булар билбей калышып.
Арстан тууган Бакайдын,
Айбары арстан түрүндөй.
Бакайдын сыры белгилүү,
Билип койсо соет деп,
Башты алып коет деп.
Арстан Бакай баатырга,
Кызмат кылып жорголор,
Абыкенин Кочкору,
Мунун да көөнү арамда,
Кара саат бу канчык,
Билип коер бекен деп,
Бу Кочкорду өлтүр деп.
Бакайды карап кашкайып,
Күлүп коер бекен деп,
Кече Букардан жөнөп чыкканда,
Абыкеге баргын деп,
Барып кабар салгын деп.
Кабарга элчи жиберген,

Эр Кочкордун элчиси,
Букардан жөнөп чыкты деп.
Коштоосуна ат алып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Абыкеге келиптир,
Келип кабар бериптир.
Кабар алып Абыке,
Асир жыйып алыптыр,
Асылдан калган баланы,
Ара жерден алгын деп,
Жол тостуруп салыптыр.
Бакай кайдан барсын деп,
Кайдан чалгын чалсын деп.
Кара саат шумдукту,
Бакай билбей калсын деп.
Казармага топтотуп,
Мергендерин алдырып.
Кудай бетин көргөзбө,
Кармашкан жоону алгандай,
Капырга казат кылгандай.
Семетейди соймокко,
Өз атасын өлтүргөн,
Өлбөсө бала соо кылбайт,
Баарыбызды оң кылбайт.
Өлтүрүүгө камынып,
Бере көргүн кудай деп,
Бейли кара бу доңуз,
Бир кудайга жалынып.
Арстан Бакай баатырдын,
Билими жандан бир башка,
Кара шаар Кеңколго,
Казып койгон чоң орго,
Жайган темир чоң торго.
Асмандан булут бурдуруп,
Арстан Бакай абасы,
Алты сап мөндүр жаадырып,
Аттын изин жашырып.
Алып кирди ордого,
Казарманы кайтарган,
Кудай билет чын болсо,
Кайыктырып күн жайлап.
Колго мылтык алалбай,
Абыкенин аскери,
Колтугуна салышат.
Казарманы кайтарган,
Абыкенин аскери,
Үшүгөнгө чыдабай,
Ат жетелеп жөө басып,
Ары-бери жарышат.
Бакай жолго салган жер,
Манастын уулу жаш бала.
Эки энесин ээрчитип,
Кече Манастан калган казарма,
Арстан Бакай ээрчитип,
Аман-эсен барган жер.
Тараза жылдыз батарда,
Таң агарып атарда.
Супура жылдыз батарда,
Суп жаркырап атарда.
Кеңколдун ичи босого,
Чалгынчы келип караса,
Жамгыр жаап, кар түшкөн,
Төөнүн изи көрүнөт.
Болоттон така кактырган,
Аттын изи көрүнөт.
Кайдан келди болду деп,
Кылычтарын байланып,
Казарманы айланып.
Чалгынчылар караса,
Чоң Абыке улук кан,
Санаасын басып былк этпей,
Жаткан экен тырп этпей.
Абыкенин иниси,
Иниси эмей кимиси.
Медет деген бир ини,
Бели катуу бала экен,

Балбандыгы бар экен.
Уруучу кудай урду деп,
Улуксуган абаке,
Казарманы алыптыр,
Кан ичменин Семетей,
Ошо келип калыптыр.
Бу Каныкей барында,
Жүрүптүр Бакай жанында.
Чоң казанды көмөрүп,
Замбиректи чөгөрүп.
Байпак чечип, бут сунуп,
Бу жатканың бекер деп.
Манастын уулу баланы,
Баатыр Бакай ээрчитип,
Казармага кириптир.
Бул түбүңө жетер деп,
Мойнуңа курду салгын деп.
Акборчукту жетелеп,
Чыйырдынын алдына,
Боздоп ыйлап баргын деп.
Бу Бакайдын барында,
Каныкей тирүү чагында.
Бала сени соо кылбайт,
Баарыбызды оң кылбайт.
Мунарга бала карaса,
Бурулуп түтүн бөлүнөт.
Манастан калган дубалга,
Ок жамгырдай төгүлөт.
Кудай билет чын болсо,
Жазайыл огу чачылат,
Замбирек баары атылат,
Оболоп түтүн бурулат.
Кудай билет чын болсо,
Манасты тууган Чыйырды,
Байкуштун үнү угулат.
Айзага тактым желекти,
Алып келдим айлына,
Манастан калган белекти.
Соотко тактым кыякты,
Элиме неге мен келдим,
Ошо күндү не көрдүм.
Эрмек кылган чунакты,
Оо Каныкей бейтаалай,
Айлымды билбей не келдим,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Жаңгызымдан айрылып,
Жараткан алда бир кудай,
Ошо күндү не көрдүм.
Мойнуна бурчак салынып,
Боздоп турат Чыйырды.
Болбогон ишти айтпа деп,
Коштоп турат Каныкей.
Тополоң кайнап тоз чыгат,
Кеңкол менен Таластан.
Чаң мунарып боз чыгат,
Кудай билет чын болсо,
Казганактап калкылдап,
Кара курттай былкылдап.
Айзанын учу кылкылдап,
Кылычтын мизи жылтылдап.
Абыке, Көбөш аскери,
Тилингени билинбейт.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Маана болчу Бакайдын,
Кайда экен дайны билинбейт.
Жараткан алда бир кудай,
Кайсы жериңен жаңылдым.
Эч жазыгым жок эле,
Ар качандан, бир качан,
Кандай шорго кабылдым.
Не жасады башымда,
Эмгектүү кылып койгуча,
Эгем таала кудурет,
Алып койсо не болот.
Балтыр бешик жашымда,
Тууганым жангыз болгонун,

Жараткан алда бир кудай,
Ар качандан, бир качан,
Шорго жазып койгонун.
Жанында турган Каныкей,
Оң ийнинен бек кармап,
Кандай заман, кандай күн,
Жараткан алда бир кудай,
Жаратканың чын болсо,
Берeги жетим балага,
Садага кылгын деп кармап.
Кудай бетин көргөзбө,
Абыке деген кан ойлоп.
Сактыга койдум сан киши.
Кызыл болуп бой тартып,
Кароолго койдум миң киши.
Кантип бирөө калбасын,
Манастын уулу баланы,
Тегеректеп кармасын.
Эр Абыке кан ойлоп,
Абыке кандын ордодо,
Турган элдин баары ойлоп.
Кудай бетин көргөзбө,
Казарманы алганда,
Абыке, Көбөш аскери,
Манастан калган казарма,
Канчалык курчап калганда.
Көрүп туруп Каныкей,
Алты канат ак ордо,
Айландым, бастым капшырдым.
Жараткан алда бир кудай,
Тууру жок туйгунду,
Тууганы жок жангызды,
Бир өзүңө тапшырдым.
Жети канат ак ордо,
Жеке бастым, капшырдым.
Жараткан алда бир кудай,
Жетимди сага тапшырдым.
Тилегенде бергеним,
Тиктегенде көргөнүм.
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Ошондо кандай өлбөдүм.
Олуя заада Каныкей,
Кантер экен жетим деп,
Семетейди караса.
Кунан чыкма жашында,
Салмагы сары алтындай баатырды,
Күнү-түнү тогуз күн,
Талбай алып жүгүргөн,
Каныкей кылган ак тердик,
Капталында көрүнөт.
Буурул ат кайдан келди деп,
Казарманын ичинде,
Ат байлалуу көрүнөт.
Асыл Манас өлгөндө,
Алты арам малды бөлгөндө.
Талаадагы жылкыны,
Такыр айдап келгенде.
Буурулду карма дегенде.
Таш калааны талкалап,
Кум коргонду кулатып,
Таш коргон чебин уратып,
Качып кеткен Тайбуурул.
Жараткан салып оңуна,
Атасы минген Тайбуурул,
Ошондо баланын тийди колуна.
Башына окто сокпогон,
Манастан башка бир адам,
Үстүнө киши чыкпаган.
Басып барып Каныкей,
Маңдайынан сылады,
Атакең маркум Манастын,
Көчүгү тийген мал эле,
Кайдан келди билбеймин,
Актулпардын үстүнөн,

Өзү кылган ак тердик,
Каныкей колго алыптыр,
Тайбуурулга салыптыр.
Акканкы алып токуду,
Ошо Манастын уулу Семетей,
Өз ыйманын окуду.
Чоң энеси Чыйырды,
Саамай чачын сылады.
Жараткан алда кудайдан,
Жетимчени колдо деп,
Чыркырап ыйлап сурады.
Каныкей менен Чыйырды,
Үн алышып буркурап,
Сөөгү какшап буркурап.
Кудай бетин көргөзбө,
Тоо жарылып, жер көчүп,
Замбирек үнү басылбайт.
Манастан калган казарма,
Тегеректеп толуптур,
Бир Семетей бала үчүн,
Абыке, Көбөш арамдар,
Казарманы каматып,
Аскерди курап коюптур.
Аскери санга толуптур,
Абыкенин колунан,
Жан кутулгус болуптур.
Мунарга чыгып караса,
Бурулуп түтүн буркурайт,
Кайда бала, кайда деп,
Аскердин баары чуркурайт.
Манастын уулу Семетей,
Чыйырды менен Каныкей,
Үн алышып турганда.
Каныкейге кеп айтып,
Атасы Манас баатырдай,
Кайраттанып бек айтып.
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Кийирбей койбойт казган көр.
Тагдырга тийген тийген ок болсо,
Таалайыман көрөйүн.
Ажалым бутуп күн бүтсө,
Окко учуп өлөйүн.
Алтын кемер курчанып,
Белимен белбоо чечейин,
Берсе кудай тилекти,
Атам Алмамбет,Чубак өңдөнүп,
Урушуп шейит кетейин.
Ыйлабай басып келгиле,
Ыраазымын кудайга,
Батаңарды бергиле.
Манастын уулу Семетей,
Ушу дүйнө жалганга,
Жандын баарын алганга.
Эчен кылым эл өткөн,
Азиретаалы шер өткөн.
Байгамбардын баары өткөн,
Үрүстөм дастан дагы өткөн.
Өлбөсө Манас эр кана,
Жаратып кудай чыгарган.
Азиретаалы шер кана,
Манастын уулу жетимче,
Энесине кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып.
Каныкейдей энесин,
Колунан алып бек кармап,
Чоң энеси Чыйырды,
Кош аман бол деп кармап.
Алда деп атка минген жер,
Манастын уулу жетимче,
Атка минип эрбейип,
Аккелте мылтык колго алып.
Энесин карап толгонуп,
Чыйырдыга кеп айтып,
Батаңды бер деп айтып.
Чоң энеси Чыйырды,

Алаканын жайган жер,
Атадан калган жетимчем,
Анжиандын Арстанбап,
Ага сени тапшырдым.
Жигиттин бири Шаймерден,
Буга сени тапшырдым.
Эрдин бири Кожосан,
Жардыгына тапшырдым.
Атаң маркум Манастын,
Арбагына тапшырдым.
Алаканын жайган жер,
Чоң энеси Чыйырды,
Бата берип калган жер.
Оң мурутун түйүптүр,
Олуя заада абасы,
Рече баатыр менен бир жүргөн,
Бакай сындуу абасы,
Кантер экен бала деп,
Айланып чалгын чалыптыр.
Карала Манас келди деп,
Сыртынан багып калыптыр.
Кече Манастан калган Аккелте,
Олуя заада Семетей.
Оң колуна алган жер,
Окчо кармап койгулап.
Аккелтенин үнүнө,
Жер дүңгүрөп тарсылдап.
Бу кайдан чыккан мынтык деп,
Бак жыгылып, там урап.
Аккелте менен үч атып,
Баатырдын уулу Семетей,
Тепейип атка минген жер.
Энекеси Каныкей,
Каалганы тарткан жер,
Дарбаза оозун ачкан жер.
Манастын уулу жетимдин,
Үстүнөн мунар созулуп,
Кайберен, Чилтен кошулуп.
Башынан булут бурулуп,
Манастын үнү угулуп.
Атадан калган Аккелте,
Айдалыга салган жер,
Манастан калган сыр найза.
Оң колуна алган жер.
Манастан калган зоотту,
Кынап бойго кийген жер.
Айзасын алып колуна,
Алданын салган жолуна.
Манастын уулу Семетей,
Кыйкырып жоого тийген жер.
Баабедин деп бакырып,
Атам Манас эр болсоң,
Артында калган мен болсом,
Арбагында колдо деп.
Колдобосоң баланды,
Ушу дүйнө жалганга,
Мени тирүү койбо деп.
Ак никелеш байбичең,
Азабын тарткан энекем,
Не болгонун ойло деп.
Менде кайгы көп эмес,
Баланын бериште салды бейлине,
Манастын уулу эр жангыз,
Ошондо казатты кылды элине.
Колдогу чоң найза,
Качырып жоого тийгенде.
Айзанын учунан,
Жалын чыгат жаркылдап.
Баатырдын уулу Семетей,
Айза менен киргенде,
Алтымышты бир сайып,
Далайды кырып ийгенде.
Мөңкөштүн эли бөлүнүп.
Кудай бетин көргөзбө,
Алакандай Кеңколдун,
Ичине кызыл кан төгүлүп.

Мээри кара нечендер,
Ажалынын жеткени.
Манастын уулу баланын,
Айзасынын учуна,
Кудай бетин көргөзбө,
Ок тийгендей учуптур.
Огой менен аргындын,
Кудай бетин көргөзбө,
Кыргынды кыйла салыптыр.
Канкордун уулу Семетей,
Айза менен урушса,
Бу арыбайт экен деп.
Манастан калган Аркесме,
Кылычын колго алыптыр.
Кылычы кындан суурулуп,
Атасы Манас менен кас болуп,
Абыке менен Көбөшкө,
Атын токуп дос болуп.
Бу Семетей келгенде,
Жан дүнүйө козголуп.
Манастын уулу баланын,
Кынынан кылыч алган жер,
Кыйкырыгы таш жарып,
Бейли башка канча журт,
Кыргынды көрүп калган жер.
Семетей кыргын салганда,
Абыкенин аскери,
Токтобой качып калганда.
Манастын уулу Семетей.
Бакырыгы басылбай,
Атасы Манас баатырдай,
Баланын үнү бакылдап,
Ай тийгендей жаркылдап.
Айзанын учу мунарып,
Манастан калган жетим кул,
Эл аралап эр сайып,
Эченди катар бир сайып.
Жоо аралап жоо сайып,
Дөгүрсүгөн чоң сайып.
Манастын уулу жетимче,
Кабылган жерде эр сайып,
Канчаны катар бир сайып.
Бууранын бою кең Чаткал,
Качып калган аскерди,
Айдап кирди Семетей.
Кара-Буура Чаткалга,
Кече Манас барында,
Калкалап огой жатчу эле,
Атасы Манас бакчу эле.
Бууранын ою үч ала,
Асмандан түтүн бурулуп.
Чуркурап ыйлап катын-кыз,
Булардын үнү угулуп.
Ободон түтүн бурулуп.
Озондоп ыйлап чал-кемпир,
Ошонун үнү угулуп.
Манастын уулу Семетей,
Казат кылып кан кечип,
Качырган жерде жан кетип.
Каарланып турганда,
Канчалыкты кырганда.
Мунканганды укканда,
Манастын уулу Семетей,
Бууруллдун оозун бурган жер.
Бир канчаны кырган жер,
Кыргын салып кан кечип,
Кыйкырган жерде жан кетип.
Атасындай түрдөнүп,
Кирген катуу күүлөнүп.
Чекесинен от жанып,
Манастын уулу Семетей,
Муңканган үндү укканда,
Буркурап ыйлап чал-кемпир,
Бул астынан чыкканда.
Кандай болуп калды деп,
Жазал кылып койдумбу.

## СЕМЕТЕЙ

Жараткан алда бир кудай,
Жаман ишти мен кылсам,
Жалгасаң өзүң билесиң.
Буурулдун оозун бурган жер,
Муңканган үндү укканда,
Ошо чунак жетимдин,
Кары-кемпир, кыз-катын,
Булар ыйлап чыкканда.
Кандай болуп кетти деп,
Буурулдун оозун бурган жер.
Сыр найзаны таянып,
Эки жагын каранып.
Манастын уулу Семетей,
Бушайман болуп турган жер.
Ошондо Бакай абасы,
Манастын уулу баланын,
Маңдайына барган жер.
Атадан калган жетимчем,
Элиңе кыргын салдың деп.
Эми токтот урушту,
Элсиз болуп калдык деп.
Калкыңа кыргын салдың деп,
Калксыз болуп калдык деп.
Адегенде кан ичип,
Өкүм атка кондуң деп.
Өз элиңди өлтүрүп,
Кан ичме атка кондуң деп.
Манастын уулу баланы,
Өз убалың өзүңө.
Кара нээт адамдар,
Канкордон калган баланын,
Айзасынын учунан,
Казасы жетип өлдү деп,
Акыретти көрдү деп.
Бууранын бою Чаткалга,
Манастын уулу Семетей,
Байгамбар сындуу бабасы,
Барыптыр Бакай агасы.
Жалган айтса эсирет,
Жараткан өзү кечирет.
Ошондо Сарыкан, Бөкөй эки жан,
Ошо Манастын уулу баланын,
Маңдайына барган жер.
Кан төгүлгөн урушту,
Айтып сөздү токтотуп.
Манастын уулу баланы,
Сарыкан, Бөкөй эки кан,
Арстан Бакай абасы,
Алып жүрдү коштошуп.
Казатты катуу кылыптыр,
Канкордун уулу Семетей.
Бир канча элди кырыптыр,
Тоорулду Бакай чалыптыр,
Канкордун уулу Семетей,
Урушам деп камынып,
Айзаны алып чамынып.
Астына кирип келгенди,
Томолото сайыптыр.
Арстандын уулу эр баатыр,
Атасы Манас өлгөндө,
Качып кеткен жашында.
Кол токтотуп эр сайган,
Канчаны катар бир сайган.
Ошо бала Семетей,
Он үч менен он төрттүн,
Ортосунда жашында.
Арамдын кылган иши деп,
Каныкей, Бакай айталек.
Аны укса Семетей,
Адегенде кан ичип,
Каарман бала болду деп.
Аргын менен огойдун,
Канчасын кырып койду деп.
Атасы башка балдарды,
Ага кылып жүрсүн деп.
Манастан калган баланын,

Ак экенин билсин деп.
Сарыкан, Бөкөй кеп кылып,
Арстан тууган Бакайды,
Астына алып кеп кылып.
Көчөгө өлүк толду деп,
Көп киши кырып койду деп.
Талаага өлүк толду деп,
Тай өлгөндөй болду деп.
Сарыкан, Бөкөй эки жан,
Кан Манас салган ордого,
Семетейди мингизип.
Арстан Бакай баш болуп,
Ошо баатырдан калган баланы,
Каныкей менен Чыйырды,
Кашына алып барган жер.
Санаасы санга бөлүнгөн,
Жамгырдай жашы төгүлгөн,
Көңүлү көпкө бөлүнгөн.
Каныкей менен Чыйырды,
Көзүнүн жашы төгүлгөн.
Кеңколго салган чоң ордо,
Олуя заада Каныкей,
Чоң энеси Чыйырды,
Муңканган үнү басылып.
Эченди көргөн шордуулар,
Бүркөлгөн кабак ачылып.
Үшкүрүгү басылып,
Күлүшүп көөнү жазылып.
Эл жыйылып келгенде,
Элдин түрүн көргөндө.
Акборчук менен Актелки,
Экөөнү катар жетелеп,
Кан Абыке барган жер.
Көкдөлөң менен Суртелки,
Баатыр Көбөш жетелеп,
Монуна курун салышты.
Ат жетелеп буркурап,
Каныкей менен Чыйырды,
Как астына барышты.
Сарыкан келип кеп айтат,
Эми бу жорукту таштайлы,
Башка жолду баштайлы.
Өлгөндөн калган эчен бар,
Энеден элким калган бар,
Атадан жетим калган бар.
Көчөгө өлүк толуптур,
Береги Манастын уулу жетимче,
Көп өлтүрүп коюптур.
Талаага өлүк толуптур,
Кара чунак жетимче,
Далайды кырып коюптур.
Аргын менен ногойдун,
Калкын жыйып алалы.
Алыстагы кандарга,
Ага кабар салалы.
Өлгөндөрдү көмөлү,
Жазыгы жок өлгөндү,
Биз жашырып көмөлү.
Кара ниет өлгөндү,
Аны башка кылалы.
Аргын менен огойдун,
Тизмелерин жыялы.
Өлгөндөрдү көрбөсөк,
Өлүктөрдү көмбөсөк.
Береги чунак жетимди,
Сактасын кудай саламат.
Эсер чыгып ээлигип,
Элди кырып салды деп.
Атасы күткөн калың журт,
Көбүн кырып салды деп,
Балага болот жаманат.
Абыке, Көбөш эки бек,
Калк чогултуп келгин деп.
Канча киши өлдү экен,
Алып келип эсебин,
Каныкейге бергин деп.

Эл чогултуп келгин деп,
Эче киши өлдү экен,
Алып келип эсебин,
Каныкейге бергин деп.
Манастын уулу Семетей,
Канкор болуп калды деп,
Адегенде кан ичип,
Жинкор болуп калды деп.
Үлгөн элди көмөлү,
Убалы жетсин бирөөнө.
Андан кийин сүйлөшүп,
Кеп токтотуп көрөлү.
Акылманды алдырып,
Кыргынга кеткен өлүктү,
Көмөлү деп кам кылып.
Каргадай болгон балага,
Абасы Бакай кеп айтып,
Сен өңдөнгөн эчендер,
Ойноп жүрөт деп айтып.
Ордодон чыгып ойноп жүр,
Как өзүңдөн өлгөн жан,
Канча киши өлдү экен,
Сен ошону ойлоп жүр.
Башканын тилин албай жүр,
Адегенде кан ичип,
Каарман атка кондуң сен.
Атаң Манас баатырдын,
Жеткирди кудай тилекке,
Как өзүңдөй болдуң сен.
Сарыкан, Бөкөй кеп айтат,
Каргадай болуп өстүң сен,
Качып тентип кеттиң сен.
Кайрылып элди көрдүң сен,
Канчалыкты көрдүң сен.
Жакшылык менен жамандын,
Баарын көрүп болдуң сен,
Баатыр атка кондуң сен.
Аксакалдар баш кошуп,
Акылдашып кеңешип.
Абыке менен Көбөштү,
Аларга кошуп кеңешти.
Кече күнү кеп айткан,
Канча киши өлдү экен,
Эсебин бер деп айткан.
Жоодары менен Бекказы,
Абыкенин катчысы.
Өлгөндөрдүн эсебин,
Экөө барып алыптыр.
Эсебин алып бүткөндө,
Каныкейге барыптыр.
Каныкей окуп караса,
Семетейдин колунан,
Огой, аргын элинен,
Бир миң төрт жүз өлүптүр.
О Каныкей байбиче,
Сарыкан менен Бөкөйгө,
Акылдашы Бакайга,
Атасынын жолунан,
Семетейдин колунан,
Жерге өлүк толуптур.
Ушу жетим өлтүргөн,
Бир миң төрт жүз болуптур,
Эл эсебин алдым деп.
Калк сураган кандарды,
Эл бийлеген эчестди,
Кеп сүйлөгөн чеченди.
Кечеги кылган кордугун,
Бу Каныкей эстебей.
Абыке менен Көбөштүн,
Ар кылганын кектебей.
Ордого элин толтуруп,
Кече олуя Манас барындай,
Элди жыйып болтуруп,
Капасы ичтен жоголуп.
Олуя заада Каныкей,
Катарга кирип баласы.

Кайраттанып Каныкей,
Калган экен оңолуп.
Аргын менен огойдон,
Жашы өткөн чал жыйып,
Карган кемпир да жыйып.
Баласы өлүп ыйлаган,
Бу Каныкей да тыйып.
Аргын, огой калың журт,
Он санга эли толуптур.
Кеңкол менен Таластын,
Аргын менен огойдун,
Кече тентиген Каныш келгенде,
Кечеги тенгедей болгон жетимче,
Элине келип бергенде.
Энеси Каныш башкарып,
Кадимки Манас барындай.
Олуя заада Каныкей,
Аяшы Бакай баатырды,
Акылдаш жүргөн Сарыкан,
Биригишип бир жүргөн,
Манас менен тең жүргөн.
Башка тууган Бөкөйдү,
Бул үчөөнү аткарып,
Эл чогултуп көргүн деп.
Каргага канын чокутпай,
Кузгунга көзүн ойдурбай.
Өлүктөрдү көмгүн деп.
Убалы болот өлгөндүн,
Жазганы болот көргөндүн.
Нээти башка нечендер,
Жөн өлүмдөн өлгөндөр.
Баатырыңар Манастын,
Арбагын сыйлап жүргөндөр,
Шейиттин жолду көргөндөр.
Бу Каныкей кеп айтып,
Кече Манастан калган ускасы,
Баатырдан калган Каныкей,
Баарына акыл салган жер.
Кече олуя заада Каныкей,
Атагы чыккан баатырды,
Кече алган байы Манаска,
Алыстан жыйып багынтып,
Арстан Манас эр баатыр,
Аккула атты минчү эле.
Арстан Манас кайран эр,
Атадан жангыз экенин,
Манас кайдан билчү эле.
Аккула оозун керчү эле,
Акылман тууган Каныкей,
Атагы чыккан баатырды,
Өзү жыйып келчү эле.
Алганым жангыз экен деп,
Жолдош кылып берчү эле.
Калк чогулуп келишип,
Баралына жетелек,
Багып келдим жетелеп.
Арбактуу баатыр Манастын,
Артында калган эл элек.
Кече канкор Манас барында,
Калк бийлеген жан элем.
Манастын көзү өткөндө,
Башыман доор кеткенде.
Асылдын көзү өткөндө,
Береке кетип Кеңколдон,
Каныкей өзүң тентип кеткенде.
Каныкей кандай болду деп,
Кайгыңды тартып жүргөнбүз.
Каргадай бала барбы деп,
Капалуу болуп жүргөнбүз.
Келдиң Кеңкол шаарыңа,
Керектүү огой айлыңа.
Кондуң Талас шаарыңа,
Ардактуу огой айлыңа.
Байбичебиз Каныкей,
Бактылуу болсун Семетей.
Энебиз болсо Чыйырды,

Көп өмүрүң өттү эле,
Көп жашы өтүп кетти эле.
Бу кудайдын маанайы,
Кайрылып конгон конушка,
Мына бу байбиченин таалайы.
Сарыкан менен Бакайга,
Ошондо бала чунак кеп айтат.
Абыке тилин алыптыр,
Бала чунак Семетей,
Айткан сөзгө каныптыр.
Абыке деген агабыз,
Атабыз Манас иниси,
Иниси эмей кимиси.
Тулпардан калган туяк деп,
Баатырдан калган чунак деп.
Мени тентиген атка кондурган,
Энекем Каныш турат деп.
Бекзааданын баласы,
Тентигени уят деп.
Чогулган элге кеп айтып,
Чогоол өскөн жетимче,
Береги энем Каныкей,
Абыкедей агама,
Алып берем деп айтып.
Олуя заада Каныкей,
Семетей эмес Манаска,
Айтып жүргөн кеп эле.
Арам сага журт болбойт,
Айтамын деп Манаска,
Каныкей токмок жеди эле.
Атасы Манас болгон соң,
Каныкей айтса эр Манас,
Тилин албай койгон соң.
Калкыңа бузук салар деп,
Артыңда калган жалгызек,
Жаманатка калар деп.
Олуя заада Каныкей,
Камчыга Манас сыйлаган,
Өз тууганды жат көрүп,
Каныкей айтса тил албай,
Күнү-түнү эчен күн,
Төшөктөн коппой ыйлаган.
Канча айтса Каныкей,
Канкор Манас баатырдын,
Кулагына сыйбаган.
Олуя заада Каныкей,
Семетей кебин укканда,
Бу Каныкей кеп айткан,
Эсерирек өстү деп,
Жангызым макул болот деп айткан.
Энекем тилин алды деп,
Манастын уулу Семетей,
Менин айткан сөзүмө,
Чын кулагын салды деп.
Манастын уулу дардаңбоз,
Элге ээлигип кеп айтып,
Эп келбес сөздү көп айтып.
Калкка ээлигип кеп айтып,
Калк укпас сөздү көп айтып.
Бу Каныкей эл жыйып,
Тегерегин тең жыйып.
Манастын көзү өткөндө,
Тентип кеткен сандалып.
Каныкей кайра келгенде,
Семетей келди деп угуп,
Качкындар келген камданып.
Ордого элди толтуруп,
Олуя заада Каныкей,
Ошо сөзүн коер деп,
Бир бушайман болор деп.
Арамды ата кылам деп,
Алдоо тилге кириптир.
Абыке алдап койгонун,
Бу Каныкей билиптир.
Кеңколго эл толуптур,
Кеңешип баары болуптур.

Талаага аргын толуптур,
Талаалап кеткен калың журт,
Каныкей кайра келгенде,
Баары келип болуптур.
Абыке, Көбөш эки арам,
Аталыктан алтоо эле.
Журттун камын жеп жүргөн,
Арстан Манас баатырга,
Бир тууганбыз деп жүргөн.
Канкор Манас эр баатыр,
Калктын камын жеп жүргөн.
Асили башка арамдар,
Агабыз Манас деп жүргөн.
Көктелки менен Суртелки,
Абыке, Көбөш бууданы.
Бала төрө келди деп,
Манастын уулу баладан,
Кан көтөрөт кимди деп,
Семетейди агартсак,
Аргын менен огойго,
Кадырлуу улук болобуз.
Манастан калган дүнүйө,
Дардаңбоз өскөн жетимче,
Байкабай душман түрүнө.
Кеңколдон кече качканда,
Кейишти Каныш тартканда.
Манастын көзү өткөндө,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Арамга доор жеткенде.
Кайнатасы кан Жакып,
Арага киши салганда,
Абыкеге тийсин деп.
Арачы болуп Акматбек,
Каныкейге барганда,
Акматбекке кеп айткан,
Алжыбасын кайнатам.
Асылымдын төшөгүн,
Арамдарга бастырбайм.
Баатырдан калган олпокко,
Абыке уулун жаткырбайм.
Арага барган кишини,
Кагып койгон Каныкей.
Арачыдан кеп угуп,
Кагып койду деп угуп,
Жакып кан ичи ачынган.
Эл бийлеген бейбактын,
Медер кылган баласын,
Кара көзүн ойгун деп.
Канчыктын каралаган баласын,
Көкбөрү тартып койгун деп.
Кезекти кудай келтирген,
Келе Семетейди бергин деп.
Мылтыктарын октошуп,
Жакып кандын жигити,
Келген күндө топтошуп.
Бакты күндүн баласын,
Каныкей сурап алганда.
Бу Семетей экен деп,
Кеңколдун бою көчөгө,
Көкбөрү тартып баланы,
Эки бөлүп салганда.
Мен турганым бекер деп,
Асили арам болгон соң.
Бу Семетей чунактын,
Амандыгын билишсе,
Бир күнү өлтүрүп коет деп,
Ошондо качкан Каныкей.
Өлгөндөрдү көмүшүп,
Аргын, огой калың журт.
Каныкей менен Чыйырды,
Катарга кирип Семетей,
Ошондо көрө элеги көрүшүп.
Каныкейге ой берип,
Семетейден кеп угуп.
Абыкедей агама,
Энемди алып берем деп угуп.

Абыке, Көбөш барбаңдап,
Эл чогултуп дардаңдап.
Каныкейге ой берип,
Кудай билет чын болсо,
Калк чогулуп жыйылып.
Канча күнү той берип,
Тентиген бала келди деп.
Тентип кеткен эчендер,
Кеңколго келип конгону.
Баатыр Манас барындай,
Кайра келип элине,
Конушуна конгону.
Кече канкор Манас өлгөндө,
Каныкей кордук көргөндө.
Манастын уулу Семетей,
Абыкени ага деп,
Эр Көбөштү аба деп,
Эрке болуп жүргөн жер,
Каныкей элди билген жер.
Абыке, Көбөш эки арам,
Манастын уулу баланы,
Абабтап алып баккан жер,
Ат күлүгүн тарткан жер.
Көктелки менен Суртелки,
Эки эрдин бууданы.
Манастын уулу Семетей,
Алмак-салмак ат минип,
Эрке болуп турганы.
Эки арамга билгизбей,
Каныкей, Бакай сүйлөшүп.
Аргын менен огойду,
Эл чогултуп турганы.
Канкордун уулу баланы,
Манастан калган калың журт,
Баарысы басып санааны.
Өрүшкө малы толгону,
Кече Манас барындай,
Кеңколго караан конгону.
Манастын уулу балага,
Абыке, Көбөш эки кир,
Киши салып арага.
Мен садагаң кетейин,
Кааладык канча сени деп.
Башта Манас баатырдын,
Ордун баскан кан эле,
Ошондо Семетей качан бар эле.
Атаң Манас баатырдын,
Эми кан көтөргүн мени деп.
Манастын уулу Семетей,
Актелки минип барбактап,
Калың элди аралап.
Бала чунак кеп айтып,
Атабыздын иниси,
Иниси эмей кимиси.
Атабыздын ордуна,
Абыкедей аганы,
Кан көтөрөм деп айтып,
Элге кабар салган жер,
Эл жыйылып барган жер.
Ошондо Манастын уулу жетимче,
Калкка кабар салган жер.
Буудандын оозун керем деп,
Мени тууган энемди,
Абыкедей агама,
Ике кыйып берем деп.
Кээ бирөөлөр жактырат,
Кээ бирөө кооп каткырат.
Кече тентип кор болгон,
Муратына жеткенсип,
Каныкей кантип тийсин деп.
Кээ бирөө кеп кылат,
Арстан тууган эр Бакай,
Канкору Манас ордого,
Билбей калган эмедей.
Бозчолок минип жылжытып,
Колундагы шумкарды,

Илбээсинге ыргытып.
Арстан тууган баатырдын,
Калаасына барган жер.
Каарланып кеп айтат,
Семетейди билген соң,
Өз тилине кирген соң.
Арстан Бакай баатырды,
Сен бу калаанын ичине,
Келбей жүргүн деп айтат.
Эл ичине сен келсең,
Саласың элге бузукту,
Кыласың элге кызыкты.
Кече Каныкей менен Чыйырды,
Сен качырдың Букарга,
Качкан атка конду деп,
Сенин тилиң алам деп.
Катындык кылып Каныкей,
Качып жүргөн бала деп,
Мына бу турган Семетей,
Жаманатка конду деп.
Абыке чыгат барбактап,
Аралап элге келбе деп.
Эл ичине жүрбө деп,
Эр Көбөш айтат дардактап.
Ошондо бала чунактын,
Берише салды бейлине,
Кече Жоргонун бели чаар жон,
Ошого бала барганда,
Кеңколго дүрбү салганда.
Карарып аткан калың бак,
Кароолонгон алма шак.
Кеңколду көрүп ыйлаган,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Атамдан калган калаа деп.
Көзүнүн жашын тыйбаган,
Бала чунак Семетей.
Барып Бакай кабылган,
Бала болуп багылган,
Ак дидарды сагынган.
Бакай алып барганда,
Ак байбиче энеси,
Өз колуна алганда,
Оң саамайын жыттаган.
Күнү-түнү төрт күнү,
Ордунан коппой уктаган.
Ошондо арстан Бакай алды эле,
Ошондо чоң атасы Жакыптын,
Алдына алып барды эле.
Чоң байбиче Бакдөөлөт,
Ошондо байы Жакып кеп айткан.
Семетейди өлтүр деп,
Уу даярда деп айткан.
Сунган ашты ичкин деп,
Бир кудай салган оңуна,
Ошондо Бакай салган жолуна.
Сунган ашты ичпейт деп,
Өзөлөнүп Семетей,
Өз атасын өлтүргөн.
Бейлине кудай салган соң,
Берише жакын барган соң.
Калк сураган агасы,
Абыкедей абасы,
Жолго качан салды эле.
Манастан калган жетим деп,
Качан тосуп барды эле.
Арстан Бакай ээрчитип,
Таласка алып келди эле.
Чоң атасы Жакыпка,
Алып келип берди эле.
Сыр аякка бал куюп,
Ак чыныга уу куюп,
Абасы Бакай болбосо,
Өлбөйт беле Семетей.
Атага чыны сунганда,
Атасы албай турганда,
Сенден мурун мен ичсем,

Сексениң уруп кетет деп,
Өзүңүн ашың болгон соң,
Оң колуна албайт деп.
Улам-улам колуна,
Ичип ийгин балам деп,
Оңдоп, солдоп кармайт деп.
Атасына уу чачып,
Арсыз бала атыккан.
Каныкей урган жоругу,
Бакайдын башка боруму.
Жеткирген кудай оруну,
Акылы жок арамдар,
Абыке чыкты күүлөнүп.
Бу калаанын ичине,
Куйту кандай келди деп,
Эр Көбөш чыкты сүйлөнүп.
Ошондо бала толгонуп,
Олуя эрдин тукуму,
Көптөн кийин ойлонуп,
Атка минип созулуп.
Атасы Манас баатырдын,
Арбагы келип кошулуп.
Бууданды минип созулуп,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагы келип кошулуп.
Тойго келген калың журт,
Манастын уулу Семетей,
Карт кишиче какайып,
Улуу заада көрүнүп.
Чоң кишиче болкоюп,
Абыке тарткан Акборчук,
Аны минип зоңкоюп.
Манастын уулу Семетей,
Калың элге кеп айтып.
Менин атам Манаска,
Жолдош болуп жүргөнүн,
Мына бу турган Бакайды,
Билдиңерби деп айтып.
Калктын баары чуркурап,
Сенин атаң Манасты,
Улуу заада эр кылган.
Кармаша чыккан душманды,
Кара жерге тең кылган.
Атаңдын колу шок болгон,
Ушу Бакай келгенде,
Ошондо атаң Манас токтолгон.
Ушу бакай барында,
Атаңдын кармаганы ок болгон,
Караганы жок болгон.
Атаңдын тиштегени ок болгон,
Атаңдын тиктегени жок болгон.
Биргелешип бир өскөн,
Жашы бирге тең өскөн.
Ат кадырын билишкен,
Аттанып жоого тийишкен.
Тон кадырын билишкен,
Созулуп жоого тийишкен.
Ушул абакем Бакай болучу,
Ырамандын Ырчы кул,
Ырдап айтып турган жер.
Манастын уулу Семетей,
Акка бейлин бурган жер.
Акборчуктун үстүнөн,
Ыргып түшө калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Атакемдин жолдошу.
Ушу Бакай абамды,
Кан шайлагын калкыма,
Калың журт сенин жалпыңа.
Атым тартуу, баш саруу,
Атынын башын бурган жер.
Бала чунак жетимче,
Атасы Манас баатырдын,
Кан шайла деп бакырып,
Семетей айтып турган жер.
Угалбай турган ушу журт,

Алаканын жайган жер.
Кан көтөрүп Бакайды,
Өмүрүң узун болсун деп,
Эр Бакайды кан шайлап.
Аргын, огой калың журт,
Ошондо төрт миң жан экен,
Батасын берип калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Бакайды такка мингизип.
Олуя заада Каныкей,
Оюнда жүргөн иш эле.
Атаганат катүгүн,
Кече Манас баатыр барында,
Абыке кайдан киши эле,
Арамдан тууган ит эле.
Кеңколго огой толгон соң,
Эр Бакай улук болгон соң,
Элине сыймык конгон соң.
Кече Каныкей тентип кеткенде,
Кан Манас көзү өткөндө.
Келин-кыз жүргөн кейинип,
Семетей кайра келгенде.
Кан Бакай улук болгондо,
Айлына кербен толгондо.
Анжиандан эл келип,
Кудай билет чын болсо,
Кербендер келип толуптур.
Ошо баатыр Манас барындай,
Как ошондой болуптур.
Эми Абыке жайын айтайын,
Канкор Манас өлгөндө.
Алды алдынан таратып,
Абыке айдап бөлгөндө.
Кече Манастан калган жетимче,
Тентип жүрүп келгенде.
Калың огой көп журттун,
Тилегин кудай бергенде.
Алданын жазган буйруктан,
Чыкпайт адам кутулуп.
Кече Каныкейди тентитип,
Ошондо Абыке калган бузулуп.
Бала чунак Семетей,
Бакайга кандык бергенде,
Аргын, огой мискин журт,
Арстан Манас ордого,
Казканаттап чогулуп,
Калк жыйылып келгенде.
Арамза киши оңобу,
Калк сураган кан эле.
Алда деп атка мине албай,
Жакшылар менен жүрө албай.
Элирип атка мине албай,
Эл аралап жүрө албай.
Кече Каныкей тарткан убайым,
Адамзат мендени,
Ар кандай ишке көндүргөн.
Бир жараткан кудайым,
Актелкини алды деп,
Кара саат оңбогур,
Кан көтөрүп Бакайды,
Аргын, огой көп журтту,
Башка жолго салды деп.
Эгерде эки болбогур,
Эркелетсем кеп айтып.
Калк чогултуп эл жыйып,
Энемди берем деп айтып.
Баланы кудай урганы,
Атасы башка Бакайды,
Көтөрүп улук кылганы.
Көбөшү айтат мейли деп,
Жүрө берсин көөнү деп.
Анда-мындан алды деп,
Кан көтөрүп Бакайды,
Кара саат оңбогур,
Жаман кылып салды деп.
Касиетим качырып,

Сыймыгымды кетирип.
Атасы башка Бакайды,
Бу Семетей сыйлады.
Башта калк сураган каарман,
Кантип тирүү жүрөм деп,
Кан Абыке ыйлады.
Алган зайбы Акбермет,
Кой-кой десем болбойсуң,
Кой-койдун тилин албайсың.
Айтсам го тилди албайсың,
Эми кан Бакайга тең болбой.
Кандыгыңан ажырап,
Калдыңбы эми кандайсың.
Менин тилим сен алсаң,
Белгиси бар жан эле.
Ой, каным Абыке,
Туулганда Семетей,
Бедерлүү түшкөн бала эле.
Өтүп кеткен баатырдын,
Белгиси түшкөн жан эле.
Кече Каныкейге таарынып,
Баатырдан калган баланы,
Өлтүрөм деп чамынып,
Карагай айза кармайсың.
Ошо баатырдан калган баладан,
Асили өлбөй калбайсың.
Каныкейди тентитпей,
Кайненесин ээрчитпей.
Асыл өткөн баатырдын,
Арбагына сыйынып.
Асылдан калган ак ордо,
Айбыкпай басып кирбейсиң.
Баатырдан калган белек деп,
Азыркы келген баланы,
Ардактап багып жүрбөйсүң.
Минбейт белең тагыңа,
Конбойт белең шагыңа.
Каарман болуп калк сурап,
Өзүңө өзүң кылгансың.
Баатырдын атын айтканда,
Өкүмдүктү кылгансың.
Ала кийиз жайнамаз,
Атты арта салгын деп.
Азыркы болгон улукка,
Жамандык кылбайт адамга,
Сен астына баргын деп,
Сыйынып кызмат кылгын деп.
Азыркы улук баатырдын,
Сыйнатына тургун деп,
Агарып кызмат кылгын деп.
Азыркы улук баатырдын,
Атын токуп жүргүн деп.
Кызмат кылсаң ошого,
Эл кадырын билесиң,
Эңкейип үйгө киресиң.
Азыркы улук баатырдын,
Ким экенин билесиң.
Абыкеге кеп айтып,
Абалкы өткөн баатырдын,
Азыркы турган балага,
Кызматкер болгун деп айтып.
Бейли кара болгон соң,
Мен Бакайга барамбы.
Атасы башка Бакайдын,
Атын токуп жагамбы.
Бала кылып ардактап,
Кара саат жетимди,
Кече атымды бердим баралап.
Ал ишимди таштады,
Жолду башка баштады.
Жоболоңдуу жайрагыр,
Суук боор Бакайды,
Кан көтөрүп таштады.
Кандыгыман түштүм деп,
Мен ушуга арданбайм.
Көзүм өтүп кеткиче,

Семетейге агарбайм.
Деп ошентип Абыке,
Алганы айтса болбоду,
Болбой монун толгоду.
Арууке менен Акбермет,
Бейлине кудай салганы.
Баатырдан калган жетимче,
Кайра ордуна конду деп.
Аргын, огой калың журт,
Кадимкидей болду деп.
Каныкейдин кашына,
Баруучу күндө астына.
Белгиси бар Каныкей,
Кече беренден калган чоң ордо,
Сарт кербенчи көп келип,
Дүнүйөнү толтурат.
Арстан Бакай эр баатыр,
Башка жерде олтурат.
Арууке барса кашына,
Бу Каныкейдин астына.
Маңдайында шамы бар,
Оң ийнинде ойногон,
Аруукенин ийнинде.
Кудай өзү билбесе,
Оң саамайы өрүлөт.
Каныкейдин көзүнө,
Аруукенин ийнинде,
Бир он жашар бала көрүнөт.
Олуя заада Каныкей,
Бу Каныкейдин оюнда,
Ошо Аруукенин боюнда.
Кеңколго сыймык келгенде,
Семетей келип бергенде.
Ичинде сөөк өсүптүр,
Бул Арууке байкуштун,
Көтөрүлүп көңүлү.
Бу кудайдын бергени,
Ичине куурап каткан сөөк,
Бала болуп кетиптир.
Арууке менен Каныкей,
Абалдан бери акылдаш.
Кечеги Манас баатырдын,
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Алып жүргөн жолдошу,
Мунун артын кудай оңдоочу.
Кече каганга Манас барганда,
Арууке менен Мыскалды,
Алмамбет барып алганда.
Кече Таластан Манас чыкканда,
Каныкей айткан кеби бар,
Менин айткан сөзүм тыңда деп.
Бир кудай салат жолуңа,
Бээжинде бар эки кыз.
Ошону жолдошуң барып алат деп.
Салса кудай жолуңа,
Ошо эки кыз тийсе колуңа.
Казат кылып кан төгүп,
Капыр менен мусулман,
Карчалышып турганда.
Алмамбет менен ал кызга,
Ошерден ике байла деп.
Ошондон калат бир туяк,
Артыңда калган баланы,
Көрдүңбү Манас айкөлү,
Кармап турам көтөрүп.
Мына бу турган балага,
Ошондон болот пайда деп.
Каканга Манас чыкканда,
Каалгадай кашка тиш,
Каныкей катуу тиштеп капшырган.
Кабылсаң ике байла деп,
Ошондо кан Манаска тапшырган.
Каныкей турду төтөлөп,
Аман-эсен төрөсө,
Кеңколго сыймык конот деп.
Болоттон калган тукул деп,

Ошондон калган тукум деп.
Кечеги өткөн аяштан,
Өзүнөн өйдө болот деп.
Ак мончок алып такчу экен,
Жолдошум деп Каныкей,
Белги көрүп бакчу экен.
Бу Каныкей санаасы,
Арuукеде карасы.
Түрү күндө бөлүнөт,
Башка жан билбейт боруму.
Каныкейдин көзүнө,
Арууке ур кызындай көрүнөт.
Маңдайында багы бар,
Каныкей байкайт ошону.
Айры шили желкеде,
Мунарып күйгөн шамы бар.
Каныкей жүрөт ардактап,
Белгисин көрүп болкулдап.
Олуя заада Каныкей,
Айылда элге билгизбей,
Абыке канга туйгузбай.
Арстан Бакай баатырдын,
Астына басып келчү эле.
Аруукеге садага,
Аман төрөр бекен деп.
Садагасын кактырып,
Ай сайын өпкө чаптырып,
Аруукени бакчу эле.
Каныкей, Бакай жоругун,
Адам билбейт эч кандай,
Каныкейдин борумун.
Кан Манас минген алтын так,
Арстан Бакай эр баатыр,
Такка минип отуруп.
Каныкейди алдырып,
Жетимчеге кам кылып.
Каныкейге көп айтып,
Эп болсо сага Каныкей,
Карадан чыккан кан эле,
Өзү азиз жан эле.
Билесиңби Каныкей,
Шаатемир деген бар эле.
Сарыкандын Көкмончок,
Ушуну менен удаалаш.
Оймоктуудан уз деген,
Тырмактуудан түз деген.
Балтыр эти толду деп,
Баралына келди деп.
Булчуң эти толду деп,
Убагына келди деп.
Шаатемирдин кызына,
Айдап калың мал алып,
Айры өркөчтүү нар алып.
Сарыкан менен Бөкөйдү,
Жолдош кылып алалы,
Шаатемирдин астына,
Куда болуп баралы.
Шаатемирдин баласын,
Сүйрөп калың мал алып,
Дуңгул өркөч нар алып.
Береги турган балага,
Зайып кылып берели.
О Каныкей ойлоп жүр,
Мен ойлогон ушуну.
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп тай союп,
Келин алып келели.
Каныкей, Бакай акылдаш,
Ушу сөзүң акыл деп,
Аяшым айтканыңа макул деп.
Каныкей, Бакай тилектеш,
Айдап малды алууга,
Шаатемир кандын айлына,
Куда болуп барууга.
Убада сөздү бек кылды,
Он эки күндү чек кылды.

Манастын уулу Семетей,
Жетим жүрүп жетилип,
Ак болот болду бүлөгөн,
Ак туйгун болду түлөгөн.
Аргын менен огойду,
Чапкан аттай сүрөгөн.
Атасындай билеген,
Көк болот болду бүлөгөн,
Көк туйгун болду түлөгөн.
Калың огой көп журтун,
Күлүк аттай сүрөгөн.
Атасы Манас өңдөнүп,
Ар жакшы менен алышкан,
Ар немеге даанышман.
Тентиген жерден келгени,
Манастын уулу Семетей,
Тентитип ийген агасын,
Тентиттиң мени дебеди.
Качкындан кайра келгени,
Качырып ийген агасын,
Атамдан калган журтум деп,
Абыке, Көбөш агасын,
Абабтап багып эл кылып.
Белиме таңуу болот деп,
Аргын менен огойдун,
Карысына тең кылып.
Манастын уулу Семетей,
Кече атасы Манас барында,
Артында калган көпөлөк.
Балапан жүнү кеткиче,
Бала болуп өскүчө.
Кара чунак баласын,
Өлбөсө колго алат деп.
Атамдан калган мурапы,
Шумкар алып салат деп.
Арпанын башы Акзоодон,
Айбан баспас чоң зоодон.
Энеси тумшук сала элек,
Жумурткадан чыга элек.
Баатыр Манас атасы,
Шумкар учкан уядан,
Жумурткасын алдырган.
Тоок чегип чыгарган,
Тобокел деген бир киши,
Колуна алып таптаган,
Башка киши бакпаган.
Арстан Манас атасы,
Семетейге сактаган.
Манастын көзү өткөндө,
Абыке салган бөпөлөп,
Асмандап учуп көкөлөп.
Каныкей кайра барганда,
Олуя заада Каныкей,
Ак шумкардын далбасын,
Өз колуна алганда,
Далбасын көккө ыргытып,
Кукулап дабыш салганда.
Качканы канча жыл болгон,
Айланып учуп шарпылдап,
Кече арстан Манас эр баатыр,
Алтындан кылган чагарак,
Усталарга тактырган.
Учуп келген шумкардын,
Багелекте жаркылдап.
Бу кудайдын бергени,
Далбага конду үндөсө.
Шумкардын учуп келгени,
Кудай салса оңуна,
Келсе шумкар колума.
Атасындай болот деп,
Башына сыймык конот деп.
Кеткен кегин алат деп,
Баатырдан калган көп журтту,
Атасындай багат деп.
Энекеси Каныкей,
Төлгө кылып жүрчү экен.

Оюна кудай салганы,
Далбас кагып кукулап.
Бар-Дөбөнүн боюна,
Эки суунун чатына.
Олуя заада Каныкей,
Ошо жерге барганы.
Асмандап учуп шуулдап,
Чагарагы жаркылдап,
Куйругун жайып суналып.
Кош канаты кагышып,
Кошо учуп жаныбар,
Бир шумкар келди жарышып.
Ары учуп айланып,
Кайра учуп көкөлөп.
Карап турат Каныкей,
Улам-улам бөпөлөп.
Мени кудай урбаса,
Бейлимди шайтан буубаса.
Алты айланып өтөр деп,
Конбой учуп кетер деп.
Далба кагып куукулап,
Карап турат Каныкей.
Үч айланып өткөндө,
Кошо жүргөн бир шумкар,
Көкөлөп учуп кеткенде.
Тегеренип калдактап,
Бергенин кудай кайта албайт.
Оң канаты далдайып,
Сол канаты шалдайып,
Каныкейдин колуна,
Конду шумкар далдайып.
Ак шумкарды алганда,
Бу Каныкей байбиче,
Арстан Бакай баатырдын,
Астына алып барганда.
Убалдашы Бакайга,
Бу Каныкей кеп айтып.
Кагылайын Айкожо,
Колумдагы шумкарды,
Таанийсыңбы деп айтып.
Арстан Бакай кеп айтат,
Колуңдагы шумкарды,
Алты жолу келди колума.
Далба кармап үндөбөй,
Ак болот того бүгүлүп.
Калдым эле шумкардан,
Келбейт деп андан түңүлүп.
Асмандан учуп бурулуп,
Алтындан кылган чагарак,
Шаркылдап үнү угулуп.
Кудай берер бекен деп,
Манастан калган жетимчем,
Аман келет экен деп.
Үч айланып өттү эле,
Колуман чокуп жем жеди,
Көкөлөп учуп кетти эле.
Азап тартып шор басып,
Канчалык күнү жүрдүң сен.
Шумкардын кайра келерин,
Каныкей кайдан билдиң сен.
Оң муруту булк этип,
Оң жагынан солк этип,
Күлүп турат кан Бакай.
Кече баатырдан калган шумкар деп,
Бала минген Буурул ат,
Кан Манас минген тулпар деп.
Каныкей, Бакай эки жан,
Акылдашып сүйлөшүп.
Туурга туйгун конгон соң,
Туу көтөрүп Семетей,
Жетилип киши болгон соң.
Калк чогултуп эл жыйып,
Элге түлөө берели.
Жаш балапан кезинде,
Жагалмай учуп чыкканда.
Ак күп жүнү түшө элек,

Тырмактары өсө элек.
Конуп колдо турганда,
Секирип учуп алчу эле.
Көкөлөп учкан жагалмай,
Илип түшө калчу эле.
Эчак жеткен бу шумкар,
Келиптир шумкар колуңа.
Жараткан алда бир кудай,
Салган экен оңуна.
Кагылайын Каныкей,
Алтын тана, жез өпчө,
Сенин жездең эр Көкчө,
Ага кабар салалы.
Өзүңүн эжең Акеркеч,
Ошо кошо келсин деп,
Андан бата алалы.
Буудайык кандын Музбурчак,
Буга кабар салалы.
Кудай мынча берген соң,
Мындан бата алалы.
Анжияндын Сынжибек,
Айтат Бакай канча кеп,
Ага кабар салалы.
Белгиси бар жан эле,
Андан бата алалы.
Таятасы Букарга,
Эчак жеткен жаныбар.
Кайра келген шумкарга,
Буга кабар салалы,
Мындан бата алалы.
Жер үстүндө сегиз бек,
Телегейи тегиз бек,
Баарына кабар салалы.
Калк чогултуп эл жыйып,
Баарынан бата алалы.
Жаңы кармап келди деп,
Өзү келип берди деп.
Манастан калган шумкар деп,
Бирөөнө айтып койбойлу.
Келет, кетет дүнүйө,
Түпкүлүктү ойлойлу.
Арстан Бакай акылман,
Каныкейге кеп айтып,
Макулдашып сүйлөшүп.
Торучаны мингизип,
Токоманды чакырып.
Калкка кабар бергин деп,
Манастын уулу Семетей,
Качып жүрүп келди деп.
Элге кабар бергин деп,
Манастан калган Семетей,
Тентип жүрүп келди деп.
Калың элди жыялы,
Кан агызып мал союп.
Калк чогултуп эл жыйып,
Жараткан кудай жалгызга,
Сыйынып түлөө кылалы.
Арстан Бакай, Каныкей,
Айтып сөздү бүтүрүп,
Токоман укту түшүнүп.
Эки ат берди коштогу,
Бири күлүк, бири жорго.
Чаалыкканда мингин деп,
Токоманга кат берип.
Манастын уулу Семетей,
Кеңкол менен Таласты,
Жетип колго алды деп.
Аргын, огой калың эл,
Атасы Манас баатырдай,
Элин колго алды деп.
Эл чакырып келгин деп,
Семетей бала айтты деп.
Атамы көргөн калың журт,
Как астыма келсин деп.
Кайтып кайра келген,
Каныкей менен чоң энем,

Бу экөөнү көрсүн деп.
Манастын жайын билгендер,
Маана кылып жүргөндөр,
Алаканын жайсын деп,
Бата кылып кайтсын деп.
Каныкей менен эр Бакай,
Токоманды атказды.
Семетейдин каты деп,
Арстан Бакай эр баатыр,
Каныкей экөө кат жазды.
Токоман кетти элчиге,
Эми Каныкей, Бакай сүйлөшүп,
Эл жыйылып келгиче.
Шаатемирге баралы,
Баласы бойго жетти дейт.
Балапан куштай талпынтып,
Келин кылып алалы.
Каныкей ойлоп кеп айтат,
Кагылайын Айкожо,
Кече жолдошуң Манас барында,
Айдап калың мал алып,
Алтын, күмүш зар алып.
Сүрүп калың мал алып,
Дуңгул өркөч нар алып.
Куржунга салып жамбы алып,
Так алтымыш малды алып.
Кан Акундун шаарына,
Куда болуп бардыңар.
Куда болуп кой союп,
Алаканды жайдыңар.
Ошондо төрөлө элек Семетей,
Алты жашар балага,
Барып куда болдуңар.
Бел куда болдум деп айтып,
Бата кылып койдуңар.
Келиндин аты Чүрөк деп,
Кешене кийип келдиңер,
Бир канча малды бердиңер.
Атасы Манас барында,
Элдир-селдир Семетей,
Боюмда турган чагымда.
Акункан болот кайны деп,
Айчүрөк болот зайбы деп.
Ак сакалын шүйгөндүр,
Кан Манас менин кудам деп,
Акункан күйүп жүргөндүр.
Кагылайын Айкожо,
Муну эмине кылабыз,
Каныкей айтып турган жер.
Бу айтканың ырас деп,
Береги турган Семетей,
Он бешке жашы жетелек.
Атка минип эпейип,
Бала жыты кетелек.
Каранын каны Шаатемир,
Куда болуп барам деп,
Кабар берип койгомун.
Өлбөсө киши өсүүчү,
Эчен заман, эчен күн,
Ортодон өтүп кетүүчү.
Семетей балапан болуп жетилип,
Бара турган болгуча.
Бел куда болуп барганда,
Ошондо ойноо бала секелек,
Алты жашар бала эле.
Кудай билет мен билсем,
Жыйырмадан жашы ооду дейм,
Жыйырма бирге жакындап,
Санаттуу киши болду дейм.
Калк чогулуп келгиче,
Канча күн өтөт арадан.
Карала кагаз салгыча,
Орто жашка барды го.
Ошону келин кылып алгыча,
Акун ак сакалын шүйөт го.
Баланын убагы өтүп кетти деп,

Күйөөгө берип иет го.
Кой Каныкей баралы,
Шаатемир кызын алалы.
Баатыр Бакай акылман,
Эч ким чыкпайт акылдан.
Каныкей, Бакай сүйлөшүп,
Акылдашып алган жер.
Шаатемирдин үйнө,
Куда болуп баруута,
Даярланып калган жер.
Шаатемирге баруута,
Мал айдатып алууга,
Жигиттерди даярдап.
Куда башы болсун деп,
Кулдук уруп келсин деп.
Жакалуу кийим кийсин деп,
Жакшылашып жүрсүн деп.
Алмач өркөч Акинген,
Абыкенин төөсү эле,
Аны алып келсин деп,
Сур чебичти берсин деп.
Бу Каныкей кеп айтып,
Куда болуп баруута,
Сарыкан менен Бөкөйдү,
Арстан Бакай баатырды,
Жолдош кылып алууга.
Сарыкандын алганы,
Шатемир кызы Көкмончок,
Астына Каныкейдин барганы.
Көкмончокко кеп айтып,
Менин жетим өскөн балама,
Бир тууганың бар экен,
Курдатып малды аламын,
Куда болуп барамын.
Сиңдиң бойго жетти дейт,
Ошону келин кылып аламын.
Көкмончок турду сүйүнүп,
Көк жибек көйнөк бүгүлүп.
Манастан калган жаш баатыр,
Күйөө болот экен деп.
О кудайлап жалбарып,
Акылман тууган кан Бакай,
Кайната болот экен деп.
Олуя заада Каныкей,
Кайнене болот экен деп.
Мен атама барайын,
Куда келмек болду деп,
Барып кабар салайын.
Деп ошентип Көкмончок,
Кетти катуу сүйүнүп.
Каныкей келди элине,
Кан Бакай айткан кебине.
Калкына кабар салдырды,
Олуя заада Каныкей,
Куда болуп барсын деп,
Абыке менен Көбөштү,
Экөөнү бирдей алдырды.
Манаке менен Кочкорду,
Мал айдашып жүрсүн деп,
Көрдүңбү Каныкейдин акылын.
Барып кийим кийсин деп,
Арстан Манас баатырдын,
Ордосуна эл жыйып,
Телегейин тең кылып.
Жамгырчынын Жайдак сур,
Башына кебез байлатып,
Абыкенин Акинген,
Мойнуна тумар тактырып,
Үстүнө абай жаптырып.
Ак боз бээ сойдуруп,
Айыл элин тойдуруп.
Карыларды алдырып,
Каныкей, Бакай акылман,
Астына олпок салдырып.
Шаатемирге бармакка,
Окутуп куран арбакка.

Айдап калың мал алып,
Алтын жамбы зар алып,
Ар түрлүү мал алып.
Алтымышка толтуруп,
Жыйырма сегиз жамбы алып.
Жагдан ачып алышып,
Ак куржунга салышып,
Ак саамайын түйгөн жер.
Алганы Манас жогунда,
Куда болуп Каныкей,
өзү баштап жүргөн жер.
Айдап малды алышып,
Манаке, Кочкор балбандар,
Алты жигит кошчу алып.
Абыке, Көбөш эки бек,
Арстан Бакай кара көк.
Сарыкан, Бөкөй бекзаада,
Шаатемирдин алдына,
Муруттарын түйүштү,
Шаатемирдин ордого.
Кулдук уруп кирişти.
Барган малды айдатып,
Баары жогун жайнатып.
Келген малды айдатып,
Телегейин чаң кылып,
Дүнүйөнү жайнатып.
Кур чалып куда болушуп,
Шаатемирдин үйүнө,
Кулдук уруп конушуп.
Ак куржун оозун ачышып,
Жамбыларын жайышып.
Курманбек менен Шаатемир,
Эл чакырып алган жер.
Манастан калган жетимче,
Абыке, Көбөш, эр Бакай,
Сарыкан, Бөкөй келди деп,
Кур чалып куда болду деп,
Кулдук уруп конду деп.
Дүнүйөнү жайышып,
Шаатемир бейли кенен жан,
Калыңга келген канчага,
Калк чогултуп Шаатемир,
Ортосуна салышып.
Акылман тууган Каныкей,
Шаатемирге кеп айтып.
Кудам бу күткөнүңө ыраазы,
Куда болуп мен келдим,
Улуу кызың Көкмончок,
Кабарды мурун мен бердим.
Мурун кабар салгамын,
Ыраазымын сөзүңө,
Эми келинди берсең аламын.
Кеңколго салган шаарга,
Өзүм алып барамын.
Тентип жүрүп жетилген,
Дардаңбоз өскөн балам бар.
Жакшы ургаачы кошулса,
Тентектигин коер деп.
Билими болсо келиним,
Оң саамайын түйөр деп.
Олутту болсо келиним,
Ойноп күлүп жүрөр деп.
Ордолуу элди билер деп,
Баламын көөнүн ачар деп,
Менин ордум басар деп.
Акылман болсо келиним,
Айылда элди билер деп.
Менин балам жангызга,
Акылман болуп берер деп,
Бу Каныкей кеп айтып.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бетине опо жамынып,
Мойнуна бермет салынып.
Канча келин, канча кыз,
Бой теңешип сүйлөшүп,
Бири-бирин күүлөшүп.

Шыбырашып алышат,
Шыңкылдашып калышат.
Жаагы темир, тили жез,
Комуздарын кагышат,
Кошолонуп үн салып,
Ырдап, ойноп калышат.
Олуя заада Каныкей,
Бу кудайдын буйругу.
Эрке өскөн бала экен,
Атаганат дүнүйө,
Айкожо айткан кеби бар,
Кесирлүү болчу бала экен.
Убада кылган жери бар,
Айкожо сөзүн жандырып,
Кантип барып айтайын.
Акылы жакшы болбойт го,
Шаатемир берсе келинди,
Азыр алып кайтайын.
Олуя заада Каныкей,
Оюна түштү бир заман.
Кан Шаатемир кудасы,
Мендеден терең жан экен,
Мунун билгирлиги бар экен.
Келген куда баарына,
Жакалуу күрмө кийгизип,
Жоомарттыгын билгизип.
Каныкейдин астына,
Торала жорго токутуп,
Арстан Бакай баатырга,
Тоокүрөңдү мингизип.
Абыке менен Көбөшкө,
Алтын жака күрмө тон,
Ал экөөнө кийгизип.
Манаке менен Кочкорго,
Жакалуу кийим бүктөтүп.
Сарамжалын арттырып,
Дүнүйөсүн толтуруп.
Эки куда сүйлөшүп,
Бата кылып олтуруп.
Кыпча көйнөк, бураң бел,
Чачыкейдин энеси,
Алып келип кийгизип,
Телегейи тең болуп.
Арстан тууган кан Манас,
Артында калган баласы.
Арбактуу эрдин тукуму.
Жараткан алда бир кудай,
Берет экен мендеге.
Эр Манастын жолдошу,
Каныкей кошо келген соң.
Чачыкейдин башында,
Кылтактуу кара бөркү бар.
Көп кишиден бир башка,
Чачыкейдин көркү бар.
Эки келин, үч кызды,
Жолдош кылып ээрчитип,
Салтанаттуу Шаатемир,
Алда таала жол берип,
Астыдан арбак жөлөсүн.
Манастан калган баладан,
Берсе кудай тилекти,
Чачыкей эркек төрөсүн.
Ата-энеси агарып,
Ардактаган баласын.
Көп околу кийгизип,
Көтөрүп атка мингизип.
Атасынын төрүндө,
Чачыкей жумган көзүн аччу эмес,
Эшикке чыкчу буралып,
Ак маралдай суналып.
Энеси кеп айтып,
Балам бул ишиңди ташта деп.
Кайненең билгир жан экен,
Мындан бийсиз баспа деп,
Айтайын кепти уккун деп.
Ак жибектей созулуп,

Береги турган кайненең,
Уруксат алып чыккын деп.
Энеси айтып канча кеп,
Чачыкейди жөнөтүп.
Чачыкейдин жолдошу,
Эки келин, үч кызды,
Жолдош болуп бергин деп.
Манастын уулу баланы,
Жездеңерди көргүн деп.
Шаатемирге барышып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Келин кылып алышып,
Кеңколго келип түшкөн жер.
Келин алып келди деп,
Келин-кыз дүрбөп күткөн жер.
Арбактуу Бакай асыл эр,
Кандай киши экен деп,
Каныкейге айткан жер.
Кан Бакайга кеп айтып,
Кагылайын Айкожо,
Акыры кантер экен деп.
Кабагы бийик, кашы узун,
Аркасында чачы узун.
Адамдан башка бейли тар,
Акылы башка ичи зар,
Эрке таптык болор деп.
Байкап көрдү Айкожо,
Өзүң тапкан кудаңды,
Айткан сөзүн кар кылбай,
Кошулуп кошо бардың деп,
Барып келин алдым деп.
Акылсыз киши болор деп,
Көрдүңбү Каныкейдин билгенин.
Акыры түбү балаңа,
Каршылык кылып коер деп.
Бу Каныкей билерман,
Арстан Бакай акылман.
Ике түшүп ак болгон,
Буйругу болот кудайдын.
Келин алып келдим деп,
Аргын менен огойдун,
Карыларын жыйдырган.
Чачыкей менен балага,
Эл жыйып ике кыйдырган.
Жараткан алда бир кудай,
Каныкейге ой берген.
Калк чогултуп эл жыйып,
Бу Каныкей той берген.
Ордун басып оолжуп,
Каныкей келин алган жер.
Асыл Бакай кан болуп,
Калкын сурап калган жер,
Калкына кабар салган жер.
Каныкей айткан кебине,
Кан Бакай тапкан эбине,
Токоман бала барган жер,
Барып кабар салган жер.
Каныкейдин жездеси,
Кан Көкчө мурун келген жер.
Көрдүңбү Көкчө кандыгын,
Каныкейдин колуна,
Кошумча кылып жездеси,
Он эки жамбы берген жер.
Буудайыктын Музбурчак,
Бу да келди Кеңколго.
Анжиандын Сынжибек,
А да келди Кеңколго.
Жер үстүндө сегиз бек,
Телегейи тегиз бек,
Бу да келди Кеңколго.
Каныкейдин атасы,
Каракан келди Кеңколго.
Калк жыйылып толгон жер,
Калың түлөө болгон жер.
Таяжеси Акеркеч,
Каны менен келген жер.

Качып жүргөн баланы,
Кандар келип көргөн жер.
Тентип жүргөн баланы,
Тегиз келип көргөн жер.
Анжиандын Сынжибек,
Семетейди сынады.
Ачык маңдай ачык төш,
Жайдары бала экен деп.
Атасы Манас баатырдан,
Артык болчу жан экен.
Атасынын арбагы,
Бу балада бар экен.
Олуя заада Каныкей,
Жыйылып келген калктарды,
Он эки күнү кондуруп,
Абыке менен Көбөшкө,
Кошомат кылып кеп айтып,
Билгирлигин көрдүңбү.
Келин алып келдиңер,
Той бергиле деп айтып.
Абыке менен Көбөштү,
Ак экен деп жүрсүн деп,
Каныкей баштап той кылды.
Абыке менен Көбөшкө,
Алтыдан жылкы сойдурду.
Тойго келген калың журт,
Тоюп кайра тартмакка.
Манастын уулу балага,
Бата берип кайтмакка.
Жетим жүрүп жетилген,
Бала жетим келсин деп.
Мына бу келген калың журт,
Баланын бетин көрсүн деп.
Эл чогулуп камданып,
Манастын уулу жетимче,
Атка минди шаңданып.
Буурулду минип болкоюп,
Карт кишиче зоңкоюп.
Жазы маңдай жайык бет,
Жалкайыңкы көрүнөт.
Атасы Манас баатырдай,
Залкайыңкы көрүнөт.
Оозунан кеп чыгып,
Бу Семетей сүйлөсө,
Оозунан көөрү төгүлөт.
Ат жетелеп жөө басып,
Камчысын салып мойнуна,
Колун алып бооруна.
Калк чогулган жерине,
Калк сураган бегине.
Ошондо бала чунак кеп айтып,
Менин таятамдын шаарына,
Тамтаңдап качып мен бардым.
Тентиген атка кондум мен.
Буйругу экен кудайдын,
Тентиген бала болдум мен.
Качкын атка кондум мен,
Качкын бала болдум мен.
Ар кимиңде ата бар,
Менин бир ишимде ката бар.
Атамды тапкан атамды,
Айтайын кылган катамды.
Качып жүрүп мен келсем,
Кан атам тапкан атам деп,
Чоң атам экен ким десем,
Аякка ууну куйдурду,
Алганына сундурду.
Жыттасам башым бөлүндү,
Жыты жаман жыттанып,
Уу экенин мен билип,
Атама кайра сундум деп.
Атам албай койгон соң,
Аяк менен урдум деп.
Муруту кетти мултуюп,
Сакалы кетти жулмуюп.
Эки бет кетти бырышып,

Атам ошо жерден жан берди,
Бүткөн бою тырышып.
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм атка мен кондум.
Менин ушул ишим ката деп,
Түлөөгө келген калың журт,
Бергиле мага бата деп.
Алакан жайып кеп айтып,
Айланса болот кудайга,
Батаңды бергин деп айтып.
Мойнуна курун салган жер,
Манастан калган жетимче,
Астына келген көп журттан,
Бата сурап калган жер.
Энекеси Каныкей,
Кошо басып келген жер.
Манастын тууган энеси,
Чыйырдыны көргөн жер.
Акеркеч келип кеп айтып,
Кагылайын калың журт,
Мен айтайын кепти деп айтып.
Алган байым кан Көкчө,
Ала көөдөк жери бар,
Казак деген эли бар.
Баламдын аты үмөтөй,
Ак саамайын өрдүм мен,
Жалгыз бала көрдүм мен.
Манастан калган жетимче,
Баланын аты Семетей.
Атасы Манас өлдү деп,
Менин сиңдим бейтаалай,
Сарыгып жүрүп шор тартып,
Ушу күндү көрдү деп.
Акеркеч ыйлап болкулдап,
Манастан калган балага,
Бата тиер бекен деп,
Ыйлап турат солкулдап.
Акеркечтен кеп угуп,
Кандары келип буркурап,
Калың эл келип чуркурап.
Темене канат болор деп,
Тентиген бала жетилип,
Теминип көлгө кирер деп,
Теңдигин элден алар деп.
Аман жүрүп жетилсе,
Атасындай айланып,
Айаалам журтун багар деп.
Алакан тайкы кол ачык,
Аттанып чыкса жол ачык.
Ыраака чыкса сап колдой,
Дин мусулман мендемин.
Ырыска чыккан акжолтой,
Бастырып чыкса сан колдой.
Дин мусулман мендеге,
Маана болсун акжолтой.
Ободон мунар созулсун,
Атасынын арбагы,
Баласына кошулсун.
Карачаар кабылан,
Жолборс болсун бала деп.
Кайыпберен Кырк чилтен,
Жолдош болсун балага.
Колдогону сан болсун,
Кожосан кайып жар болсун.
Жөлөгөнү сан болсун,
Жөлөсан бири жар болсун.
Башына сыймык консун деп,
Баабедин жолдош болсун деп.
Мединанын жети бир,
Маңдайына келсин деп.
Атасынын сыймыгын,
Баласына берсин деп.
Алаканын жайган жер,
Адамдын тили тийбеген,
Ардактуу бала болсун деп.
Заарына жан келгис,

Арбактуу бала болсун деп.
Чогулушкан калың калк,
Алакан жайып кол жазып.
Бата берди балага,
Бата ката болобу,
Балага арбак конобу.
Чогулган калкка айткан соң.
Энекеси Каныкей,
Алтын, күмүш зар чачып,
Ар бир түрлүү мал чачып.
Алтын, дилде чачтырып,
Олуя заада Каныкей,
Балага садагасын чаптырып.
Эл ичинде карыпты,
Эл кыдырып дубана.
Калк кыдырган календер,
Назырын берип Каныкей,
Көпчүлүктөн бата алып.
Көк жалдын уулу балага,
Көөнүнө арбак конгон жер.
Атасы башка арамдар,
Көөнүнө арам толгон жер,
Бейлин башка бурган жер.
Асили арам болгон соң,
Атасы башка арамдар,
Кеңкол менен Таласты,
Бул ошону жерсибей.
Аргын менен огойду,
Ушу журтту элсибей.
Ар качандан бир качан,
Акылдашып сүйлөшөт.
Улуу заада кеп кылып,
Убаданы бек кылып.
Биз жүрөлү канчага,
Атасы башка адамды,
Кан көтөрөт Семетей.
Бээжинге кире кетели,
Эр Коңурбай калчага,
Бээжинге бейлин буруптур.
Манастын уулу Семетей,
Бузулган кебин угуптур.
Ат жетелеп сандалып,
Төө жетелеп камданып.
Атамдан калган бегим деп,
Атымды тартып баш сатып.
Кагылайын мурапым,
Мен астыңа келдим деп.
Кылганым болсо кечир деп,
Катам болсо өткөр деп.
Абыке эрдин алдына,
Асыл эрдин барганы.
Абыкеге жалбарып,
Атын тартып калганы,
Мойнуна курун салганы.
Абыке, Көбөш агам деп,
Манаке, Кочкор абам деп.
Атасы бирге алтооңор,
Кагылайын туугандар,
Кайсы жеримен жаңылдым.
Манастын уулу Семетей,
Абыке, Көбөш баатырдын,
Астына барып турганы,
Акка моюн сунганы.
Көкчөкөздү тууган деп,
Атасы Манас ок жеген.
Бу Манастын кылганы,
Атасынын кылганын,
Көрдүңбү баласы кылып турганын.
Кетериңди билдиңби,
Манастан калган ор эшик,
Ор эшигин ачпаймын.
Сенин энең өңдөнүп,
Таласты таштап качпаймын.
Канча кылсаң кулунум,
Бул энеңдин барында,
Мен Бакайдай саа жакпаймын.

Асылдан чыккан көйкашка,
Асылды тууган энең бар.
Таласка сени ээрчитип,
Карып калган энеңди,
Арык койдой жөтөлтүп,
Аркалап сени көтөртүп.
Кече атаң Манас барында,
Эл бийледим деп жүргөн,
Эби жок долу энең бар,
Сенин эминеден шегиң бар.
Элиңден ушак кеп угуп,
Эминеге ат тартып,
Сенин кандай келер жериң бар.
Кече Бакайдын тилин алгансың,
Өз атаңды өлтүрүп,
Өкүм атка конгонсуң.
Өз элиңди жат кылып,
Жат тууганды өз кылып.
Эл бузуучу Бакайды,
Кан көтөрүп койгонсуң.
Таласка өзүң келгенде,
Атаңдан калган сегиз мүлк,
Сактап жүрүп бергенде.
Кеңколго өзүң келгенде,
Атаңдан калган сегиз мүлк,
Өз колуңа бергенде.
Ошондо айткан кебиң бар,
Бейжай энең долунун,
Тилин алган жериң бар.
Абакем деп Бакайды,
Ардактап багып жүрөсүң.
Кимдер тууган, кимдер дос,
Аягында билесиң.
Бу Бакайдын барында,
Эл бузуучу эптүү кул,
Элге бузук салган кул.
Энең Каныкейди алам деп,
Калктан чыгып калган кул.
Бу Бакайга мен тийсем,
Элди өзүм билем деп.
Эртеги Манас барындай,
Эрке болуп жүрөм деп,
Энеңдин көөнү бузулган.
Сени тентиген атка кондуруп,
Бейпай энең Каныкей,
Кылган иши жакшыбы.
Атаң Манас өлгөндө,
Айылды өзүм билем деп,
Азыркы Бакай кутурган.
Бузуучу эрди аба деп,
Кан көтөрүп аласың.
Ушу Бакай барында,
Аргын, огой журтуңдун,
Убалына каласың.
Ат тартып келдиң мен кечтим,
Башканын көөнүн салбай жүр.
Манастын уулу сен болсоң,
Бакайдын тилин албай жүр.
Манастын уулу балага,
Адам уккус кеп айтып,
Сенин энең бузук деп айтып.
Семетейди томсортуп,
Кызыл өңүн бозортуп.
Сөөгүнө батыра,
Энекеси Каныкей,
Элге салат бузук деп.
Береги жоргологон Бакайды,
Минген аты буудан деп.
Сен жүрөсүң элебей,
Сен Бакайды тууган деп.
Айткан тилим албасаң,
Башка өскөн Бакайды,
Кетирип жолго салбасаң.
Тилин алып Бакайдын,
Энекең бизди оң кылбайт.
Ушу Бакай барында,

Бул элиңди соо кылбайт.
Энекеңди алам деп,
Атаң Манас өлгөндө,
Каныкейге кызыкты,
Канчалык салды бузукту.
Манастан калган сегиз мүлк,
Мунун бирөөн берсин деп,
Арачы киши келгенде.
Аккелте менен Аколпок,
Ошол экөөн берсин деп.
Атаңдан калган мурапы,
Аколпогун сактадым.
Сенин энең барында,
Канчалык кылсам жакпадым.
Калк бузуучу Бакайды,
Кан көтөрүп мактадың.
Энеңдин тилин алдың сен,
Өз атаңды өлтүрүп,
Жаманатка калдың сен.
Бакайдын тилин алдың сен,
Атаңдан калган журтуңду,
Башка жолго салдың сен.
Ак сакалым шүйдүм мен,
Баласы келсе алсын деп,
Атаңдан калган мурапы,
Аны сактап жүрдүм мен.
Кеңколго өзүң келгенде,
Ийниңе бердим олпокту,
Далыңа бастым мылтыкты.
Кана салчы мойнума,
Мен кайсерден кылдым кыйшыкты.
Абыке айтып такылдап,
Манастын уулу Семетей,
Акылы айран бөлүнөт.
Абыкенин арам тил,
Чын өңдөнүп көрүнөт.
Энемди кудай урганбы,
Атамдан калган дүнүйө,
Асырап чайкап жан бакпай,
Бузуктун тилин алганбы.
Бу кылганы жакшы эмес,
Мени тентиген атка кондуруп,
Жаманатты болтуруп.
Кайгы тартып камыгып,
Каныкей менен Бакайга,
Экөөнө бирдей таарынып.
Сыр найза алып болкулдап.
Манастын уулу Семетей,
Абыкеден кеп угуп.
Каныкейдин астына,
Ыйлап түштү солкулдап.
Бузука бала киргенин,
Бейтаалай Каныш билгенин.
Алдоого бала киргенин,
Азаптуу Каныш билгенин.
Ошо Манастан калган баланы,
Кармап туруп кеп айтып.
Кана эмине деген кеп уктуң,
Мага айтып берчи деп.
Манастын уулу Семетей,
Капа болуп күүлөнүп.
Атасы Манас баатырдай,
Каныкейге сүйлөнүп.
Айылдан айыл бөлүпсүң,
Атакем тапкан тууганды,
Аны жаман көрүпсүң.
Элден элди бөлүпсүң,
Атакем күткөн тууганды,
Муну жаман көрүпсүң.
Кайнатаң улук каныңды,
Канча айтса болбопсуң,
Тилин алып койбопсуң.
Башканын тилин алыпсың,
Туугандарга баш бербей.
Мен өзүмдү көтөрүп,
Чоң энемди жетелеп,

Качып кетип калыпсың.
Атакем Манас өлбөй кал,
Артында калган тукуму,
Ушундай күндү көрбөй кал.
Оң бөйрөгүн таянып,
Арамдардан кеп угуп,
Сенин энең бузук деп угуп,
Олкулдап ыйлайт Семетей.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлайт Семетей.
Бейлин бала бурганда,
Энесине таарынып,
Безилдеп ыйлап турганда.
Каныкей желип кеп айтат,
Кара тумшук чунак жайрагыр,
Кантесиң ыйлап деп айтат.
Атаңдын ишин иштедим,
Атакең кылган арка эле.
Азаптуу энең мен шордуу,
Көтөрүп жүргөн дарт эле.
Сенин атаң эр маркум,
Акжалдын жалын тараган,
Адамдын көөннүн караган.
өткөн атаң маркумга,
Канчалык зарлап кеп айттым.
Кас кишини өч көрүп,
Күтпөгүн Манас деп айттым.
Аттанып чалгын чалам деп,
Алты арамдын атасы,
Көзкамандын баласы,
Көкчөкөздү ээрчитип,
Жолдош кылып алам деп.
Атаң жайын мен айтсам,
Арылбайт менин арманым.
Атакең Манас эр маркум,
Азабын мага тарттырып,
Көкчөкөзгө аттырып,
Талаага жатып калганы.
Жортуулга чыгып жол жүрүп,
Жалгыз атаң эр маркум,
Менин тилим алган жок,
Жолдош ала барган жок.
Ишенгени жолдошу,
Абакелеп ат берген,
Алтын жака тон берген,
Эл билгин деп жол берген.
Өткөн атаң эр маркум,
Алты айга кетти талыкпай.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ажалынын жогунан.
Жарадар болуп ок тийип,
Карагай токой аралап,
Бир кудайды мааналап.
Манасты атып салдым деп,
Калмакка кабар барыптыр.
Калмак, кытай кандары,
Баатыр бурут өлдү деп,
Кабарлашып калыптыр.
Атаңдын сөөгүн аларда,
Дин мусулман курган журт,
Караңгы түндө каларда.
Билимдүүдөн бир киши,
Акылдуудан бир киши.
Мына бу турган абакең,
Арбагы башка Айкожо,
Буга кабар салгамын.
Атаңдын сөөгүн табарда,
Артынан баатыр чыкпайт деп,
Каржилигин кагарда.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кайсы арманым айтайын.
Жолборсум аяш барды эле,
Каапыр камап келгенде.
Карагай, кайың токойго,
Корголоп атаң жатканда.
Ушу шордуу аяш барды эле.

Камаган кытай, калмакты,
Бул аяш кырып салды эле.
Ак була тонун бүктөтүп,
Атаңдын сөөгүн,
Аккулага жүктөтүп.
Сүлдөрү калган чагында,
Ажалы жок атаңды,
Муну абакең алып келди эле.
Атаганат дүнүйө,
Башкага сунган колумбу.
Жараткан алда бир кудай,
Маңдайга жазган шорумбу,
Жолдошум Манас не өлдүң.
Жоболоңдуу мен шордуу,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ушу күндү не көрдүм.
Асылым Манас не өлдүң,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Артыңда калып мен шордуу,
Ушу күндү не көрдүм.
Каныкей ыйлап болкулдап,
Эртеги өткөн Манасты,
Ала жат деп солкулдап.
Чыйырды ыйлап буркурап,
Эмине болуп кетти деп,
Уккандын сөөгү зыркырап.
Бакайга кабар барды эми,
Баланы кудай урду деп,
Кабар түшүп калды эми.
Арыстан Бакай эр көкжал,
Каныкейге келди эми.
Карамүртөз баланын,
Айткан кебин билди эми.
Калк сураган кан Бакай,
Эл бийлеген эр Бакай,
Жоо жоологон шер Бакай.
Кан Манасты баштаган,
Кармашкан жоодон качпаган.
Ак болоттой бүлөгөн,
Ат чапкандай сүрөгөн.
Семетей айткан кебине,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Баатыр Бакай сүрөгөн.
Арстан Бакай эр баатыр,
Каныкейге барган жер.
Балача ыйлап бакырды,
Баатыр Бакай кайран шер.
Которду заман акырды,
Атаңдын көрү дүнүйө.
Кыл мурутум шүйдүм мен,
Арам тилге алданган,
Жетимче сага күйдүм мен.
Асылдын көзү өткөндө,
Ажалы туура жеткенде.
Буту-колун чойгондо,
Атаңдын көрү дүйнө күн.
Кара ташты ойгондо,
Алпарып өзүм койгондо.
Ошондо өлбөй не болдум.
Ак сакалым шүйдүм мен,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Манастан калган бала деп,
Эминеге күйдүм мен,
Эмине өлбөй жүрдүм мен.
Бу жетимче чунак болбосо,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Калкыңды алгын колуңа.
Кан көтөрүп эл берип,
Сен түшкүн Абыке агаң жолуна.
Кантейин кудай жараткан,
Маңдайга жазган жолума.
Түшүп кеткен турбайбы,
Семетей арамдардын жолуна.
Арстан Бакай абасы,
Ботосу өлгөн ингендей,
Боздоду ыйлап буркурап.

Бакайдын үнүн укканда,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бала ыйлайт токтобой.
Эмине болуп кетти деп,
Огойдун эли чуркурап.
Эр Манас жаңы өткөндөй,
Эл чогулуп ыйлады.
Манастын уулу жетимдин,
Эңгиреп эси оогон жер.
Баатырдан калган жетимче,
Эси ооп капа болгон жер.
Кандай болуп кетти деп,
Манастын уулу баланын.
Абыке айтат ар кандай,
Ай караңгы түн кандай.
Атаңдын көрү дүнүйө ай,
Башыма түшкөн күн кандай.
Бакай менен Каныкей,
Экөөнүн үнүн укканда,
Түкүрүгү бурады.
Манастан калган баланын,
Түтүнбөй жаны куурады.
Каңырыгы бурады,
Манастан калган жетимдин,
Кайран жаны куурады.
Ышкырыгы бурады,
Манастан калган жетимдин,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ышкындай жаны куурады.
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Жалгызым Манас өлбөй кал,
Баланы киши болот деп,
Маана кылып мен жүрдүм.
Артыңда калган шордуу энең,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ушу күндү көрбөй кал.
Чоң энеси Чыйырды,
Ак саамайы жулунуп,
Жерге, тамга урунуп.
Асыл Манас жалгыз деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Муңканып ыйлайт энеси.
Бакай менен Каныкей,
Байкуш карган Чыйырды,
Үчөөнүн үнүн укканда,
Үнүн угуп туралбай.
Манастан калган жетим кул,
Бакайды бузук көрүптүр,
Абыке тилин алыптыр.
Аркалап баккан энесин,
Арам көрүп барыптыр.
Атасы күткөн Бакайды,
Жаман көрүп барыптыр.
Чыйырды үнүн укканда,
Чыркырап дабыш чыкканда.
Ошондо чунак эс жыйып,
Кагылайын берекем,
Атамды тууган энекем.
Маңдайымда чолпонум,
Бакырыгың бек чыкты,
Мен ошондон коркомун.
Кагылайын энеке,
Кара жерге кар жааса,
Кандуу элге кан тамса,
Как ошондой кылбасам.
Каршылашкан душмандын,
Бирин койбой кырбасам,
Туубай туна чөгөйүн.
Кагылайын энеке,
Тумшугу жок курган жан,
Бул дүнүйө жалганга,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Атамдан калган чок белбоо,
Муну белден чечейин.
Капа кылган силерди,
Каршылашкан душмандын,

Канын суудай кечейин.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп алган жер.
Кайраттанып оңолуп,
Бакай менен Каныкей,
Бул экөөнүн жолуна,
Семетей түшүп калган жер.
Баатырдын уулу эр жангыз,
Баарын алып мойнуна,
Бир кудай салып оюна.
Каныкей менен Бакайдын,
Айткан кебин укканда.
Баатырдын уулу жаш жетим,
Мунун кулагына жукканда.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Атакем Манас албадың,
Менин атадан жетим калганым,
Менин арылбайт экен арманым.
Ат куйругун шүйбөдүм,
Буйругу экен кудайдын,
Атакем Манас баатырдын,
Артынан ээрчип жүрбөдүм.
Мен ошону санасам,
Күйбөй чогум күлдөдү.
Манастын уулу жетимче,
Бу жалган дүйнө шум жалган,
Бу жалганда ким калган.
Эчендер өткөн дүйнөдөн,
Кече эр атам тирүү жүрбөгөн.
Атам Манас эр эмес,
Байгамбар өткөн дүйнөдөн,
Ошолор тирүү жүрбөгөн.
Энеден жангыз болгуча,
Жалгызек атка конгуча.
Жасабай койбойт башында,
Жараткан алда бир кудай,
Алып койсо болбойбу,
Балтыр бешик жашымда.
Манастын уулу Семетей,
Балача ыйлап бакырды.
Бала чунак жетимче,
Которду заман акырды.
Муңканган үнү басылбай,
Буркурап ыйлап Семетей,
Каңырыгы түтөдү.
Каныкей менен Бакайдын,
Айткан кебин укканда,
Баланын муңу күчөдү.
Атасынын жолдошу,
Олуя чалдын баласы,
Оолукканда атасы,
Олуя чалды бүктөгөн.
Атасы өткөн олуя,
Семетей ыйлап турганда,
үнүн угуп түтпөгөн.
Канкордун уулу баланын,
Маңдайына барган жер.
Бала ыйлап кеп айтат,
Бала чунак Семетей,
Не ыйлайсың деп айтат.
Атаң Манас болгон соң,
Үстүңө арбак конгон соң.
Береги турган Каныкей,
Эне экенин билбейсиң,
Айтканындай жүрбөйсүң.
Башка жолго саласың,
Каныкей менен Бакайдын,
Айтканына көнбөсөң.
Балапан жүнүң маңдайда,
Энеңдин сүтү таңдайда,
Жаман өлүп каласың.
Бакайдын жайын айтайын,
Сенин атаң Манасты,
Колдоп жүргөн бир эле.
Ушу Бакай баатырга,
Кошо жүргөн ким эле.

Асили душман адамдар,
Айта берет тим эле.
Бакайдын тилин алгын деп,
Айткан жолго салгын деп.
Оомийин деп кол жайып,
Олуя чалдын баласы,
Кайып болуп жөнөдү.
Канкордун уулу Семетей,
Олуяны көргөндө,
Айткан кебин укканда,
Калк чакырып жыйган жер.
Кайрат кылып Семетей,
Көзүнүн жашын тыйган жер.
Кан Бакайды ардактап,
Каныкейди энем деп.
Манастын уулу жетимче,
Экөөн жаман көрдүм деп.
Бу дүнүйө жалганга,
Өлүп калбай башында,
Ойноо бала жашымда.
Бала чунак Семетей,
Кайрат кылып токтолуп.
Канкордун уулу балага,
Калк чогулуп келген жер.
Эми токтолуп адам болду деп,
Дагы бата берген жер.
Абыке, Көбөш эки арам,
Аргын менен огойду,
Алды-алдына бөлгөн жер.
Абыке тилин алууга,
Кошо кетип калууга.
Абыке менен Көбөштүн,
Айтканына көнгөн жер.
Тилине кирген кишини,
Тилектеш деп сүйлөшүп.
Каныкей, Бакай эки жан,
Бузуп койду баланы.
Чоң атасын өлтүрүп,
Кан ичме кылып үйрөтүп.
Кең Талас бизге жер болбойт,
Бул огой бизге эл болбойт,
Бу Таласты таштайлы.
Төөгө килем салалы,
Алыбыз жетсе Бээжинге,
Көчүп жүрүп баралы.
Кече Бээжиндин каны Коңурбай,
Келип өзү кеп айткан.
Манастан калган баланы,
Өлтүргүлө деп айткан.
Өлбөсө бала оңбойт деп,
Баарыңарды айдайт деп.
Башкарам деп Семетей,
Баш көтөрүп койгонду,
Башын алып жайлайт деп.
Кече Манас менен кармашкан,
Чоң калча келип кеп айткан.
Манастын уулу балага,
Баш бербегин деп айткан.
Таласка элди кураса,
Кан болуп калкты сураса.
Бээжинге кабар салгыла,
Менден кабар алгыла.
Каканга кабар салгыла,
Какан менен Бээжиндин,
Калкынан кабар алгыла.
Манастын уулу дардаңдын,
Андан каар көрсөңөр.
Калмак менен кытайдын,
Кан көтөрөм өзүңдү.
Уксаң менин сөзүмдү,
Бу Таласты жерсибе,
Аргын менен огойдун,
Ушуларды элсибе.
Атка абай жапкыла,
Жанды жакшы баккыла.
Төөгө килем салгыла,

Бээжинди көздөй баргыла.
Коңурбай тилин алгандар,
Манастын көзү өткөндө,
Букара болуп калгандар.
Абыке, Көбөш үндөшүп,
Айылдан, айыл бөлүнтүп.
Кетели деп сүйлөшүп,
Манаке, Кочкор үндөшүп,
Биз Бээжинге баралы.
Биз Бээжинге келдик деп,
Канына кабар салалы.
Бул Абыке баатырды,
Кан көтөрүп алалы.
Жанды жакшы багалы,
Манастын уулу балага,
Аскер алып кол жыйып,
Калың аскер мол жыйып.
Аттанып чыгып жол алып,
Калмак, кытай кол алып.
Эки тоонун арасы,
Манастын уулу Семетей,
Атасы Манас барында,
Таштап салган калаасы.
Таш калаасын талкалап,
Кум калаасын уратып.
Шумурайыл баланын,
Манастан калган ордонун,
Баарын жыгып кыйратып,
Семетейди алабыз.
Семетей эмес мусулман,
Он алты кан эли бар,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Айтып кеткен кеби бар.
Аким болуп, журт сурап,
Барсаң колго алабыз.
Абыке, Көбөш баатырлар,
Атасы башка каапырлар.
Бейли бузук эчэнди,
Белине таңып алмакка,
Бээжинге кетип калмакка.
Сарамжалын алдырып,
Тасторконун жайдырып.
Келген элге кеп айтып,
Биз Бээжинге кетебиз,
Кош аман бол деп айтып.
Абыке, Көбөш эки арам,
Айдап малды алган жер.
Ажырашып аргындан,
Тасторконун жайган жер.
Абыкенин астына,
Мажик, Камбар барган жер.
Абыкеге кеп айтып,
Биз алжыбайлы деп айтып.
Эр Көбөшкө кеп айтып,
Бузулбайлы деп айтып.
Манастын уулу баланын,
Баатыр Бакай барында,
Атасы Манас баатырдын,
Жүрчү эле жанында.
Кокустан көчүп биз калсак,
Кордук көрүп калбайлы.
Манастын уулу баланын,
Айтканына көнөлү.
Аргын менен огойду,
Аралап жүрүп өлөлү.
Ээрчибесе Семетей,
Анан жолго салалы.
Биз Бээжинге барбайлы,
Алтын така, жез өпчө,
Биз казакка баралы.
Мусулмандан бөлүнбөй,
Барып жанды багалы.
Камбар, Мажик кеп айтат,
Биз барбайлы каканга,
Көчүп жолго саларбыз.
Баатырдан калган баладан,

Майып болуп каларбыз.
Мажик, Камбар кеп айтып,
Биз Бээжинге барбайлы,
Манастан калган баладан,
Майып болуп калбайлы.
Анда Абыке кеп айтат,
Акылы бар эси жок.
Байкабайсың баарыңар.
Баланын андай менен иши жок.
Кече Таласка бала келгенде,
Манастан калган сегиз мүлк,
Мен колуна бергенде.
Ошондо бала кеп айткан,
Манастан калган жеңеңди,
Мени тууган энемди,
Абыкедей абама,
Алып берем деп айткан.
Манастын уулу Семетей,
Катындын тилин алыптыр.
Тентип жүрүп делбиреп,
Кайгы баш болуп калыптыр.
Бакайдын тилин алыптыр,
Маңги баш болуп калыптыр.
Эненин тилин алыптыр,
Ээнбаш өсүп калыптыр.
Ушу бала түз болсо,
Улук Жакып атасын,
Өлтүрөт беле өзүн деп,
Өчүрөт беле отун деп.
Өз атасын өлтүргөн,
Өктөм өскөн оңбогур,
Эгерде жолу болбогур.
Кече канчалыкты кыйратты,
Катын-кызды ыйлатты.
Жазыгы жок канчаны,
Баарын кырып сулатты.
Бу Кеңкол бизге жер болбойт,
Семетей бизге эл болбойт,
Бу Бакай бизге кан болбойт.
Өсө жүрүп жетилсе,
Бу Семетей баладан,
Агарып аткан таң болбойт,
Кызарып чыккан күн болбойт.
Камбар менен Мажикке,
Кайраттанып кеп айтат,
Койгун биз кетели деп айтат.
Ажалы жакын асылдар,
Кече атасы менен бир жүргөн,
Аттанып жоого бир тийген.
Кече баатыр Манас барында,
Кылымда элден бата алган.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кырк чоро болуп атанган.
Манастын көчү өткөндө,
Каныкей тентип кеткенде,
Асты-астынан бөлүнгөн.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Бээжиндеги Коңурбай,
Алмаңын берип багынган,
Аман кой деп жалынган.
Кече Алмамбет алган Арууке,
Маңдайында шамы бар.
Байкап көргөн кишиге,
Бериштенин шаңы бар,
Төрөр күнү болуптур.
Кече Алмамбет окко учканда,
Баатыр Манас эр канкор,
Мунун көзү өткөндө.
Кайгыга башы малынып,
Капалык ишке күйгөндө.
Семетей кайра келгиче,
Ичиндеги бала өспөй,
Сөөк болуп жүргөндө.
Баатырдын уулу Семетей,
Элин издеп тапканда.
Кече алганы Мажик эр эле,

Алмамбеттен бир белги,
Аруукенин боюна,
Белги калды деди эле.
Баатырдын уулу барганда,
Эми колго алганда.
Аруукенин боюнан,
Жетилип бала өстү эле.
Бээжинди көздөй көчөрдө,
Ошондо Алмаңдан калган Арууке,
Ай-күнүнө жетти эле.
Ак тасма белге бууду эле,
Бу Семетей келгенде,
Арууке эркек тууду эле.
Арууке эркек тууду деп,
Ак боз бээ сойду эле.
Бу Мажиктин баласы,
Атын Күлчоро деп койду эле.
Атактуу Камбар баатырдан,
Алган зайбы асылдан.
Оромол белге бууду эле,
Энекеси Урумча,
Эркек бала тууду эле.
Ошо Камбар баатырдын,
Бакай менен Каныкей,
Экөө барып башкарып.
Өзү терең ойлонуп,
Эл чакырып той кылып.
Он эки бээ сойдуруп,
Баатырым менен бир жүргөн,
Атактуу Камбар эр эле.
Ардактуу эрдин тукуму,
Атын Канчоро деп койдуруп.
Маалына бала барганда,
Арууке тууган баласы,
Алты айга жетип калганда.
Кырк чоро көчүп качкан жер,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Ошондо Абыке, Көбөш баш болуп,
Семетей менен Бакайга,
Кырк чоро көчтү кас болуп.
Абыке экөөсүнө тең айтып,
Эми кетмек болдук Бээжинге.
Каныкей, Бакай, Семетей,
Үчөө келсин деп айтып.
Эне болуп асырап,
Эки көзү чачырап,
Чыйырдыны алалы.
Астына килем салалы.
Баш коштуруп үчөөнөн,
Уруксат бата алалы.
Анан жаккан отту өчүрүп,
Анан жайкын элди көчүрүп.
Күйгөн отту өчүрүп,
Анан ээрчиген элди көчүрүп.
Үчөөнөн бата алган соң,
Көчүп жолго салган соң.
Астыңа киши келчү эмес,
Сен кайда дечү эмес.
Кашыңа киши келчү эмес,
Сен качып калба дечү эмес.
Төртөөнөн бата албасак,
Анан жолго салбасак.
Эне болгон Чыйырды,
Ак саамайын өрөт го.
Атасы Манас баатырдын,
Арбагы жаман көрөт го.
Калайык эл, калың журт,
Калк чуркурап коштошуп,
Амандашып турат го.
Мен билбеймин кантерди,
Манастын элин биз таштап,
Көчкөнүбүз уят го.
Камбар, Мажик кеп айтып,
Абыкеге көп айтып,
Акылды салып турган жер.
Абыке менен Көбөштү,

Анык кудай урган жер.
Айткан тилди алган жок,
Каныкей менен Бакайга,
Чыйырды менен балага,
Барып кабар салган жок.
Чыйырдыны эне деп,
Каныкейди жеңе деп,
Эр Бакайды жолдош деп.
Эртеги өткөн Манасты,
Ээрчип жүргөн чоролор,
Абыке тилин алышты.
Атаганат дүнүйө,
Боору жазык Таласты,
Жерсибей кантип кетебиз.
Аргын менен огойду,
Элебей кантип кетебиз.
Бул төртөөнөн бата албай,
Капырай ат куйругун өрбөйлү.
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм өскөн баладан,
Мындан бөөдө өлбөйлү.
Абыке менен Көбөштөн,
Ал экөөнөн башкалар,
Бакылдашып турушат.
Канкордун эли бузулуп,
Абыке, Көбөш кутуруп.
Арстан Манас баатырдын,
Арбагына кас болуп.
Арагын ичип мас болуп,
Олуя заада Манастын,
Оорагына кас болуп.
Атасы башка арамдар,
Дүнүйөгө мас болуп.
Бейлин шайтан буруптур,
Арамдардын тузу арам,
Аларды кудай уруптур.
Аргын менен огойдун,
Калкын жыйып алышып,
Ак боз бээ, тай союп,
Ак сары башыл кой союп.
Эл жыйылып келишип,
Элге түлөө беришип.
Улуу жолго салабыз,
Уламалап биз көчүп.
Бээжиндин каны Манжууну,
Кан Коңурбай калчаны.
Канкордон калган оңбогур,
Көргөздү бизге канчаны.
Атасы башка Бакайды,
Эл сураттып бийлетти.
Арбак урган оңбогур,
Бизди жаман жүдөттү.
Келген элге кеп айтып,
Кетебиз эми деп айтып.
Калган элге кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып.
Амандашып коштошуп,
Абыке кечир созулуп.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кече Манас күткөн кырк жайсаң,
Абыке менен Көбөштүн,
Тилине кирип кошулуп.
Киерине тону бар,
Минерине аты бар.
Ичерине ашы бар,
Айдарына малы бар,
Төрт түлүк малы дагы бар.
Дөөлөтүнө арзыбай,
Бууранын жаны булакты,
Кеңколдон алыс жер эле.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Баатыр Манас барында,
Кырк чоро кимден кем эле,
Айкырып жоого тийчү эле.
Аргын менен огойдун,
Аралап өзүн билчү эле.

Кече Манас барында,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Булкунтуп буудан минчү эле,
Буулугуп жоого тийчү эле.
Арстан Манас барында,
Мусулман элди билчү эле.
Манастын көзү өткөн соң,
Бейли кара арамдар.
Атасы башка арамдын,
Алардын тилин алыптыр.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Абыке менен Көбөшкө,
Ал экөөнө кошулуп,
Көчүп жолго салыптыр.
Төрт түлүктүү мал айдап,
Асили арам болгон соң,
Торала үйрүн дагы айдап,
Токтотуп калып мал айдап.
Жетимиш төөгө жүк жүктөп,
Айылга алман салдырып.
Көчпөймүн деген аргындан,
Салык кылып Абыке,
Алтымыш атан алдырып.
Кетемин деп Бээжинге,
Чыкты көчүп кам кылып.
Таластан түтүн созулуп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кырк чоро көчтү кошулуп.
Алтын бешик, сыр кундак,
Канчорону бөлөтүп.
Алмамбеттин Арууке,
Аман-эсен төрөтүп.
Ак боз бээ сойдуруп,
Өз оюнча той кылып.
Атын Күлчоро койдуруп,
Көчүп жолго салган жер.
Бакай менен Семетей,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Көчкөнүн билбей калган жер.
Айдап канча мал алып,
Айры өркөчтүү нар алып.
Короолотуп кой айдап,
Бышылдатып уй айдап.
Аргымагын бөлүнтүп,
Башайылдай сарала,
Айдап жылкы бөлүнтүп.
Кеңкол менен Таластан,
Көчүп жолго салышты.
Көчүп жолго салганын,
Баатырдын уулу Семетей,
Баланын билбей калганы.
Ар түлүктүү мал айдап,
Айдап жолго салганы.
Каныкей, Бакай эки жан,
Алардын билбей калганы.
Эр Семетей баатырга,
Элиң көчүп кетти деп,
Балага кабар салганы.
Элим кайда кетсин деп,
Семетейдин барганы.
Семетей барып караса,
Кара конуш, кең талаа,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Карарып журту калыптыр.
Манастан калган калың журт,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Качып жолго салыптыр.
Абыке, Көбөш агасын,
Манаке, Кочкор абасын,
Атасынын жолдошу,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Атамдан калган мурапы,
өз журтум деп ойлоочу.
Манастан калган жолдошу,
Атамдан калган мурапым,
Өз журтум деп ойлоочу.

Кеңколго алып келүүчү,
Керектеген оокатын,
Атасы жоомарт Семетей,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кейинбей бөлүп берүүчү.
Манастан калган кырк чоро,
Каалаганын алуучу.
Атасы Манас өңдөнүп,
Алда таала жөн берип,
Атасындай багуучу.
Бала чунак барган соң,
Карарган конуш калган соң.
Кайгы тартып камыгып,
Канкордун уулу Семетей,
Каныкей менен Бакайга,
Калкың качып кетти деп,
Мурун айтып койбойт деп.
Экөөнө бирдей таарынып,
Манастын уулу Семетей,
Как талаада кайгырып.
Атамдан калган мурапым,
Кантип калам айрылып.
Ээн жерде кайгырып,
Атамдан калган мурапым,
Эмине кылам айрылып.
Атам күткөн эл эле,
Атаганат дүйнө күн.
Абыке, Көбөш эки агам,
Белиме таңуу бел эле.
Кан атам күткөн кырк чоро,
Атаңдын көрү дүйнө күн.
Жер көргөзүп жол чалып,
Жетелеп жүрчү жан эле.
Жолдоштугу бар эле,
Манастын уулу Семетей,
Көт жагынан барам деп.
Атамдын күткөн журтунан,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Айрылып кантип калам деп.
Семетейди элсибей,
Көчүп кеткен калың журт.
Абыке менен Көбөштүн,
Асили арам болгон соң.
Семетейге арзыбай,
Кеңкол менен Таласты,
Бу экөөнү жерсибей.
Манастын элин элсибей,
Атам күткөн кырк жайсаң,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Абыке менен Көбөштөн,
Бөлүнүп калса не болот.
Манастын уулу эр жангыз,
Оң бөйрөгүн таяна,
Оолугуп барды Кеңколго.
Кара жаны кайгырды,
Ыйлап барды Кеңколго.
Арага киши салдырып,
Абакеси Бакайды,
Ат чаптырып алдырып.
Каныкейдин астына,
Карыларды чакыртып.
Жаңы алганы Чачыкей,
Манастын уулу буулукма,
Тамак-ашын бышыртып.
Атамдан калган мурапы,
Элим кетти бөлүнүп.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Манастын уулу Семетей,
Тентигени калбайт деп.
Элин кантип кармайт деп,
Качкандыгы калбайт деп,
Артыма болот жаманат.
Атаман калган мурапы,
Артынан ээрчип алам деп.
Атакем күткөн кырк жайсаң,
Атаңдын көрү дүйнө күн,

Ажырап кантип калам деп.
Азык-түлүк камдатып,
Бала чунак алыптыр.
Кетмек болуп артынан,
Манастын уулу Семетей,
Жүрмөк болуп калыптыр.
Энекеси Каныкей,
Чоң энеси Чыйырды.
Баштап жүргөн абасы,
Байгамбар чалыш агасы.
Арстан Бакай эр баатыр,
Энекеси Каныкей,
Семетейге кеп айтып.
Атаңдан калган мураапың,
Алып келгин деп айтып.
Абыкенин Актелки,
Көбөш эрдин Суртелки,
Ажыбайдын Айбанбоз,
Жамгырчынын Темиркөк,
Бу төртөөнү алгын деп.
Таарынып качкан абаңа,
Ат жетелеп баргын деп.
Тил алса алып келгин деп,
Тил албаса ал абаң,
өзүң кайра келгин деп,
Кыларын Каныш билген жер.
Энекеси Каныкей,
Абакеси кан Бакай,
Манастын уулу баладан,
Кырыларын көргөн жер.
Манастын уулу балага,
Кандай заман болот деп.
Манастан калган сегиз мүлк,
Баарын берди кийгизип.
Олуя заада Каныкей,
Буурул атты мингизип,
Аккелтени астырып.
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына тапшырып.
Каарuулатып айзасын,
Манастын уулу жетимдин,
Санына байлап балтасын,
Белине берди кылычын.
Олуя заада Каныкей,
Бүтүрдү барып жумушун.
Төрт бууданды алдырып,
Ошо Каныкей менен көп жүргөн,
Арты тууган Акматбек,
Ат кошчу болуп баргын деп.
Каныкей айтып канча кеп,
Бейли кара арамдар,
Берген атты албайт го.
Береги жетим чунакты,
Атасы башка арамдар,
өлтүрөм деп кармайт го.
Атасынын жолдошу,
Жолдош болор бекен деп.
Тил албаса кырк жайсаң,
Кошо ээрчип кетем деп.
Турат бала арданып,
Азык алып камданып.
Акматбек сага айтайын,
Мына бу Аккелтеге сак болсун.
Манастын уулу Семетей,
Төрт бууданды алган жер.
Төрө сымал Акматбек,
Кан Манас тузун көп таткан,
Жолдош болуп барган жер.
Калың мал айдап жер жайнап,
Кара жолду басыптыр.
Канкордун уулу Семетей,
Артынан издеп келгенде,
Кең Кочкордун сайында,
Калың мал жайнап жатыптыр.
Чатыр тигип тай союп,
Айдаган малын токтотуп.

Бүлдүркөн чөбү бар экен,
Оттогон малдын каны экен.
Алты конуп жатам деп,
Аркар-кулжа көп экен,
Кийиктерин атам деп.
Арыгын түлкү жойлогон,
Манастын уулу баладан,
Кутулдук деп ойлогон.
Чыбырын түлкү сойлогон,
Кеңкол менен Таластан,
Чыктык биз деп ойлогон.
Ошо күнү кечинде,
Шатырата ат айдап,
Атты катуу бат айдап.
Чоң казанга эт салып,
Түлөө кылып тай союп.
Түнөп жаткан кырк жайсаң,
Түндүгүнө бээ союп.
Буруксуган кырк жайсаң,
Кечеги Манас барындай,
Улуксунган кырк жайсаң.
Башкарганы Абыке,
Айдаганы эр Көбөш.
Манастын уулу Семетей,
Баатырсыган эр Бакай,
Арамзаада Каныкей,
Кеткенди билбей калды деп,
Кеңешип жатып алды деп.
Көчкөндү билбей калды деп,
Көлбөрүп жатып алды деп,
Эр Абыке айтып кеп.
Асманга түтүн бургутуп,
Ак жорго минип оргутуп.
Ай бүркөлүп тутулуп.
Манастын уулу баладан,
Чыктык деп эми кутулуп.
Өрүштөн кармап тай союп,
Аш-тамагын жай коюп.
Тасторконго дан коюп,
Буруксутуп жатканда.
Таласты таштап качканда,
Талыгышып жатканда,
Манастын уулу барган жер.
Айдап атты көрүнтүп,
Баатырдын уулу жангызек,
Көзүнүн жашын төгүлтүп.
Көчүп качкан кырк жайсаң,
Ат айдатып астына,
Сыйлап барган жер ошол.
Атамдан калган мурапым,
Мени таштап талаага,
Кайда көчүп барасың.
Манастын уулу жетимче,
Ыйлап барган жер ошол.
Көзүнүн жашы бурчактап,
Семетей ыйлап кайгырып.
Кагылайын агалар,
Калбаймын сенден айрылып.
Моюнунан кучактап,
Боздоп ыйлайт Семетей.
Жүргүн кайра баргыла,
Кааласаңар энемди,
Абыке, Көбөш эки агам,
Бирөөңөр сүйүп алгыла.
Атамдан калган мураапым,
Калбаймын сенден айрылып.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Мен карыдан кеп уктум,
Атасы башка Бакайды,
Манастын уулу дардаңбоз,
Кан көтөрдү деп уктум.
Кайра көчүп баргыла,
Бакайдан кандык алгыла.
Элди-журтту жыйайын,
Ой, Абыке агаке,
Таарынганың жан болсо,

Агаңдан калган жесирге,
Энеме нике кыяйын.
Карагай айза аштап бер,
Кагылайын эки ага,
Агаңдан калган мурапы,
Агаңар өңдүү баштап бер.
Манастын уулу Семетей,
Акка мойнун сунган жер.
Карарып көчкөн кырк чоро,
Баарысына жалбарып,
Семетей ыйлап турган жер.
Кече Таластан жөнөп чыкканда,
Кайып заада Каныкей,
Акматбекке кеп айткан,
Алакөөдөн бала эле,
Аттанып жоого баралек,
Баланын көзү каналек.
Бастырып жоого тиелек,
Жоо-жаракты билелек.
Баатырдан калган сегиз мүлк,
Атасы аткан Аккелте,
Алмамбет чапкан Айбалта,
Кожодон алган Аркесме,
Кологойлуу Сырнайза,
Канетсе арамдар бузук салат деп.
Бу жарактан айрылса,
Семетей майып болуп калат деп.
Акматбекке кеп айткан,
Асты-кийин аңдасын.
Манастан калган жоо-жарак,
Кокустуктан айрылып.
Жаштык кылып Семетей,
Майып болуп калбасын.
Акматбек айтып үйрөтүп,
Ат кошчу болуп кеп айтып.
Сен эчтемени билбейсиң,
Атаңдан калган жоо-жарак,
Ажыраба деп айтып.
Ажырасаң көрөсүң,
Коркутуп айткан Акматбек,
Арамдардан өлөсүң.
Түшөсүң арам торуна,
Каласың Каныкей менен Чыйырды,
Бул экөөнүн шоруна.
Атасы Манас баатырдын,
Атын токуп көп жүргөн,
Адамдын бейли ак эле.
Арбакты сыйлайт Акматбек,
Атасы Манас баатырга,
Жолдош болгон жан эле.
Акматбек тилин алыптыр,
Манастан калган жоо-жарак,
Манастын уулу Семетей,
Ажырабай калыптыр.
Аттанып жолго чыкканда,
Ак куржун алып капшырган,
Канжыгага тапшырган.
Оозун ачып караса,
Кебин айтып Акматбек,
Айтып сөзүн болтурган.
Кандай болуп кетет деп,
Энекеси Каныкей,
Ак куржундун көзүнө,
Ок-дарысын толтурган.
Кырк чоро көчүп качканда,
Баатырдан калган жангызек,
Атамдан калган мурапым,
Айрылбайм деп ыйлады.
Келбей койсо кайрылып,
Мен да кошо кетем деп,
Каныкей менен Бакайды,
Бала чунак кыйнады.
Каныкей кайрып кеп айтат,
Эми болбойт бала деп айтат.
Баланын тилин албайт деп,
Баарынын кеби калбайт деп.

Жетимиң барып ыйлайт деп,
Мени таштап ыйлатпай,
Жүргүлө деп кыйнайт деп.
Кыйнаса алар болчу эмес,
Эч кимдин кебин укпаган.
Кече өткөн төрө Манастын,
Кебинен киши чыкпаган.
Атасы башка арамды,
Арамдар жаман карарды.
Кай жоругун айтайын.
Кагылайын Айкожо,
Кече курдашың Манас эр баатыр,
Ошондон калган жоо-жарак.
Баласы колго алсын деп.
Ат кошчу болуп Акматбек,
Буда кошо барсын деп.
Каныкей менен Бакайга,
Ошо сөзү болгон эп.
Актелки менен Суртелки,
Башчы кылып айдатып,
Дүнүйөнү жайнатып.
Артынан бала зар ыйлап,
Акматбек кошо дагы ыйлап.
Муңканып бала ыйлады.
Бейли кара арамдар,
Кулагына сыйбады.
Атамдан болгон мурапым,
Айрылып кантип калам деп,
Кайгырып бала ыйлады.
Нээти бузук арамдар,
Кулагына сыйбады.
Буурулдун оозун жайганда,
Ат жетелеп баш тартып,
Жетимче ыйлап барганда.
Ыйлаганга болбоду,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Манастан калган бала деп,
Бир кайрылып койбоду.
Ошондо Абыке арам ойлоду,
Манастан калган Аккелте,
Аккелте алсам колунан.
Жоо-жарагын сурасам,
Берсе бала алам деп,
Анан баланын эбин табам деп.
Ошондо Абыке келип кеп айтат,
Мунабу адыр-адыр жер экен,
Аркар-кулжа көп экен.
Аскасы башка зоо экен,
Ар бир түрлүү тоо экен.
Аркары төрдө төлдөгөн,
Атуучу мерген келбеген.
Бугусу төргө төлдөгөн,
Бугучу мерген келбеген.
Аркары койдой жайылган,
Жер сорусу экен деп.
Төшүнөн торгой сайраган,
Аркары койдой маараган.
Ар түрлүү кийик көп экен,
Аккелте бергин барайын.
Аркар-кулжа мен атып,
Мергендигим билгизип.
Аркарын атып сулатып,
Маралын атып кулатып.
Мен садага кетейин,
Аккелтени маа бергин,
Кийик атып келейин.
Ийиниңдеги Аккелте,
Канга жолдуу жери бар.
Арамзаада Абыке,
Ошо Манастан калган чунакты,
Аккелте тийсе колуна,
Артынан келген жетимди,
өлтүрөм деген жери бар.
Берише салды бейлине,
Ошондо баланын түштү көөнүнө.
Алдына келсем кеп айтпайт,

Мен кайра барам деп айтпайт.
Ыйладым канча буркурап,
Күйүп сөөгүм зыркырап.
Бир кайрылып койгон жок,
Ат тартып келсем астына.
Кабагын бүркөп кеп сүйлөйт,
Ачуусу келип бек сүйлөйт,
Айтканыңды бу сүйбөйт.
Көбөшү башка түрдөнөт,
Көчкүлө деп сүйлөнөт.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Абакем Бакай эр баатыр,
Ала келбей не болдум.
Арамдыгын ойлонуп,
Манастан калган чунактын,
Ошондо түштү эсине.
Кокустан ок жаңылып калат деп,
Абайы жаап үртүктөп.
Ок өткүсүз болсун деп,
Майда кумдун эленди,
Темиринин өгөндү.
Кече Манас барында,
Олуя заада Каныкей,
Аккуланын үртүгүн,
Семетейдин Тайбуурул,
Атка жаап бериптир,
Боорунан өткөрүп.
үртүктүн жайы бир башка,
Киши билип коет деп,
Тышын күмүш менен жээктеп.
Бооруна тарттырып,
Темир менен тээктеп.
Олуя заада Каныкей,
Оолугуп чыккан баланы,
Бир кудайга тапшырып.
Аккуланын абайын,
Буурул атка жаптырып.
Манастын уулу баланы,
Бир кудайга тапшырып.
Манастын уулу Семетей,
Абыкеге кеп айтып.
Атамдан калган мылтыкты,
Карматпаймын деп айтып.
Алды мындай толгонуп,
Манастын уулу жаш жетим,
Каныкей, Бакай айтканын,
Далайдан кийин ойлонуп,
Бууруллдун оозун бурган жер.
Жараткан алда кудайдын,
Буйругу ушу экен деп.
Атаганат дүнүйө,
Тууганымдан айрылып,
Кеңколго кантип кетем деп.
Көбөш менен Абыке,
Кочкор менен Манаке,
Эл чогултуп сүйлөшүп.
Түн жамынып көчөлү,
Көчпө десе баланы,
Биз өлтүрүп кетели.
Айдап келген атына,
Астындагы Тайбуурул,
Муну кошуп алалы.
Акылдашып сүйлөшүп,
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты жуп жата.
Асманда жылдыз толгондо,
Түн караңгы болгондо.
Адырдагы жылкыны,
Айдап жолго салалы.
Жылкы бербейм да десе,
Мал талашып да келсе,
Өлтүрөлү өзүн деп,
Өчүрөлү отун деп.
Бейли кара чочколор,
Бейлин буруп кеп айтат.
Кара саат оңбогур,

Мылтыгын бербейт деп айтат.
Мылтыгын берсе колума,
Кара саат баланы,
Салат элем жолуна.
Абыке, Көбөш тилдешип,
Качкындын баары сүйлөшүп.
Атаганат дүнүйө,
Калмактан келген ай беле,
Кайсы бирин айтайын.
Жаш кезинде кошулган,
Алмамбеттин зайбы эле.
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде.
Жалгандан Манас өткөндө,
Каныкей тентип кеткенде.
Кан Жакып элди жыйды эле,
Мажикке ике кыйды эле.
Каныкей менен сырдашып,
Манастын көзү барында,
Биргелешип жүрдү эле.
Басып келип Арууке,
Акматбекке кеп айтып.
Береги баатырдан калган жетимче,
Арамдар жаман бузулду,
Арак ичип кутурду.
Күбүрөшүп сүйлөшүп,
Түн жамынып үй чечип,
Көчмөк болуп атышат.
Акматбек саа айтайын,
Кагылайын курдашым.
Ушу менин астымда,
Балтыр бешик бала бар.
Кан ичменин баласы,
Каарланып албасын.
Бейли кара арамга,
Катуу кыргын салбасын.
Айзасын чактап кармасын,
Жолдош болот асили.
Менин көргөн баланы,
Майып кылып салбасын.
Маңдайы жарык сөзү ачык,
Кабагы жайык бети ачык.
Сен бул жерден кайткын деп,
Жетсе ажал өлөрбүз.
Көңүлдөшүм Каныкей,
Акыреттен көрөрбүз.
Акматбекке кеп айтып,
Сак болгула деп айтып.
Биз Бээжинде бир жүргөн,
Экөөбүз эки кандын кызы элек,
Арууке, Мыскал атанган.
Кара урдан Ак балбан,
Каза жетип окко учкан.
Бу дүйнөдөн так өткөн,
Шейит өтүп да кеткен.
Алмамбет менен дос элек,
Ушул айткан сөзүмдү,
Каныкейге айта бар.
Кокустан уруш башталса,
Байкагыла өзүңдү.
Адамдан башка бейли ак,
Ак ислам диниң ак.
Байгамбардын үмөтү,
Акматбеке кеп айтып,
Байкагыла деп айтып.
Каныкейге кеп айтып,
Керез кебин да айтып,
Олуя заада Арууке.
Оюна кудай салыптыр,
Акматбек байкап калыптыр,
Бейлине кудай салыптыр.
Мынтыкты бергин дегенде,
Бала чунак жетимче,
Бейли кара экенин,
Ошондо билип алыптыр.
Чоң Кочкордун боюнда,

Тоосу аска, ою түз.
Кудай билет чын болсо,
Ошо күнү коңур күз.
Эки чатта кош дөбө,
Акматбек менен Семетей,
Элди жата бергин деп.
Ат чалдырып алабыз,
Атыбызды багабыз.
Ат откозуп келебиз,
Ат откозуп тойгузуп,
Анан келип беребиз.
Акматбек менен Семетей,
Ат чалдырып алмакка,
Бейли кара экен деп,
Бериште колдоп баланы,
Окуду куран арбакка.
Асманга жылдыз толгондо,
Кудай билет чын болсо,
Адырдан жылкы айдатып,
Казанга тамак кайнатып.
Матап төөнү тиздетип,
Бар оокатты жүктөтүп.
Боз ала адыр керүүдөн,
Жайытта жаткан көп жылкы,
Дүңгүрөтүп айдатып.
Манастын уулу балага,
Айланса болот абага.
Жан жолдошу Акматбек,
Аккелтени октотуп.
Мен турбаймын бу жерге,
Эл бузулуп калды деп.
Төөлөрүнө жүк жүктөп,
Түн жамынып дүркүрөп.
Абыке, Көбөш ат минип,
Манаке, Кочкор күркүрөп.
Медет, Седет күүлөнүп.
Жатканда жамбаш талбайбы,
Чырм этсе уйку канбайбы.
Жаккан отту өчүрүп,
Жаткан элди ойготуп,
Уктаган элди тургузуп.
Адырдан жылкы айдатып,
Абыке, Көбөш күүлөнүп,
Көчкүлө деп дүрбөтүп.
Короолоп койду айдатып,
Желеге кулун байлатып.
Көчтү арамдар токтобой.
Тараза жылдыз батты эми,
Манастын уулу Семетей,
Талыкпай уктап жатты эми.
Кең Кочкордун боюнан,
Кырк чоро көчүп качты эми,
Супура жылдыз батканда,
Суп жаркырап атканда.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп караса,
Ошо качкан элди байкаса.
Бейли бузук арамзаа,
Короого жаткан кой калбай,
Желедеги уй калбай,
Матоодогу төө калбай,
Баары жолго салган жер.
Бала барса тил албай,
Дүрбөп көчүп калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Боюна даарат алган жер.
Экөө сүрмөт, экөө барс,
Монундагы катуу барс.
Төрт ирекет багымдат,
Шашпай окуп алган жер.
Атасы кийген Аколпок,
Семетей кийсе чоң олпок.
Кайра байлап капшырды,
Канжыгага тапшырды.

Каныкейдин ак куржун,
Ок дары салган толтура.
Бала чунак жинди кул,
Баабедин деп ат минип,
Атка ыргып бат минип.
Акматбекке кеп айтып,
Арамдар көчүп кутуруп,
Артынан ээрчип мен келсем.
Баарынын көөнү бузулуп,
Ат откозуп токтолуп.
Астындагы торуча,
Жөө жетелеп откоруп.
Айнек ооз чоң дүрбү,
Сен колуңа ал деди.
Жер тунарып эл көчүп,
Ыйымды кудай уккан жок.
Агалар деп ыйласам,
Азаптуу жанды кыйнасам,
Кулагына жуккан жок.
Ошо жолдо баланы,
Алагар көзү тунарып,
Айдай бети кубарып.
Уу ичкендей саргарып,
Атасындай шаңданып.
Акматбекке кеп айтып,
Тура бергин деп айтып.
Буурулдун оозун бурган жер,
Токто, токто, токто деп.
Манастын уулу жаш бала,
Айтканымды уккула,
Бу жерден кайра баргыла.
Ай Абыш абаке,
Баштагы айткан сөзүмө,
Эминеге таарындың,
Менин энем Каныкей,
Алып берем өзүңө.
Барып элди жыямын,
Кайрылып Кеңкол барсаңар,
Менин тилим алсаңар.
Абыке менен энеме,
Экөөнү ике кыямын.
Энем тилим албаса,
Белимен кемер чечемин,
Мен силерге кошулуп,
Силерди ээрчип кетемин.
Доолбасын каккылып,
Тоспо, тоспо, тоспо деп.
Дүңгүрөтүп жылкыны,
Айдап жолго салган жер.
Барбайбыз деп баланы,
Катуу айтып күүлөнүп.
Каныкей, Бакай барында,
Барбайбыз деп сүйлөнүп.
Актелкини кошо айдап,
Он эки атты кошо айдап,
Көп наалыбай кайткын деп.
Көргөнүңдүн баарысын,
Каныкей менен Бакайга,
Сарыкан менен Бөкөйгө,
Экөөнө барып айткын деп.
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм өсүп калдың сен.
Башка элди жат көрүп,
Жат кишини өз көрүп.
Өз элиңе кас болуп,
Жаман өсүп калдың сен.
Кеңкол бизге жер болбойт,
Кесирлүү энең барында.
Огой бизге эл болбойт,
Талас бизге жер болбойт.
Сааттуу Бакай барында.
Аргын бизге эл болбойт,
Манастын уулу Семетей,
Келди Көбөш күүлөнүп,
Кете бер деп сүйлөнүп.
Манаке келип кеп айтты,

Элди элим дебеген,
Элдин камын жебеген.
Тентип жүрүп зай болгон,
Тентек өскөн баласың.
Кете бергин Кеңколго,
Көбүрөк торгоп каласың.
Бала чунак баатырга,
Манаке келди күүлөнүп,
Бара бер деп сүйлөнүп.
Ошондо бала Семетей,
Бала күкүк өңдөнүп,
Бууруддун оозун бурган жер.
Атамдан калган мурапым,
Мени таштап кеттиңер.
Кандай заман, кандай күн,
Кандай кара кандай түн.
Буркурап ыйлап Семетей,
Астындагы Бууруддун,
Оозун тартып токтотуп.
Таарынып качкан эл менен,
Амандашып коштошуп.
Бала чунак кеп айтып,
Барган жерге бара бер,
Барганыңды билербиз.
Элди таштап кеттиңер,
Башка жерге эл болуп.
Бейлиңерди бурдуңар,
Кара болуп турдуңар.
Бала чунак жетимдин,
Бакырып үндү салган жер.
Кайраттанып болкулдап,
Манастан калган жетим кул,
Балача ыйлап солкулдап.
Мурапымдан айрылдым,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Кандай күнгө кабылдым.
Эки коодон өткөндө,
Эр Семетей баатырга,
Атасынын жолдошу,
Көт жагынан маңкылдап,
Көсө куйрук көп даңгыт,
Кошулуп үрүп арсылдап.
Кудай билет чын болсо,
Арамга бейлин бургандар,
Ажалы жакын тургандар.
Карарып бейлин бургандар,
Казасы жакын тургандар.
Чогулушуп сүйлөшүп,
Безилдешип кеп айтып.
Жангыз келген баланы,
өлтүрөлү деп айтып.
Бу баланы жайласак,
Аргын менен огойду,
Өзүбүз айдап билебиз,
Эркибизче жүрөбүз.
Алты арам чыгып кеп айтып,
Аттангын Мажик деп айтып.
Баштап уруш салып бер,
Өлтүрөлү баланы,
Өзүң кошо барып бер.
Акборчукту мингизип,
Эр Мажикти салды эле.
Мылтык атып, жаа тартып,
Манастын уулу баланы,
Артынан түшүп калды эле.
Эки бөлөк кош секи,
Семетей бала барды эле.
Качпа бала, качпа деп,
Токто бала, токто деп.
Айтайын сөздү уга тур,
Акылсыз бала тура тур.
Абыке келет дардактап,
Манастын уулу Семетей,
Тайбуурул оозун бурган жер.
Сырнайзаны таянып,
Токтолуп карап турган жер.

Калың элди сүрөйт деп,
Кантер экен бала деп.
Атасындай бар болсо,
Мылтык атып, жаа тартып,
Менин жүрөгүмдү сынайт деп.
Кара чунак баланын,
Кайрылып тизгин бурган жер.
Кологой саптуу Сырнайза,
Жерге сайып таянып,
Семетей карап турган жер.
От жагылып жаркылдап,
Мынтык атып тарсылдап.
Кудай билет чын болсо,
Семетейдин көтүнөн,
Келди кууп жакындап.
Кантет, кантет, кантет деп,
Алдындагы Тайбуурул,
Кемегедей кара жер,
Кесе чапчып ыргытып.
От ордундай кара жер,
Ойо чапчып ыргытып.
Башын жерге чулгутуп,
Туягын жерге мылгытып.
Тегеренип ойноктоп,
Бала чунак Семетей,
Эки жагын караса,
Алдында жүрөт сойлоктоп.
Аттын оозун бурган жер,
Ал жыланга таңкалып,
Бала барып турган жер.
Кудай билет чын болсо,
Келги чапкан көк темир,
Белине келип ок тийди.
Башындагы туулга,
Башына келип ок тийди.
Имерилип токтолуп,
Мени сынап турабы.
Манастын уулу Семетей,
Сабыр кылып чыдады.
Ажалы жакын арам кул,
Абыке келип бир атты,
Бала чунак жетимдин,
Ортон колун сый атты.
Ортон колу бөлүнүп,
Тарамыштан аккан кан,
Кудай билет чын болсо,
Алдындагы Тайбуурул,
Жаба куюп төгүлүп.
Бейли арам чочколор,
Жарадар болуп Семетей,
Жаны күйүп чок болуп.
Мени өлтүрөт экен деп,
Белиндеги ак жибек,
Энекеси Каныкей,
Иш ушундай болорун,
Билген экен Каныкей.
Боз кисеге кол салып,
Ак жибек белбоо колго алып,
Колун таңып алган жер.
Кологой найза бөрү тил,
Колтугуна салган жер.
Адегенде Семетей,
Абыкеге барган жер,
Акырекке сайган жер.
Аттан түшүп калган жер,
Кылычын кындан алган жер.
Атасындай сүрдөнүп,
Ачуу келип күүлөнүп.
Баабедин деп бакырып,
Атам Манас эр деген,
Арамдарды эл деген.
Атакем күткөн элим деп,
Мен ушуну көрдүм деп.
Манастын уулу жетимче,
Кылычын кындан алган жер,
Кыргынды бала салган жер.

Кырк баатырды кырган жер,
Манастын уулу Семетей,
Кыргын салып турган жер.
Аттын оозун жайган жер,
Катынды катын дебестен,
Баланы бала дебестен,
Манастын уулу жин ургур,
Баарын кырып салган жер.
Эр Семетей жаш жинди,
Каарланып бакырып,
Өлбөй тирүү калганды,
Өкүмдүгү ушундай,
Өткүр жетим оңбогур,
Айза менен качырып.
Ошо күнү кечинде,
Кечке жуук бешимде.
Асты-кийнин караса,
Атка тердик салган жок,
Аман киши калган жок.
Мал башын тосуп бурган жок,
Баары сулап кырылып.
Бир киши өйдө турган жок,
Манастын уулу Семетей,
Бирин тирүү койгон жок.
Каарланып келгенде,
Канга тууган жаш бала.
Өзөлөнүп келгенде,
Өкүм тууган жаш бала.
Айланып карап турганда,
Аттын оозун бурганда.
Атасы менен тең өскөн,
Агаларын кырганда.
Манастын уулу Семетей,
Бекер кырып салдым деп,
Бейпай болуп калдым деп.
Жаман кырып салдым деп,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жангыз өзүм калдым деп,
Ат тизгинин бурган жер.
Арамдык жетип башына,
Баатырдын уулу Семетей,
Кырк чорону кырган жер.
Абыке тилин алгандар,
Ажалы жетип кан тартып,
Таарынып көчүп калгандыр.
Казасы жетип күн бүтүп,
Канкордон калган кырк чоро,
Манастан калган Семетей,
Ат жетелеп баш тартып,
Баланын тилин алган жок,
Ошонун бирөө аман калган жок.
Каныкей айткан кеп эле,
Жолдош болуп бир жүргөн,
Арууке деген катын бар.
Каарланып сен калсаң,
Айзаны колго сен алсаң.
Кокустан катыла көрбө деди эле.
Ажалынын жеткени,
Манастын уулу Семетей,
Каарланып турганда,
Кырк чорону кырганда.
Айзага кошо кеткени,
Талаага качып калганды,
Артынан кууп Семетей,
Аларды атты өлтүрүп.
Ээндеп качып калганды,
Экини бирдей бир атып.
Созулуп жолго салганда,
Жолукпай качып калганды,
Тайбуурул минип созулуп,
Сары белден көрүнүп,
Аккелте колго алган жер.
Манастын уулу Семетей,
Аны атып салган жер.
Кең Таласты жерсибей,
Көп огойду элсибей,

Таарынып качкан кырк чоро,
Кармаган туусу жыгылды.
Канкордун уулу баладан,
Капырай бири калбай кырылды.
Энекеси Каныкей,
Баланын жапа салганы.
Баатыр күтүп кырк чоро,
Казасы жетип күн бүтүп,
Кыргынга кетип калганы.
Ак саамайын түйчү эле,
Каныкей өзү билчү эле.
Бала кылып багам деп,
Байкуш Каныш жүрчү эле.
Кырк чорону кырганын,
Кыргынды салып Семетей,
Кысылып ыйлап турганын.
Кара кашка аргымак,
Кандай болуп калды деп.
Кайып заада Каныкей,
Атка бутун салыптыр.
Ашып-шашып бек жүрүп,
Кеңколдон чыгып Каныкей,
Жакын келип калыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Буурулдун оозун бурган жер.
Атамдан калган мурапым,
Муну кандай кырдым деп,
Буркурап ыйлап турган жер.
Жана кырк чорону кырарда,
Асманда мунар сөгүлгөн,
Ак жылан сойлоп көрүнгөн.
Ошо Каныкейдин жолдошу,
Аккула окко учканда,
Атылып шейит кеткенде.
Каныкейдин жолдошу,
Койнуна бала алыптыр,
Ошо балтыр бешик баланы,
Сар кундакка салыптыр.
Маалына жеткен баланы,
Барып кошуп алыптыр.
Алтын бешик, сар кундак,
Аркы, терки бек бөлөп,
Кайып колдоп бир жөлөп.
Канкордун уулу Семетей,
Каражолтой Кеңколго,
Кайрылып кантип барам деп.
Казасы жеткен кырк чоро,
Канына карга конот го.
Карганын богу болот го.
Айласын кандай мен табам,
Буурулдун оозун жайганда,
Муңканып ыйлап калганда.
Асмандан мунар сөгүлөт,
Аркы-терки бүлүнүп,
Эки бала көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Аттан түшө калган жер,
Бешиктен суурул алган жер.
Ок-дары салган куржунга,
Эки бала салган жер.
Эр Семетей көкжалың,
Кандай бала болду деп.
Кеңколго бүгүн жетем деп,
Буурулдун оозун керем деп,
Энекеме берем деп.
Ат болушка салыптыр,
Кайра тартып койгулап,
Катуу жүрүп калыптыр.
Шамшынын бою талаадан,
Астынан Каныкей чыга калган жер.
Кара чунак оңбогур,
Атаңдан калган кырк чоро,
Кандай кыргын салдың деп.
Куржунунда эмине,
Эмине салып алдың деп.

Эминеси курусун,
Атамдан калган мурапы,
Катын-кызын калтырбай,
Бирин койбой кырдым деп.
Кайра тартып муңканып,
Кысылып ыйлап келатсам.
Асмандан мунар сөгүлдү,
Бир бешиктин ичинен,
Эки бала көрүндү.
Бешиктен жулуп алдым деп,
Куржунума салдым деп,
Бала чунак кеп айтат.
Байкуш карып Каныкей,
Балача ыйлап бакырды,
Көрдүңбү которду заман акырды.
Куржундан бала алган жер,
Олуя заада Каныкей,
Колтугуна салган жер.
Эки бала алган жер,
Эки эмчегин эмизип,
Бооруна баскан жер.
Манастын уулу Семетей,
Баланы барып тапкан жер.
Энекеси Каныкей,
Эркелетип баккан жер.
Алып барып Кеңколго,
Ак боз бээ сойгон жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Атын уйкаш койгон жер.

Канчоро менен Күлчоронун чоңоюшу. Ууга чыгып, мылтык атып, жаа тартып машыгышы.

Семетейдин Шаатемирдин кызы Чачыкейге үйлөнүп Кеңколдо турушу. Семетейге Чынкожо алым бербей, Толтойго барышы, Толтойду көкүтүп көп кол менен Акункандын шаарын камашы. Айчүрөк алты ай уруксат сурап Аккуу кебин кийип Семетейди издеши. Таласты таппай Бээжинге адашып барып Коңурбайды көрөт. Каапырлыгы болбосо тийип алып калааны камоодон бошотсомбу деп ойлонушу.

Акыры Таласка келип Чачыкейге жолугуп күң болоюн деп айтышы.

Чачыкей Айчүрөктү кордошу. Ак чабак болуп, ак була болуп жана Аккуу болуп Семетейге көрүнүшү.

Чачыкейдин Күлчорого кылган амалы. Салбырынга чыккан Семетейдин Ак шумкарын Аккуу болуп алып кетиши. Семетей каарданып Күлчорону Чачыкейге жибериши. Айтпай койгондо, Семетей бажасы менен кайнежесине Күлчорону жибериши. Аларга айтпай койгондо Күлчоронун жинденип Чачыкейден Ак шумкардын дайнын билиши.

## СЕМЕТЕЙ КЫРК ЧОРОСУН КЫРЫП, КАНЫКЕЙ МЕНЕН КЕҢКОЛГО КЕЛИП КАНЧОРО МЕНЕН КҮЛЧОРОНУН АТЫН КОЮП ТУРГАН ЖЕРИ

Калк чогулуп кеп айтып,
Арстан Бакай шер айтып.
Атасы арам кырк баатыр,
Айтышкан антка кабылып,
Адал өлүм табылып.
Кече арстаным Манас барында,
Барысы бирдей шер эле,
Атка минген эр эле.
Айтайын сөздү барың ук,
Кечеги Манасты көргөн баарың ук.
Атасы башка арамдар,
Арам жерден жалгашкан.
Акылы башка адамдар,
Кече Каныкей менен Чыйырды,
Мына Манастан калган жетимче,
Үчөөнү кууду тентитип.
Жараткан кудай жар болуп,
Каракандын шаарына,
Асырап багып чоңойтуп.
Мынабу Манастан калган баланы,
Жаш тайлакча телчитип.
Темиркандын шаарына,
Тентип барып чоңоюп.
Кайра келип калкына,
Арбак конуп оңолуп.
Семетей тентип кеткенде,
Буйругу экен кудайдын.
Буруксуган мен Бакай,
Башына балаа жеткенде.
Башка түштү бенделик.
Өлбөй жүрдүм сенделип,
Кече баатырыңар Манастын,
Абыке тагын менделеп.
Аргын, ногой калган журт,
Башын кармап билди эле.
Кече Манастын көзү өткөн соң,
Букара билип зор болду.
Каныкей менен Чыйырды,
Муңканып ыйлап кор болду.
Медер кылган баласы,
Бу Каныкей байкуштун,
Жүргөнү журтка эм болду.
Мынабу Манастан калган жетимче,
Атасы башка душмандын,
Жүрөгүнө чер болду.
Семетей кайра келгенде,
Манастын тагын бошотуп.
Баары журтум чогулуп,
Балага алып бергенде.
Абыке, Көбөш эки арам,
Санасын бөлүп саргарып.
Манастан калган алтын так,
Бизден тартып алат деп.
Мынабу Бакайды жакшы багат деп.
Кескиленип энеси,
Ар бир түрлүү кеп айтып.
Долулугун койбойт деп,
Биз бул жерге турсак болбойт деп.

Салулуу коргон калаасын,
Сарайын бузуп талкалап.
Какандагы калмакка,
Мен каканга барам деп.
Бээжиндеги калчаны,
Тууган кылып алам деп.
Энекеси долунун,
Баласы тилин алат деп,
Кокустан майып кылып салат деп.
Береги Кеңколдон качып бөлүндү,
Каным агып төгүлдү.
Санаасы башка жаманга,
Жеткирет экен бир кудай.
Кан атам тапкан журтум деп,
Мынабу Манастан калган балага,
Күнү-түнү төрт күнү,
Айкырып жаман ыйлады.
Башын тартса арамга,
Кулагына сыйбады.
Мынабу баатырдан калган балага,
Атамдан калган ушу журт,
Кантип таштап кетем деп.
Күнү-түнү төрт күнү,
Төшөгүнөн турбады.
Биз үчүн ыйлап турат деп,
Мынаке арам канкордун,
Бирөөнүн кулагына сыйбады.
Эл бузулуп кетет деп,
Элчибек менен Кожошту,
Арачы болуп бергин деп,
Сүйгөн атын минсин деп.
Аргын менен ногойду,
Ушул эри билсин деп.
Семетей ыйлап зарлады,
Атамдан калган мураапы.
Как талаада кайгырып,
Тууганымдан айрылып.
Калың элди жыйды эле,
Тууганымды токтот деп.
Элчибек менен Кожошту,
Муну арачы кылды эле.
Арачыга кеп айтып,
Энеси долу жамандын,
Албайбыз тилин деп айтып.
Турбайбыз Кеңкол калаага,
Эрик бербейбиз балага.
Кан куюлсун көзүнөн,
От чагылсын бетинен.
Оолакка оюн салышып,
Бирөө улук, бирөө кан.
Кетебиз деп камынып,
Семетейге таарынып.
Айдатып малды алышып,
Азан-түмөн малды алып,
Алтын-күмүш зарды алып.
Боору суук алты арам,
Аксакалы Абыке.
Андан кийин эр Көбөш,
Андан кийин Манаке.
Ала көөдөн эр Көбөш,
Эл үчүн өскөн эр Медет.
Эл ичинде эр Медет,
Аталыктын балдары.
Көкчөкөздүн тукуму,
Эң кенжеси эр Седет.
Ээ катуу айткан адам жок,
Бейлине шайтан толгондо.
Семетейди зарлантып,
Тилин албай койгондо.
Айдап малды алганда,
Көчүп жолго салганда.
Атамдан калган мурапы,
Айрылып кантип калам деп.
Мынабу турган balaңар,
Көт жагынан баргандар,
Кочкорго барып конуптур.

Эминеге келет деп,
Убаданы бек кылып.
Канкордон калган жангызды,
Ушу жерге соелу.
Энеси долу канчыкты,
Баласын союп өлтүрүп,
Кара чачын жулалы.
Кызыталак Бакайга,
Кылбаганды кылалы.
Кылган иши кудайга,
Эп болбогон арамды.
Семетейди боздотуп,
Өлтүргүлө баланы.
Убадасын токтотуп,
Баабединге дан коюп.
Арбак урган арамдар,
Ай туяктап бээ союп.
Акылды бирге бек кылып,
Адам уккус кеп кылып.
Мынабу Манастан калган балага,
Кайра тартып келатса,
Өлтүрүүгө камынып,
Өзүнөн-өзү чабылып.
Мылтыктарын октошуп,
Убадасын токтотуп.
Кыйгактуу айза сунушуп,
Каны тарткан арамдар,
Семетей менен урушуп.
Астыртан атасынын арбагы,
Үстүнөн жараткан кудай жардамы.
Жазыгы жок балага,
Өзүлөрү кол салып,
Кыргынды көрүп калганы.
Семетей айтат карың ук,
Чогулган калкың баарың ук.
Мобу Манастан калган балаңар,
Кайгырып ыйлап кеп айтат.
Кан атам күткөн журт эле,
Каргага көзүн ойдуруп.
Кара жору, кузгунга,
Мунун кара этине тойдуруп.
Талаага кантип таштайм деп,
Калың элге эп болсо,
Уга турган кеп болсо.
Эл чогултуп алам деп,
Калк чогултуп жыям деп.
Буларга белги кылам деп,
Өлүгүн барып коем деп.
Белги салып келем деп,
Манастан калган балаңар,
Баарыңарга кеп айтат.
Эп болсо элим барсын деп,
Эп көрбөгөн кишилер,
үй-үйүнө калсын деп.
Балаңар айтат кепти деп,
Баарыңарга эппи деп.
Бакай элге жар салды,
Талаага өлүк таштабай,
Көмөм деген жакшы кеп.
Баланын сөзү журтка кеп,
Эр Бакайдан кеп келди.
Аргын, ногой журтунун,
Баарысына эп келди.
Кээ бирөө кеп айтат,
Өзү көрүп өлтүрүп,
Эмине көмөм деп айтат.
Билгендери кеп айтат,
Атасын арбак колдогон,
Атанын жолун жолдогон.
Жаман болбойт деп айтат,
Баланын тилин алалы.
Адилет улук болот го,
Ушу кеби жакшы кеп,
Эл бузулса оңойт го.
Жыртылганды бүтөйт го,
Бузулганды түзөйт го.

Белдүү башка бир байла,
Баланын сөзүн ката деп,
Айылга карап турбайлы.
Бакайдын сөзү эп болуп,
Бала айткан кеп болуп.
Семетей кырган кырк чоро,
Балага арбак конгон жер.
Көтөрмөкө баланы,
Аргын, ногой көп журту,
Баары даяр болгон жер.
Семетей бала келсин деп,
Өзү жооп берсин деп.
Келген журтка эп болуп,
Кулакка жугар кеп болуп.
Семетейди чакыртып,
Акматбек менен абасы,
Бала төрө келсин деп,
Келип жооп берсин деп.
Уламаны караса,
Уккан элдин баарысы.
Семетейди чакыртып,
Кан дүркүрөп топтошуп.
Бала төрө баатырды,
Көрө элеги дагы бар,
Көрөлү деп топтошуп.
Канкордун уулу чунак кул,
Жаткан экен саргайып,
Жаман кырып салдым деп,
Жалгыз өзүм калдым деп.
Бекер кырып салдым деп,
Бейпай болуп калдым деп.
Өз журтумду өлтүрүп,
Өкүм атка кондум деп.
Айланайын абаке,
Өксөм кетет сөөгүмө,
Тирүү жүрсөм көөнүмө.
Жаманатты болдум деп,
Кантип элге барам деп.
Манастын уулу эр жалгыз,
Өз элин кырып өлтүргөн.
Кандай чыккан бапаң деп,
Береги бейталаа өскөн байкушка.
Астында жүргөн абасын.
Элин кырдап алам деп,
Элге болор канча кеп.
Семетей ыйлап саргарып,
Атаңдын көрү дүйнө күн.
Атамдан калган мурапым,
Муну эмине кырдым деп.
Кырып коюп арданып,
Арага барган Акматбек.
Абакең Бакай кеп айтты,
Жаман киши өңдөнүп,
Жатып алган не пайда.
Кырылган элге барам дейт,
Барып сөөгүн алам дейт.
Каргага көзүн ойдурбай,
Жоруга боорун тарттырбай,
Өлүгүн алып көмөм дейт.
Бакайдын сөзү эп болуп,
Калың эл уккан кеп болуп.
Калк чогулуп бармакка,
Окуйлу куран арбакка.
Буту-колун чоелу,
Жаназа окуп коелу.
Сарыкан, Бөкөй эр айтып,
Беккожо, Кожош шер айтып.
Бала төрө келсин дейт,
Аргын, ногой көп журтум,
Элди жыйып алсын дейт.
Эки күндү өткөзбөй,
Кырылган элге барсын дейт.
Өлүгүн алып көмсүн дейт,
Кызматын кылып берсин дейт.
Арстандын уулу баланы,
Акматбек алды аткарып.

Өз элин кырып өлтүргөн,
Бирөө айтса кантем деп,
Бала төрө Семетей,
Ойлоп барат жазганып.
Ошол элдин ичинде,
Калк сураган каны бар,
Эл сураган беги бар.
Маңдайы жарык эчен бар,
Такылдаган чечен бар.
Көптү көргөн көсөм бар,
Көп сүйлөгөн чечен бар.
Камын деген балага,
Болду баары ыраазы.
Арстандын уулу жалгыз эр,
Алда деп атка минген жер.
Жаңы чыккан муруту,
Эрдинде сербейет.
Эмине дейт элим деп,
Семетей өзү делдейет.
Атасы улук Манастын,
Арбагы башка көрүнөт.
Тоногон нардай доңкоюп,
Толук бала көрүнөт.
Атасын тартып болкоюп,
Болук бала көрүнөт.
Караса көздө каары бар,
Баатыр бала көрүнөт.
Сурагы адил эл баккан,
Асыл бала көрүнөт.
Семетей элге барды деп,
Көрө элек журту бар эле.
Кокустан көзү тиет деп,
Чоң энеси Чыйырды.
Өз энеси Каныкей,
Киндигин кескен кер Мукам,
Абайы жаап ат алып,
Курджунга салып бул алып.
Кочуштап дилде чачтырып,
Кожо менен эшенге,
Акыйкат жолун айттырып,
Ай туяк жылкы коштотуп.
Акылы башка Каныкей,
Ошо келген элди токтотуп.
Чылбырын салып монуна,
Алакан жайып кол сунуп.
Манастын уулу Семетей,
Акка мойнун сунган жер.
Баатырдан калган жетимче,
Чогулган элге көрүнүп,
Бата сурап турган жер.
Кары кулак эшендер,
Калк бийлеген чечендер.
Кээ бирөө ойлогон,
Атасы күткөн кырк чоро,
Алы кантип жетти деп,
Кантип кырып кетти деп.
Ишенбеген эшен көп,
Баланы байкап караса.
Маңдайында шамы бар,
Баатыр Манас өңдөнүп,
Атасынын шаңы бар.
Эки көздө калы бар,
Адамдан артык түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар.
Калың эл көрүп жарданат,
Жакаларын карманат.
Эрешен тартып эр болгон,
Тентип келип чоңоюп,
Элине келип тең болгон,
Бендеден пейли кең болгон.
Оомийин деп буркурап,
Ошо кезде балага,
Батасын берип чуркурап.
Сарыкан, Бөкөй кеп айтып,
Саадактуу Бакай кеп айтып.
Алтымыш нарга дан жүктөп,

Кетмен, чотун жыйган жер.
Каныкей менен Чыйырды,
Садага берип турган жер.
Манастын уулу баатырды,
Калаадан элди көчүрүп.
өзүмдүн кунум тийди деп,
Кырк чоро барган жерине,
Калың журтун ээрчитип,
Баштап келди өкүрүп.
Кээ бирөө кеп айтат,
Өзү кырып өлтүрүп,
Эмине кейийт деп айтат.
Айдатып малды алдырып,
Молдого куран окутуп.
Ак боз бээ чалдырып,
Көрүн кенен каздырып.
Жан киши койбой талаага,
Баарын койбой жашырып.
Кээ бирөө кеп айтат,
Атасынын баласы,
Артык болот деп айтып.
Күмбөзүн салып бүтүрүп,
Ошол эр Семетей баатырдын,
Кылганына калың журт,
Баарысы билди түшүнүп.
Темиркандын шаарына,
Тентип барган чагында.
Атасын кызыр колдогон,
Атасынын пирлери,
Жолдош болгон турбайбы.
Адамдан башка жаралып,
Жолборс болгон турбайбы.
Арпанын башы туюктан,
Ак жумуртка уюктан.
Атасы кармап куш кылган,
Артында калган көпөлөк,
Мунун ырысына туш кылган.
Улук болуп журт сурап,
Манастын уулу жалгызы.
Ак шумкар салып бөпөлөп,
Канчоро менен Күлчоро,
Каныкей багып көтөрүп.
Жалгызга жолдош болот деп,
Жылдызы жарык ак маңдай,
Адамдан башка жез таңдай.
Атасы асыл болгон соң,
Айланып арбак конот деп.
Олуя заада Каныкей,
Күлчорону жактырат.
Кишинин тили тиет деп,
Шаарынан бөлдүрүп,
Урумкан кызга бактырып.
Олуя заада Каныкей,
Оюнда ойлоп билчү экен.
Күлчоро деген аты бар,
Өмүрү болсо чоронун,
Шер болот деп жүрчү экен.
Жыл сайын элди жыйчу экен,
Баланын багын ачмакка,
Семетей көөнүн жазмакка,
Садага берип жүрчү экен.
Эми Күлчорону таштайлы,
Канчородон баштайлы.
Өзүбектин Каныбек,
Өткөрө чечен Жаныбек.
Каныкейден кеп сурап,
Ажалдан калган жетимдер,
Мунун кимиси кыйын болот деп.
Замандаш өскөн жан экен,
Билгирлиги бар экен.
Күлчорону көргөзүп,
Бул Акболоттун тукуму.
Адамдан асыл жараткан,
Байгамбар каалап диниң ак.
Жашында минген алтын так,
Бу жалгандын жолборсу.

Асылың султан Манастын,
Акыреттик жолдошу.
Акболоттун тукуму,
Алмамбет менин аяшым,
Алмамбеттин тукуму.
Темине канат болгондо,
Теминип көлгө киргенде.
Тай үйрөтүп мингенде,
Талаага ойноп тай минип,
Оюнпоз болуп жүргөндө.
Маңдайында секелек,
Жаак чачын өрдүрүп.
Саамайына баланын,
Шуру-бермет тактырып.
Кыз өңдөнүп жүрсүн деп,
Бу Каныкей байкуштун,
Баланы Урумканга бактырып.
Кээ бирөө кеп айтып,
Билбей турган эчен бар.
Эне-атасын өлтүрүп,
Баланы эмине багат деп айтып.
Эми Камбардан калган баланы,
Канчоро деп ат койгон.
Акыры кандай болот деп,
Билгиринен Каныкей,
Тартчу экен санааны.
Калк чогулуп келчү экен,
Садага кайыр берчү экен.
Балдарым кандай дечү экен,
Качоронун боруму.
Оңкоро мурун, жаргак көз,
Кабагы бийик кашы сур,
Оң бетинде калы бар.
Кече атасы Камбар шер өткөн,
Кече арстан Манас баатырга,
Жолдош болуп көп өткөн.
Биригишип бир жүргөн,
Бийлик кылып эл билген.
Өз тууганды кас кылган,
Жат тууганды өз кылган.
Мунун баатырлыгы бар эле,
Башкача жүргөн жан эле.
Мына атасынын баласы,
Кабагы бийик кашы сур,
Түрү бөлөк көп элден.
Кече гана Семетей,
Кырк чоросун кырганда,
Кыргын салып турганда.
Жаман кырып салдым деп,
Жалгыз өзүм калдым деп.
Бекер кырып салдым деп,
Бейпайга өзүм калдым деп.
Буурулдун оозун бурганда,
Кырк чородой баатырды,
Кылганы жетип башына,
Бирин койбой кырганда.
Кырып коюп Семетей,
Жалгызмын деп эр ойлоп,
Жаман кылдым деп ойлоп.
Ат жалын тартып өлбөдүм,
Атакем күткөн мурапы,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бирөөнөн тукум көрбөдүм.
Эки бөлөк кум айча,
Эр Семетей жалгызек,
Капталга кайта таянып.
Кабыргасы сөгүлүп,
Канкордон калган чунактын.
Атадан жалгыз мен элем,
Атаны арман дүнүйө,
Атакем күткөн эл элең.
Баарысын шейит кетирдим,
Жалгыз башка иш түшсө,
Тиер беле жардамы.
Баары аңгырап кайтканда,
Мунун колдоор бекен арбагы.

Канча түркүн ой ойлоп,
Атакем күткөн эл эле,
Муну кандай кырдым деп ойлоп.
Жалгыздык түшүп эсине,
Жаман болду деп ойлоп.
Кургак сайдын Кош-Дөбө,
Буга чыгып барды эле.
Кайрылып артын караса,
Айлап багар киши жок.
Жайылган канча жан жатат,
Муруттарын сербейтип.
Өзү өлтүргөн эл жатат,
Ээн талаа, эрме чөл,
Жайылган малды көргөндө,
Жан калбай баарың өлгөндө.
Мууну бошоп болкулдап,
Муңканып ыйлап солкулдап.
Манастын уулу баатырдын,
Жалгыздык түшүп эсине.
Кандай заман, кандай күн,
Кандай каран, кандай түн.
Көңүлү канча бөлүнүп,
Жаркыраган жарык күн,
Түн болгондой көрүнүп.
Алдындагы Буурулду,
Камчыны катуу сала албай.
Кайрылып элге баралбай,
Эч айласын таба албай.
Болкулдап ыйлап Семетей,
Жазгы чыккан чырпыктай.
Солкулдап ыйлап Семетей,
Атамдан калган калың журт,
Жараткан алда бир кудай.
Каргага көзүн ойдурбай,
Жоруга төшүн ойдурбай.
Жараткан алда бир кудай,
Бир өзүңө аманат.
Эңгиреп боздоп жангызек,
Балача бойлоп ичке сай,
Уктап кетип баратат.
Элимди кырып койдум деп,
Энеден жалгыз болдум деп,
Сыздап кетип баратат.
Асмандан булут бөлүнөт,
Булуттан түшкөн ак мөндүр,
Аткан октой төгүлөт.
Буурулдун оозу бурулуп,
Семетей сыздап турганда.
Чыркыраган балдардын,
Ыйлаган үнү угулган.
Көктөн булут бөлүнгөн,
Алтын бешик, сар кундак,
Аркы-терки бөлөнгөн,
Маалына жеткен бир бала,
Кум-Кыянын астында,
Капталынан кан агып,
Маңдайынан тер агып.
Нурданып жүзү көрүнөт,
Найза тийген жараттан,
Кан куюлуп төгүлөт.
Агарып жүзү көрүнөт,
Чоң дарыя аккан суу,
Бойлоп жаткан эмедей.
Жолдошу менен бир жүрүп,
Ойноп жаткан эмедей.
Өзү ургаачы ак маңдай,
Бу кандай болгон адам деп.
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип.
Казасын кудай жеткирген,
Кече канкордун уулу Семетей,
Каарланып турганда,
Ошо калың элди кырганда.
Нурданып нуру көрүнгөн,
Алтын жаап койгондой,
Бетинде болгон кызыл нур,

Белендеп алган алтын кур.
Алмамбет менен мүчөлөш,
Жараткан алда бир кудай,
Буларга өзү никелеш.
Алмамбеттин жолдошу,
Арууке деген жан ошол.
Эр туяксыз өтпөйт деп,
Байгамбардан калган сөз,
Күлчоро деген бала ошол.
Жарадар болуп айза жеп,
Жан кызылып качканда.
Каныкейден кем эмес,
Жаш баланы көтөрүп.
Бооруна кучактап,
Капталынан кан агып,
Агып турат сызылып.
Канчоронун энеси,
Омуроодон аккан кан,
Агып атат бурчактап.
Араң жан болуп селдиреп,
Жарадар болгон Арууке,
Шайымкан жатат алдында.
Бир баланы кучактап.
Бейлине кудай салганы,
Кече өкүм өткөн шерлердин,
Алмамбет менен Чубактын,
Окко учкан Сыргактын.
Энеси өлгөн экөөнүн,
Арбагы колдоп калганы.
Алда таала оң көрүп,
Бир мусулман кабылса,
Бала кылып алар деп.
Маалына жеткен баланы,
Балтыр бешик баланы.
Же усталар жасап койгондой,
Жаратып колго койгондой.
Аруукенин көзүнө,
Бир ак бешик көрүндү.
Ур периште жар болуп,
Баласыз жүргөн ар жан көп.
Бир эр таап алар деп,
Адамдан болгон Арууке,
Эки бирдей баланы,
Аркы-терки бөлөдү,
Бир кашат чаба жөнөдү.
Оозунан түтүн бур этип,
Оозунан чыккан көк түтүн,
Ак мунардай созулду.
Шейит кетип Арууке,
Ак никелеш жолдошу,
Мына Алмамбетке кошулду.
Муңканып үндү салган жер,
Жардамы болуп кудайдын.
Арбагы колдоп Манастын,
Талаада жаткан баланы,
Семетей таап алганы.
Манастан калган балага,
Бактылуу баатыр болсун деп.
Атасынын арбагы,
Нак үстүнө консун деп.
Калк чогулуп кол жайып,
Чачылган элди жыйнасын,
Бөлүнгөн элди курасын.
Өткөн Манас баатырдай,
Калкты кармап сурасын.
Чогулган элден бата алып,
Бата ата болобу,
Өткөн Манас баатырдын.
Артында калган балага,
Канзаада сыймык конгону.
Кадимки Манас барында,
Аргын, ногой болгону.
Эр Семетей атанып,
Сыймыктуу киши болгону.
Арбакты Бакай көп айтып,
Андай болбой, мындай бол,

Семетейге көп айтып.
Кеңколго сыймык келди деп,
Алда таала кудурет,
Атасынын сыймыгын,
Баласына берди деп.
Улук бойдон жүрбөйт деп,
Айта берсе эрмекке.
Арбак конгон балага,
Катын алып бермекке.
Адырдан аркар маараган,
Ар түрлүү малы жайнаган.
Шаатемир деген кан деген,
Ошонун жакшы кызы бар деген.
Айдатып калың мал алып,
Айры өркөчтүү нар алып.
Союшуна бээ алып,
Ак кебез байлап төө алып.
Сарыкан, Бөкөй,эр Бакай,
Шаатемирге барыптыр,
Кудалашып калыптыр.
Дүнүйө, малды алган соң,
Шаатемир кызын бериптир.
Семетейге никелеп,
Элине алып келди деп.
Баатырдын уулу Семетей,
Кайненеси Каныкей,
Манастын баркын билгендей.
Бу Каныкейдин келини,
Баланын баркын билер деп.
Баркын билсе баланын,
Катындан болгон жардамы,
Билгир болсо алганы.
Кече Манас баатырды,
Каныкей, Бакай сурагын.
Кармашкан жоону күрөгөн,
Беттешкен жоону өрт кылган,
Кармашкан жоону кан кылган.
Алган зайбы Каныкей,
Алган байы Манасты,
Күлүк аттай сүрөгөн.
Күрөшө турган жоо болсо,
Каныкей үйүндө жатып тилеген.
Каныкейдей болор деп,
Калк чогулуп, эл келип.
Каныкей, Бакай эки жан,
Келген элге той берип.
Жетим жүргөн Семетей,
Жетилип катын алды деп.
Атасынын жолуна,
Бу Семетей салды деп.
Арстан Бакай кайран эр,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Балага алып берген жер.
Кереметтүү Каныкей,
Келин алып оңолуп.
Орто бойлуу өңү саз,
Кан Манастын шаарына.
Кеңколго тиккен багына,
Кече Манастын салган шаарына.
Эрке болуп эркелеп,
Манастын уулу баатырга.
Кээ бирөөлөр кеп айтып,
Кесирлүү болчу жан экен.
Семетейдин алганы,
Жарабай калды деп айтып.
Уламалар учуртуп,
Улукка тууган шер деген,
Шаатемир кызы Чачыкей.
Семетейге кошулуп,
Карайып киши болгон жер.
Кесирлүү атка конгон жер,
Көрөгөчтөр көргөн жер.
Көптү көргөн Шаакожо,
Аргын, Ногой калың журт,
Баатыр Манас барындай,
Балага сыймык конгон жер.

Каныкейдин кашына,
Чыйырдынын астына,
Шаакожо болуп конгон жер.
Касиеттүү Каныкей,
Ак жибектей бүгүлүп,
Чебеленип жүгүрүп.
Алыстан келген мейман деп,
Кызмат кылса Каныкей.
Шуру бермет тагынып,
Эндик упа жамынып.
Үй айлана жүгүрүп,
Үйгө конок келди деп,
Кызмат кылбай бүгүлүп.
Шаакожо сынчы киши экен,
Улуу заада кишиге,
Жарабай турган жан экен,
Кесирети бар экен.
Журт баштаган кан Бакай,
Карылыкка жеңдирип,
Алжып калган экен деп.
Береги Оогандын каны Акункан,
Көптөн азыз жан эле.
Ошонун жалгыз кызы бар эле.
Арстан Бакай баатырдын,
Жабылганы жазганы.
Ошону алып бербейт деп,
Жаш кезинде бир көрдүм.
Ойноо бала секелек,
Өрүмгө чачы жете элек,
Бешенеси жетелек.
Маңдайы жарык зор кашка,
Байкадым эле баланы,
Бендеден түрү бир башка.
Айдатып малды албайт деп,
Оң бармагын бир тиштеп,
Сол бармагын бир тиштеп.
Акункан менен сүйлөшүп,
Ошонун кызын албайт деп.
Шаакожо туруп ой ойлоп,
Кече Акунга Манас сүйлөшүп,
Алышып койгон колу бар,
Сүйлөшүп жүргөн кеби бар.
Туула элек Семетей,
Алты жашар Айчүрөк.
Акункан менен Манастын,
Экөөнүн бел куда болгон жери бар.
Калың эл айткан кеп болсо,
Каныкей менен Бакайга.
Улуу заада Шаакожо,
Айткан сөзүм эп болсо,
Каныкей менен Бакайга.
Айдап малды алсын деп,
Акунканга барсын деп.
Баласын алып келсин деп,
Кандыра Каным берсин деп.
Ошо Акункандын жалгыз кыз,
Мынабу кан Семетей балага,
Жаш кезинде бир көрдүм,
Жолдош болчу жан эле,
Ошонун керемети бар эле.
Каныкей менен Бакайды,
Башка жолго салыпсың,
Кесирлүү келин алыпсың.
Бөлөк жолго салыпсың,
Манастан калган балага,
Бөлөк келин алыпсың.
Менин тилим алсаңар,
Кече уктум эле карыдан.
Кече мусулманды кураган,
Дин мусулман бендеден,
Башын кармап сураган.
Бу Каныкей алганы,
Арка чачын өрө элек,
Манас менен Каныкей,
Парзандын жүзүн көрө элек.
Береги оогандын  каны Акунга,

Кудайы берер бекен деп.
Улуктардан кеп уктум,
Өткөн Манас шер баатыр,
Алты жашар балага,
Бел куда болгон деп уктум.
Арстан Манас баатырдын,
Арбактуу Манас асылдын.
Айтышкан сөзүн таштабай,
Кан Акунга баргыла.
Акункандын жалгыз кыз,
Келин кылып алгыла.
Каныкей менен Бакайга,
Кан Шаакожо кеп айтып,
Кайра, кайра көп айтып.
Арстан Бакай кайран эр,
Береги турган баланын,
Балтыр эти толо элек,
Акункан деген улук кан,
Барар маалы боло элек.
Кой Шаакожо кебинди,
Акункан сенин кайның деп.
Айчүрөк деген зайбың деп,
Билгизбейбиз дайнын деп.
Шаакожо айтса болбоду,
Эр Бакай болбой койгону.
Ажалдан калган жетимди,
Ак боз бээ сойдурган,
Атын уйкаш койдурган.
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен.
Каныкей болгон энеси,
Оңсо менен жыттаткан.
Орто төшкө уктаткан.
Акса менен жыттаткан,
Айры төшкө уктаткан.
Уядан учкан балапан,
Канаттарын тарайт деп.
Арта тууган атадан,
Ар түрлүү ишке жарайт деп.
Маңдайы жарык зор кашка,
Күлчоро түрү бир башка.
Жазык маңдай, жаргак көз,
Канчоро түрү бир башка.
Балакатка жеткенде,
Адам болуп чоңойсо,
Өзүңдөй болгон жалгызга,
Өлбөсө жолдош болот деп.
Алакан тайкы кол ачык,
Адамдан башка жолу ачык.
Кылычты илип билекке,
Жеткирсе кудай тилекке.
Маңдайына бак берсе,
Бала жинди атыгат.
Мылтык атып, жаа тартып,
Мерген болуп катыгат.
Энекеси Каныкей,
Урумканга бактырып,
Айткан экен тапшырып.
Булгун, буулум бул берип,
Айры өркөчтүү нар берип,
Алтын, күмүш зар берип.
Адамдын тилин тийгизбе,
Кишиге дайнын билгизбе.
Оюнга чыкса ойнотуп,
Ыйлап калса сооротуп.
Тентек өсөр бекен деп,
Тентек болду балаң деп,
Угасың элден эчен кеп.
Тентектик кылса какпа деп,
Кокустан башка чаппа деп.
Улуу кары кеп айтса,
Кайдагы бала деп айтса.
Кагылайын Урумкан,
Белиме тасма буудум де.
Бообектин уулу Көктемир,
Мен ошондон туудум де.

Көктемир жайын айтайын,
Колунда болот бир таяк,
Көптөн башка салтаяк.
Талаалап жүрөт эл көрбөйт,
Адамдын көбүн ал сүйбөйт.
Басып үйгө да кирбейт,
Астына кайып топтошот,
Асага бирге кол берген,
Азирет аппак жол берген.
Колдогону бир башка,
Мынабу багып турган баланы,
Басып келсе үйүңө,
Кармап колдон алат деп,
Кайберен жолго салат деп.
Бир колдогон жан эле,
Бир кудай өзү билгизген.
Күңгүрөнүп сүйлөгөн,
Билими башка бар эле.
Каныкей кайып таптырып,
Күлчоро деген баланы,
Урумканга бактырып.
Экиден жашы өткөндө,
Үчкө кадам койгондо,
Үчкө жашы оогондо.
Каныкей, Бакай сүйлөшүп,
Ошондо алды колуна.
Бир кудай салат оңуна,
Абасы салат жолуна.
Ойноп жолго чыкканда,
Мунуң мерген болсун деп,
Жыгач ийип жаа берип,
Чийден жасап ок берип,
Жаа тарттырып үйрөтүп.
Үчкө жашы жетелек,
Арстан Бакай абасы,
Алып жүрүп жетелеп.
Кеңколдун боюн бойлотуп,
Менин балам мерген деп,
Жаа тарттырып ойнотуп.
Жаа тартып маш болуп,
Чымчык атып маш болуп.
Өлбөсө мерген болот деп,
Мерген бала атыгып.
Үчкө жашы толгондо,
Каныкей, Бакай сүйлөшүп.
Элге кабар салдырып,
Эшен, молдо алдырып.
Калкка кабар салдырып,
Улама кары алдырып.
Ак боз бээ, тай союп,
Ак сары башыл кой союп.
Айры өркөчтүү нар союп,
Ай мүйүздүү уй союп.
Бу Каныкей, Бакайга,
Жараткан кудай ой берип.
Калың журтка той берип,
Сүрүнөткө тургузуп,
Шарыятка сыйдырып.
Бу Каныкей баккан бала деп,
Билгендери кеп айтып.
Кече кырк чорону кырганда,
Ошондо ажалдан калган бала деп.
Билбегендер кеп айтат.
Кой кайтарган койчулар,
Балта, керки колго алып.
Отун алган жерлерден,
Талаага тууган бала деп,
Асыл Бакай кайран шер.
Күкүк менен Сейнептей,
Үн алышып өссүн деп.
Жагалмай менен кыргыйдай,
Түр алышып өссүн деп.
Канчорого жаа берсе,
Күлчородой аталбайт.
Алтын жака, жез мүчө,
Олуя заада Каныкей,

Күрөштүрүп ойнотсо,
Өзүнөн кичүү балага,
Алы жетпейт Канчоро.
Менин балдарым балбан болот деп,
Машыктырат Каныкей.
Эти катуу болсун деп,
Катыктырат Каныкей.
Канчоро деген баланын,
Онкор мурун, жаргак көз,
Бою бийик өңү саз.
Канчоро түрү бир башка.
Маңдайы жарык, ачык көз,
Эки каштын ортодо,
Байкаган киши билчү экен,
Басып койгон мөөрү бар.
Айры шили желкеде,
Тагып койгон белги бар,
Башка адам билчү эмес.
Каныкейден башка адам,
Бирөө байкап көрчү эмес.
Бу Күлчоро түрү бир башка,
Эл чогулуп той берип,
Калк чогулуп кол берип.
Арстан тууган Бакайга,
Азаада тууган Каныкей,
Алда таала жол берип.
Үчтөн жашы өткөндө,
Төрткө жакын жеткенде.
Акылман тууган эчендер,
Айылдан чыккан көсөмдөр.
Уламалар кеп айтып,
Каныкей баккан бу балдар,
Калың журттун ичинде,
Бу балдар өңдүү эчен бар.
Балдарда белги бар экен,
Билген экен Каныкей,
Улук болчу жан экен.
Төрткө жашы толгондо,
Бешке чыгып Канчоро,
Төрткө чыгып Күлчоро.
Таластын суусун бойлотуп,
Тай мингизип ойнотуп,
Кеңколдун боюн бойлотуп.
Алып чыгып экөөнү,
Ээн жерге ойнотуп.
Каныкей, Бакай эки жан,
Атадан жалгыз Семетей,
Арка болуп берет деп.
Алдалап атка мингенде.
Алдадан болсо жардамы,
Колдой жүрөр бекен деп,
Атасынын арбагы.
Баладан башка машыгып,
Каныкей баккан эки жаш,
Тай үйрөтүп катыгып.
Алтындан жаа жасатып,
Жаасына ок берип.
Айланып учкан канаттуу,
Жаа менен тарттырып,
Канаттуудан аттырып.
Эки бирдей баланы,
Жаа тарттырып маш кылып.
Канчородой баланын,
Төрттөн жашы өткөндө,
Бешке жашы жеткенде.
Күлчородой баланын,
Жашы төрткө толгондо.
Көчөгө салып ойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп.
Шаарга азиз болсун деп,
Балдарды бакка чыгарып,
Байкаган киши кубанып,
Машыктырды кан Бакай.
Адегенде жаа берип,
Атыктырды кан Бакай.
Канчоро деген баланы,

Алтыдан жашы өткөндө,
Жетиге жашы жеткенде,
Молдого берип окутуп.
Канчоро менен Күлчоро,
Арабыча кат окуп,
Ак куранды жат окуп.
Илим жолун билишип,
Куран окуп жарышып.
Молдодон сооп алышып.
Кожо менен молдого,
Канчоро менен Күлчоро,
Жол талашып кеп айтып.
Шарыят жолу мындай деп,
Молдолорго бек айтып.
Адис окуп, көп сүйлөп,
Даана болду жетимдер.
Каныкей баккан эки жаш,
Молдолорго жол бербей,
Шарыят кор болду деп,
Ала-сала кеп айтат.
Алчактатып Каныкей,
Балдарды жаман үйрөтүп,
Тентек кылды деп айтат.
Тентек бала оңобу,
Ушу бойдон чоңойсо,
Калк аралап эл билсе,
Калк ичинде бул жүрсө.
Эр өлтүрүп бул экөө,
Эмгекке тууган байкушту,
Зыянкор кылып коебу.
Арстан Бакай абасы,
Күлчородой баланы,
Кан Бакай колго алыптыр.
Канчоро деген баланы,
Каныкей багып калыптыр.
Бакай алган баланы,
Ааламдан чыккан айлакер,
Дин мусулман журтуна,
Жараткан берген байдакер.
Колуна алган балага,
Кололоп кийим кийгизип,
Жоргодон тандап мингизип,
Ар түрлүү тилди билгизип.
Балага жорго токутуп,
Абасы Бакай кайран жан,
Башкача жолду окутуп.
Бакайдын жолун ким билет,
Олуя заада кан Бакай,
Он эки түрлүү тил билет.
Алда деп атка мингизип,
Тумандын тилин билгизип,
Жайчы кылды чорону.
Ар түрлүү жолду үйрөтүп,
Чечен кылды чорону.
Качырган жандан качпаган,
Кайрылып тизгин тартпаган,
Көсөм кылды чорону.
Сөзүнө адам эриген,
Чечен кылды чорону.
Жол чалышып, жер каргып,
Көсөм кылды чорону.
Баатырдын уулу Семетей,
Эки бирдей бөбөгү,
Бу Семетейдин жөлөгү.
Күлчорого Каныкей,
Айчыктап алтын бастырып.
Маңдайында секелек,
Эшенге тумар жаздырып.
Атка минип эрбейип,
Эки бирдей баланын,
Саамайлары сербейип.
Булкунтуп буудан мингизип,
Буталап мынтык аттырып.
Эки бирдей баланы,
Ар түрлүү ишке маш кылып.
Жаш кулундай телчитип,

Манастын уулу Семетей,
Жолдош кылып ээрчитип.
Адам кылып оңолтуп,
Энекеси Каныкей,
Ардактаптап багып чоңойтуп.
Атактуу мерген болсун деп,
Жебесине ок берип,
Милтесине от берип.
Жебелеп жаа тарттырып,
Кош колдоп мылтык аттырып.
Ат миргизип ойнотуп,
Ар түрлүү жолго маш кылып.
Атка тердик салдырып,
Атка минсе эки кул,
Жолго салып жарышып.
Үзөңгүлөр кагышып,
Кылычты берип кынына,
Айбалта байлап жанына,
Мылтыкты асып далыга.
Заманалуу күн болсо,
Атка минип машыгып.
Жол чалуучу болсун деп,
Найза сунуп катыгып.
Жоо саюучу болсун деп,
Ар түрлүү ишке көндүрүп.
Түнүңкүсүн болгондо,
Бир төшөккө жаткырып.
Күндүзгүсүн болгондо,
Жол көргөзүп маш кылып.
Энекеси Каныкей,
Балдарына көргөзүп.
Элеңге көзүң салба деп,
Кыздарга жакын барба деп.
Атка минип жол салса,
Талаага уктап калба деп.
Аргын, ногой журтуна,
Маана болду жетимдер.
Ар түрлүү ишке машыгып,
Даана болду жетимдер.
Кыргыйды колго алышып,
Бөпөлөп кыргый салышып.
Кара жолду чаңдатып,
Эки чунак жетим кул,
Талаага чыгып кармашып.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып урушуп.
Машыгышты эки кул,
Айбалта сандан алышып.
Каныкей берген калканды,
Жара-жара чабышып.
Ат тизгинин бурушуп,
Качырып жоого тийгендей.
Катуу ойнойт жулушуп,
Буудандын оозун бурушуп.
Өлүшүп калчу немедей,
Булкушуп ойнойт урушуп.
Бойго кийген буюмду,
Кебездердей булайтып.
Кандагай берсе көтүнө,
Бүгүшүнөн бөлүнтүп.
Жекесан берсе көтүнө,
Тигишинен сөгүлтүп.
Кийим берсе ийнине,
Жулуп-булуп бөлүнтүп.
Тентек болуп эки кул,
Энекеси Каныкей,
Ар түрлүү кийим кийгизип,
Ар кайсы ишти билгизип.
Сай кылып аттан мингизип,
Мойнуна тумар тактырып.
Кереметтүү Каныкей,
Ырым кылып бактырып.
Эрбейип атка мингенде,
Эр Семетей баатырга,
Каныкей, Бакай көп айтып.
Мынабу эки бирдей бөбөгүң,

Ээрчитип жүргүн деп айтып.
Молдодон окуп чоңоюп,
Мылтык атып машыгып,
Атка минип катыгып.
Манастын уулу Семетей,
Башта жолдош алчу экен.
Алыска барса Семетей,
Кырк жигит алып барчу экен.
Такка отурса Семетей,
Бирге отуруп, бир туруп.
Жоодору эшен билчү экен.
Калемди колго алганда,
Күлчоро менен Канчоро,
Катчы болуп калганда.
Оң жагында Күлчоро,
Сол жагында Канчоро,
Сурак кылса Семетей,
Маңдайында турчу экен.
Күндүзгүсүн Семетей,
Жанынан алып олтуруп,
Катчы кылып үйрөтүп.
Түнкүсүн Семетей,
Жер каргытып жол чалып,
Атчы кылып үйрөтүп.
Акшумкар салса бөпөлөп,
Эки кул деп ээрчитип,
Жолдош кылып алчу экен.
Канаттуу этин жеймин деп,
Эрке катын Чачыкей,
Астына куржун салчу экен.
Өрдөк, чүрөк, кууларды,
Кашкалдак менен каздарды,
Жеңекем сактап жесин деп.
Кекилик менен чилдерди,
Эти таттуу болот деп,
Бөлүп-бөлүп алчу экен.
Басып жүргөн жандарды,
Коен менен текени,
Жейрен менен уларды.
Табына келген шумкарды,
Илбесинге илдирип,
Майда жанды алдырып.
Мына мындай салгын деп,
Колундагы шумкарды,
Балдарына салдырып.
Манастын уулу Семетей.
Катыгып балдар чоңоюп,
Жаныма жолдош болду деп.
Семетей такка мингенде,
Тентип элге келгенде.
Кече калк чогулуп той берип,
Кошомат айтып кол берип.
Келбей койгон Чынкожо.
Тентип жүрүп чоңоюп,
Мага салык салат деп.
Селейип такка мингенсип,
Мага алман бергин деп.
Алман салып башыма,
Алгысы келет бул эсел.
Аргын менен ногойдон,
Мага ар түрлүү алман салышты.
Ногойдон чыгып бөлүнүп,
Жайынкысын болгондо,
Жайлоосун бөлүп Чынкожо.
Кышынкысын болгондо,
Кыштоосун бөлүп Чыңкожо.
Семетейдин астына,
Кошо айтышып келген жок.
Аргын Манас баатырга,
Жарты тыйын берген жок.
Алакөөдөн эселдин,
Ар түрлүү кылып алманды,
Алгысы келет булардан.
Алманын берсем колуна,
Түрлүү-түрлүү салыкты,
Салгысы келет бул дардаң.

Же жанында жүргөн тууган жок,
Манастан калган зоотту,
Кийгиси келет бу дардаң.
Ат боройду колго алып,
Билгиси келет бу дардаң.
Тентигенин билбейт деп,
Атабыз бирге тең тууган.
Улуксуп боюн көтүрүп,
Мени тууган көрбөйт деп.
Манастын уулу Семетей,
Арачыдан кеп угат.
Арстандын уулу баатырга,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Касты чыгат деп угат,
Ушакчыдан  кеп угат.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бул душман чыгат деп угат.
Семетейден өөдөсүп,
Дардаңга сурак бербейм деп.
Жан кишиге билгизбей,
Жакынына көргөзбөй,
Аскерди жыйнап камынат.
Кече Манас менен бир жүрсөм,
Бары жолду мен билсем.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Шаатемир менен Чынкожо,
Экөө акыреттик дос эле.
Чачыкейди алат деп,
Бой көтөрүп буларга.
Аргын менен ногойду,
Бийлегенсип жүрөт деп,
Мени кантип билет деп.
Ындыстан деген шаардан,
Каны менен дос болуп,
Көптү көргөн Чынкожо.
Мылтыктын үнүн укканда,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн.
Адамдын үнү чыкканда,
Ындыстандын канынан,
Каалап алды Каратты.
Карат учкан канаттуу,
Каратты колго алган жер.
Атактуу тууган Чынкожо,
Семетейге баш ийбей,
Өзүнчө болуп калган жер.
Семетей элден кеп угуп,
Эки кулга кеп айтып.
Чынкожонун элине,
Барып келгин деп айтып.
Алты жыл болду келбейт деп,
Алман салсам бербейт деп.
Алты жылда алманды,
Алып келгин деп айтып.
Аргын, ногой калың журт,
Ат жетпеген жөөсү бар,
Аш жетпеген ачы бар.
Короолотуп кой берсин,
Төрт түлүктүү мал берсин.
Жүктөөрүнө төө берсин,
Союшуна бээ берсин.
Саанына уй берсин,
Эки жетим жиндини,
Карала кагаз кат жазып,
Эки бирдей жиндини,
Барып кел деп атказып.
Ушу салган салыкты,
Алып кел деп атказып.
Канчоро менен Күлчоро,
Аттанып жолго салышты.
Атактуу тууган Чынкожо,
Айылына барышты.
Шаарына барганда,
Жоо-жарагы колунда,
Бой тумары мойнунда.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап.

Алмабаш мылтык асынып,
Казатка барчу немедей.
Ок-дарыны мол алып,
Алган экен артынып.
Окшош атты мингизип,
Окшош кийим кийгизип.
Чынкожого баргын деп,
Жооп берсе Чынкожо,
Акырын сүйлөп жай кел деп.
Чынкожо жооп бербесе,
Алман салсам берген жок.
Найза сайып, туу жайып,
Айтканыма көнбөсө,
Алманымды бербесе.
Чыгышар жерин айтсын деп,
Аскер алып, кол курап,
Урушар жерин айтсын деп.
Жанагы кагазына жазыптыр,
Ошону кан Семетей айтыптыр.
Бу Семетей улук болгондо,
Чынкожонун элине,
Желип желдет келген жок,
Бастырып аскер барган жок.
Бой көтөрүп Чынкожо,
Салыгын тактап берген жок.
Семетейден өөдөсүп,
Жарты тыйын берген жок.
Шабырдагы балыктай,
Жаркылдаган жиндилер.
Айбалта менен кылычтай,
Жаркылдаган жиндилер.
Чынкожодой баатырдын,
Эшигин киши ачпаган,
Изин киши баспаган.
Оор эшик дарбаза.
Түшө калып буудандан,
Аттарын байлай салышып.
Эки окшош жаш бала,
Чынкожонун сарайга,
Экөө басып барышып.
Бир жагында беш молдо,
Бир жагында он солдат,
Жоокер киши өңдөнүп.
Жаткан экен Чынкожо,
Эшикти кандай ачты деп,
Уруксаатсыз келет деп.
Чынкожо баатыр караса,
Каныкей баккан эки кул.
Сары моюн коендой,
Канчоро кирди астынан,
Күлчоро кирди көтүнөн.
Кылычтары колунда,
Балталары санында.
Колоктору койнунда,
Тумарлары мойнунда.
Эки кул кирип барганда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Эт жүрөгү сезген жер,
Эси чыгып кеткен жер.
Боконо жүрөк болк этип,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки кул кирип барганда,
Чочуп кетти солк этип.
Оюна кетип Чынкожо,
Эки жетим баланы,
Адеби жок өстүрүп.
Бул эшикке келгенде,
Камчысын сүйрөп кирет деп.
Жоо-жарагын колго алып,
Кишинин баркын билбейт деп.
Семетей айткан кеби бар,
Кески энеси үйрөтүп.
Жоонун мизин майтарып,
Кайратту болуп жүргүн деп.
Кан үйүнө барсаңар,
Тартынбай үйгө киргин деп.

Чынкожо ойлоп бир сөздү,
Билбеген киши өңдөнүп.
Камчы сүйрөп кирдиңер,
Кайдан келген балдарсың,
Кайсы элден келдиңер.
Силерди байкап карасам,
Саамайыңар өрүлөт.
Ойноо бала өңдөнүп,
Борумуңар көрүнөт.
Асынганың Алмабаш,
Байланганың нар кесме.
Жаныңарда балта бар,
Жооп берип кайткыла.
Адеби жок экенсиң,
Токтоп турбай кайткыла.
Ошондо чунак Күлчоро,
Чынкожо айткан кебине,
Эргул турат арыгып,
Жооп берди камынып.
Айылдын жайын сурайсың,
Айылсыз киши дейсиңби,
Менин айлымдан кайгы жейсиңби.
Элимдин жайын сурайсың,
Элсиз киши дейсиңби.
Менин элимден кайгы жейсиңби.
Менин дайным сурасаң,
Семетейдин иниси,
Мунун дайнын сурасаң,
Иниси эмей кимиси.
Тактап уккун атымды,
Билесиң анан баркымды.
Менин атым Күлчоро,
Мунун аты Канчоро.
Алты жылдык алман бар,
Алман бербей калгандар.
Алманымды бербесең,
Калк чогултуп эл жыйып,
Айтканымды бербесең.
Эр Семетей агама,
Бет алышып сүйлөшүп,
Саламдашып жүрбөйсүң.
Кишинин баркын билбейсиң,
Бой көтөрүп чоңсунуп,
Атырылып сүйлөйсүң.
Бу кагазда жазган деп,
Ичинде катты окусаң,
Жообуңду анан айткын деп,
өкүм өскөн жетим кул.
Улуксунган Чынкожо,
Айтканыма көнбөсөң,
Алманымды бербесең.
Элиңди жыйып күтүнгүн,
Менин абам Семетей,
Катын окуп түшүнгүн,
Кагазды берди колуна.
Чынкожонун жолдошу,
Акылы терең жан эле,
Дөөткул деген бар эле.
Дөөткулду чакыртып,
Дөөткул баатыр келсин деп,
Балдардын түрүн көрсүн деп,
Келип жооп берсин деп.
Баатыр өскөн Чынкожо,
Балдарды байкап караса,
Адамдан түрү бир башка.
Ушундай эки бала келди деп,
Кайдан келген дайны жок.
Катуу-катуу кеп айтат,
Калк чогултуп, эл жыйып,
Менин айтканымды бергин деп.
Айтканымды бербесең,
Бир кызыкты көрдүң деп.
Эшенбек деген бир жигит,
Дөөткулга кеп айтып,
Чынкожо келсин деп айтып.
Көрдүк бала баатырды,

Чынкожо сизди чакырды.
Батыраак атка миниңиз,
Дөөткул аба жүрүңүз.
Эшенбекке кеп айтып,
Оозуң бузук, кебиң суук,
Сен эмине дейсиң деп айтып.
Атты шаша токунуп,
Балдардын жайын сураса,
Каныкей баккан жетимдер,
Жетилип калган экен деп.
Семетей салган салыкты,
Чынкожонун бербегени бекер деп.
Канга суусап кесенген,
Кан ичменин тукуму.
Эки чоро чоңоюп,
Атка минген шукулдуу.
Жаш балдар келип кеп айтса,
Алмамды бергин деп айтса.
Каныкей, Бакай той кылып,
Ак боз бээ, тай союп,
Ак сары башыл кой союп.
Сарала жылкы мал союп,
Садагага мал коюп,
Тасторконго дан коюп.
Ойлоп билет Дөөткул,
Тандап жылкы сойдурган.
Талаадан тапкан балдарды,
Канчоро менен Күлчоро,
Атын уйкаш койдурган.
Темене канат болгон го,
Теңдүү жолго салган го.
Эки бала чоңоюп,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр кишиге тең болуп.
Улук салган алманды,
Тең туугансып эрдешип,
Бербегени бекер деп.
Эки бала жетилип,
Чоңоюп калган экен деп.
Дөөткул атка минди эми,
Атка катуу жүрдү эми,
Басып үйгө кирди эми.
Бир атадан куугандай,
Бир эне эгиз туугандай.
Алма баштуу кең көөдөн,
Эки бала көрүнөт,
Алда таала жол берип.
Кичи пейил эки жаш,
Тура калып ордунан,
Дөөткулга кол берип.
Дөөткул эшик ачканда,
Төр талашып басканда.
Канчоро менен Күлчоро,
Тура калып ордунан,
Колун алып бооруна,
Кол кармашып көрүшүп.
Күлчоронун колунан,
Чоң атасы чапкан жолунан.
Күлчоро колун кармаса,
Балтадан калган тукум деп.
Айланса болот кудайдан,
Алмамдан калган тукум деп.
Оң колунан бир кармап,
Сол колунан бир кармап,
Оң бетинен сүйдү эми.
Баланын бетин сүйөт деп,
Эркин жүрөк, кең көөдөн,
Одураңдап бек тиктеп.
Оң муруту оюлду,
Баланы беттен сүйөт деп.
Бу Чынкожо баатырга,
Дөөткул жаман көрүндү.
Ошо барган эки кул,
Белинен белбоо чече элек,
Экөө тамак ичелек.
Кайраттанат Күлчоро,

Ээрдин тиштеп, көз кысып,
Кагып коет Канчоро.
Ошо келген Дөөткул,
Чынкожодон кеп сурайт.
Мынабу турган эки жаш,
Билбеген киши өңдөнүп,
Кайдан келди деп сурайт.
Талас, Кеңкол жайык жер,
Жеринен келген балдар деп.
Кан Манастын баласы,
Такка отуруп эл билип.
Айдан, айдан ай өтүп,
Ай эсеби канча өтүп.
Күндөн, күндөн күн өтүп,
Күн эсеби канча өтүп.
Абакем салган алман деп,
Алмам бербей Чынкожо,
Алты жылга калган деп.
Алты жылдык салыкты,
Азыр алып келгин деп,
Алманымды бергин деп.
Чынкожодой баатырга,
Айткан экен Күлчоро.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Эмине алман деп айтат.
Дөөткул келип кеп сурайт,
Балдар эмине келдиң деп сурайт.
Эр Канчоро кеп айтат,
Биздин жайды сурасаң,
Кеңколго салган тамы бар,
Керектүү Бакай аба бар,
Семетей деген аба бар.
Мен Керкашка оозун кербейм деп,
Алман төгүп бербейм деп.
Алман алчу кишиге,
Чынкожо айткан кеби бар.
Анда акылы бар Дөөткул,
Алты жылдык алманды,
Азыр алып келе албайт,
Калк чогултуп бере албайт.
Жаңы салган салыкты,
Колуңарга алгыла,
Айлыңарга баргыла.
Эки бирдей баланы,
Түрү башка экен деп.
Мынабу кичинекей баланын,
Сүрү башка экен деп.
Канкордун уулу Семетей,
Оюна акыл толтуруп,
Семетей ойлоп олтуруп.
Эки окшошкон инисин,
Алмакеч кылып жиберип,
Айткан экен Семетей.
Алманымды берсин деп,
Айтканыма көнсүн деп.
Алманымы бербесе,
Айтканыма көнбөсө.
Ак асаба, кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн деп.
Баатырсыган Чынкожо,
Айылын чаңдан бөлсүн деп.
Акылы толук Дөөткул,
Ойсуп бөлө билбейсиң.
Манастын уулу Семетей,
Биргелешип жүрбөйсүң.
Мен айтайын тилимди ал,
Канатын жайып айланып,
Уча турган кези ошол.
Береги эки бирдей жаш бала,
Балтыр эти толгондо,
Басташып киши жеңе албайт.
Булчуң эти катканда,
Булкунтуп буудан мингенде,
Чакмак бети катканда,
Чалышып киши чак келбейт.
Бой көтөрбө бекерге,

Каарына сен тийсең,
Кармап алат өзүңдү.
Уктуң беле сөзүмдү,
Азыр кыскын жөнүңдү.
Менин тилим албасаң,
Семетей салган салыкты,
Бербеймин деп ойлонбо.
Урушсаң уят болосуң,
Кармашсаң кордук көрөсүң,
Бөөдөсүнөн өлөсүң.
Кече атасы Манас барында,
Ат кошчу болуп жүргөнсүң,
Манастын баркын билгенсиң.
Кой Чынкожо тилимди ал.
Менин тилим сен алсаң,
Мен жүрөйүн арага,
Айтайын келген балага.
Менин тилим албасаң,
Каласың бир күн талаада.
Өчөлөнүп келгенде,
Өз атасын сойду эле,
Өкүм атка конду эле.
Кыйыктанып калганда,
Кыйры менен кырк чоро,
Көчүп жолго салганда,
Көт жагынан барды эле.
Атын тартып зарылса,
Атамдан калган мурапы,
Айрылбайм деп жалынса.
Атакем тапкан калкымды,
Кетиргин ичте дартымды,
Кайра көчүп баргын деп.
Жесир жеңең Каныкей,
Каалasaңар алгын деп.
Кайра тартып барбаса,
Мен да кошо кетем деп,
Итче ээрчип барам деп.
Мен силерден айрылып,
Как талаада кайгырып,
Кантип жалгыз калам деп.
Оң бөйрөгүн таянып,
Оң көзүнөн кан агып.
Сол бөйрөгүн таянып,
Сол көзүнөн жаш агып.
Атадан жалгаз калгыча,
Алда таала кудурет,
Алып койсо не болот.
Эмгектүү башка иш түшүп,
Манастын уулу Семетей,
Бакырып ыйлап бүктүшүп.
Айланып тилин алган жок,
Адамдан башка колу шок.
Ажал жетип күн бүтүп,
Абыке буйла чойгондо,
Эр Көбөш болбой койгондо.
Манастын уулу Семетей,
Буркурап ыйлап кайтканда.
Кырк чоро чыгып топтошуп,
Кылымды чаап алчудай,
Мылтыктарын октошуп.
Каражолтой дардаңды,
Айзанын учун майлайлы,
Семетейди жайлайлы.
Жайлап коюп дардаңды,
Кайрылып Талас коного,
Кадимкидей бололу.
Текебер кылып кууганды,
Ушу бала төрө чунакты,
Өлтүрмөк болуп турганда,
Ак була тону созулган,
Атасы Манас арбагы,
Алдадан болуп жардамы.
Азирет болуп жолдошу,
Арбактар болгон колдоочу.
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону кырды эле,

Кыйык атка конду эле.
Ошондо өкүмдөн калган эки жаш,
Каныкей багып чоңойтуп.
Темене канат болуптур,
Теңдешип жоого тийгендей.
Азыр эки бала өзү жаш,
Кой Чынкожо тилимди ал.
Кайрат кылып комдонбо,
Кармашам деп ойлонбо.
Бекер торго чалынба,
Манастын уулу балага.
Каарына калып кабышпа,
Канча айтса болбоду,
Чынкожо болбой койгону.
Айткан тилди албастан,
Канкордун уулу кан ичме,
Каарына кабылба.
Арстан тууган Чынкожо,
Мени айтпай койду деп,
Акыры мага таарынба.
Алакан тайкы кол ачык,
Ар кандай ишке жол ачык.
Үстүртөн кудай оңдогон,
Астыртан арбак жөлөгөн.
Кой Чынкожо тилимди ал,
Дөөткул айтса болбоду,
Болбой мойнун толгоду.
Дөөткул кайра кеп айтты,
Жанагы келген жаш балдар,
Бирөө кабагы бийик, жаргак көз,
Кан ичме болчу бала экен.
Бирөө маңдайы жарык кең соору,
Баатырлыкка жаралган,
Башкача чыккан бала экен.
Бу Семетей дардаңдын,
Эки бала жетилсе,
Тиштегени ок болот,
Мунун тиктегени жок болот.
Мунун кармаганы ок болот,
Мунун караганы жок болот.
Көзү кызыл өрт экен,
Көрдүм эле баатырды.
Маңдайы жарык зор кашка,
Баланын түрү бир башка.
Манастын уулу дардаңга,
Аркалашып конгун деп,
Агарып тууган болгун деп.
Кол кармашып жүргүн деп,
Менин айтканымды билгин деп.
Бой көтөрүп чоңсунсаң,
Жанагы аңга тууган баланы,
Кол кармашып жүрбөсөң.
Абириңди кетирет,
Жаккан отуң өчүрөт,
Жайлоодон элиң көчүрөт.
Кылычын канга боечу,
Кылганын кудай оңочу.
Кылымды кармап сураган,
Атагы калган Манаска,
Мусулман башын кураган.
Орустун каны Кантемир,
Ошону билген жан эле.
Кокон менен Бээжинди,
Башын кармап сураган,
Байгамбар чалыш бар эле.
Болоттон калган тукум деп,
Жанагы караса көздөн кан тамган.
Байкасаң боло Чынкожо,
Адамзат бендеден,
Артык тууган Алмамбет,
Ошондон калган бала эле.
Ар кандай иши эп болот,
Буга пейли кара ичи тар,
Кабылган киши мерт болот.
Кечеги Манас барында,
Жүрдүң бирге жанында.

Манастын баркын билбейсиң,
Манастан калган балага,
Теңдешип жүрүп өтөм деп,
Шыгайдын элин бөлөсүң.
Тил албасаң Чынкожо,
Бир күнү как ошондон өлөсүң.
Эр Чынкожо баатыркан,
Арам акыл ой ойлоп,
Ар кандай ишти көп ойлоп,
Дөөткулга кеп айтып.
Айтканың туура анык сөз,
Сенин айтканыңды билейин.
Чынкожо менен Дөөткул,
Бет сүйлөшүп турганда,
Суюк каны ката элек,
Султандын ордун баса элек.
Кара каны ката элек,
Канзаада ордун баса элек.
Аттанып жолго чыга элек,
Ар кандай сөздү уга элек.
Секелек чачтуу алма баш,
Он бир менен он эки,
Ортосуна барган жаш.
Ойноо бала Күлчоро,
Кирип келди үстүнө.
Эки кары окшошуп,
Эмне сөздү сүйлөштүң.
Убаданы токтотуп,
Ой Чынкожо агача.
Атамдан калган алманды,
Алман бербей калганды.
Берсең да алам алманды,
Бербесең да алам алманды.
Айтканыма көнгүн деп,
Алманымды бергин деп.
Айтканыма көнбөсөң,
Алманымды бербесең.
Жаккан отуң өчүрөм,
Жайлоодон элиң көчүрөм.
Ошо каргадай болгон көпөлөк,
Катуу айтат Кожого.
Кече Алмамбет жолун төтөлөп,
Тура тургун бала деп.
Ээрдин тиштеп, көз кысып,
Дөөткул кары кеп айтат.
Бала болот баладай,
Эмине адыраңдап сүйлөйсүң,
Асты-кийнин карабай.
Семетей төрө салгынды,
Элин жыйып Чынкожо,
Өзү бүтүрүп берет алманды.
Кете бер бала күүлөнбөй,
Жаштайында оолугуп.
Кабылып калып жүрбөгүн,
Жаман ишке жолугуп.
Укканыңдын баарысын,
Кагазыңа жазып бар.
Семетей төрө каныңа,
Бирин койбой айтып бар.
Акылга даана Дөөткул,
Күлчорого кеп айтып,
Кете бергин деп айтып.
Жаш кезинде билерман,
Дөөткул абам бар экен,
Ар жүргөнү ак экен.
Атабыз Манас баатырдан,
Таалым алган жан экен.
Бу Чынкожо баатырды,
Эпке кийрет экен деп.
Канчорого кеп айтып,
Жүргүн үйгө кетем деп.
Дөөткул абам үйрөтөт,
Көптү билген жан экен,
Чынкожо менен сүйлөшөт.
Абакең салган алманды,
Ары кетсе бир айда,

Бери кетсе он күндө,
Алып барат деп айтат.
Канчоро менен Күлчоро,
Дөөткул менен Чынкожо,
Кеп сүйлөшүп бүтүрүп.
Каргадай болгон көпөлөк,
Манастын уулун төтөлөп.
Айтканын түшүн деп,
Кол алышып коштошуп.
Үйдөн чыккан түтүндөй,
Созолонгон немедей,
Шабырдагы балыктай,
Шалкылдаган жиндилер.
Алтын менен күмүштөй,
Алкылдаган жиндилер.
Атка тердик салышып,
Бирөөнүн аты Кактелки,
Бирөөнүн аты Суртелки.
Кылычын кыя байланып,
Кылактаган жиндилер.
Тайгандан качкан түлкүдөй,
Булактаган жиндилер.
Кара жолду чаңдатып,
Оодарышып кармашып.
Улуу сууну бойлошуп,
Кылычташып ойношуп.
Кара тоонун оюнан,
Улуу бийик зоолордон.
Аска-аска жарлардан,
Адис болгон мергендей.
Аркар атып  кулатып,
Аюу атып сулатып.
Ичке сайга барышып,
Имерилип жарышып.
Кара жерди каңгытып,
Ойну канбайт жиндинин.
Түшө калып кармашып,
Астындагы аттарын,
Ооздугун чыгарып,
Аккан суудан сугарып.
Ээрлерин жазданып,
Көпчүктөрүн төшөнүп.
Чыканактап кыйшайып,
Чырм этип тынч алып.
Улуу сайдын башына,
Кум-Кыянын астында.
Аркар атып эт асып,
Чыктап атат жиндилер.
Тоо кийигин сулатып,
Кийик атып кулатып,
Талыкшыган жиндилер.
Чарчап калган немедей,
Болукшуган жиндилер.
Манастын уулу Семетей,
Чынкожого баргын деп,
Барып алман алгын деп,
Арачы кылып жиберген,
Чынкожонун элине.
Кулагын салып кеп уккан,
Дөөткулдун айтканы,
Көкүрөккө так жуккан.
Эки бала кайрылып,
Кайрылып Кеңкол баргыча,
Арадан бир ай өтүптүр,
Көп күн өтүп кетиптир.
Эки бала кечигип,
Келбей жатып алды деп,
Эмине болуп калды деп.
Абакеси Семетей,
Буурул атты токутуп.
Коңгуроолуу Коенбоз,
Койчубекке мингизип.
Жылаажын таккан Тайкашка,
Темирбекке мингизип.
Балдарды издеп бармакка,
Ак шумкарды көтөрүп,

Эр Семетей жаш төрө,
Ара бөксө жол менен,
Эки жигит ээрчитип.
Куру сайдын боюна,
Кашка төрдүн оюна.
Жанындагы балдарга,
Ак шумкарды салдырып,
Кекилик, коен алдырып.
Ортоктун үстү кең жайык,
Ошого чыгып барды эми.
Олуя заада эр канкор,
Минип жүргөн Буурулдун,
Ооздугун чыгарып,
Отко коюп калды эми.
Темирбек менен Койчубек,
Ак шумкарды бөпөлөп,
Артынан ээрчип төтөлөп.
Ак тайганды ээрчитип,
Түлкү менен жейрендин,
Жүргөн жерин издешип,
Ак тайганга тиштетип,
Ойноп барат бул экөө.
Башы бийик кара тоо,
Эки жагы жар болгон,
Заңгыраган сай болгон,
Кирип барды бул экөө.
Эки сеңир Кош-Дөбө,
Кактелки менен Суртелки,
Эки колдон тушашып,
Койгон экен баймактап.
Кое берип аттарды,
Башына ээр жазданып,
Көпчүктөрүн төшөнүп,
Чыканактап тынч алып,
Жаткан экен уйку алып.
Тойчубек менен Темирбек,
Ат болушка салышты,
Күлчоро менен Канчоро,
Кактелки менен Суртелки,
Экөө жайдак жүрөт деп,
Жарышып кирип барышты.
Бет алышып көрүшүп,
Саламдашып өбүшүп.
Эки жинди эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Элчиге абаң жиберсе,
Кайра тартып барбайсың.
Кандан уккан кебиңди,
Бу Семетей төрөнүн,
Кулагына салбайсың.
Балдар келбей койду деп,
Бул эмине болду деп.
Келбей жатып алды деп,
Көп кечигип калды деп.
Атка тердик салышып,
Ак шумкар салып бөпөлөп.
Ардактуу төрө абабыз,
Эр Семетей агабыз,
Буурулду минип ээрчитип,
Аттанып жолго чыктык биз.
Барган жерден кеп угуп,
Эминени көрдүңөр,
Эминени билдиңер.
Кайрылып качан барасың,
Энеңерди кайгыртып,
Ээн-талаа, эрме чөл,
Барбай жатып аласың.
Күлчоро менен Канчоро,
Абакем атка миндиби,
Абакем издеп келдиби.
Кан Шыгайдын айлына,
Чынкожонун шаарына,
Алты күнү биз жаттык,
Айткан кебин уктук деп.
Алмандарды бергин деп,
Катуу айтып чыктык деп.

Эригип элик аттык деп,
Кийик атып аң уулап,
Чарчап келип жаттык деп.
Баш кошушуп көрүшүп,
Атып салган эликти,
Сойгон элек бөксөлөп.
Ат токунуп алышып,
Абасына барууга,
Жүрдү балдар жарышып.
Манастын уулу абасы,
Кош-Дөбөнүн жонуна,
Дүрбү алып колуна,
Айнек салып көзүнө,
Көргөн экен балдарды.
Жоого кирген эмедей,
Жүргөн экен жинди кул.
Кара сууну бойлошуп,
Кармалашып ойношуп.
Бала төрө баатырдын,
Маңдайына барышып.
Абасы арстан баатырга,
Учурашып алышып.
Манастын уулу Семетей,
Атадан жалгыз жан эле.
Каралды болор бекен деп,
Каныкей баккан бала эле.
Элчиликке бергин деп,
Барып жооп алгын деп.
Салганымды берсин деп,
Эки чоро жиндини,
Бу катырып келсин деп,
Жиберген экен Семетей.
Элчиликке барганда,
Ээн талаа, эрме чөл,
Келбей жатып алганда.
Эки чоро жаш балдар,
Аркар кырып атышып.
Ээн талаа, эрме чөл,
Адис болгон эмедей,
Экөө уктап жатышып.
Жараткан алда бир кудай,
Жалгызмын деп Семетей.
Ойлочу экен көп убай,
Балдар чыгып барганда.
Оң бөйрөгүн таянып,
Мен кудайга ыраазы,
Темене канат болушуп,
Теминип көлгө киришип.
Арачы болуп барышып,
Айланса болот алдага,
Атка минип жарышып.
Ээн талаа, эрме чөл,
Конуп жатып алышкан.
Жараткан кудай жалгыз ак,
Ар түрлүү болот таалай бак.
Балдарды көрдү сүйүнүп,
Бала төрө Семетей.
Баабединге тай айтып,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына мал айтып.
Атадан жалгыз эр Семең,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Атадан жалгыз болдум деп,
Көп ойлонуп жүрчү экен.
Эки кулун көргөндө,
Ыйлап ийди Семетей.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Айланса болот алдага.
Алда таала кудурет,
Бу жалганчы дүйнөгө,
Келген экен энекем.
Жараткан алда бир кудай,
Таалайга берген көлөкөм.
Эрмек болуп жүрсүн деп,
Энекем тапкан көлөкөм.
Канчоро менен Күлчоро,

Экөөнү колтукка алып кучактап.
Ак иш кылып кудайга,
Ыйлап турат эр жалгыз.
Көзүнүн жашы бурчактап,
Мен садагаң кетейин.
Элчи болуп арага,
Эрмеңдеп экөөң барганы.
Эми кетти ичимен,
Ичиме толгон арманым.
Көк жалдын уулу баатырдын,
Көңүлү жарык ачылып.
Медер болот экен деп,
өйдө чыкса өбөк деп,
Жөлөк болот экен деп.
Атка минсем боорума,
Жүрчү элем муңайым.
Жалгызсың деп саргайып,
Жалгачы жалгыз кудайым.
Аттарга тердик салышып,
Ат токунуп алышып.
Манастын уулу дардаңпоз,
Мына Кеңколго барды жарышып.
Жоргонун белин ашышып,
Атасы Манас баатырдын,
Чаптырган жолун ашышып.
Буудандын оозун жарышып,
Буруксуган бу бншөө,
Кеңколго барды жарышып.
Атасы салган үйүнүн,
Дубалы бийик чеп болгон,
Тегереги бек болгон.
Сары жезден куйдурган,
Сары мамы башы алтын,
Аттарды байлай салышып.
Манастын уулу Семетей,
Белине саадак койгондой.
Алган жары Чачыкей,
Эми эркек туугандай,
Ак була тону бүгүлүп.
А кудайлап сүйүнүп,
Там айланып жүгүрүп.
Энекеси Каныкей,
Чоң энеси Чыйырды,
Эшикке чыкты сандалып,
Эгем талаа кудурет,
Бир өзүнө жалбарып.
Кагылайын энекем,
Энекем баккан көлөкөм.
Келбей жатып алды деп,
Санга санаам бөлүндү.
Саргарып ойлоп баратсам,
Сары талаа чоң түздөн,
Эрбеңдеп караан көрүндү.
Элеңдеген эки кул,
Элчиликке барыптыр.
Кийик атып, аң уулап,
Кагылайын энеке,
Мерген болуп калыптыр.
Эки бирдей балаңдын,
Ээн талаа, сары түз,
Бойлогонун мен көрдүм.
Ак милтеге чок берип,
Алма башка чок берип,
Ойногонун мен көрдүм.
Баабадинге тай айттым,
Өткөн атам маркумдун,
Алмамбет менен Чубактын,
Атактуу молдо Сыргактын,
Арбагына мал айттым.
Кагылайын энеке,
Бүгүнкү түндү өткөзбөй,
Элди жыйып алалы.
Куру жүргөн сурча боз,
Баабединге чалалы.
Байың Манас баатырдын,
Күмбөзүнө баралы.

Алачаны соелу,
Ала моюн жаныбар,
Ар кимдин сүйгөн малы бар.
Баатыр Манас байыңдын,
Бирге өлгөн шериги.
Бу жалгандын жолборсу,
Алган байың Манастын,
Акыреттик жолдошу.
Бурак кылып минсин деп,
Куран окуп коелу.
Кеңколдогу айлында,
Арстан Манас эр көкжал,
Бар кезинде салдырган.
Мечит кармап ээлеген,
Ак селдесин чалынган,
Бир алдага жалынган.
Арстан Манас барында,
Шарыят айтып жол берген.
Өтүп кеткен баатырлар,
Баарысы келип кол берген.
Аты Ыйман чоң молдо,
Көп окуган Аккожо.
Экөөнү алды алдына.
Кеңколго койбой эл жыйып,
Катын-бала калтырбай.
Арстан бала Семетей,
Алачаны сойдуруп.
Алмамбет менен Чубакка,
Сыргак менен Серекке,
Баарысына ат атап.
Бирден коюн сойдуруп,
Алты казан астырып.
Арстан Манас баатырдын,
Келген элдин баарысын,
Тегеректеп жаткырып.
Берсе кудай тилекти,
Белги болор бекен деп.
Манастын уулу Семетей,
Дааратын алып боюна.
Куранын кармап колуна,
Кудайдын жазган жолуна.
Кече Каракандын шаарына,
Качкын болуп барганда.
Манастын уулу Семетей,
Бурак берген токутуп.
Эки жолу баланы,
Молдого берген окутуп.
Ала бача кат окуп,
Молдо болгон Семетей.
Ак куранды жат окуп,
Кары болгон Семетей.
Барган элди уктатып,
Басып жүрөт Семетей.
Ак куранды колуна,
Ачып жүрөт Семетей.
Обого жылдыз толгондо,
Түн ортосу оогондо.
Асманга жылдыз толгондо,
Таңга жакын болгондо.
Мунарык шамал жел келет,
Бу шамалдын ичинде,
Бурак минген эл келет.
Ошол элди көргөндө,
Манастын уулу Семетей.
Ушу кандай белги деп,
Бала баатырдын көөнү бөлүнөт.
Келген элдин астында,
Аккула минип заңкайып,
Ак олпок кийип залкайып.
Атасы Манас баатырдын,
Ошонун шаңы көрүнөт,
Көк түтүн болуп созулат.
Көрүнүп баатыр көзүнө,
Көт жагынан бир барып,
Бир көркөмдүү адам кошулат.
Ак марал болуп кубулат,

Айткан кеби угулат.
Адамдын узу көрүнөт.
Оң колуна кармаган,
Бетин ачкан куран бар.
Маңдайында жаркырап,
Күйүп турган шамы бар.
Күлүмсүрөп кашкайган,
Сарала ат минген дагы бар.
Арбакка куран окуткан,
Ататып бурак токуткан.
Баарына арнап байлаган,
Жашында куран кармаган.
Баатырдын уулу Семетей,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына таянып,
Зыярат кылып турганда.
Жараткан алда жардамын,
Көрдү бала Семетей.
Атасы Манас канкордун,
Алмамбет менен Чубактын,
Айтылуу молдо Сыргактын,
Көрдү бала арбагын.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда.
Ак супуй жылдыз батканда,
Суп агарып атканда.
Дааратты бар баарында,
Кураны бар колунда.
Бала төрө баатырдын,
Ар кандай болгон оюнда.
Энекеси Каныкей,
Ак саамайы өрүлөт.
Атасынын арбагы,
Бала төрө баатырга,
Алмамбет менен Чубагы,
Атактуу молдо Сыргагы,
Баары келип көрүнөт.
Кетеринде кеп угат,
Ак куран окуп турганда.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кетмек болду деп угат.
Кайтарында кеп угат,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Качмак болду деп угат.
Арстандын уулу Семетей,
Алда таала жол берип,
Атасы Манас баатырдын,
Алмамбет менен Чубактын,
Айтылуу молдо Сыргактын,
Арбагына кол берип.
Астыртан арбак колдогон,
Ар кылганы оң болгон,
Арбактары колдогон.
Арстан төрө эр баатыр,
Атасына кол берген.
Алда таала кудурет,
Семетейге жол берген.
Эшенге куран окутуп,
Эки молдо, бир эшен,
Алып келип аттарын,
Колдоду кудай арбак деп.
Манастын уулу Семетей,
Бурак кылып минсин деп,
Молдодой минип жүрсүн деп.
Экөө сүрнөт, экөө барс,
Алаканын жайышып,
Амаз окуп алышып.
Кабар алып арбактан,
Эл таратып айлына.
Энекеси Каныкей,
Алып калды жанына.
Түндөгү көргөн ишимди,
Айланайын энеке,
Баарын көрүп мен билдим.
Атам Манас баатырды,
Алмамбет, Чубак асылды.

Айтылуу Сыргак молдосун,
Көрдүм мен атакемдин жолдошун.
Оң саамайын жыттатып,
Омуртка сөөгүн сыздатып,
Орто төшкө уктатып.
Эки жетим баланды,
Булкунтуп буудан ат берем,
Сары алтын жака салдырган,
Асыл болгон тон берем.
Кагылайын энеке,
Асырап багып чоңойткон,
Балдарыңа кол берем.
Элиртип буудан минсин деп,
Эл аралап жүрсүн деп.
Аргын менен ногойдун,
Баркын балдар билсин деп.
Кылычты берем колуна,
Алмабаш берем далыга.
Айза берем каруугa,
Айбалта берем жанына.
Аттантып чалгын чалдырам,
Эки жетим балага.
Бийликти берем билсин деп,
Эл аралап жүрсүн деп,
Аргын менен ногойду.
Карысы бар, жашы бар,
Каныкей баккан жетимдер,
Атка минип катыгып,
Мылтык атып жатыгып.
Адам болуп калды деп,
Бата берсин карылар.
Манастын уулу Семетей,
Энесине кеп айтып.
Эки жетим чунакка,
Эркиндик берем деп айтып.
Булкунтуп буудан мингизип,
Эки бала билет деп.
Аргын менен ногойдун,
Манастын уулу эр баатыр,
Бирдигин берди билгизип.
Эрбеңдеген эки кул,
Аттарын тартып минишип,
Ат кадырын билишип.
Жол чалдырса кан ичип,
Бөрк ал десе баш кесип.
Түнүнкүсүн жер каргып,
Күндүзгүсүн жол чалып,
Баатыр болду эки кул.
Аргын менен ногойду,
Баарысын бирдей колго алып,
Адыл болду эки кул.
Манастын уулу Семетей,
Эки жетим чунакка,
Ат такалап мингизип,
Тон жакалап кийгизип.
Зоот чопкут тон берип,
Жарак-жабдык мол берип.
Эл бийле деп жол берип.
Атка минип жээлигип,
Жин ургандай ээлигип.
Таластын суусун бойлошуп,
Оодарышып ойношуп.
Кой деп койгон киши жок,
Кынынан кылыч суурушуп,
Кыя тартып урушуп.
Айза менен сайышып,
Ат үстүнөн салышып.
Боосу жайык кең Талас,
Мингени буудан алкылдап,
Кийгени зоот жаркылдап.
Атканы мылтык тарсылдап,
Белине кылыч байланып.
Талас, Кеңкол талаасын,
Аргын, ногой калаасын.
Үч кыдырып айланып.
Катылганга ок берип,

Каалаганга ат берип.
Карыларга кол берип,
Мусапырга жол берип.
Манастын уулу Семетей,
Ат мингизип ойнонуп,
Койгон экен жаратып.
Карыптарга кабылса,
Маңдайына барышып,
Барып колдон алышып.
Бечараны көтөрүп,
Көтөрүңкү кишиге,
Шумурайган эки кул,
Өлтүрөм деп олбутуп.
Урушуп турган кишини,
Урамын деп зомбутуп.
Тилин албай койгонду,
Кылыч сууруп кылычтап.
Тентектиги ашынып,
Тентек балдар жүрөт деп,
Үйүнө кирет жашынып.
Керилип чыккан келинди,
Желбегей басып жүргөндү,
Этек-жеңин кагынып.
Эки тентек жинди кул,
Кесириңди ташта деп.
Эки чоро жүргөндө,
Таластын суусун бойлобойт,
Келин-кыз чыгып ойнобойт.
Ойногон ойну басылбайт,
Кабактарын бүркөсө,
Кар жаагандай эки кул.
Күлүп турса эки кул,
Күн тийгендей көрүнөт.
Кээ бирөө кеп айтат,
Семетейдин эки кул,
Тентек болот деп айтат.
Жоого барган урушта,
Качыргандан кайтпаган,
Сунган найза тартпаган.
Бетине киши барбаган,
Коркпой киши калбаган.
Талас, Кеңкол калаасы,
Мажик, Камбар баласы.
Билген адам көп айтат,
Бул Алмамбеттин тукуму.
Атасынан бул бала,
Артык болот деп айтат.
Билбегендер кеп айтат,
Мажиктин уулу деп айтат.
Ногой менен аргынды,
Өлчөп колго алышып.
Боз балдарды ээрчитип,
Оюнга чыгат жарышып.
Абакеси Семетей,
Чакырып алып кеп айтат.
Ай Канчоро, Күлчоро,
Экөөң менин инимсиң,
Иним эмей кимисиң.
Аргын менен ногойду,
Алалабай жүргүлө.
Алыска чыгып жол жүрүп,
Талаалабай жүргүлө.
Колуңарда ногойду,
Акыл менен билгиле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Шаарына баргыла.
Өз астына отуруп,
Жардысын жарды дегиле,
Байына алман салгыла.
Адамдын жанын кейитпей,
Бергени болсо алгыла.
Тентеги болсо тыйгыла.
Азоосу болсо үйрөтүп,
Акмагы болсо тилдешип,
Ынтымактуу кылгыла.
Абдан элпек болгула,

Жакшы жерге конгула.
Жакшыга жатык жүргүлө,
Жаманга катуу жүргүлө.
Айтканым акыл кебимди ук,
Манастын уулу Семетей,
Балдарга акыл үйрөтүп.
Кокус кылып койбогун,
Барган элди жүдөтүп.
Эр Семетей кеп айтып,
Эркин өскөн жан эле.
Ат тизгинин ийишкен,
Алмамбет менен Чубакка,
Алар менен жүрүшкөн.
Акылды бирге кошушкан,
Душманды бирге тоорушкан.
Өзү жоокер жан эле,
Азыраак оройлугу бар эле.
Бул экөөңөр баргыла,
Аргын, ногой өңдөнүп.
Ачык жооп бергенди,
Колуңарга алгыла.
Эринбей жатып келгиле,
Чынкожонун элине.
Барып барктуу болгула,
Эл бийлеп нарктуу болгула.
Эки кулун Семетей,
Элчи кылып жиберди,
Чынкожонун шаарына.
Айтылуу Шыгай айлына,
Эки кул барды аралап.
Семетейдин эки кул,
Эминеге келди деп,
Чынкожо басты талаалап.
Чынкожо элге кеп айтып,
Семетейдин эки кул,
Жөө калса ат бербе,
Толук аяк аш бербе.
Ыйыктуу үйгө киргизбе,
Касиреттүү байлардын,
Мунун дайнын билгизбе.
Эр Чынкожо кеп айтып,
Эл кыдырып эки кул,
Эмине жүрөт деп айтып.
Чынкожонун ордого,
Балдар барып караса,
Оюнчулар ойногон,
Атып жаткан ордо бар.
Мамысына байлаган,
Эки башка жорго бар.
Ат өргүтүп алмакка,
Элеңдеген эки кул,
Чынкожонун жорго го,
Ээр токуп салмакка.
Эл аралап чыкмакка,
Элдин кебин укмакка.
Эч кишиден сурабай,
Эки жорго токушуп.
Эки чунак жинди кул,
Үзөңгүгө бут салып.
Ат үстүнө чыгарда,
Музоочу деген бир жигит,
Чап чылбырдан алды эле.
Чылбырдан алып кеп айтат,
Уруксатсыз ат минип,
Бөөдө өлөсүң деп айтат.
Өлтүрчү киши сенсиңби,
Өлүүчү киши менминби.
Айтканы жаман угулуп,
Алтындай жүзү кубулуп.
Жиндинин каны суюлуп,
Кылычын алып кынынан.
Чынкожонун элпеги,
Бу дагы Шыгайдан чыккан тентеги.
Канга тууган балдарга,
Бул катылып алган жер.
Каары бар жинди кул,

Музоочу деген баатырдын,
Башын чаап салган жер.
Семетейдин эки кул,
Бул балаага барды деп.
Дааратсыз киши минбеген,
Эки жорго токунуп.
Эл аралап чыгууга,
Даярланып калды деп.
Аттанып жолго чыгарда,
Музоочу барып чылбырдан,
Бирөөн кармай калды деп.
Кындан алып кылычын,
Музоочудай баатырды,
Башын алып салды деп.
Алмамбет менен бир жүрүп,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Адыс болгон жан эле.
Атышкан жоону көп жеңип,
Баатырлыгы бар эле.
Манастын уулу Семетей,
Эки кулун жиберип,
Эл чалдырган турбайбы.
Жүргөнү жатык болбосо,
Эл аралап баргыла.
Катуу-катуу жүргөндү,
Кайраттанып күйлөнсө,
Башын алып салгыла.
Бул ит дардаңдын кылганы,
Жанга шерик жан эле.
Ат тизгинин бурушкан,
Атка минсе бир минип.
Алыска барса бир барып,
Баатыр өскөн жан эле.
Семетейдин элчиси,
Жиндилерди жиберип,
Барып келгин деген го.
Кайраттуу катуу жүргөнүн,
Кыя чаап мойнунан,
Башындагы кара баш,
Алып келгин деген го.
Эл Музоочу өлдү деп,
Эл чогулуп көмгөнү.
Эки бала жиндилер,
Чынкожо элин көргөнү.
Кокустук кылып койду деп,
Чынкожо кандын элине.
Бир кишисин сойдук деп,
Уят болуп эки кул,
Эл аралап баралбай.
Эр Семетей айтты эле,
Элинен алман алалбай.
Эр өлтүрүп койдук деп,
Кантип алман алабыз.
Кылганыбызды төрөгө,
Кандай айтып барабыз.
Эр болсо да жинди кул,
Канчорого кеп айтып,
Кетели жүргүн деп айтып.
Кылганына уялып,
Канчоро менен Күлчоро,
Кайрылып Кеңкол барган жер.
Семетейден уялып,
Коркуп айтпай калган жер.
Энекеси Каныкей,
Эки жинди бөбөгүң,
Эр өлтүрүп коюптур.
Колу кандуу болуптур.
Энесине айткан жер,
Эбин энем табар деп.
Баатыр бала абаңдын,
Аба угуп алар деп.
Каныкейге ишенип,
Энебиз эбин табар деп.
Семетейден уялып,
Чоң сарайга барышып,
Атты байлап салышып.

Энекеси Каныкей,
Эки бирдей жиндини,
Адегенде кан ичип,
Жолу ачылган экен деп.
Жоокер болуп балдарым,
Колу ачылган экен деп.
Сары серке алдырып,
Садагасын чаптырып.
Мен кудайга ыраазы,
Арага элчи барганы.
Эр өлтүрүп, кан кечип,
Канкор болуп калганы.
Билди бала Күлчоро,
Энеси кылган жардамын.
Эми Семетейди таштайлы,
Эркин өскөн Чынкожо,
Эми Чынкожодон баштайлы.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кызыталак дардаңдын,
Кылган иши ушу деп.
Ушу жер бизге жер болбойт,
Бу ногой бизге эл болбойт.
Калк чогултуп кеп айтып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Качалы мындан деп айтып.
Элин жыйып кеп айтып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кетели мындан деп айтып.
Мен Жеткайтка барайын,
Жедигер элин табайын.
Эр Багыштын жалгызы,
Арта тууган баатыр дейт.
Сурагы адал улук деп,
Эр Багыштын жалгызы,
Элден элес кеп угам,
Аты Толтой деп угам.
Беттешип киши жеңбейт дейт,
Эч кимге теңдик бербейт дейт,
Кармашып киши жеңбейт дейт.
Адамдан башка көйкашка,
Маңдайлашкан жан болбой,
Тизелешкен жөө болбой,
Тизгиндешкен жоо болбой.
Жедигер калкын билет дейт,
Эрки менен жүрөт дейт.
Мен Толтойго барайын,
Барып кабар салайын.
Макул десе эр Толтой,
Мен достошуп калайын.
Толтой менен достошсом,
Убаданы токтотсом.
Бу Семетей дардаңдын,
Кишиден башка ичи тар.
Жеткайт деген жери бар,
Жедигер деген эли бар.
Эр Багыш деген каны бар,
Каны менен тең жүргөн,
Эчен баатыр дагы бар.
Арык малды саткыла,
Койду багып түрк кылып.
Кой айдаса жеткис жер,
Баарын сатып мүлк кылып,
Кол куржунга салгыла.
Уй айдаса жеткис жер,
Буканы бычып уй кылып,
Куржунга салып пул кылып,
Айгырды биттеп ат кылып.
Узун аяк жылкыны,
Муну жакшы баккыла.
Ала көөдөн дардаңга,
Кокус билип койбосун,
Сыр билгизбей жаткыла.
Жеткайттан кайра келгиче,
Жедигер менен сүйлөшүп.
Келиң келгин деп уксам,
Кандарынан кеп уксам.

Убаданы токтотсом,
Эр Багыштын эр уулу,
Ошону менен достошсом.
Ала көөдөн дардаңдан,
Анан алам өчүмдү.
Адегенде Чынкожо,
Алты киши атказып,
Кат ичине ант жазып.
Жети күнү жол жүрсөң,
Ат аябай бек жүрсөң.
Жоргодон тандап мингиле,
Туякка така кактырып,
Үстүнө абай жаптырып.
Артыңардан барам деп,
Барып жооп алам деп.
Алты киши атказып,
Жеткайт деген жерине.
Желмогуз кандын элине,
Сыйынып кудай арбакка,
Жеткайтка көчүп бармакка.
Тилеке кудай жеткизсе,
Манастын уулу дардаңдан,
Кайрылып өчүн алмакка.
Шыгайдан чыккан Чынкожо,
Кан ичмеси тыйбайт деп.
Адегенде баш кесип,
Канкордун уулу Семетей,
Бизди тууган кылбайт деп,
Ат куйругун өрбөйт деп.
Калың кара Шыгайды,
Жетимдерче көрбөйт деп.
Мындан өсүп чоңойсо,
Кызыталак канкорду,
Кармашып киши жеңбейт деп.
Тоо таянып көчөлү,
Жеткайтка көчүп жетели.
Аркары төрдү төрдөгөн,
Маралы төштө маараган.
Эчки, теке кийиги,
Малы менен аралаш.
Короосуна кошулуп,
Аркары кошо жүрөт дейт.
Телки менен жейрени,
Үйүнө келип кирет дейт.
Жылкы малын топтойт дейт,
Куланы кошо оттойт дейт.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Күйгөн оту өчмөккө,
Шыгай кандын калың журт,
Убада кылды көчмөккө.
Алтын, күмүш зар алып,
Ар түрлүү пулду мол алып.
Шыгайдан чыккан Көктемир,
Шыгайга болгон чоң сеңир.
Чынкожо менен акылдаш,
Айтышып сөзгө макулдаш,
Аны жолдош алды эле.
Шыгайдын каны Чынкожо,
Арага кеткен алты элчи,
Көт жагынан барды эле.
Алты элчи жообун алган соң,
Жедигер каны эр Багыш,
Келебиз деп барган соң.
Алыстан тууган келет деп,
Келсе кудай берет деп.
Үй тиктирип, бээ союп,
Элчилерден кеп угуп,
Биз келебиз деп угуп.
Канча түтүн келет деп,
Качан келип берет деп.
Мал жайытын камдатып,
Арып-ачып келет деп.
Жайында аштык айдатып,
Кончу жерди түптөтүп.
Даярлап сарай салдырып,
Шыгайдын эли келет деп.

Калк чогултуп, эл жыйып.
Усталарын алдырып,
Ак талдан алып жыйдырып.
Ак ордо жасап үй кылып.
Элчиден жооп алгандар,
Алыстан көчүп эл келип,
Элдүү болуп калат деп.
Эр Багыш улук камданып,
Жедигер кандын элине,
Элчилер барып таңкалып.
Жердей турган жер экен,
Телегейи тең экен.
Жеринин боору кең экен,
Мамыга атын байлатты.
Арага барган алты элчи,
Буруксуп жыргап жай жатты.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки бала зарпынан.
Балдарым тентек кылды деп,
Семетейдин дартынан.
Мурунку барган элчинин,
Чынкожо барды артынан.
Жедигердин эр Багыш,
Эл бийлеген кан экен.
Жалгыз уулу Толтойдун,
Билгендери бар экен.
Чынкожонун барганын,
Баатыр Толтой сүйгөн жок,
Үстүнө басып кирген жок.
Атакеси эр Багыш,
Чынкожо атын алдырып,
Астына олпок салдырып.
Конок күтүп кам кылып,
Маңдайы жайык жан экен,
Баатырлыгы бар экен.
Кан эр Багыш кеп сурайт,
Кан Чынкожо баатырсың,
Кандай келдиң деп сурайт.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Манастан калган бир бала,
Эсер болду деп айтат.
Эчтемени билбеген,
Көөсөр болду деп айтат.
Көөсөрлүгүн айтайын,
Каракандын шаарына,
Качып жүрүп чоңоюп.
Кайра келип айлына,
Катарга кирип оңолуп.
Баатыр Манас атасы,
Чоң атасын сойду деп.
Өз атасын өлтүргөн,
Эси жок эсер болду деп,
Кыйыгыма тийди деп.
Атасы күткөн кайран журт,
Кырк чорону кырды деп.
Каарман болуп калк сурап,
Калкын жаман кылды деп.
Эсер болуп эл сурап,
Элди жаман кылды деп.
Аргын менен ногойду,
Алды-алдынан бөлдү деп.
Кебин тосуп койгондор,
Аманат жаны куурулуп,
Ажалы жетпей өлдү деп.
Кырк чоросун кырганда,
Талаада калган балдарды,
Таап алып турганда,
Энеси багып чоңойтуп,
Ээрчитип эрмек кылганда.
Эсерлигин айтайын,
Эки бутун ача элек,
Энесин ээрчип баса элек.
Милте кармап чок кылып,
Темир берип ок кылып,
Экөөнүн колун шок кылып.

Эрмейип атка мингенде,
Элчи кылды баланы,
Өөдө карап койгонду,
Жаман өстү балдары,
Камчы менен сабады.
Бегирээк айтып койгонду,
Бетин айра чабышып.
Каны суюк кезинде,
Кындап кылыч байлантып,
Жоо-жарак берип шайлантып.
Ана-мына дегенди,
Астыма айдап келтир деп.
Мен барбаймын дегенди,
Атып коюп өлтүр деп.
Оңолбогон бул дардаң,
Ою менен болжоду,
Мени алмакеч кылып алам деп,
Айда салык салам деп.
Кылычын кармап имерет,
Кызыталак бу дардаң,
Эки кулун жиберет.
Эки кул келет салпылдап,
Алман бер деп такылдап.
Же айта турган кеп эмес,
Атасы Манас баатырды,
Өлтүргөн киши мен эмес.
Күнкор болуп мал берип,
Же кызыталак дардаңга,
Акыл айтар кеби жок,
Аңгеме кылат өзүмө.
Бетиме келип сүйлөшсө,
Мен атасы менен бир жүрдүм,
Айтат элем сөзүмдү.
Жатып алып өөдөсүп,
Алгысы келет алманды.
Салгысы келет салыкты,
Кылгысы келет кызыкты,
Салгысы келет бузукту.
Ногой, Шыгай кармашып,
Эл бузулуп жатат деп.
Алыстагы кандарга,
Кабарды укса айтат деп.
Оолака коен салууга,
Ошо дардаң эсерден,
Мен кутулуп алууга,
Жеримди таштап келүүгө.
Жедигер деген калың журт,
Тууган болуп берүүгө.
Айлымды багып калкалап,
Кара көтөн эр Багыш,
Келейин дедим аркалап.
Дин мусулман каныбыз,
Элчини салдык арага.
Арка кылып өзүңдү,
Мына элүү жамбы, миң дилде,
Алып келдим арага.
Дүнүйө кызык болгон соң,
Сандыкка жамбы толгон соң,
Кочуштап дилде алган соң.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Келемин деп барган соң.
Келсең келгин Чынкожо,
Эрип туруп эр Багыш,
Тең тууган деген эр намыс.
Соеруңа бээ берем,
Жүктөөрүүңө төө берем.
Багарыңа мал берем,
Жээриңе дан берем.
Жердээриңе жер берем.
Сураарыңа эл берем,
Казатка чыксаң кол берем.
Кандыкты мага бергин деп,
Сураарыңа жол берем.
Жеткайт деген жер ушул,
Жедигер деген эл ушул.
Калдайы бар калк ушул,

Кан эр Багыш алпы ушул.
Манастын баркын билбеген,
Атакем чапкан жолун деп.
Наркы менен жүрбөгөн,
Темиркандын шаарына,
Энекеси Каныкей,
Кетти деп качып жетелеп.
Жаман чыгып калган го,
Жетимдик заңы кете элек.
Элден элди бөлгөнү,
Атасы күткөн эл болсо,
Калкка кыстоо салганы,
Кайрып айткан кишини,
Башын кесип алганы.
Чоң атасы Жакыпты,
Муну өлтүрүп койгону.
Казатка Манас барганда,
Баарыбызды алганда.
Ат тизгинин бурушкан,
Жайы, кышы алты жыл,
Жан аябай урушкан.
Кырк чорону кырганы,
Манастан калган Семетей,
Атасындай болот деп.
Баарыбыз медер кылчу элек.
Атасындай болбосо,
Айлын багып койбосо.
Аргын менен ногойдун,
Уктум бала сөзүңдү.
Эмгекке тууган жан экен,
Эси жок экен дардаңпоз.
Туулбай калсын Манастан,
Жаман өскөн бала экен.
Чынкожо кебин жактырып,
Алыстан тууган келет деп,
Нарктап күтүп алгын деп.
Алыстан келген тууганды,
Барктап күтүп алгын деп.
Кан эр Багыш улук кан,
Калкын жыйып угузган.
Толтой элдин бөрүсү,
Эр Багыш калктын төрөсү.
Айткан сөзүң акыл деп,
Келдим көчүп макул деп.
Айылга салык салдырып,
Алтымыш жорго алдырып.
Ар түрлүү дүйнө камдатып,
Ат жетпеген жөө болсо,
Атка минип келсин деп.
Аш жетпеген ач болсо,
Ашка тоюп келсин деп.
Өрүүн болсо арага,
Чынкожо союп жесин деп,
Кырк эки атан төө берип.
Он эки семиз бээ берип.
Манастын уулу эсер дейт,
Кокустан чатак кылат деп.
Жолду тосуп камынса,
Ала көөдөн дардаңды,
Камчы бүктөп урушуп,
Кайраттанып турушуп.
Тебетей оңдой кийишип,
Теминип жоого тийишип.
Эл көчүрүп келгиле,
Аман-эсен көчүрүп.
Чынкожо кандын тууганын,
Алып келип бергиле.
Алтымыш аскер кол берип,
Алтымыш жорго мал берип.
Кырк эки атан төө берип.
Улук заада эр Багыш,
Мына Чынкожо эрди жөнөттү.
Жеткайтты берип жер кылып,
Жедигерди эл кылып,
Кетмек болду Чынкожо.
Бу жерден көчүп кетели,

Бу жерден көчүп биз кетсек.
Кара жерди каңтарып,
Казып алсын бу дардаң.
Калкын бөлүп кетирип,
Жатып алсын бу дардаң.
Кетеринде Чынкожо,
Айтып кеткен тапшарып,
Айгырды бычып ат кылып.
Чынкожо кандын айтканын,
Көкүрөккө жат кылып.
Кочкорду бычып ирик кылып,
Койлордун баарын түрк кылып.
Куржунга салып мүлк кылып,
Буканы бычып уй кылып.
Кара малды саттырып,
Айры өркөчтүү төө менен,
өрүштө жылкы мал менен,
Жеткайтка жетти Чынкожо.
Чынкожо кайра кеткенде,
Баласы Толтой кеп айтат.
Ой, атаке эр Багыш,
Элден элди бөлгөнүң,
Шыгайды көчүп кел дедиң.
Мунуң жарабай калды деп айтат.
Кече арстан Манас шер эле,
Дин мусулман пендеге.
Калаалуу курган чеп эле.
Кармашкан душман жок эле,
Атылган мылтык ок эле,
Бекер кылдың ушуну.
Болоттон калган тукул бар,
Жаман деп айтат Чынкожо,
Ошо баатырдан калган тукум бар.
Мен угамын ар кимден,
Атасы Манас баатырдан,
Арта тууду деп угам.
Мынабу Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жаман деп айтат баатырды.
Жаман эмес эр деген,
Атасынан артыкча,
Артык тууган шер деген.
Атасы Манас болгон соң,
Кармашып калсак соо койбойт,
Айкашып калсак оң болбойт.
Кезигип калсак оң болбойт,
Кездешип калсак соо койбойт.
Айтасын бекер ата деп,
Баласы Толтой жактырбайт.
Анда эр Багыш кеп айтат,
Сен билбейсиң эчтеме,
Эси жоксуң деп айтат.
Айылга айыл келгени,
Бул алданын бергени.
Тууганга тууган келгени,
Бу кудайдын бергени.
Эр Багыш менин даңкымдан,
Эл бийлеген наркымдан,
Эрдемсип бала жүрөсүң.
Эрдигиң бар эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Менин көзүм жумулса,
Элди кантип билесиң.
Акылың бар эсиң жок,
Ар неме менен ишиң жок.
Менин көзүм жумулса,
Айлыңды кантип билесиң.
Эл ичинде эчен көп,
Эл бийлеген чечен көп.
Ушу бойдон сен жүрсөң,
Касиетим качырып,
Кан ордумду бастырып,
Башка элге билгизип,
Билбейсиң менин баркымды.
Кан эр Багыш атасы,
Кагып койду баласын.
Төрө Толтой эр бала,

Атанын кебин кайтарбай.
Акыр түбү көрөрбүз,
Аяр Толтой эр ойлоп.
Акыры жаман болот деп,
Баатыр Толтой көп ойлоп.
Атасына кеп айтып,
Жаман иш болду деп айтып.
Атанын сөзүн тоспогон,
Акылга даана жан эле.
Арстан Толтой эр баатыр,
Билгирлиги бар эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Көчүп барды аралап,
Жедигерди каралап.
Атасы менен баласы,
Бул экөөнү мааналап.
Көчтү асып камынып,
Балдары тентек кылды деп,
Семетейге таарынып.
Камчыга ченеп жер берди,
Жедигер каны эр Багыш.
Малсыз болуп баргандын,
Күтүрөтө мал берди.
Ичерине дан берди.
Союшуна бээ берди,
Жүктөрүнө төө берди.
Саарына уй берди,
Киерине тон берди.
Чынкожо, Толтой биригип,
Биргелешип жүрсүн деп,
Чынкожого жол берди.
Эр Багыш кандын элинде,
Кагып койгон мамы бар.
Күнөкөрүн тарттырган,
Даргалары дагы бар.
Дарга тартып өлтүргөн,
Каздырып койгон ору бар.
Жедигердин элчилеп,
Жеткайтка барып жер ченеп,
Эр Багышка тең ченеп.
Бой көтөрүп көп сүйлөп,
Атырылып бек сүйлөп.
Эр Толтойдон өйдөсүп,
Көтөрүлүп көп айтат.
Сенин дайның ким эле,
Менин кайным сурасаң,
Шаатемир деген кайным бар,
Чачыкей деген зайбым бар.
Элден ушак кеп угам,
Баатыр Манас жолдошу,
Бакай деген бар экен.
Келин кылып алам деп,
Алып кетти деп угам.
Билет бекем дайныңды,
Катыныңды бергидей,
Менин жарабаган айбымды.
Аскер берип кол алып,
Атышчу колду мол алып.
Шаатемирди талкалап,
Чаап алам деп жүрөм.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Уктум сенин кебиңди,
Табайын сенин эбиңди.
Жүдөп жаткан элдерди,
Чаап алып нетесиң.
Сенин зайбың Чачыкей,
Айдап калың мал берип,
Айры өркөстүү нар берип.
Сүрүп калың мал берип,
Коңур өркөч нар берип.
Малды калың мол берип,
Шаатемирге кол берип.
Сен алуучу зайбыңды,
Манастын уулу Семетей,
Зайып кылып алды дейт,
Уктуңбу мунун дайнын дейт.

Кече Манас баатыр барында,
Оогандын каны Акункан,
Абалы мурун дос болгон,
Манаста бала жок болгон.
Акунканда жалгыз кыз,
Айчүрөк экен деп угам.
Эркек бала мен көрсөм,
Кыл мурутуң түйгүн деп,
Эки жылы күйгүн деп,
Бел куда болуп бек айтып.
Эркек бала мен көрсөм,
Сен балаңды бергин деп айтып.
Арстан Бакай, кан Манас,
Убаданы бек кылган.
өлө турган шерт кылган.
Убаданы танбайлы,
Караңгы көргө барганда,
Катуулук көрүп калбайлы.
Убада сөздү танганды,
Эркек бала сен көрсөң,
Бел куда болуп сен келсең,
Улук Акун кеп айткан.
Төшү ачык жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Эки жылы күйбөсөм,
Ушул антым мени урсун.
Эркек бала сен көрүп,
Куда болуп келбесең,
Баатыр Манас сени урсун.
Акункан менен Манастын,
Алышып койгон колу бар,
Айтышып койгон сөзү бар.
Манастын уулу дардаңдын,
Акункан деген кайны бар,
Айчүрөк деген зайбы бар.
Мен элден элес кеп угам,
Манастан калган баланы,
Күйүп жүрөт деп угам.
Атасы күткөн Ооганды,
Ордун басып кан болуп,
Билип жүрөт деп угам.
Биз аскерди жыйып алалы,
Аскер менен баралы,
Бузук салса кокустан,
Акункан шаарын чабалы.
Кызын тартып алалы.
Айчүрөктү биз алсак,
Манастын уулу дардаңдын,
Жаккан оту өчүүчү.
Бизден мурун Чүрөктү,
Семетей алса кокустан,
Андан бетер бу дардаң,
Өрт күйгөндөй өсүүчү.
Деп ошентип Чынкожо,
Эр Толтойго кеп айтып.
Акундун кызы Чүрөктү,
Алып берем деп айтып.
Эр Багыштын Толтойу,
Бирде ойлонуп макул дейт.
Капырай Манастан калган баланын,
Атасы Манас шер эле.
Ай ааламды бийлеген,
Арта тууган эр эле.
Кокустан кордук көрбөйлү,
Манастан калган баланын,
Каарына калбайлы.
Акункандын шаарына,
Кызыңды бизге бергин деп,
Биз кызын сурап барбайлы.
Беремин десе Акункан.
Арага киши салалы,
Азар түмөн мал менен,
Анан кийин баралы.
Бербейбиз десе Акункан,
Барбай жатып алалы.
Эр Чынкожо кеп айтып,

Болбогон кепти көп айтып.
Чынкожо, Толтой достошуп,
Убадасын токтотуп.
Чынкожо көсөл эр эле,
Көптү көргөн эме эле.
Коңурбай кандын эр уулу,
Аны менен алышман,
Ар түрлүү ишке таанышкан,
Кайраты катуу эр эле.
Ошондон аскер алалы,
Бир колдогон жан эле.
Төлөктү ала баралы,
Кара сакал Кадырбай,
Кан Шоорук уулу Абдырай,
Буларга кабар салалы,
Арбытып аскер алалы.
Акункандын шаарына,
Аскер менен баралы.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Эр Багыш кандын эр Толтой,
Макулдашып кеп кылып,
Убада сөздү бек кылып.
Абдырай менен Төлөктү,
Кара сакал Кадырбай,
Арага элчи жиберип,
Акылдашып кеп айтып.
Абдырай, Төлөк, Кадырбай,
Конок болуп келсин деп,
Алыстан келди көп бууган.
Менин тууганымды көрсүн деп,
Калк сураган кан айтып,
Чынкожо, Толтой дагы айтып.
Кан эр Багыш кеп айтып,
Чынкожо, Толтой эр айтып.
Чынкожо, Толтой кеңешип,
Беш кандын эли болот деп,
Жерге аскер толот деп.
Аскер жыйып кол алып,
Атышарга мол алып.
Акункандын шаарына,
Анан кийин баралы.
Акундун кызы Чүрөктү,
Ошентип барып алалы.
Эки баатыр кеңешип,
Эптүү жерди ченешип.
Эр Төлөккө кат салып,
Төлөк баатыр келсин деп.
Эки киши аткарып,
Кадырбайга кат салып.
Сен чакырып келгин деп,
Мырзабекти аткарып.
Шооруктун уулу Абдырай,
Абдырай баатыр келсин деп,
Келип конок жесин деп.
Ага да киши жиберди.
Кандар келди кагышып,
Аскери менен жарышып.
Жетиден желдет алышып,
Айтылат алар жомокко,
Ал үчөө келди конокко.
Сары бээ чалдырып,
Сыр челекке салдырып.
Конокторго берүүгө,
Албан-албан тамакты.
Сары мейиз жемишти,
Шаарынан алдырып.
Анжы менен алчаны,
Анжияндан алдырып.
Кокок менен курманы,
Кокондун каны Кожобек,
Калаасынан алдырып.
Малды союп кан кылып,
Ар бир түрлүү нан кылып.
Тамак ашты толтуруп,
Алыстан конок келет деп.
Чынкожо, Толтой эки кан,

Конок тосуп олтуруп.
Үй көтөрүп тай союп,
Өрүштөн тандап бээ союп,
Конок тосту эки кан.
Конок тосуп калган жер,
Чакырган конок барган жер.
Конокту астап күткөн жер,
Беймандар барып түшкөн жер.
Жедигер каны эр Толтой,
Кан Шыгайдын Чынкожо,
Жарым ай конок күткөн жер.
Улуусуна улуудай,
Улуу тонду кийгизип,
Созулган жорго мингизип.
Кичүүсүнө кичүүдөй,
Кичүү тонду кийгизип,
Аргымак, күлүк мингизип.
Жеткайтка келген коноктор,
Көңүлү ачык кеп кылып.
Көрдүңбү көкжал Чынкожо,
Көрбөгөн элди бет кылып.
Арстан Толтой эр баатыр,
Кана Чынкожо досум айткын деп.
Топтошуп аткан конокко,
Кыларыңды айткын деп.
Абдырай, Төлөк, Кадырбай,
Үчөөнүн барды кашына,
Чынкожо барды астына.
Үч баатыр сизге кеп айтам,
Эп болсо кепти көп айтам.
Эп болбосо жөн кайтам,
Айт, айт төрө акыл кеп,
Абдырай айтты макул деп.
Ошондо Чынкожо баатыр кеп айтты.
Айтканга кулак салгыла,
Абайлап угуп алгыла.
Мен алыстан көчүп келгеним,
Жеткайтты келип жердедим,
Мынабу эр Багыш элин элдедим.
Манастын уулу Семетей,
Баскан күлүк ат бербей,
Жакасы жайык тон бербей.
Кеп айтууга кеп бербей,
Өзүнөн башка кишини,
Как өзүнө теңебей,
Өткүрлүк кылат ченебей.
Береги Толтой баатырдын,
Кумарбектин Шаатемир,
Эки кызы бар экен,
Эрке тууган жан экен,
Элкин өскөн бала экен.
Силер өңдүү баатырга,
Жолдош болчу жан экен.
Ошо Шаатемир кызы Чачыкей,
Бирөөнүн аты Көкмончок.
Шаатемир Толтой кайны экен,
Кичи кызы Чачыкей,
Бу Толтойдун зайбы экен.
Манастын уулу Семетей,
Тентип жүрүп чоңоюп,
Кайра келип элине.
Атка минип эрбейип,
Адам болуп оңолуп.
Оңолбогон бу дардаң,
Манас менен бир жүргөн,
Бакай деген кары бар.
Эл таанышып келем деп,
Шаатемирдин шаарына,
Семетейди ээрчитип,
Ошо Бакай барыптыр.
Кызды көрүп Семетей,
Куп жактырып алыптыр.
Айдап калың мал берем,
Алты күндө келем деп.
Качып жүрүп чоңоюп,
Манастан калган каралды,

Калкына келип оңолуп.
Арстан Бакай эр айтып,
Шаатемирге кеп айтып.
Шаатемир, Бакай сүйлөшүп,
Кичи кызың баланды,
Көрүп бастым санаамды.
Келин кылып алайын,
Боруму жакшы көрүнөт.
Кудай берет экен деп,
Манастан калган жетимче,
Жолдош болор бекен деп,
Акка мойнун сунуптур.
Кооп алып кан Бакай,
Куда болом сага деп,
Эңкейип кулдук уруптур.
Шаатемир эси чыгыптыр,
Ушу Бакай шер эле,
Арстан баатыр Манасы,
Алып жүргөн эр эле.
Ушу Бакай келгенде,
Манасты Бакай сүрөгөн,
Душманды кардай күрөгөн.
Манас элдин жолборсу,
Манастын Бакай жолдошу.
Бербегеним болбойт го,
Бейлин салып келиптир,
Бербеген ойго койбойт го.
Коркконунан Шаатемир,
Атказып кызын бериптир.
Манастын уулу Семетей,
Баламды алып кетти деп,
Баатыр Бакай абасы.
Байкап турсам мүнөзүн,
Бербесем бейпай кылчудай.
Коркконуман бердим деп,
Кан Шаатемир кат жазып.
Ээ оңолбогон бу дардаң,
Же кызды алып атказып,
Эр Багыштын жалгызы,
Катынын тартып алгандай,
Салтка бузук салгандай.
Кайдан чыккан эр эле,
Бакай буйла чоюптур,
Шаатемир кызын алганда,
Кайрылып барбай коюптур.
Күйгөнүнөн Шаатемир,
Манастын уулу Семетей,
Алып кетти деп айтып.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Манастын уулу дардаңпоз,
Бу Толтойдон өөдөсүп,
Толтойдун зайбын алыптыр.
Мен билем мунун дайнын деп,
Акункан эле кайны деп,
Айчүрөк деген зайбы деп.
Уламалар кеп айтат,
Акундун кызы Айчүрөк,
Учуп кетет деп айтат.
Дардаңпоз муну туя элек.
Акункан менин кайным деп,
Айчүрөк менин зайбым деп,
Бу дардаң кабар уга элек.
Кече Манас баатыр барында,
Кан Акунга куда эле.
Далай кандын чоңу эле.
Акункандын кызына,
Баатыр Манас кеп угуп,
Башка бала деп угуп.
Арстан Манас кеп угуп,
Артык бала деп угуп.
Айдап калың алыптыр,
Төрт түлүктүү мал менен,
Куда болуп барыптыр,
Бел куда болуп сүйлөшүп.
Абалы мурун дос экен,
Антташып куда болуптур.

Манастын уулу дардаңпоз,
Эсерлигин уккула.
Атасы тапкан кайны экен,
Алуучу Чүрөк зайбы экен.
Аны албай бу дардаң,
Толтойдун зайбын алат деп.
Жооп бербей чоңсунуп,
Эчтемени кенебейт.
Калайыктай кең журтту,
өз боюна теңебейт.
Мен силерди чакырып,
Акыл чыгар бекен деп,
Айтып сөздү турганым.
Ала көөдөн дардаңдын,
Бери баатыр Толтойго,
Айчүрөк алып берели.
Ушу баштан дардаңга,
Тең өңдөнүп жүрөлү.
Бербеймин десе Акундун,
Аскер менен баралы,
Кара шаар калаасын,
Камкырата чабалы.
Күтүп алсын Акункан,
Баатыр Манас баласын.
Берем десе Акункан,
Билерлүктүү зор кылып,
Барын бирдей кор кылып.
Миң жылкы менен баралы.
Бу болбосо Акундун,
Чындап салган калаасын,
Чыркыратып баласын,
Какырата чабалы.
Ушу сөзүм эппи деп,
Уга турган кеппи деп.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Келген канга кеп айтып,
Менин кебим кандай деп айтып.
Кара сакал Кадырбай,
Сен айткан кепти мен уктум.
Манастын уулу Семетей,
Өчөлөнүп келгенде,
Өз атасын өлтүрүп,
Өткөрө чыкты деп уктум.
Бул ала көөдөн дардаңды,
Ушу баштан баспасак.
Көтөрүлсө оң кылбайт.
Акыр түбү бу дардаң,
Баарыбызды соо кылбайт.
Абдырай айтты макул деп,
Чынкожонун айтканы,
Адам тапкыс акыл деп.
Анда Абдырай кеп айтат,
Атасы Манас болгон соң,
Билбейм кандай болот деп айтат.
Коңурат кандын эр Төлөк,
Кооп алып күүлөнүп,
Адыраңдап сүйлөнүп.
Чынкожо минтип турган соң,
Ала көөдөн дардаңдын,
Темиркандын шаарына,
Кудайдан тапкан бу дардаң,
Тентиген аты өчкөнсүп,
Атам Манас дегенсип,
Жерим Талас дегенсип,
Толтойдун алат зайбын деп.
Чынкожо минтип турган соң,
Катын эмес, калаасын,
Чабалы мунун айлын деп.
Чынкожонун айтканы,
Эр Төлөккө болду эп.
Үч кан менен беттешип,
Чынкожонун айтканы,
Кандай кылса эп дешип.
Кандай кылса акыл деп,
Кожонуку макул деп.
Чынкожо, Төлөк, Кадырбай,

Бет сүйлөшүп алышып.
Берем Толтой баатырга,
Барып акыл салышып.
Толтойго Төлөк кеп айтып.
Акункандын шаарына,
Бармак болдук деп айтып.
Айчүрөк деген учкуч кыз,
Алмак болдук деп айтып.
Арстаным досум сүйүнчү,
Айчүрөк алып келебиз,
Сизге алып беребиз.
Берен Төлөк эр айтат.
Кана баатыр эр Толтой,
Сүйүнчү бергин деп айтат.
Биз эки күнү сүйлөшүп,
Төртөөбүзгө эп болду,
Сизге айтар кеп болду.
Арстан Толтой эр айтат,
Уктум айткан сөзүңдү.
Катылбас жоого кабылып,
Калбайлы бекер чабылып.
Асманга чыгып көкөлөп,
Кайып болуп жүрбөйлү.
Бу дардаңга кабылып,
Майып болуп жүрбөйлү.
Атасы Манас шер эле,
Бир колдогон эр эле.
Атышкан жоону айдаган,
Азууга салып чайнаган.
Кармаганы ок болгон,
Кабылган киши жок болгон.
Тиштегени ок болгон,
Тиктеген киши жок болгон.
Мусулмандын шери эле,
Дин мусулман пендеге,
Алалуу коргон чеп эле.
Кызыл куйрук нар эле,
Дин мусулман пендеге,
Калалуу коргон жар эле.
Айтасыңар дардаң деп,
Ошондон калган бала деп.
Ойлогула баарыңар,
Кече белсенип атка мингенде,
Бек кайраты келгенде,
Бээжинди бузган талкалап.
Какайып атка мингенде,
Кайраттанып киргенде,
Каканды бузган талкалап.
Кече Каркыранын жазында,
Көкөтөй кандын ашында.
Ошондо көрдүм эле Манасты.
Капырды койдой кырды эле,
Дин мусулман пендени,
Калкалап багып турду эле.
Кытайды койдой кырды эле,
Дин мусулман пендени,
Кыйындап багып турду эле.
Дин мусулман кол жыйып,
Капыр кошо келди эле.
Мусулманга кошулуп,
Кошо бата берди эле.
Ошо батадан бүткөн балага,
Урушуп уят болбойлу.
Катылып кордук көрбөйлү,
Байкагыла баатырлар,
Кокусунан өлбөйлү.
Өкүм Төлөк кеп айтат,
Толтой бу кебиңди ит угат,
Ит укпаса ким угат.
Өчөлөнүп келгенде,
Өз атасын өлтүргөн.
Мунун кимге тиет калкасы.
Кыйыктанып келгенде,
Кырк чоросун кыйраткан.
Кеңколдо жатат жерсинип,
Өзү жеке эрсинип.

Же жыйып койгон колу жок,
Атасы Манас өңдөнүп.
Салып койгон чеби жок,
Кураган аскер колу жок,
Эчтеме менен ою жок.
Мен элден элес кеп уктум,
Эки бала ээрчитип,
Эчтемени элебей,
Өзүнчө жүрөт деп уктум.
Арстан Толтой угуп тур,
Корксоң баатыр дардаңдан,
Бастырганга жол берем,
Кармашууга кол берем,
Жоо-жаракты мол берем.
Кепти Төлөк баштады,
Арстан Толтой баатырдын,
Айткан кебин жаратпай,
Алыстан Төлөк баштады.
Чынкожо менен Абдырай,
Чымырканып Кадырбай.
Ээнбаш өскөн канкордун,
Эмгеке башын салалы,
Мунун катынын мурун алалы.
Алып туруп Чүрөктү,
Анан Таласка чабуул салалы.
Эки күнүң канча күн,
Кылыч менен чечели.
Түндүгүнүн бүркөсүн,
Найза менен тешели.
Кокустан калсам талашып,
Урушам десе көрөлү,
Ушу турган бешөөбүз,
Убаданы берели.
Канча аскер болсо болот деп,
Жыялы аскер шаардан.
Канча болсо Толтойго,
Купулуңа толот деп.
Төлөк айтса такылдап,
Ар немени көп ойлоп.
Эмесе Төлөк макул деп.
Келсең Төлөк жол менен,
Он эки миң кол менен.
Кадырбай качан келесиң,
Сен канчаны бересиң.
Арстан Толтой эр баатыр,
Көтөрүлүп алган жер.
Айчүрөктү алууга,
Көңүлдөнүп калган жер.
Кадырбай каны кеп айтты,
Алты миң аскер берем деп.
Кадырбай, Төлөк айткан соң.
Кара чоку Абдырай,
Акылынан шашканы,
Айтпайсыңбы баатыр деп,
Чынкожо, Төлөк каптады.
Абдырай каптоо көргөн соң.
Ары ойлонуп толгонуп,
Алда нече ойлонуп.
Бери ойлонуп толгонуп,
Мен айтайын кебимди,
Элим начар жөөсү көп,
Таппай турам эбимди.
Мингизерге ат жетпейт,
Кийгизерге тон жетпейт.
Деп ошентип Абдырай,
Айтып туруп төртөөнө,
Жедигер жеткен байлыкка,
Атасынын ордуна.
Отурган Толтой кандыкка.
Аскердин бергин эсебин,
Ат мингизем жөөсүнө,
Тон кийгизем үстүнө.
Ошондо Толтой эр айтат,
Колуңдагы эр беле,
Берчи эсебин деп айтат.
Мен элиме барайын,

Эл эсебин алайын.
Кары-картаң, кемпир-чал,
Муну барып жыяйын.
Он башы менен жүз башы,
Муну эсеп кылайын.
Эл кармаган миң башы,
Аны астыма алайын.
Эр бүлөөнүн баарысын,
Аскер кылып алам деп,
Элге кабар салайын.
Элим мынча экен деп,
Кайрылып кайра келейин,
Мынча болот колум деп,
Силерге кабар берейин.
Айтты баатыр Абдырай,
Макул деди Төлөгү,
Токтоп калды бөлөгү.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Убакты өтүп баратат.
Жаратып атты мингин деп,
Талыкпай элге баргын деп,
Элиңе кабар салгын деп.
Элим мынча экен деп,
Он эки күндүн ичинде,
Кайра тартып келгин деп,
Келип жооп бергин деп,
Буйрукту кылды Чынкожо.
Атка тердик салды эми,
Күрөң чунак, Туучунак,
Бирөөн минип алды эми,
Күндөп-түндөп отуруп,
Шаарына барды эми.
Элине кабар салды эми,
Калк чогултуп жыйды эми.
Аламын деп аскерге,
Эсеп алып болгондо.
Тайчыман менен Койчубек,
Эл эсебин алгын деп.
Эр бүлөөнүн баарысын,
Сен эсепке салгын деп,
Убада кыйын болду деп.
Улук баатыр Чынкожо,
Катуу айтып койду деп.
Эки жигит аткарып,
Элебей жатып алба деп,
Эки күнгө калба деп.
Эр Абдырай тапшырды,
Тайчыман менен Койчубек,
Кандын кебин куп жаттап,
Айылдын баарын кыдырып,
Жашы өтө элек эр бүлөө,
Баарын катка салган жер,
Абдырай канга барган жер,
Эсебин алып болгон жер.
Эр Абдырбай аскери,
Кудай билер чын болсо,
Жети миңге толгон жер.
Калайык каны көп журтун,
Кагазына жыйган жер.
Катын менен баланы,
Кемпир менен чалдарды,
Ыйлаганын тыйган жер.
Кадырбайдан өттүм деп,
Көтөрүлүп алган жер.
Төбөсү көккө тийгендей,
Чынкожо, Төлөк, Толтойго,
Аскеринин эсебин,
Абдырай айтып барган жер.
Акылы толук жашы бар,
Уламалуу кары бар.
Ошол элдин ичинде,
Ушакчысы дагы бар.
Кан чогулуп кеңешип,
Кара колун теңешип.
Бир Чүрөктү алууга,
Акылдашып олтуруп,

Аскерди жыйып толтуруп.
Жыйылып аскер барганда,
Аскеринин эсебин,
Чынкожо, Толтой алганда.
Эр бүлөнүн баарысын,
Аскер кылып алды эми.
Аскер кылып алганда,
Мынча болду аскер деп,
Ак кагазга салганда.
Жерге аскер толду эми,
Кудай бетин көргөзбө,
Эсебин алса аскердин,
Жыйырма эки миң болду эми.
Акунканга барганга,
Айчүрөк кызды алууга.
Айласы келсе Таласты,
Андан кийин чабууга.
Башын кошкон беш баатыр,
Убаданы бек кылып,
Ушу сөздү тангандыы,
Убададан жангандыы.
Алакан жайган бата урсун,
Ак курандын каты урсун,
Атылган мылтык ок урсун,
Түтөгөн мылтык чогу урсун.
Чынкожо, Толтой, Эр Төлөк,
Кадырбай менен Абдырай,
Беш жерде жүргөнт кан эле.
Манастан калган балада,
Эмине өчү бар эле.
Найзага желек тагышып,
Аскердин башы кагышып.
Найзанын учу кылкылдап,
Кындагы кылыч жылтылдап.
Семетей баатыр барынан,
Айчүрөктүн айынан.
Ай коноктоп калкылдап,
Кара курттай кылкылдап.
Алты асаба калың кол,
Атка минди кылкылдап.
Жердин бетин чиркеген,
Күндүн жүзүн бүркөгөн.
Ала байрак куу найза,
Алар жүрдү бир башка.
Өткөрө чечен тилдүүлөр,
Өкүмдөн кайтпас жиндилер,
Булар башка жүрүштү.
Мылтык атар мергендер,
Көзгө саяр көсөмдөр,
Көптү көргөн эчендер.
Добул кагып тарсылдап,
Домбура чалып баркылдап.
Чынкожо, Төлөк, Кадырбай,
Арстан Толтой, Абдырай,
Айдап алып жөнөдү,
Акунканга бармакка.
Кеңеши жок, кеби жок,
Айчүрөк кызды көрмөккө.
Кең Ополго бармакка,
Айчүрөк кызды алмакка.
Калың кара кол алып,
Азык-түлүк мол алып.
Жети асаба кол алып,
Ок-дарысын жүктөшүп.
Аскердин башы кылкылдап,
Айзанын учу кылкылдап.
Чынкожо колу бир бөлөк,
Толтойдун колу бир жөнөп.
Абдырай, Кадырбай колдору,
Артынан барчу кош жөлөк.
Боз аттуулар бөлүнүп,
Болумдуулар көрүнүп.
Караттуулар бөлүнүп,
Кайраттуусу көрүнүп.
Мылтык атар мергенди,
Астына салып айдады.

Найза саяр мыктууну,
Көт жагынан салганы.
Кудай бетин көргөзбө,
Ак асаба, кызыл туу,
Сурнайын тартышып,
Чуркурап ыйлайт көп аскер.
Жердин үстү ызы-чуу,
Жер жайнаган көп аскер.
Астынан чыккан айбанды,
Атып кетип баратат.
Ат болушка салышып,
Үзөнгүлөр кагышып,
Шашып кетип баратат.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Алтын айдар сыр желек,
Алып кетип баратат.
Астын баштап аскердин,
Багып кетип баратат.
Ак асаба кол менен,
Ар кайсы түрлүү жол менен.
Аскар-аскар тоо менен,
Кайберен жүрчү жер менен.
Бузурмак быткыл бел менен,
Бугулар жүрчү жер менен.
Аркар менен кийикти,
Телки менен жейренди.
Эчки менен текени,
Кырып кетип баратат.
Бугу менен маралды,
Мылтык менен атышып,
Жыгып кетип баратат.
Күнү-түнү бек жүрүп,
Он алты күнү жол жүрүп,
Жер майышып кол жүрүп.
Араң жетти Ополго.
Кош түшүрүп туу тигип,
Жазып калды ошондо.
Абдырай, Төлөк эр айтат,
Ат өргүтүп токтолуп,
Он алты күнү жол тартып,
Ат чаалыгып калды деп.
Акункандын шаарына,
Катуу чабуул салалы,
Каптап кирип баралы.
Эшигинин көнчөгүн,
Кылыч менен кесели.
Түндүгүнүн бүркөсүн,
Айза менен чечели.
Бордоголуу боз үйүн,
Боорго желек жабалы.
Кармаша чыгып келгендин,
Бооруна айза тыгалы.
Ак асаба, кызыл туу,
Шаарынын четине,
Жакын барып жаялы.
Талаадагы жылкысын,
Чогу тийип алалы.
Кармап бээсин соелу,
Көтүнөн келген ээсин,
Чыгара чаап мээсин.
Чыгаралы абалдан,
Капкайдагы кээсин.
Кереттүү Толтой кеп айтат,
Кадырбай, Толтой деп айтат.
Акункан деген улуктан,
Кандай жаман күн болот.
Чыгалбайбыз баарыбыз,
Кудай жазган буйруктан.
Арага элчи салалы,
Мурун кабар алалы.
Элчилерден кеп угуп,
Камынып калган эл болсо,
Кармаша чыкчу жоо болсо.
Бекинип калган эл болсо,
Беттеше чыкчу жоо болсо.
Ууру жолу бар чыгар,

Кандай аскер болду экен,
Кармашууга камынып,
Улуу заада Акункан.
Абалдан берки кан эле,
Күткөн колу бар чыгар.
Аскери чыгар атышып,
Ок-дарысын чачышып.
Айзакер чыгар бөлүнүп,
Ууру жолу бар болсо,
Бекинип калган жан болсо.
Мергенге жолду тостуруп,
Камынып калган эл болсо.
Кан көтөрүп бекерге,
Кармаша чыгып нетели,
Бир катынды алам деп.
Касиеттүү кан деген,
Шаарына киши барбаган,
Калкын бекем кармаган.
Кайтарган аскер бар болор,
Бир кыз үчүн урушсак,
Каечалык киши жай болор.
Бирдикти мага бергиле,
Кеп табуучу чеченди,
Тилине адам эриген.
Бек сүйлөгөн баатырды,
От чачырап деминен,
Ошону танлап алалы.
Опол менен үргөнчтүн,
Айланасын чалалы,
Камынган аскер жок болсо.
Арага барган аскерге,
Оргу-баргы кеп айтса,
Кыз бербеймин деп айтса,
Анан кийин баралы,
Айлына чабуул салалы.
Дөөгүрсүгөн Акундун,
Кызын эмес катынын,
Эркегин байлап кул кылып,
Катынын алып күң кылып.
Солкулдаган мырзасын,
Таманга басып буй кылып.
Баатырсыган мыктуусун,
Байлап алып кул кылып.
Жаккан отун өчүрүп,
Кетели анан көчүрүп.
Толтой табат акылды,
Топ-тобунан бөлүнүп.
Чечендер чыгып кеп айтат.
Толтойдуку акыл деп,
Ушул сөзү макул деп.
Арага элчи салды эми,
Кээ бирөө кеп айтып,
Талаада малды тала деп,
Жасатып каршы коргонду,
Алып келип кама деп.
Семиздерин сойгун деп,
Кара этине тойгун деп.
Казы менен картасын,
Азык кылып койгун деп.
Аскерге жылкы айдатып,
Жайдын толук кези экен,
Тизилтип кулун байлатып,
Тизелешкен жер ошол.
Тим жаткан элге кол салган,
Чынкожо, Толтой эр ошол.
Арага элчи барсын деп,
Айтышып турган кеп ошол.
Каратып коюп аскерге,
Кан Акун шаарын көрүшөт.
Айланасы чеп коргон,
Тегереги бек экен.
Шаарын катуу бекиткен,
Шайманы бекем эл экен.
Ат тизгинин бурушуп,
Арага келген элчилер,
Акункандын шаарына,

Араң багып киришип.
Күүгүм кирди, күн батты,
Көлөкөлүү көп сарай,
Дарбазалуу чоң сарай,
Арачы барып жатышат.
Шаарынын шаңы бул экен,
Астап-астап аралап,
Барып жооп алалы.
Бет сүйлөшүп кеп айтып,
Кыз сурап келдик деп айтып.
Айткан жообун угалы,
Аста-аста сүйлөшүп,
Акырындык кылалы.
Бекем-бекем кеп айтсак,
Кызыңды бергин деп айтсак.
Эки колду байлатып,
Даргасына айдатып,
Тарттырып коюп жүрбөсүн.
Чогон-чогон кеп айтсак,
Астырып коюп жүрбөсүн.
Таң аткыча сүйлөшүп,
Арага келген элчилер,
Алапайын табалбай,
Кан Акундун астына,
Ээн басып баралбай.
Күн кызарып таң атып,
Шаарынын ичи мунарык.
Чагылгандын отундай,
Баары жарык тунарып,
Барган элчи кубанып.
Ат жетелеп жөө басып,
Мойнуна камчы салышып.
Акункандын астына,
Чай маалында барышып.
Мамысына ат байлап,
Аш тамагы мол жайнап.
Карып калган чагы экен,
Сексен менен токсондун,
Ортосуна Акункан,
Барып калган чагы экен.
Азыз мейман келди деп,
Чай куюучу чай чыны,
Кан Акункан алдырып,
Аш тамагын жай кылып,
Алдына олпок салдырып.
Кайдан келген мейман деп,
Кан Акункан сый кылып,
Күтүп калган жер ошол.
Эр Төлөктүн иниси,
Төлөкө деген бир жигит,
Төрө кыял башкача.
Биздин жайды сурасаң,
Чынкожо, Толтой эр келди,
Абдырай, Төлөк кан келди.
Кара сакал Кадырбай,
Аскери менен ал келди.
Акункан деген даңкың бар,
Калкыңан кабар угуптур.
Айчүрөк деген кыз сурап,
Жедигердин эр Багыш,
Жалгыз уулу эр Толтой.
Күйөө кылып алсын деп,
Курчалып куда болсун деп.
А болбосо Акункан,
Айлын чаңдан бөлсүн деп,
Ак асаба, кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн деп.
Айза  сайып, туу жайып,
Турушаар жерин айтсын деп.
Аскер чыгып беттешип,
Урушаар жерин айтсын деп,
Айтып турат Төлөкө.
Өзү улук Акункан,
Эминени көрдү деп,
Аскер менен келди деп.
Аскер санга толду деп,

Опол менен үргөнчтүн,
Ортосуна конду деп.
Баймырза уулу Ажыбай,
Тапчу сөздү кажыбай.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Акундун кызы Айчүрөк,
Үч атадан үч жалгыз,
Акылдашып жүрчү эле,
Баарын Чүрөк билчү эле.
Түмөнбай деген баатырдын,
Оройлугу бар эле,
Оргу-баргы жан эле.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кылганы журтка даң болгон.
Акункандын ордуна,
Он эки жылы кан болгон.
Ойлонуп Чүрөк түшүнгөн.
Олуя заада канкордун,
Артында калган тукуму,
Кайра келип калк сурап,
Улук болгон шукулду.
Карыгыча Айчүрөк,
Арка чачын түйөт деп,
Эрге тийбей жүрөт деп.
Жаак чачын түйөт деп,
Акун кызы Айчүрөк,
Күйөөгө качан тиет деп.
Күбүр кылып жүрчү экен,
Бир кудай кошсо табам деп.
Олуянын тукуму,
Баатырдан калган жалгызек,
Баласына тием деп.
Бул Айчүрөк күйчү экен.
Арага келген элчиге,
Ажыбай келип кеп айтат.
Кыз алуучу эр болсо,
Айдап калың мал алып,
Айры өркөчтүү нар алып.
Билериктүү сур алып,
Миңче жылкы куралып,
Келбейби анан суранып.
Аскер куруп алгандай,
Атышарга кол болуп.
Кош түшүрүп туу тигип,
Келип жатып калгандай.
Бул эмине дегени,
Эр Түмөнбай келсин деп,
Билген жообун берсин деп,
Ажыбай айтты ушу кеп.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Түбөлүгүн ойлогон.
Катуу-катуу кеп укса,
Акыл көрүп ойлогон.
Элчинин келди астына,
Кан Акундун кашына.
Жайнап элчи олтурат,
Эр Түмөнбай келгенде,
Кан Акунга кеп айтат.
Кана балдар деп айтат,
Чоң Акунга кеп айтат,
Чочугандай деп айтат.
Мынабу келген адамдар,
Элчиликке келиптир,
Эр Багыш кандын элинен,
Ак асаба, туу менен.
Айчүрөктү берсин деп,
Айчүрөктү бербесе,
Аңгемемди көрсүн деп.
Беш кандын эли келиптир,
Арага элчи жиберип.
Элчисине кеп айтып,
Берсин кызын деп айтып.
Балдар жооп бергиле,
Мейман менен сүйлөшүп,
Берели макул дегиле.
Эр Түмөнбай кеп айтат,

Аскер менен келгидей,
Мен айлына чабуул бардымбы,
Ушу беш кан элинин,
Малын тийип алдымбы.
Элине чабуул бардымбы,
Ушу беш кан элинин,
Элин түрүп салдымбы,
Күнкор болуп калдымбы.
Аскер менен келгидей,
Айчүрөк берсин дегендей.
Сыйы менен келбейби,
Сыйлуу сөздү укпайбы.
Мойнуна курун салбайбы,
Улуксунбай Чүрөктү,
Куда болуп албайбы.
Жиберген кепти укпайбы,
Күнкор болсом Түмөнбай,
Кызын тартып алам деп,
Анан кийин чыкпайбы.
Же берген кепти укпайбы,
Жатык айтып келбейби,
Жайылтып калың бербейби.
Айдап калың мал алып,
Алтын, күмүш зар алып.
Анан кызыңды бергин дебейби.
Эр Түмөнбай кеп айтты,
Мен Чүрөктү бербейм деп айтты.
Кайраты катуу жан эле,
Ал аскери менен келгендей,
Чүрөктү кармап бергендей,
Күнкор киши бекемин.
Жылкы тийип айлынан,
Айыпка кармап бергендей,
Булкор киши бекемин.
Аскери менен келиптир,
Билемин мунун дайнын деп.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ногойдон кордук көрүптүр.
Кордугун көрүп ногойдун,
Ошону менен келиптир.
Элчилерге кеп айтат,
Эр Түмөнбай кеп айтат.
Арачыга кеп айтат,
Мен кыз бербейм деп айтат.
Элчилерди кетирип,
Акункандын астына,
Энесинин кашына,
Айчүрөктү келтирип.
Кандай айла болот деп,
Кетет экен айла деп.
Айчүрөккө кеп айтып,
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Абдырай, Төлөк эгиз дөө.
Аскер жыйып алыптыр,
Чүрөк сени алам деп,
Улуу суунун боюна,
Чоң Ополдун оюна,
Кош түшүрүп салыптыр.
Кандай айла болот деп,
Элге эмгек салабы,
Катуулук калкка кылабы.
Аскери арбын көп экен.
Камбылдык акыл тапкын деп,
Ажыбай айтып сурады.
Акундун кызы Айчүрөк,
Менин атым Чүрөк деп,
Атым Чүрөк коюлган,
Эмине болгон дүмөк деп.
Мал бер десе мал берип,
Дан бер десе дан берип,
Үй бер десе үй берип.
Алты айга күйүп бергин деп,
Бет отуруп сүйлөшүп.
Тилекти бирге тилешип,
Куда болуп келсин деп,
Курултуп малды берсин деп.

Атам кары өзүм кыз,
Айлам барбы душманга,
Анан алам десин деп.
Кыл мурутун түйсүн деп,
Бир кыйлага күйсүн деп,
Анан баркы менен келсин деп.
Алат экен кимиси,
Бактуу күйөө болсун деп,
Наркы менен келсин деп,
Нарктуу куда болсун деп.
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп тай союп,
Анан алам десин деп.
Барбасам мага чала деп,
Аскери менен келген соң,
Табылбайт ага чара деп.
Айчүрөк кыздын айтканы,
Акыйкат айткан акыл деп,
Эр Түмөнбай жатканы,
Картайып калган Акундун,
Кайгысы ичке катканы.
Түн уйкусу бөлүнүп,
Ошо кезде Акундун,
Аргасы турат түгөнүп.
Элчилер кайра барган жер,
Чынкожо менен Толтойго,
Барып жооп айткан жер.
Элчиге бизди жиберип,
Кан Акункан кеп айтты,
Ар кандай сөздү көп айтты.
Ажыбай деген уулу бар,
Айтканы жанды ээриткен,
Чечендиги бар экен,
Бендеден башка жан экен.
Түмөнбай деген бар экен,
Түмөнбайы кеп айтты,
Эр өлтүрүп салбасам,
Күнкор болуп калбасам.
Жылкы тийип албасам,
Ууру кылып мал алып,
Айыпкер болуп калбасам,
Эминеге берем деп,
Түмөнбай айткан ушу кеп.
Чынкожо, Толтой кеп угуп,
Кызыталак ооганды,
Кыйындык менен алалы,
Кыйырына кыргын салалы,
Башына азап салалы.
Баркы менен бербесе,
Кызыталак ооганды,
Баарын чаап алалы.
Элин айдап көчүрүп,
Жаккан отун өчүрүп.
Шаарын бузуп талкалап,
Элин айдап бөлөлү,
Мунун кармашканын көрөлү.
Жиберди кайра элчини,
Айчүрөктү берсин деп.
Айчүрөктү бербесе,
Буурсунун бургузбайм.
Кызыталак ооганды,
Бул үргөнчкө тургузбайм.
Жерге эгин чачтырбайм,
Жердин бетин ачтырбайм.
Калаанын ичин кан кылам,
Калаадан чыккан кишисин,
Кармап алып жай кылам.
Жалдуу жылкы мингизбейм,
Жаакалуу кийим кийгизбейм.
Куйруктуу токту сойдурбайм,
Кызыталак ооганды,
Бул үргөнчкө койдурбайм.
Чынкожо, Толтой күүлөнүп,
Элчини кайра жиберип.
Кайгыны калкка тарттырбай,
Кармап кызын бербесе,

Кагышканды көрсүн деп.
Калың кара кол менен,
Каралаган эл менен.
Жайылган кызыл туу менен,
Күндө ызы-чуу менен.
Айчүрөктү алмакка,
Камап жаткан жер ошол.
Кой кайтарган койчуга,
Мал кайтарган малчыга,
Жылкычысын байлатып,
Буга отун жактырып.
Акункандын шаарынан,
Чыкпайт киши бастырып.
Бир Чүрөктүн айынан,
Беш кандын эли кас болуп,
Камап жаткан жер ошол.
Чынкожо, Толтой баш болуп,
Абдырай, Төлөк, Кадырбай,
Кызыталак ооганга,
Кылалы деп кызыкты,
Салалы деп бузукту.
Кайраттуу киши дейсиңер,
Сындыралы белин деп,
Чаап алып элин деп.
Таш коргонун кулатып,
Катын-кызын ыйлатып.
Жаккан отун өчүрүп,
Шаары менен көчүрүп.
Баатырсыган акмактын,
Баардык малын өлтүрүп.
Кылбаганды кылалы,
Кыйынсыган эр болсо,
Кыргын салып чыгалы.
Калың кара кол менен,
Караламан эл менен,
Каптаганда көрсүн деп.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Баштаганда көрсүн деп.
Чыдаса чыгып келсин деп,
Чыдабаса жетелеп,
Колундагы Чүрөгүн,
Алып келип берсин деп.
Кармашса чыгып келсин деп,
Кармашпаса Чүрөгүн,
Кармап чыгып берсин деп.
Кололуу кумган колго алып,
Колун жууп берүүгө,
Күңү менен берсин деп.
Калк кубанып калууга,
Пулу менен берсин деп.
Эки экиден сүйлөшүп,
Эрмек кылып жүрүүгө,
Кызы менен берсин деп.
Макмал бычып шай кылып,
Баары жогун жай кылып.
Калайлап үйүн тигүүгө,
Узу менен берсин деп.
Акундун кызы Чүрөктү,
Алууга келген беш баатыр,
Камап жакын барган жер.
Азганакай оогонго,
Коркуу түшүп калган жер.
Карыган Акун улукка,
Кыйноо түшүп калган жер.
Кандай заман болот деп,
Ыйлоо түшүп калган жер.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эч айласын табалбай.
Кыз да болсо Чүрөктү,
Атаңдын көрү дүнүйө ай,
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Салмак болду дүмөктү.
Айласын кандай табабыз,
Айланайын Айчүрөк,
Кантип аман калабыз.
Акыл салып Чүрөккө,

Ажыбай менен Түмөнбай.
Айласы кетип бул экөө,
Ай караңгы түн болду.
Айланайын Айчүрөк,
Түгөнгөн арга күн болду.
Эки агасы муңканып,
Чүрөкө ыйлап кеп айтып,
Эмине болот деп айтып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Билбеген киши өңдөнүп,
Кабагын бүркөп болкулдап,
Күлүп көөнү жазылбай,
үшкүрүгү басылбай.
Ыйлашып болуп солкулдап,
Атам кары өзүм кыз,
Кагылайын агалар,
Айлам барбы душманга,
Мунун сураганын бергиле.
Каалсаңар Чүрөктү,
Биз беребиз дегиле.
Он эки жылы кан болуп,
Оогандын элин сурадым.
Атаңдын көрү арман күн,
Бүгүн сыртым капа, ичим чок,
Кайгылуу болуп турамын.
Кайгы, кордук өткөрүп,
Эки ай эсеп кылайын,
Эсеп кылып бүткөрүп,
Ак көйнөк кармап кийейин,
Чынкожо менен Толтойго,
Анын бирөөнү каалап тийейин.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кабактары ачылып,
Көңүлдөрү жазылып.
Чынкожо, Төлөк баатырдын,
Айтканын бер төртөөнүн,
Эки айга мөөнөт бергин деп,
Анан Чүрөктү алгын деп.
Салтанат менен Чүрөктү,
Атадан жалгыз кыз эле.
Жүктөөрүнө төө берем,
Түрлүү-түрлүү пул берем,
Кызматын кылып берүүгө,
Алар замат кыз берем.
Кийиндирип туруугa,
Жазгы жийде гүлүндөй,
Жаш жыгачтын бүрүндөй,
Жашыл жибек түрүндөй.
Жүк астына серилип,
Басарына эригип.
Чай кайнатып, кирин жууп,
Бар кызматын кылууга,
Айдай сулуу кыз берем.
Ишин кылып берүүгө,
Ар бир түрлүү уз берем.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Арага киши салган жер.
Бул айтканы акыл деп,
Алабыз деп Чүрөктү,
Камап жаткан калың жоо,
Санаасын басып калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айланып учуп алмакка.
Манастан калган баланы,
Муну издеп бармакка,
Жалынды кудай арбакка.
Канатын жерге жайган жер,
Куйругун кумга сайган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Учмак болду көкөлөп.
Табайын деп баатырды,
Издемек болду төтөлөп.
Учарында Айчүрөк,
Жакага жамгыр куйдурду,
Бөксөгө мөндүр төгүлттү.

Камап жаткан көп жоону,
Асмандан булут бурултуп,
Алты сай мөндүр чубуртуп,
Көктөн түтүн бурултуп.
Кар аралаш муз мөндүр,
Дөө менен периче.
Ок аттырып чубуртуп,
Асмандан мунар бөлүнтүп.
Айласын таппай турсун деп,
Алты сай мөндүр төгүлтүп.
Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып жаркылдап,
Кубулуп учуп куркулдап.
Жерде жүргөн адамга,
Аккуу болуп көрүнүп.
Ак тасма белге сыдырып,
Ат боройдун барысын,
Айланып учуп кыдырып.
Пери заада Айчүрөк,
Капталга канат тагынып,
Сооруга куйрук сайылып.
Мойнуна тумар тагынып,
Тумшукка болот бастырып,
Тегеректи чалган жер.
Көкбөрүнүн Темирчи,
Шаарына барган жер.
Узун мойнун сунган жер,
Барып сынап турган жер.
Муну алып мен барсам,
Чынкожо менен Толтойго,
Кармашып алы келбейт го,
Амыс алып бербейт го.
Буудайык кандын Музбурчак,
Буга барды Айчүрөк.
Муну алса алам деп.
Кабагы бийик бою узун,
Ачар болчу жан экен.
Кармашып жоону жеңбейт го,
Амыс алып бербейт го.
Оң айланып калкылдап,
Оболоп учуп жаркылдап.
Катагандын элине,
Кадимки Кошой элине.
Барды кандын шаарына,
Кан Кошойдун жанына.
Ар бир түрлүү кубулган,
Ак була кийип бүгүлүп,
Тактадагы Кошойдун,
Астына барды жүгүрүп.
Карыядан кеп уккан,
Кече канкор Манас баатырга,
Жолдош болду деп уккам.
Жаш кезинде атанган,
Уламадан бата алган,
Улук Кошой атанган.
Байкап Чүрөк караса,
Мурутунун агы экен,
Букар кетер чагы экен.
Сакалынын агы экен,
Сапарга чыгар чагы экен.
Жаш кезинде кабылса,
Жарыктык тийип алчу жан экен.
Барса Кошой карыптыр,
Токсон менен сексендин,
Ортого жашы барыптыр.
Муну алып барам деп,
Убагы өткөн карыны,
Убалына калам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жана айланып учуп жөнөдү.
Кеңкол менен Таластын,
Кайнатасы Манастын,
Жерин издеп табам деп,
Сурап өткөн калың журт,
Элин издеп табам деп.
Алда таала кудурет,

Атабыз кошкон баланы,
Ошону издеп табам деп.
Тегеренип калкылдап,
Мойнунда тумар жаркылдап.
Таласты издеп табам деп.
Оболоп учуп алыптыр,
Пери заада Айчүрөк,
Талас эмес Бээжинге,
Жаңылып учуп барыптыр.
Он эки капка Бээжиндин,
Тегерегин чалыптыр.
Бээжиндин тышы чеп экен,
Ичи толгон эл экен.
Карап турса Бээжинди,
Калдайы бар, беги бар,
Канча түркүн эли бар,
Кара кулак шери бар.
Мунаралап бекиткен,
Бурчун көрүп Бээжиндин,
Кара курттай кайнаган
Журтун көрүп Бээжиндин.
Дубал кылып салдырган,
Чебин көрүп Бээжиндин.
Турна моюн кең көөдөн,
Эрин көрүп Бээжиндин.
Чоюн кулак, чоюн алп,
Зорун көрүп Бээжиндин.
Караламан кайнаган,
Жазайылдан кармаган.
Дарбазанын жолунда,
Кылычтары колунда.
Колун көрүп Бээжиндин.
Угуп жүргөн карыдан,
Садагасы кетейин.
Ушу турган Бээжинге,
Кантип уруш салды экен.
Казат кылып кан кечип,
Кандай күндө барды экен.
Айланасы бек экен,
Темирден салган чеп экен,
Пенде баргыс жер экен.
Кантип кирип алды деп,
Кайнатасы Манастын,
Колдогону болбосо,
Ушунчалык жер экен.
Кантип уруш салды деп.
Бээжинди көрүп жактырып,
Бейлине түшүп бир кудай.
Акундун кызы Айчүрөк,
Мына айланып учуп жөнөдү,
Айлана учуп калкылдап,
Асмандап учуп жаркылдап.
Улабас тоонун оюнда,
Улуу суунун боюнда.
Бир айбаттуу адам көрүнөт.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Көргөндө көөнү бөлүнөт.
Абдан байкап караса,
Тайгандай кара аты бар,
Жан казандай башы бар.
Табактай кызыл бети бар,
Ала кардай көзү бар.
Колундагы кармаган,
Алтындан кылган канжа бар.
Он эки сайлуу чоң мылтык,
Алган экен асынып.
Ок-дарыны артынып.
Кебез өтүк, кендир бел,
Келишимдүү жан экен.
Алдындагы мингени,
Куюн болуп кубулат,
Түтүн болуп созулат.
Үстүндөгү кишиси,
Канжасы аттын белиндей,
Мурдунан чыккан таноосу,
Талаанын шамал желиндей.

Кабагын көр, кашын көр,
Түптөп чыккан чалкандай.
Мурутун көр, эрдин көр,
Эшип койгон аркандай.
Сакалы сак-сак көрпөдөй,
Өңү бышкан өпкөдөй.
Алтын айдар шуру чок,
Кийгени башка жаркылдап.
Алдындагы Кара аттын,
Жүргөнү башка алкылдап.
Байкап турса Айчүрөк,
Желгенине жел жетпес,
Жебелеп аткан ок жетпес.
Басканына мал жеткис,
Маашалап аткан ок жеткис.
Жаратылган шер экен,
Атаганат кудурет,
Капырдыгы болбосо,
Тийип алчу эр экен.
Калкы менен ушуну,
Билип алчу неме экен.
Ак жибектей толгонуп,
Чынкожо, Толтой жайынан,
Камаган жоонун айынан.
Тийсемби деп ойлонуп.
Буга тийип алсамбы,
Өкүмсүгөн Чынкожо,
Тийип алып ээрчитип,
Муну алып барсамбы,
Элине кыргын салсамбы.
Сүйсөм буга тием деп.
Тийип алсам капырга,
Динге кийрип билем деп.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Бейлине салды бир кудай.
Кыяматка барганда,
Антташкан элдин тукуму,
Азабына күйөм деп,
Кааласам буга тием деп.
Тийип алсам ушуга,
Динге кийрип билем деп.
Акыретке барганда,
Атадан калган жалгыздын,
Азабына күйөм деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айланып учту кайрылып.
Арбак менен кудайга,
Зарыгып ыйлап жалынып.
Көтөрүлүп куркулдап,
Кайнатасы Манастын,
Кармашкан жоосун көрүптүр,
Бээжиндин каны Коңурбай,
Жеке жүрүп жер чалып,
Тийсемби деп Айчүрөк,
Көңүлүн көпкө бөлүптүр.
Беришге салып бейлине,
Бир кудай түшүп дилине.
Олуя заада аты кыз,
Оолугуп уруш салды деп,
Он эки капка Бээжинди,
Кандай кирип алды деп.
Олуя заада капырдын,
Кайнатам менен кармашкан,
Адамдан артык шер экен.
Кандай билбей калды деп.
Бээжинге келип чаң салган,
Бир кудайдын жардамы.
Кайнатабыз баатырдын,
Конду бекен арбагы.
Артында калган көпөлөк,
Ага барып мен тийсем.
Кармашкан жоого кабылса,
Тиер бекен жардамы.
Сары талаа Медиан,
Канатын жайып конду эми,
Акундун кызы Айчүрөк,

Кайнатасы Манастын,
Арбагында колдо деп,
Куран окуп болду эми.
Арабыча бат окуп,
Ак куранды жат окуп,
Молдолугу бар эле.
Асмандап учуп айланган,
Учкучтугу бар эле.
Уккан экен карыдан,
Манастын калган Семетей,
Батадан калган бала эле.
Жөнүнө кудай салгандыр,
Атасынын арбагы,
Жөлөп, колдоп калгандыр.
Талыгып издеп табам деп,
Кеңкол менен Таласка,
Так үстүнө барам деп.
Көкөлөп учуп Айчүрөк,
Көтөрүлүп алган жер,
Көп жерге учуп барган жер.
Алтын така, жез өкчө,
Айдаркан кандын кан Көкчө,
Шаарына барган жер.
Аңылдаган казактын,
Барып, көрүп алган жер.
Ак тасма белге сыдырып,
Семетейдин барынан,
Камаган жоонун айынан.
Ат боройдун баарысын,
Жарым ай учуп кыдырып.
Манастан калган балага,
Айланып учуп баралбай.
Кеңкол менен Таласты,
Жүргөн Чүрөк табалбай.
Бейшемби күнү бешимде,
Ошо күнү кечинде.
Асмандап учуп алыптыр,
Кайнатасы Манастын,
Калаасына барыптыр.
Кеңкол менен Таластын,
Талаасына барыптыр.
Байкап Чүрөк караса,
Түнөрүп жатат түптүү бак,
Түбү ийилип алма шак.
Карарып атат калың бак,
Калаасын багып кайтарган,
Ай көрүнгүс багы бар,
Алты миң аскер дагы бар.
Дарбазанын жолунда,
Жалаң кылыч колунда,
Кылычтары белинде.
Колоктору колунда,
Ок-дарысы койнунда.
Бекзаатынан бешөө бар,
Желдетинен жетөө бар.
Таластын ичи мунарып,
Шаардын үстү тунарып.
Көрүп Чүрөк кубанып.
Бордомолуу боз сарай,
Борумун айтса бир далай.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кантип жооп алам деп,
Алда таала кудурет,
Нике кошкон Семетей,
Муну кайдан табам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ала таңдын оюна,
Кеңколдун берки четине,
Барды Чүрөк кечинде.
Уй кайтарган бадачы,
Шурубектин баласы.
Аккуу кебин таштады,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кап жамынып аркага,
Куржун салып мойнуна,
Мойнун кайра бурган жер.

Бадачыдан кеп сурап,
Бала төрө Семетей,
Кайда болот деп сурап.
Бул бадачы кеп айтат,
Кайтарганым уй болсо,
Жүргөн  жолум бул болсо.
Талаалап өскөн мен элем,
Калаага басып кирбейм деп.
Бала төрө баатырдын,
Кайда экенин билбейм деп.
Бадачыдан кеп угуп,
Билбеймин дайнын деп угуп.
Боруму башка көрүнгөн,
Акундун кызы Чүрөктүн.
Биле албай көөнү бөлүнгөн.
Чийлүү коонун четинде,
Күн кызарып батарда.
Кой кайтарып сай-сайлап,
Короологон кой айдап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Колуна алган ак таяк,
Кой кайтарган салпаяк.
Барды мунун жанына,
Туруп алды алдына.
Бул койчудан кеп сурап,
Бала төрө Семетей,
Үйү кайсы деп сурап.
Тетиги мунарып аска көрүнгөн,
Бурчунан түтүн созулган.
Башы алтын, сары жез,
Узундугу  такыр кез.
Бу төрөнүн мамысы.
Малайлар атын байлаган,
Башка жан басып барбаган.
Айнеги көөхар кешик жез,
Семетей кандын үйү ошол.
Эки бөлөк ичке сай,
Кеңколдун башы жайыкта,
Элестеп көзгө көрүнөт.
Көрүп туруп Чүрөктүн,
Көргөндө көөнү бөлүнөт.
Мунарып көзгө көрүнгөн,
Ээн жерде мунарган,
Көөхар жакут таш эмес.
Же тартып койгон жошо эмес,
Же сыйпап койгон чоку эмес.
Тетиги турган эмине,
Деп ошентип Айчүрөк.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аны сурап турсаңыз,
Манас деген кан өткөн,
Мекеден уста алышкан,
Мединадан келдик деп,
Беш адам келип салышкан.
Атабыз Манас баатырдын,
Тышына чынар бүрдөгөн,
Жер жемиш көшүп гүлдөгөн,
Аралап киши жүрбөгөн.
Атабыздын күмбөзү.
Айтып берди Чүрөккө,
Күмбөздүн жайын уккан соң.
Жарганаттай жылт коюп,
Кыргоолдой жылт коюп.
Жанына жакын барды эми,
Тизеси менен чөк түшүп,
Эки колу боорунда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кайнатасы Манасты,
Ак жибек болуп бүгүлүп.
Айланайын жарыктык,
Кайнатасы Манастын,
Күмбөзүнө жүгүнүп.
Кармаган жоодон качкан күн,
Кайнатасы Манастын,
Калаасын издеп тапкан күн.
Кудайга иш жаккан күн.

Акка моюн сунган жер,
Куран окуп сыйынып,
Айчүрөк ыйлап турган жер.
Кечеги Чынкожо, Толтой айынан,
Камаган душман барынан,
Баатырдан калган тукум деп,
Балтадан калган укум деп.
Көңүлүн зарга толтуруп,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Куран окуп отурса,
Бир эки караан көрүндү.
Жакын келсе карааны,
Саамайында чачы бар,
Алмадай болгон башы бар.
Он бир менен он эки,
Байкап турса баланын,
Көзүнөн көөрү төгүлөт,
Пендеден сүрдүү көрүнөт.
Караса бойдон кан тамат,
Тиктесе көздөн от жанат.
Чалынган кылыч белинде,
Алтын ооз мылтык далыда.
Жоого барган эмедей,
Ар түрлүү жабдык жанында.
Жанында жүрөт бир бала,
Оңкоро мурун, жаргак көз,
Маңдайы жарык жайык төш.
Соорусу жайык, кең далы,
Боруму башка экен деп.
Көрүнүп калсам көзүнө,
Мерт кылып коер бекен деп.
Кубула берди Айчүрөк,
Адам кебин таштады,
Кайнатасы Манастын,
Күмбөзүнө айланып.
Тегеренип басканы,
Көзү түшөт балдарга.
Боруму башка жаралган,
Жүргөнү башка адамдан.
Карап турса Айчүрөк,
Мамыга атты чалышып,
Ошо Манас баатырдын,
Күмбөзүнө барышып,
Жаш кезинде катыгып,
Бала болду атыгып.
Ак куранды жат окуп,
Адис болгон Күлчоро.
Эл аралап көп жүрүп,
Тааныш болгон Күлчоро.
Куран окуп шакылдап,
Табарик менен жаазынды,
Экөөн бирдей жат окуп,
Таңкалгандай бат окуп.
Алакан жайып алышып,
Атка минип калышып,
Калааны көздөй жарышып.
Оң олоңду бек кылып,
Оодарышып ойношуп.
Алгылыңды бек кылып,
Аңтарышып ойношуп.
Кындан кылыч алышып,
Чын өлтүрчү немедей,
Кыя кармап салышып.
Каныкейдин ордого,
Кирип барды жарышып.
Бери заада Айчүрөк,
Ак саамайы өрүлүп.
Баланын түрү бир башка,
Балдардын шаңы көрүнүп.
Атын угуп билсин деп,
Калаасына аралап,
Маңдайына барсам деп.
Ушул эки баланын,
Атын угуп алсам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Короолудай жоргогон,

Барды Манас шаарына.
Байлоодо турган жорголор,
Атып аткан ордолор.
Тигип койгон үйү бар,
Үй ичинде олтурган,
Сурак кылган бийи бар.
Мунарып күйгөн шамы бар,
Атка минип жол чалган.
Көчөнү багып аралап,
Көп аскер жүрөт талаалап.
Каныкей багып уз кылган,
Асырап багып кыз кылган.
Кереттүү болгон көп жандын,
Каныкей баккан Кермекаш.
Ала тамак Маймончок,
Мойунунда жаркылдап.
Каалга ачып шарк этип,
Эшикке чыкты жарк этип.
Боруму түзүк жан экен,
Балдардын атын уксам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аккуу кебин таштады,
Астыны көздөй басканы.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кермекаштын кашына.
Кол алышып көрүшүп,
Ой эжеке кеп айтам.
Тыштан келген эки жаш,
Экөө окшош бала экен.
Адамдан башка жан экен.
Мен көрө элек бала экен.
Ошо кайсы балдар деп,
Сурап турат Айчүрөк.
Апей, көтөк катыгүн,
Анын бирөө Күлчоро,
Бирөөнүн аты Канчоро.
Бала төрө баатырдын,
Абаң Семетейдин иниси.
Адамдан башка көрүнүп,
Ак булгун болду кийгеним.
Ушу Кеңколдо жүрүп чоңойгом.
Бу Канчоро менен Күлчоро,
Экөөнү кантип билбедиң.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кермекаштан кеп угуп.
Семетейдин иниси,
Эки бала деп угуп.
Жараткан кудай жалгыз ак,
Берер болсо берер деп.
Буларга азыр мен барсам,
Дөөгүрсүгөн арамды,
Камап жаткан душмандан,
Амыс алып берер деп.
Ат байлаган мамыга,
Акундун кызы Айчүрөк,
Мамынын барды жанына.
Таалайбектен кеп сурап,
Ушул элдин төрөсү,
Үйү кайда деп сурап.
Кеңколдун бою төш жакта,
Боруму башка көрүнөт.
Көөхар айнек жез эшик,
Тетиги Семетей кандын сарайы.
Айтып берди Таалайбек,
Семетейди көрмөккө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ар түрлүү болуп кубулуп.
Семетейдин эки кул,
Экөөнү көрүп сүйүнүп.
Төрөсү кандай болду деп,
Мунарган терек узун тал,
Башына конуп алды эми.
Акундун кызы Айчүрөк,
Баатырдын түрүн көрсөм деп,
Барып токтоп калды эми.
Ордосун байкап караса,

Оюн ойноп кыз чыгып,
Бу кыздардын артынан,
Кызгалдактай кылактап,
Кынап кийген бешмантын,
Кызыл тубар көйнөктөр,
Этеги чыгып чубактап.
Упа менен эндикти,
Беттерине жамынган.
Шуру менен берметти,
Омуроого тагынган.
Алтындан чапкан аркалык,
Аркасына салынган.
Баатыр төрө келет деп,
Ат алууга камынган.
Кол кармашып алышып,
Колтукташып басышып,
Теңи келин, теңи кыз.
Башы алтын жез мамы,
Мамыга басып барышып,
Шакылдашып ойношуп,
Шаракташып күлүшүп.
Жаак чачын сылашып,
Күүгүм кирип, күн батып,
Күн кеч болуп баратат.
Качан келер экен деп,
Алача бойлоп бурушуп.
Бала төрө келгенде,
Төрөнүн атын алмакка.
Бу Чачыкей кылган салтанат,
Семетей жаткан сарайга,
Төрөнүн атын алышып.
Бутун жерге тийгизбей,
Так көтөрүп алчу эле.
Бала баатыр төрөнү,
Ордого алып барчу эле.
Баатыр келер маалында,
Кыз-келин тосуп калчу эле.
Бул эмине борум деп,
Күүгүм кирди борум деп.
Атаң аңдуунун айынан,
Алмалуу Кеңкол жолунан,
Эки бала көрүнөт.
Карааанды байкап караса,
Көмөктөй шумкар колунда,
Бир жаш бала жанында.
Чоңдугу тоонун нарындай,
Толкуган көлдүн шарындай.
Жазы маңдай, жалпак тил,
Жалкайыңкы көрүнөт.
Адамдан башка боруму,
Залкайыңкы көрүнөт.
Тоногон нардай зоңкоюп,
Адамдан башка болкоюп.
Жазык маңдай айры төш,
Ала кардай эки көз.
Мамысына барды эми,
Тегеректеп келин-кыз,
Баатырдын атын алды эми,
Ак олпокко салды эми.
Баатырды жерге бастырбай,
Так көтөрүп алды эми.
Ордону көздөй көтөрүп,
Кыз-келин алып барды эми.
Каалга тартып шаңкайып,
Оймок ооз, кумар көз,
Басып чыгып бир катын,
Астын тосуп калды эми.
Алтай сапар  жол жүрүп,
Алыстан келген немедей,
Кол алышып калды эми.
Келин-кызга көтөртүп,
Алып үйгө барды эми.
Баарын көрүп Айчүрөк,
Баатыр төрө экен деп.
Катын атын алганы,
Ак олпокко салганы,

Көтөрүп үйгө барганы.
Текебер бала экен деп,
Атасы улук баатырга,
Кандай кылып сүйлөшүп,
Жооп алсам экен деп.
Көсөө куйрук көк шалбырт,
Көнөктөй шумкар көтөрүп,
Жанында жүргөн жаш бала,
Тууруна кондуруп.
Алган экен ак куржун,
Канжыгага бөктөрүп.
Ак куржундун ичинде,
Жеңекеси Чачыкей,
Канаттуу этин жечү эле.
Шумкар салып Семетей,
Өрдөк, чүрөк, кууларды,
Тоодогу жүргөн уларды.
Балага шумкар салдырып,
Кекилик, кыргоол алдырып.
Чачыкейдин тамагы,
Бу түгөнүп кетет деп,
Эки, күндө, үч күндө,
Баатырдын уулу Семетей,
Эрке өстүрүп катынын.
Адамдан бөлөк бир башка,
Селки өстүрүп катынын.
Акундун кызы Айчүрөк,
Көрүп турат акырын.
Кудай таала кудурет,
Салтанаты бар экен.
Бастырып шумкар салганда,
Кайра үйүнө барганда,
Аскер, желдет чогулуп,
Тегеректеп калбаспы,
Барып атып албаспы.
Катыны начар экен деп,
Текеберлүү жан экен.
Баатырдан калган жалгызы,
Кесири тиер бекен деп.
Куржундагы канаттуу,
Катыгыш чыгып учташып,
Бирин-бири мушташып.
Канаттуу этин туздашып.
Алтын ача жез шыргый,
Атчасына келчү экен.
Эрке катын Чачыкей,
Адамдан башка жүрчү экен.
Манастын уулу баатырды,
Ою менен билчү экен.
Кашына катын жыйчу экен,
Жан жөкөр кыздан алчу экен.
Комузчуну жыйдырып,
Кыякчыны чакырып,
Семетейдин ордого,
Чачыкей оюн салчу экен.
Бала төрө дардаңды,
Ою менен билчү экен.
Эч адамдан кеп укпай,
Сен кайдасың деп укпай,
Ойноп-күлүп жүрчү экен.
Манастын уулу Семетей,
Эки күндө, үч күндө,
Буурул атты минчү экен.
Чачыкейди багууга,
Канаттууну алдырып,
Колуна шумкар алчу экен.
Тоо айланып куш салып,
Семетей шумкар салчу экен.
Акундун кызы Айчүрөк,
Семетей минген Буурулду,
Мамыда турат маңкайып,
Айбандан башка заңкайып.
Эки кулак ортодо,
Акундун кызы Айчүрөк,
Мунарып шамы бүлбүлдөп.
Айланайын жаныбар,

Арбактуу жылкы экен деп.
Жараткан кудай жалгыз ак,
Ушул атты мингизип,
Өлбөсөм алып кетем деп.
Ойлоп турат Айчүрөк.
Айчүрөк басып барганда,
Чылбырынан алганда,
Куйругун жайып суналып,
Айчүрөкө кыналып.
Көкүлүнөн күйгөн шам,
Ачык күйөт мунарып.
Уккан экен элестен,
Атадан калган аты деп.
Ат ушундай болбойбу,
Ушул атты мингизген,
Атасынын аркы деп.
Маңдайын сылап үч жыттап,
Басып кетти Айчүрөк.
Акундун кызы Айчүрөк,
Басып үйгө кирген жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Баары жайын билген жер.
Каалга ачып буралып,
Кыз-келинди аралап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ар түрлүү болуп кубулуп.
Кудай билет чын болсо,
Олуя заада Семетей,
Оң жагына барган жер,
Оң тизесин бүккөн жер.
Кандай болор экен деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ой ойлонуп күткөн жер.
Өзү бери билинбей,
Эчкишиге көрүнбөй.
Семетейдин жанында,
Кандай да болсо алам деп.
Арбактуу эрдин тукуму,
Үргөнчө алып барам деп.
Кучакташып бир жатып,
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып жатам деп,
Мойнуна колум артам деп.
Элдир-селдир уктатып,
Баатырдын сырын тартам деп.
Аркар менен кулжадай,
Айкалышып жатам деп.
Алып жүргөн эмедей,
Жайкалышып жатам деп.
Чала-була талытып,
Анан сырын тартам деп.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Бала төрө Семетей,
Маңдайына барганы,
Кошо туруп калганы.
Элестеп эч ким билген жок,
Эч ким байкап көргөн жок.
Алган зайбы Чачыкей,
Келин-кызга чай берип,
Бала төрө дарданга,
Балга кошуп май берип,
Албан-албан дан берип.
Кокок деген жемишти,
Тасторконго толтура,
Анжыр менен алчаны,
Түрлүү жемиш канчаны.
Аш тамакты жайнатып,
Өзү жалгыз жечү эле.
Канаттуу этин кайнатып,
Бал бышырып дан кошуп,
Баркы менен жечү эле.
Бала төрө баатырга,
Алган зайбы Чачыкей,
Барктуу болуп жүрчү эле.
Баатырга кесир тиерин,
Чачыкей кайдан билчү эле.

Аш тамакка тойду эле,
Жатаар маалы болду эле.
Аюу талпак, ак супай,
Чачыкей туруп салды эле.
Жакасы алтын чоң жууркан,
Мамык жаздап башына.
Бала төрө баатырдын,
Олпок таштап астына.
Семетей менен Чачыкей,
Коюндашып жатты эле.
Акундун кызы Айчүрөк,
Моюндашып жатты эле.
Төшөкө башы тийгенде,
Жаңы уйкуга киргенде.
Чачыкейдин мурдуна,
Акундун кызы Айчүрөк,
Чымчым дары жыттатып,
Чачыкейди уктатып.
Манастын уулу Семетей,
Талма тийген эмедей,
Талыкшытып уктатып.
Жараткан кудай буюрса,
Баш коштурар бекен деп.
Кабыл келсе тилегим,
Үргөнчкө алып кетем деп.
Баатырга дары жыттатып,
Элдир-селдир уктатып.
Эр Семетей баатырга,
Түшүнө кирип кеп айтып,
Билесиңби деп айтып.
Кан атаң тапкан кайныңды,
Кан Акундун кызы эле,
Эмдигиче барбайсың,
Эмине барып албайсың,
Айчүрөк деген зайбыңды.
Атакең тапкан кең конуш,
Эмине барып конбойсуң,
Кайнатаң Акун чоң улук,
Калк сурады кан болуп.
Эмгиче барып койбойсуң,
Кан атаң тапкан кайныңды,
Айчүрөк аттуу зайбыңды.
Аламын деп барбайсың,
Катыныңды албайсың.
Оң саамайын түйөм дейт,
Олуя заада атаңдын,
Оорагын сыйлап жүрөт дейт.
Желке чачын түйөт дейт,
Жетим жүрүп жетилген,
Келер бекен күйөөм деп,
Сени күйүп жүрөт дейт.
Арка чачын сылайт дейт,
Аман-эсен барбы деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Көп кишиден сурайт дейт.
Атакеңдин даңкы бар,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Адамдан башка баркы бар.
Атакең тапкан катыңды,
Алсаң боло каркыбар.
Түшүнө кирип Айчүрөк,
Барып кабар салган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Таң аткыча баатырга,
Түшүнө кирип кеп айтып,
Акункан деген кайныңды,
Айчүрөк деген зайбыңды,
Барып алгын деп айтып.
Таңдын элес селинде,
Асанчы асан коердо.
Манастын уулу бул ордо,
Эшендер мечит басарда,
Элчогулуп катарга.
Боюң эрип калды го,
Боюн сууга салсын деп,
Бой дааратын алсын деп.

Мечитине барсын деп,
Намазын окуп келсин деп,
Кирди мунун түшүнө.
Эшен, молдо чогултуп,
Түш жорутуп көрсүн деп.
Каалга ачып шарп этип,
Алтындан кылган аркалык,
Аркасында жарк этип.
Манастын уулу баатырдын,
Акылы айран бөлүндү.
Көзүн ачып караса,
Семетейдин көзүнө,
Элес-булас көрүндү.
Баатырдын уулу дардаңдын,
Бул эмине болду деп,
Көңүлү эчен бөлүндү.
Койнундагы Чачыкей,
Булкуп алды Семетей.
Ой, Чачыкей тургун деп,
Жулкуп алды Семетей.
Таза даарат алайын,
Элдин асты баргандыр,
Денемди суугa салайын.
Түндө жатып түш көрдүм,
Чоң ажайып иш көрдүм.
Же туура келчү түшүмбү,
Же бузулуп калчу ишимби.
Карбаластап Семетей,
Ак чапанын жамынып,
Дааратына камынып.
Үстүнө капкак жаптырган,
Манастан калган кудуктун.
Малдар басып барат деп,
Бейдаарат киши суу сузуп,
Кудугунан алат деп.
Жанына темир кынатып,
Темир жасап үй тигип.
Киши кирип алсын деп,
Каалганын бетине,
Айчыктап алтын бастырган,
Аскерине мактырган.
Кудуктан алып келгин деп,
Боюм эрип калыптыр,
Кусулума бергин деп.
Барып алып келгин деп,
Башка сууга түшпөймүн,
Батыраак алып келгин деп.
Кандай болуп калды деп,
Асты-кийнин чалгын деп.
Таңдын жарык шообунда,
Абайлап басып баргын деп.
Эки мизи жой болот,
Кокустан чочуп кетет деп.
Манастын уулу Семетей,
Кынабына салды эми,
Чоң шамшарды колтуктап,
Колундагы кумганга,
Кошо кармап алды эми.
Кудукка жакын барганда,
Канатын жерге каккылап,
Куйругун сууга чапкылап,
Кукулуктап үн салып.
Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып жаркылдап.
Монун салып кудукка,
Тегедеге чыккан чөп,
Кукулуктап чөп оттоп.
Көрө коюп Чачыкей,
Жүнү сонун кубулган,
Үнү башка угулган,
Кайдан келип урунган.
Арбагы азыз атамдын,
Арбагы айдап келген го.
Жалгызымдын жолдошу,
Багып алсын деген го.
Муну кармап алам деп,

Энем менен өзүмдүн,
Орто бойго бугуму,
Эркелетип багам деп.
Бедери алтын чоң жоолук,
Башынан жулуп алды эми,
Аккууга жаба салды эми.
Андан кетти секирип,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эми кармап алам деп,
өзүм баса калам деп.
Этек-жеңи жайылып,
Чөөгүнүн колдон ыргытып.
Бутундагы кийгени,
Бутунан кетти бөлүнүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Мурун басып барганда,
Куркулдап үнү угулган,
Алда нече кубулган.
Учуучудай оштонуп,
Учуп кетет экен деп,
Эки колун жайды эле.
Акундун кызы Айчүрөк,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эки колун жайганда,
Кармайын деп барганда.
Айдай бети жарк этип,
Жана көрсө куу эле,
Эми кыз болуп тура калды эле.
Жалган айтса кесирет,
Жалгачу кудай кечирет.
Эрке өскөн катынга,
Тура калып кыз болуп.
Колунан кармап кеп айтып,
Кол кармашып бек айтып.
Беш колунда бар экен,
Бир кудай берген эжекем.
Оң колунда бар экен,
Олуя заада эжекем.

Акундун кызы Айчүрөк,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Колунан кармап алган жер.
Кол кармашып коштошуп,
Айчүрөк менен Чачыкей,
Бет алышып калган жер.
Маңдайлашып калганда,
Мени эжекелеп көп айткан.
Келип жүргөн эмедей,
Башта мурун беттешип,
Көрүп жүргөн эмедей.
Боконо жүрөк болкулдап,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Канетсе Чүрөк капыр деп.
Коркуп калды солкулдап,
Жылан көргөн эмедей.
Жыйрыла түшүп токтолуп,
Жүрөгү коркуп козголуп.
Эсине келбей Чачыкей,
Күлдөй өңү кубарып,
Эки көзү тунарып.
Капырай эмине болуп кетти деп,
Айчүрөк чочуп уялып.
Айчүрөк колдон алды эми,
Шаатемир кызы Чачыкей.
Менин эрим Семетей,
Кусул кылар убагы.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бейлин көрүп Чачыкей.
Кое бергин колумду,
Кокустан этим көгөрөт.
Көрүп койсо эл билет.
Кече кан атам күткөн балага,
Эч адам басып келчү эмес.
Катын эмес булакты,
Эркек киши көрчү эмес.
Кайраттанып Чачыкей,
Айчүрөктөн кеп сурап,

Жүрөсүң кайдан деп сурап.
Каарланып бек болуп,
Акундун кызы Чүрөккө.
Таңдын жарык шоогунда,
Калган элек бет болуп.
Бу кески Чүрөк экен деп,
Айчүрөк кармайт колунан.
Кое бер канчык кетпейм деп,
Кобулдай болгон колуңан.
Мен садага кетейин,
Муруңку түшкөн жолуңан.
Калаалуу коргон чарбакка,
Айланса болот арбакка.
Кагылайын эжеке,
Бедериңди көргөндө,
Бейлим кетти эридим.
Маңдайыңды көргөндө,
Баатырдын уулу жалгыздын,
Чөөгүн кармап буралып,
Өзүң басып келгенде,
Сени көрүп кубанып.
Төрөгө жолдош экен деп,
Кудайым берер бекен деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Азыр кошо барсам деп,
Дарбазаны ачам деп.
Оң саамайы бириндеп,
Төрөмдүн жүзүн көрөм деп.
Колундагы ак чөөгүн,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колуна кармап алды эми.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Колун булкуп алды эми.
Ойноп айтпай чыныңды айт,
Ойноктобой сырыңды айт.
Жерден чыккан жексиңби,
Жебирейил сенсиңби.
Суудан чыккан суксуңбу,
Шумурайыл кан чукум.
Кайнатамдын шаарына,
Кандай басып келдиң сен.
Атабыз бирге куугандай,
Энебиз бирге туугандай.
Мени эжеке дедиң сен,
Сен кайдан келген кишисиң.
Чачыкей айтты булкунуп,
Манастын уулу Семетей,
Эри өлгөндөй жулкунуп.
Менин дайным сурасаң,
Кайнатам тапкан кайнымын,
Сенин күйөөң Семетей,
Никелеп алчу зайбымын.
Дайнын айтып берейин,
Атамдын аты Акункан,
Өзүмдүн атым Айчүрөк.
Камаган жоонун айынан,
Калың колдун барынан.
Аттын оозун жаят деп,
Атадан жалгыз баатырды.
Кандын айлын камаган,
Кармашууга киши жок.
Айдап малын талаган,
Келген жоонун айынан.
Издеп келдим эжеке,
Сенин төрөң Семетей,
Ушунуң аман барынан.
Асыл башым бул кылып,
Айылды чаап бур кылып.
Кездешкен жоонун айынан,
Сенин төрөң Семетей,
Ушунун аман барынан,
Бет алышып мен келдим.
Бедериңди мен көрдүм,
Как астыңа мен келдим.
Кагылайын эжеке,
Кабагыңды мен көрдүм.

Баатырга салган сарайга,
Сени менен кошулуп,
Кошо басып барайын.
Жакшы көрсө кудай ак,
Маңдайлашып сүйлөшүп,
Барчу жообун алайын.
Барбаймын десе төрөңүз,
Кандай айла кылайын.
Жүр эжеке, байбиче,
Үйүңө кирип чыгайын.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жалынып ыйлап турган жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бейлин шайтан бурган жер.
Бери заада Чүрөккө,
Бекем кайрат кылган жер.
Татай канчык не дейсиң,
Эр издеген сен белең.
Эркек керек болду деп,
Айттырып койгон сен белең.
Эр табуучу мен белем,
Менин төрөм баатырга,
Кабылып калсаң кокустан,
Эчкидей башың алат деп,
Эшектей кардың жарат деп.
Билинсең сени соет деп,
Биле электе кет кайра,
Эки көзүң оет деп.
Кабылсаң сени соет деп,
Кара көзүң оет деп.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кое бер канчык колумду.
Уктум сенин жайыңды,
Билемин сенин дайныңды,
Ачамын сенин айбыңды.
Эрге тийчү сен белең,
Акундун кызы Айчүрөк.
Пенде менен перинин,
Ортосунда жаралган.
Асмандан учуп айланып,
Учуп кетчү жери бар.
Адамзаат болуп сүйлөшүп,
Айтыша турган кеби бар.
Манастын уулу баатырга,
Буюрса кудай кабылып,
Тийип алар жери бар.
Чачыкей угуп элестеп,
Коркуп жүргөн чени бар.
Кое бер канчык колумду,
Менин төрөм баатырга,
Тийип алчу сен эмес,
Сени алдырып койчу мен эмес.
Күйүп айтам өзүңө,
Менин төрөм баатырга,
Көрүнбөгүн көзүнө.
Билинип калсаң өзүнө,
Көрүнүп калсаң көзүнө,
Кара көзүң оюучу,
Кабылып калсаң союучу.
Эчкидей башың алуучу,
Бооруңан жарып салуучу.
Каарман тууган эр болот,
Менин төрөм баатырга,
Кандай адам тең болот.
Уккамын сенин дайныңды,
Билгемин жүргөн айбыңды,
Сенин кыдырбаган жериң жок.
Деп ошентип Чачыкей,
Катуу айтып Чүрөккө.
О, эжеке, байбиче,
Сенден эр талашсам оңбоюн,
Эгерде эки болбоюн.
Сенден баш талашсам оңбоюн,
Ушу сөздү калп айтсам,
Мынабу Чүрөк оңбоюн.
Атам кары, өзүм кыз,

Камаган жоонун айынан,
Эр издеп учуп мен келдим,
Эжеке сени мен көрдүм.
Кан атам тапкан кайным деп,
Алуучу мени зайбым деп.
Кааласа алсын өзүмдү,
Эжеке сенден күйөө талашсам,
Карга ойсун көзүмдү.
Кололуу кумган колго алып,
Оң жагыңан толгонуп,
Кол жуугучуң болоюн.
Беделдүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн.
Көчкөндө төөң комдоюн,
Өрдө жүгүң оңдоюн.
Ушу сөздү калп айтсам,
Эгерде эки болбоюн.
Жатаар маалың болгондо,
Жаныңа басып келейин.
Кусул маалың болгондо,
Суу жылытып даярдап,
Колум менен берейин.
Албайм десе төрөңүз,
Атасы тапкан кайны экен,
Намыс үчүн келдим мен.
Атынын оозун керсин деп,
Ажыратып көп жоодон,
Атасы тапкан кайын журт,
Төрөң барып көрсүн деп.
Ушу сөздү калп айтсам,
Ак саамайым өрбөйүн,
Астыма бала көрбөйүн.
Оң саамайым өрбөйүн,
Оң тиземе ойнотуп,
Сол тизеге сооротуп,
Барсандын үнүн укпайын.
Кой эжеке, байбиче,
Сенин таманыңан чыкпайын.
Эки бирдей баланы,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кече көрүп кечинде,
Баскан экен санааны.
Балдары мындай экен деп,
Бадыша кандай экен деп.
Бир кудай салып оюна,
Манастын уулу баатырдын,
Жаткан экен койнуна.
Сыйынып кудай арбакка,
Мурунку зайбы Чачыкей,
Бир беттешип калмакка,
Кабылган экен кашына,
Турган экен астында.
Бейлине шайтан толгон жер,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бери тийгендей болгон жер,
Көөнүнө шайтан толгон жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Жин тийгендей болгон жер.
Колун булкуп күүлөнүп,
Кое бер деп сүйлөнүп.
Эр таппаган эчкисиң,
Эл куруткан кескисиң.
Эр издеген сен болсоң,
Эр табуучу мен болсом.
Чачыкей айтты жүйөнү,
Акундун кызы Чүрөккө.
Ак маңдайы жаркылдап,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ачык айтып шаңкылдап.
Күлүмсүрөп кеп айтып,
Ой, эжеке байбиче,
Ыраазымын сөзүңө.
Күйөөнү таптың деп айтып,
Адамдан ичиң тар экен.
Жүргөнүң ушу болгон соң,
Койнуңдагы төрөгө,

Кантип жактың деп айтып.
Көргөзөмүн көзүңө,
Эми билгиземин өзүңө,
Баатырдын уулу төрөңө.
Айдай бетин көргөнүң,
Акылдашып күлгөнүң.
Моюнунан кучактап,
Оң бетинен сүйгөнүң.
Кечеги баткан күн болот,
Андан алам төрөңдү.
Ак балык болуп жылтылдап,
Чалчыктан алам төрөңдү.
Атынын бутун тыгылтып,
Ат үстүнөн жыгылтып,
Балчыктан алам төрөңдү.
Аккуу болуп айланып,
Асмандан алам төрөңдү.
Акундун кызы Айчүрөк,
Шаатемир кызы канчыкты,
Сүф деп коюп жөнөдү.
Асмандан учуп бурулуп,
Кушка таккан коңгуроо,
Көп адамга угулуп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Оболоп учуп алган жер.
Олуя заада баатырдын,
Жолун тосуп калган жер,
Асмандап учуп алган жер.
Манастын уулу баатырдын,
Астынан тосуп калган жер.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кан көчөгө дардайып,
Талып жатып калган жер.
Эми Айчүрөктү таштайбыз,
Канкордун уулу баатырдын,
Семетейден баштайбыз.
Амаздын маалы өттү деп,
Убагы өтүп кетти деп.
Манастын уулу Семетей,
Келиндерди барчы деп.
Эмине келбей калды деп,
Колунан суусун алчы деп,
Бурулчаны жиберди.
Жаткан экен дардайып,
Ок тийгендей суналып.
Кара чачы чубалып,
Жаткан экен Чачыкей.
Көрө коюп Бурулча,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыгып солк этип.
Кайра тартып түйүлүп,
Сарайды көздөй жүгүрүп.
Манастын уулу баатырдын,
Маңдайына барган жер.
Айталбай ыйлап солкулдап,
Бурулча тура калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Кара жолтой баланы,
Эминени көрдүң деп.
Эминени билдиң деп.
Моюнунан кучактап,
Маңдайын сылап кеп сурап.
Манастын уулу Семетей,
Эмине көрдүң деп сурап.
Биерден басып мен барсам,
Ат баспаган көчөгө,
Эңкип жатып калыптыр.
Ары тартсам былк этпейт,
Бери тартсам былк этпейт.
Эжекелеп бакырсам,
Жооп берип былк этпейт.
Бурулчадан кеп угуп,
Манастын уулу Семетей,
Кандай болуп кетти деп.
Маазысы жок байпакчан,
Кемсели жок көйнөкчөн,

Тебетей жок топучан,
Шаша басып алган жер.
Чачыкейдин жанына,
Семетей басып барган жер.
Коркуп калган Чачыкей,
Колдон тартса былк этпейт.
Айчүрөктү көргөндө,
Эси чыккан Чачыкей,
Төрөсү басып келгенде,
Бутун жыйып тырп этпейт.
Бери тийип калган го,
Кудай уруп салган го.
Кайра тартып баскан жер,
Бала төрө кайран эр.
Чачыкейди көргөндө,
Акылынан азган жер.
Сарайды көздөй барбактап,
Катуу басып дардактап.
Келин-кызга кеп айтып,
Куруп калган жеңеңди,
Көчөгө жатып калыптыр.
Ак буланы алгыла,
Үстүнө кебез салгыла,
Так көтөрүп койгула,
Буту, колун чойгула.
Кандай жаман, кандай күн,
Катынга боору берилген,
Бала төрө Семетей.
Кандай кара, кандай түн,
Эмине болуп кетти деп.
Эр Семетей баатырдын,
Эси чыгып турган жер.
Ат токунуп алууга,
Мылтык атып, жаа тартып.
Таластын тоосу бийикке,
Бала жинди Күлчоро,
Барамын деп кийикке.
Абакеси баатырдын,
Барды бала кашына,
Тура калды астына.
Абасын байкап караса,
Турган экен үксүйүп.
Түгү чыгып бетинин,
Эси чыгып түктөйүп.
Эминени көрдүң деп,
Барды чоро жакындап.
Семетейдин астына,
Жайын сурап такылдап.
Семетей төрө кеп айтат,
Эрке жеңең Чачыкей,
Түндө таза жатты эле,
Таң ата эшик ачты эле,
Дааратты көздөй басты эле.
Кайрылып үйгө келген жок,
Даараткa суу берген жок.
Эмине болуп калды деп,
Бурулчаны баргын деп.
Мен жибердим баланы,
Бала келди кеп айтты,
Көчөгө жатып калыптыр.
Буттан тартсам былк этпейт,
Колдон тартсам тырп этпейт,
Кеп сурасам кыңк этпейт.
Кызыл өңү кубулуп,
Жеңекең жатып калыптыр.
Чыңырган үнү угулуп,
Төгүлгөн жашы төгүлүп.
Келип айтты Бурулча,
Бурулчадан кеп угуп,
Бул эмине болуп кетти деп,
Келин-кызды алдырдым,
Алдына олпок салдырдым,
Көтөртүп үйгө киргиздим.
Не экенин билбеймин,
Сен бул жерге турбагын,
Атыңа тердик салгын деп.

Илими бар жан эле,
Касиети бар эле.
Эшимканга баргын деп,
Муну алып келгин деп.
Мурун көрсүн ал киши.
Деп ошентип чорого,
Айтып турат Семетей.
Жеңемин түрүн көрөм деп,
Келди чоро ордого.
Абай жаап бетине,
Мамык төшөп астына,
Ак була жаздап башына,
Койгон экен келин-кыз.
Бетин ачып караса,
Алмадай бети нурданып,
Жаткан экен сурданып.
Бала жинди Күлчоро,
Же эпкин тийген эме эмес,
Же талма тийген эме эмес,
Же пери тийген эме эмес.
Кабыргадан кагынып,
Оң өпкөдөн сезгенип,
Же ооруп калган эме эмес.
Кыялданып жаткан го,
Кантер экен төрөм деп.
Төрөмдүн сырын билем деп.
Акыл ойлоп аткан го,
Жеңесин көрүп аңгыча,
Кайра тышка баргыча.
Абакеси күйлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
Айткан кепти укпаган,
Кулагына жукпаган.
Кандай акмак баласың,
Үйгө кирип бир топко,
Чыкпай жатып аласың.
Манастын уулу Семетей,
Күлчорого сүйлөнүп.
Ачуу кылып кеп айтып,
Эшенди алып келгин деп.
Бала бакшы, кыз бүбү,
Баарын алып келгин деп.
Эр Семетей күүлөнүп,
Эрке катын Чачыкей.
Тил сүйлөбөй койгондо,
Манастын уулу Семетей,
Эси чыгып түктөйүп,
Калган экен үксөйүп.
Бала чунак жинди кул,
Аргын менен ногойдун,
Арасына барды эми.
Атагы чыккан бакшыны,
Аны айдап алды эми.
Элге эмчи Бүбүнү,
Дагы жыйып алды эми.
Элеңдеген жинди кул,
Бакшы молдо эл жыйып,
Белендеген жинди кул.
Кан Манастын шаарында,
Аргын, ногой айлында,
Андай эме жок эле.
Эмине болуп кетти деп,
Семетейдин сарайга,
Эл жыйылып толду эле.
Адегенде кабылып,
Ак эшен, молдо барды эле,
Барып окуп калды эле.
Окуп турса былк этпейт,
Бу Чачыкей тырп этпейт.
Бала бакшы, кыз бүбү,
Элге эмчи ак бүбү.
Жинди болсо соо кылган,
Талма тийсе коop алган.
Эпкин тийсе айдаган,
Акбүбүнүн жолунан.
Эмчи болгон колунан,

Айыкпай киши калбаган.
Баары чогу келгенде,
Бери экенин биле албай,
Же жинди экенин биле албай.
Же шал оору болуп калдыбы,
Тилин байлап салдыбы.
Күнү-түнү алты күн,
Чачыкей жатат былк этпей,
Баш көтөрүп тырп этпей.
Арам кыйгы Чачыкей,
Айтып кеткен Айчүрөк.
Сенин төрөң баатырды,
Бул Айчүрөк кеп айткан,
Алып кетем деп айткан.
Эр издеген бу канчык,
Баркымды билсин деп.
Эл кыдырган бу кески,
Айласы кетип жүрсүн деп.
Күн ортодон өтсүн деп,
Түн арадан өтсүн деп.
Канчыктын күнү түгөнүп,
Айласы жок кетсин деп.
Жата берди Чачыкей,
Элге дайнын билгизбей.
Аста кабар салдырып,
Аш тамакты алдырып.
Кокустан кишиге айтып койбо деп,
Мурадыңа жеткизем,
Мен секетиң кетейин.
Эл жыйылып толгондо,
Эл эшикте болгондо.
Кече канкор Манас барында,
Таласка салган шаарында.
Арыгы темир ноо болгон,
Аскери ойноп турган жер.
Калк жыйылып толуптур,
Бу Манастын шаарында.
Мындай нерсе жок эле,
Бу эмине болду деп.
Калк жыйылып таңданып,
Жакаларын карманып,
Семетей коркот саргарып.
Ай туякка ат айтып,
Ай мүйүздүү уй айтып,
Ак сары башыл кой айтып.
Эл кетирбей Семетей,
Түлөө кылып эт берип,
Чогулган элге кеп айтат.
Семетейди билчү экен,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Баатырдын уулу Семетей,
Эркелетип жүрчү экен,
Күндө арнап кой союп.
Уламалуу карыдан,
Улууңар келип кеп айтса,
Капаланба деп айтса.
Айткан кебин жаратпай,
Молдо менен эшенди,
Бүбү менен бакшыны,
Манастын уулу Семетей,
Кеткиле деп жаратпай.
Кайгырып капа болуптур,
Бая каргадай болгон жетим кул,
Кайнап каны толуптур.
Аргын, ногой барында,
Атабыз Манас шаарында.
Энелердин барында,
Элдин аман чагында.
Катын үчүн ыйлаган,
Канчалыкты кыйнаган.
Жер үстүндө жетилген,
Жеке катын бул эмес,
Эл ичинде элирген.
Семетейдин даңкында,
Эрке болуп семирген.
Жеке катын бул эмес,

Кара көзүн ойоюн.
Калкы турса жарданып,
Калайык калк калың ук,
Калың журттун баарың ук.
Башын чаап салам деп,
Мына бу турган төрөңөр.
Барктуу көргөн катынын,
Азыр башын алам деп.
Кан Манас чапкан нар кесме,
Кармап колго алды эле,
Бейлине кудай салды эле.
Ошо бала чорону,
Берbackup айдап барды эле.
Тентип өлгөн чочкону,
Эр Семетей кеп айтат,
Чапса чаап салат деп,
Кармагыла деп айтат.
Кылычты суурул кынынан,
Кеп бузулбайт чынынан.
Ошо Каныкей баккан жинди кул,
Каарланып калганда,
Алагай көзү жумулат.
Алмадай болгон эки бет,
Эчен түрлүү кубулат.
Кече олуя заада Манастын,
Ошо чапкан зулпукор,
Колуна кармап алыптыр,
Оң ийнине салыптыр.
Чабуучудай чамынып,
Кирип барды Күлчоро,
Чабайын деп камынып.
Күлчоро кирип барганда,
Кылыч менен баланын,
Түрүн көрүп Чачыкей.
Каргадай болгон кайниси,
Сүрүн көрүп Чачыкей,
Ыргып коop алган жер.
Жеңемди кудай берди деп,
Баш көтөрүп калды деп.
Калк жыйылган калаага,
Кудай берген балага,
Чачыкей болгон санаада.
Чачыкей акыл көп ойлоп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Тал кылып жолго салат деп.
Талыктырам бир күнү,
Өзү кетип калат деп.
Жаткан экен толгонуп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ушундай акыл ойлонуп.
Бурулча барды жүгүрүп,
Элге кабар салыптыр.
Эшен, молдо жанына,
Эр Семетей ээрчитип,
Чачыкейге барыптыр.
Чачын сылап маңкайып,
Алмадай бети нурданып.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эки жагын каранып.
Астыңкы эрдин жаланып,
Шыбыр-күбүр кеп айтып.
Сырын элге билгизбей,
Эмине болдум деп айтып.
Ак саамайы чубалып,
Эми жетип төрөсү.
Семетей барса кубанып,
Кобо калды буралып.
Акундун кызы долуну,
Оң жагына толгонуп,
Кетирдим деп ойлонуп.
Айчүрөк менен сүйлөшүп,
Семетей калкын жыйган жер,
Чачыкей көөнүн баскан жер.
Кабагын ачып кашкаңдап,
Маңдайы жарык тастаңдап.
Эр издеген долуну,

Эптеп жолго салдым деп.
Баатырдын уулу төрөмдү,
өзүм алып калдым деп.
Чачыкейди Семетей,
Мурадыга жеткирди.
Талымыш болуп Чачыкей,
Айчүрөк менен сүйлөшкөн,
Ачуусу келип көп айткан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Сенин төрөң баатырды,
Алып кетем деп айткан.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Жагып калган далдайып,
Талымыш болуп шалдайып.
Төрөсү эрке көрчү экен.
Эрке атанып Чачыкей,
Элди өзү билчү экен.
Чачыкей оору болду деп,
Манастын уулу Семетей,
Калк чогултуп эл жыйып,
Мал сойдуруп той кылып.
Эрке катын болгон соң,
Манастын уулу Семетей,
Жан жолдошу Чачыкей.
Мурадыга жеткирди,
Эчен күндү өткөрдү.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Турбай Чүрөк кеткендир,
Элине Чүрөк жеткендир.
Санаасын басып алыптыр,
Чүрөктү жолго салдым деп,
Жагалданып калыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Балдарына жамынып,
Куш салууга камынып.
Жазга жуук болду деп,
Ысыкка шибер толду деп.
Каз-өрдөк келген чагы деп,
Шумкарды салар табы деп.
Ала-Көлгө баралы,
Азыкты кенен алалы.
Алты конуп талаага,
Ак шумкарды салалы.
Каз-өрдөк, куудан алдырып,
Ак куржунга салдырып.
Кош колоңду көп алып.
Манастын уулу Семетей,
Көсөө куйрук, көк шалбыт,
Канатын жыйса көнөктөй,
Мойнун созсо өрдөктөй.
Арпанын башы туюктан,
Ак жумуртка уюктан.
Атасы Манас алдырган,
Уясынан алдырып,
Тоок жарып куш кылган.
Артында калган баланын,
Ырысына туш кылган.
Текөөрү темир, көбү жез,
Тумшук менен куйругу,
Ошо жылда так бир кез.
Атты тапка салышып,
Күлчоро менен Канчоро,
Азык-түлүк алышып.
Чарчаганда жегин деп,
Эки бирдей баланын,
Астына келип дан коюп,
Майга кошуп бал коюп.
Шербет жерден аш берип,
Куржун берип астына.
Манастын уулу баатырдын,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Барды басып астына.
Султаным төрөм баргын деп,
Шумкарыңды салгын деп.
Шумкарың алган каз-өрдөк,
Балдарыңа бергин деп,

Санааңды бузбай келгин деп.
Алтын ээр, ак каңкы,
Эни каптал эли темир,
Астыңкы башы кыңдама.
Айчык коюп бетине,
Чөгөргөн алтын бурама.
Көтү-башы чылк күмүш,
Каныкей кылган ак тердик,
Тайбуурулга салган жер.
Манастан калган ак каңкы,
Атка токуп алган жер.
Аюу көпчүк, ак быштан,
Усман аке жасаган,
Ээрге арта салды эми.
Кош алакан басмайыл,
Бекем тартып алды эми,
Жекесан бутка кийди эми.
Багелеги бир башка,
Кандагай бутка салды эми.
Манастан калган ак олпок,
Муну кийип алды эми.
Эрке катын Чачыкей,
Шумкар салып эрмекке.
Айдыңкөлгө куш салып,
Ара конуп жүрмөккө,
Жоо кийимин киет деп.
Ала көөдөн, жел өпкө,
Эминени билет деп.
Теңи келин, теңи кыз,
Бака-бака күлүшүп,
Кайрылып үйгө киришип.
Шаракташып ойношуп,
Тамак ичип тойлошуп.
Манастын уулу Семетей,
Ак шумкарды алган жер.
Айдыңкөлгө баруучга,
Аттанып жолго салган жер.
Акшумкарды салууга,
Даярланып калган жер.
Кеңколдон чыгып бөлүнүп,
Манастын уулу Семетей,
Эки кулун ээрчитип,
Жолго салды элегей.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Маңдайында секелек.
Кайниси бала жетимче,
Кармап калды жетелеп.
Элесин элге көргөзбөй,
Айтканын элге билгизбей.
Кагылайын уулуке,
Эсер аба астына,
Аттанып жолду чалып жүр.
Мен айтайын бир кепти,
Көңүлүңө алып жүр.
Ак була көрсөң алба деп,
Балык көрсөң барба деп,
Барып кармап алба деп.
Абакеңдин колунан,
Ак шумкарды алгын деп,
Шумкарды өзүң салгын деп.
Айтканымды аткарсаң,
Кагылайын уулуке,
Аңкасаң тамак аш даяр,
Ашып, конуп сен келсең,
Жеңекеңдин барында,
Суктансаң келин-кыз даяр.
Кагылайын уулуке,
Кокустан шумкар албагын.
Аккуу учса алдыңан,
Шумкарыңды салбагын,
Как талаада калбагын.
Элестетип кеп айтат,
Куугa салсаң шумкарды,
Качып кетет деп айтат.
Алып калып чорону,
Чачыкей сындуу жеңеси.

Бекем кармап колунан,
Бу Чачыкей капшырды,
Ушул үч ишти катуу тапшырды.
Колунан кармап кеп айтып,
Кош уулуке деп айтып.
Аккуута шумкар салба деп,
Кол кармашкан жеңеңдин,
Кокус убалына калба деп.
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырды.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Үч ишти катуу тапшырды.
Манастын уулу Семетей,
Ак шумкарды кондуруп,
Узап кетип калыптыр.
Жеңем кандай айтты деп,
Көт жагынан койгулап.
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө жете барган жер.
Манастын уулу барганда,
Чапкан кыя, кескен бел.
Адырдын асты жагында,
Жол үстүндө жайылып.
Манастын уулу Семетей,
Түшө калып алууга,
Канжыгага чалууга.
Эки бирдей жинди кул,
Эмине түшө калды деп.
Жолдо жаткан кебезди,
Эминеге алды деп.
Экөө айтса уят деп,
Балдар келип алсын деп.
Эси тирүү Семетей,
Канжыгага чалсын деп.
Эрке катын Чачыкей,
Экөө алып барсын деп.
Семетей токтоп турганда,
Буурулдун оозун бурганда.
Бура тартып токтотуп,
Обочо карап турганда.
Үзөнгүлөр кагышып,
Эки иниси жарышып.
Төрөсүнүн жанына,
Жетип барды алдына.
Эр Семетей кеп айтат,
Жол жолоочу өткөнбү,
Көрдүңөрбү кебезди.
Ак булут болуп созулат,
Жолго таштап кеткенби,
Кербенчи жолду басканбы,
Кескенбелди ашканбы.
Элес-булас эл көрүп,
Шашып коркуп качканбы.
Акбуланы алгыла,
Канжыгага чалгыла.
Билгениңди жаса деп,
Жеңеңе алып баргыла.
Деп ошентип Семетей,
Буурулга камчы салды эми.
Манастын уулу эр Семең,
Турбай кетип калды эми.
Каргадай болгон Күлчоро,
Карап турат Канчоро.
Аттан түшө калды эми,
Ак буланы тебелеп,
Кумга тээп салды эми.
Чачыкей айткан кеби деп,
Кактелки менен Суртелки,
Тизгин кошуп жарышып,
Тизелешип кагышып.
Эр Семетей артынан,
Көтүнөн жете барды эми.
Кара-Сууну жээктеп,
Камчы алып колуна,
Манастын уулу Семетей,
Барып токтоп калыптыр.

Аккан суунун четинде,
Кара-Суунун үстүндө,
Ссуга кирсе жарк этип,
Балчыкка кирсе шалп этип.
Алтын жаап койгондой,
Балыктын жону жарк этип.
Манастын уулу Семетей,
Байкап карап туруптур.
Эки чоро жиндилер,
Экөө жете барган жер.
Эмине карап турат деп,
Экөө айран калган жер.
Эр Семетей абасы,
Көрдүңөрбү момуну.
Шабырга кирсе шалп этет,
Ссуга кирсе жарк этет.
Түрү сонун көрүнөт,
Бедерлеп алтын жапкандай.
Береги турган чабакты,
Аттан түшө калгыла,
Ссуга кирсе карматпайт.
Бутуңарды чечкиле,
Бирөөң сууну кечкиле.
Шабырга бутту салгыла,
Балыкты кармап алгыла,
Көт жагыман баргыла.
Айтып коюп балдарга,
Жүрө берди Семетей.
Канчоро эсер жан экен,
Күлчоро кыйыр бала экен.
Жеңемдин айткан кеби деп,
Айтканы туура келди деп.
Кынынан кылыч алды эми,
Кыячаап салууга,
Жинди чоро камынып,
Барлуу ссуга барды эми.
Эки көздө калы бар,
Эсейип эси кире элек,
Балалыгы дагы бар.
Турсам чаап салат деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Суудан чыкпай койгон жер.
Шири колго бырышып,
Колуна шумкар алышып.
Абаке карап тургун деп,
Кое берип шумкарды,
Көт жагынан кукулап.
Эки төрө жарышып,
Ала-Көлдү айланып,
Каз-өрдөктү байланып.
Абакеңдин шумкары,
Табына келген экен деп.
Кара жолдон өтөлү,
Карарган тоого жетели.
Абакемдин шумкарын,
Кыраандыгын билели.
Коен менен түлкүгө,
Кое берип көрөлү.
Алды белди ашышып,
Аркы тоонун түбүнө,
Барды балдар шашышып.
Манастын уулу Семетей,
Аттан түшүп булкуюп.
Дүрбү алып колуна,
Жиндилер кантер экен деп,
Чыкты дөбө жонуна.
Айбанга салып шумкарды,
Майып кылар бекен деп.
Дүрбү салып кыйшайып,
Семетей карап олтурса.
Булуңданып бурчтанган,
Айдың-Көлдүн башында,
үзөнгүлөр кагышып,
Түлкү менен коенго,
Ак шумкарды салышып.
Кое берип шумкарды,

Айт, айт, айт деп,
Экөө жүрөт жарышып.
Кур сайды жээктеп,
Куюканга тээктеп.
Күлчоро менен Канчоро,
Абасынан шумкардын,
Кыраандыгын билишип.
Он эки түлкү, кырк коен,
Ак шумкарга алдырып.
Атка рата салышып,
Кумардан чыгып канышып.
Семетейдин жанына,
Барды балдар жарышып.
Бала төрө Семетей,
Айбанга шумкар салдыңар,
Канат менен куйругу,
Кагуу түшүп калдыбы.
Түлкү, коен алдыбы.
Колунан алып шумкарды,
Кое берди тулпарды.
Ээр токум алыптыр,
Астына күпчөк салыптыр.
Чөбү башка гүлдөгөн,
Жер жемиши бар экен,
Жердеп жатчу жер экен.
Коен этин коелу,
Түлкүлөрдү соелу.
Каз, өрдөк этин алгыла,
Жан казанга салгыла.
Тамакка мыкты тойгула,
Аттарды отко койгула.
Тамак кенен болгон соң,
Ак шумкарды салдыңар,
Канчалык жерге бардыңар.
Кеңколдон чыгып келгени,
Ырымдуу чөптөн үч челек,
Таза суудан үч челек,
Ээр токум алгыла,
Аттар оттоп тоюнсун.
Чыканактап тоюнуп,
Жакшы уктап тынч алып,
Эки күн жөн бололу.
Айдың-Көлдүн чатына,
Ала-Көлдүн четине.
Ийри-Суунун боюна,
Ит ичпеген оюна,
Ошо барып конолу.
Жекени көктө желбиреп,
Чөптүн баары чыгыптыр,
Куунун келген чагы экен.
Куулар менен каз келсе,
Аңырлар учуп аңкылдап,
Каз-өрдөк учса каркылдап.
Куулар учса кукулдап,
Өрдөк менен Чүрөктөр,
Көл үстүндө кылкылдап.
Табына келген шумкарды,
Мунун кыраандыгын билели,
Шумкарды салып көрөлү.
Көсөө куйрук, көк шалбыт,
Көнөктөй болгон ак шумкар,
Шумкарды мага бергиле.
Кошколондоп артынып,
Көт жагыман келгиле.
Манастын уулу абасы,
Ит ичпестин боюна,
Ийри суунун боюна,
Айдың-Көлгө жакындап,
Бала төрө барганда.
Ала-Көлдүн үстүндө,
Канатын сууга каккылап,
Куйругун сууга чапкылап.
Куулар жүрөт кукулдап,
Каздар жүрөт каркылдап.
Узун моюн өрдөктөр,
Суу үстүндө чаркылдап,

Түшүп жүргөн чүрөктөр.
Манастын уулу Семетей,
Баарын көрүп алган жер.
Эки жинди бөбөгү,
Көт жагынан барган жер.
үч кудуктун Кара-Суу,
Суусу башка көрүнөт.
Ошо жерге баралы,
Кош түшүрүп салалы,
Бүгүн түн уктап алалы.
Көлгө өрдөк толгондо,
Куркулдап куулар конгондо,
Каз-өрдөк кайнап келгенде.
Атка тердик салалы,
Шумкарды колго алалы.
Ушу жерге куш салып,
Айдың-Көлгө баралы.
Манастын уулу Семетей,
Эки жинди жаш бала.
Кош түшүрүп салышып,
Ала-Көлдүн четине,
Конуп жатып алышып.
Тараза жылдыз батты эми,
Канчоро асан айтты эми.
Манастын уулу Семетей,
Баш көтөрүп турду эми.
Жайнамазын жайышып,
Эки чоро, бир төрө,
Экөө сүннүт, экөө парз,
Төрт ирекет багымдат,
Шашпай окуп алышып.
Каз-өрдөк этин кайнатып,
Конуп-түнөп жай жатып.
Бала төрө баатырга,
Аш тамагын берген жер.
Эр Күлчоро астына,
Тамак ичип болгон соң.
Абакеси Семетей,
Тамак ашка тойгон жер.
Айланайын абаке,
Келгиндин келген чагы экен,
Шумкардын салар табы экен.
Түрлүү-түрлүү канаттуу,
Ушу жерде бар экен.
Ак шумкарды маа бергин,
Шумкарды бүгүн салайын.
Шумкар салып мен ойноп,
Чачыкейдин айтканын,
Бала төрө аны ойлоп.
Абакеси Семетей,
Ала койду Шумкарды,
Мине койду тулпарды.
Кокустан көлчүктүү жерге салбагын.
Түшүп жатат өрдөк-каз,
Көтүнөн кууп барбасын,
Кокустан өлүп калбасын.
Канаттуулар кыярлар,
Айланып учуп алуучу.
Шумкардын кууну көргөндө,
Камыштуу жерге баруучу,
Баткактуу жерге баруучу,
Учпай жатып алуучу.
Ошо жерге шумкар салба деп,
Бөөдө өлтүрүп алба деп.
Дүрбүнү колго алайын,
үч кудукка барайын.
Бийик дөбө бар экен,
Ошерден дүрбү салайын.
Мен силерди карайын,
Каз-өрдөгү шум болот.
Канаты менен жыга чаап,
Өлтүрүп койчу куу болот.
Казга салсаң баптап сал,
Өрдөккө салсаң өзүң бил,
Кууга салсаң байкап сал.
Манастын уулу Семетей,

Ошондо балага берди шумкарды.
Үч кудуктун Кара-Суу,
Манастын уулу абасы,
Астында минген Буурулдун,
Ооздугун чыгарып.
Кара-Суудан сугарып,
Буурул атты чалдырып.
Абакеси Семетей,
Дүрбүнү колго алган жер.
Ала-Көлдү айланып,
Алтын ооз каркы таң,
Оозу менен алышып.
Ак шумкарды салышып,
Ала-Көлдү айланып.
Эки бирдей жинди кул,
Кое берип шумкарды,
Көлдө жүргөн кууларды,
Ак шумкарга илдирип.
Текөөрү темир коло жез,
Тепкени тирүү кетпеген.
Семетейдин шумкары,
Ала-Көлдүн ичинде.
Каз-өрдөк учпай каркылдап,
Куулар учпай жаркылдап,
Канаттары былкылдап.
Канчоро менен Күлчоро,
Ак шумкарды салганы,
Алганынан калганы.
Ала-Көлдүн ичинен,
Учпай жатып алганы.
Каз-өрдөк учпай койду деп,
Канчоро менен Күлчоро,
Жээк менен желдирип.
Желпилдетип шумкарды,
Аркасына келди деп.
Бурма суугa барды эми,
Ошо суунун ичинде,
Жандап учкан канаттуу,
Көлгө сүзгөн чүрөктөр,
Эч кимиси билинбейт,
Башка неме көрүнбөйт.
Мойнун созуп куркулдап,
Башын сууга чумкутуп,
Канатын жайып калдактап.
Учпай турат бир аккуу,
Бала жинди Күлчоро,
Амалы бар куу экен,
Бул ак шумкарга алдырбайт.
Айланайын абаке,
Көрдүңбү ушу куунун шумдугун,
Темене канат болгонун.
Шумкарды көрүп алганда,
Теминип көлгө киргенин.
Канаттары кайкайып,
Карып калган капыр го,
Куйруктары бириндеп,
Арып калган капыр го.
Айдың-Көлгө жетели,
Кантер экен ак шумкар.
Узун боосун алалы,
Ошерге шумкар салалы.
Ак шумкарды алышты,
Айдың-Көл көздөй жарышты.
Дүрбү салып Семетей,
Бирге жүргөн эмедей.
Көргөн экен аккууну,
Аккуугa шумкар салбайт деп.
Ак шумкарга алдырбай,
Оңолбогон жиндилер,
Ак шумкарды талпынтып,
Кое бербей колунан,
Боосунан кармайт деп.
Манастын уулу баатырдын,
Акылы айран бөлүнөт.
Балдар билбейт борумун,
Шылдың кылып баркылдап.

Кое берсе шумкарды,
Канаттарын калдайтып,
Куйругун жайып далдайтып,
Албайт беле ак шумкар.
Бөлө тээп мүрүсүн,
Салбайт беле ак шумкар.
Манастын уулу Семетей,
Кууга шумкар салбайт деп,
Эмине кое бербей кармайт деп,
Буурулга камчы салган жер.
Канчоро менен Күлчоро,
Көтүнөн жете барган жер.
Арстаным төрө келет деп,
Бир чалчыкты айланып,
Кечке эле жата берет деп,
Ачуусу келип аттанды.
Жүргүн аба баралы,
Айдың-Көлгө салалы.
Эки чоро жарышып,
Эр Семетей жеткиче,
Айдың-Көлгө барышып,
Айланып шумкар салышып.
Эки бирдей жинди кул,
Каз-өрдөктү алдырып,
Канжыгага байланып.
Тегеренип барганда,
Ак шумкарды салганда.
Балчыктан учуп куу чыкпай,
Шабырдан учуп жан чыкпай.
Манастын уулу Семетей,
Балдардын барды артынан.
Айдың-Көлдү айланып,
Шабырлуу жолду аралап.
Эки чоро, бир төрө,
Манастын уулу Семетей,
Каз-өрдөктү каккан жер.
Аралата камышты,
Мылтык менен аткан жер.
Каз-өрдөк учуп бурулуп,
Каз-өрдөккө аралаш,
Укурук моюн чоң аккуу,
Учуп чыгат кубулуп.
Жекендин башын кыдырып,
Камыштын башын сыдырып.
Канатын жайып калдактап,
Аккуу учат далдактап.
Манастын уулу Семетей,
Далбаа кагып каңкылдап,
Мылтык атып заңкылдап.
Каз-өрдөктү үркүтүп,
Атып турат Семетей.
Жинди бала  Күлчоро,
Үч көлмөгө барды эми,
Ага шумкар салды эми.
Семетейге жакындап,
Айланып аккуу барды эми.
Тегеренип айланып,
Үстү менен өттү эми.
Көлмө-көлмө Кара-Суу,
Ошо түшүп кетти эми.
Манастын уулу Семетей,
Байрагын алып бакырды.
Шумкар салган балдарды,
Келгиле деп чакырды.
Баатырдын үнү чыкканда,
Балдары үнүн укканда.
Үзөнгүлөр кагышып,
Семетейдин жанына,
Барды балдар жарышып.
Каз-өрдөктү алыптыр,
Эки бирдей жинди кул,
Куржундарга салыптыр.
Айдың-Көлдү жээктеп,
Куржунунан артканын,
Толорсуктап тээктеп,
Семетейге барыптыр.

Үч кудуктун топ камыш,
Камыштын башы былкылдап,
Учту айланып куркулдап.
Манастын уулу Семетей,
Колундагы шумкарды,
Күлчорого кеп айтты,
Кое бергин деп айтты.
Кайра учуп бурулуп,
Канатын жайып куркулдап,
Улам-улам куркулдап,
Тегеренип каркылдап.
Кара сеңир астына,
Кара-Суунун үстүнө.
Камыш чалчык четине,
Дөбөлүү саздын бетине,
Аккуу барып конду эми.
Кое бер деп шумкарды,
Аккуга кушуң салба деп,
Чачыкей айткан кеби бар.
Бала чунак Күлчоро,
Байкап калган жери бар.
Кагылайын абаке,
Буга шумкар салбайлы.
Канаттары кайкайып,
Карып калган турбайбы.
Асмандап учуп кете албай,
Арып калган турбайбы.
Уя басып көп жатып,
Балапан басып бооруна,
Сасып калган турбайбы.
Балапаны бар экен,
Койчу абаке салбайлы.
Бул аккууну алдырып,
Убалына калбайлы.
Деп ошентип Күлчоро,
Семетей тилин алган жок.
Колундагы шумкарды,
Кое бербей алкынтып.
Боосунан бек кармап,
Ак шумкарды талпынтып.
Аккууну шумкар көрүптүр,
Канатын сабап каккылап,
Кое берсе шумкарды,
Айланып учуп барчудай,
Аккууну тээп салчудай.
Аккууга шумкар салба деп,
Күлчоро мойнун толгоду.
Кой абаке салба деп,
Күлчоро болбой койгону.
Ал аңгыча чоң аккуу,
Айланып учуп калкылдап,
Камыштын башы былкылдап,
Жекендин башы шуудурап.
Кудай билет чын болсо,
Жерге чыккан кыска чөп,
Жел тийгендей жайылып.
Бала төрө Семетей,
Байкап турса ошерди,
Аккуу конду сайылып.
Күлчоро менен Канчоро,
Жетим сууга барыптыр,
Барып шумкар салыптыр.
Кайра айланып толгонуп,
Аккуу барып конгонго,
Күлчоролоп бакырып,
Келгиле деп чакырып,
Бууруллдун оозун бурган жер.
Шумкарды кое бербейт деп,
Манастын уулу Семетей,
Эки чоро жиндиге,
Ачуусу келип турган жер.
Канчоро бала кеп айтат,
Семетей каарланып бакырды,
Э, шумкарын берчи деп айтат.
Булуңдуу саздан өттү эми,
Күлчоро менен Канчоро,

Семетейге жетти эми.
Ээ, оңолбогон эки кул,
Табына келген шумкарды,
Талыктырып койдуңар.
Кое бербей талпынса,
Чаалыктырып койдуңар.
Келе бергин шумкарды,
Өз колума алайын.
Ою жайык, төшү кең,
өрдөгү анда көп болот.
Төшүнө чыгып мен барсам,
Тоодагы учат аңкылдап.
Аралаш казы бар болсо,
Алар учат каңкылдап.
Талыкпай шумкар салдыңар,
Илбээсинди алдыңар,
Тамашага кандыңар.
Эми шумкарды өзүм саламын,
Манастын уулу Семетей,
Баладан алды шумкарды.
Баладан шумкар алган соң,
Укурук моюн чоң аккуу,
Куркулдап учуп бөлүндү,
Куулардан бөлөк көрүндү.
Камыштын башын сыдырып,
Жекендин башын кыдырып.
Бөөт, бөөт, бөөт саз,
Бөлүнүп барып конду эми.
Көкжалдын уулу Семетей,
Куштун боосун алган жер.
Таманга кагып шумкарды,
Кое берип калган жер.
Семетейдин колунан,
Ак шумкар учуп чыкканда.
Чоң аккуу айланып учту жайылып.
Тегеренип, калдактап,
Чоң аккуу тетири учуп далдактап.
Семетейдин шумкары,
Көтүнөн кууп жеткен жер.
Эки канат ортого,
Ак шумкар тээп өткөн жер.
Канаты жерге жайылып,
Тумшугу кумга сайылып,
Чоң аккуу жатып калган жер.
Аккууну кармап алам деп,
Манастын уулу Семетей,
Кийгенин чечип ыргытып,
Атты таштап жөө басып,
Бала төрө барганда.
Шумкар алган аккууга,
Жетип жакын калганда.
Ажыратып шумкардан,
Аккууну колго аларда,
Аккууну баса каларда.
Куркулдап өнө угулуп,
Ак шумкардын канаты,
Канатынын үстүнө,
Алган экен бурулуп.
Куйругун бууган эмедей,
Мурункудай жайылбай.
Эки канат ортого,
Тумшугун шумкар салыптыр.
Семетей жакын барганда,
Ак шумкарды бөктөрүп,
Аккуу учту көтөрүп,
Жогдоруна көтөрүп.
Тегеренип далдактап,
Аккуу шумкар алган жер.
Асмандап учуп айланып,
Аккуу учуп калган жер.
Көтөрүлө бергенде,
Эмине болуп кетти деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Көңүлү көпкө бөлүнөт.
Канатынын астынан,
Адамзаттын беш салаа,

Семетейге көрүнөт.
Эмине болуп кетти деп,
Куш кубулат дечү эле,
Куу куш алганы эмине.
Карарган менин көзүмө,
Как чагылган экен деп.
Түнөргөн менин көзүмө,
Түн чалынган экен деп.
Атадан жалгыз башыма,
Күн чагылган экен деп,
Мүшкүлдүү күнүм болду деп.
Жан кутказа шумкарын,
Аккуу алып койду деп.
Атын көздөй жүгүрүп,
Аркардан катуу түйүлүп.
Манастын уулу Семетей,
Шумкарын аккуу алган соң,
Мага мүшкүл болду деп,
Аманат жандан түңүлүп.
Далбаа алып колуна,
Жар таштын чыгып жонуна.
Көт жагына куу-куулап,
Көкжалдын уулу Семетей,
Көтүнөн кууп жөнөдү.
Кордойдун башы Ала-Тоо,
Башы бийик кардуу тоо.
Шумкарды алган чоң аккуу,
Көтөрүлүп алган жер.
Куу-куулаган баатырдын,
Көзүнөн чыгып калган жер,
Айланып аккуу учкан жер.
Дүрбү менен караса,
Караса көзгө илинбей,
Оболоп аккуу учкан жер.
Салбаймын десе болгон жок,
Күлчоронун колунан,
Семетей жулуп алган жер,
Аккуюга шумкар салган жер.
Как талаада кайгырып,
Манастын уулу Семетей,
Шумкарынан айрылып.
Ак шумкарын кубалап,
Басалбай бели буралып.
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Атамдан калган шумкарым,
Колуман чыгып кетти деп.
Баатырдын уулу Семетей,
Шумкарына кайгырып.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Ыйлап турат солкулдап.
Шумкарды аккуу алганы,
Куруга шумкар салба деп,
Айтпады беле жеңеси.
Колуман шумкар алды деп,
Абакемдин шумкары,
Айланып учкан чоң аккуу,
Алып кетип калды деп.
Ай караңгы күн болду,
Кандай каран түн болду.
Кайгырып турган баатырдын,
Как астына барган жер.
Манастын уулу баатырдын,
Бала чунак жайрагыр,
Маңдайына жакындап,
Бала тура калган жер.
Эр Семетей абасы,
Кынынан кылыч алган жер,
Өлтүрөм деп чорону,
Эр Семетей кабыгып,
Чапмак болуп калган жер.
Жанындагы Канчоро,
Ой, абаке токто деп,
Колунан кармап калды эми.
Эгерде эки болбогур,
Ээ, Күлчоро оңбогур,
Эминени көрдүң сен,

Эминени билдиң сен.
Өлтүрөмүн өзүңдү,
Ойомун сенин көзүңдү.
Аламын сенин башыңды,
Кыямын сенин жаныңды.
Ак була көрсөм албайсың,
Балык көрсөм алдайсың.
Аккууга шумкар салбайсың,
Акмак бала кандайсың.
Колумдан шумкар качаарда,
Бала билсең айткын деп.
Айтпай койсоң өлөрсүң,
Каныкейдин сүтү ургур,
Кан Бакайдын күчү ургур.
Манастын уулу Семетей,
Күлчорого күүлөнүп,
Өлтүрөм деп сүйлөнүп.
Каарланып кан жутуп,
Капаланган жер ошол.
Каргадай болгон жетимче,
Баатырга айткан кеп ошол.
Ой, абаке Семетей,
Каарданба бекерге,
Ыраазымын кудайга.
Бу жалганчы дүйнөдөн,
Балакатка жетелек,
Менин балакетим кетелек.
Жалганга турбай кетерге,
Аттанып жолго салганда,
Айылдан чыгып калганда.
Сизге катын, маа жеңе,
Эрке өстүргөн катының,
Колумдан кармап кеп айтты.
Акбула көрсөң алба деп,
Канжыгага чалба деп.
Балык көрсөң баспа деп,
Барып кармап алба деп.
Аккууга шумкар салба деп,
Шумкарыңдан айрылып,
Как талаада калба деп.
Чачыкей жеңем кеп айтты,
Колуңан шумкарың качат деп айтты.
Оң саамайым түйдүм мен,
Ошону менен шумкарды,
Кууну көрүп талпынса,
Кое бербей жүрдүм мен.
Колумдагы шумкарды,
Өзүң жулуп алдың сен.
Кагылайын абаке,
Кай жеримен жаңылып,
Өлмөк болуп калдым мен.
Элимден селим кеп уктум,
Колумдан кармап кеп айтты,
Кокустан шумкарың качат деп айтты.
Бетимен сүйүп кеп айтты,
Ак була көрсөң алба деп,
Балык көрсөң баспа деп,
Кокустан кармап алба деп.
Колуңдагы шумкарды,
Аккууну көрсөң салба деп.
Элимден селим кеп уктум,
Эркелеткен зайбыңдан,
Ушу кепти мен уктум.
Ой, абаке Семетей,
Кыйуучу болсоң жан мына,
Алуучу болсоң баш мына,
Он экиде жаш мына.
Ошо каргадай болгон Күлчоро,
Абакеси Семетей,
Өлтүрөмүн дегенде.
Көзүнүн жашы бурчактап,
Төгүп ыйлайт Күлчоро.
Манастын уулу Семетей,
Бала ыйлап ийгенде.
Моюнунан кучактап,
Мээнетиңди алайын,

Көпөлөгү курусун,
Маңдайга күйгөн чыраксың.
Жетим жүрүп жетилген,
Делбата өскөн чунаксың.
Мына ошону билгенде,
Билип айтып бергенде.
Кокус шумкарың качат дегенде,
Керемети барбы дейм.
Келе турган жумушту,
Биле турган жанбы дейм.
Кайраттуу айткан сөзүңдөн,
Мен садагаң кетейин,
Ыйлаган кара көзүңдөн.
Биерге турбай барып кел,
Колумдан шумкар качты деп.
Сенин төрөң Семетей,
Мени өлтүрөм деп айтты деп.
Коркконумдан кеп айттым,
Жеңекем айтты деп айттым.
Абакем айтты баргын деп,
Колумдан качкан шумкарды,
Айтып берген жеңемден,
Кандай качты шумкар деп,
Барып жооп алгын деп.
Карап туруп Канчоро,
Абасына кеп айтып.
Ой, абаке Семетей,
Ушул кебиң бекер деп.
Кайраттанып кеп айттың,
Ушу сөздү неге айттың,
Өлтүрөмүн деп айттың.
Өлүп калса чоролор,
Кой териси эмеспи.
Тирүү болсо чоролор,
Өлбөй өсүп чоңойсо,
Киши болуп оңолсо,
Жоо бөрүсү эмеспи.
Канкордун уулу баатырга,
Канчоро айткан кеп ошол.
Кабарын уккан чорого,
Барып кел деген жер ошол.
Ак шумкардын кабарын,
Алып кел деген жер ошол.
Кабарын уксам шумкардын,
Каражолтой Кеңколго,
Же болбосо ушерге,
Барбай жатып аламын.
Айтып берсин көргөнүн,
Атамдан калган көпөлөк,
Эрмек кылып бөпөлөп.
Салып жүрсөм көтөрүп,
Кайгырат экен эмине.
Атамдан калган мураапы,
Айрылат деген эмине.
Манастын уулу Семетей,
Күлчоро кулун жиберди,
Кандай жаман болот деп.
Кароолкана себилге,
Канкорго салган себилге,
Канчык калды бекен убалга.
Дубалга чыгып караса,
Ак жардын берки боорунан,
Жылгындуу тоонун четинен.
Кеңколдун чыгыш бктинен,
Элестеп караан көрүнөт.
Карааңды көрүп Чачыкей,
Санаасы санга бөлүнөт.
Кеңколго кирип барганда,
Күлчоро минген Көктелки,
Аягынан чаң чыгып.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Күлчоро чунак келатат.
Жылаанды көргөн эмедей,
Жыйрыла түштү Чачыкей.
Айнектей көзү жумулуп,
Айдай бети кубулуп,

Кудай урган экен деп.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Заманасы куурулуп.
Айтарга акыл табалбай.
Чыгып барган мунардан,
Басып түшүп келе албай.
Эки жагын каранып,
Арка чачы кылактап.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Алтын чапкан аркалык,
Айдалыда жаркылдап.
Чыгып барган мунардан,
Арaң түштү Чачыкей.
Ок тийгендей шалкылдап,
Чачыкей түшүп баргыча,
Жооп камдап алгыча.
Кактелкини такымдап,
Кара чунак жинди кул,
Кирип барды жакындап.
Жакын барып кеп айтат,
Шак эткендей бек айтат.
Оо, жеңеке Чачыкей,
Элес-булас кеп айттың,
Айтпай койсоң эмине,
Эс чыгарып не айттың.
Келдим айткан кебиңе,
Аккуу кетти көкөлөп.
Бадышанын шумкарын,
Алып кетти чоң аккуу,
Айдалыга көтөрүп.
Сенин төрөң Семетей,
Кандай кепти баштадың,
Сенин кебиң сыйлайм деп,
Өлүп кала таштадым.
Шумкар кандай качты деп,
Айтып бер жеңе батыраак.
Ошо жолдо баланын,
Айнектей көзү чачырап.
Чочуп кетип Чачыкей,
Оргу-баргы кеп айтат.
Сенин кушуң менен ишим не,
Атка тердик салдымбы,
Сенин кушуң качат деп,
Артыңан ээрчип бардымбы.
Эркелебе эби жок,
Ат токунуп бир барып,
Шумкарыңды колго алып,
Колуңдан шумкар алдымбы.
Айтып бергин дегендей,
Кошо барып салдымбы.
Такылдайсың эби жок,
Билбеймин шумкарыңдын качканын.
Жасап айткан кебиңди,
Сенин шумкарың качат дедимби.
Ойноп айткан кебиңди,
Обу жок тапкан эбиңди.
Качан айттым качат деп,
Же шумкарды салба дедимби.
Түрүн бузуп Чачыкей,
Ак көйнөгүн булгалап,
Айткан кебин бурмалап.
Кайра басып талтактап,
Жооп бербей кайсактап.
Төбө чачы үксөйүп,
Бетинин түгү түктөйүп.
Күлчоро барды артынан,
Оо, жеңеке Чачыкей,
Колумдан кармап кеп айттың,
Колуңан шумкар качат деп.
Ак була көрсөң алба деп,
Куугa шумкар салба деп,
Аманат кылып бек айттың.
Ак шумкардын качарын,
Билбесең муну не айттың.
Көт жагынан жакындап,
Эр Күлчоро такылдап.

Улам сурап турганда,
Чачыкей долу ыргыштап,
Шумкарың менен жерге кир.
Билбеймин деп чорону,
Акырекке бир муштап.
Алтын ооз чоң эшик,
Ачып кирди Чачыкей.
Бу Күлчоро келген соң,
Шумкарың качат деген соң.
Талма тийген эмедей,
Алган экен бейжай деп.
Канча акыл ойлонуп,
Ок тийгендей толгонуп,
Басып үйгө кирген жер.
Бала чунак жетимче,
Ыргып атка минген жер.
Шашпа жеңе шашпа деп,
Эркелеткен бадышаң,
Колу шумкар качырып,
Кушуна ичи ачышып.
Ээн талаа, эрме чөл,
Сенин төрөң жатса деп.
Төрөң келсе Чачыкей,
Баштатынан айтчу эмес.
Эр Күлчоро кеп айтат,
Эң эле катуу кеп айтат.
Астап келдим астыңа,
Жеңекем айткан кеби деп.
Өзүң келдиң кашыма,
Баатырдын уулу төрөңдү,
Ойноо бала чагында,
Аңгыр өскөн төрөңдүн,
Кесирети өзүңдүн.
Ортоңду жүдө бөлөмбү,
Шашпа жеңе, шашпа деп,
Абириңди ачпа деп.
Айтканыңды танасың,
Танамын деп Чачыкей,
Кыйыктанып алганда.
Манастан калган мураапы,
Баарын кырып салганда.
Каарман тууган төрөңдөн,
Бөөдө өлүп каласың.
Деп ошентип Күлчоро,
Чачыкейге кеп айтып,
Шашпагын жеңе деп айтып.
Астындагы Көктелки,
Оозлугун кемиртип.
Башын жерге чулгутуп,
Туягын жерге мылгытып.
Үстүнөн чаңды бургутуп,
Кайра тартып алган жер.
Кайгырып жаткан көкжалдын,
Как астына барган жер.
Шумкардын жообун угам деп,
Абакеси Семетей,
Ыргып тура калган жер.
Атынын жалы жаткандай,
Катуу жүрүп алыпсың.
Кабагыңды сен түйүп,
Кагуу тилди уккандай.
Кызыл өңү бузулуп,
Кандай жаман кеп уктуң.
Ачууң келип тутулуп,
Баласынын астына,
Семетей барып кеп сурап,
Айтчы жообуң деп сурап.
Жинди чоро кеп айтат,
Жини келип бек айтат.
Катынын эрке өстүргөн,
Ой, абаке Семетей,
Айткан кебин буйтанып,
Кайрып койду сөзүмдү,
Кагып койду өзүмдү.
Улам-улам сурасам,
Акырекке бир муштап,

Ачуусу келип ыргыштап,
Көкүрөккө бир муштап,
Көтөрүлүп ыргыштап.
Кушуң менен ишим не,
Менин ишим менен ишиң не.
Какаланып кеп айтты,
Кайраттанып бек айтты.
Кушуң менен жерге кир,
Абаңа баргын деп айтты.
Жакшы жооп берген жок,
Кайрып койду сөзүмдү,
Сөзүм эмес абаке,
Уруп койду өзүмдү.
Бетимдеги бедерим,
Мен садага кетейин,
Белимдеги кемерим.
Шумкардын жообун берет деп,
Билгенин айтып бербесе,
Кесирлүү жеңең өлөр деп.
Астында минген Көктелки,
Ээриңди алгын деп.
Атыңдын суутун кандырып,
Таңашырып салгын деп,
Эртең кайра баргын деп.
Мен барбаймын Кеңколго,
Эркелеткен төрөңдү,
Ээн жерге зарылтпай.
Эрмегинен айрылып,
Капа кылып кайгыртпай.
Кайра барып кеп айткын,
Барсаң жооп бербесе,
Эркелигин койбосо,
Ар немени ойлосо.
Эжекеси Көкмончок,
Өз жездеси Сарыкан.
Бир энеден туулган,
Бир тууганы Чачыкей,
Көкмончокко айткын сен,
Элге салба чуулган.
Сарыкан болсо абабыз,
Көкмончок болсо эжебиз,
Чачыкейге келсин де.
Колумдан качкан шумкардын,
Билгенин танбай айтсын де.
Танбай айтса билгенин,
Астыңа катын албайт де,
Артып камчы чаппайт де.
Үстүңө катын албайт де,
Үйүрүп камчы салбайт де.
Айтып берсе шумкарды,
Алмончок кылып багат де.
Шумкарды айтып бербесе,
Айбай салбар кылат де,
Семетейдин салбыры,
Бул жүргөнү уят де.
Сарыкан, Мончок келсин де,
Жооп алып берсин де.
Жооп алып бербесе,
Айлын чаңдан бөлсүн де.
Ак асаба, кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн де.
Айза кармап туу тигип,
Турушар жерин айтсын де.
Бет алышып беттешип,
Шумкардын жообун албаса,
Чачыкейге барбаса,
Чыгышаар жерин айтсын де.
Каз-өрдөк этин алдырып,
Чачыкейге сактаган,
Жан казанга салдырып.
Тапкөй өскөн Семетей,
Чайнекке чайын кайнатып,
Тамак ашын жайнатып.
Чыканактап кыйшайып,
Уктап калды тынч алып.
Суутулган Кактелки,
Жерди тээп кошкуруп.

## АЙЧҮРӨКТҮН ДАЙНЫН АЙТПАЙ ЖҮРГӨН БАКАЙ МЕНЕН КАНЫКЕЙГЕ СЕМЕТЕЙДИН ТААРЫНЫШЫ. СЕМЕТЕЙ КАНЧОРО, КҮЛЧОРО МЕНЕН АКУНКАНДЫН ШААРЫН КӨЗДӨЙ АТТАНЫШЫ. КҮЛЧОРО ЧАЛГЫНГА ЧЫГЫП, ҮРГӨНЧТҮ КЕЧИШИ, АЙЧҮРӨККӨ ЖОЛУГУП ЖАТЫП КАЛЫШЫ. СЕМЕТЕЙДИН АЧУУСУ КЕЛИП ТАЙБУУРУЛГА КЕЙИШИ. СЕМЕТЕЙ МЕНЕН КАНЧОРО ҮРГӨНЧТҮ КЕЧИП ЖОЛУН ТОСУП ЖҮРГӨН АЙЧҮРӨККӨ ЖОЛУГУШУ. СЕМЕТЕЙ МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН КАЙЫМ АЙТЫШЫП ЧАТАКТАШУУСУ. СЕМЕТЕЙДИН АКУНКАНДЫН ШААРЫНА КЕЛИП АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНҮП ЖАТЫП КАЛЫШЫ. ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙ АКУНКАНГА АЙЧҮРӨКТҮ БЕРСИН ДЕП ЭЛЧИ ЖИБЕРИШИ.

Баатырдын уулу Семетей,
Атыңдын сууту канганда.
Эрке өскөн тентек кул,
Жумшаганга элпек кул.
Катылганда кан кылган,
Колтоктоткон жинди кул.
Абасынан кеп угуп,
Колдо шумкар качты деп.
Шумкарына кайгырып,
Ээн талаа, эрме чөл,
Абакем үйгө келбей жатты деп.
Сарыканга баргын деп,
Шаша кабар салгын деп.
Өз эжеси Көкмончок,
Ошону кошо алгын деп.
Экөөнү алып ээрчитип,
Анан жеңекеңе баргын деп.
Эр Семетей кеп айтып,
Батыраак баргын деп айтып.
Бала жинди Күлчоро,
Басып жолго салган жер,
Баатырдын тилин алган жер,
Сарыканга барган жер.
Барды кандын айлына,
Кандын барды жанына.
Баланы байкап караса,
Каны кайнап бузулуп,
Кабагын түйүп тутулуп.
Кызыл өңү саз болуп,
Эр Күлчоро жинди кул,
Азат бою бас болуп.
Чоро кирип барганда,
Саламы жок, кеби жок,
Астына тура калганда.

Эмине болуп кетти деп,
Эстүүрөөгү сезиптир.
Улук заада Сарыкан,
Эси чыгып кетиптир.
Көптөн кийин токтолуп,
Ээ, кагылайын жиндиче,
Кан Сарыкан кеп сурап.
Кабагыңды түйөсүң,
Шашкаландуу өңдөнүп,
Эмине кылып жүрөсүң.
Эр Күлчоро кеп айтат,
Айланайын абаке,
Эми айтайын деп айтат.
Кабагымды түйгөнүм,
Капа болуп жүргөнүм.
Айдың-Көлгө куш салып,
Абакем болуп бардык биз,
Ак шумкарды салдык биз.
Шумкарды кууга алдырып,
Как талаада калдык биз.
Куш салып жолго чыкканда,
Эрке жеңем Чачыкей,
Колуман кармап кеп айтты,
Шумкарың качат деп айтты.
Бетимен сүйүп кеп айтты,
Ак була көрсөң алба деп,
Аккууга шумкар салба деп.
Береги турган жеңеңди,
Бейпайга башын салба деп.
Ак була көрдүм албадым,
Аккууга шумкар салбадым.
Салбай койсом шумкарды,
Оолукма төрөм, абакем,
Колуман жулуп алганы,
Аккууга шумкар салганы.
Шумкар кууга барганда,
Алды аккуу бөктөрүп,
Кетти алып көтөрүп.
Колуман шумкар качты деп,
Бажаң төрө Семетей,
Мени саат басты деп.
Шумкарынан айрылып,
Жатып алды талаага,
Шумкар кандай качты деп.
Чачыкейге мен келсем,
Жооп бербей ыргыштап.
Шумкарың менен ишим жок,
Мени акырекке бир муштап,
Айтпай койду Чачыкей.
Катының айтпай койду деп,
Кайра тартып мен бардым.
Катын менен төрөнүн,
Ортосунда мен калдым.
Айтпайт деп ыйлап турганда,
Абакем дардаң кеп айтты.
Сарыканга баргын деп,
Өз эжеси Көкмончок,
Экөөн бирдей алгын деп.
Кескиленген канчыктын,
Эжеси менен жездеси,
Жооп алып берсин деп.
Барганыңда келбесе,
Балдызынан Сарыкан,
Жооп алып бербесе.
Айлын чаңдан бөлсүн дейт.
Ак асаба, кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн дейт.
Жооп алып бербесе,
Айза сайып, туу жайып,
Турушар жерин айтсын дейт.
Аскер жыйып, кол курап,
Урушар жерин айтсын дейт.
Семетей бажаң кеп айтты,
Батыраак жооп берсин дейт.
Ушу кепти бек айтты,
Каным кайнап суюлуп,

Кабагым бүркөп түйүлүп.
Катын менен төрөнүн,
Ортосунда мен жүрүп,
Кара жандан түңүлүп.
Тентек жинди Күлчоро,
Канга кабар салганын,
Тентек бала барганын.
Бул эмине деген кеп,
Боконо жүрөк болк этип,
Эт жүрөгү солк этип.
Козукүрөң, Бозжорго,
Көкмончокко токутуп.
Ар жүргөнү тайгандай,
Жылкыдан чыгат ар кандай.
Урушар жерин айтсын деп,
Каары келсе кан ичме,
Кылбаганды кылат деп.
Ашып-шашып ат токуп,
Атын шашып бат токуп,
Көкдөмөндү минген жер.
Көкмончокту ээрчитип,
Кеңколду көздөй жүргөн жер,
Шаша жолго салган жер.
Сарыкан менен Көкмончок,
Өзү жинди Күлчоро,
Үчөө жетип барган жер.
Бул үчөөнү көргөндө,
Жылып үйгө кирген жер.
Сарыкан менен Көкмончок,
Жанында жүрөт Күлчоро,
Шумкардын жообун алууга.
Ала көөдөн, эси жок,
Жиберген экен баласын.
Эжем менен жездемди,
Жооп алып берсин деп.
Экөөнө болуп арачы,
Талма тийбей суналып.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бир жагында үч келин,
Оң жагында алты кыз.
Колдон колго алышып,
Кантип кетер экен деп,
Кучакташып калышып.
Талма тийген эмедей,
Жаак чачы суюлуп,
Шилекейи куюлуп.
Жатып калды Чачыкей.
Сарыкан, Мончок барды эми,
Маңдайын сылап кеп сурайт.
Балакетиң алайын,
Эмине болдуң деп сурайт.
Чекесин сылап кеп айтат,
Жездекеси Сарыкан,
Эмине болдуң деп айтат.
Чачыкейди караса,
Кабагын түйүп бүркөлөт.
Бу бейжаанын башына,
Канчалык санаа бир келет.
Жездекеси Сарыкан,
Ооруп калган экен деп,
Күлчорону чаптырып,
Элге кабар салдырат,
Эшен, молдо алдырат.
Чачыкейди окутуп,
Молдо, кожо келишет.
Оору эмес мунуңар,
Талма эмес, шал эмес,
Эпкин эмес, жин эмес,
Таза турат мунуңар.
Келгендер тарап кайткан жер,
Сарыкан менен Көкмончок,
Бул экөөнө айткан жер.
Молдолор кебин угуптур,
Ачуусу келип жездеси,
Кескиленет канчык деп,
Урушчудай туруптур.

Эжеси Мончок кеп айтат,
Жыйдыңбы эсиң деп айтат.
Шумкардын жайын эми айтат.
Кече бадышаң шумкар салыптыр,
Балдары кошо барыптыр.
Балдарына кеп айттың,
Куугa салба шумкарды,
Шумкарың качат деп айттың,
Ушу кепти неге айттың.
Жездеңдин келип калганы,
Төрөң как талаада кайгырып,
Шумкарынан айрылып.
Биз качырган эмедей,
Кырамын деп камынып.
Сарыкан, Мончок келсин деп,
Кечиктирбей шумкарды,
Жооп алып берсин деп.
Береги каргадай болгон инисин,
Кабарчы кылып жиберип.
Кагылайын боордош,
Билгениң болсо айтып бер,
Эжекеси Көкмончок,
Ыйлап сурап турган жер.
Бу Чачыкей ыргыштап,
Сен эмине дейсиң деп.
Өзүнөн улуу эжесин,
Жаактан ары бир муштап.
Эриң шумкар салганда,
Атка тердик салдыңбы,
Ээрчип кошо бардыңбы,
Куштун табын билдиңби.
Андай салбай, мындай сал,
Кушуң качат дедиңби.
Куштун жообун бергин деп,
Атка минип элеңдеп.
Качып кеткен шумкарды,
Жообун алып берем деп,
Арка чачын түйгөн жер.
Эжекеси Көкмончок,
Катуу кагып кеп айтып.
Далпылдаган ит канчык,
Мунун кушу менен иши эмне,
Кете бергин деп айтып.
Шагы сынып Көкмончок,
Асты-кийнин карады.
Алган байы Сарыкан,
Көзүн кысып кеп айтты.
Долуланган канчыктан,
Сен сурачы деп айтты.
Басып барды астына,
Жездеси барып кашына.
Балдызынан кеп сурайт,
Балакетиңди алайын,
Билгениң айтчы деп сурайт.
Чачыкей долу кеп айтат,
Башың ылжыраган таз жезде,
Бул эмине дегениң.
Ала көөдөн бажаңдын,
Мен атка тердик салдымбы,
Шумкарын качырып,
Биригип кошо бардымбы.
Биргелешип жүрдүмбү,
Шумкарын качырып,
Мен үйдө жатып билдимби.
Деп ошентип Чачыкей,
Сарыканга кеп айтып.
Кетирбе менин алымды,
Кейитпе менин жанымды.
Оорутпа менин башымды,
Шумкардын жообун сурабай,
Жууп алгын тазыңды.
Кан Сарыкан кеп айтат,
Кагылайын Чачыкей,
Төрөң Манастын уулу Семетей,
Өчөлөнүп келгенде,
Өбулак кан кылган,

Өатасын жай кылган.
Кыйыктанып келгенде,
Кырк чоросун жай кылган.
Катын-кызын ыйлаткан,
Баарысын кырып кыйраткан.
Бир көпөлөк айынан,
Бекер мындан өлбөйлү,
Бөөдө кыргын көрбөйлү.
Каарланса кырат деп,
Учубузга чыгат деп.
Кой, Чачыкей айтып бер,
Жалынып сурайт жездеси.
Долу катын кеп айтат,
Долуланып бек айтат.
Бейжай катын кеп айтат,
Безеленип бек айтат.
Жулуп алам бетиңди,
Кетиремин айлаңды,
Кете бергин деп айтат.
Жооп алып бергидей,
Арачы киши сен белең,
Сенин башыңды жеген мен белем.
Айтсам, айтсам болбойсуң,
Менин асты-кийним торгойсуң.
Катыныңды ээрчитип,
Эминеге келесиң.
Шумкардын жайын билгидей,
Тапчы белем Чачыкей.
Качса шумкар качкандыр,
Бир көпөлөк качты деп,
Кайгырып азап тарткандыр,
Иши жок бажаң жаткандыр.
Жетиштүү эрге тийгенсип,
Эр кадырын билгенсип,
Элди билип алгансып.
Тийип эрге жетинип,
Жыргап жатып калгансып.
Атка минип албактап,
Катынын кошо ээрчитип.
Ала көөдөн арам таз,
Келди эмине далдактап.
Улам толгон кеп сурап,
Айтып бергин деп сурап.
Мээси бузук айланпаш,
Жашында мээсин курт жеген.
Ылжыраган арам таз.
Кагуу көрүп катындан,
Касиеттүү улук жан,
Кайгырып капа болгон жер.
Манастын уулу Семетей,
Бадыша эмес, ит экен,
Төрө эмес, бок экен.
Төрөнүн уулу деп жүрсөм,
Бу Семетей бок экен.
Бул өңдөнгөн канчыкты,
Эритип эрке үйрөтүп.
Бооруна баскансып,
Болуксуп жыргап жаткансып.
Бул өңдөнгөн канчыктын,
Кесири элге тийбейби,
Кагуусу калкка тийбейби.
Тутамдап чачын кыркпайбы,
Чолок байтал мингизип,
Жаман кийим кийгизип,
Элине айдап ийбейби.
Аргын менен ногойдун,
Атасы Манас сурагын,
Аралап катын албайбы.
Долуланган канчыкты,
Албай салбар кылбайбы.
Каныкей багып чоңойткон,
Өзүңдөн болгон жалгызга,
Каралдуу болор бекен деп.
Катарга кошуп оңолткон,
Колуңан шумкар качат деп,
Айтпай, танып жатат деп.

Ушу кепти сен уктуң,
Кашыма киши келбеген,
Катуу айтып көрбөгөн.
Оо, сен бала болбой жерге кир,
Жаман кепти мен уктум.
Сабыры бар Күлчоро,
Эжеси кантер экен деп.
Кокустан барып кол салсам,
Көңүлүнө кетер деп,
Байкап турат жинди кул.
Өз эжеси Көкмончок,
Көзүн кысып сөз айтат.
Адам эмес шайтанды,
Өмуну деп айтат.
Катынын эрке үйрөтүп,
Канзаада башын бас кылып.
Алакөөдөн абама,
Кан Сарыкан кеп айтып.
Мазар уруп катынын,
Алакөөдөн бул акмак,
Чыгарып муну башына.
Өкоюп катынын,
Өдесең мына деп,
Өбасып келейин,
Башымды тосуп берейин.
Сен Күлчоро болбой куруп кал,
Бир катынга баш берген,
Бала болбой жерге кир.
Кара чачын тутамдап,
Жулуп салгын деп айтат.
Кара көзүн кашайтып,
Оюп салгын деп айтат.
Канга боеп канчыкты,
Союп салгын деп айтат.
Катуу кепти укту эми,
Босогонун бооруна,
Энекеси Каныкей,
Абакеси Семетей,
Жетиден камчы илдирген.
Өзөгү кайыш, тышы жез,
Кесиреттүү бу канчык,
Чоң балаага келди кез.
Жинди бала Күлчоро,
Камчыны колго алган жер.
Айтасыңбы жокпу деп,
Чалкалаган долунун,
Жанына басып барган жер.
Жиндинин жини келди деп,
Эминени көрдү деп.
Чачыкейдин жанынан,
Кыз-келин үркүп калган жер.
Өзөгү кайыш, тону жез,
Айтпасаң жообуң мына деп,
Эр Күлчоро жинди кул,
Камчы менен салган жер,
Чапканда камчы баткан жер.
Чалкалаган канчыктын,
Калдыркан жибек көйнөгү,
Капшытынан сөгүлүп,
Капталынан кан чыгып.
Кынама кызыл бешманттын,
Тигишинен кан чыгып.
Казандай болгон кең соору,
Камчы менен тилинип.
Өлтүр, өлтүр, өлтүр деп,
Кан жездеси бакырып.
Билгениңди айтпасаң,
Камчы батты этиңе.
Оо, кара бет долу күң,
Өз кылганың өзүңө.
Адам кебин какпаган,
Жезедеңе айткан сөзүңө.
Чаба түшсөң экен деп,
Балалык кылар бекен деп,
Эжекеси кеп айтып.
Эми айтпасаң жерге кир,

Өлгөнүң ушул деп айтып.
Эжеси менен жездеси,
Калган экен таарынып.
Эр Күлчоро жиндиси,
Камчысынан кан чыгып.
Сен өңдөнгөн канчыктын,
Башын чаап салам деп.
Ичиңен алып өпкөңдү,
Кан жездеңе чабам деп.
Кылычын көздөй жүгүрүп,
Адамдан ашкан жинди кул,
Чапса чаап салат деп.
Чалкалаган жеңеси,
Эркелетип өстүргөн,
Манастын уулу Семетей.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Коркконунан кеп айтты.
Кушуң менен жерге кир,
Карарган сенин көзүңө,
Кан чалынсын өзүңө.
Эси чыгып кеп айтты,
Шумкарың менен жерге кир,
Айчүрөк алды деп айтты.
Сарыкан ойлоп билчү экен,
Акункан деген кайнына,
Айчүрөк деген зайбына,
Семетей качан барат деп,
Качан барып алат деп.
Баралына келсин деп,
Балдарынын балтыры,
Балтыр эти катсын деп.
Машыгып мылтык атсын деп,
Булчуң эти катсын деп,
Буулугуп жоого тийсин деп.
Каныкей, Бакай калкалап,
Айтпай жүргөн жан экен.
Айдап калың мал алып,
Алтын, күмүш зар алып.
Семетейди ээрчитип,
Өзүм барып алам деп.
Күлчоро менен Канчоро,
Эсейсин деп жүрчү экен.
Муну Каныкей, Бакай билчү экен.
Башка жанга билгизбей,
Балдарды багып жүрчү экен.
Баралына жеткирбей,
Чынкожо деген дөө чыгып,
Толтой деген эр чыгып.
Айчүрөктү алмакка,
Акункандын калаасын,
Ыйлатып катын, баласын,
Душман камап барганда.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак тасма белге сыдырып.
Ат бороййдун баарысын,
Айланып учуп кыдырып.
Касиеттүү канкордун,
Калаасына барыптыр.
Аргын менен ногойдун,
Арасына барыптыр.
Барып элди мааналап,
Баарын көрүп аралап.
Манастын уулун көргөндө,
Байкуш Чүрөк каралап.
Алганы кандай экен деп,
Телегейи тең болсо,
Бейли жакшы кең болсо.
Арка чачын түйөм деп.
Баатырдын уулу жалгызга,
Өзүм барып тием деп.
Адегенде кабылып,
Эжекелеп жалынып.
Чачыкейге кеп айткан,
Мен Айчүрөкмүн деп айткан.
Чачыкей айтпай оолуккан,
Адегенде жолуккан.

Эжекелеп жалбырып,
Маңдайына барганда,
Эрден калган эски деп,
Эл куруткан кески деп.
Арка чачың жулам деп,
Сен өңдөнгөн канчыкты,
Кулга катын кылам деп.
Чачыкей айткан ататпай.
Каргадай болгон Күлчоро,
Балалыгы болбосо,
Маңдайнан шам күйгөн,
Баатыр болчу жан экен.
Ушу турган баланын,
Колдогону бар экен.
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырып.
Канчоро менен Күлчоро,
Эки окшошкон баланы,
Экөөн бирдей жактырып.
Манастын уулу төрөсүн,
Бар экен мунун жолдошу.
Колдогону болбосо,
Кополдугу бар экен.
Акундун кызы Айчүрөк,
Баатырдын уулу канкордун,
Катыны кесир жан экен.
Астындагы мингени,
Айбандан башка мал экен.
Эки иниси бар экен,
Эки иниси болбосо,
Эсер өскөн жан экен.
Же минген атын алсамбы,
Алып кетип калсамбы.
Атын алсам оңбойт го,
Алып барсам бууданын,
Кокустан билбеген киши билеби,
Кишинин көзү тиеби.
Салып жүргөн шумкарын,
Муну колго алайын.
Алып барып шумкарды,
Колум менен багайын.
Ак шумкардын артынан,
Катынынан кеп угар.
Кече айтышкан сөздүн шартынан,
Сенин катының алды деп угар.
Бууданы турса астында,
Шумкарымды табам деп,
Шумкарды таап алам деп.
Буурулду көрүп жактырып,
Муну минип барар деп,
Атынын оозун керер деп.
Абакеси баатырды,
Уламадан укчу экен,
Бир колдогон жан деген,
Колдогону бар деген.
Болоттон калган тукум деп,
Ошондон калган тукум деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жараткан алда кудайдын,
Жазганы болсо көрдүм деп,
Акшумкар колго алган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айлына кайра барган жер.
Шумкарынан айрылып,
Ичи күйүп кайгырып,
Канкордун уулу Семетей,
Талаага жатып калган жер.
Чачыкейден кеп угуп,
Айчүрөк алды деп угуп.
Тентек бала иниси,
Канкордун уулу баатырга,
Күлчоро жетим барган жер.
Күлчоро кайра барганда,
Билдиңби куштун дайнын деп,
Семетей тура калганда.
Аттан түшүп кол берип.

Айланайын абаке,
Акункан сенин кайның деп,
Кушуңдун билдим дайнын деп.
Айчүрөк сенин зайбың деп,
Абыдан билдим дайнын деп.
Чачыкейден кеп уктум,
Айчүрөк алды деп уктум.
Сарыкандан кеп уктум,
Акункан мунун кайны эле,
Айчүрөк мунун зайбы эле.
Каныкей, Бакай айтпайт деп,
Куда болуп мал алып,
Абасы Бакай барбайт деп,
Айчүрөктү албайт деп.
Билип ойлоп жүрчү элем,
Сарыкандан кеп уктум,
Айчүрөк зайбың деп уктум.
Чачыкей долу кеп айтты,
Айчүрөк алды деп уктум.
Эркелеткен зайбыңдын,
Ачып келдим айбын деп.
Качып кеткен шумкардын,
Билип келдим дайнын деп.
Акункан сенин кайның деп,
Айчүрөк сенин зайбың деп.
Эркелеткен зайбыңдан,
Эжеси менен жездесин,
Экөөнү кагып күүлөнүп,
Айтпай койду сүйлөнүп.
Ачуусу келип Сарыкан,
Катыңды эрке өстүргөн,
Сарыкан сага таарынып,
Башын кесип ал деди,
Канжыгаңа чал деди.
Кызыталак канкорго,
Байланып башын бар деди.
Ошондо каным кайнап бузулуп,
Баканга илген чыбыртка,
Ала коюп мен чапсам.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлдү.
Соорудан аккан кара кан,
Бүркүрөп жерге төгүлдү.
Калдыркан ала көйнөгү,
Капталынан сөгүлдү,
Капталдан аккан кара кан,
Шыркырап жерге төгүлдү.
Сарыкан тилин алмакка,
Башын чаап салмакка.
Кылычты алдым колума,
Сарыкан менин өзүмдү,
Катуу карап кеп айтты.
Кушуң менен жерге кир,
Кушуңду Айчүрөк алды деп айтып.
Чачыкейден кеп угуп,
Айчүрөк алды деп угуп.
Кабарын угуп мен келдим.
Бала төрө Семетей,
Ошондо камчы тартып камынып,
Ошондо Каныкей менен Бакайга,
Акункан сенин кайның деп,
Айчүрөк сенин зайбың деп,
Билгизбейм мунун дайнын деп.
Мен ат куйругун өрбөймүн,
Каныкей менен Бакайдын,
Экөөнүн өлгөнчө жүзүн көрбөймүн.
Астымда минген тулпарым,
Менин атамдан калган шумкарым.
Салуучу экен бөпөлөп,
Шумкарды кошо көтөрүп.
Атамдан калган белегим,
Өлбөгөн жанга керегим.
Салсап шумкар эрмегим,
Берегi союлган Буурул өлгүчө.
Талыкпай издеп табамын,
Табылбаса шумкарым,

Талаага өлүп каламын.
Кайрылып Кеңкол барбаймын,
Шумкарымды качырып,
Каныкей менен Бакайдын,
Экөөнүн кебин укпаймын.
Кушум качып кетти деп,
Мен Кеңколдон жөнөп чыкпаймын.
Ак шумкардын айынан,
Табылбаса көрөмүн,
Мен тагдырга жазса өлөмүн.
Манастын уулу Семетей,
Бүркөлүп кабак ачылбай.
Атамдан калган шумкарым,
Колуман кетип калды деп.
Манастын уулу баатырдын,
Ыйласа жашы басылбай.
Ошондо жинди чоро кеп айтат,
Ой, абаке Семетей,
Алып кеткен Айчүрөк,
Ыйлаган менен келчү эмес.
Колуна тийген шумкарды,
Оңойлук менен берчү эмес.
Аргын, ногой элинден,
Кеңкол, Талас жеринден.
Чакырып аскер алалы,
Шумкарды издеп баралы.
Шумкардын жообун бербесе,
Шаарына бузук салалы.
Караламан кол менен,
Калаасына баралы,
Куш алган киши кайда деп,
Айчүрөктү табалы.
Айчүрөк чыгып келбесе,
Шумкарды алдым дебесе.
Калкына бузук салалы,
Бербейбиз десе шумкарды,
Белге белбоо тагалы,
Беттеше турган эл болсо,
Бир беттешип калалы.
Жооп берсе шумкарга,
Абай жаап ат алып,
Кан Акундун астына,
Күйөө болуп баралы.
Салтанат менен биз барсак,
Шумкар эмес Чүрөктү,
Муну кошуп алалы.
Күлчоро турат такылдап,
Абакеси баатырдын,
Астында турат такымдап.
Эрке төрө кеп айтат,
Такымдайсың эмине.
Эмгек салып элине,
Аскер менен баргыдай,
Айылга бузук салгыдай.
Өзүм эле барамын,
Шумкардын жообун аламын.
Өзүмө жооп бербесе,
Ат куйругун өрөлү,
Кызыталак оогандын,
Кыйындыгын көрөлү.
Аскерди анан алалы,
Кызыталак оогандын,
Шаарын барып чабалы.
Астында турат Буурул ат,
Кактелки менен Суртелки,
Экөөң келип турасың.
Токоман деген топ башы,
Мында болот бир топ ат.
Калк бийлеген Калкаман,
Калайык эл жалпы аман.
Сай күлүктү сактаган,
Күндө күлүк таптаган.
Мында болот бир топ ат.
Карыбектин Айманбет,
Анда болот бир топ ат.
Аттын асты Акборчук,

Кошколонду артууга,
Ыйыктыгы бар эле.
Ала кийиз жайнамаз,
Алып туруп бүктөгөн,
Акборчукка жүктөгөн.
Көрпөчөлүү Көкала,
Көсөө куйрук жыйырды.
Жамгырчынын жайдак сур,
Ажыбайдын Айманбоз,
Экөөнүн минген бууданы,
Мынабу буудан турганы,
Ошондо болот он төрт ат.
Санатын айтып болтуруп,
Он төрттү жазып болтуруп.
Каныкей кылган ак чатыр,
Талаага барып конгондо,
Жаан-чачын болгондо,
Чатыр тигип алалы.
Ат откозуп токтолуп,
Өрүүн болуп баралы.
Абакем салык салды деп,
Же мен айткан атты алгыла.
Бербейбиз десе алардын,
Башын чаап салгыла.
Кыйындыгын көрөйүн,
Же болбосо аттарды,
Жыйып айдап келгиле.
Жети күндөн өткөрбөй,
Анык барып келгиле.
Аккелте болсо колумда,
Аколпок болсо жонумда.
Кандагай болсо бутумда,
Ар киймиси боюнда.
Атаңдан калган ар неме,
Кынабынан алгыла.
Кылычын кынга салгыла,
Жоого кандуу айбалта,
Капчыгына салгыла.
Айбалтаны алгыла,
Атаңдан калган Сырнайза,
Муну алып келгиле.
Атаңдан калган күпсөрдү,
Ок-дарыны салгыла,
Атка артынып алгыла.
Чогу алып келгиле.
Жоо-жарактан калбасын,
Алты кулач ак милте,
Кокус унут калбасын,
Кол капчыкка салгыла,
Бекем катып алгыла.
Калаага кайта келсин деп,
Каныкей айтса тил алып,
Кокус атын алба деп,
Кордукка башың салба деп.
Абакелеп жүрсөм мен,
Акун сенин кайның деп,
Ала турган зайбың деп,
Башынан айтып койбойт деп,
Бакайдын кебин укпа деп.
Бакайдан бата албаймын,
Каныкей менен Бакайдын,
Мен астына барбаймын.
Эки чоро барып кел,
Жоо-жаракты алып кел.
Жан казанды алып кел,
Кошколоңду тартып кел,
Он төрт атты айдап кел.
Аттарга силер барганда,
Токоман атын берсин де,
Токоман атын бербесе,
Кыргынымды көрбөсө.
Баатырдын уулу Семетей,
Кеңколго барбай талаага,
Жиберди балдар арага.
Үйүндө элге таарынып,
Семетей жатты талаага.

Атболушка саламын,
Абасы буйрук кылган соң.
Киелүү балдар жарышып,
Талас менен Кеңколдун,
Эрке төрө абасы,
Айткан атка барышып,
Аттарды жыйып алышып.
Талас менен Кеңколдун,
Көчөсүндө жарышып,
Көздүн жоосун алышып.
Жоболоңдуу эки кул,
Жоо көргөндөй шаңданып.
Эки кул барды камданып,
Эмине болуп кетти деп,
Элдин баары таңкалып.
Билбеген элге кеп айтпай,
Шумкар качты деп айтпай.
Манастын уулу Семетей,
Эки кулду атказып,
Бу аттарды берсин деп.
Берген экен колуна,
Бала төрө кат жазып.
Семетей катын көргөндө,
Бербейбиз деп айталбайт,
Берендин көөнүн кайтарбайт,
Айтайын деп айталбайт.
Атадан калган аркы бар,
Адегенде кан кечип,
Атайын койгон даңкы бар,
Карылар көргөн жери бар.
Жазган катты көргөндө,
Ат берүүчү баатырлар,
Атын шашып байлатып,
Канчоро менен Күлчоро,
Балдарына айдатып.
Атты жыйып толгон жер,
Эки бирдей жиндилер,
Жакын келип конгон жер.
Каныкейге барган жер,
Баламдын кушу качты деп,
Кушуна ичи ачышып,
Үйгө келбей жатты деп.
Чачыкейден кеп угуп,
Колдон кеткен шумкарды,
Айчүрөк алды деп угуп.
Кайгы тартып камыгып,
Башынан айтып койбойт деп,
Абакем менен экөөнө,
Барбаймын деп таарынып.
Эминеге айтпайт деп,
Ат куйругун өрбөйм деп.
Каныкей менен Бакайды,
Өлгүчө жүрүп көрбөйм деп.
Кеңколго кайра барбайм деп.
Табылбаса шумкарым,
Өлбөй тирүү калбайм деп.
Табылса шумкар аламын,
Абам менен энеме,
Шумкарым тийсе колума,
Анан кийин барамын.
Канча айтса болбоду,
Тилин албай койгону.
Эки жинди балага,
Энеси Каныш кеп айтат.
Айтып койсом кабарын,
Береги ирбеңдеген экөөңөр,
Балтыр эти толсун деп,
Баралына келсин деп.
Булчуң эти толсун деп,
Булкунтуп буудан минүүгө,
Бурулбай жоого кирүүгө,
Убагына келсин деп.
Абаңдын уулу эсердин,
Айтканынын баары чын.
Чалышаар чаркы болсун деп,
Беттеген душман качсын деп.

Оң саамайын түйгөмүн,
Экөөңдү күйүп жүргөмүн.
Талаага жатып алганы,
Эсердин эси жок эле,
Айылдан айыл бөлдү эле.
Атасы Манас баатырга,
Бирге жүрүп көрдү эле.
Элден элди бөлдү эле,
Атасы Манас баатырды,
Ээрчип жүрүп көрдү эле.
Ооганды Манас чапты эле,
Ошондо Чынкожо жүргөн жанында.
Бу Чынкожо качканда,
Жеткайтка барып батканда.
Жедигер болуп жатканда,
Бу Чынкожо кылган иш экен.
Айчүрөктү берсин деп,
Камап барган турбайбы.
Жайытына мал койбой,
Талап барган турбайбы.
Айыл душман алган соң,
Атаңдын көрү дүнүйө ай,
Арбакты сыйлап учкан го,
Айчүрөк качып чыккан го.
Астыма басып келбеген,
Мен Чүрөкмүн дебеген.
Арманым турат ичимде,
Эл четинен кеп угуп.
Эр издеген сендейди,
Семетей албайт деп угуп,
Кайгыланып калган го.
Шумкарчы ичи карарды,
Барса кайынын табар деп.
Камап жаткан жоо болсо,
Калганын сактап калар деп.
Андыктан айтпай жүрсүн деп,
Энекеси эми айтып.
Олуя заада Каныкей,
Атасы Манас бек эле,
Адамдан башка көл эле.
Ошо баатырдын көзү өткөндө,
Мен Семетейди калкалап,
Таластан качып кеткенде.
Кайрылып Кеңкол конгондо,
Ээрди ашка тийгени,
Тумшугум ташка тиет деп,
Айтпаганым бул эле.
Угуп калса абакең,
Барам деп жолго салат деп.
Жол көрө элек жаш эле,
Жоо көрө элек боз эле.
Жоголуп кетсе кокустан,
Мына менин бейтаалай,
Как талаада калат деп.
Айкожо абаң экөөбүз,
Акылдашып жүрчү элек.
Мынабу жетим өскөн экөөңдү,
Чоңойсун деп күйчү элек.
Акункан бизге куда деп,
Айчүрөк бизге келин деп.
Адам эмес пери эле,
Ургаачынын шери эле.
Чынкожо чочко барган го,
Айчүрөктү алам деп.
Акункандын шаарына,
Барып бузук салган го.
Айласын таппай Айчүрөк,
Баатырдан калган жалгызды,
Барып таап алам деп,
Асмандан учуп келген го.
Айылдан бузук кеп угуп,
Мурда эмес, эми угуп.
Катындан какшык кеп угуп,
Сени каалабайт төрө деп угуп.
Каалабаган баатырдын,
Албаганын көрөйүн.

Кабар угуп катындан,
Каргадай болгон экөөңүн,
Карааныңды көргөн го.
Баралына келгенде,
Басташкан жоону жеңет деп.
Канчоро менен Күлчоро,
Экөөңөрдү көргөн го.
Кушуна күйсө барар деп,
Барса мени алар деп,
Кушун алып кеткен го.
Атаңдын көрү катыгүн,
Абасына таарынып,
Келбей жатып алганы.
Колдоор бекен силерди,
Чоң атасы Манас арбагы.
Канчоро менен Күлчоро,
Ногойдон чыккан бууданды,
Баккан экен Каныкей,
Эки бала тууганды.
Өлбөсө киши болот деп,
Экөөнү эки колдон алчу экен,
Өзүмдөн болгон жалгызга,
Эки бала бөбөк деп,
Өлбөсө болот жөлөк деп.
Олуя заада Каныкей,
Билип турат баарысын.
Манастын уулу Семетей,
Батаңды бергин деп айтпай,
Таштап койду абасын,
Атасы күткөн агасын.
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрөнүн салган тамынан,
Кеңколго сайган багынан.
Кечеги Манас шаарынан,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн.
Ок-дарыны шайлашып,
Буудандарды айдашып.
Эки чоро аталып,
Энесинен бата алып.
Чыптуу алтын чыбы жез,
Эче торгун атилес.
Баса кийип шымданып.
Каражолтой чунактар,
Атка тердик салган жер.
Орто жолду бөксөлөп,
Олбуй-солбуй төгөлөп.
Чоочун жерге барабыз,
Сонун жеңе алабыз.
Далыга олпок киебиз,
Ата коргон оогандын,
Айлын барып билебиз.
Келин-кызын көрөбүз,
Кызыксак кармап өбөбүз.
Кактелки оозун бурган жер,
Каргадай болгон Күлчоро,
Кайра тартып токтолуп,
Дагы бата бергин деп,
Энекеси Каныкей,
Бата сурап турган жер.
Олуя заада энеси,
Ободо жолборс оңдосун,
Олуя заада атаңдын,
Оролу сени колдосун.
Асманда жылдыз оң болсун,
Атагы чыккан шерлердин,
Алмамбет, Чубак эрлердин,
Арбагы сени колдосун.
Анжияндын Арстанбап,
Силерди ага тапшырдым.
Эрдин бири Кожосан,
Жардамына тапшырдым.
Ак байгамбар Мустафа,
Арбагына тапшырдым.
Жигиттин бири Шаймерден,
Үчөөңөрдү тапшырдым.

Эсен барып, соо кел деп,
Энеңерди эстесең.
Эриктирбей бат кел деп,
Саламат барып, сак кел деп.
Энеңерди саргайтпай,
Сагындырбай бат кел деп.
Күлчорого кеп айтып,
Абакең эсер жан эле.
Жетим өсүп жетилип,
Аргын, ногой элине,
Эркелеп өскөн бала эле,
Копол өскөн жан эле,
Чоркоктугу бар эле.
Акундун кызы жеңеңдин,
Периден калган жан эле.
Маңдайлашып калганда,
Асты-кийнин байкап жүр,
Абакеңди жандап жүр.
Жаман-жуман кеп айтса,
Акундун кызы Чүрөктү,
Сени албаймын деп айтса.
Аккуу өңдүү кеби бар,
Асмандан учуп айланып,
Кетип калар жери бар.
Кереметтүү Каныкей,
Бекем айтып капшырып.
Келер-кетер жумушту,
Күлчорого тапшырып.
Бу Каныкей олуя,
Бата берип балдарды,
Салды эми жолуна.
Эки жинди чунактар,
Каныкейдей энеси,
Карап турса артынан,
Күлчоронун ийнинде,
Эки күйгөн чырак бар.
Багын кудай ачар деп,
Касташкан жоону жеңер деп.
Абасына кудайдан,
Жараткан алда бир кудай,
Болот экен жардамы.
Эки ийнинен шам күйүп,
Жарык болуп калганы.
Жандап калган турбайбы,
Атасынын арбагы.
Олуя заада Каныкей,
Көөнүн басып көз ачып,
Баланын түрүн көргөндө,
Басташканын жеңер деп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Алып келип берер деп.
Көтүнөн аяш барар деп,
Бата берип калар деп.
Эки бирдей жиндини,
Топ бууданды айдатып,
Жоо-жарагын камдатып.
Мылтыктарын асынтып,
Ок-дарысын артынтып.
Огун түштөп берди,
Оболу кудай жол берди.
Энесинен бата алып,
Шабырдагы балыктай,
Шартылдаган жиндилер,
Айбалта менен кылычтай,
Жаркылдаган жиндилер.
Жоо дегенде дегдеген,
Атасынан бабасын,
Кармашып киши жеңбеген.
Жолу жолдон жошулган,
Жолу кызыр кошулган.
Жыйып алган аттарды,
Айдап жолго салган жер.
Айбанбозго чатырды,
Артып жүктөп алган жер.
Абакеси жанына,
Эки чоро барган жер.

Манастын уулу Семетей,
Аттын түрүн көргөндө,
Эки чоро келгенде.
Отто турган Тайбуурул,
Арбаң-сарбаң түйүлүп,
Атын көздөй жүгүрүп.
Койнуна Чүрөк жаткандай,
Кызыгына баткандай.
Кудай берет экен деп,
Ат жетелеп жөө чуркап.
Каныкей кылган ак тердик,
Буурул атка салган жер.
Эми эле кирип барчудай,
Манастын уулу Семетей,
Бек сүйүнүп калган жер.
Азыгы жок, тамак жок,
Кандай болуп жатат деп,
Эки чоро барган жер.
Кол куржунду толтура,
Эр Семетей көкжалы,
Эт бышырып толтуруп,
Эки кул качан келет деп,
Ээн талаа, эрме чөл,
Семетей күйүп олтуруп,
Айткан эчен тапшырып.
Баарын алып келген соң,
Манастын уулу Семетей,
Эки кулун жактырып.
Эки кулга кеп айтып,
Эт бышырып даярдап,
Куржунга салдым деп айтып.
Эки жинди келгиле,
Эттен алып жегиле,
Тамак-ашка тойгула.
Тоодо жүргөн уларды,
Көлдө жүргөн кууларды,
Албады беле ак шумкар.
Ак шумкар алган канаттуу,
Жан казанга салгамын,
Даярланып калгамын.
Күл абагы жаркылдап,
Манастын уулу баатырдын,
Ак жибек тону бүгүлүп.
Айтканымдын баарысын,
Алып келди балдар деп.
Ак куржунга ок-дары,
Салып келди балдар деп.
Дегенимдин баарысын,
Кылып келди балдар деп.
Өзүм айткан аттарды,
Жыйып келди балдар деп.
Манастын уулу камынып,
Аюу көпчүк, ак быштан,
Ак каңкыга бастырып.
Кош алакан басмайыл,
Ээрге кошо тарттырып.
Баабединге ат айтып,
Бала төрө жинди кул,
Ободо жылдыз оң болуп,
Обогу журттан чоң болуп.
Топ бууданды айдатып,
Ободо жылдыз оң тартып.
Олуя заада абаңар,
Ополго чыкты жол тартып.
Асманда жылдыз оң тартып,
Аттанып чыкты Семетей,
Алыскы сапар жол тартып.
Эки бөлөк кашка таш,
Чаткалына барды эми.
Эки бирдей жинди сел,
Кош түшүрүп, туу тигип,
Барып конуп калды эми.
Тасторконун жайдырып,
Манастын уулу баатырдын,
Тамак-ашын жай кылып,
Жайкын жатып алган жер.

Боз чологун моюндап,
Ок-дарысын коюндап,
Арстан Бакай абасы,
Көт жагынан барган жер.
Көкжал төрө Семетей,
Башынан айтып койбойт деп,
Абасына таарынып,
Турбай жатып алган жер.
Абасы Бакай эр айтып,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки кулга кеп айтып.
Барасыңар Ополго,
Чынкожо, Толтой ошондо.
Жетесиңер Ополго,
Жайнаган аскер ошондо.
Акундун кызы Айчүрөк,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Баймырза уулу Ажыбай.
Чынкожо менен эр Толтой,
Айчүрөктү алам деп,
Камап жаткан жери бар,
Канетсе Айчүрөк тапкан эби бар.
Айдатып малды алыптыр,
Айда салык салыптыр.
Аттуу жетпей жөө болуп,
Кедей болуп калыптыр.
Сүйлөшүп малды алыптыр,
Сойоруна мал калбай.
Ичерине аш болбой,
Минерине ат болбой.
Жээрине дан болбой,
Урунарга мал болбой.
Эр Багыштын Толтойу,
Шыгайдан чыккан Чынкожо,
Аскер менен барганы,
Камап жатып калганы.
Так бир жылга толуптур.
Береги Акункандын ooганы,
Күнү карап болуптур.
Ooганды Манас чапканда,
Ошо жаткан Чынкожо,
Олжону кенен тапканда.
Атаңар Манас баатырдын,
Сыйлаган жок арбагын,
Көрөрсүң кудай жардамын.
Арбак урган Чынкожо,
Жеткайтка жете баргансып.
Жеткайтка барып жерденип,
Жедигерди элденип.
Тууғандуу болуп калгансып,
Кордукту бизге салам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Коркутуп туруп алам деп.
Жалаңдаган айбандын,
Кудай эбин табар деп,
Айтты Бакай канча кеп.
Күлчоро менен сүйлөшүп,
Каргадай болгон чорого,
Акылын Бакай үйрөтүп.
Ополдун өйдө жагында,
Үргөнчтүн ылдый жагында,
Кумдөбө деген жери бар.
Талаасы жайык Медиан,
Ашуусу кайкы бели бар.
Айчүрөк тилин аларсың,
Аттанып чыгып чаларсың.
Дөөгүрсүгөн Толтойду,
Ошо жерден табарсың.
Арбак консо жеңерсиң,
Жарадар кылып кутказып,
Абаңа ыйлап келерсиң.
Атка минип жол чалсаң,
Азамат эрдин башына,
Алты кырсык кабылат.
Ал кырсыкка кабылса,
Аттанып чыкса жол болбойт.

Берки өйүзү үргөнчтүн,
Сарынын кайкы бели бар.
Атакең Манас барында,
Алдында турган Бакайдын,
Белги койгон жери бар.
Ак атанды кадуулап,
Айдап чыккан аттарды,
Алгыла баарын жабуулап.
Бел-Тепши деген жери бар,
Бел-Тепшини баскыла.
Ээрдей болгон кайкы бар,
Как ошону ашкыла.
Ак-Инектин чоң кайкы,
Ошо жерге барып жаткыла.
Белге чыгып барсаңар,
Тегерегин чалсаңар.
Темиргендин ташындай,
Атаңар койгон ташы бар.
Ошо таштын бетинде,
Алмамбет менен Чубактын,
Ажыбай менен Сыргактын,
Бу төртөөнүн аты бар.
Катты окуп алгыла,
Кароолдоп дүрбү салгыла.
Шаарын көрүп үргөнчтүн,
Андан кийин баргыла.
үргөнчтөн чыгып жол чалсаң,
Турпандан келет туура жол.
Кашкардан келет кара жол,
Анжияндын аска жол,
Ар кайдан келет башка жол.
Тогуз жолдун тоому ошол,
Отуз жолдун оозу ошол.
Арстан Бакай абасы,
Жанында турган Күлчоро.
Алмамбеттин баласы,
Жазып берген каты ошол.
Семетейге билгизбей,
Кол капчыкка салгын деп,
Бекем катып алгын деп.
Кысталган жерде ачкын деп,
Жазып койдум баарысын,
Кагаздан окуп тапкын деп.
Арстан Бакай абасы,
Күлчорого айткан жер.
Бата берип балдарга,
Абасы Бакай кайткан жер.
Каныкей менен Бакайга,
Шумкарымды алдырбай,
Башынан айтып койбойт деп.
Бала төрө Семетей,
Бул таарынып жаткан жер.
Жолду жазып дааналап,
Жолборс Бакай кайткан жер.
Бакай кайра кайтканда,
Манастын уулу төрөнүн,
Жайнамазын бүктөтүп.
Азык-түлүк тамагын,
Акборчукка жүктөтүп.
Чатырларын бүктөтүп,
Жан казанын артынып,
Айбанбозго тартышып.
Далыга мылтык асынып,
Ок-дарысын артынып.
Манастын уулу Семетей,
Астында далда айнеги,
Атса жандын эрмеги.
Ак келтени далылап,
Сырнайзаны каруулап.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап.
Боз кисе бойдо шалпылдап,
Алтын айчык чоң күпсөр,
Омуроодо жаркылдап.
Күндөп-түндөп жүрөлү,
Жети күндөн өткөзбөй,

Биз Ополго жетели.
Акункандын шаарына,
Ара конор жер калсын,
Жакын барып коночу.
Атты жакшы баккыла,
Ок-дарыны каткыла.
Ээрин албай аттардын,
Күндүзгүсүн жол чалып,
Түнүчүндө жер кайгып.
Акункан оңой кан эмес,
Адыс болуп алгыла.
Басыла турган жол болсо,
Бара турган жер болсо.
Тааныш болуп калгыла,
Манастын уулу Семетей,
Атка минип балкылдап,
Далыда мылтык жаркылдап.
Кандагай бутта булактап,
Туулга башта кылактап.
Абору бутта чойкоюп,
Атка минип зоңкоюп.
Балдарына кеп айтып,
Жүрөлү катуу деп айтып.
Олуя заада Семетей,
Оолугуп жолго салган жер.
Ободо жылдыз оң тартып,
Ополду көздөй жол тартып.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Калалуу коргон чарбакка,
Шумкарды таап алмакка,
Катуулап жүрүп калган жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Эки чоро ээрчитип,
Алыскы жолго салган жер.
Ак шумкар куштун артынан,
Айчүрөк кылган дартынан.
Кызыталак оогандын,
Шумкарымды бербесе,
Шумкарың мына дебесе.
Айлына чабуул кыламын,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Атасын баштап өлтүрүп.
Дөөгүрсүгөн Акундун,
Ак келте огун чачайын,
Атыша чыгам дегенди,
Бирин койбой атайын.
Кылычты кындан алайын,
Кыргынды барып салайын.
Манастын уулу Семетей,
Эки кулга кеп айтып,
Жүргүлө катуу деп айтып.
Медиан сары талаага,
Манастын уулу эр көкжал,
Шумкары кетпейт санаадан.
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Ак шумкарды эстесе,
Ыйлап ийет Семетей.
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Эр Күлчоро, Канчоро,
Ат болушка салышып,
Алкылдашып жарышып.
Кылычты кындан суурушуп,
Медиан сары талаада,
Жоо ушундай болор деп,
Кыя тартып урушуп.
Суу акпаган кең сайдан,
Сурнайын тартышып.
Телки менен жейренди,
Жинди кулдар атышып.
Манастын уулу Семетей,
Ташта аны, ташта деп.
Оңолбогон эки кул,
Ок-дарыны чачпа деп.
Бала төрө күүлөнүп,
Балдарына сүйлөнүп.
Чыбыр ала кең сайдан,

Чымылдагын тартышып.
Түлкү, коен кубалап.
Эки жинди атышып,
Суу акпаган кең сайдан,
Сурнай тартып жез найдан.
Аккан сууну бойлошуп,
Аркар атып ойношуп.
Эр Күлчоро жинди кул,
Канчорого кеп айтат.
Акылы жок абакем,
Шумкарына кайгырып.
Акылы жок, эси жок,
Айчүрөк менен иши жок.
Алакөөдөн экен деп,
Айчүрөк өңдүү болобу,
Ойлоп барат абакең.
Колума тийсе шумкарым,
Акундун кызы Чүрөктү,
Албай кайра кетем деп.
Эрдиги бар, эси жок,
Эчтеме менен иши жок.
Эр Канчоро агасы,
Күлчорого кеп айтып,
Абакең минтет деп айтып.
Улуу бийик кара тоо,
Эки чаткал терең коо.
Бакасы чардайт чөлүнөн,
Булбулу сайрайт чөлүнөн,
Аркары маарайт төрүнөн.
Күкүгү күндө таңшыган,
Күйүттү көрсө жашыган.
Булбулу күндө таңшыган,
Муңдууну көрсө жашыган.
Сандаба чымчык сайраган,
Аралап киши барбаган.
Ар түрлүү жемиш жайнаган,
Ат башындай көрүнгөн,
Кокок деген жемиш бар.
Телегейи тегиз бар,
Аралап балдар караса,
Анжыр менен алча бар.
Адам пенде көрбөгөн,
Ар түрлүү жемиш канча бар.
Жанчыкка балдар салышып,
Кара тоонун оюнан,
Кашка суунун боюнан.
Алма, жемиш алышып.
Манастын уулу Семетей,
Ат оозун керип калыптыр.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Көт жагынан барыптыр.
Аста алда, аста деп,
Токто аба, токто деп.
Жердин боору кең экен,
Телегейи тең экен,
Жер-жемиши көп экен.
Ат өргүтүп токтолуп,
Конуп жатчу жер экен.
Кош түшүрүп калалап,
Катында бар чоронун,
Ушу жерге өрүүн бололу.
Ат өргүтүп алалы,
Анан жолго салалы.
Ак-Инекке баралы,
Анан Акункан шаарын чалалы.
Манастын уулу Семетей,
Айтканыңа макул деп.
Мен садагаң кетейин,
Адам болор бекенсиң,
Ушу сөзүң акыл деп.
Жекендин башы желбирейт,
Камыштын башы шуудурайт.
Чымчыктар сайрап чыркылдайт,
Булбулдар сайрап шыңкылдайт.
Ошерге кош түшүрүпконгула,
Береги аттарга сакыт болгула.

Баатырдын уулу Семетей,
Бастырып өзү барган жер.
Буурул аттын үстүнөн,
Акканкы тердик алган жер.
Аккаңкысын жазданып,
Чыканактап кыйшайып.
Чырм этип уктап тынч алып,
Төрөсү жатып калган жер.
Эки иниси жинди кул.
Талас менен Кеңколдун,
Калаасында жүргөндөй.
Аргын менен ногойдун,
Арасында жүргөндөй.
Чай кайнатып чайнекке,
Тасторконун жайышып.
Куржундун оозун сөгүшүп,
Тамактарын төгүшүп,
Абасына беришип.
Мылтык алып колуна,
Чыгып барды эки кул.
Бууралуунун жонуна.
Колуна дүрбү алган жер,
Тегерегин чалган жер.
Эки жинди токтолуп,
Тегиз көрүп алган жер.
Аркары төрдө төлдөгөн,
Аралап киши көрбөгөн.
Мерген барып атпаган,
Аюусу шактан шактаган,
Аңчы барып атпаган.
Улуу суунун боюна,
Аюу келген аралап,
Алма алып талаалап.
Эки чоро жинди кул.
Жер соорусу экен деп,
Жерди көрүп таңданып.
Манастын уулу Семетей,
Эки жакты чалгыла.
Береги турган аттарды,
Жакшы багып алгыла.
Береги турган бийикке,
Мергендер уулап кийикти.
Көрүп байкап албасын,
Тийип алып аттарды,
Алып кетип калбасын.
Эки кулга тапшырып,
Абасы жатат элебей.
Көргөнгө көкжал баатырды,
Талаага жаткан эмедей.
Эки кул жүрсө жанында,
Эчтемени элебейт.
Ээн жерден эл көрсө,
Эр Семетей кан ичме,
Өз боюна теңебейт.
Кош түшүрүп алышып,
Козголбогон кайран эр,
Укташып уйку канышып.
Эрикпеген эки кул,
Аркарды атып салышып.
Жан казанга кайнатып,
Жата берген жер ошол.
Эчтемени ойлобой,
Манастын уулу Семетей,
Бала төрө эр ошол.
Ай караңгы түн өттү,
Жата берди талыкпай.
Талаага барып жатканы,
Балдар марал атканы,
Маралдын этин кактады.
Шаша жүргөн Семетей,
Талыгып калган эмедей,
өрүүн болуп арага,
Он эки күн жатканы.
Балдарым багып жүрөт деп,
Семетей уктап атканы.
Каргадай болгон Күлчоро,

Маңдайында секелек,
Тайбуурулду жетелеп.
Талыкпай жатып алдык деп,
Абаке он эки күнгө калдык деп.
Абаке аттанып качан барабыз,
Абаке шумкарды качан табабыз.
Манастын уулу Семетей,
Чочуп кетип болк этип.
Жер соорусу жарыктык,
Жемиши жерге толдубу,
Ырас эле он эки күн болдубу.
Ошондо басып барбайып.
Эки иниси элеңдеп,
Аш тамагын белендеп.
Чайнекке чайын кайнатып,
Тамак-ашын жайнатып.
Тамагына тоюшуп,
Кош колоңун жүктөшүп.
Манастын уулу Семетей,
Буурул атты токунуп.
Эми турбай жолго салалы.
Акункандын шаарына,
Ара конуп баралы.
Шаарын чалып көрөлү,
Шумкардын жообун бербесе,
Жазасын анан берели.
Атка минип алкылдап,
Кароолу алтын ак келте,
Ай далыда жаркылдап.
Баатырдын уулу Семетей,
Баштап жүргөн жер ошол.
Эрбеңдеген эки кул,
Айдады катуу аттарды,
Ак-Инектин оюна,
Камышы чыгып сеңселген.
Кудай бетин көргөзбө,
Чыккан чөбү гүлдөгөн,
Аралап киши жүрбөгөн.
Бастырып киши барбаган,
Ар түрлүү жүргөн айбанат,
Атып мерген албаган.
Ак-Инектин оюна,
Кашка-Суунун боюна,
Барып конду Семетей.
Бакайдын жазган каты бар,
Мурун көргөн эмедей,
Абдан окуп жат алып.
Каргадай болгон Күлчоро,
Билип турат каркыбар.
Эр Семетей абасы,
Эки кулдун агасы.
Чай кайнатып даярдап,
Мага тамак бергиле,
Дөбө сеңир жер экен.
Атын билбейт Семетей,
Ортосу жайык бел экен.
Белге чыгып барайын,
Белден дүрбү салайын,
Эки жагын чалайын.
Эл көрүнсө көзүмө,
Силерге кабар салайын.
Атты баптап мингиле,
Ушу жерге жата бергиле.
Менден кабар уксаңар,
Анан чаап баргыла.
Балдарга айтып Семетей,
Буурулду минип булкунуп,
Ак атанды кадуулап,
Алган экен Семетей.
Алдындагы Буурулду,
Абай менен жабуулап.
Белге чыгып барганда,
Берендин жайын айтайын.
Кайкыга чыгып барганда,
Канкордун жайын айтайын.
Ал жери сонун жер экен,

Жердин баары көрүнгөн.
Өзү бийик бел экен,
Минип барган Буурулдун,
Ээрин алып жайдактап,
Чыккан чөбү гөлдөгөн,
Тайбуурул оттоп алсын деп,
Кое берип Семетей,
Эки кулду баймактап.
Өтүк чечип бутунан,
Кемсал чечип боюнан.
Калпак алып башынан,
Манастын уулу Семетей,
Эки жагын чалган жер.
Эч эчтеме көрүнбөйт,
Сары дөбө чоң сеңир,
Бала төрө барган жер.
Темиргендей кара таш,
Муну көрүп алган жер.
Кара таштын бетинде,
Атасы Манас аты бар.
Ташты ойдуруп жаздырган,
Жазып койгон каты бар.
Ойлонуп төрө караса,
Алмамбеттин, Чубактын,
Ажыбай менен Сыргактын,
Бу төртөөнүн аты бар.
Тебетей таштап топучан,
Жекесан таштап байпакчан,
Кемсалын таштап көйнөкчөн.
Кара таштан кат окуп,
Атасы Манас баатырдын,
Арбагына Семетей,
Алакан жайып бата окуп.
Табарик менен жаазынды,
Таңкалгандай бат окуп.
Баатырдын уулу Семетей,
Алмамбет, Чубак эрди окуп,
Айтылуу Сыргак шерди окуп.
Атаңдын көрү кур дүйнө,
Аңтарылып кетсечи.
Бу көрөкчө шум дүйнө,
Атакемдин жолдошу.
Ат жалын тартып минбедим,
Ушулар менен жүрбөдүм.
Бу дүнүйө жалганы,
Бала төрө чунактын,
Ичиндеги арманы.
Тактап куран окусам,
Ташка аты жазылган,
Мен өңдөнгөн карыпка,
Тиер бекен жардамы.
Байрагын кармап колуна,
Басып турат Семетей.
Ак-Инектин жонуна,
Сарынын кайкы белине,
Басып келди Семетей,
Дөбө сеңир жерине.
Айланасын караса,
Ак туман басат бурулуп.
Маңдай жагын караса,
Атасы Манас эр баатыр,
Аккула минип түптөгөн,
Алышкан жоосу түтпөгөн,
Ополдун тоосун көрдү эми.
Ары басып толгонуп,
Тегерегин караса,
Балтырганы билектей,
Маралдар жүрөт инектей.
Чынары бар булардай,
Чымчыктар жүрөт улардай.
Чымындар жүрөт бүркүттөй,
Чымчыктар жүрөт үзүктөй.
Тетиги мунарып аткан бийик тоо,
Дүрбүнү колго алайын,
Ошо тоого салайын,
Абыдан көрүп алайын.

Сара кору милте таш,
Эки ийнине бастырган.
Алтын менен көөхарды,
Көрчөгө кылып чаптырган.
Атадан калган мураапы,
Буурул аттын жанына,
Кайра басып барган жер.
Баатырдан калган күрмөнү,
Айдалыга салган жер.
Боосун алып мойнунан,
Дүрбүнү колго алган жер.
Дүрбүнүн жайын айтайын,
Эки карыш жарым кез,
Айнеги бөлөк бир башка.
Алтын менен жээктеп,
Ар кайсы жерин тээктеп.
Болоттон кылган сабы бар,
Бойтумар өңдүү кабы бар.
Алтымыш эки бурама,
Ар кайсы жерден кынама.
Жетимиш эки бурама,
Жеткилик баарын кынама.
Бир бураса бүлөнгөн,
Дүнүйө жүзү көрүнгөн.
Оң бураса бөлүнгөн,
Алты айлык жүрчү ара жол,
Дүрбүсүнө көрүнгөн.
Бойтумар алды чапкан жез,
Кокустан чаң тыгылып калат деп,
Айнектин бетин кир басып,
Алыска жетпей калат деп.
Чарайна менен чаптаган,
Сары алтын коюп каптаган.
Булгары коюп кынаган,
Муну салып киши көргөндө,
Тегеретип бураган.
Манастын уулу Семетей,
Кыйшая түшүп олтуруп,
Кынап көзгө толтуруп.
Имерилип олтуруп,
Алысты тартчу айнекти,
Оң көзүнө келтирип.
Колго кармап бүк түшүп,
Тизеси менен чөк түшүп.
Баатырдын уулу эр Семең,
Ополго дүрбү салган жер.
Оюнда жаткан аскерди,
Муну көрбөй калган жер.
Алыс салып дүрбүнү,
Кайра тартып алган жер.
Карарып аткан бийик тоо,
Асман сымал бийик зоо,
Кашкайып аккан булак бар.
Кудай бетин көргөзбө,
Тоо түбүндө жойлогон,
Ажыдаардан дагы бар.
Аюу, жолборс аралаш,
Ар түрлүү айбан баары бар.
Алыс салып дүрбүнү,
Семетей көрүп таңданып.
Жараткан алда бир кудай,
Жазайт экен ар кандай.
Тобо кылып Семетей,
Жакасын улам карманып.
Муздактын башы Көк-Жайык,
Оогандын эли жайлаган,
Жылдырып жылкы айдаган.
Тизилтип кулун байлаган,
Күлүктү байлап таптаган,
Оогандын эли сактаган.
Жайлакка көчөр кезинде,
Биз Жайлакка барсак деп,
Тынч алып уктап жатпаган.
Асты жагы ала зоо,
Туура жагы кара зоо.
Киши коюп койгондой,

Азиретаалы чапкандай,
Бир жылкы араң баткандай.
Кара жарды уратып,
Канчалык жарды кыйратып.
Жайлакка көчүп жайлоого,
Эчен жылы чаптырып,
Болоттон казык кактырып.
Алаканын туурултуп,
Азамат эрди ыйлатып.
Ошо жолу бүткүчө,
Канчалык элди кыйратып.
Будурга бугу жаткан жер,
Жайлакка малын баккан жер.
Жайы - кышы алты жыл,
Акункан эли чапкан жер.
Манастын уулу Семетей,
Ага салды дүрбүнү.
Жайлакты көрүп алды эми,
Жайлак жайык кең  экен.
Заманалуу күмбөзчө,
Жан бекичү жер экен.
Көйкөлгөн араң көк шибер,
Чөбү башка экен деп.
Жайлакты көрүп жактырып,
Манастын уулу Семетей,
Жайлагы мындай экен деп.
Мунун шаары кандай экен деп,
Кайра бурап караса,
Жайкалган ыраң көк шибер,
Оттоп турган мал көрбөй,
Кыбыраган жан көрбөй.
Жолун чаап тазалап,
Бөлгөн экен башкалап.
Жайлакка кандай барбайт деп,
Жайылга малын салбайт деп.
Эр Семетей толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп.
Мал Жайлакка барбаган,
Жайытка малды салбаган.
Жайы-кышы бир жылы,
Чынкожо, Толтой камаган.
Өрүшкө жылкы койбогон,
Канча берсе тойбогон.
Чынкожо, Толтой барганда,
Бирөө жылкы минбеген.
Жайлак эмес көчөгө,
Жылкы минип жүрбөгөн.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Жылкың эмес, уйду алган,
Үкөктөгү булду алган.
Ар кандай экен шум жалган.
Короодогу койду алган,
Айына салык алуучу,
Талаадагы эрди алган.
Кара кулак шерди алган,
Кароолго чыккан эрди алган.
Манастын уулу Семетей,
Эки ташын узартып,
Айнектин бетин кызартып.
Кайра тартып толгонуп,
Дүрбү кармап оңдонуп.
Бурамасын үч бурап,
Кыйшайып айнек калдыбы,
Бек имерип түз бурап.
Тогуз жолдун тоомуна,
Отуз жолдун оозуна,
Оңдоп дүрбү салды эми.
Тунарып аткан чоң калаа,
Эми көрүп алды эми.
Калаасынын шаңы бар,
Ай көрүнгүс багы бар.
Айланасын бекиткен,
Темир куруп бек кылган.
Тегерегин чеп кылган,
Казармасы дагы бар.
Түнөрүп атат түптүү бак,

Түбү ийилип алма шак.
Карарып атат калың бак,
Кароолонуп алма шак,
Алтын айнек кешек жез.
Андай жерди көрө элек,
Акункандын чоң калаа,
Түрү башка көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Ушу жерге таштайлы.
Арстандын уулу карганын,
Дүрбүнү колго алганын,
Ак-Инектен салганын,
Муну Айчүрөк билип алгынын.
Эми Айчүрөктөн баштайлы.
Канкордун уулу баатырды,
Асманды мунар чаң кылып,
Айнектин  бетин кирдетип.
Манастын уулу баатырды,
Айчүрөк койду сүрдөтүп,
Карап турса Семетей.
Карарып аткан калаадан,
Шаардан чыкты бир топ жан.
Түнөрүп аткан калаадан,
Көчөдөн чыкты бир топ жан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Баатырдын жолун тосмокко.
Келинге кете кийгизип,
Кер жорго берип мингизип.
Кызга кымкап кийгизип,
Кызылдан жорго мингизип.
Кылыгын элге билгизип,
Сыр челекти алдырып,
Сары мейиз салдырып.
Суусунуна ичсин деп,
Манастын уулу баатырдын,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жолун тосуп кам кылып.
Билими бар кыздарга,
Талаага килем жайдырып,
Үстүнө олпок салдырып.
Катып койгон калаага,
Бээден алып сойдуруп,
Кыз-келинди тойдуруп.
Асмандан мунар бөлүнтүп,
Белде жаткан төрөгө,
Аскер кылып көрүнтүп.
Ободон туман бөлүнтүп,
Баатырдын көөнүн бөлүнтүп.
Манастын уулу баатырга,
Аскер кылып көрүнтүп.
Мамыга буудан байлатып,
Бөлүп-бөлүп кыздарды,
Башчыларга айдатып.
Асмандан мунар бөлүнтүп.
Аюу көпчүк, ак быштан,
Семетейдин көзүнө,
Аскер кылып көрүнтүп.
Кырдан түтүн бөлүнтүп,
Кызылала кол чатыр,
Чатыр тиккен эл жатыр,
Мунартып түтүн бөлүнтүп.
Буйлалаган төөсү бар,
Жетелеген ээси бар.
Жебелеген огу бар,
Мунарып күйгөн шамы бар.
Кудай бетин көргөзбө,
Бура тартып ойногон,
Кайнаган аскер дагы бар.
Аскерди көрүп болк этип,
Акзаада бою солк этип.
Манастын уулу эр дардаң,
Чочуп кеткен жер ошол.
Шаарынын четине,
Кайнап аскер толду деп,
Кайдагы аскер болду деп.
Манастын уулу Семетей,

Коркуп кеткен жер ошол.
Манастын уулу абасы,
Ат баккан эки баласы.
Сары талаа улуу чөл,
Ат кайтарып жай жатат.
Алма, өрүк алып чайнатат.
Манастын уулу Семетей,
Байрагын алып бакырды,
Ат баккан эки баланы,
Келгиле деп чакырды.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Манастын уулу Семетей,
Дабышты катуу салган жер.
Үнүн угуп баатырдын,
Балдар шашып калган жер.
Айдап келип ат токуп,
Атты шашып бат токуп.
Кош алакан басмайыл,
Минген атка тартышып.
Кошколоңун артышып,
Мылтыктарын асынып,
Абакебиз Семетей,
Шашкан өңдүү кыйкырды.
Бирдеме көрүп Семетей,
Качкан өңдүү кыйкырды.
Эмине катуу кыйкырды,
Мылтыктарын белендеп,
Калгандарын тагынып.
Эки кулду көрдүңбү,
Жоо көргөндөй камынып.
Каруугa айза кынатып,
Абакебиз Семетей,
Эмине болуп кетти деп,
Бир-биринен сурашып.
Ат болушка салышып,
Үзөңгү бутта кагышып.
Аша коюп кадуулап,
Алдындагы аттарды,
Ок тийсе өткүс аба деп,
Минген атка жабуулап,
Эки чоро баратат.
Эси чыккан Семетей,
Айда бачым аттарды.
Жайкын жүрүп сандалбай,
Арам өлгөн иттерди,
Башына кийген калпак жок,
Үстүнө кийген олпок жок.
Колуна алган мылтык жок,
Шашып калган эмедей,
Жоо-жарактан айрылып,
Тайбуурулду алдырып.
Качып калган эмедей,
Манастын уулу Семетей.
Кара жанын калкалап,
Кутулуп калган эмедей.
Буурул аттан айрылып,
Бузулуп калган эмедей.
Бараңга майлык салышып,
Милтелерге чок коюп,
Мылтыктарга ок коюп.
Эки кул барат жарышып,
Балдар сынап көрмөккө,
Жүрөгүн сынап билмекке.
Манастын уулу Семетей,
Бакырып кабар салыптыр,
Шашкалаңдуу эмедей,
Айтып-айтып кыйкырып,
Келгиле деп чакырып.
Эр Семетей көкжалың,
Башына жастап каңкыны.
Астына коюп көпчүктү,
Сайып коюп найзаны,
Жанына коюп мылтыкты,
Койнуна коюп кылычты.
Алтын ооз Аккелте,
Ташка жөлөп коюптур.

Эки бала баатырдын,
Кыйындыгын билмекке,
Жүрөгүн сынап көрмөккө.
Кандай келер экен деп,
Чыканактап кыйшайып,
Канкордун уулу кайран эр.
Аралда калган эки кул,
Медер кылып ээрчиткен.
Манастын уулу Семетей,
Сынап турган жери бар.
Балдар чыгып барганда,
Баймакталып эки кул,
Окуранып Тайбуурул.
Манастын уулу баатырдын,
Минген аты дагы аман.
Бала чунак Күлчоро,
Түшө калып Телкиден,
Эки жагын караса,
Жоо-жарактын баары аман.
Кантер экен балдар деп,
Сынаган экен абам деп.
Аттарды жайып салган жер.
Ак-Инектин белине,
Баш кошушуп биригип.
Балдарына кошулуп,
Семетей жатып калган жер.
Бала жинди жетим кул,
Абасынын кашына,
Салам берип кеп айтты.
Кагылайын абаке,
Байракты алып бакырдың,
Шашкаландуу өңдөнүп,
Эминеге чакырдың.
Колунан кармап кеп айтып,
Абаке бизди коркутуп,
Эмине көрдүң деп айтып.
Бала сурап турганда,
Баш көтөрүп койкоюп,
Семетей туруп зоңкоюп.
Көргөнүмдү айтайын,
Карарган шаар жер көрдүм,
Шаарынын четинен,
Кайнаган калың эл көрдүм.
Кашкайган кара жол көрдүм.
Жайнаган калың кол көрдүм.
Мунарып түтүн бөлүнөт,
Мырзанын аты көрүнөт.
Агарып булут бөлүнөт,
Аскердин аты көрүнөт.
Аскер өңдүү бурулуп,
Атышып ойнойт чубуруп.
Же базарчыбы, кербенби,
Же басташчу душман келгенби.
Же шаарчыбы, кербенби,
Же чалышчу душман келгенби.
Манастын уулу Семетей,
Ак шумкардын артынан,
Канетсе издеп келет деп.
Байланган менин жолума,
Аскерди алып колума,
Акункан улук кан деген,
Же жол тостуруп койгонбу.
Абаңдын таанылбай башы
маң болгонбу.
Эсим ооп дал болуп.
Же телегейи кең кызбы деймп,
Же темирди кийген жообу деймп.
Же бадана кийген кызбы деймп,
Же басташа чыккан жообу деймп.
Кече колумдан качкан Чынкожо,
Жеткайтка барып жерсинип,
Жедигерди элсинип.
Жеткайтка барып токтолуп,
Толтой менен дос болуп.
Акункандын элине,
Мен алуучу жесир деп,

Чынкожо, Толтой эки шер,
Келди бекен деп ойлойм.
Улуу жолдун учуна,
Шаарынын тушуна,
Аскердин келипконгону,
Жайнап жерге толгону.
Шумкарды Чүрөк алган го,
Шумкарын алып келдим деп.
Мени менен кас болгон,
Чынкожо менен Толтойго,
Айчүрөк кабар салган го.
Экөөң бирдей инимсиң,
Болоттон калган тукумсуң.
Ат куйругун өрө элек,
Адис болуп көрө элек.
Ар түрдүү ишке көнө элек,
Кан Акункан зор деген.
Ногой менен Оогандын,
Ортосунда боло элек.
Же Оогандын тилин билбесем,
Же мурун келип көрбөсөм.
Же эл аралап жүрбөсөм,
Же башканын тилин билбесем.
Кантип чалгын чалам деп,
Чалгынга кантип барам деп,
Айтып турат Канчоро.
Ошондо он экиде секелек,
Оюнда бала өтө элек.
Кагылайын абаке,
Улуусу чалгын чаларбы,
Кичүүсү жатып аларбы.
Эркек козу тууганда,
Курмандык үчүн жараткан.
Эркек бала туулса,
Казат үчүн жараткан.
Каргадай болгон Күлчоро,
Кайраттанып кеп айтып.
Канчоро менен Семетей,
Бул экөөнө бек айтып.
Чайнекке чайын кайнат деп,
Абаң менен аттарды,
Буларды багып жай жат деп.
Жинди чоро кеп айтып,
Абасына бек айтып.
Кагылайын абаке,
Кактелки менен Суртелки,
Сүйгүнүңдү мин дейсиң,
Чалгын чалып кел дейсиң.
Туягы букур зээри бас,
Ашуусу бийик тоо болсо,
Учуп өлүп калбайлы.
Агыны катуу суу болсо,
Агып өлүп калбайлы.
Атыша чыккан жоо болсо,
Карматып ийип калбайлы.
Даңкылдатып минүүгө,
Буурулду берсең минейин.
Жаркылдатып кийүүгө,
Олпокту бергин кийейин.
Бет алышып барууга,
Мергени болсо бет алып,
Ок салышып карууга,
Аккелте бергин алайын.
Алынса далы айнеги,
Айтса жандын эрмеги.
Кагылайын абаке,
Ушуларды бер деди.
Бу төртөөнү сен берсең,
Улук Акун, зор кандын,
Калаасына барайын,
Шумкардын жообун алайын.
Шумкардын жообун бербесе,
Кайдан келдиң сен десе.
Акункандай зор кандын,
Шаарына барайын,
Тал түштө уруш салайын.

Улуксунган Акункан,
Жеткирсе кудай тилекке,
Тактысынан жарайын.
Караса көздөн кан тамган,
Кан куюлган көзүнө.
Манастын уулу Семетей,
Нааразы болуп турган жер.
Баланын айткан сөзүнө,
Бербеймин деп айталбай.
Баланын маңдайында шамы бар,
Баатырлык кылар кез эмес.
Ошондо барбагын деп айталбай,
Кой сен чыкпагын деп айталбай.
Чырагы күйөт маңдайда,
Сен чыкпагын деп айталбай.
Заманасы куурулду,
Манастын уулу Семетей.
Балдарына кеп айтып,
Барып келчи деп айтып.
Мынабу жаткан кандай жоо,
Чалып келчи деп айтып.
Өз айтканы өзүнө,
Бар деп айткан сөзүнө.
Баласынан кеп угуп,
Буурулду берчи деп угуп.
Заманасы куурулду,
Манастын уулу Семетей,
Баланын айткан сөзүнө,
Абакеси жыгылды,
Бермек болду Буурулду.
Мен садагаң кетейин,
Жараткан алда кудайым.
Ак шумкарды табам деп,
Ичиме толду убайым.
Эрмек кылган сен элең,
Ээрчитип жүргөн мен элем.
Каралды кылган сен элең,
Каралап жүргөн мен элем.
Манастын уулу Семетей,
Канчорого кеп айтып,
Береги турган иниңе,
Алып келип Буурулду,
Токуп бергин деп айтып.
Мен садагаң кетейин,
Барам деп айткан кебине,
Баланын тапкан эбине.
Канчородой абасы,
Каныкей кылган ак тердик,
Буурул атка салды эми.
Кашы алтын Акканкы,
Муну токуп алды эми.
Семетейдин астына,
Канчоро алып барды эми.
Аттанып чалгын чаларда,
Эки көздүн ортодо,
Мээр басып койгондой.
Көргөн киши көрүүчү,
Мурун муну көрө элек,
Манастын уулу Семетей,
Буурулдун жайын биле элек.
Эки кулак ортодо,
Ат көкүлүн сүйдү эми.
Көкүлүн сүйүп караса,
Маңдайында агы бар.
Көкүлүнө аралаш,
Бүлбүлдөп күйгөн шамы бар.
Чылбыр чоюп токтобой,
Жерди тээп элирип,
Тегеренип оштонуп.
Болоттон кылган ооздук,
Азуусунда карсылдап.
Бут көтөрсө Буурул ат,
Була көкүл, ала баш,
Алтын чаап койгондой.
Төрт аягы жаркылдап,
Манастын уулу Семетей,

Кандай болор экен деп.
Каргадай болгон чорого,
Буурул атты мингизип,
Ак олпокту кийгизип.
Ак келтени асынтып,
Чоң күпсүрдү алдырып,
Ок-дарысын салдырып.
Абакеси Семетей,
Аткарууга кам кылып.
Эр Семетей абасы,
Эки кулдун агасы.
Темир таман, жаасы алтын,
Тээп бутун алды эми,
Атка минип алды эми.
Саамайы сербейип,
Атка минсе эрбейип.
Манастан калган Акканкы,
Акканкынын кашына,
Башы чыкпай сербейип.
Ээрге көчүк тийгенде,
Эрбейип атка мингенде.
Ташка конгон кыргыйдай,
Серейип атка мингенде.
Алмадай болгон башы бар,
Он экиде жашы бар.
Эки каштын ортодо,
Чыгар чыкпас башы бар,
Секелек жазы чачы бар.
Баланын түрүн көргөндө,
Оң бөйрөгүн таянып,
Болкулдап ыйлап Семетей.
Мээнетиңди алайын,
Чалгынды кантип чалат деп.
Ээрден башы чыкпайт деп,
Жаш бала кантип барат деп.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлап Семетей.
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө бирдей жаш эле,
Жоо көрө элек бас эле.
Зар айланып кашына,
Замана түшүп башына.
Ошондо болкулдап ыйлап Семетей,
Каргадай болгон Күлчоро,
Жаагында чачы бар,
Он экиде жашы бар.
Маңдайында шамы бар.
Кишинин тили тиет деп,
Кыз өңдөнүп жүрсүн деп.
Шуру менен берметти,
Саамайына тактырган.
Энекеси Каныкей,
Кыз өңдөнтүп бактырган.
Манастын уулу Семетей,
Бала чунак чоронун,
Ошондо көрдү белгисин.
Ай тутулуп бүркөлүп,
Эр Семетей баатырдын,
Башына эчен санаа бир келип.
Санаасы санга бөлүнүп,
Жоо көрө элек жаш эле.
Жол көрө элек бас эле,
Жер көрө элек жаш эле.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эмгекке башты жүктү эле.
Булкунтуп буудан мине элек,
Бурулуп жоого тие элек.
Алкынтып күлүк мине элек,
Аттанап жоого тие элек.
Чакмак эти толо элек,
Чабышар маалы боло элек.
Булчуң эти толо элек,
Булкушар маалы боло элек.
Жолдон өткөн жолоочу,
Астынан чыкса каракчы.
Алдындагы Буурулду,

Алдырып ийер бекен деп.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Бу Күлчоро оң колу,
Бу Тайбуурул канаты.
Ажырасам экөөнөн,
Каражолтой Таласка,
Кайрылып кантип кетем деп.
Балдарына кеп коюп,
Чалгынга баргын деп коюп.
Кара оозуна кан толуп,
Кандай айтып койдум деп.
Канкордун уулу Семетей,
Ошондо келди эсине.
Капа болбой Шумкарга,
Кайра тартып Кеңколго,
Бара келсем эмине,
Карган Бакай абамды,
Ала келсем эмине.
Байгамбар сындуу кан бабам,
Бакай аттуу чоң абам.
Байгамбар чалыш жан эле.
Касиети бар эле.
Кереметтүү энекем,
Экөөнүн башын коштуруп,
Батасын барып албадым.
Манастын уулу баатырдын,
Жол көргөзүп бергин деп,
Асыл абам Бакайды,
Жолдош кылып албадым.
Кагылайын Күлчоро,
Менин кагылбайт го арманым.
Мен секетиң кетейин,
Береги турган Тайбуурул,
Тоо айланып таш баскан.
Тоо кайыптын баласы,
Эки тоонун арасы.
Жел кайыптын баласы,
Асыйында арс эмген,
Быштысында сүт эмген.
Кунанында Буурул ат,
Алтымыш бээни бүт эмген.
Карача кандын кыз Сайкал,
Кыз Сайкал күтүп башында.
Атаңар Манас зор баатыр,
Кыстап туруп алыптыр.
Алдыңдагы Буурулду,
Кунанчыкма жашында,
Мунун буудандыгын билгенде,
Буттап алтын кураган.
Буудайык кандын Музбурчак,
Буурул атты сураган,
Жыйып алтын кураган.
Кашкардын каны Эсембек,
Буурул атты сураган.
Бербей койгон атаң деп,
Экөөнөн бирдей айрылып.
Мээнетинди алайын,
Кантип чыдап жатам деп,
Абасы ыйлап турганда.
Каргадай болгон Күлчоро,
Кайраттанып кеп айтат,
Абасына бек айтат.
Ажал жетип күн бүтсө.
Албайт бекен кара жер,
Кирбейт бекен казган көр.
Ааламды оттой жалмаган,
Бу кара жер жутпаган.
Абалкы өткөн адамдан,
Бири тирүү калбаган.
Кагылайын абаке,
Айткан менен айла жок,
Ыйлаган менен пайда жок.
Алаканың жайбайсың,
Бастырып жүрө бергин деп.
Батаңды берип жөнөтүп,
Кайраттанып калбайсың.

Буурул атка кайгырсаң,
Буурулуңду минбеймин,
Олпогуңду кийбеймин.
Кактелкини минейин,
Аттанып жолго салайын.
Кактелки менен барайын,
Кайраттанып кеп айтып.
Каргадай болгон Күлчоро,
Абакеси баатырды,
Кантер экен деп айтып.
Чагылгандай үнү бар,
Баладай эмес баланын,
Эки каштын ортодо,
Ажыдаардын сүрү бар.
Баланы коюп токтотуп,
Манастын уулу баатырдын,
Ичи күйүп чок болуп.
Алаканын жайды эми.
Буурулуңду мингин деп,
Буулумумду кийгин деп.
Аккелтени алгын деп,
Ак далыга салгын деп.
Кылычын кындап берген жер,
Балтасын алып барган жер.
Шаңдуу болуп жүрсүн деп,
Кара санга салган жер.
Манастан калган бөрү тил,
Алаасына илген жер.
Каргадай болгон Күлчоро,
Маңдайында көкүлдү,
Кайра силкип алган жер.
Абакеси баатырдан,
Бата сурап калган жер.
Манастын уулу абасы,
Алаканын жайган жер.
Жараткан алда бир кудай,
Бир өзүңө тапшырдым.
Анжияндын Арстанбап,
Ошого сени тапшырдым.
Жигиттин пири Шаймерден,
Буга сени тапшырдым.
Эрдин бири Баабедин,
Жардамына тапшырдым.
Ак байгамбар Мустафа,
Арбагына тапшырдым.
Саламат барып сак кел деп,
Мен садагаң кетейин,
Сагындырбай бат кел деп.
Алдыңа минген Буурулдун,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Адамдын үнүн укканда,
Мылтыктын үнү чыкканда.
Элирип кетер жери бар.
Болоттон кылган ооздук,
Кош азууга салбасын.
Коргул-коргул жер болсо,
Колун үзүп албасын.
Береги турган шордуу абаң,
Кокуюн тартып калбасын.
Буурул атка сак бол деп,
Манастын уулу Семетей,
Ошондо баласын салды жолуна.
Тайбуурул минип алкылдап,
Далыда мылтык жаркылдап.
Кандагай бутта кылактап,
Туулга башта булактап.
Жана жанында турган бала эле,
Манастын уулу абасы,
Карап турат агасы.
Көкжөкө бутта койкоюп,
Көрүнөө арбак конуптур.
Калган экен жетим кул,
Карт кишидей зоңкоюп.
Айланса болот алдага,
Каргадай болгон көпөлөк,
Жаныман чыгып бөлүндү.

Артынан эми карасам,
Чоң кишидей көрүндү.
Бакпады беле энекем,
Уядан учкан балапан,
Канаттарын тарайт деп.
Өлбөсө ушул жетимчем,
Ар кандай ишке жарайт деп.
Семетей басты санаасын,
Арбагын көрүп баланын.
Эми каргадай болгон жетим кул,
Ошо жүрдү адуулап.
Ак-Инектин аркы бет,
Күлчоро жүрдү кадуулап.
Алдындагы Буурулду,
Мергендер аткан мылтыктай,
Таманы жерге тарсылдап.
Алтын така болот мык,
Аягында жаркылдап.
Ооздугун кемирип,
Араандай оозу ачылып,
Оозунан көбүк чачылып.
Адыр-адыр бел келсе,
Аска-аска зоо келсе,
Аттагандай жүгүрүп.
Кара тоонун бетинде,
Каргадай болгон Күлчоро,
Алдындагы Буурулдун,
Оозу менен алышып.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эки колдо карышып.
Далыда мылтык балкалап,
Күлчоро тартып чалкалап.
Аягында жаак каркытаң,
Каргадай болгон Күлчоро,
Астындагы Буурул ат,
Жаагына жабышып.
Алдындагы атынын,
Кетип барат Күлчоро,
Оозу менен алышып.
Будурмак тоодон өттү эми,
Бугулуу тоого жетти эми.
Адырлуу жолдон өттү эми,
Аюулуу тоого жетти эми.
Астындагы Буурулдун,
Оозун тартып алды эми.
Он экиде Күлчоро,
Эки жагын чалды эми.
Асты-кийнин караса,
Кудай бетин көргөзбө,
Бетеге белден буралган,
Эчки-теке, кийиги,
Бадалынын башынан,
Алыс-алыс чураган.
Балтырганы билектей,
Маралдары топтошуп,
Баладан үркүп токтошуп.
Көрүп турса Күлчоро,
Бадачы баккан инектей,
Жана байкап караса,
Жыландар жүрөт аркандай.
Кумурска жүрөт тайгандай.
Жараткан алда бир кудай,
Жасаган экен ар кандай.
Ажыдаарлар сойлосо,
Аскар-аскар зоолордон,
Кылыч куйрук жойлосо.
Кылыч куйрук жүргөндө,
Зоо бөлүнүп, таш кулап.
Карагай-кайың жыгылат.
Каршы-терши жол бөгөп,
Каргадай болгон жетим кул,
Канчалык сонун жер көрүп.
Жолборстор чыгат жолунан,
Аюулар чыгат астынан.
Камандар жүрөт кабышып,
Канчалык айбан бөлүнүп.

Өз-өзүнчө топтошуп,
Ошо баладан үркүп токтошуп.
Кудай бетин көргөзбө,
Ыргайы турат ыкшалып,
Ышкыны турат шыпталып.
Таштары турат тапталып,
Алмасы бышып шактанып.
Жемиши жерге төгүлүп,
Жерден башка көрүнөт.
Чымчыгы сайрап чырпылдап,
Сандуу куш сайрап заңкылдап.
Карышкыр үрөт аңкылдап.
Бала чунак жетим кул,
Астында Буурул мингени,
Үстүнө олпок кийгени.
Качырып айбан келбеген,
Жоо-жаракты көргөнү.
Кынында кылыч жаркылдап,
Бойтумар бойдо бөлүнүп.
Ошо жолдон чыккан айбанга,
Буурул ат башка көрүнүп.
Аккелте мылтык алууга,
Аларды атып салууга,
Оюна келбейт чоронун.
Ажыдаар көрсө сезген жок,
Жаралган чоро бир башка,
Эси чыгып кеткен жок.
Андан бала жөнөдү,
Төө мойнок ийри тоо,
Кыз эмчектүү сүйрү тоо.
Бала кирип барды эми,
Асты-кийнин чалды эми.
Мергендер көрсө бекинип,
өзүнөн-өзү шексинип.
Баланы көрүп таңданып,
Мерген эмес жолоочу.
Ашуусу бийик тоо эле,
Кандай ашып алды эми.
Арстан-айбан көп эле,
Кантип аман калды деп,
Мергендер көрүп бекинип.
Ушул адам соо эмес,
Баланын түрүн көргөндө,
Калат жатып бекинип.
Андан өтүп алды эми,
Ак өзөнгө барды эми.
Асты-кийнин чалды эми,
Жалгыз бала барды эми.
Алмасы чирип көң болуп,
Айса бою дөң болуп.
Жийдеси чирип көң болуп,
Киши бою дөң болуп.
Алмасы жерге чачылат,
Балалыгы башында.
Көрүп туруп чоронун,
Баланын көөнү ачылат.
Жемиши жерге чачылат,
Көрүп туруп баланын,
Көзү канып кумарлап.
Тоодагы учат топтошуп,
Куулар чөптөн отошуп.
Алма-жемиш аралап,
Алмасына каралап,
Аттан түшүп жетелеп,
Алма жерден алган жер,
Куржунуна салган жер.
Жөө басып аралап,
Алма-өрүккө каралап,
Бала турат өйүздө.
Күлчоронун барганын,
Буурулду минип алганын,
Чалгынга келип калганын,
Айчүрөк көрүп алган жер.
Асылдардын тукуму,
Бая Күлчорону көрүп жактырган,
Айланса болсо Чүрөккө.

Кайним келген шөкүлдүү,
Кызыкса ээрчип келсин деп,
Кыз-келинди көрсүн деп.
Каалаunion кечип келсин деп,
Катын-кызды көрсүн деп.
Байтерекке бардырып,
Селкинчекти салдырып.
Тасторконду жайдырып,
Талаага килем салдырып.
Мамык жаздык, көлдөлөң,
Бөлөк-бөлөк жайдырып.
Кантты кардай кемиртип,
Кара чайды шимиртип.
От жакалай он самоор,
Ат оозундай чоң самоор,
Баркырата кайнатып.
Дүнүйөнү жайнатып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Акка мойнун сунган жер.
Кайнатасы Манастын,
Арбагын сыйлап турган жер.
Чатыр тигип, ой алып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Колчатырын колго алып,
Кыз башкарып жөө басып.
Чалгынчы жакын барганда,
Кече Таластан көргөн кайнисин,
Куп жактырып калганда.
Баланы көрүп жактырып,
Барса намыс алат деп,
Чынкожо менен Толтойго,
Чакчалакей салат деп.
Аккуу болуп кубулуп,
Кийип алган Айчүрөк,
Каненеси Каныкей,
Кан абасы эр Бакай,
Экөөнүн айтпай койгонун,
Билип алган Айчүрөк.
Кеңколдогу ордого,
Кирип алган Айчүрөк.
Манастын уулу баатырдын,
Башында алган катындын.
Кесиреттүү экен деп,
Билип алган Айчүрөк.
Аккуу болуп кубулуп,
Ак шумкарды колунан,
Илип алган Айчүрөк.
Шумкарын алсам барар деп,
Издесе мени табар деп.
Калаадан чыгып камынып,
Мойнуна бого салынып.
Кудай менен арбакка,
Сыйынып Чүрөк жалынып.
Мына минтип баатырдын,
Тоскон жолун камынып.
Эми каргадай болгон Күлчоро,
Эчтемени элебейт.
Чалгынга чыгып келгенин,
Эсинен чыгып элебейт.
Куржунга алма салган жер,
Балалыгын көрдүңбү.
Ат жетелеп жөө басып,
Аркырап чыккан чоң дайра,
Боюна бала барган жер.
Сууну көрүп токтолуп,
Эт жүрөгү козголуп.
Дайраны көрүп сестейип.
Суусу батпайт сайга деп,
Каражолтой абамдын,
Көргөн эли кайда деп.
Суунун жайын айтайын,
Алтымыш эки сары суу,
Агып келип кир болуп.
Бул өндүрү бир болуп.
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып.

Тегеренип оң агып,
Деңизден канча чоң агып.
Чалмаланып чамгырттап,
Таш агызып калдырттап.
Ортосунан мунарып,
Аккан таштар жалбырттап.
Күкүк болуп күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.
Алда нече түрлөнүп,
Адам өңдүү сүйлөнүп.
Омурулуп тал агып,
Оодарылып сал агып.
Орто жери кан болуп,
Эки чети кар болуп.
Көргөн киши таң болуп,
Кандай ташып кетти деп.
Оогандын эли жыйылып,
Жаткан экен дайрага,
Түлөө кылып сыйынып.
Жарга тийип урунуп,
Жаш балаты, карагай,
Тамыры менен жулунуп.
Жарга тийип күп этип,
Жардын башы дүп этип.
Тоого тийип күп этип,
Тоонун боору дүп этип.
Кудай бетин көргөзбө,
Капчыгайы дуулдап,
Карагайы шуулдап.
Жардын башы туурулуп,
Үйдөй болгон чалмалар,
Камыр болуп жуурулуп.
Карап турат Күлчоро.
Адырын түлкү жойлогус,
Айза салса бойлогус.
Адам эмес, айбандар,
Кечемин деп ойлогус.
Чытырын түлкү жойлогус,
Сыр найза салса бойлогус.
Сууну көргөн адамзат,
Кечемин  деп ойлогус.
Кудай бетин көргөзбө,
Карагай-кайың тал агып,
Арал болуп жыйылып,
Ар кайсы жерге тыгылып.
Эр Күлчоро көпөлөк,
Буурул атты жетелеп,
Сууну бойлоп баскан жер,
Суудан коркуп жаткан жер.
Арстан төрө абакем,
Элди кайдан көрдү деп,
Алыска дүрбү салган го.
Айтканы жок суу бар деп,
Абакем көрбөй калган го.
Улуу суунун боюна,
Улардуу тоонун оюна.
Тегеренип жөө басып,
Күлчоро коркуп турган жер,
Айчүрөк амал кылган жер,
Катын-кызды көргөн жер.
Акундун кызы жеңеси,
Абыдан таанып көргөн жер.
Сакчы бөлүп кыздардан,
Аш бышырчу келинден.
Тегеректи чалгыла,
Камап жаткан көп жоодон,
Кокустан киши чалбасын,
Жоо камынып калбасын.
Ач билектен албасын,
Ат сооруга салбасын.
Кыз-келинди жетелеп,
Олжо катын кылбасын.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кандын кызы Калыйма,
Кашка чечен Батыйна,
Карыбай кызы Казыке,

Кашка тууган кыздар бар.
Ар боруму кыздардын,
Башка тууган кыздар бар.
Ажыкенин Акбермет,
Жанындагы Акшербет.
Коргошун ийик, колу жез,
Курманбек кызы  Каракөз.
Бокмурундун балдызы,
Байтурсун деген аты бар.
Алтын көкүл секелек,
Бири-бирин жетелеп,
Улуу сууну бойлошуп.
Энеси тууган эгиз кыз,
Эки кандын сегиз кыз,
Телегейи тегиз кыз.
Кандын кызы Казыке,
Жанындагы Ашыке.
Бу Айчүрөктүн тоюнда,
Куур тон кийип култуңдап,
Бу да жүрдү оюнда.
Койчулардын Кошэмчек,
Бул да келген оюнга.
Балыкчынын балбан кыз,
Суудан балык алган кыз.
Баштыгына салган кыз,
Бу да келген оюнга.
Айчүрөк салган оюн деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эжебиз эрге тиет деп,
Кермеге булгун салат деп,
Ойносок оюн канат деп.
Элчибектин Жезтаңдай,
Кеп айтуучу ар кандай,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эки жакты чалгын деп,
Жакшы карап тургун деп.
Эртең олжо алгын деп,
Астына жорго мингизип,
Ийнине торко кийгизип.
Ополдон келген жолдорду,
Ошону тосуп тургун деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Урумкан кызы Бурулча,
Уяты бар жан эле.
Бу чалгынга жарайт деп,
Муну койду кароолго.
Акундун кызы Айчүрөк,
Улуу сууну бойлотуп,
Теңи келин, теңи кыз,
Кубалашып ойношуп.
Алма алганы бөлүнүп,
Абдан сулуу кыздар көп.
Алма тиштеп алганда,
Алкымынан көрүнүп.
Сары жайык талаага,
Талаага келип жаткырып,
Калыймага тапшырып.
Мамык жууркан, көлдөлөң,
Алыстан адам келчүдөй,
Акунканга аш берип,
Айчүрөк кызмат кылчудай.
Кыз-келинди жыйыптыр,
Кызматты башка кылыптыр.
Талаага килем жайыптыр,
Аш-тамактын баарысын,
Дасторконго салыптыр.
Сары мейиз кишмишти,
Аны төгүп бир бөлөк,
Анжыр менен алчаны,
Адам пенде көрбөгөн,
Түрлүү жемиш канчаны.
Кишмиш мейиз алдырып,
Сыр челекке салдырып.
Аш тамагын жай кылып,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Ар боруму бир башка.

Алыйман менен Батыйна,
Кошчу алып кеп айтып.
Мени күйөө аларда,
Бул оогандын элинин,
Эл аралап кыз жыйдым.
Күнү-түнү эчен күн,
Силерди жыргап алсын деп,
Бу кызматты мен кылдым.
Акункандын элинен,
Башым оолак кеткиче,
Ойнор ойноп калсын деп,
Кыз-келин жыргап калсын деп.
Түн уйкумду бөлдүм деп,
Калаадан алып келдим деп.
Бу Калыйман, Батыйна,
Экөөңө бирдик бердим деп.
Кололуу темир колчатыр,
Жалгыз тигип Айчүрөк,
Кагылайын Калыйма,
Катуу уктап калармын.
Кокустан бирөө барбасын,
Уйкумду бузуп салбасын,
Убалыма калбасын.
Оюнга келген кыз-келин,
Эки кызга тапшырып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Түркүгү алтын ак чатыр,
Талаага тигип салган жер,
Жалгыз жатып калган жер.
Эки кыз элди башкарып,
Улуу сууну бойлотуп,
Кубалатып ойнотуп.
Боюнан кийим чечтирип,
Суунун четин кечтирип.
Упа менен эндикти,
Беттерине тагынтып.
Шуру менен берметти,
Саамайына салынтып.
Алтындан кылган аркалык,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аркасына жабылтып.
Кирери менен эки кыз,
Келин-кызды багынтып.
Ошондо Күлчоро көрдү кыздарды,
Улуу сууну бойлошуп,
Шакылыктап күлүшүп.
Маңдайда турган баланы,
Шылдың кылып калышат.
Ат жетелеп жөө басып,
Дарыяны бойлогон.
Жерден жемиш алганын,
Кол куржуну бар экен.
Куржунуна салганы,
Багалегин түрүшүп,
Басып суууга киришип.
Өйүздө турган кандай жан,
Эр Күлчоро жиндини,
Жел көйнөгүн чечишип,
Жетелешип кыз-келин,
Суунун четин кечишип.
Дарыяны бойлошуп,
Балык болуп ойношуп.
Талга илип көйнөгүн,
Талаага жайып дамбалын.
Бала чунак жинди кул,
Таңданып карап калганы.
Теңи келин, теңи кыз,
Чатыр тигип коюшкан.
Сары талаа, жайык түз,
Кака-кака күлүшүп.
Каткырыгы таш жарып,
Бирин-бири башкарып.
Кишмиш менен мейизди,
Таңдайына салышып.
Күлчоро көрүп жалманып.
Адам ашпас чоң тоону,

Ашып келген ким болду.
Аркар менен кулжаны,
Атып келген ким болду.
Кээ бирөө кеп айтып,
Мерген эмес бу киши,
Жол таппаган жолоочу,
Жер көрбөгөн кербенчи.
Алма алып салаалап,
Жемиш алып каралап,
Кандай урган бул неме.
Жалгыз жүргөн талаалап,
Каткырыгы таш жарган,
Күлчорого угулуп.
Мени шылдың кылды деп,
Баланын өңү кубулуп.
Минген аты Буурулду,
Алтын баштуу Акканкы,
Аюу көпчүк салгычы,
Кош алакан басмайыл,
Бекем тартып алды эми.
Кол куржунун бүктөнүп,
Канжыгага чалды эми.
Минип бала Буурулду,
Чечти кийген буулумду.
Айрып-айрып капшырды,
Акбаранды асынды,
Бөктөрүнүп олпокту,
Канжыгага тапшырды.
Көчүгүндө кандагай,
Муну чечип алды эми.
Олпокко кошо бөктөрүп,
Канжыгага чалды эми.
Кечүүчүдөй камынып,
Даярланып алды эми.
Кечүүчүдөй камынган,
Кандай курган эме деп.
Кечсе бөөдө өлөт деп,
Кешиги жок куу тумшук,
Бөөдөсүнөн өлөт деп.
Кечсе агып кетет деп,
Кантип сууну кечет деп.
Ажал жеткен куу тумшук,
Бөөдөсүнөн өлөт деп.
үйүн кайдан көрөт деп,
Жекендин башын сыдырып,
Сууну бойлоп кыдырып.
Эмчеги төштөн көрүнүп,
Алты келин, жети кыз,
Он үчү чыкты бөлүнүп.
Айтылуу сөзүм эрмекке,
Кечсе агып кетерин,
Баягы кыз-келиндер көрмөккө.
Камыштын башын сыдырып,
Кара сууну кыдырып.
Чоң дайраны жээктеп,
Карагай менен кайыңы,
Агып аткан дайраны.
Бири-бирин тээктеп,
Арал болуп көрүнөт.
Бала жинди Күлчоро,
Туяктын түбүн ызытып,
Буурул атты кызытып.
Кара терге чумутуп,
Эти кызып алган соң.
Семетейдин Тайбуурул,
Таманы жерге тарсылдап,
Бут көтөрсө Буурулдун,
Төрт аягы жаркылдап.
Каргадай болгон Күлчоро,
Жардын башын уратып,
Кирмек болду чуратып.
Талдын башын жапырып,
Баабедин деп бакырып.
Алда, Манас алда деп,
Арбагында колдо деп.
Буурул атка камчы уруп,

Суугa кирди Күлчоро,
Урган таштай чулп этип,
Кирген жерден жок болуп.
Карап жүрдү жарданып,
Кургур бекер өлдү деп.
Жакаларын карманып,
Акырын аккан чоң дайра,
Алып калчу жан кайда.
Акылы бар эси жок,
Өлүм менен иши жок.
Кирген жерден жок болуп,
Астындагы Буурул ат,
Балык болуп баратат.
Үстүндөгү Күлчоро,
Кайык болуп баратат.
Бала чунак жиндинин,
Баабедин кирбес оозуна,
Баабедин түштү оюна.
Багелеги малынып,
Баабединге жалынып.
Этеги суугa малынып,
Эр үрбүгө жалынып.
Камгактай болуп дыркырап,
Астындагы Тайбуурул,
Балыктай агып дыркырап.
Аккан кайың-карагай,
Агыны менен бир тийип.
Каражолтой чунактын,
Айнектей көзү киртийип.
Суу ортолоп барганда,
Ак болотту дат алып,
Капталын салып кыйшайып.
Агып жаткан дайранын,
Агынын көздөй маталып,
Көк болотун дат алып.
Агып жаткан дайрага,
Көчүгүн салып маталып.
Мурдунан суусу бырпырап,
Алдындагы Акканкы,
Коңулдан суусу шыркырап.
Чоң кумары үргөнчтүн,
Каргадай болгон Күлчоро,
Чок тийгендей бүгүлүп.
Кетип барат дайрада,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ошондо жандан түңүлүп.
Кара тоонун боз сеңир,
Капчыгайы шуулдап,
Дабыш чыгат чурулдап.
Ээрдин башын бек кармап,
Эр Күлчоро жинди кул,
Эми өлдүм деп кармап,
Аттын жалын бек кармап.
Арам өлдүм деп кармап.
Ыйык жалын бек  кармап,
Ыймансыз өлдүм деп кармап.
Капчыгайдын чатында,
Ажыдаар ак жылаан,
Күлчоронун белине,
Бек оролуп алыптыр.
Тайбуурулдун төшүнө,
Ажыдаар башын салыптыр.
Ал Айчүрөктүн жолдошу,
Астындагы Тайбуурул,
Балдак уруп алган соң.
Күңгүрөңгөн дайрага,
Туура сүзүп калган соң.
Атасынын жолдошу,
Тегеректеп калган соң.
Колдогон бирөө бардыр деп,
Балааны баштап алды деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Перинин кызы чоң Сайкал,
Бул Айчүрөктүн жолдошу.
Чоң Сайкалга кеп айтып,
Тетиги аккан кайнимди,

Чыгарып келгин деп айтып.
Жеңесинин periси,
Канатын сууга салыптыр,
Күлчоронун үстүнө,
Сайкал учуп барыптыр.
Айдалыга чоң Сайкал,
Кош тырмагын салыптыр.
Аты менен көтөрүп,
Күлчорону бөктөрүп.
Маңдайында жар кашат,
Жар кашатка кабылтып.
Текебери кетсин деп,
Бир кудайга жалынтып.
Жардан аттап чыга албай,
Астындагы Буурулу,
Акканкынын коңулдан,
Суусу чыгып оргуштап.
Он экиде, Күлчоро,
Ойдогудай салды эми.
Келме оозуман кеткенби,
Маа текебер жеткенби.
Тилим тиштен тайганбы,
Мени ошерден сайганбы.
Канчородон өйдөсүп,
Атын миндим абамдын,
Баатыр төрө абамдын.
Бу текебер болду го,
Койнума суу толдубу.
Текеберим кеткендир,
Улуу агам Канчоро,
Кабагын бүркөп алдыбы.
Өйдөсүтүп Канчоро,
Өзү улуу болгон соң.
Атын сурап минет деп,
Тонун сурап кийет деп,
Жаман көрүп калдыбы.
Тобо кылып ой кылып,
Келмесин алып тилине,
Тобосун алып денине.
Бала жинди Күлчоро,
Кара жарды жээктеп,
Аман суудан чыктым деп.
Астындагы Буурулдун,
Төрт аягы бүрүшүп,
Ат чыйрыгып калыптыр.
Үстүндөгү Күлчоро,
Алган экен баарысын,
Кийген киймин күмүштөп,
Тайбуурул чыкты кылчылдап.
Үстүндөгү Күлчоро,
Кийими менен чылпылдап.
Каныкей кылган ак тердик,
Бурчунан суусу шорголоп.
Буурул ат чыкты жорголоп.
Аты чыкты чыйрыгып,
Каргадай болгон Күлчоро,
Чечип киймин сыгынып.
Ак келтени дат алып,
Суу ичине толуптур,
Ичи кирдеп болуптур.
Эр Күлчоро жинди кул,
Ак келтенин ичине,
Сүмбө салып туруптур.
Кыргы салып тазалап,
Эми ак келтени асынып,
Атка камчы салган жер.
Дарыяны жээктеп,
Каргадай болгон Күлчоро,
Катындан какшык көрдүм деп.
Кыңшылаган катын-кыз,
Кыйындыгын билейин.
Шылдыңдаган кыздарды,
Ителгидей тийейин.
Камап туруп кыздардан,
Канынын дайнын билейин.
Акункандын шаарына,

Билип туруп кирейин.
Буурул атты камчылап,
Алтын ооз карки таң,
Оозу менен алышып,
Канаттуу менен жарышып.
Каргадай болгон Күлчоро,
Тепке деген жери бар,
Кичине кайкы бели бар.
Белге чыгып барган жер,
Эл кайтарган эки кыз,
Баланы көрүп алган жер.
Кудай уруп салды деп,
Камап жаткан көкжалдын,
Чалгынчы келип калды деп.
Кудалашып кой сойгон,
Кулдук уруп тай сойгон.
Айдап калың жеп турган,
Азыр берем деп турган.
Сүрүп калың жеп турган,
Күйөөгө берем деп турган.
Баралына жеткен көп,
Бузук салып элине,
Жетишпей алчу эрине.
Оң билектен албасын,
Олжолоп кетип калбасын.
Кара чачтан албасын,
Какшатып катын кылбасын.
Желке чачты бурбасын,
Жетелеп катын кылбасын.
Алаканын шак коюп,
Кабар кылды кыздарга.
Кароолочу кыз кыйкырып,
Качкыла деп чыкырып.
Чалгынчы кыз чакырып,
Качкыла деп бакырып.
Күлчоро жакын келгенде,
Тополоңу тоз болуп,
Толгон кыздар жок болуп.
Чечип көйнөк кийишип,
Желке чачын түйүшүп.
Чачып киймин ташташып,
Шашкандары ат минип.
Улуу суунун боюнда,
Кара бото токойго,
Качып аткан кыздар бар.
Баш калкалап былк этпей,
Жатып аткан кыздар бар.
Кармап атка мине албай,
Шашып аткан дагы бар.
Караганын тоотпой,
Байпалаңдап жүгүрүп,
Басып аткан кыздар бар.
Калыйма менен Батыйна,
Кабар жетти экөөнө,
Кудай уруп салды деп.
Курчап жаткан көп жоодон,
Киши келип калды деп.
Атка минген чоңу бар,
Артында жыйган колу бар.
Атынын мойну күпчөктөй,
Саадактын чогу чапчактай,
Кишинин жүзү мунардай.
Кулундун түрү көрүнүп,
Качып калды туралбай.
Калыйма менен Батыйна,
Экөө минди телкини.
Шаарды көздөй бет алып,
Аш тамагын чачышты,
Кыздар үркүп качышты.
Тамагы калды талаада,
Килеми калды салылуу,
Тасторкон калды жайылуу.
Эки кыздын мингени,
Буура көкүл, Бурук баш,
Эки окшошкон телкини,
Эки кыз минип алыптыр,

Экөө жолго салыптыр.
Калыйма ойлоп кеп айтат,
Кагылайын Батыйна,
Карып эжең Чүрөккө,
Кабар айтып өтөлү,
Качып үйгө жетели.
Ат болушка салышты,
Айчүрөк жаткан чатырга,
Эки кыз жетип барышты.
Кокуй эже турчу өйдө,
Чынкожо, Толтой элинен,
Чалгынчы келип калды деп.
Ат камчылап жакындап,
Келди кирип жакындап.
Анда Чүрөк кеп айтат,
Келген киши оң кылбайт,
Качкан менен соо кылбайт.
Кабылган киши алуучу,
Кара шаар үргөнчкө,
Калайман уруш салуучу.
Каалаганы мен элем,
Камап туруп калааны,
Мени тартып алуучу.
Капаланып Айчүрөк,
Унчукса үнү таш жарып,
Үшкүрүгү баш жарып.
Кагылайын Калыйма,
Акылдашым сен элең.
Азаптуу эжең мен элем.
Алыста болсо ал киши,
Атыңдын оозун бура тур.
Азаптуу эжең байкуштун,
Айткан сөзүн уга тур.
Сабыр кылып сөзүм ук,
Экөөң атты минипсиң,
Тамак-ашты чачыпсың,
Шаарды көздөй качыпсың.
Карарган менин көзүмө,
Каалап айткан сөзүмө,
Чырм этип уктап тынч алып,
Чыканактап уйку алып.
Уйкуга көзүм илинди,
Уктасам түштө билинди.
Акункандын шаарына,
Байланды буудан мамыга,
Бул эмине болуучу?
Кагылайын Калыйма,
Бу түшүмдү жоручу.
Көсөө куйрук көкбөрү,
Көчөгө келип жойлоду.
Бала чаар ак жолборс,
Көк бөрүгө кошулуп,
Көчөнүн ичин чаң кылып,
Экөө келип ойноду.
Алтымыш кулач ажыдаар,
Ары-бери сойлоду.
Камап жаткан көп жоонун,
Баарын соруп койгону.
Соргон менен тойбоду,
Бул эмине болуучу?
Кагылайын Калыйма,
Бу түшүмү жоручу.
Кара көздү кал басып,
Капа болуп жатамын,
Эми мен кайсыны айтамын.
Аман-эсен барсаңар,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки агама айта бар.
Чүрөктү кармап калды деп,
Бу түшүмү айта бар.
Акылга даана Калыйма,
Айчүрөктөн кем эмес.
Асмандап учуп алганы,
Жерди туман бүркөгөн,
Күндү туман чүркөгөн.
Манастын уулу баатырга,

Барып кабар салганың.
Байланса буудан мамыга,
Баатырың келген турбайбы.
Көк бөрү келип жойлосо,
Бала жолборс ойносо.
Жетим болуп катыккан,
Баатыр болуп атыккан,
Эки иниси бар деген,
Экөө келген турбайбы.
Ажыдаар ак жылан,
Арага келип сойлосо.
Камап жаткан көп жоонун,
Баарын союп тойбосо,
Карс этип иттер каппаса,
Мергендер барып атпаса.
Байгамбар барып диниңе,
Болоттон калган тукум деп,
Манастан калган Семетей,
Чакыр таштап бүлөөңдү,
Чакырып келген күйөөңдү.
Семетей жайын уккамын,
Үстүлөнүп келгенде,
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм чыкты деп уктум.
Кыйыктанып келгенде,
Кырк чоросун кыйратып,
Кыйын чыкты деп уктум.
Мен атаңдан кеп уктум,
Камап жаткан убара,
Айчүрөктү алалбайт.
Алган менен Айчүрөк,
Аларды ээрчип баралбайт.
Кече баатыр Манас барганда,
Акункан менен Манастын,
Алышып койгон колу бар.
Сүйлөшүп жүргөн кеби бар.
Эжеке саа таарындым.
Манастын уулу баатырдын,
Билипсиң мунун дайнын деп.
Түш жорутуп кеп айттың,
Билер бекен деп айттың.
Түш жорутуп мен айтсам,
Билер бекен дедиңби,
Манастын уулу төрөңдү,
Талаша кетет дедиңби.
Биерден коркпой жатып ал,
Мен элестен элден кеп угам.
Манастын уулу баланын,
Кара жердин үстүнө,
Батпай жүрөт деп угам.
Жарым саат тынч алып,
Жатпай жүрөт деп угам.
Манастын уулу күйөөңдү,
Койнуңа батса катып ал.
Издеп тапкан күйөөңдү,
Өзүң алып жатып ал.
Калыйма чечен кеп айтып,
Айчүрөккө бек айтып,
Атка камчы салыптыр.
Айчүрөккө кош айтып,
Кантер экен Чүрөк деп,
Шаарды көздөй бет алып.
Калыйма жөнөп калыптыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Тура тур Калый кеп айтам,
Туруктуу сөздү эми айтам.
Акылга дыйкан жан элең,
Акылдан кетсе бирөөнүн,
Акыл табар бала элең.
Элестеп караан көрүнгөн,
Үстүңөн булут бөлүнгөн.
Келет эми бу жерге,
Жездеңердин иниси.
Кызды жыйып алгыла,
Кызыл милте жээктүү,
Килемди жайып салгыла.

Тасторконду жайгыла,
Баарын жайып салгыла.
Самоорду тизип койгула,
Баркырасын кайнасын,
Тамактын баары жайнасын.
Ошо киши келерде,
Алманы колго алышып,
Айкалып оюн салышып.
Упа сыйпап бетиңе,
Кынама кийип этиңе.
Буулум кийип булактап,
Оюнга чыгып кылактап.
Байтерекке баргыла,
Кош селкинчек салгыла,
Тебишип ойноп калгыла.
Тепилдешип сүйлөшүп,
Капилеттен кармашып,
Эки-экиден жанашып.
Этегиңер булактап,
Түрүңөрдү көрүнтүп,
Ойногула булактап.
Силкип көйнөк кийгиле,
Упа менен эндикти,
Бетиңерге жапкыла.
Шуру менен берметти,
Жаагыңарга таккыла.
Ошо бала келсе жаныңа,
Басып барып кеп айтпа,
Кайдан келдиң деп айтпа.
Өзү келип сураса,
Токтолуп жооп бергиле,
Оюнга келдик дегиле.
Басып барып айтсаңар,
Кепке кемтик болосуң,
Сөзгө сөлтүк болосуң.
Адам пенде беттебейт,
Чагылгандай үнү бар,
Адамдан башка түрү бар.
Ажыдаар ыраң сүрү бар,
Урматтуу Кеңкол, Таласты,
Өзү улуктун баласы.
Жакышы байкап турсаңар,
Күлүмсүрөп кеп айтат,
Эжекелер деп айтат.
Жаман айтсаң кокустан,
Сөөкө баткыс кеп айтат.
Канчык итче каңшылап,
Жолдо жүргүн жолочу,
Соода кылган кербенчи,
Тозосуңар деп айтат.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Улуккан кызы Калыйма,
Кайра тартып алган жер.
Качкандарды чогултуп,
Жашынганды жыйган жер,
Кыз-келинди бекитип,
Чоочун киши экен деп.
Жолоочу болсо бу киши,
Жолуга кетер бекен деп.
Калыйма айтып эчен кеп,
Кыз-келинди жыйган жер.
Ошо киши келгенде,
Көзүңөрдү салбагын,
Жарданып карап калбагын,
Жанына бирөөң барбагын.
Байтурсунга кеп айтып,
Тамак-ашты башкарып.
Астына килем салылуу,
Үстүнө тамак жайылуу,
Ушу жерге тургун деп.
Акылы башка Калыйма,
Айсалкынды алыптыр.
Келиндерди башкар деп,
Аны алып барыптыр.
Батыйнаны баргын деп,
Бу кыздарды башкарып,

Башчы болуп тургун деп.
Калыйманды караса,
Булгум кийип үстүнө,
Шөкүлө кийип башына.
Уй башындай чоң мамык,
Көчүгүнө коюптур.
Саамай сылап кызарып,
Басса бели буралып.
Кызгалдактай кылактап,
Кынап кийген бешмантын,
Кызыл тубар көйнөктөр,
Этеги чыгып булактап.
Сары мейиз алышып,
Таңдайына салышып.
Кызыл алма алышып,
Кыздар жүрөт бир башка.
Эти кейип керилип,
Маралдай түрү көрүнүп,
Келиндер ойнойт бөлүнүп.
Баркыт кийип балактап,
Байлардын кызы шалактап,
Мунун тобу бир бөлөк.
Тери тон кийип темтеңдеп,
Бечара кызы шөмтөңдөп,
Мунун тобу бир бөлөк.
Сугатчынын сугалак,
Суудан балык кубалап,
Мунун тобу бир бөлөк.
Аштыкчынын кер моюн,
Анын тобу бир бөлөк.
Темир чаап ат алган,
Устанын кызы бир бөлөк.
Телегейи тегиз кыз,
Атадан тууган эгиз кыз.
Ажыбайдын Акбермет,
Атагы чыккан Акшербет.
Аш башкарган Байтурсун,
Той башкарган Толгонай.
Маралдуу тоонун оюна,
Дарыянын боюна.
Чатыр тигип мал союп,
Бул Айчүрөктүн амалы.
Келин менен кыз жыйып,
Кудай билет чын болсо,
Эмчектери балактап.
Ишчилери бир бөлөк,
Машинеси шарактап.
Баары даяр болгон жер.
Каргадай болгон көпөлөк,
Алдындагы атынын,
Айбандан башка түрү бар.
Үстүндөгү баланын,
Карт кишидей сүрү бар.
Башын жерге салышса,
Баланы байкап карашса,
Кызыл түлкү жүнүндөй,
Кызыл кыргоол түрүндөй.
Жөө туман көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп.
Эки бети кызарып,
Маңдайы жарык зор кашка,
Түрү адамдан бир башка.
Түрү башка экен деп,
Калыйма менен Чүрөктүн,
Бу кылганы бекер деп.
Адамдан түрү бир башка,
Атынын түрү бир башка.
Кылычы кында кыңгырап,
Айбалта санда шыңгырап.
Бозкисе бойдо шалпылдап.
Айчыктап алтын бастырган,
Уста коюп жаткырган.
Алтын айчык чоң күпчөл,
Омуроодо жаркылдап.
Кандагай бутта булактап,
Туулга башта кылактап.

Каруудa найза койкоюп.
Катын-кыздын четине,
Барды бала зоңкоюп.
Жөн жолоочу өңдөнүп,
Буурулдун оозун бурган жер.
Ошо бала болпоюп,
Кеп сүйлөбөй турган жер.
Ошо кызды башкарган,
Жол тостуруп аткарган,
Бир башчысы бар экен.
Кербенчиге кеп айтпа,
Келдиң кайдан деп айтпа.
Башчыларын бекитип,
Койгон экен кекетип.
Билип турат Күлчоро.
Оң бөйрөгү солк этип.
Кантер экен кыздар деп,
Үстүнкү эрди былк этип,
Күлүп турат Күлчоро.
Маңдайы жайык маңкайып.
Астындагы бууданы,
Айбандан башка заңкайып.
Үстүндөгү адамы,
Жаш баланын түрү бар.
Карт кишиче какайып,
Улуу заада өңдөнүп.
Чоң кишиче зоңкоюп,
Жоо-жарагы жанында.
Ат тизгинин буруптур,
Келин менен кыздарды,
Ошо Семетейдин бөбөгү,
Сынап карап туруптур.
Келинден басып келген жок,
Сен кайдан келдиң деген жок.
Кыздардан басып барган жок,
Жооп сурап калган жок.
Бала жинди Күлчоро,
Бекиткен экен баарын деп,
Кейитейин жанын деп.
Үркүтөйүн баарын деп,
Астындагы Буурулду,
Семетейдин чоң тизгин,
Бура кармап алды эле,
Салып койгон килемди,
Жайып койгон тамакты,
Кайнап турган казанды,
Күйүп турган чыракты,
Кыз-келин көрдү чунакты.
Буурул ат менен бастырып,
Баскан жерди каздырып.
Салып койгон килемди,
Жайып койгон тамакты,
Туягына чулгатып,
Тамак-ашты булгатып.
Тизилүү турган самоорду,
Алдындагы Буурулду,
Тегерете бастырып,
Тасторкондо тамакты,
Астындагы атынын,
Туягы менен чачтырып.
Бала минтип турганда,
Билип турат жеңеси.
Алыста тиккен ак чатыр,
Кантер экен кыздар деп,
Күлүп турат жеңеси.
Бала менен сүйлөшүп,
Бар үйүнө кайтар деп,
Момундай киши көрдүк деп,
Атасына айтар деп.
Билгендери билер деп,
Билбегени жүрөр деп.
Кандын кызы Калыйма,
Безеленип Батыйна,
Беттен басып барган жер.
Бала минген Буурулду,
Чылбырдан кармай калган жер.

Безеленип Калыйма,
Чылбырдан кармап кеп сурайт.
Сен жолоочу жүрсүңбү,
Белиңе белбоо чаласың.
Жолоочу болсоң жол мына,
Жортуулчу болсоң мал мына.
Жооптошуп сүйлөшсөң,
Улук Акун кан мында.
Базарчы болсоң мал мында.
Барсаң ооган эл мында.
Сен кайдан келген качкынсың,
Минген атың бир башка.
Кийген киймиң бир башка,
Өз борумуң бир башка.
Өзгө болсоң өз агаң,
Өз агаңдын атын айт.
Агаңдын атын сатпай айт.
Айлыңда мыкты бар болсо,
Өз агаңды катпай айт,
Түбүңдү түрүп түгөл айт.
Түпкү атаңды билейин,
Тегиңди терип тегиз айт.
Тек заада болсоң билерсиң,
Ичиңен тынып күлөрсүң.
Кан заада болсоң билерсиң,
Кашкайып карап күлөрсүң.
Айткын бала кебиңди,
Чылбырдан кармап кеп сурап,
Сенин элиң кайда деп сурап.
Ошондо жинди бала Күлчоро,
Күлүмсүрөп кеп айтып.
Качкын десең качкынмын,
Оозун ачкан карышкырмын.
Кайсы десең ошомун,
Каарыма тийгенге,
Эзип койгон жошомун.
Бери-бери келчи деп,
Бир асыбай берчи деп.
Буурулдун мойнун бураса,
Асыбай деп сураса.
Алаканга салуучу,
Асыбай тарта кеткин деп,
Астыңан тосо баруучу.
Айлыңда кыздар мен эмес,
Атасына ийлетип,
Калемпир кошо салдырып,
Сыр чакага толтуруп.
Бала качан келет деп,
Эртеден кечке зарыгып,
Жолукчу кыздар мен эмес.
Жообум уксаң кет кайта,
Мынабу мунарык болуп көрүнгөн,
үстүнөн туман бурулган.
Күмүш айнек, жез кешек,
Үйлөрү болот кубулган.
Бу балага баргын деп,
Жок жоготуп издесең,
Шаардан жооп алгын деп.
Калыйма чечен кеп айтып,
Айтпады беле Айчүрөк,
Бекер бекен деп айтып.
Он экиде Күлчоро,
Оолукмалуу эр чоро,
Жолоочу жолун жолдогус.
Жол кабыштап азган кыз,
Эр азабын тарткан кыз.
Мына алар бекен деп,
Эркеке көзүн саткан кыз.
Кечүүдө калган азган кыз,
Кербенчи жолун тоскон кыз.
Мени алар бекен деп,
Кишиге көзүн саткан кыз.
Түндү түрө укканды,
Түбү жок киши дейсиңби,
Түбүмөн кайгы жейсиңби.
Тегимди терип уккандай,

Теги жок киши дейсиңби,
Тегимден кайгы жейсиңби.
Атка минип жол чалган,
Атышкан жоого кол салган.
Болоттон кылган токумум,
Мен баатырдан калган тукуммун.
Түбүмдү түрүп сурасаң,
Тиштегени ок болгон,
Тиктегени жок болгон.
Кармаганы ок болгон,
Караганы жок болгон.
Таш талкалап жер кылган,
Бийик тоону кулаткан,
Эчен жоону кыйраткан.
Кара жерди кан кылган,
Канчалыкты жай кылган.
Кара суугa кан куйган,
Байгамбар барлык диним ак.
Атамдын аты Алмамбет,
Өзүмдүн атым Күлчоро,
Айтты бала жинди кул.
Акылы бар Калыйма,
Айчүрөк айткан кеп эле,
Кайним келет деди эле.
Мурун басып барба деп,
Шылдың болуп калба деп.
Айчүрөк тилин алыптыр.
Күлчорого бек айтып,
Акылы толук Калыйма,
Атыңын жалы жатыптыр,
Күнү-түнү жүргөндөй,
Кызыл жүзүң азыптыр.
Тынч уйкуңду бөлгөндөй,
Кайдан чыккан баласың,
Кандын кызы кашында,
Кароолчусу башында.
Бөөдө өлүп каласың,
Жумур көк болуп жашында.
Сен биерден кайра кайт,
Элиң болсо барып айт.
Жоокер болсоң жоо мында,
Кармашар болсоң эл мында,
Качкын болсоң жер мында.
Урушар болсоң жоо мында,
Мерген болсоң тоо мында.
Берен экен Калыйма,
Кетер болсоң жол мында.
Алакөөдөн экенсиң,
Акылы жок, эси жок,
Ар неме менен иши жок.
Жаман бала экенсиң,
Калыйма айтат какылдап.
Кыз-келиндин баарысы,
Баланын түрүн көргөндө,
Барды баары жакындап.
Калыйма менен Күлчоро,
Бет алышып турганда.
Бири-бирин жеңе албай,
Сөз алышып турганда.
Келин-кыз келди жыйылып,
Үстү-үстүнө тыгылып.
Балага көзүн салышып,
Барба деген кыз-келин,
Тегеректеп барышып.
Бу Калыйма ыргыштап,
Ар кимисин бир муштап.
Эрдин тиштеп кеп айтып,
Келгиле деп кеп айтып.
үстүңкү эрди бүлкүлдөп,
Астыңкы эрди былкылдап.
Эки эриндин ортодо,
Кашка тиши жылтылдап.
Бала менен беттешип.
Башта мурун көрбөгөн,
Баркын киши билбеген.
Мындан мурун көрбөгөн,

Даңкын киши билбеген.
Көшөгөнүн ар жагы,
Көп отуруп зап болгон,
Саамай чачы ак болгон.
Ак маңдайы саргарып,
Эрге тийбей олтурган,
Кары кыздар мында бар.
Эндик упа бетинде,
Эчен жигит артында.
Эр издеген өзүнчө,
Эптүү кыздар мында бар.
Желке чачы сары бар,
Ушу кыздын ичинде,
Жети туутун өткөргөн,
Көп отурган кары бар,
Арыган кыздар дагы бар.
Айтпады беле Айчүрөк,
Кара мүртөз Күлчоро,
Чечендигин билгизет,
Чатырда жаткан Чүрөкө,
Ошентип кебинин четин тийгизет.
Калыйма күйүп кеп айтат,
Кайраттанып эми айтат.
Чечен кыз күйүп кеп айтат,
Чечендик кепти эми айтат.
Эжемди айтты кары деп,
Мобу карарган шаар, калың эл,
Кан Акундун жери ошол.
Кары дейсиң күүлөнүп,
Кайтарып аткан калааны,
Калыйма сынап баланы.
Кароолу аскер эли бар,
Сен өңдөнгөн баланы,
Кабылып калсаң көзүнө,
Билинип калсаң өзүнө.
Чалгынчысын чалдырат,
Кармап алса жай кылат.
Үстүндөгү кийгениң,
Астыңдагы мингениң,
Кан боелуп калбасын,
Атыңды коштоп албасын.
Кара малдан төөсү бар,
Калааны багып кайтарган,
Чынкожо, Толтой дөөсү бар.
Бодо малдан төөсү бар,
Эл башкарып аткарган.
Беттешкен киши мерт болгон,
Кармашкан киши жай болгон.
Кабылып калсаң оң болбойт,
Кармаса сени соо койбойт.
Алмадай болгон башыңды,
Кундуздай кара чачыңды.
Кетирет сенин алыңды,
Кейитет сенин жаныңды.
Жана айтсам жана кеп,
Жандырып айтсам мындан көп.
Эми айтсам эми кеп,
Эптеп айтсам мындан көп.
Аркасында пери бар,
Аркалашып бир жүргөн,
Чынкожо деген жээни бар.
Малды баккан бирөө бар,
Баатыр Толтой күйөө бар.
Андан башка бөлөк бар,
Арбагы артык Төлөк бар.
Турбай бала кайткын деп,
Артыңда элиң бар болсо,
Укканыңдын баарысын,
Бирин койбой айткын деп.
Кыймылдабай кеп угуп,
Чынкожо, Толтой деп угуп.
Чечен кыздан кеп угуп,
Кадырбай, Төлөк деп угуп.
Баракелде эжеке,
Уктум айткан кебиңди,
Менин жоготконум ак шумкар,

Жоолашарым Чынкожо,
Качырганым ак шумкар,
Кармашарым Чынкожо.
Кетиргеним ак шумкар,
Кездешерим Чынкожо.
Бет алышып маңдайлаш,
Көрүшөрүм Чынкожо.
Кыйгактуу найза сунушуп,
Кыя кармап урушуп.
Кызыл канга боелуп,
Чабышарым Чынкожо.
Бууданды минип желгемин,
Кабылбайт деп келгемин.
Көрүнсө менин көзүмө,
Билинсе менин өзүмө.
Оңдоп айткан сөзүмө,
Жоолашар жоом келгенде,
Жообун айтып бергенге,
Кармашар жоом келгенге,
Баарын айтып бергенге.
Жарылды менин маңдайым.
Кайда дайнын айтып бер,
Сыр найзаны камдайын,
Нар кесмени камдайын.
Аскерин койдой айдайын,
Айчүрөк алчу эр болсо,
Анын баарын жайлайын.
Кайда экен дайнын билгиз деп,
Шаардабы, четтеби,
Айткын дайнын барайын.
Кыйынсыган дөөлөргө,
Чакчалекей салайын.
Чынкожо, Толтой дегенге,
Баланын айткан сөзүнө.
Кыз-келин коркуп болкулдап,
Чочуп калды солкулдап.
Кайрылып жооп бералбай,
Чынкожо, Толтой баатырдын,
Аскери менен жатат деп,
Айтып кыздар билалбай.
Баланын түрүн көргөндө,
Баары коркуп болкулдап,
Таап берем дей албай.
Кайраттанып Калыйма,
Балага жооп бералбай.
Будаланып калган жер.
Кайраттанып Күлчоро,
Кынынан кылыч алган жер.
Атамдын атын сурайсың,
Чынкожо менен Толтойдун,
Дайнын таап бербесең,
Башыңды алам деп,
Баарыңды кырып салам деп.
Көзүңөрдү ойом деп,
Баарыңды кырып койом деп.
Чынкожо, Толтой дегенге,
Билсең кыздар билип ал,
Билбесең кыздар туруп ал.
Атамдын аты Алмамбет,
Өзүмдүн атым Күлчоро.
Кылычын алып кынынан,
Кыйноо салды кыздарга.
Баланын каны суюлуп,
Төбө чачы бурулуп.
Жаман айтып койду деп,
Айтпай койсом бул бала,
Баарын кырмак болду деп.
Жатып алсам бекер деп,
Каны суюк жаш бала,
Баарысын кырып кетер деп.
Калыйма аттай булактап,
Акырын басып кылактап.
Маасы менен эки өтүк,
Өкчөй басып бек таштап.
Басса бели буралып,
Акундун кызы Чүрөктүн,

Мурун көрүп жактырган.
Кеңколго учуп барганда,
Күлчоро менен Канчоро,
Төрөсүнүн иниси,
Экөөнү көрүп жактырган.
Ак шумкар алса артынан,
Арстаным төрө барат деп.
Касташкан жоону алат деп,
Кездешкен жоону жеңет деп,
Намысымды алып берет деп.
Ар убак сыйлап Айчүрөк,
Жол тостуруп алыптыр,
Жолду тоскон кыздарга,
Кайниси чоро барыптыр.
Калыймадан кеп угуп,
Каарланып калыптыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Устуканы мистедей,
Жүзүң ачык чүчтөдөй.
Ак көйнөк кийип бүгүлүп.
Астынан чыкты чоронун,
Алмамбет менен Манастын,
Арбагына жүгүнүп.
Оромол кийип бүгүлүп,
Олуя заада канкордун,
Ооругуна жүгүнүп.
Таманы жерге такылдап,
Эки буттун согончок,
Соорусуна шакылдап.
Акундун кызы жеңеси,
Жинди бала чоронун,
Астына келди жакындап.
Мен садагаң кетейин,
Кыздарга айткан кебиң чын.
Айта турган жериң чын.
Алакандап тапкансың,
Энекеңдин койнуна,
Эмчек ээмп жаткансың.
Өзүм издеп барбасам,
Шумкарыңды албасам.
Көрүнбөйт элең көзүмө,
Билинбейт элең өзүмө.
Ыраазымын садага,
Сенин бар деп айткан сөзүңө.
Бала чунак жиндинин,
Астына Чүрөк барган жер.
Жеңекем Чүрөк экен деп,
Бала чунак ойлонуп.
Жанагы айткан бир сөзүм,
Бекем тийген экен деп.
Оолукканда бек айттым.
Жеңеке Айчүрөк,
Арым тартуу, баш тартуу,
Чынкожо, Толтой дегенде,
Ачуум менен мен айттым.
Тердикке таккан зээриден,
Чынкожо деген жээни деп,
Кара малдан төө деп.
Жедигердин эр Толтой,
Тийип алган күйөө деп.
Чечен кыз айтып турганда,
Каным кайнап суюлуп,
Кулакка катуу угулуп.
Асыл эрдин тукуму,
Аттан түшө калган жер.
Акундун кызы Чүрөккө,
Ат жетелеп жөө басып.
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Колун сунуп барган жер.
Колунан кармап Айчүрөк,
Кайниси баланын,
Оң бетинен сүйгөн жер,
Кызга көзүн кыскан жер.
Алтын жээк ак килем,
Кыздар алып чыккан жер,
Акундун кызы Айчүрөк,

Калыйма менен Батыйна,
Байтурсун менен Айканым.
Астына келип алышып,
Так көтөрүп жарышып.
Эр Күлчоро жиндинин,
Бака-шака күлүшүп,
Чатырга алып киришип.
Акундун кызы жеңеси,
Алдырып келип чатырга,
Үйдү дуугa салган жер.
Чалгынга барган Күлчоро,
Үч күнү турбай калган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Төрөсү минген Буурулду,
Көлөкөгө байлатып.
Сөөлөтүн коюп талаага,
Көгөн менен чымынды,
Буурул ат кылып талатып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Канкордун уулу төрөсүн,
Канын жерге чачсын деп,
Ат багуучу инисин,
Ат току деп айтсын деп.
Көгөн-чымын талаган,
Буурул ат экен десин деп.
Муну көрүп эр төрөм,
Шашып-ашып келсин деп.
Бул Айчүрөк кылган керемет,
Канкордун уулу Семетей,
Кайкыдан дүрбү салыптыр.
Каражолтой чунактын,
Барганын көрүп калыптыр.
Катын-кыз ойноп толгонун,
Күлчоро барып конгонун.
Тайбуурул турат талаада,
Жер тепкилеп туйлактап.
Көрүп турат Семетей,
Талаага атты байлатып,
Көгөн менен чымынга,
Койду бала талатып.
Семетей көөнүн бөлүнтүп,
Семетейдин көзүнө,
Тайбуурулдун сөөлөтүн,
Акундун кызы Айчүрөк,
Талаага койду көрүнтүп.
Буурулду көрүп буркурап,
Манастын уулу Семетей,
Муңканып сөөгү зыркырап.
Менин таалайымдын жоктугу,
Ушу Күлчорого ат берген,
Чалгынга барып келгин деп,
Жакшы чалып бергин деп.
Жоодон кабар алгын деп,
Жолочу болуп баргын деп.
Ак була тондун кеңдиги,
Ат сураса бергеним,
Менин таалайымдын кемдиги.
Аскер десем кыз экен.
Жараткан алда кудайдын,
Көргөзгөн күнү ушу экен.
Чалгынды бала чалды деп,
Талаада абам калды деп.
Катын-кызды көргөндө,
Кайрылбай жатып алды деп.
Бала төрө күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Кара мүртөз оңбогур,
Сен да ушуну кыласың.
Эгерде эки болбогур,
Кактелкини токуп бар,
Жайнамазды бүктө деп,
Кошколоңду жүктө деп.
Келбей жаткан баланы,
Өлтүрөмүн өзүм деп.
Өчүрөмүн отун деп,
Аламын анын башын деп.

Кан Семетей күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Эр Семетей күүлөнүп,
Атасы башка эки кул,
Кыларыңар ушу деп.
Манастын уулу Семетей,
Кактелкини карматып,
Өзү басып ат токуп,
Ээр кармап бат токуп.
Кабагын түйүп кеп айтат,
Жанындагы Канчоро,
Өлтүрөмүн деп айтып.
Кошколоңун арттырып,
Манастын уулу Семетей,
Жоону карай камынып.
Атка минип чамынып,
Манастын уулу Семетей,
Алдындагы аттарды,
Айдагын катуу иттер деп.
Өлгөнү өлүп  калар деп,
Өлбөгөнү барар деп.
Күлчоро аткан алма баш,
Айдалыга салган жер.
Канчорону каарлап,
Семетей жүрүп калган жер.
Кара тоону жээктеп,
Ишенгеним Тайбуурул,
Издегеним ак шумкар.
Караганым Тайбуурул,
Качырганым ак шумкар.
Күлчоронун алма баш,
Оң далыга асынып,
Ок-дарысын артынып.
Жоо-жарагын шайлатып,
Топ бууданды айдатып.
Кара тоонун оюна,
Кандуу суунун боюна,
Бала төрө барган жер.
Агыны катуу чоң дайра,
Кантер экен төрө деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Суу ташытып салган жер.
Суунун үстү кир болуп,
Улуу өндүрү бир болуп.
Орто жери шар болуп,
Эки четин караса,
Ат тизеден кар болуп,
Манастын уулу Семетей,
Өйдө-төмөн карабай,
Өз жанын аябай.
Асты-кийнин карабай,
Аманат жанын аябай.
Тайбуурулду көргөндө,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Өлбөй кантип жүрөйүн.
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок мен кургур.
Бу дүнүйө жалганга,
Турбай бүгүн өлөйүн.
Найза алып колуна,
Барды төрө Семетей,
Аккан суунун боюна.
Титинип адам баргысыз,
Кечкен жан тирүү калгысыз.
Батынып адам баргысыз,
Барган жан аман калгысыз.
Ала карга, сагызган,
Айланып учуп өтпөсө.
Канаттуу өтүп кетпесе,
Баскан айбан кечкисиз.
Аркырап аккан дайрадан,
Аман киши өткүсүз.
Жанындагы Канчоро,
Абасына кеп айтып.
Түндүк кыя түп көчө,
Жарманке кыя үч көчө,

Абакем Бакай айтты эле.
Кечүү чалып алгын деп.
Кечүү менен кечсеңер,
Аман өтүп аласың.
Кечүү салбай кечсеңер,
Бөөдө өлүп каласың.
Кагылайын абаке,
Суу кыдырып жол чалып,
Биз кечүүсүн табалы,
Анан кийин баралы.
Канчоро бала кеп айтат,
Каарланып күүлөнүп,
Капа болуп сүйлөнүп.
Ээ, такылдайсың, оңбойсуң,
Тагдыр жетсе абаңа,
Азирейил periштe,
Андап  алып койбойсуң.
Кичинекей жаш бала,
Суудан кечип алат деп.
Суу кыдырып эки сарт,
Өйдө-төмөн салат деп.
Катын-кыз турат кылкылдап,
Аман чыгып биз барсак,
Кыздан кыйыр кеп угуп,
Мунун баласы кыйын деп угуп.
Катындан какшык кеп угуп,
Мунун баатыры кандай деп угуп.
Кепке кемтик болгуча,
Сөзгө сөлтүк болгуча.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алда таала кудайдын,
Жазганы болсо көрөйүн.
Манастын уулу Семетей,
Айдаганы он төрт ат,
Жүктөгөнү ок-дары.
Айлап сууга кирди эми.
Кайра тартып калганда,
Кендирленип турганда,
Найза алып колуна,
Соорусун жара сайды эми,
Топ бууданды Семетей,
Чогу шыкап кирди эми.
Канчоро менен Семетей,
Кол кармашып кирди эми.
Кирген жерден жок болуп,
Мергендер аткан ок болуп.
Көрүнгөндө көрүнүп,
Аттар кетти көрдүңбү.
Асты-астынан бөлүнүп,
Канчорону бек кармап,
Карма бекем деп кармап.
Кактелки мойнун кучактап,
Капталдан тийип карагай,
Оозунан аккан кара кан,
Чыга түшөт бурчактап.
Бала төрө жиндинин,
Баабедин кирди оозуна.
Кудай дебес жиндинин,
Кудай кирди оозуна.
Багалеги малынып,
Баабединге жалынып.
Тулку бою чумулуп,
Кызыл өңү кубулуп.
Кудай кирбес оозуна,
Кудай кирди ошондо.
Канкордун уулу Семетей,
Бурулуп аккан бу дайра,
Муңу жетип кудайга.
Аркырап аккан бу дайра,
Ары жетип кудайга.
Багалеги малынып,
Илияска жалынып.
Эр үрбүнү эки айтып,
Эрдемесин бек айтып.
Манастын уулу баатырдын,
Же ала карга, сагызган,

Айланганы билинбейт.
Кудайдан башка баана жок,
Кутулам деген санаа жок,
Чыгамын деген ойдо жок.
Манастын уулу баатырдын,
Каныкей кылган ак калпак,
Төбөсүндө делпилдеп.
Алдындагы Кактелки,
Ак болотту дат алып,
Агынын көздөй кыйшайып,
Жатып калат маталып.
Кечсеңирге жакындап,
Кетип барат Семетей.
Кечсеңирге барганда,
Аркы бети бийик зоо,
Өйүз-бүйүз бийик тоо.
Ортосунда дуулдап,
Карагай-кайың аралаш,
Кошо агып зуулдап.
Бала төрө Семетей,
Балалыгы башында,
Алган катын жашында.
Жашында алган катыны,
Ажалга кудай жеткирет,
Ажалдан башка кесирет.
Манастын уулу баатырды,
Кара айланпа, капчыгай,
Булайып жору конбогон.
Капчыгайга келгендер,
Эч адам тирүү болбогон.
Атасы канкор Манастын,
Арбагы барды артынан.
Алмамбет менен Чубактын,
Ат тизгинин сүйгөндөй,
Аралап бирге жүргөндөй.
Кудай бетин көргөзбө,
Манастын уулу Семетей,
Акка моюн сунган жер.
Үмүт кылбай жанынан,
Аркырап аккан чоң дайра,
Суу ортолоп барган жер.
Бала төрө эр Семең,
Аркырап аккан дайранын,
Агып барат кылактап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Тобосуна келсин деп,
Тосуп турат убактап.
Сууга кирген он төрт ат,
Суудан чыкты суурулуп.
Кетип барат Семетей,
Карагай-талга урунуп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бериге кабар салыптыр.
Бериштелер кошулуп,
Баатырдын уулу дардаңды,
Астынан тосуп калыптыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Канчоро менен баатырды,
Алып суудан чыгарды.
Өлүм түшүп эсине,
Манастын уулу баатырдын,
Алагар жүзү тунарып,
Айдай жүзү кубарып.
Суудан чыгып чыйралып,
Киймин чечип сыгынып.
Кайра кийим кийиптир,
Кактелкини миниптир.
Каарланып чорого,
Ачуусу келип жүрүптүр.
Канчорого кеп айтып,
Аттар калды чыйрыгып,
Кошторун жерге түшүртүп,
Канчорого жайдырып.
Ат откозуп жай кел деп,
Манастын уулу эр көкжал,
Кайраттанып алган жер.

Калдайып жаткан катын-кыз,
Тигилип жаткан көп чатыр.
Тизилишип кыз жүрөт,
Кынама кемсал кымча бел,
Оймоктуудан уз жүрөт,
Тырмактуудан түз жүрөт.
Башайы баркыт көлдөлөң,
Талаасында жайылат.
Келин-кызды караса,
Шуру менен берметти,
Саамайына тагынат.
Баатырдын уулу Семетей,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Күлчорого камынат.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асылы күйөөм болгон соң,
Астын тосуп алууга,
Өзү тосуп барууга,
Айчүрөк тосуп камынат.
Бедери алтын ак жоолук,
Маңдайына салыптыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алуучу байы баатырдын,
Астынан тосуп калыптыр.
Бел жоолугу белинде,
Ак жоолугу колунда.
Асылы асыл Айчүрөк,
Төрөсүнүн жолунда.
Айчүрөккө карабай,
Ачуусу келип токтобой.
Кызыталак оңбогур,
Атты сурап минет деп,
Тонду сурап кийет деп.
Баркымды качан билет деп,
Кечүүнү качан чалат деп.
Келин-кызды көргөндө,
Кенебей жатып алат деп.
Жолду качан чалат деп,
Кыздар чыкса кыңшылап,
Катындар чыкса каңшылап.
Катын-кызды көргөндө,
Жолобой жатып алат деп.
Өлтүрөмүн өзүм деп,
Өчүрөмүн отун деп.
Аламын мунун башын деп,
Баатырдын уулу күркүрөп.
Келип турган кыз-келин,
Коркуп турат баарысы.
Бүткөн бою дүркүрөп,
Чатырга кирип чалкалап,
Мени таштап талаага,
Катынга башын калкалап,
Мүдөө кылып белиме,
Багып жүрсөм аркалап.
Кайрылып кайра барбайт деп.
Катын-кызга кабылса,
Мени эсине албайт деп.
Кылычын кармап сабынан,
Сууруп чыгып кабынан,
Кыз-келин чочуйт жанынан.
Каарланып барганда,
Айчүрөк чыгып алдынан,
Бери заада Айчүрөк,
Манастын уулу баатырдын,
Барды басып астына.
Ай тийген белдей мунарып,
Айнектей көзү тунарып.
Ачуусу менен токтобойт.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөк көрүп кубанып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алачы кийип кылактап,
Акырын басып булактап.
Алуучу баатыр төрөнүн,
Астынан тосуп муңайып,
Ай тийген тоодой кылайып.

Манастын уулу Семетей,
Байкабайт Чүрөк асылды.
Оңолбогон оюлгур,
Ишенгеним Буурулду,
Талга асып салат деп.
Тайбуурулду талатып,
Чатырга жатып алат деп.
Каары келген канкордун,
Катуу сөзү басылбайт.
Калемдей кашы чийилген,
Качырып тоого тийгендей.
Эки каштын ортодо,
Атасынын боруму.
Чаап салат экен деп,
Келин-кыз жандан түңүлүп.
Ачуусу келип басылбай,
Бүркөлүп кабак ачылбай.
Капаланып кеп айтып,
Кайда доңуз деп айтып.
Алуучу зайбы Айчүрөк,
Аста, аста, аста деп,
Акылыңан шашпа деп,
Ачууңузду ташта деп.
Ак болоттун тукуму,
Ардактуу эрдин тукуму.
Таарынат бекен балага,
Балалык кылып койгондур.
Өлтүрөм деп санаба,
Капаланба балага,
Жаман ишти санаба.
Балалык кылса кылгандыр,
Балалыгын кечиргин.
Сен баатырдан калган тукумсуң,
Сен найзага таккан желексиң.
Сен асылдан калган белексиң,
Сен ай аалам журтка керексиң.
Астынан чыгып Айчүрөк,
Семетейге кеп айтат,
Сабыр кыл төрөм деп айтат.
Манастын уулу Семетей,
Астыман чыгып токтотуп,
Ачуумду тыйчу сен эмес,
Сени алуучу киши мен эмес.
Өлтүрсөм бала өзүмкү,
Жолуман чыгып токтотуп,
Жооп алчу сен эмес.
Сага жолукчу киши мен эмес.
Жолочу жолун тососуң,
Жолго казан асасың.
Жолочуга көзүңдү,
Мени алар бекен деп,
Мага көзүң сатасың.
Кечүүгө казан асасың,
Кербенчиге кабылып,
Буга көзүң сатасың.
Сени алып нетем деп,
Кече колумдан алдың шумкарды,
Шумкарым бергин кетем деп.
Укпаймын айткан кебиңди,
Албаймын сенин өзүңдү.
Кубулжубай келгин деп,
Келе шумкарымды бергин деп.
Сенин бул айтканың кеп эмес,
Менин колуман качкан шумкарым,
Сенин башың тең эмес.
Айчүрөк токтоп турганда,
Кашына келди Калыйма,
Атынын жалын кучактап,
Астына келди Батыйна.
Батыйна баштап кеп айтат,
Баатырдын уулу балага.
Ой жездеке, Семетей,
Байкагын сөздү деп айтат.
Айткан сөздү уксаңыз.
Акункан сенин кайның деп,
Айчүрөк алчу зайбың деп.

Билерсиң мунун дайнын деп,
Бизге эже Айчүрөк,
Асман менен учат деп.
Ардактуу киши кучактайт,
Оболоп эжем учат дейт.
Байкагын жезде артыңды,
Салса кудай жолуна,
Айчүрөк тийсе колуңа.
Арбак колдоп бир келет,
Ар түрлүү ишиң оңолот.
Атаңыздын арбагы,
Башыңа келип конгону,
Батыйна айтат такылдап.
Калыйма турат жакындап,
Манастын уулу Семетей,
Азили баатыр болгон соң.
Карма атты чылбырдан,
Мен катын издеп келбедим.
Сен өңдөнгөн чеченди,
Эл кыдырган эшенди.
Желке чачы сарыны,
Атасынын төрүнө,
Көп отурган карыны,
Катын кылып кетемби.
Манастын уулу Семетей,
Катуу айтты чеченге.
Калыйма келип кеп айтып.
Баатыр төрө экенсиң.
Сабыр кылып токтолуп,
Айтканды угар бекенсиң.
Айланып учкан ак шумкар,
Ай айланып конуучу,
Каарданса көп эле,
Кайгыга башы малынат.
Каарлана берчү эмес,
Бир балаага кабылат.
Кары десең, кары де,
Кары дебе Чүрөктү.
Эски десең, эски де,
Кески дебе Чүрөктү.
Калыйма айтып турганда,
Куйкасы жаман курушат,
Кескилиги болбосо,
Желке чачын түйөбү,
Чачы агарып калгыча,
Эрге тийбей жүрөбү.
Улуу сөздү улаба,
Улам менден сураба.
Бала төрө кеп айтат,
Калыймага бек айтат.
Калыйма айтып каккыча,
Айланып акыл тапкыча.
Жанына батып Айчүрөк,
Жакын басып келди эми.
Жанакы айткан сөзүңө,
Айчүрөк жооп берди эми.
Эси жок киши сенденби,
Элди жыйып жол тосуп,
Алдыңы тоскон менденби.
Мен карыядан кеп уктум,
Каракандын шаарына,
Качып кетти деп уктум,
Энекеси жетелеп.
Айткан сөзүң бир башка,
Жетимдик заңы кете элек.
Темиркандын шаарына,
Тентип кетти деп угам.
Тентип жүрүп чоңоюп,
Качкан киши оңолуп.
Кайра келип калкына,
Кан көтөрсө оңолот.
Ак сары башыл кой союп,
Дасторконго дан коюп,
Астыңан тоскон менденби.
Оңурандап сүйлөгөн,
Ала көөдөн сенденби.

Жетим жүрүп жетилип,
Зайып алды деп уктум.
Күлүп койсо кашкайып,
Жанына барган кишиден,
Жалгыз уюн сойдуруп,
Айып алды деп уктум.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ааламга салган көп жибек.
Анда баатыр кеп айтат,
Сени алып нетем дейт,
Астыман чыгып торгобой,
Кушумду берчи кетем дейт.
Менин жайым сурасаң,
Өчөлөнүп келгенде,
Өз атасын өлтүргөн,
Өкүм атка конгомун.
Тентип жүрүп чоңоюп,
Мен ушинтип киши болгомун.
Кыйыктанып келгенде,
Кырк чорону кыйраткан.
Каракандын шаарына,
Качып барып чоңоюп.
Кадырлуу болуп журтума,
Ушинтип ишим оңолуп,
Кан ичме атка конгомун,
Катыгып киши болгомун.
Чарчаган менин тулпарым,
Колуман качкан шумкарым.
Шумкарым бергин кетем деп.
Манастын уулу Семетей,
Баатырсып айтат бу сөздү.
Бир аяк ашка таарынып,
Өз атасын өлтүргөн,
Өзү чунак шок деген.
Калайык калың көп журтта,
Сендей көсөөр көп деген.
Кыйыктанып алганда,
Атадан калган мураапы,
Баарын кырып салганда,
Кыйыр өскөн шок деген.
Кылым журттун ичинде,
Сендей кыйык жок деген.
Акундун кызы Айчүрөк,
Манастын уулу баатырдын,
Жанагы айткан сөзүнө,
Билсин деп айтат өзүнө.
Баатыр төрө күүлөнүп,
Өзүнүн баркын кетирип.
Акундун кызы Чүрөктү,
Кескисиң деп сүйлөнүп.
Элден калган эскисиң,
Жер түгөткөн кескисиң.
Келе кушумду алып келгин деп,
Келе шумкарымды бергин деп.
Айчүрөк анда кеп айтат,
Көлөкө көрсө алкынтып,
Көпөлөк көрсө жулкунтуп.
Токту койдун томук эт,
Тоютуна тарттырып,
Арык койдун ашык эт,
Жем базарга бастырып,
Багып турам кушуңду.
Баатырдын уулу бала деп,
Атабыз менен антташкан,
Атаңдын чапкан жолу деп.
Сени күйөө болтурган,
Айчүрөктүн шору деп.
Мен оң саамайым түйгөмүн,
Сенин оройлугуң билгемин.
Сенин олуя заада атаңдын,
Оорагын сыйлап жүргөмүн.
Ак саамайым түйгөмүн,
Сенин наадандыгың билгемин.
Арбагы башка атаңдын,
Арбагын сыйлап жүргөнмүн.
Үй көтөрүп мал алып,

Арбактуу эрдин тукуму.
Атактуу баатыр келет деп,
Астыңды тостум бузулдум.
Атакең маркум баатырдын,
Арбагынан кутулдум.
Сени батадан бүткөн бала деп,
Сени күйүп олтурган,
Айчүрөк мага чала деп,
Албаймын деп бараарсың.
Калый мага кеп айтып,
Шумкарын алып келгин деп,
Алып келип бергин деп.
Саамайымды түйдүм деп,
Батадан бүткөн бала деп,
Саргарып күйүп жүрдүм деп.
Келе бала колуңду,
Билдим сенин оюңду.
Жалган айтса кесирет,
Жаңылып кетсе бендесиң,
Жараткан өзү кечирет.
Чүрөктүн кебин укканда,
Чатырдан шашып чыкканда.
Эрбелеңдеп жүгүрүп,
Эликтен катуу түйүлүп.
Арбаң-сарбаң жүгүрүп,
Аркардан катуу түйүлүп.
Бала тели өңдөнүп,
Колун алып бооруна,
Салам кылып кеп айтып.
Кагылайын абаке,
Мен сагынып калдым деп айтып,
Колун сунуп барган жер.
Канкордун уулу баатырга,
Каргадай болгон эмеси,
Кол алышып калган жер.
Абаке Буурулду минип жол чалдым,
Сизден мурун мен бардым.
Келин-кыздан кеп уктум,
Мынабу Айчүрөк жеңең деп уктум.
Кол алышып көрүштүм,
Кеп сүйлөшүп эриштим.
Жеңемин түрүн көргөндө,
Жийденин чыккан гүлү бар,
Чын бөрүнүн түрү бар.
Алманын чыккан гүлү бар,
Азаада пери түрү бар.
Келиндин кебин укканда,
Сен айтканды мен айттым.
Карысың деп бек айттым.
Айтканымды кечир деп,
Айткан сөзүн укканда,
Кулагыма жукканда.
Мен жеңемен кеп уктум,
Береним, төрөм эр жалгыз,
Келер бекен деп уктум.
Акыл азаат кеп уктум,
Атадан калган эр жалгыз,
Кабылар бекен деп уктум.
Мен жеңеме кеп айттым,
Мен Семетейдин бөбөгү,
Артынан келген жеткинчек,
Найзага таккан желекмин.
Атадан жалгыз абамдын,
Астына тиккен терекмин.
Мен ар кандай ишке керекмин.
Бет алышып турганда,
Абаке мени кудай урганда.
Шилби ширин татыпмын,
Таңдайыма салыпмын,
Талыкшып уктап калыпмын.
Эки шумкар баласы,
Жем талашып калыпсыз.
Эки кандын баласы,
Кеп талашып калыпсыз.
Абаке чоркоктукту кылыпсыз,
Береги Чүрөк жеңеме,

Катуу айтып турупсуз.
Карап көрсөм жеңекем,
Кабагын түйүп тутулат,
Сенин айтканыңа таарынса,
Асмандап учуп кутулат.
Айчүрөк кетсе колуңан,
Сенин абдан ишиң бузулат.
Кече капа болуп кайгырып,
Ак шумкардан айрылып,
Кайгырып ичиң күйгөндөн.
Атка тердик салганбыз,
Айдап келген мал болбой,
Алтын күмүш зар болбой.
Же алып келген пул болбой,
Бир көпөлөк көтүнөн,
Кагылайын абаке,
Бул бузулган иш өзүңөн.
Атабыз Манас келиптир,
Алты жашар чагында,
Айдап малды бериптир.
Ошондо сизди көрө элек,
Оң мурутун сүйүптүр.
Олуя заада атаңдын,
Оорагын сыйлап олтуруп,
Он эки жылы күтүптүр.
Акункан менен Манастын,
Алышып койгон колу экен,
Чабышып койгон жолу экен,
Адам угар кеби экен.
Береги Айчүрөк кетсе колуңан,
Абакең Бакай, Каныкей,
Бул эмине дээр экен.
Бала жинди Күлчоро,
Маңдайында багы бар,
Баланын чечендиги дагы бар.
Ак булгун кийип буралып,
Акундун кызы жеңеси,
Каргадай болгон кайниси,
Мунун айтканына кубанып.
Бу Күлчоро келбесе,
Андай-мындай дебесе.
Акундун  кызы Айчүрөк,
Кол алышып коштошуп,
Аккуу кебин алыптыр,
Асмандап учуп айланып,
Семетейге таарынып,
Кетмек болуп калыптыр.
Айчүрөк учуп кеткиче,
Күлчоро жетип барыптыр.
Айчүрөк менен баатырдын,
Ортосуна Күлчоро,
Андай-мындай кеп айтып,
Айчүрөк менен баатырды,
Кепке эритип салыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Астындагы Кактелки,
Ыргып түшө калган жер.
Айчүрөктүн жанына,
Жаман айттым кечир деп,
Катуу айыпты өткөр деп.
Канкордун уулу обу жок,
Чүрөктү колдон алган жер.
Канчорого кеп айтып,
Арчатору бууданды,
Алып келгин деп айтып.
Үстүнөн ээрин алгыла,
Бенделик кылдым бир канча,
Ай туяк деп жалынып,
Баабедингe чалгыла.
Мынабу Чүрөк жеңеңдин,
Айтканындай кылгыла.
Имерилип толгонуп,
Ичи ысып ойлонуп.
Ошондо Чүрөк кеп айтат,
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Бу кылганың жаңылыш.

Адегенде күүлөндүң,
Алда нечен түрлөндүң.
Бөбөгүндөн кеп угуп,
Имерилип каласың.
Минтип жүрсөң жалгызек,
Бир балаага каласың.
Манастын уулу Семетей,
Айчүрөктөн кеп угуп,
Колун тартып чыйрыгып,
Бүткөн бою жыйрылып.
Айткан сөзүм калсын деп,
Бу текебер кылганым,
Мынабу атым менен кетсин деп.
Абаке бата кылгын деп,
Алып келген Канчоро,
Алаканын жайгыча,
Катуу айткан сөзүнө,
Өзү калып убайда.
Жаратканга сыйынып,
Манастын уулу Семетей,
Ошондо ыйлап ийди кудайга.
Айтканы ката келбеген,
Кармап турган бууданга,
Кечире көргүн кудай деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Жалына жаба түкүрүп.
Манастын уулу баатырдын,
Кабыл келип тилеги,
Текебери кеткен жер,
Турган атка жеткен жер.
Шилекейи тийгенде,
Башын жерге салган жер.
Айта берсе узун сөз,
Жашылданып эки көз.
Арчатору буудалы,
Жан берчүдөй турганы.
Канчоролоп бакырып,
Өлүп кетмек болду деп,
Колуңа шамшар алгын деп.
Арчатору бууданды,
Баабединдин жолуна,
Айтуяк деп чалгын деп.
Канчоро бычак алды эми,
Айтуяк деп бууданды,
Баабединге чалды эми.
Баабединге ат чалган,
Баатырлыгы бар экен,
Бир колдогон жан экен.
Көрүп турган кыз-келин,
Баарысы айран калды эми.
Манастын уулу баатырды,
Көлдөлөңгө салышып,
Көтөрүшүп алышып,
Чатырга алып барышып.
Аш-тамагын жайышып.
Казы кертип, жал коюп,
Мейиз менен бал коюп.
Ар бир түрлүү даам коюп,
Жемишин төгүп толтуруп.
Манастын уулу баатырды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кол кармашып олтуруп.
Келин менен кыздарга,
Кереметтүү уздарга,
Он төрт атты алдырып,
Соодагер аты өңдөнтүп,
Үстүнө абай жаптырып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Эчтемени элетпей,
Акункандын шаарына,
Алып жүргөн жер ошол.
Кишиге айтып койбо деп,
Оймок ооз, кыңыр көз,
Семетей төрө келди деп.
Шаардан киши укпасын,
Оозуңардан чыкпасын.

Акундун кызы Айчүрөк,
Келин-кызды кекетип,
Байтурсун менен Айканыш,
Бу кылганы чоң намыс.
Калыйма менен Батыйна,
Бу төртөөнө кеп айтып.
Кокустан айтып койбосун,
Тыйгыла баарын деп айтып.
Бөксөгө мөндүр төгүлтүп,
Жакага жамгыр жаадырып.
Канкордун уулу баатырды,
Каргадай эки кайнисин,
Алып келди Айчүрөк.
Бериге дуба салдырып,
Жолду карга бастырып.
Манастын уулу баатырга,
Жооп айтпай маң кылып.
Кандын кара шаарына,
Акундун кызы Айчүрөк,
Он төрт атты жашырып.
Буурул атты карматып,
Чоң сарайга байлатып.
Ак тайганды бошотуп,
Бир сарайга жашырып.
Эки чунак баланы,
Бермет, шуру таңдайлаш,
Келинге ойноп маңдайлаш.
Бордун уулу Бозсарай,
Борумун айтса бир далай.
Келин-кызды чогултуп,
Жабыла бермет тагынтып,
Жаш балдарга жалынтып.
Он төрт атты бактырып.
Бөлөк жерге тапшырып,
Кече босогосу борт алтын,
Чамгарагы сары алтын.
Уугу менен шыңгасы,
Керege талдын сыйдасы.
Күмүш менен көктөтүп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Туш туурдугун жээктеп,
Алтын менен тээктеп.
Жабык башын ойдуруп,
Сары алтын менен көөхарды,
Жаркыратып койдуруп.
Каалгасы калайлуу,
Бир кудай берген таалайлуу.
Билген адам айтчу эле,
Беринин кызы Чүрөк деп.
Билбегендер айтчу эле,
Ушу бейжай канчыктын,
Элине салган дүмөк деп.
Билген адам айтчу эле,
Кайыптын кызы Чүрөк деп.
Билбегендер айтчу эле,
Бу Чүрөктүн барында,
Калкка түшкөн дүмөк деп.
Кече Чынкожо, Толтой барганда,
Кар жаадырып оболоп,
Айчүрөк учуп калганда.
Какан менен Бээжинге ,
Айланып учуп барганда.
Какандагы шерлерди,
Кан Коңурбай эрлерди,
Баарын көрүп алганда.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ат боройдун баарысын,
Айланып учуп чалганда.
Какан менен Бээжинди,
Сүрөткө тартып алганда.
Чынкожонун айынан,
Камаган жоонун жайынан,
Канчалыкты кыдырып,
Талдын башын сыдырып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Жер үстүндө жашаган,

Кандарды сынап өтүптүр.
Канаты талып калганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кеңкол, Талас жерине,
Керектүү улуу элине,
Талас, Кеңкол жерине,
Таалайлуу ногой элине,
Айланып учуп көкөлөп,
Издеп жүрүп Айчүрөк,
Акыреттүү жолдошу,
Манастын уулу баатырды,
Таап алган төтөлөп.
Арт жагыман барар деп,
Издеп барып табаар деп,
Алып кеткен шумкарды,
Айчүрөктүн учканы.
Шаардан учуп чыкканы,
Ай караңгы түн өткөн,
Арадан канча күн өткөн.
Ажыбайга кеп айткан,
Камап жаткан аскерди,
Салык салса бергиле.
Бербеймин деп айтпа деп,
Каалгадай кашка тиш,
Катуу тиштеп капшырган,
Мөөнөт сурап алты айга,
Бер дегенин бергин деп.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Атасына билгизбей,
Бул экөөнө тапшырган.
Айчүрөктүн учканы,
Үч ай токсон күн болгон,
Учканын билген ким болгон.
Эч адамга билгизбей,
Жан кишиге көргөзбөй,
Манастын уулу дардаңды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Багып калган жер ошол.
Семетейдин барганын,
Эчким билбейт, ит туйбайт.
Айчүрөк багып калганы,
Манастын уулу баатырды.
Акундун кызы Айчүрөк,
Семетейди уктатып,
Маң кылып дары жыттатып,
Оң колунан алыптыр.
Канкордун уулу баатырды,
Оолактатып барыптыр.
Алты буттуу керебет,
Айчүрөк кылган керемет.
Ур төрөсү баатырдын,
Астына олпок салган жер.
Керебетке жаткырып,
Семетейди маң кылып,
Айчүрөк кетип калган жер.
Манастын уулу Семетей,
Чукуранып толгонуп,
Чочуп кетип комдонуп.
Жанында Чүрөк жогунан,
Манастын уулу Семетей,
Башка акыл ойлонуп,
Кески десем болбойсуң.
Асты-кийнин торгойсуң,
Тилимди алып койбойсуң.
Канчорону чакырып,
Күлчорого бакырып.
Бала төрө эр жалгыз,
Баана кылып балдарды,
Эки кул деп чакырып,
Келгиле деп кыйкырып.
Айбалта, кылыч салынып,
Жоо бөрүсү эки кул,
Абасынын жанына,
Кирип барды камынып.
Манастын уулу Семетей,
Эки кул кирип барганда.

Кабагын бүркөп кеп айтып,
Көрдүңөрбү экөөңөр,
Канчык таштап кетти деп айтып.
Жайжап жаткан кызыл чок,
Энеңер соккон ак милте,
Милтенин башын салгыла.
Байдасын качан көрөбүз,
Ак келте алып баргыла,
Улуксуган Акункан,
Аккелте атып олбутуп.
Жүргөндөрдү аткыла,
Ок-дарыны чачкыла,
Ээрчишип экөөң баскыла.
Үрүп иттер кабылса,
Итин койбой аткыла.
Басып киши кабылса,
Тирүү койбой аткыла.
Канчыктын дайнын билгиле,
Аккелтеге ок коюп,
Ак милтеге от коюп.
Кара болот зулпукор,
Кылычты кынга салгыла,
Кылыч ала баргыла.
Барып кайтып келгиле,
Көргөнүңдүн баарысын,
Маа айтып бергиле.
Кылганы өттү канчыктын,
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда.
Атаман калган Буурул ат,
Атка тердик салайын,
Мен аттанып барайын.
Белиме саадак түйөйүн,
Белсенип жоого кирейин.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Шаарына салайын,
Атыша чыккан жоо болсо,
Кызыталак дабандын,
Кыргынды кыйла салайын.
Манастын уулу Семетей,
Балдарына кеп айтып,
Акундун кызы канчыктын,
Никелешкен жери бар,
Тийип алган эри бар,
Сүйлөшүп жүргөн чени бар.
Манастын уулу баатырды,
Эптеп алып келгин деп,
Алып келип бергин деп.
Эл жумшаган турбайбы.
Мени менен беттешип,
Бендеден чыккан айбаттуу,
Бели катуу кайраттуу.
Айчүрөктү алмакка,
Арбак менен кудайга,
Сыйынайын арбакка.
Айчүрөк алчу эр болсо,
Атыша чыгар жер болсо.
Арам кыял Акундун,
Шаарына кызык салайын.
Чалкалаган канчыктын,
Башын кесип алайын.
Манастын уулу Семетей,
Эки кулду баргын деп,
Эптеп кабар алгын деп,
Кайра экөөң келгин деп.
Чалкалаган канчыктын,
Жаткан жерин көргүн деп,
Абдан дайнын билгин деп.
Эр Семетей абасы,
Буйрук кылды агасы.
Эшке чыкса эки кул,
Ободо жылдыз толуптур,
Эл жатар маал болуптур.
Ай абаке Канчоро,
Экөөбүз бирге барганда,
Далыга мылтык салганда,

Жоо-жарак менен барганда.
Көргөн киши кеп айтаар.
Семетейдин эки кул,
Эмине кылып жүрөт деп,
Билбегендер кеп айтаар.
Кара жаак канчыкты,
Барбай калган Күлчоро,
Адамдан башка ак чечен.
Маңдайында тагы бар,
Башында күйгөн шамы бар,
Чечендиги дагы бар.
Аккелтени алгын деп,
Алып үйгө баргын деп.
Барып жатып алгын деп.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кайда экен дайнын билейин.
Кереметтүү жан эле,
Касиеттүү агаңдын,
Кече сөзү бек тийди.
Жаман сөзүн уккан соң,
Көргөнүң жок абаке,
Эки көзү киртийди,
Алакөөдөн агаңдын,
Эсерлигин билгендир.
Эмине кылар экен деп,
Ээн үйгө киргендир.
Семетейди жаткырып,
Атасынын үйүнө,
Барып жатып алгандыр.
Кайда кетсин Айчүрөк,
Кан атасы Акундун,
Сарайына баргандыр.
Канчорого кеп айтып,
Каргадай болгон жетим кул,
Мен билейин деп айтып.
Канчорону кетирип,
Элеңгир жаак, сур жебе,
Ичи жайык, кең көчө,
Эки жагы зыңгырайт.
Үй боруму бир башка.
Малакай кийип башына,
Чаркөө кийип бутуна,
Акункан үйүн тапкан жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Атасынын үйүнө,
Айчүрөк барып жаткан жер.
Эки бөлөк каалга,
Бирөө ачык, бирөө бек,
Кош терезе калайлуу,
Кошу менен ачыптыр,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алагай көзү алайып,
Ак тамагы кылайып,
Айчүрөк уктап жатыптыр.
Акункандын башында,
Көшөгөсү көк болгон,
Астына салган чоң олпок,
Катар, катар жыйыптыр.
Кандын түрүн караса,
Адамдан сүрдүү жан экен,
Касиети бар экен,
Карып калган чагы экен.
Керегелүү кең үйгө,
Келип кулдук урсун деп.
Кереметтүү жеңени,
Күйөөсү келип көрсүн деп.
Босоголуу боз үйгө,
Бойлоп кулдук урсун деп.
Кайнатасы Акундун,
Мунун түрүн көрсүн деп,
Төрөм өзү келсин деп.
Баарын көрүп Күлчоро,
Акункандын чоң ордо,
Дайнын көрүп Күлчоро,
Кайра чуркап алды эми.
Эр Семетей агасы,

Качан келет балдар деп,
Кийим кийип оңдонуп,
Турган экен комдонуп.
Бала чоро барган жер,
Абакеси баатырга,
Акундун кызы жеңемдин,
Жаткан жерин көрдүм деп,
Баарын көрүп келдим деп.
Ой абаке баргын деп,
Эмине таштап кетти экен,
Жообун өзүң алгын деп.
Семетейди тургузуп.
Эр Күлчоро жинди кул,
Абакесин жетелеп,
Ачып койгон эшикке,
Көргөзүп койгон тешикке.
Үстү чоюн, асты жез,
Семетейди ээрчитип,
Кыт дарбаза каалга,
Анын жайын айтайын.
Бетине айчык бастырган,
Бул Акункандын сарайы.
Каалганын кырына,
Кынатып күмүш жаптырган.
Манастын уулу Семетей,
Баласы алып барды эми,
Барар жолуң ушу деп,
Кайра тартып калды эми.
Акем кантер экен деп,
Баласы кулак салды эми.
Кош каалга дарбаза,
Бирөө ачык, бирөө бек,
Сарайын көрүп караса,
Тегереги темир чеп.
Манастын уулу Семетей,
Басып барды элебей.
Күлчоро айткан тешикти,
Эр Семетей абасы,
Таппай калды агасы.
Кайра тартып күүлөнүп,
Эгерде эки болбогур.
Ээн үйгө киргизип,
Мени таштап басат деп.
Келин-кызды сагынып,
Эминеге шашат деп.
Эр Семетей кайран эр,
Эшик таппай сыйпалап.
Күйүп турган мунарып,
Үйдүн ичи тунарып.
Эки этегин түрүнүп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Семетей таппай түңүлүп.
Кызыталак оңбогур,
Таштап кетип калат деп,
Баатырдын ичи күйүнүп.
Кайрылып төрө басканда,
Кантер экен төрөм деп,
Күлчоро күтүп жатканда.
Эгерде эки болбогур,
Ой Күлчоро оңбогур.
Көрбөгөн жерди көр дейсиң,
Көрүнөө басып кир дейсиң.
Таппай койдум эшикти,
Көргөнүм жок тешикти.
Каргадай болгон Күлчоро,
Канзаада болгон агасы,
Кармап колдон алды эми.
Кайра басып жетелеп,
Күлчоро алып барды эми.
Каалганы тарттырып,
Каргадай болгон Күлчоро,
Семетейге ачтырып.
Терезесин ачтырган,
Акункандын чоң сарай,
Тегеретип бастырган.
Ачып берип эшикти,

Көргөздү бала тешикти.
Семетей айткан кебине,
Муңканып ыйлап Күлчоро,
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Жараткан алда бир кудай,
Жасайт экен ар кандай.
Манастын уулу Семетей,
Каалганы ачпай шашканда,
Кайра тартып басканда.
Акылынан шашканда,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
Кана тапкан эшигиң,
Ар качандан, бир качан,
Сенин ушул болду кесибиң.
Буурулду сурап минесиң,
Чалгынды барып чалам деп.
Чалбай жатып аласың.
Каргадай болгон Күлчоро,
Канкорду колдон алган жер.
Каалгага жетелеп,
Абасын алып барган жер.
Каалганы ачтырып,
Айныбай басып кирсин деп,
Алуучу зайбың Чүрөктүн,
Ошонун ким экенин билгин деп.
Акункан улук кан экен,
Айбаты артык жан экен.
Башыңды салып муңкайып,
Арбактуу болуп даңкайып,
Кулдук уруп киргин деп.
Береги турган чороңдун,
Ким экенин билгин деп.
Дилгир бала Күлчоро,
Бала төрө агасын,
Эшик ачып билгизип.
Акункандын үйүнө,
Эби менен киргизип.
Капкачандан кеп айтып,
Ар качандан, бир качан,
Каарлайсың деп айтып.
Ачып койгон эшикти,
Табалбайсың деп айтып.
Эч кылганым татыбай,
Эмгектүү шордуу экемин.
Ар кылганым татыбай,
Азаптуу шордуу экемин.
Канаттууга express
Калкалаган энекем,
Кагылайын берекем.
Кушча жерге конот деп,
Уулума жолдош болот деп.
Эрке кылып бактырып,
Ар качандан бир качан,
Өз уулундай бактырып.
Семетейден кеп угуп,
Күлчоро күйүп түтөдү.
Кайра тартып качканда,
Артынан ээрчий басканда.
Мээнетиңди алайын,
Белимдеги кемерим,
Жанымдагы медерим.
Балакетиң алайын,
Акылыңан шашпа деп.
Адамдан башка акылың.
Мен садага кетейин,
Бек сүйлөбө акырын.
Каргадай болгон баланы,
Кармап туруп кучактап.
Катуу айтып койдум деп,
Көзүнүн жашы бурчактап.
Билими журттан бир башка,
Акыл табар көйкашка.
Капаланба абаке,
Каалгага баргын деп.
Акундун кызы Чүрөктү,

Оң колунан алгын деп.
Адамдан башка жан экен,
Ойномуш болуп баргын деп.
Катуу айтып койбо деп,
Аркы түбүн ойло деп.
Бекем айбын койбо деп,
Пери заада Чүрөктүн,
Ким экенин ойло деп.
Акыл кошуп кеп айтып,
Акункандын үйүнө,
Аста кирип туруп кел.
Айчүрөктүн айтканын,
Абдан байкап угуп кел.
Кедер кепти айтат деп,
Кериише кетпе кокустан.
Улам-улам айтат деп,
Уруша кетпе кокустан.
Зайып дебей Чүрөктү,
Маңдайнан сылагын.
Акундун кызы Чүрөктү,
Анан ким экенин сынагын.
Акылын айтып төрөгө,
Кайта басып кеткен жер.
Акункандын чоң ордо,
Эр Семетей жеткен жер.
Каалга тартып кыңайып,
Акункан жатат ордодо.
Жарыктык аксакалы булайып,
Ак байбиче ак жүздүү,
Айчүрөктүн энеси.
Адамдан башка ур жүздүү.
Ай тийгендей жаркырап,
Адамдан башка уру бар.
Чүрөгүм кантер экен деп,
Ичинде толгон муңу бар.
Айчүрөк учуп алганын,
Кайнатасы Манастын,
Калаасына барганын.
Аргын менен огойдун,
Арасына барганын.
Кеңкол менен Таластын,
Талаасына барганын.
Жалгыз кызы Айчүрөк,
Күйөөсүн таап алганын.
Атасы менен энеси,
Ошол экөө биле элек.
Айчүрөктүн айынан,
Аңдыган душман көп болду.
Атаганат катыгүн,
Оймоктуудай уз эле,
Тырмактуудан түз эле.
Мендеден артык жан эле,
Беришите жакын болду эле.
Айла келбей душманга,
Энеси менен атасы,
Экөө турат бышманда.
Айчүрөктүн энеси,
Аңтарылып толгонуп,
Ардемени ойлонуп.
Чүрөгүм кантер экен деп,
Имерилип толгонуп.
Көбүрөөк санаа ойлонуп,
Ичине кайгы чок түшүп.
Айчүрөктүн айынан,
Камаган жоонун барынан,
Үшкүрүп калат энеси.
Акункандын чоң сарай,
Ар түрлүү болгон бир далай.
Манастын уулу Семетей,
Тизеси жерге тийген жер.
Акункандын үстүнө,
Кулдук кылып эңкейип,
Бала төрө кирген жер.
Узун боюн бас кылып,
Азат боюн бас кылып.
Айткан эле чором деп,

Айткан кебин жат кылып.
Кынама кемсал кырк топчу,
Оромо кемсал он топчу,
Баарын чечип салган жер.
Үч бүктөлүп жүгүнүп,
Акункандын ордого,
Төрө бала барган жер.
Быяк жагын караса,
Тубардан кылган көшөгө.
Бетине бермет бастырган,
Айчыктан алтын жаткырган.
Курамалап күмүш койдурган,
Усталарга ойдурган.
Алтындан чыраш тарттырган,
Акункандын жалгыз кыз,
Айчүрөк атын жаздарган.
Көшөгө көрүп болкоюп,
Бала төрө Семетей,
Көрүп турат койкоюп.
Акылы башка бөлүнөт,
Айчүрөк жатат булайып.
Астындагы керебет,
Алтын өңдүү көрүнөт.
Көшөгөсү мындай деп,
Керебети кандай деп.
Бала төрө Семетей,
Көңүлү эчен бөлүнөт.
Айчүрөктү караса,
Саракоро милте таш,
Сагагында көрүнөт.
Жакут алтын жаркырап,
Тамагында көрүнөт.
Чүрөктүн түрүн көргөндө,
Төрө бала Семетей,
Көңүлү эчен бөлүнөт.
Катуу кепти мен айттым,
Ушу кепти неге айттым.
Айтканы түшүп эсине,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Ар борумун көргөн жер,
Айраң калып турган жер.
Имерилип толгонуп,
Билбей турган эмедей,
Чукуранып ойгонуп.
Колун салып маңдайга,
Жемиш салып таңдайга,
Жазды кудай таалайга.
Төбөсүндө кара чач,
Кайра сылап койгон жер.
Баатыр төрөм экен деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Баш көтөрүп койкоюп.
Чүрөктүн түрүн көргөндө,
Карап калды болпоюп.
Алагар көзү алайып,
Ак тамагы кылайып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Артынан төрө барганда,
Келгенине кубанып.
Мойнун созуп кыйшайып,
Кантер экен төрө деп,
Кайра жатты тынч алып.
Манастын уулу Семетей,
Чүрөктүн барды кашына,
Отура калды башына.
Колун салып кеп айтты,
Баатырдын уулу жаш төрө.
Жолдошум Чүрөк деп айтты,
Туйбай калган өңдөнүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Билбей калган өңдөнүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бала төрө барганда,
Барып колун салганда,
Муңайып Чүрөк үшкүрүп,
Абамдын уулу Айжаркын,

Кандай басып келдиң деп.
Мени кайдан көрдүң деп,
Акырын аста кеп айтып.
Мынабу турган төшөктө,
Атам жатат деп айтып.
Керебеттин үстүндө,
Башына мамык жазданып.
Астына олпок төшөнүп,
Кыбыланы баштанып.
Сынап Чүрөк кеп айтып,
Энем жатат деп айтып.
Оң колунан бек кармап,
Оң бетинен бир сүйүп.
Туу чыккан жалгызсың,
Атадан калган жалгызсың.
Мындай иш сизге жарашпайт,
Кайра тартып алыңыз,
Ордунузга барыңыз.
Оң самайын тарайын,
Эртең менен үстүңө,
Өзүм басып барайын.
Кагылыйын жалгызек,
Ак көйнөк кийсем бөлүнбөй.
Атам менен энеме,
Кеткиң кайра көрүнбөй.
Акундун кызы Айчүрөк,
Сынап турат төрөсүн.
Манастын уулу жалгызек,
Сени таштап кайрылып.
Кайра ордума барбаймын,
Жалгыз барып нетемин.
Көрдүм сенин түрүңдү,
Карадым сенин көзүңдү.
Кааладым сенин өзүңдү,
Көрдүм сенин түрүңдү.
Сени ургаачы дебесмин,
Ар кандай болот ургаачы.
Кайра барып жаткың деп,
Эрип кетти Семетей.
Мени капа кылбачы,
Оң колуңан албасам.
Ордого бала барбасаң,
Арманым жок кудайга,
Боорума уктасаң.
Ак тамактан жыттасаң,
Кучакташып уктасаң.
Арылат анда арманың,
Бала төрө кеп айтат.
Акундун кызы Айчүрөк,
Эр төрөгө кеп айтат.
Мен садагаң кетейин,
Эрмек кылып бөпөлөп.
Көнөктөй болгон ак шумкар,
Оң колуңа көтөрүп.
Айдың-Көлдө айланып,
Каз өрдөктү байланып.
Добул сүрүп жүргөндө,
Шумкарыңы алгамын.
Ичиме толду арманым,
Арманымы айтайын.
Сенин зайбың эжеге,
Маңдайына баргамын,
Маңдайлашып калгамын.
Колун кармап ыйладым,
Кое бербей кыйнадым.
Эжекелеп кеп айтып,
Айчүрөкмүн деп айтып.
Адам уккус кеп айтты,
Башым аман барында,
Тирүү турган чагымда.
Сен өңдөнгөн эскини,
Алдырбаймын деп айтты.
Эжекелеп ыйладым,
Көзүмдүн жашын көлдөтүп.
Зайбыңызды кыйнадым.
Көбүрөөк айтсам эжебиз,

Койчуларды жыйам дейт,
Сен өңдөнгө кескини,
Койчу катын кылам дейт.
Чачыңды бирден жулам дейт,
Отунчу катын кылам дейт.
Ошондо капа болуп кайгырып,
Атадан жалгыз баласың.
Мени алам сен десең,
Бир күнү как талаада каласың.
Зайбыңан уккан кебим бар,
Жүрөгүмдө черим бар,
Көөнүм калган жерим бар.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда.
Чарчаган сенин тулпарың,
Багылуу сенин шумкарың.
Кары-картаң жыйайын,
Атаң маркум баатырдын,
Арбагына мал союп,
Молдого куран окутуп.
Дасторконго дан коюп,
Ак шумкарын бөпөлөп.
Калың элден бата алып,
Жериң Талас алыста,
Айдап малды жетпейсиң.
Алты күнү зарланып,
Ат көтөргүс олжо алып,
Ак куржунга салыңыз.
Баатырдын уулу эр жалгыз,
Ордуңузга барыңыз.
Деп ошентип Айчүрөк,
Айтып турат төрөгө.
Чачыкей айткан кеби бар,
Акундун кызы Чүрөктөн,
Күйүп калган жери бар.
Манастын уулу Семетей,
Барганыңды билгизбей,
Анын аты ургаачы,
Айчүрөк мени капа кылбачы.
Ушу кебиң чын болсо,
Кайра аман мен барсам,
Чолок байтал мингизем,
Чолок кийим кийгизем.
Айчүрөк ынан сөзүмө,
Атасынын төрүнө,
Алгыс жесир кылам деп,
Семетейден чыкты деп,
Адам бенде бет алып,
Баргыс жесир кылам деп.
Манастын уулу Семетей,
Ушу кепти калп айтса,
Төшү ачык жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Азыркы айткан ант урсун.
Коюпсуң куран башыңа,
Мына ак курандын каты урсун,
Айчүрөк ишенбесең сени урсун.
Ушул айткан сөзүңдү,
Эстебесем мени урсун.
Жараткан алда бир кудай,
Ушу сөздөн жангнды,
Убададан тангнды,
Экөөбүздү тең урсун.
Ак жаздыктын башында,
Көк жаздыктын үстүндө,
Манастын уулу Семетей,
Куранды колго алган жер.
Куранды кармап үч жыттап,
Акундун кызы Чүрөккө,
Ошондо убада кылып калган жер.
Аста, аста, аста деп,
Атанын уулу эр болсоң,
Акылыңан шашпа деп.
Менин тилим сен алсаң,
Арам жолду баспа деп.
Акундун кызы Айчүрөк,

Баатырдын уулу төрөгө,
Колуна куран карматып,
Оң колунан алган жер.
Моюн алышып коштошуп,
Акункандын ордодон,
Экөө чыгып буралып.
Элдир-селдир элесин.
Айчүрөктүн атасы,
Карaанын көрүп кубанып.
Бирөө Чүрөк экен деп,
Бирөө башка экен деп.
Кагылайын Айчүрөк,
Учуп кетти бекер деп,
Күйөө тапкан экен деп.
Улук заада Акункан,
Ээрчий карап калган жер.
Эр Семетей, Айчүрөк,
Бири-бирин билишер,
Бет сүйлөшүп эптешип.
Семетей, Чүрөк барган жер.
Олуя заада Акункан,
Ээрчитип баскан экөөнүн,
Элесин көрүп кубанып.
Тобо кылып кудайга,
Байбичеге кеп айтып.
Берген го кудай деп айтып.
Мына чырым этип түш көрдүм,
Түшүмдө жакшы иш көрдүм.
Айчүрөк алчу көп душман,
Жоо-жарагын алыптыр,
Ушу менин шаарымды,
Тегеректеп калыптыр.
Элим ыйлап буркурап,
Балдар ыйлап чуркурап.
Аскер камап турганда,
Аккула минип зоңкоюп,
Карууда найза койкоюп.
Шаар менен  аскердин,
Кан кудам Манас туруптур.
Манас келип калды деп,
Каарланса кырат деп,
Камап жаткан көп жоонун,
Тополоңу тоз болду,
Өзүнөн өзү жок болду.
Бизге кудай берген го,
Ай байбиче тур өйдө.
Айчүрөк кызың учту деп,
Айланып учуп барган го,
Асылдан калган баланы,
Барып таап алган го.
Бизге кудай берген го,
Манастан калган баланы,
Айчүрөк алып келген го.
Кабар келчү кишиме,
Түндө көргөн түшүмбү.
Акункан менен байбиче,
Мойнуна кемер салынып,
Турушат бир кудайга жалынып.
Айчүрөк менен Семетей,
Айланып кайра барган жер,
Калыйма менен Батыйна,
Күлчоро менен Канчоро,
Манастын уулу Семетей,
Акундун кызы Чүрөктө,
Койнума алып жатам деп,
Шаша басып турган жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алуучу байы Семетей.
Калпаларды чакыртып,
Акундун  кызы Айчүрөк,
Калк сураган кан болгон.
Элден эшен жыйган жер,
Төрө менен Чүрөккө,
Эшендер нике кыйган жер.
Калкынан калпа жыйган жер,
Баатыр менен Чүрөккө,

Калпалар нике кыйган жер.
Ак эшен, молдо келген жер,
Акысына никенин,
Алтындан жамбы берген жер.
Экөө эркек, экөө кыз,
Калыйма менен Батыйна,
Канчоро менен Күлчоро,
Арка чачын түйгөн жер.
Никеленип эки асыл,
Төртөө күбөлүккө жүргөн жер.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айкалышып жаткан жер,
Манастын уулу Семетей,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кызыгына баткан жер.
Айчүрөк менен төрөнү,
Ушу жерге таштайбыз,
Айчүрөк алчу баатырды,
Ушу жерден айтып баштайбыз.
Ополдо жаткан калың кол,
Чынкожо, Толтой эки зор.
Кол токтотуп кеп айтып,
Акункандын шаарына,
Камап жакын баралы,
Жакшы эле жаттык талаада,
Айчүрөктү алалы.
Айчүрөк бербейм дегендин,
Башын алып салалы.
Кокустан казат кылам деп чыкса,
Акункандын калаасын,
Дым чыгарбай чабалы.
Кызын олжо кылалы,
Эркегин койбой кыралы.
Катынын жесир кылалы,
Карган эркек чал койбой,
Мунун баарын кыралы.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Абдырай, Төлөк астында,
Кадырбай төрө кашында.
Ошо турган беш баатыр,
Акылы ашкан Чынкожо,
Ажалы жакын Толтой кан.
Төлгөчү кара Төлөгү,
Бу төртөөнөн бөлөгү.
Ат откозуп жай жаткан.
Аскерди жыйып алат деп,
Кандай күнгө салат деп.
Коркуп турат бөлөгү.
Убада сөзүн бек кылып,
Баш кошушуп берендер,
Урушар күнүн чек кылып.
Айтышар сөзүн бек кылып,
Атышар күнүн чек кылып.
Кол башчыны аткарып,
Аскерин асты-астынан башкарып,
Убада сөзү болгон жер.
Улуу тоонун оюна,
Улуу үргөнчтүн боюна,
Кош түшүрүп конгон жер,
Шаарга кыстоо салган жер.
Чабуул коюп калууга,
Жакындашып барган жер.
Акункандын шаарына,
Калың кара кол келип,
Чынкожо, Толтой зор келип.
Элчиге киши жиберип,
Элдин четин жиберип.
Айлын камап имерип,
Элчилер келип арага,
Эл сактатып талаага,
Эчен күн жаттык саргарып.
Берет бекен Чүрөктү,
Бербейм десе Чүрөктү,
Найза сайып, туу жайып,
Турушар жерин угуп кел.
Аскер алып кол жыйып,

Урушар жерин угуп кел.
Айчүрөктүн барынан,
Бир катындын айынан,
Бекер кордук көрбөсүн,
Бөөдө киши өлбөсүн.
Бербейм десе Чүрөктү,
Айлын чаңдан бөлсүн де,
Ак асаба, кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн де.
Кордук көрбөй Чүрөктү,
Колу менен берсин де.
Келин-кызды ээрчитип,
Жолу менен берсин де.
Чынкожо, Толтой келген жер,
Кабарын угуп келгин деп,
Акункандын элине,
Элчилер кабар берген жер.
Элчилерден кеп тугуп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айчүрөк берсин деп угуп.
Чалышып чаркы жеткисиз,
Күрөшүп күчү жеткисиз.
Айчүрөккө бата албай.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Сен баргын деп айталбай.
Акункан улук баш болуп,
Элим жакын болду деп,
Акка мойнун сунган жер.
Айласы кетип турган жер.
Айчүрөктүн айынан,
Камаган жоонун жайынан.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айчүрөккө баралбай.
Алапайын таба албай,
Айчүрөктүн атасы,
Акунканга кеп айтып.
Кайнап аскер толду деп,
Уруш салмак болду деп.
Айлыбыз кандай деп айтып,
Кан Акунга кеп айтып.
Айчүрөктү алгыла,
Акылды бирге салгыла.
Айчүрөктү сүйлөшүп,
Жообун угуп көргүлө.
Жобосун элге жугузбай,
Айчүрөктү бергиле.
Акункан улук кеп айтат,
Кандын кебин макул деп,
Карынын кебин акыл деп.
Улуктун кебин макул деп,
Ушу сөзү акыл деп.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Баймырза уулу Ажыбай,
Акундун кызы Айчүрөк,
Үч атадан үч жалгыз,
Бет алышып сүйлөшүп.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айчүрөккө кеп айтып.
Кагылайын Айчүрөк,
Калааны камап кол келди,
Чынкожо, Толтой зор келди.
Жер майышкан эр келди,
Жети асаба кол келди.
Казып койгон ор келди,
Кайнап турган шор келди.
Ажыбай чечен кеп айтып,
Акундун кызы Чүрөккө,
Айлабыз кандай деп айтып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Атам кары, өзүм кыз,
Атаңдын көрү дүнүйө.
Айлам барбы душманга,
Күйүп ичим өрттөнөт.
Бери заада Айчүрөк,
Кайгы тарткан жөндөнүп,
Капаланган өңдөнүп.

# МАЗМУНУ

## МАНАС

Манасчы Мамбет Чокморов жана ал айткан вариант . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Манастын түпкү ата-бабалары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Сары-Нүкүр хандын колунан сурак кетип, башкага суруктын өтүшү . . . 27
Ногойдун жар издеши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Ногойдун эл-жерге ээ болушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 52
Сары кандын дүйнөдөн өтүшү,
Көзкамандын Көкчөкөзүнө бийликтин келиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 90
Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттөрдүн түн катып качышы . . . . . . . . . . . . . 93
Жакыптын Арсланбапка келип аштык айдашы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 100
Көкчөкөздүн Жакыпты издетиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 102
Манастын төрөлүшү жана балалык чагы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 106
Манастын үйлөнүшү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 109
Алооке кан менен болгон уруш, Манастын кан болушу . . . . . . . . . . . . . . 111
Манастын Бээжинге казат кылам деп кол жыйнаганы . . . . . . . . . . . . . . 114
Колдун Бээжинге жөнөгөнү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 119
Алмамбет менен Чубактын жол талашканы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жылкы тийүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 155
Баатырлардын курман болушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 192
Күмбөз салдыруу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 209

## СЕМЕТЕЙ

Баш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 224
Семетейдин элин издеп чыгышы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 229
Семетей кырк чоросун кырып, Каныкей менен Кеңколго келип Канчоро менен Күлчоронун атын коюп турган жери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 373
Айчүрөктүн дайнын айтпай жүргөн Бакай менен Каныкейге Семетейдин таарынышы. Семетей Канчоро, Күлчоро менен Акункандын шаарын көздөй аттанышы. Күлчоро чалгынга чыгып, Үргөнчтү кечиши, Айчүрөккө жолугуп жатып калышы. Семетейдин ачуусу келип Тайбуурулга кейиши. Семетей менен Канчоро Үргөнчтү кечип жолун тосуп жүргөн Айчүрөккө жолугушу. Семетей менен Айчүрөктүн кайым айтышып чатакташуусу. Семетейдин Акункандын шаарына келип Айчүрөккө үйлөнүп жатып калышы. Чынкожо, Толтой Акунканга Айчүрөктү берсин деп элчи жибериши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 469

*Көркөм-адабий басылма*

**МАНАС**
**СЕМЕТЕЙ**

**Баатырдык эпостор**

**Мамбет Чокморовдун варианты боюнча**

Түзгөндөр *А. Бекболотов, М. Садыров*
Корректорлору *А. Бекболотов, М. Садыров*
Компьютерде тергендер *А. Бекболотов, Р. Меерканова,*
*Сабыр уулу Амангелди, М. Садыров,*
*Сагындык кызы Жанар, Өмуралиева Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмуров*

Басууга 15.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 68,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1648.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький к., 1